ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕРДИН САЯСАТТЫН КОЛДОО ФОНДУ, БИШКЕК

TÜRKDİLLİ DÖVLƏTLƏRİN SİYASƏTİNƏ DƏSTƏK FONDU, BİŞKEK

ФОНД ПОДДЕРЖКИ ПОЛИТИКИ ТЮРОКЯЗЫЧНЫХ ГОСУДАРСТВ, БИШКЕК

Бул китеп Түрк тилдүү мамлекеттердин саясатын колдоо
Фондунун заказы менен которулуп басылды.
Китеп бекер таркатылат

Bu kitab Türkdilli dövlətlərin siyasətinə dəstək fondunun
sifarişi ilə tərcümə olunub nəşr edilmişdir
Kitab pulsuz yayılır

Эта книга переведена и издана по заказу фонда поддержки
политики тюркоязычных государств.
Книга распространяется бесплатно

# АДМИРАЛ БРИСТОЛДУН
## рапорту-фактылар сүйлөйт

*Орусчадан которгон Мукан Асаналиев*

Бишкек-2014
«Улуу Тоолор»

Илимий редактор жана консультант:
Али Гасанов, Азербайжан Республикасынын презденттик Администрация-сынын коомдук-саясий маселелер Боюнча бөлүмүнүн башчысы

Долбоордун идеясынын автору: Адил Алиев, Милли Меджилистин депутаты

Сын берүүчүлөр: Камил Салимов, юридикалык илиминин Доктору, профессор

Сахиба Гафарова, Милли Меджилисттин депутаты Филология илиминин доктору, профессор

Мидхад Гафаров, юридикалык илиминин доктору

Муса Кулиев, Милли Меджилисттин депутаты, Медицина боюнча философия илиминин доктору

Чынгыз Ганизаде, Милли Меджилисттин депутаты, Юридика илиминин доктору.

Фуад Мурадов, Милли Меджилисттин депутаты, Химия илиминин доктору

Техникалык редактору: Гүней Магеррамова, филология боюнча философия Илиминин доктору.

## **“Адмирал Бристолдун рапорту- фактылар сүйлөйт”**

Китепте көп белгилүү эмес, биринчи жолу басылып жаткан документтердин, фактылардын, чоң кызматтагы адамдардын каттарынын, США нын конгрессинин стенографияларынын, публицисттердин, демографтардын, тарыхчылардын жана дипломаттардын макалаларынын негизинде Осмон империясындагы “Армян геноциди” аттуу жомок биринчи жолу ачып көрсөтүлөт. Бул жерде армян терроризминин маселеси да биринчи жолу кенен жана көптөгөн документтерге негизделип : анын тамыры, ар кандай уюмдар жана ар кайсы өлкөлөрдөгү наркобизнес менен болгон байланыштары, агентурасынын тармагы, эл аралык коопсуздук кызматтарына күч келтирип жаткан кылмыштарынын хронологиясы ачык көрсөтүлгөн.

“Адмирал Бристолдун рапорту-фактылар сүйлөйт”деген китеп 1985 жылы США да басылып чыккан. Китеп адисттерге жана окурмандардын кенен чөйрөсүнө арналып жазылган.

“Биз, бүткүл адамзат үчүн коркунучтуу алаамат болуп калган терроризмдин бардык көрүнүштөрүн кескин түрдө айыптайбыз жана ага каршы күрөшкө, ар тараптуу колдоо көрсөтөбүз”

Азербайжан Республикасынын Президенти

**Илхам Алиев**

## СӨЗ БАШЫ

Түбүндө зордук менен ташбоордук жаткан терроризм, учурдун эң бир кыйын маселелеринин бири болуп калды.Бир кылымдан көбүрөөк убакыт мурда пайда болуп, негизсиз территориялык доолорду коюну көздөгөн армян терроризми өтө ташбоордугу менен айырмаланат. Армян террористтери өзүлөрүнүн максаттарына жетиш үчүн башка улуттардын өкүлдөрүнүн канын төгүп гана тим болбостон, башкача ой жүгүрткөн армяндардын да канын төгүүдөн да кайра тартышпайт.

АСАЛА уюму пайда болгондон бери анын тамыры менен тармактары өткөн кылымдын 70-жылдарынын акырынан баштап тез өнүгүп, армян теорроризми кеңири деңгээлде иш жүргүзө баштады.Дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө өтө көп сандагы күнөөсүз адамдардын, өзгөчө түрк элчилеринин жана алардын үй-бүлөлөрүнүн өлтүрүлүшүнө себепчи болгон АСАЛА жакында эле ушул сыяктуу иштер азербайжан элчилерине каршы да жасалат деген билдирүү менен чыгышты.Бул терең ой жүгүртүүгө себеп болду.

Иш жүзүндө дүйнөнүн бардык өлкөлөрү, көптөгөн укук коргоо уюмдары адамзатка коркунуч туудурган терроризмге каршы элдешкиз мамиле кылышат, ошондуктан кээ бир убактарда кан көксөгөн кылмышкерлер өз кылганына жараша жазаны алып турушат. Деген менен терроризм аттуу рак шишиги алиге жок кылына элек.

Терроризмге каршы күрөштүн куралдарынын бири, анын пайда болушун жана анын зыяндан башка пайдасы жок экендигин изилдеп, элге түшүндүрүүдө жатат.”Армян геноциди:жомок жана чындык”китеби так ушул максат менен орус тилине которулган.Тарыхый докуметтерге негизделген, армян терроризминин келип чыгышын жана анын максатын хронологиялык түрдө ачып көрсөткөн бул китеп, окурмандарды кызыктырбай койбойт деген ойдобуз.

***Адил Алиев***
*Милли Межилисттин депутаты*

# КИРИШ СӨЗ

1970-жылдардын башы, Оттоман империясында жашаган армяндарга каршы оттоман түрктөрү “геноцид”актысын жүргүзүшкөн, деген армяндардын Түркияга каршы иштелген коркунучтуу ушак кампаниясынын  пайда болушу менен белгилүү болуп калды.

Акыркы 15 жылдын ичинде бул кампания террористтик акттар менен үзгүлтүксүз күчөтүлүп, курчуп бара жатат. Буга дүйнөнүн ар кайсы бурчунда мыкаачылык менен өлтүрүлгөн 100 ашык Түрк жарандары, негизинен элчилер жана алардын жакын тууган-туушкандары кирет.Террористтердин жасаган мыкаачылыгы, азыркы күндүн ченеми менен алганда да адамды титиретпей койбойт. Мисалга, 1983ж.Орли аэропортундагы Түрк авиажолдорунун текшерүү постунда, армян террористтеринин бомбасынын жарылышы күнөөсүз 7 кишинин өмүрүн алып кеткенин айтсак болот, бул бомба ичинде жүздөгөн эркек, аял жана балдары бар учактын жүк салуучу бөлүмүндө учак абага учуп чыкканда жардырылмак экен.

Армян террористтеринин кыянат иштери Түндүк Америкадан да кыя кеткен жок. Түркиянын төрт элчиси-эки генералдык консул, вице-консул жана ардактуу генералдык консул Америка жергесинде мыкаачылык менен өлтүрүлгөн. Канадада армян террористтери Түркия элчилигинин аскердик атташесин өлтүрүп, соода атташесин жарадар кылышкан.Алар дагы бир чабуулунда Оттавадагы Түркия элчилигинин эшигин жардырып кирип, канадалык кароолчуну өлтүрүп, элчини да өлтүрүүгө аракет кылышкан, бирок ал оор жаракат алып тирүү калган.

Батыш Европа жана Түндүк Америкадагы, Арменияныn Боштондугу үчүн күрөшкөн Армениянын Жашыруун Армиясы(АСАЛА), Армян Геноцидинин Адилеттик Командосу (КСАГ) Армяндардын Революциялык Армиясына (АРА) окшогон армяндардын ар кандай террористтик уюмдары кандуу

чабуулдарын жүргүзүү үчүн “насыя” акча алууга аракет кылышат.

Террористтер ар бир чабуулу жөнүндө мындан 70 жыл мурда ата-бабаларына каршы жүргүзүлгөн “геноцид” үчүн өч алуу деп билдирүү жиберишет.

Аттары ар башка болгонуна карабастан бул уюмдардын бардыгынын, ачык жарыяланып жаткан максаттары бир эле:

а) Түркияга, биринчи дүйнөлүк согуштун убагында өз жеринде жашаган армян калкына каршы “геноцид”жүргүзгөн деген жалган жарлыкты жабыштыруу;

б) Түркияны жер бөлүп берүүгө мажбур кылып, АСАЛА-нын оюу боюнча “Эркиндик алган ”Армения Республикасына кошуп армян мамлекетин түзүү.

Түркия элчилигинин өкүлдөрүнө жана башка күнөөсүз күбөлөргө жасаган зомбулуктары менен массалык маалымат каражаттарынын көңүлүн буруп, алардын колдоосуна шыктанган, өзүлөрүн “негизги багыттын”топтору деп атап алышкан армян-америкалык уюмдар террористтердин саясий талаптарын колдоп, ар кандай эл аралык форумдарда көшөрүү менен өз талаптарын да койо башташты.

АКШ дагы бул топтордун кабыл алган тактикасы, өзүлөрүн террористтик акттардан жана киши өлтүрүүлөрдөн актап калыш үчүн конгресстин, армяндар “геноциддин” курмандыгы болгон деп түрктөргө жалган жеринен күнөө койгон чечимди кабыл алышына багытталган.

Жыл сайын АКШ нын конгресси тарабынан “эстелик” деп жалган күнөө коюлган чечимдерден тышкары “адамдын адамга кылган таш боордугу” деген сыяктуу ат менен ондогон мыйзам долбоорлору кабыл алынат, ал эми “армян геноциди” боюнча кабыл алынган чечим азыр жогоруда аталган документтердин чегинен чыккан саясий мааниге ээ болуп, түрк элинин кычыгына тийип турат.

Түрк коомчулугу буга окшогон чечимдерге кыжыры келгендик менен жооп беришүүдө.Түркиянын саясий жетекчилеринин, өз элинин алдында- адилетсиздик кылып, калпты чындай көрсөтүп иш жүзүндө армян террористтерин актап, күнөөсүз түрктөрдү өлтүрүүнүн шылтоосун мыйзамдаштырган АКШнын конгрессин актап чыгууга алдары келбей калды.

Ушундай кырдаалда, ошол эле Американын өзүндө, Американын балакети болуп калган эл аралык террористтердин курмандыктары үчүн чалынган коңгуроонун сыздаган үнүн уккан түрк америкалыктар жана түрктөр, армян адвокаттарынын ошол чечимдерди жактырган АКШнын конгрессинин белгилүү бир бөлүгүнүн колдоосуна ээ боло калгандарына таң беришүүдө.

Бул чечимдер эл аралык терроризмди жок кылабыз, деп алган биздин өлкөнүн милдеттенмесине эле каршы келбестен, НАТО нун мүчөсү катары маанилүү ролду ойноп жаткан, ортобузда достук келишимибиз бар Түркия мамлекети менен болгон мамилебизге да коркунуч туудурат.

Бул маалымдаманын максаты эл аралык террористтик тармактын ажырагыз бөлүгү болгон армян терроризминин маңызы жана АКШ нын конгрессинде "Армян геноциди" боюнча чечимдерди үзгүлтүксүз талкуулатып жаткан армян террористтеринин байланыштары менен окурманды тааныштырууда жатат, андан тышкары ал ошол чечимдердин негизинде жаткан армяндардын билдирүүлөрүн жана арыздарын ачып көрсөтөт.

"Фактылардын жана документтердин маалымдамасы катары"ал уккан сөзгө эмес, документалдык фактыларга жана"үчүнчү жактын"эксперттеринин пикирлерине таянган .

Маалымдама төрт бөлүктөн туруп, ар бир бөлүктүн башында кириш сөздүн кыскача тексти бар, ал тексттен кийин мамлекеттик кызматчылардын билдирүүлөрүнөн, гезит журналдарга басылып чыккан макалалардан алынган үзүндүлөрдүн серияла-

ры кетет. Маалымдаманын калган бөлүгү үзүндүлөр тандалып алынган тексттер кирген тиркемелерден турат.

"Стратегиялык мааниси бар маселелер" аттуу кириш сөз бөлүмү Түрк республикасынын Батыштын стратегия жана коргонуу иштерине кошкон салымына арналган.Бул бөлүмдө, армяндардын максаты ишке аша турган болсо, батыштын коопсуздугуна кандай таасирин тийгизизээри жөнүндө да баяндама берилет.Башкача айтканда конгресстин чечимдери менен армяндардын террористтик уюмдары ойлогондой, алардын орунсуз жер талашы бир убакта оңунан чыгып кетсе Батыштын коопсуздук кызыкчылыгына келтирилген зыяндын түбү эмне менен бүтөөрүн ачып көрсөтөт.НАТО нун негизги жерлеринин бирин "бошотуп" аны армян террористтери (мурда боштондук алган деп жазып жүрүшкөн)Армян Советтик Социалисттик Республикасына кошуп койсо, ал НАТО ну түзүү максатын келеке кылуу дегендикке жатмак.Андан тышкары "Армян геноциди " боюнча чечимдерди жактыруу, армяндардын жер талашуу боюнча тарыхый деп келтирген күмөндүү далилдерин колдогондук болмок.Бул чечимдерди колдогон конгресстин мүчөлөрү муну атайын жасашпаса да, ал АКШ менен Түркиянын ортосунда мурдатан келаткан тыкыз байланыштарга саатын тийгизбей койбойт.Түрк коомчулугу да армян террористтеринин жана аларды колдоочулардын жасаган кыйыр иштерин толук түшүнө баштады, ал конгресстин бул чечимдерди колдогону, өзүнүн шериктеши АКШнын конгрессинин мыйзам чыгаруучу канаты Түркиянын жеринин бөлүнүп кетишин колдогону, деп түшүнүүдө.

1985-жылдын ноябрь айында АКШнын мамлекеттик секретары Джорж Шульц өзүнүн өкүлдөр палатасынын жетекчилигине жиберген катында "Бул террористтик кампания, геноцид жөнүндөгү маселени бардык түрктөрдүн бүйрүн кызыткан улуттук маселеге айландырып жиберди.(Түркияга геноцид боюнча күнөө коюу чечимдери)кабыл алынса, ошод замат Түр-

кияда коомчулуктун АКШга каршы тескери мамилеси пайда болот”.

Конгресске ушуга окшогон эле көз караштты (Түркия парламентинин) Түркиянын Чоң Улуттук Ассамблеясынын мүчөлөрү бир добуштан, ачык эле айтып чыгышты:

“Мындай чечимди кабыл алуу биздин эки өлкөнүн ортосундагы жакшы мамилелерге сокку уруп, орду толгуз зыянга учуратат, биз эки жактуу келишим боюнча НАТО коргонуу уюмунун чегинде, жерибиздин бүтүндүгүн жана шериктештикти коргоого милдеттенме алаарыбызды унутпаш керек”

Биздин эки өлкө үчүн, эки жагыбыз тең улуттук кызыкчылыктарыбызды сыйлап, ошол кызыкчылыктарды үчүнчү тарап үчүн да сөзсүз сакташыбыз керек.

“АКШнын конгресси тарабынан бул чечимдин жактырылышы, биздин эки ортодогу мамилелерибизден баш тартуу дегендикке жатат жана биздин шериктештиктин маанайы менен негизине зыян келтирет.Ушул себептүү Түркия бул иштерди каймана деп эсептебей, өзүнө жараша жыйынтык чыгарат”

Бул иштердин тескери натыйжаларын карап чыкканда, мындай чечимдерди кабыл алуу, Батыш шериктештерине кастык кылган күчтөрдүн кызыкчылыгына кызмат кылаары ачык болду.

Биздин кээ бир мыйзам чыгаруучуларыбыз “армян геноциди боюнча чечимдерди” иш жүзүнө ашпай турган символикалык кадам катары гана көрүшөт. Алар кебетеси америкалык армяндардын коомчулугуна, ата-бабалары унутулбайт деген убададан башка эч нерсенин кереги жок деп ишенип жүрүшөт окшойт.Алар, сөз өтүп кеткен иш жөнүндө болуп жаткандыктан, жагдайды бир тараптуу карап чыгуунун эч зыяны жок деген ойдо жүрүшөт.Бул албетте туура эмес.Муну, өздөрүн негизги уюмдар деп мүнөздөгөн америкалык-армян топторунун ачык эле айтып, алдыларына коюп жүрүшкөн максаттарынан эле көрсөк болот, алардын максаты:Түркиянын чыгыш жагын “бо-

шотуп”, ошол”бошотулган жерге” “социалисттик мамлекетти” куруу. Бул өзүлөрүн “марксисттик-лениндик”же “улутчулдар” деп атап жүрүшкөн армяндардын террористтик уюмдары өз максаттары ишке ашмайынча, түрк жарандарына кол салып, өлтүрө беришээрин айтып жүрүшөт.

Алардын кээ бирөөсүнүн ошол жаңы курулган “мамлекетти” Советтик Арменияга кошуп койсокпу деген ою бар.Ошондуктан тарихый маалыматтын бир түрүн ырастоону символикалык түрдө карабай, азыр 1987 жылы Түркияны бөлүп жара турган геополитикалык каражат катары караш керек (Бул жерде китептин басылып чыккан жылы айтылып жатат).

“Армян терроризми жана эл аралык террористтик тармак”аттуу экинчи бөлүмдө “Армян терроризминин” өтө чоң тармактагы эл аралык терроризм менен болгон байланышы баяндалат . Ал армян террористтик уюмдары менен Жакынкы Чыгыштагы ар түрдүү террористтик уюмдарынын ортосундагы, баңги заттарын жашыруун алып өтүү, АКШ нын обңектилерине кол салуу сыяктуу ар тараптуу байланыштарын кошуп, ачып көрсөтөт.

Мамлекеттик секретарь Шульц өзүнүн өкүлдөр палатысынын мурдагы спикери Томас.П.О’Нейлге жазган катында, Американын кызыкчылыгына кол салган армян террористтери менен Жакынкы Чыгыштагы террористтик уюмдардын ортосундагы тыкыз байланышка жана кызматташтыкка чоң маани берген.

“50 дөн ашык Түрк элчилери жана Америкалык жарандар, геноцидди уюштурган деген күнөөнү Түрк элине жаба салууга аракет кылып жатышкан армян террористтери тарабынан өлтүрүлгөн.Ошол эле террористтер ошол коюлган күнөөнүн туура экендигине күмөн кылган америкалыктарды жок кылышкан. Алар Ливандагы биздин кызматчыларды уурдоого катышкан, өзүлөрү достук мамиледе турган башка террористтерге колдоого алышкан.Түркияга геноцид боюнча жалган күнөөнү таккан

192-чечим, ошол террористтер үчүн сыйлык катары кабыл алынып, ал эми алардын мыкаачылык иштери колдоо тапкандай көрүнөт”

Маалымдаманын экинчи бөлүгү, террористтик иштерди колдоого алган армян уюмдарынын “негизги топторунун»актануугa кылган аракеттерине да көңүл бурган.Андан ары алардын өзүлөрүн түрктөр уюштурган геноциддин күнөөсүз курмандыгы катары көрсөтүүгө кылган уятсыз аракеттери талкууга алынган. Азыркы убакта эл аралык терроризм чексиз, түбү көрүнбөгөн согушка айланды.Бул батыштын террористтик уюмдарынын жана батыш шериктештеринин мүчөлөрүнүн жүргүзүп жаткан канды аз талап кыла турган согуштун жаңы түрү.Бул согуш менен тынчтыкты айкалыштыруунун стратегиясы, ошондуктан согуш саясаттын уландысы катары, цивилизациянын борборунда болуп жатат.Бөлүмдө армян террористтеринин ушул жоолашкан күчтөргө өнөктөш экендиги да ачып көрсөтүлөт.

“Тарихый көз караш” деп аталган маалымдаманын үчүнчү бөлүмү, биринчи дүйнөлүк согуштун убагында армян “геноциди” чынында эле болгонбу?- деген өтө маанилүү маселеге кайрылат .Америкалык окумуштуулардын, ошол кездеги армян жетекчилеринин жана башка Оттоман империясынын байкоочуларынын айткандарына караганда XIX кылымдын экинчи жарымында XX кылымдын башында, биринчи дүйнөлүк согушка чейин 40 жыл бою армян революционерлери элди мамлекеттик бийликке каршы  көтөрүлүшкө чыгууга үндөп келишкен.Биринчи дүйнөлүк согуштун убагында армяндардын Оттоман империясынын коргонууга болгон аракеттеринин бардыгын жокко чыгарган чыккынчылыгы, ошол кездеги өкмөттү,  орустун армиясы басып алган жерден башка жакка көчүрүүгө мажбур кылган. Армяндарды көчүрүүгө, ошол кездеги армяндар менен мусулман жарандарынын ортосундагы кастык мамилелер күчөп кеткендиктен, андан аркы кан төгүүлөрдү болтурбай коюуга жасалган аракет себеп болгон.

Ушул эле бөлүмдө, биринчи дүйнөлүк согуштун убагында Оттоман империясынын чыгыш провинцияларын Россиянын басып алгандыгы жана анын көкүтүүсү менен ошол жерде жашаган армяндар өздөрүнө тиешелүү эмес жерде, жалаң гана армяндардан турган мамлекетти түзүү үчүн куралдуу көтөрүлүшкө чыккандыгы айтылган. Согуш, бандитизм, ачкачылык жана оору бардык тарапка чоң жоготууларды алып келди.Согушта армяндар көп зыян тартты, бирок 2.5 миллион түрктөр менен башка улуттардын өкүлдөрү да каза болушту. Албетте, мамлекет тарабынан империяда жашаган армяндарды мурдатан ойлонулган кырып жок кылуу болгон эмес.Түркиянын батыш тарабында жашап, орус армиясына тиешеси жок он миңдеген армяндар тынч эле жашап жатышпайбы.

Американын Түркия жана анын тарыхы боюнча адистешкен илимий коомчулугунун 69 окумуштуудан турган көпчүлүгү, армяндарды “геноциддин” курмандыгы болгон деген чечим кабыл алууну сунуш кылган конгресске ачык эле каршы чыгышкан. Алар азыркы кездеги илим 70 жыл бою Түркияга “геноцид” боюнча илинип келген жалган күнөөнү колдобойт деп ачык эле эл алдында айтышкан.

Бул бөлүм, 1915 жылдагы болгон окуяны дүйнөлүк согуштун ичиндеги жарандык согуш катары сүрөттөсө боло тургандыгын көрсөтөт.Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин, армян жетекчилиги карап чыгуу үчүн Парижде болуп өткөн тынчтык конференциясына тапшырган меморандум, окуяны толук түшүндүрө турган документ болуп калды.Бул документте армян көтөрүлүшүн жана алардын жоготууларын, Османдардын үстүнөн жеңишке жетишкен шериктештерге жардам берген, согушкан тараптын жоготуулары деп каралган.Акырында, бул бөлүм демографиялык изилдөөлөргө таянып, армян пропагандисттеринин өзүлөрүнүн согуш мезгилиндеги жоготууларынын санын көбөйтүп (ошол эле убакта мусулмандардын жоготууларын таптакыр эле моюнга албай)осман армяндарын, мыкаачы

осман түрктөрүнүн күнөөсүз курмандыктары кылуу үчүн жасаган аракеттерин ачып көрсөткөн. Ушул эле бөлүмдө, жалган геноцидден 70 жыл өткөндөн кийин, көптөгөн жаш армяндар өзүлөрүнө окшогон эле жаш, болгон деп жүрүшкөн окуянын учурунда али төрөлө элек адамдарга жек көрүү атмосферасында тарбияланып жатышкандыктары айтылган.

"Коюлган күнөөлөр жана талаш-тартыштар"аттуу төртүнчү жана акыркы бөлүмдө, окумуштуу аталып жүрүшкөн армян пропагандисттеринин акыркы 70 жыл бою келтирип келишкен, күмөндүү далилдери жана ар кандай тарихый жасалмалары жөнүндө сөз болот. Бул бөлүмдө Осман империясынын ошол кездеги ички иштер министри болуп турган Талат Пашага жалган жалаа жабылып "армяндарды кыргыла" деп буйрук берген деген бир катар жасалма телеграммалар текшерилет.Тилекке каршы ушул жасалма документтер, илимий дүйнө алардын жасалма экендигин аныктаганга чейин узак убакыттар бою факт катары каралып келген.

Биз, ушул маалымдаманы окуган окурмандар армян террористтеринин жана бир катар тарихый фактылардын маанисин терең түшүнүшө алат деген ишеничтебиз. Албетте, үзгүлтүксүз жүрүп жаткан түрктөргө каршы ушактарга жана террористтик кан төгүүлөргө карабай тынч жаткан түрк-америкалыктардан эч жакшылык күтүүгө болбойт.

Террористтик иштерди 1960 жылдарда туулган жаш армяндар жасап жатышканы кокустуктан эмес. Кылымдар бою түрк менен армяндар жашап келген тең салмактуулукту талкалоодо армяндардын ойногон ролун, алардын ата-бабалары жакшы билишчү.Алардын күнөөсү, 70 жыл мурда армяндарды жана армян эместерди чоң кайгыга тушуктурган чыр-чатакта армяндардын күнөөлүү экендигин укум-тукумуна айтпай кеткендиктеринде жатат.

Маалымдаманын эки максаты бар, биринчиси-бул маселелерге кызыккан армяндардан башка элге Чыгыш Анатолияда

70 жыл мурда болуп өткөн окуяны толугу менен туура түшүндүрүү: экинчи максаты-АКШ да жана башка жерде армян коомчулуктарында жашаган, түрктөргө каршы маанайдагы адам сөрөйлөргө, алардын эркин, эч кандай жазасыз түрктөргө каршы ушактарды тараткан күндөрү бүттү деген эскертүүнү билдирүү.

Мындан ары армяндарга тарыхты тоскоолдуксуз бурмалай берүүгө жол берилбей тургандыгы айдан ачык иш.

Түрк-америкалык ассоциациясынын ассамблеясы.

## МААЛЫМДАМАГА ТҮШҮНДҮРМӨ

Бул маалымдаманын төрт бөлүгүнүн ар биринде үзүндүлөр берилген, аларга жасалган шилтемелерди ушул бөлүмдөн табасыздар.Үзүндүлөрдүн кээ бири, маалымдаманын редактору тарабынан курсив менен белгиленип коюлган.Китептин акырында документтер бар, үзүндүлөр ошол документтерден алынган.

Пайдаланылган кыскартмалар

Выд.-выдержка(үзүндү)

Прил.-приложение-тиркеме.

# І БӨЛҮМ

## СТРАТЕГИЯЛЫК МААНИСИ БАР МАСЕЛЕЛЕР

НАТОнун түштүк канатынын тиреги болгон Түркия(1 үзүндүнү кара)”дүйнөнүн эң маанилүү стратегиялык райондорунун биринде”жайгашкан (2 үзүндүнү кара).Эки континенттен-Европа менен Азиядан өтүп, баскынчылар кылымдар бою аны басып алууну көздөп келишкен.Бүгүн Түркиянын өзү эле НАТО менен Варшава келишиминин мамлекеттеринин ортосундагы чек аранын үчтөн бирин же 5000 км ден ашык жерди коргоп тургандыктан НАТО го кирген Европа өлкөлөрүнүн ичинен эң чоң армияны кармап турат.Американын стратегия боюнча эксперттери Батышты коргоодо Түркиянын ойногон  ролу өтө чоң экендигине макул болушуп, Жер Ортолук деңизинин чыгышы жана НАТО региондору үчүн маанилүүлүгүн көрсөтүп, анын жерин тынчтыктын жери деп айтышкан. Египет, Израиль жана Жакынкы Чыгыштын башка өлкөлөрү үчүн да Түркия маанилүү ролду ойнойт(3 үзүндүнү кара)Түркиянын кысыктары Советтер Союзунун,  Аскер-Деңиз флотуна кирип, анын жер үстүндө колдонула турган согуш куралдарынын үчтөн бирин ээлеген Кара Деңиз флотунун Жер Ортолук деңизине өтө турган бирден бир жолу.Советтин эл аралык соодасынын 60% ушул кысыктар аркылуу алып өтүлүп, жүргүзүлөт.

Эксперттер, Жер Ортолук деңизинин жээктерин күчтөө, НАТОнун европалык мүчөлөрү үчүн өтө маанилүү экендигин баса көрсөтүп жатышат.Түркияны коргоо жана түрк кысыктарына ээлик кылуу Европаны коргоонун эң маанилүү маселеси десек болот.Түндүк жана түштүк канаттарында коопсуздукту түзпөсө Батыш Европаны коргоону камсыз кылууга болбойт(6 үзүндүнү кара).

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Совет өлкөсүнүн жетекчиси Иосиф Сталин Түрк кысыктарын жана чыгыш Түркияны тартып алып, аны СССРдин 15федеративдик республикаларынын бири болгон Армян республикасына  кошуп коюга аракет кылган(4 үзүндүнү кара).Кийинчерээк Түркия НАТО нун стратегиялык шериктеши болуп калды.Түркиянын НАТОго шериктеш болушу жана анын НАТО нун башка мүчө өлкөлөрү менен болгон тыкыз кызматташтыгы аны Батыш биримдигинин душмандарынын бутасына айландырып койду.Алар Түркияны НАТОнун башка мүчөлөрүнөн бөлүп салууга аракет кылып жатышат(1үзүндүнү кара).Алардын методдоруна терроризм жана Түркияга каршы баш-аламандыкты уюштуруу кирет(1 үзүндүнү кара).Армян террористтеринин көпчүлүгүнүн максаттары, аларды Түркияны бөлүп-жаруу аркылуу,  НАТО шериктештигин алсыздандырууну көздөгөндөрдүн колундагы оюнчук кылып салды.

**Ал төмөнкү максаттардан турат:**

- “(Түркиядан бошотулган жерлерде ) көз карандысыз социалисттик, демократиялык мамлекетти орнотуу”;

- “Ушул кезге чейин армян элине каршы жүргүзгөн геноциди үчүн жазалана элек Түркияга келтирилген чыгымды төлөтүп, айыпка жыгуу;басылып алынган жерлерди кайрып алуу жана армян улутунун карызын төлөтүү”(5үзүндүнү кара).

- “Бошотуу”деп аталып жүргөн нагыз Түркияга тиешелүү жерди бөлдүрүп алуу, армяндардын бардык террористтик уюмдарынын, мейли марксистик-лениндик болсун, мейли улутчулдук болсун жалгыз максаты  болгондуктан, алар өзүнөн өзү эле НАТО нун душмандарына өнөктөш болуп калышты(1, 3, 9жана 5, 8, 9, 10 үзүндүлөрдү кара).

Албетте, террористтердин жерди бөлдүрүп алууга болгон

аракети коркунуч туудургандыктан, мамлекет башка мамлекеттер менен коопсуздук боюнча келишимди түзүүгө мажбур болот.Түркия НАТО го мүчө өлкөлөр менен келишим түзгөндө, өзүнүн саясий көз карандысыздыгын жана жерин бүтүн сактап калууну көздөйт.Түркиянын жарандары ойлогондой НАТОнун мүчө өлкөлөрү, Түркиянын кызыкчылыгына зыян келтирген чечимдарди кабыл алса, Батышка каршы күчтөр саясий канааттануу алышат.Ошол эле күчтөр келечекте Түркия НАТО го мүчө өлкөлөрдөн колун үзөт деп үмүттөнүп жүрүшөт.Албетте, АКШ да жана башка жерлерде “армян геноцидин” деген жалган жалааны колдогон кампаниялардын жүрүшү, күнөөсүз түрк жана башка элдерди террористтик өлтүрүүлөрдү актагандыкка жана колдогондукка жатат.Түркияны бөлүп таштоого кылган коркунучтуу аракеттердин бири болуп, АКШ нын конгрессинин мындан 70 жыл мурда Оттоман империясынын чыгыш жагында, армяндарга каршы “армян геноциди”болгон деген жалган жалааны колдогон чечимдерди талкуулоосу саналат.Бул чечимдер америкалык армяндарга эстелик болсун деген гана символикалык кадам катары каралган.Бирок, бул чечимдерге колдоо көрсөтүү, армян террористтеринин өзүлөрүнүн киши өлтүргөндүктөрүн актоо үчүн айтып жүргөн жалган шылтоолорун туура деп табуу дегендикке жатат.

Мындай чечидерди колдоо Түрк элинин ачуусуна тийди(7, 12, 13, 14, 15, 16 үзүндүлөрдү кара).Түрк коомчулугу чечимдерди кабыл алууну, терроризмди колдогондой эле кабыл алышты. Түрк коомчулугунун пикиринин ар катмары, бардык саясий партиялар жана бардык саясий багыттагы гезиттер бул чечимдерди айыптоодо.Түркиянын улуттук чоң ассамблеясы АКШнын конгрессине, эгенде бул чечимди кабыл алышса НАТО шериктештигинин негизине доо кетээрин эскертишти (2 үзүндүнү кара). Армян “геноциди” боюнча кабыл алынган бардык чечимдер, Түркиянын бардык жеринде наразы болуу менен кабыл алынат

жана түрк-америка мамилелерине залалын тийгизбей койбойт. АКШнын администрациясы биздин чоочулообузду бөлүшүп, ошол чечимдерди кабыл алууга каршы чыгышты(7. 11, 17, 18, 19, 20 үзүндүлөрдү кара).Чечимдерди кабыл алуу ушул кезге чейин ишке ашпай жаткандыгына карабастан, НАТО шериктештигине каршы адамдар өзүлөрүнүн бөлүп-жаруу саясатын токтотпой жүргүзүп келе жатышат.

## АКЫРКЫ ОКУЯЛАР( 1986-1987)

1985 жылдын 12 декабрында өкүлдөр палатасынын мүчөлөрүнүн узакка созулган талаш-тартышынан кийин, мүчөлөрдүн ар биринин аты аталып добуш берүүсүнөн кийин чечимдер кабыл алынбай калды.Иштин мындай болуп кеткенине карабастан, чечимдерди жактоочулар 1986 жылдын 24 апрелин( кийин 1987 жылга өзгөртүлгөн)”1915-1923 жылдардагы армян геноцинин күнү”деп аталсын деген чечимди даярдай башташты.Армян топтору бул чечимди бир аз өзгөртүлгөн түрдө( “Түркия” деген сөз “Осман империясы деген сөз менен алмаштырылган”) кабыл алдырууга аракеттенип жатышат, ал азыр 132-чечим деген ат менен белгилүү болуп калды.Муну менен алардын бул маселени талкуулатууга болгон аракетинин максаты, АКШ нын мыйзам чыгаруучуларынын тарихый трагедияны моюнга алышы эмес, Түркиянын жерин бөлүп-жарууда экендигин дагы бир жолу ырастап койду(21, 22 үзүндүлөрдү кара). Армян топтору канчалык аракет кылышса да 132-чи чечимди кабыл алдыра алышкан жок.Ага кээ бир конгрессмендердин убакыт таап, бир караганда жазыксыз көрүнгөн эстелик деген чечимдин чыныгы максатын текшерип чыккандары себеп болду. Бул текшерүүнүн жыйынтыгы почта менен жарандык кызматынын комитетинде Фрэнк Кортон, Джон Меерс, Джин Тейлор, Дан Кортон жана Стефан Дж.Солярц сыяктуу конгрессмендер айтып чыгышты(23, 24 үзүндүлөрдү кара).Бул конгрес-

смендерди өкүлдөр палатасындагы калган кызматташтары колдоп кеткендиктен 132-чи чечим кабыл алынбай калды.Андан тышкары Джорж Шульц баштаган Рейгандын администрациясы маасалык маалымат каражаттарына берген макалаларында, ошол чечимдерге  каршы турушаарын көрсөтүштү(25, 26, 26 үзүндүлөрдү кара). Мамлекеттик секретарь каршы болгон ошол ишти коргоочулар, НАТО нун европалык шериктештери армян геноцинин болгондугу чын деп жатышат деген күнөөнү коө башташты(25 үзүндүнү кара). Мамлекеттик секретарь Джорж Шульц “132-чи чечимди колдоо, 1975 жылдан бери түрктөрдүн 45 элчисин өлтүрүшкөн армян террористтерин актап жиберүүгө жатат” деп ачык эле айтты (26 үзүндүнү кара). Эң акырында АКШнын мамлекеттик департаменти, өзүнүн “Коммюникесинде” окумуштуулардын арасында талаш-тартыштарды жаратып, армяндар “геноцидди” моюнга алууну талап кылып жаткан маселени тарыхтын бир жактуу түрү деп ачык эле четке какты(27 үзүндүнү кара).АКШнын конгрессинин мүчөлөрү өзүлөрүнүн Түркиянын премьер-министри Тургут Озалга жана Түркиянын Вашингтондогу элчиси Улуу урматтуу Шүкүр Элекдагга жиберген телеграммаларында жана каттарында, 132 чечим кабыл алынып калса, түрк-америка мамилелерине канчалык зыян келтирээри жөнүндө айтышкан(28, 29 үзүндүнү кара).Премьер-министр Тургут Озал биринчи дүйнөлүк согуштун убагындагы Оттоман империясынын архивдик материалдары текшерилип бүтөөрүнө аз калды, ошол кездеги тарихый окуялар боюнча чындыкты өз иштеринин адистери гана айта алышат, деген сөздү айтты(29 үзүндүнү кара).Бул маселе боюнча америкалык-түрк коомчулугу да унчукпай жатып алган жокпуз.Биздин көз карашыбыз бардык жолдор менен, кат, телеграмма аркылуу, кээде конгресстер менен көзмө-көз жолукканда айтылып жатты(30 чу үзүндүнү кара).Өзүбүздүн каттарыбызда биз бардыгын ачык айттык: чечимдин тексти жасалма экендигин, ал түрк элине каршы, америкалык түрктөрдү кошуп, жек көрүү сезимин

ойготоорун жана терроризмди колдой тургандыгын ачып көрсөткөнбүз.

Кыскартып айтканда, көптөгөн жеке адамдардын аракети менен 1987 жылдын август айында 132чи чечим кабыл алынбай калган.Тилекке каршы ал Түркияга каршы жүргүзүлүп, узакка созулган согуштун башталышы гана экен.Мейли кандайдыр бир өлкө болсун, мейли америкалык-армян коомчулугу болсун, Түркияны алсыз жана жалгыз калгандыгын көргүзү келгендердин бардыгы тескери иштерин ушул кезге чейин улантып келе жатышат.

Андайлардын тилегин дайыма кыраакы болуу менен гана таш каптырбаса болбойт.

## 1 ҮЗҮНДҮ

Армян террористтеринин Түркияга каршы жүргүзгөн кампаниясы башталгандап тартып, 11 жылдын ичинде 41 түрк элчилери жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү өлтүрүлгөн.Ошол кылмыштардын бардыгын  жасап жаткандардын эң негизгиси болгон, Армяндардын Арменияны Боштондукка Чыгаруучу Жашыруун Армиясынын  кээде гана фракциячылдыгынан тумандап кеткени болбосо, узак мөөнөткө ойлонуштурулган максаты бар экендиги  айдан ачык.

Анын негизги фракциясы Түркиянын чыгыш аймактарын "бошотуп"Советтер Союзуна кошууну каалап жүрөт.Бул АСАЛА нын официалдуу журналына чыккан макалада ачык эле айтылган:"Биздин күчтөр, мурда эле боштондукка чыккан Армян Советтик Социалисттик Республикасына каршы чыккан эмес".

Түркиянын чыгышындагы НАТО нун базалары, АСАЛА "бошотобуз"деп жаткан аймакта жайгашкан, ал Жакынкы Чыгыштагы Советтердин чабуулунан батышты коргой турган эң маанилүү обңект деп айтсак жаңылышпайбыз.70 чи жылдарда Советтер Союзу Болгария аркылуу, НАТОнун түштүк канаты-

нын тиреги болгон Түркияда баш-аламандыктарды уюштуруу үчүн Түркиянын оң жана сол деп аталган террористтик уюмдарына миллиарддаган доллар турган курал-жарактарды беришкен.Түрктөр өлкөгө согуштук абал киргизүү менен жооп берип, кайрадан азыркы өнүгүүнүн демократиялык жолуна түшүү үчүн абалды жеңилдете алышты.Бирок, Түркияны НАТО нун башка мүчө өлкөлөрүнөн бөлүп салуу үчүн кылган аракеттерин, Советтер токтотуп коюшту деп айтууга азырынча эч негиз жок.

*Маалымат булагы:"АСАЛА нын күнү"аттуу Уолл стрит журналы,1октябрь1984жыл, редактордун колонкасы.1 документтин тиркемесин кара.*

## 2 ҮЗҮНДҮ

Түркия-Чыгыш менен Батышты бириктирип, ортосунда көпүрө болуп турган өлкө.Ааламдын стратегиялык жактан эң бир маанилүү аймагында жайгашып, Кара деңизге жана жер Оротолук деңиздерине алып чыгуучу Босфор жана Дарданелл кысыктарына ээлик кылган Түркия АКШ ы үчүн өтө маанилүү мамлекет.Ал дайыма АКШга жан тартып турат, ошондуктан биз менен кошо согушуу үчүн Кореяга өз аскерин жиберген көп эмес өлкөлөрдүн бири.Түркиянын НАТО ну коргоо милдетин алышы, биздин уюм жана АКШ нын коопсуздугу үчүн өтө маанилүү.

*Маалымат булагы: АКШнын өкүлдөр палатасынын 11мүчөлөрү:Мелвин Прайс, Билл Николс, Марвин Лит, Альберт ДЖ.Бистамант, Уильям Диккинсон, Дж.Уильям Уайтхерст, Марджори С.Холт, Буд Хиллис, Робертс Э.Бедхем, Герберт Х.Бейтмен жана Бен Блец тарабынан 1985жылы 4июнунда жазылып анын калган мүчөлөрүнө таркатып берген катынан*

*2 документтин тиркемесин кара.*

## 3 ҮЗҮНДҮ

Өтө коркунучтуу, бирок көңүлгө көп алынбай келаткан террористтик уюмдарынын бири Арменияның Боштондугу үчүн күрөшкөн Арменияның Жашыруун Армиясы өзүнүн максаты, Түркиянын чыгыш жагын түрк бийлигинен "бошотуп" Армян Советтик Социалисттик Республикасына кошуу экендигин формалдуу түрдө жарыя кылды.Бул Жер Ортолук деңиздин чыгышындагы жана НАТО нун түштүгүндөгү эң маанилүү тынчтыктын жери.Ал Египет, Израиль жана Жакынкы чыгыштын башка аймактары үчүн да маанилүү.Буйрукту түз эле Москвадан алган, албаганына карабай Армяндардын Жашыруун Армиясы жакшы даярдыгы бар, күнөөсүз элди мыкаачылык менен өлтүрө билген таш боор уюм.Ал Түркиянын шериктеш-өлкөлөрүнө жана мыйзамды сыйлаган армян коомчулугуна коркунучтуу болуп калды.Эгерде алардын максаты ишке ашса, Советтер Союзунун баскынчы мамлекеттке айланышы толук мүмкүн.Башка террористтик уюмдарга караганда бул уюмдун жасаган иши Батыштагылар террористтик уюмдар жөнүндө айтып жүргөн чындыкка таптакыр коошпойт.Өз алдынчабы же Москванын көрсөтмөсү менен жасап жатышабы, эгерде алардын аракети ишке ашса натыйжасы бир эле болот.

*Маалымат булагы: Сенаттын сот укугу боюнча комитетинин коопсуздук жана терроризм боюнча бөлүмүнө, коргоо министринин орун басары урматтуу Фред С.Айклдын жазган арызынан.(Вашингтон,11 март 1982ж).*

*3 документтин тиркемесин кара.*

## 4 ҮЗҮНДҮ

Совет өкмөтү, Түркия өкмөтүнүн ал эмне деген жаңы шарттар деген суроосуна мындай деп жооп берген:Бизге түркиянын чыгышындагы Каре менен Ардаган аймактарын кайтарып бер-

гиле, андан тышкары Дарданеллдеги базалар жөнүндө да сүйлөшүшүбүз керек.

*Маалымат булагы :Мамлекеттик секретардын 1946 жылдын 18 январында мамлекеттик секретардын милдетин аткарып жаткан адамга жиберген каты.”Чет өлкөлүк байланыштар”1946.T.V11.809-810*

*4 документтин тиркемесин кара.*

## 5 ҮЗҮНДҮ

Армяндардын Революциялык Федерациясы- революциялык жана социалисттик партия болгондуктан, кай жерде болбосун жана кандай жолдор менен болбосун жалпы армян улутунун кызыкчылыгын коргойт.Ар жерден жыйналган элди бириктирип, көз карандысыз, эркин, демократиялык жана социалисттик түзүлүштөгү ата-мекенди курууну ниеттенип, колдо болгон армяндардын улуттук белгилерин эске алуу менен Армяндардын Революциалык Федерациясы төмөнкүдөй максаттарга жетүүнү көздөп келет:

а) Бириккен, эркин Арменияны куруу;

б)Социялисттик, демократиялык эркин республиканы түзүү;

в) Севрес келишиминде айтылган жерлердин бардыгы Нахичеван, Ахалкалаки жана Карабакты кошуп Бириккен Армениянын чек арасына киригизүү;

г)Чачылып кеткен армяндарды таап, улуттук көз карандысыз жерде армян элин чогултуу;

д)Түркиянын армян элине каршы жасаган (азыркы кезге чейин жаза тарта элек)кылмыштуу геноциди үчүн чыгымды төлөтүү жана жазалоо;басылып алынган жерди кайрып алуу жана түрктөрдөн армян элине адилеттүү түрдө бере турган карызын төлөтүү;

е) Жалпы, түз, теңчиликтүү жана жашыруун добуш берүүнүн негизинде тандалып алынган уюштуруу комитетинин чогулушунда, Армян Республикасынын негизги мыйзамдарын жакшылап иштеп чыгуу;

**АРФ нын саясий программасы**

*Маалымат булагы:"Армяндардын Революциялык Федерациясынын же Америкадагы дашнак партиясынын жана армяндардын улуттук комитетинин саясий манифести", франко-армяндык "Гамк"1985жылы 11декабрда чыккан гезити.*

*5 докуметтин тиркемесин кара*

## 6 ҮЗҮНДҮ

Кара Деңизден Жер Ортолук деңизине, Балкандан Персия булуңуна алып бара турган бардык табигый, жер, деңиз жана аба жолдорунун бардыгы Түркия, көпчүлүк убакта анын кысыктары аркылуу өтөт.Түрк кысыктары адамзаттын кесилише турган жолдорунун эң маанилүүсү.Босфор жана Дарданелл кысыктары деңиз транспорту үчүн деңиз жолу десек жаңылышпайбыз, бирок стратегиялык мааниси анын табигый милдетинен бир кыйла жогору.Акыркы эки жарым кылымдын ичинде Европадагы улуу мамлекеттер бул аймакка ээлик кылуу үчүн тай талашка түшүп келатышат.Чыгышүта пайда болгон коркунучтуу суроо төмөнкүдөй: шайы кете түшкөн Осман империясынын ордуна, Константиполго жана кысыктарга эми ким бийлик кылат?

Жер ортолук деңизи Европа үчүн эң маанилүү деңиз, 1967 жылы Суец каналы жабылганга чейин Европага күйүүчү майдын көпчүлүгү ушул деңиз жолу аркылуу жеткирүлчү.Греция, Италия жана Франция сыяктуу эле Жер Ортолук деңизинин жээгинде жайгашкан өлкөлөрдүн коопсуздугу, бул деңизге кимдин ээлик кылаары менен тыкыз байланышкан.Ошондуктан Европанын НАТО го мүчө өлкөлөрү, анын түштүк-чыгыштагы чебин алдырып жибербеш үчүн сак болуулары керек.Эгерде

Россиянын аскер күчү кысыктар аркылуу бул деңизге кирип келсе эмне болоору, айтпаса да түшүнүктүү.Жакынкы Чыгышты Россияга алдырып жиберишсе Европа өлкөлөрү күйүүчү майдан кол жууп калышат, анда алар майды Африканы айланта ташууга мажбур болушуп, көп чыгымга учуроолору мүмкүн. Жер Ортолук деңиздеги тең салактуулукту сактап туруу НАТО нун Европалык мүчөлөрү үчүн өтө керектүү нерсе.Түркиянын кысыктарга ээлик кылып коргоп турушу Европаны коргоонун негизги элементи десек болот.Бул фактыны кылымдар бою моюнга алып келишкен, ошондуктан бир кезде АКШ, Британия жана Франция Осман империясын түндүктөн келе турган коркунучтан сактап калууга даяр турушкан.Бул саясаттын туура экендигин азыр да моюнга алыш керек.Жер Ортолук деңиздин жээгинде жайгашкан европаны коргоо, биринчи кезекте европанын өзүнүн милдети.Жардамды дайым эле Атлантиканын ары жагынан күтпөш керек.

Индокитайдагы оор окуялар АКШ нын бүткүл дүйнөгө тийгизген таасирине кайрадан баа берүүгө түрткү берди.Анын экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Совет бийлигинин алдында алган Чыгыш жана кээ бир борбордук Европанын аймактарынан башка, Батыш Европага тийгизген таасирин эч ким жок дей албайт.Батыш Европанын түндүк жана түштүк канаттарында коопсуздук түзүлбөсө ал өзүн өзү коргой албай тургандыгы айдан ачык.Гитлер өз убагында муну тескери жасаган, ал түндүк канатын басып алып, Жер Ортолук деңизине ээлик кылууга аракет кылган, бирок Жер Ортолук деңиздин жээктерин Америкалык жана Британиялык аскерлер 1942-1943 басып алгандыктан Батыш жана Борбордук Европага жол ачылып калып, үч илтиктин ”Берлин-Рим-Токионун”жеңилишине алып келди.

*Маалымат булагы:Ференк Вейлай, “Түрк кысыктары жана НАТО”, Хувер коому, Стендфорд университети, 1972, 11, 150, 151, 152.*

## 7 ҮЗҮНДҮ

Анын үстүнө биз жалпы коопсуздук үчүн Түркия менен кызматташпыз жана ага чоң маани беребиз.Бул бир жагынан Европанын жана Түштүк- батыш Азиянын коопсуздугу үчүн керек болсо, экинчи жагынан дүйнөнүн ушул бөлүгүндөгү биздин байланыштарыбыздын коопсуздугу үчүн да керек.Бул документтке кандай тескери мамиле кылынаарын эске алуу менен бирге, биз Түрк өкмөтүнүн бул чечим кабыл алынып калса, азыркы кездеги эки өлкөнүн ортосундагы жакшы мамилелер начарлап кетет деген эскертүүсүнө да олуттуу көңүл бөлүшүбүз керек.

*Маалымат булагы:АКШ нын мамлекеттик секретары Джорж Шульцтун 1985жылы 4 мартта, АКШ нын өкүлдөр палатасынын спикери, конгрессмен П.О'Нейлге жазган катынан.*

*7 документтин тиркемесин кара.*

## 8 ҮЗҮНДҮ

Улуттук саясий партия армяндардын куралданган "армян дегенде ичип жаткан ашын таштаган"саясий жактан жетик, адилеттүүлүк сезими күчтүү жаңы мууну күрөшкө чыккандыгын мойнуна алды.Бул жаш армяндар, армяндардын баштаган ишин саясий, дипломатиялык жана башка иштери менен улантып, армян жерлерин кайра алуу үчүн күрөшүп жатышат.Акыркы он жылдын ичинде армян маселесин дүйнө элинин моюнуна алдыруу үчүн саясий, дипломатиялык жолдор менен катар башка дагы чечкиндүү кадамдарды жасашты.Ошондуктан биз армяндардын укугун сөзсүз калыбына келтирүүнү жана:

-Түркия өкмөтү армян геноциди үчүн жооп берип, армян элине келтирилген зыянды төлөп, басып алган жерлерин ээлерине кайтарып берүүнү талап кылабыз;

- Биздин жер талашыбыз Түркияга гана тиешелүү деп коюп...(Өздөрү Россиянын жардамы менен азербайжан элине каршы геноцид жүргүзүп Азербайжан мамлекетинин 20%жерин күч менен тартып алгандыктары жөнүндө арамзалык менен ооз ачып да коюшпайт).

*Маалымат булагы:"Армян партияларынын биргелешкен кайрылуусу""Армениан уикли"13 апрель1985жыл,11бет,АКШнын батышындагы "АРФ"нын борбордук ком итети,"СДХП"нын аткаруу органы жана "АДЛ"дын аймактык аткаруу органы тарабынан кол коюлган.*

*8 документтин тиркемесин кара*

## 9 ҮЗҮНДҮ

Үч миң жылга жакын убакыт бою армяндар өз жеринде жашап келишкен, бирок акыркы 600 жылдын ичинде Түрк баскынчыларынын алдында куугунтук жеп жашоо кечиришкен. Куугунтуктоонун чеги түбүнө чейин 1915 жылы жетти:Түрк өкмөтү өзүнүн армян жарандарына каршы ГЕНОЦИДДИ уюштуруп, аны иш жүзүнө ашырды. Бир жарым миллион армян өлтүрүлүп, калганы өз туулуп өскөн жеринен куулду.Үч миң жыл жашап келген Арменияда армяндар калбай калды.Тирүү калгандары ааламдын ар кайсы бурчуна тарап кетишти.

Бүгүн Түркия басып алган жерлерин армяндарга кайрып бергиси келбей жатат.

Бүгүн Түркия ата-бабалары армяндарга каршы жүргүзгөн геноцидди жашырып жабуу менен адамзатка каршы кылынган кылмышка өнөктөш болуп жатат.

**Түркия жүргүзгөн геноцидди моюнуна алып, армяндардын чыгымын төлөп бериши керек.**

**Армяндар өз жерлеринин кайтарылып берилүүсүн жана ошол жерге улут катары өз келечегин курууну талап кылып жатышат( Көпчүлүк армяндар "Армения"деген сөзгө маани деле беришпегендиги таң калыштуу-редакциядан)**

**Армяндардын Улуттук Комитети.**

*Маалымат булагы:"Армяндар Түркия басып алган өз жеринде эркиндик үчүн күрөшүп жатышат"1985 жылы 21 апрелде Нью-Йорктун Таймс гүлбагында Армяндардын Улуттук Комитети жана Армяндардын Революциялык Федерациясы же башкача айтканда дашнактар партиясы тарабынан өткөрүлгөн митингде таркатылган баракчадан.*

*9 документтин тиркемесин кара*

**10 ҮЗҮНДҮ**

Түрктөрдүн көпчүлүгү жана алардын өкмөтү армяндар дүйнөнүн кээ бир өлкөлөрүнөн жана топтордон жардам алып турушаарын билишет.**АСАЛА бул жөнүндө "Биз Баадер-Мейнхоф тобуна жан тартабыз жана алар менен кызматташпыз. Биз Европадагы бардык революциялык кыймылдар менен мамиле түзүп койгонбуз" деп ачык эле айтып жатат.**

*Маалымат булагы:Майкл Гюнтер"Армяндардын Түркияга каршы жүргүзгөн террористтик кампаниясы", "Орбис"27 том, №2(1983)469бет*

*10 документтин тиркемесин кара.*

**11 ҮЗҮНДҮ**

50 дөн ашык Түрк элчилери жана Америкалык жарандар Түрк улутун армяндарга каршы геноцид жүргүзгөн деген күнөөнү бардык элди моюнга алдыруу үчүн аракеттенип жаткан террористтердин колунан каза табышкан.Ошол эле террористтер Түрктөрдүн геноцидди жүргүзгөнү жалган деп айтып чыгышкан Америкалык жарандарды жардырышкан жана Ливандагы биздин кызматчыларды уурдоого катышышкан.**132 чи чечимдм кабыл алуу, аларды сыйлоо жана алардын мыкаачылык иштерин актоо дегендикке жатат.**

Бул террористтик камапния геноцид маселесин бардык түрктөрдү ойго салган улуттук маселеге айландырып жиберди.

**Бул чечимди кабыл алуу Түркияда тез эле Америкага каршы наарызычылыкты туудурат**.

*Маалымат булагы:АКШ нын мамлекеттик секретары Джорж Шульцтун АКШнын өкүлдөр палатасынын спикери, конгрессмен Томас О’Нейлге 1985 жылы 25 ноябрда жазган катынан.*

6 *документтин тиркемесин кара.*

**12 ҮЗҮНДҮ**

Биз, армяндардын негизсиз жана далилсиз жазган арызы боюнча өзүбүздүн шериктешибиз болгон АКШ нын конгресси карап жаткан маселенин өнүгүшүн кооптонуу менен байкап турабыз.Түркия менен АКШнын ортосундагы шериктештик мамилени буузууга болуп жаткан аракеттер АКШынын конгресси тарабынан колдоо таппайт деп ишенгибиз келет.**Бул чечимди колдоо эки өлкөнүн ортосундагы мамилеге сокку уруп, оңдоого болбой турган зыян келтиээри шексиз.**Эки тараптуу келишимден башка, биздин бирге коргонуу боюнча уюмубуз НАТО нун ичиндеги жерибиздин бүтүндүгү жана кол тийбестиги боюнча милдеттенмебиз да бар экендигин унутпашыбыз керек (НАТО-**ред)**.Биздин эки өлкөбүз бири-биринин улуттук кызыкчылыктарын сыйлап, үчүнчү жактын кийлигишүүсүнө каршы туруулары керек.АКШнын конгресси бул чечимди колдосо, биз шериктештиктен кеттик дегендикке жатат.Түркия мындай ишке кайдигер карабайт жана ошого жараша жыйынтык чыгарат.Биз өз убактысында конгресске да америкалык коомчулукка да ниетибизди билдирип, андан кайтпай тургандыгыбызды айтып коюну туура деп чечтик.

*Маалымат булагы:1985 жылы 4 декабрда кабыл алынып, болгон үч саясий партиялардын мүчөлөрү жана көз каранды-*

*сыз парламенттик топтун өкүлдөрү тарбынан кол коюлуп, Түрк парламентинин бардык мүчөлөрү колдогон чечимдин тексти.*

*1 1 документтин тиркемесин кара.*

## 13 ҮЗҮНДҮ

Бул биздин улуу эки элибиздин ортосундагы  достукка жана шериктештике зыянын тийгизүүчү окуя, Түркиянын улуттук  улуу чогулушу тарабынан кооптонуу менен кабыл алынды.

**Урматтуу спикер, бул зыяндуу чечимди кабыл алуу, коркунучтуу натыйжаларды алып келээрин айтпай деле койсом болот.**

Биз АКШ нын конгрессинин терроризмдин бардык түрү менен айоосуз күрөшөбүз, деп алган милдеттенмесин так аткарат деп ишенебиз.Бирок 192 чечимди кабыл алса, ал өзүнүн милдеттенмесинен баш тартты дегендикке жатат.**Конгресс бул чечимдин мазмунун мыйзамдуу, деп тапса же колдоо көрсөтсө, анда анын терроризмди күчөткөнү жана күнөөсүз түрк элчилерин андан ары өлтүрө берүүгө жол бергени.**Курмандыктардын ичинде жалаң эле түрктөр эмес, башка элдердин да АКШ нын жарандары да болушу мүмкүн.

*Маалымат булагы:Түркиянын Улуттук улуу чогулушунун* президенти *Улуу урматтуу Нажмеддин Карадумандын 1985 жылы 4 декабрда АКШнын Өкүлдөр палатасынын спикери урматтуу Томас П.О’ Нейлге жазган катынан.*

*12 документтин тиркемесин кара.*

## 14 ҮЗҮНДҮ

Менин “Армян геноциди жөнүндө ” же (официалдуу түрдө “Адамдын адамга кылган таш боордугун улуттук эскерүү күнү” деген ат менен белгилүү болгон)192 чечим жөнүндө, мыйзамдын долбоорун кайрадан карап чыгууга өкүлдөр пала-

тасына декабрьдын биринчи жумасында киргизет экен деген маалыматым бар.

1984 жылы АКШ нын өкүлдөр палатасы ушуга окшогон чечимди кабыл алганда, Түрк мамлекетинин калкынын бардык катмары наразылык билдиришкен эле.Эл парламенттен түрк-америкалык эки тараптуу келишимди кайрадан жакшылап карап чыгууну талап кылган, бирок премьер- министрдин күчү менен гана каралбай калган.Ушул азыр түрк коомчулугунун ошол чечимде түрктөргө жабылган жалган жалаага кыжыры келип турган чагы.**Эгерде конгресс бул чечимди кабыл алса, түрк коомчулугу аны жакын өнөктөшүнүн чыккынчылыгы катары кабыл алат**.Түрк элинин кыжыры ушунчалык келип тургандыктан, 192 чечим кабыл алынса былтыркыдан да жаман чыр чыгып кетиши мүмкүн.

*Маалымат булагы: Түркия республикасынын тышкы иштер министриУлуу Урматтуу* ***Вахид*** *Халефоглунун 1985 жылы 25ноябрда АКШнын мамлекеттик секретары Урматтуу Джорж П.Шульцка жазган катынан*

*13 документтин тиркемесин кара.*

## 15 ҮЗҮНДҮ

*АКШ нын стратегиялык кызыкчылыгы жана жалпы коопсуздук боюнча түркия менен американын ортосундагы байланышка жана кызматташтыкка тескери таасирин тийгизет:*

Бул чечим кабыл алынса Жер Ортолук деңизинин чыгышындагы НАТО менен АКШнын стратегиялык кызыкчылыктарына зыянын тийгизбей койбойт.Жакында түркияга барып келген куралдуу күчтөр комитетинин делегациясы, Түркия өкмөтү жана жалпы эле түрк коомчулугу, чечим кабыл алынып калса, аны көпчүлүккө белгилүү болуп, түркиянын 40 элчисин жана көптөгөн күбөлөрдү өлтүшкөн армяндардын террорист-

тик уюмдарынын көздөгөн максатын колдогондой көрүшөөрү шексиз.

*Мыйзамдын бул долбоорун кабыл алса АКШ нын конгресси Түркия Республикасын бөлүп жарууга аракет кылгандардын арасында болуп калаары айдан ачык.*

Мен, көптөгөн америкалык юристтер бул чечимди иш жүзүндө натыйжа чыкпай турган, жөнөкөй гана символикалык сыпайкерчилик катары көрүшөөрүн өз тажрыйбамдан билем. Алар, теги армян болгон америкалыктар өзүлөрүнүн ата —бабаларынын жапа чеккендигин эле моюнга алдырууну көздөп жатышат деп ойлошот.Мындан ким зыян тартмак эле?Сөз, өткөн учур жөнүндө эле болуп жатпайбы.Тарихый чындыкты тастыктап койгондон эч зыян жок.Бирок мунун бардыгы жалган, анткени “Нью-Йорктогу армяндардын улуттук комитети”сыяктуу америкалык- армяндардын топтору, өзүлөрү мекенибиз деп жүргөн жерлерди Түрктөрдөн бошотуу керек деп ачык эле айтып жүрүшөт.**Ошондуктан бул чечимди тарихый символикалык маселе катары карабай, ушул азыр 1985 жылы Түркияны бөлүп жарып, геосаясий натыйжа алып келе турган каражат катары караш керек.**

*Маалымат булагы:***Түркиянынын** *элчиси Е.В.Шүкүр Элекдагдын1985жылы 12 июнда АКШнын өкүлдөр палатасына жазган катынан.*

*14 документтин тиркемесин кара.*

## 16 ҮЗҮНДҮ

Түрк эли АКШ ны өзгөчө анын конгрессин адилеттүү, чындыкты жактаган уюм катары көрөт.**Ошондуктан Түркиянын саясий жетекчилери жалганды чындай көрсөтүп, түрк элин күнөөлөп жаткан АКШнын конгрессинин иштерин өзүлөрүнүн шайлоочуларынын алдында кантип актаарын билбей жатышат**.

*Маалымат булагы: Түркиянынын элчиси Е.В.Шүкүр Элекдагдын1985жылы 2 декабрда АКШнын өкүлдөр палатасынын бардык мүчөлөрүнө жазган катынан.*

*15 документтин тиркемесин кара*

**17 ҮЗҮНДҮ**

Ушул түшүнүктү берип жатып Түркиянын, НАТО нун Түштүк чыгыш капталын жана өтө маанилүү Жакынкы чыгышты коргоодогу ойногон ролун эске алып, **мен сизден чыныгы досубуз жана стратегиялык өнөктөшүбүз менен болгон жакшы мамилебизге зыян келтире турган ушул чечимге каршы добуш берүүңүздү суранам.**

*Маалымат булагы:1985 жылы декабрда американын Түркиядагы элчиси Роберт Штраус Хьюлдун АКШнын мамлекеттик департаментине, атап айтканда конгрессмен кичүү Кэрол Хаббардка (телеграмманын тексти менен чогуу иштеген адамдарына да айтып кой деген суранычы бар)жиберген ачык телеграммадан.*

*16 документтин тиркемесин кара.*

**18 ҮЗҮНДҮ**

Ушул жумада “Адамдын адамга кылган ташбоордугу” деген ат менен белгилүү болгон 192 чечимди кабыл алуу үчүн кандайдыр бир аракеттердин жасалып жаткандыгы сизге да белгилүү болсо керек.Американын Түркиядагы элчиси болгондуктан **АКШ ны дос жана шериктеш катары карап жүргөн бардык түрктөр, өкмөттүн мүчөлөрү, саясатчылар, атактуу инсандар, дыйкандар жана шаардык тургундар үчүн, мындай мыйзамдын долбоорун кабыл алуу эч негизсиз кордогондой көрүнөөрү бышык деп сизди ишендирип кетким келет.**

*Маалымат булагы:1985 жылы декабрда американын Түркиядагы элчиси Роберт Штраус Хьюлдун АКШнын мамлекеттик департаментине, атап айтканда конгрессмен кичүү Кэрол Хаббардка (телеграмманын тексти менен чогуу иштеген адамдарына да айтып кой деген сураныччы бар)жиберген ачык телеграммадан.*

*16 документтин тиркемесин кара.*

**19 ҮЗҮНДҮ**

Мен биздин Түркия менен байланышыбызга тиешелүү башка бир маанилүү маселе, атап айтканда "Армян геноциди" боюнча чечим жөнүндө айткым келет. Январда карап чыгууга жөнөтүлгөн 37 чечимде башка маселелердин катарында Түркияда 1915-1922 болгон деп айтылып жүргөн"Армян геноциди" боюнча улуттук күндү эскерүү маселеси да бар. **Кандай гана эскерүү болбосун мыйзамдын мындай долбоору биздин оюбузча тескери натыйжага алып келет, анткени ал акыркы жылдары көпчүлүгү элчилерден турган 50 ашык түрк жарандарын өлтүргөн армян террористтерине колдоо көрсөтүп жатат, алардын кээ бирөө АКШ да өлтүрүлгөн. Буга окшогон чечимди талкуулоо АКШны ыңгайсыз абалга калтырып, түркияга окшогон маанилүү шериктешибиз менен болгон мамилебиздин бузат.Ушул себептердин негизинде сиздер айтылган чечимди жана ушуга окшогон чечимдерди кабыл алдырбоого аракет кыласыздар деп үмүттөнөм**.

*Маалымат булагы:АКШнын коргоо министри Каспар Уайнбергердин 1985жылы 21 февралда АКШнын конгрессинин өкүлдөр палатасынын тышкы иштер боюнча комитетинде чыгып сүйлөгөн сөзүнөн.*

*17 документтин тиркемесин кара.*

**20 ҮЗҮНДҮ**

37 чечимге окшогон чечим өткөн жылы 10 сентябрда өкүлдөр палатасы тарабынан кабыл алынган болчу.Анын кабыл алынышы АКШ да байкалбай калганы менен Түркияда жалпы коомчулуктун нааразычылыгын туудурду.АКШ менен дипломатиялык мамилени парламентте кайра карап чыгууну талап кылган кыймылдын башында премьер министр Озалдын өзү турду, бирок Түркия өкмөтү **мындан ары ушуга окшогон чечим кабыл алынса, ал Түркия менен АКШ нын ортосундагы мамилелерге зыянын тийгизет деп эскертти.**

*Маалымат булагы:мамлекеттик секретарь Джорж Шульцтун өкүлдөр палатасынын спикери Томас О'Нейлге 1985 жылы 4 мартта жазган катынан.*

*7 документтин тиркемесин кара.*

**21 ҮЗҮНДҮ**

...армяндардын саясий партиялары төмөнкүлөрдү:

Түркиянын өкмөтү Осмон империясынын мураскору катары армян геноцидин моюнга алуусун;

**Түркия армяндарга тарихый мекенин кайрып берүүсүн;**

Түркиянын өкмөтү армян геноцидинин курмандыктарына мурда кулак укпаган мыкаачылыктар үчүн чыгым төлөп берүүсүн;

**Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнүн өзгөчө улуу өлкөлөрүнүн өкмөттөрү армян геноцидин жана алардын жерге болгон укугун официалдуу түрдө моюнга алып, Түркиянын саясий басымына жол бербөөсүн;**

**АКШнын өкмөтү өзүнүн жакын өнөктөшү Түркия менен болгон достук мамилесинен баш тартып, армян геноцидинин тарихый фактысын моюнуна алып, мындан ары армяндардын жерге болгон доосун колдоп берүүсүн талап кылып жатышат**.

*Маалымат булагы:АКШда иштеп жаткан армяндардын үч саясий партиясынын ( Армяндардын революциялык партиясы- дашнактар, социал-демократиялык гнчак партиясы жана армяндардын демократиялык лигасы-рамгаварлардын бириккен коммюникеси.Коммюнике 1987жылы 4 апрелде "Армениан уикли"гезитинин 8 санына басылып чыккан.*

*56 документтин тиркемесин кара .*

**22 ҮЗҮНДҮ**

Армян маселесинде, геноцидди моюнга алдыруудан да тереңирээк максат бар.Ал территорияны калыбына келтирүү, чыгымды төлөтүп алуу, мамлекеттүүлүк маселесин чечүү-мамлекеттүүлүк , армяндардын көз карандысыздыгы жана эркиндиги дегендикке жатат.Эгерде биз геноцид маселесин чечсек, андан кийинки саясий маселелерге өтөбүз.Кебетеси түрктөр геноцид маселесинин ары жагында кандай доолор жаткандыгын түшүнүп калышты окшойт.

*Маалымат булагы:АКШ нын чыгышындагы Армяндардын Улуттук Комитетинин жетекчиси Лео Саркисяндан алынган интервью.Ал 1987жылы 21 мартта "Армениан уикли"гезитинин 8 санына жарыяланган.*

*57 документтин тиркемесин кара.*

**23 ҮЗҮНДҮ**

Биз өкүлдөр палатасынын биргелешкен 132 чечиминин кабыл алынышына каршыбыз.Бул чечим жөнөкөй эле эскерүү документи эмес. Анын мазмуну тарыхый талаш-тартыштардан, карама-каршылыктардан турат.Бул чечим биздин ишенимдүү өнөктөшүбүз Түркия менен болгон жакшы мамилебизге тескери таасирин тийгизүү менен блокко мүчө болгон башка улуттардын коопсуздугун сактап турган НАТО го да зыян келтирет.

*Маалымат булагы:АКШ нын конгрессинин Өкүлдөр Палатасы,Хортон, Мейерс, Тейлор жана Бартон тарабынан тапшырылган "АКШнын Конгрессинин Өкүлдөр Палатасынын биргелешкен 132 чечими боюнча өзгөчө пикир "деген 100-232 докладынан.*

*58 документтин тиркемесин кара.*

**24 ҮЗҮНДҮ**

Эгерде биз ишенимдүү өнөктөшүбүз менен болгон мамилебизди бузуп, Американын улуттук коопсуздугуна коркунуч келтире турган чечимди бекиткибиз келсе, анда биз ошол документте айтылгандын бардыгы чындык экендигине көзүбүз жетиш керек. Ошондой болгондо да ага каршы далилдер чыгыүы мүмкүн, бирок биз анда тарихый чындыктын негизинде иш жүргүзүп, адамдык милдетибизди аткарып жатабыз дейт элек.Бирок бул документте айтылгандын бардыгы өлкөбүздүн белгилүү тарыхчылары тарабынан сынга алынып жаткандан кийин, бул документти бекитүү туура эмес жана акылсыздык болот деген ойдобуз.

*Маалымат булагы:АКШнын Конгрессинин Өкүлдөр палатасы: "Адамдын адамга жасаган таш боордугу"жөнүндө биргелешкен 132 чечим боюнча конгрессмен Стефан ДЖ.Солярцтын өзгөчө пикири.100-232 докладдан.1987жылы 23 июлда басылып чыккан.*

*59 документтин тиркемесин кара*

**25 ҮЗҮНДҮ**

Улуу Британиянын өкмөтү бул маселе жөнүндө өзүнүн пикирин Түркиянын тышкы иштер министри Халефоглунун 5-7июлда Британияга келгенине арналган пресс-брифингде ачык эле айткан.Улуу Британиянын мамлекеттик секретары министр Халефоглуну Европалык парламент кабыл алган ар-

мяндар боюнча чечимге Британиянын эч тиешеси жок деп ишендирди.Ал, Европалык парламент европанын шериктеш өлкөлөрүнүн пикирин айткан жок, ошондуктан биз эркин, шайлоо жолу менен келген европалык парламенттин айткандары үчүн жооп бербейбиз деп басып айтты.

*Маалымат булагы:АКШ нын мамлекеттик секретары урматтуу Джорж П.Шульцтун конгрессмен Фрэнк Хортонго 1987 жылы 31 июлда жазган катынан.*

*60документтин тиркемесин кара*

**26 ҮЗҮНДҮ**

Бул чечимди эмне үчүн колдоп жатышканы мага белгилүү болсо да, аны кабыл алуу 1975 жылдан бери 45 ашык Түрк дипломаттарын өлтүрүшкөн армян террористтерин колдогондукка жатат деп эсептейм.Мен бардыгыбыз эл аралык терроризмге каршы күрөшүшүбүз керек деп ойлойм.

*Маалымат булагы:АКШнын мамлекеттик секретары Урматтуу Джорж П.Шульцтун АКШнын конгрессинин Өкүлдөр палатасынын бардык мүчөлөрүнө 1987 жылы 4 августта жазган катынан*

*61 документтин тиркемесин кара*

**27 ҮЗҮНДҮ**

Анатолиянын чыгышында жашаган армяндардын тарткан азабын эч ким жалганга чыгаргысы келбейт, бирок биринчи дүйнөлүк согуштун убагында ал жерде христиандар менен мусулмандар бирдей эле, көптөгөн жоготууларга учурап, бирдей эле азап тартышкан.Ошондуктан АКШ нын ошол өткөн окуяларга эч тиешеси болбогондон кийин аларды мыйзамдаштырууга укугу барбы деген суроо туулат, анын үстүнө бул маселенин үстүндө көптөгөн белгилүү окумуштуулардын арасында талаш-тартыш жүрүп келе жатат.

*Маалымат булагы:Мамлекеттик департамент, 1987 жылы 3 августта "Түркия:армян революциясы"деген ат менен прессага берилген материалдан.*

*62 документтин тиркемесин кара*

**28 ҮЗҮНДҮ**

Кийинки окуялар көрсөткөндөй буга окшогон чечимдер эл аралык терроризмди Түркияга каршы күрөшүүгө түртөт.Чечим жактырылып калса армян террористтеринин чабуулунун астында калган түрктөр үчүн америка түрктөрдүн жашоосуна кайдыгерлик кылгандай көрүнөт.Бул Американын эл аралык терроризм менен күрөшөм деген ниетинен кайткандыгын гана көрсөтпөстөн, биздин эки элдин ортосун ажыратып салат.

*Маалымат булагы:Түркиянын Вашингтондогу элчиси Шүкрү Элекдагдын АКШ конгрессинин өкүлдөр палатасынын бардык мүчөлөрүнө 1987жылы 3 августта жазган катынан.*

*63 документтин тиркемесин кара.*

**29 ҮЗҮНДҮ**

Бардыгынан мурда мен сизге түшүндүргөндөй, АКШ нын конгрессинин өкүлдөр палатасы сыяктуу саясий орган тарихый маселелер боюнча чечим чыгарбашы керек, анткени саясий органдын бурмаланып ушул кезге чейин окумуштуулардын арасында талаш-тартышты жаратып келген маалыматтарга таянып чыгарган чечими ката жана зыяндуу болоору шексиз.Түркиянын өкмөтү Осмон империясынын архивин элге жарыя кылуу үчүн даярдап бүтүп калды, ал басылып чыкканда көптөгөн маселелерди түшүндүрүп берүүгө салымын кошот деген үмүттөбүз.

*Маалымат булагы:Түркиянын премьер-министри Тургут Озалдын АКШнын конгрессинин өкүлдөр палатасынын спикери Джеймс Райтка 1987 жылы 6 августта жазган катынан.*

*64 документтин тиркемесин кара.*

**30 ҮЗҮНДҮ**

Биз, түбүбүз түрк америкалыктар 132 биргелешкен чечимге каршы добуш берүүгө чакырабыз.Анын бардык пункттары тарыхый жалган маалыматтарга негизделген: ал түрк элине каршы жек көрүү сезимин жаратып, ага каршы террористтик иштерди жүргүзүүгө түрткү берет.Биргелешкен 132 чечим армяндарды этникалык жактан эл катары таануу гана маселеси эмес.Ал биздин улуттук кызыкчылыгыбызга жана түбү түрк элге коркунучтуу натыйжаларды алып келет.

*Маалымат булагы:Түрк-америкалык ассоциациясынын ассамблеясынын президенти Тунка Икирдин АКШнын конгрессинин өкүлдөр палатасынын бардык мүчөлөрүнө жиберген телеграммасынан.*

*65 документтин тиркемесин кара*

# II БӨЛҮМ

## АРМЯН ТЕРРОРИЗМИ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК ТЕРРОРИЗМДИН СИСТЕМАСЫ

Армян терроризминин башталышы XIX кылымдын аяк ченинде туш келет. Окумуштуулар азыркы армян террористтеринин алдыга койгон максаттары, чабуул коюучу бутаны тандап алышы жана демагогиясы, XIX-кылымдын аягы менен XX кылымдын башындагы армян террористтериникине койондой окшош экендигин айтып жүрүшөт (1 үзүн.кара).Кара деңизге жана Жер Ортолук деңизинин чыгышына алып бара турган жолго көзөмөл жүргүзүп, жакынкы Чыгышка коргон болуп турган Түркияга, анын алдындагы Осмон империясына коркунуч туугузуп бийликти сүйгөн мамлекеттер армяндарды өзүлөрүнүн аскерий жана саясий өнөктөшү кылып алгылары келишет(2 үзүндүнү кара).

Бүгүн армяндардын террористтик уюмдары өзүлөрүнүн “табигый өнөктөштөрүнө” Түрк буталарына бекер эле сокку уруп берүүгө өз кызматтарын сунуш кылышты.Алар өзүлөрүнөн мурда гы саясий өлтүрүүлөргө, талап —тоноолорго катышып, бомба жардырган XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы террористтердей эле ата-бабаларынын Чыгыш Анатолия менен кавказды күч менен тартып алып көз карандысыз Арменияны түзөбүз деген ойлорун ишке ашырууга аракеттенип жатышат.Эл аралык терроризм боюнча эксперттер, азыркы армян террористтери өзүлөрүнөн мурдакы XIX кылымдагы армян террористтериндей эле өзүлөрүнүн азыркы тарыхынын көпчүлүк бөлүгүн өткөн мезгилге чагылдыруу менен аны жомокко айлан-

дырып жиберишти деп айтып жүрүшөт.Бул жомоктун негизги максаты, өзүлөрүнүн көрсөткөн зордук-зомбулуктарынан акта-нуу үчүн “геноцид” темасын ойлоп табуу болгон.Бул “тарихый өч алууну” армяндардын экстремисттери коомчулуктун аөосун чакырып, жаш армяндарды террористердин катарына киргизүү үчүн да колдонушат.

Биринчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин, Армяндардын Революциялык Федерациясы (дашнактар деп да белгилүү болгон) түрктөрдүн саясий партиясына кирген мурдагы өкмөт мүчөлөрүн, ата-бабасын геноцидге кабылткандары үчүн өлтүрүүгө багытталган ”Немезис ” деген ат менен белгилүү болгон террористтик системаны түзгөн.1921-22 ж ушул террористтик уюмдун мүчөлөрү Осман империясынын түрк саясатчылары түзгөн өкмөттүн мурдакы беш мүчөсүн өлтүрүшкөн.1923 жылы Мустафа Кемаль(Ататүрк) түрк эли менен азыркы Түрк мамлекетин түздү.

Бүгүн Армяндардын Революциялык Федерациясы(дашнактар) түзгөн, Армяндардын Революциялык Армиясы(Армян Геноцидинин Адилеттүү Командосу ДжСАГ деп да аталып жүрөт) США да, Канадада жана Европада киши өлтүрүүлөрдү улантышууда.

Армяндардын террористтик топторунун 100 — жылдык тарыхында өз курмандыктарын көп ылгаган эмес.Алар түрктөрдү гана эмес, өзүлөрүн колдобогон адамдарды деле өлтүрө беришкен. Американлыктар, португалдыктар, шведдер, француздар, австралиялыктардан башка да жүздөгөн адамдар армян террористтеринин курмандыктары болуп калышты (3 үзүндүнү кара).Кээде террористтер армяндарды да өлтүрүп жатышат(1 үзүндүнү кара).өзүлөрүнүн максатына жетүүгө тоскоол болсо террористтер армяндарды деле ойлонбой туруп өлтүрүшөт.Армян коомчулугуна каршы багытталган мындай террордук кампаниянын максаты, тынч жашаган көпчүлүк армяндарды корку-

туп, өзүлөрүнүн иштери жөнүндө айттырбай коюуда болгон(1 үзүндүнү кара).

Батыштын прессалары армян террорун, армян менен түрктөрдүн ортосундагы“канга кан” деген өчтүн натыйжасы деп түшүндүрүүгө аракет кылышкан.Азыркы терроризмдин жаралыш себебин, мындай жөнөкөйлөтүү жарабай турган иш.Чындыгында армян терроризми- эл аралык терроризмдин бөлүнбөс бир бөлүгү, аны эл аралык терроризмден бөлүп кароого болбойт. ”Армяндардын Арменияны Боштондукка Чыгаруучу Жашыруун Армиясы ” деп аталган марксисттик-лениндик террористтик уюмдун негиздөөчүсү Акоп Акопян өзүнүн карьерасын 1972 жылы Мюнхендеги Олимпиядалык оюндарда Израилдик атлеттерди өлтүргөн топтун мүчөсү катары баштаган (4 үзүндүнү кара).

Эл аралык терроризмдин эксперттери, армян террористтери баңги заттарды сатуудан түшкөн кирешени, өзүлөрүнүн коркунучтуу иштерин жүргүзүү үчүн колдонушат деп айтып жүрүшөт (4 үзүндү кара).Коркунучтуу террорист-канкор Карлос испаниялык телевидениеден чыгып, биз армян террористтери менен иштөөгө макулдаштык, “империалисттик күчтөр”менен күрөшүү үчүн акчаны баңги заттарды сатып табабыз деп айтты(5,6 үзүндүнү кара).Кошмо Штаттарынын администрациясы тарабынан ырасталган кийинки билдирүүдө, армян террористтери Бейрутта, Кошмо Штаттардын деңиз пехотасынын солдаттары жашаган үйлөрдү бомбалаганга жооптуу адамдар менен иштешет деп айтылган(7 үзүндүнү кара).Армяндардын англис тилдүү прессасынын билдирүүсүнө караганда, Армяндарын Арменияны Боштондукка Чыгаруучу Жашыруун Армиясы(АСАЛА)”Батыш Арменияны түркиянын фашисттик режиминен куткаруу үчүн күрөшүп жаткан ислам Джихады менен тилектеш экендигин билдирди”.

Биринчи бөлүмдө белгиленип кеткендей, армяндардын бардык террористтик уюмдарынын, марксисттик-лениндик,

улуттук же башкасы болсун максаты Батышты коргоодо чоң мааниси бар, түркиянын батыш жагын бошотуп, “ошол бошотулган жерде”социалисттик мамлекетти курууда жатат(3 чү документти кара).Терроризмди изилдөөчүлөрдүн жана террористтердин өзүлөрүнүн жазганына караганда:коммунисттик бийликтин борборлору АСАЛА сыяктуу уюмдарды батыш биримдигин ажыраштыруу үчүн колдонушат(2, 10 үзүндүнү, 1 документтке кошумчаны кара).

Бул жакшы түзүлгөн байланыш, армян геноциди жөнүндө жомокту таркатып жүргөндөрдүн кээ бирөөлөрү тарабынан да аныкталган.1985 жылы 12 декабрда америка конгрессинин жалгыз мүчөсү мырза Чарльз Пашаян ачык эле “Мен, армян геноцидин моюнга алмайынча, ушул терроризмди уюштуруп жаткан КГБ жана Коммунисттик Партия үчүн отун болуп күйө берет деп айткым келет” (11 үзүндүнү кара).

Армян террористтеринин жырткычтыгы Кошмо Штаттардын администрациясынын да кыжырын келтирди.Орлидеги(франция) түрк аба жолдоруна чабуул жасалып, сегиз киши(америкалык бир жаранды кошкондо)өлүп, 60 жарадар болгондон кийин, президент Рейган “бүгүнкү күндүн коркунучтуу көрүнүшүн, эч кандай чыныгы же ойдон чыгарган таарыныч актай албайт...Аз күндө мен башка мамлекеттердин жетекчилери менен сүйлөшүп, цивилизациалдуу коомдон буга окшогон жырткычтык жана адамкечиликсиз иштерди жок кылуу үчүн бирдиктүү чараларды көрүш керек экендигин”айтам деди (12 үзүндүнү кара).1979 жылы Иранда барымтага кармалган жогорку рангадагы америкалык дипломат Брюс Лайнген“Вашингтон Пост”гезитине, армян террористеринин жасаган чабуулу, көптөн бери келаткан адамдын жүрүш-турушунун, дипломаттык этикеттин бардык нормасын бузуунун бир бөлүгү. Буга окшогон таш боордукту жектеген армян коомчулугунун пикири кана?Мындай маанисиз террордун кандай пайдасы бар?

Армяндардын тарыхында бир дагы чыныгы же ойдон чыгарылган факт, буга окшогон террорду актай албайт- деп жазган(13 үзүн.кара).

Америкалык жана европалык-армяндык уюмдардын армян террористерин ачык эле колдошкону же террористтердин киши өлтүрүү боюнча кылмыштарын актап, туура эле кылып жатышат деп айткандары адамды иренжитпей койбойт.Штаб-квартирасы Бостон шаарында жайгашкан Армяндардын Улуттук Комитетинин президенти Гарри Дердерян “Эгер терроризм элдин көңүлүн буруугa жардам берсе,мен аны кабыл алам” деп ачык эле айткан.Армяндардын Революциялык Федерациясынын Лос-Анжелесте жума сайын чыга турган “Асбарез”гезити, Голландияда Түрк элчисинин баласын өлтүргөн террористтерди “жеңиши”менен куттукташты, ушундай эле мактоолорду “Армениан уикли ” гезити да айтып чыкты.

“Асбарез” дайыма армяндардын тарыхый маалыматтарын жокко чыгарган түрк дипломаттарынын өздөрү-геноцид боюнча кылмыштарга күнөөлүү адамдар, ошондуктан террористтердин бутасына айланып жаткандары адилеттүү эле иш деп айтып келе жатат(14 үзүн.кара).”Асбарез”ге чейин эле Вашингтондогу түрк элчиси армян геноцидин танганы үчүн эки эсе күнөөлүү, ошондуктан ал андан мурдагы элчинин көргөнүн көрүш керек(террористердин колунан өлүш керек) деп Советтик Арменияның тышкы иштер министри айтып кеткен.Армян террористерин коргогондугу үчүн белгилүү болгон, француз адвокаты, парламенттин мүчөсү, Антони (франция) шаарынын башысы болуп шайланган, улуту армян Патрик Деведжян да ушул эле пикирди айткан.Нью-Йоркто ар жумада чыгуучу “Армениэн рипортер” гезитине берген интервьюсунда, армян геноцидин моюндарына албагандыктары үчүн түрк элчилерин өлтүрүүгө чакырган(16 үзүн.кара).

Армян экстремистери ойлоп тапкан жасалма геноцид түшүнүгүнө негизделген армян жомогу, жаш армян жигитте-

ринин жек көрүү сезимин ойготуп, аларды киши өлтүргүчтөргө айландыруу үчүн колдонулат.Эл аралык терроризмди жок кылуу үчүн , бүткүл дүйнөнүн цивилизациялуу улуттары кызматташуулары керек.Ал үчүн террористтердин таш боордугу жана алардын шылтоосу жек көрүндүгө айланыш керек.

Өткөн бир жарым жылдагы армян террористеринин жасаган иштерин талдоо, жаңы жана коркунучтуу кыймыл бар экендигин көрсөттү(20 док.3-чү үзүн.кара). Атап айтканда, Армяндардын Арменияны Бошотуучу Жашыруун Армиясы, Батыш Европада жакынкы чыгыштын террористтик уюмдары менен бирдикте, бир катар террористик операцияларды жүргүздү.Бул жерде белгилеп кете турган нерсе, "Жакынкы Чыгыштын Саясий Түрмөчүлөрү менен тилектештик комитети"(CS AMEPP) деген ат менен АСАЛА 1986 жылы Франциянын борбору Парижди титиреткен жардырууларды жасады (23,24 үзүн.кара). Натыйжасында 10 киши өлүп, 150 киши жарадар болгон бу террористтик жардыруулар, террорист Вароян Гарабедянды жана жакынкы чыгыштык эки террористти француз түрмөсүнөн бошотуу үчүн жүргүзүлгөн.Жакында эле, америкалык массалык маалымат каражаттары израилдин чалгынчылары АСАЛА иранга жан тарткан "Хезболлах" деген террористтик уюм менен кызматташтык байланыш түзгөндүгүн айтты деп билдиришти.Бул топ түрк элчилерин өлтүрүүгө даярданып жатышат дейт билдирүүдө (24 үзүн.кара).

Кыскача айтканда, батыш өлкөлөрүнүн эл аралык терроризмге каршы жүргүзүлгөн бириккен аракеттери өз жемишин бере баштаганда эле, террористтер өз иштерин кандай жүргүзүү керек экендигин макулдаша башташат.

Он сегиз айдын ичинде болуп өткөн маанилүү окуялардан болуп АСАЛА нын штаб-квартиралары согуштан чарчап бүткөн Бейруттан, тынчтык өкүм сүргөн Афинанын (Греция) жана Никосиянын (Кипр)чет жакасына көчүрүлүп кеткендиги болду."Армяндардын Элдик Кыймылы"деген желекке жамынып

алып таш боор, жырткычтык иштерди кылган бул армяндардын террористтик уюму Грек өкмөтүнөн чоң колдоо алып жатат (25 үзүн.кара).АСАЛА нын Афинада өткөргөн эки чоң конференциясына өзү дагы өкмөт мүчөсү болгон премьер-министр Папандреонун баласын кошуп, грециянын бир нече белгилүү саясатчылары катышкан (25 үзүн.кара). Грециянын өтмөтү менен армян жана башка эл аралык террористтердин ортосундагы кызматташтыктын өсүп бараткан деңгээлин көргөн АКШ нын мамлекеттик департаменти, мындай саясаттын коркунучтуу экендигин эскертип Грециянын өкмөтүнө кат жиберди(26 үзүн. кара)

## АКШ дагы эл аралык террористтердин иш аракеттери улуттук топтору боюнча 1980-1989ж.ж

Кипрди айта турган болсок, буд өлкөдө да армяндар импорттук-экспорттук компаниянын жана динди окутуу институтунун аттарына жамынып алышып өз караөзгөй иштерин жасап жатышат деген маалымат бар(27 үзүн.кара).Ал эле эмес Израилдик чалгынчылардын айтуусуна караганда АСАЛА нын террористтери аралдагы Трудос тоолорундагы лагерлерде даярдыктан(Абу Нидал уюмуна караштуу) өтүп жатышат.АСАЛА нын террористтерин курал-жарак, тамак-аш менен Армяндардын Улуттук Кыймылы Никосияда(Кипр), Афина(Греция) жана Триполи(Ливан)(28 чи үзүндүнү кара)

Ушул жылдын Апрель айында Греция 1983жылы Югославиянын борбору Белградда, Түркиянын элчисин өлтүргөндүгү үчүн 15 жылга эркинен ажыратылган, бирок Югославиянын өкмөтү 3 жылдан кийин түрмөдөн бошотуп жиберген, киши өлтүргүч-террорист Крикор Левонян аттуу армянга баш калкалай турган жай берген.Грециянын жасаган ушул иши үчүн Түркия

ага официалдуу түрдө армян террористтерин колдойсуңар деген күнөө койду(29үзүнд.кара).

өткөн он сегиз айдын ичинде армян террористтеринин Австралияда коркунучтуу эки жолку кол салууларынын күбөсү болдук(20 документти кара).

Жогоруда айтылгандарды текшерип көргөндө, бул кол салуулар башында өздөрүн "грек-болгар-армян фронту"деп атап жүргөн топтор менен макулашуулардын негизинде болгондугу ачылган.Бирок, бир террористтин бомба мөөнөтүнөн мурда жарылып кеткендигинен каза болгондугу жана калган террористтердин колго түшкөндүгү, алардын армян гана террористтери экендигин көрсөттү.Ошентип өткөн он сегиз ай, армян террористтеринин эки ишине күбө болушту:

а)Армян террористтери менен жакынкы чыгыштын террористтеринин иштерин координациялоо:

б)өткөрүлүп жаткан террористтик иштерге Греция менен Кипрди аралаштыруу жана аларды армян террористтерине баш калкалоочу жай берүүгө маулдатуу.

## 1ҮЗҮНДҮ-ОБЗОРДУК МАКАЛА

Хит У.Лоури, "XIX-XX кылымдардагы Армян террору:Үзүлбөгөн байланыштар", **Эл аралык террор жана анын баңги заттар менен байланышы**,Анкара(1984ж Анкара университетинин басмасы)71-83 беттер.

18 документтин тиркемесин кара.

## 2-ОБЗОРДУК МАКАЛА

Поль Б.Хенце, "Армян зомбулугунун булактары:алар кайдан башталат?",**Эл аралык террор жана анын баңги заттар менен байланышы,** Анкара(Анкара университетинин басмасы 1984ж) 179-202 беттер.

19 документтин тиркемесин кара.

## 3 ҮЗҮНДҮ

Армян террористтеринин жасаган иштеринин хронологиялык обзору(1973-1987жж).

Түзгөн:Хит У.Лоури.

20 документтин тиркемесин кара.

## 4 ҮЗҮНДҮ

Париждин алгылыктуу гезиттеринин бири "Лө Матин" аты-жөнү белгисиз булактарга таянып, өткөн жумада **Армяндардын Арменияны Боштондукка чыгаруучу Жашыруун Армиясынын(АСАЛА) негиздөөчүсү жана жетекчиси Акоп Акопян 1972 жылдагы Олимпиадалык оюндардын убагында Израилдик спортчулар жашаган кварталдарда кол салууларды уюштурган араб террористеринин арасында жүргөн** -деп айтты.Бул кол салуулар кийин "Мюнхен кыргыны" деп аталган жана көптөгөн спортчулардын өлтүрүлгөндүгү айтылган.Ушуга байланыштуу Акопян мырза палестиналык партизан тобунун биринчи активдүү ишкери болгондугу жөнүндө көп жолу айтылган, кийин 1975 жылы ал башка жаш армян террористтери менен биригип, Ливандын борбору Бейрутта АСАЛА ны негиздеген.

Француз гезити Акопянды ирактын Мосул шаарында туулган Бедрос Оганесян деп айтып жүрөт.Аны 38жаштагы, жапыз бойлуу, москоолунан келген, түрү коркунучтуу адам деп сүрөттөгөн."Лө Матин" Акопян 1982 жылга чейин Бейрутта (Ливан) иштеп, Израилдин аскери шаарды алганда өлкөдөн качып кеткен деп кошумчалаган.Ошол убакта АСАЛА Акопянды Израилдин учактары Бейрутту бомбалап жатканда каза болгон деп айтып чыкканына карабастан, бул сырдуу жетекчи тирүү эле, бирде Дамаскта(Сирия) бирде Афинада (Греция)жашап жаткандыгы айтылып жүрөт.Гезит Грециянын социалисттик өкмөтүнүн премьер-министри Андреаса Папандреу жана анын

партиясы ПАСОК террористтердин жашыруун жетекчисин кубануу менен тосуп алып, аны бардык керектүү нерселер менен жабдып жатат, буга гректер менен түрктөрдүн илгертен берки өз ара кастыгы себеп болсо керек дейт.

"Лө Матин" андан ары АСАЛА нын чыгымынын бир бөлүгү бай армяндардан келген каражаттар менен жабылса, калган каражатты алар баңги заттарды сатууну кошуп башка булактардан алышат деп кошумчалаган .

Гезит Болгар бийлиги да АСАЛА га түрк дипломаттарын өлтүрүү үчүн керек болгон курал-жарактарды берип турат деп тастыктайт.

*Маалымат булагы:* "1972 жылдагы Мюнхенде өткөн Олимпиадалык оюндардын убагында Акоп Акопян Израилдик спортчуларга жасалган кол салууларга катышкан деп билдирет"."Армениан рипортер"1985 жыл 7 февраль.

21 документтин тиркемесин кара.

## 5 ҮЗҮНДҮ

Белгилүү эл аралык киши өлтүргүч Карлостон Колумбиянын жашыруун жайларынын биринде алынган интервью, жакында эле испан телевидениясынын экрандарынан көрсөтүлдү.Анда Венесуэлдик качкын, 1972 жылда Мюнхенде өткөн Олимпиадалык оюндардын убагындагы Израилдик спортчулардын кыргынын кошуп, көптөгөн террористтик иштердин уюштуруучусу болгондугу айтылган.

Кебетеси, курчоого алынган Палестинаны Бошотуу үчүн күрөшкөн Уюмду таштап, Карлос түрктөрдөн кек алууну көксөгөн армян террористтери менен байланыш түзгөн окшойт. Өзүнүн интервьюсунда ал:"Биздин армян террористтери менен байланышыбыз бар, биз бири-бирибизге жардам берип турабыз" деп айткан.

Ал Түштүк Америкадагы баңги заттардын бардыгы, анын кол алдында иштеген адамдар аркылуу өтөөрүн мактанган-

дык менен айтты.Баңги заттарды сатуу кылмыш эмес, анткени ал адамга күнүмдүк чындыктан алаксууга жардам берет дейт Карлос.Бирок, мындай иш менен алектенүүнүн негизги себеби, революциялык кыймылды каржылоо үчүн каражат топтоодо жатат.Карлос, баңги заттарды сатуу биздин"негизги куралыбыз аны биздин атомдук куралыбыз "десек да болот дейт.

*Маалымат булагы : "Колумбия:Карлостун байланышта-ры ", "Нейшн"*1985 *жыл 22 июнь.759.*

*22 документтин тиркемесин кара.*

## 6 ҮЗҮНДҮ

**Армян террористтери көп өлкөлөрдө өз иштерин кылышат, бирок алардын негизги туруктуу жайы Ливанда, өзгөчө Бейрутта десек болот, анткени ал жерде жашаган армян коомчулугу баңги заттарды ташуу менен алектенишет. Жакында эл француз гезити билдиргендей, баңги заттардан түшкөн кирешенин бир бөлүгү террористтердин чөнтөгүнө түшсө керек.**

Ошол эле 1981жылы швед полициясы армяндардын баңги зат ташыган контрабандисттерин колго түшүрдү, алардан АСА-ЛА нын террористтеринин сол тобуна тиешелүү документтер жана китептер табылган.Контрабандисттердин АКШ дагы армян соодагерлери менен байланыштары болгон.Кармалган контрабандисттерди коргоп, АСАЛА швед бийлигин коркутууга аракет кылган, натыйжада бир гана контрабандист түрмөгө түшкөн.

*Маалымат булагы:Марк С.Стейнц"Козголоңчулар, террористтер жана баңги заттар менен соода кылуу","Вашингтон квортерли",8 том №4(1985)145.*

*23 документтин тиркемесин кара.*

## 7 ҮЗҮНДҮ

Бейрут, Ливан-Армяндардын солчул тобу ушул жуманын башында “Джихад -ислами”ни колдой тургандыгын билдирди.”Джихад-ислами”-акыркы айлардын ичинде Ливандагы кол салууларды жана америкалыктарга каршы жардырууларды уюштурган экстремисттик уюм.

АСАЛА нын Ливандык радикалдык тобунун революциялык кыймылын колдой тургандыгы тууралуу билдирүүсүн, батыштын радиокызматтары эфир аркылуу таркатып жатышат. Билдирүүдө “Джихад-ислами”- “Исламдын ыйык согушу”деп которулган уюм өзүнүн революциялык иши менен Жакынкы Чыгыштын эзилген элдеринин жана **Батыш Арменияны түрк-фашисттик режимден** бошотуу үчүн жүрүп жаткан адилеттүү күрөшкө, жаңы тарихый толкунду алып келди деп айтылган.Билдирүүдө армян элинин күрөшүнүн негизги максаты армян жерин бошотууда жатат деп кошумчаланган.

“Джихад-ислами”Аятолла Хомейниге берилген радикалдык шеит мусулмандардан турат.Бул топ башында Батыш кийин Чыгыш Бейрутта АКШ нын элчилигин жардырууну уюштурган “Аллах таала”партиясын кошуп, башка дагы радикалдык топтор менен тыкыз байланышта турат.

*Маалымат булагы:”Армяндардын террористтик тобу, радикалдык маанайдагы мусулмандарды колдойт”,”Армениан рипортер”1985жыл17 январь.1*

*24 документтин тиркемесин кара.*

## 8 ҮЗҮНДҮ

**Армян террористтери жардамды ООП тон да алышат.** Бул топ акыркы беш жылда өтө активдүү болуп кетти.Батыш өлкөлөрүндө он сегиз түрк дипломаттарын өлтүрүп, шаарларда көптөгөн жардырууларды уюштурган бул топ, Советтердин тынымсыз жетекчилигинин алдында иштейт.Марксисттер жетек-

теген бул топ, негизинен ортоңку класстын өкүлдөрүнөн турат. Топ советтик идеологияны жактап, Советтер Союзуна кошулган Арменияны жана 1920 жылы Советтер Союзу менен Түркия келишим менен бөлгөндө Түркияга тийген жерди Армениянын жери деп эсептеп, Советтик Армения менен Түркияга тийген жерди бириктирүүнү көксөп келет.ООП тун советтик армениянын борборунда жолугушуучу жерлери бар, жакында ал Бейрутта өз жарнама баракчаларын таркатты.

*Маалымат булагы:Роберта Корен,"Советский Союз жана терроризм",Лондон, Джорж Аллеи жана Ануин, 1984,181.*

*26 документтин тиркемесин кара.*

**9 ҮЗҮНДҮ**

Дүйнөлүк империялизмдин, сионизмдин, түрк фашизминин жада калса армян реакционизминин армяндардын боштондук кыймылын үзгүлтүккө учуратууну көздөгөн көптөгөн аракеттерине карабай АСАЛА бүгүнкү күндө күчкө толуп турган кези.Бардыгына карабай АСАЛА өзүнүн революциялык принцитери жана кыйналып өлгөн элдин каны үчүн күрөшүүгө дайым даяр.

*Маалымат булагы:Армяндардын Арменияныn боштоңдугу үчүн күрөшкөн Жашыруун Армиясынын коммюникеси,20 январь1986 жыл.*

*27 документтин тиркемесин кара.*

**10 ҮЗҮНДҮ**

АСАЛА Бейрутта ООП тун жетечилиги алдында даярдыктан өтүп жаткан террористтик уюмдардын бири болчу.Батыш өлкөлөрүнүн террорго каршы күрөшкөн кызматтагы адамдардын көпчүлүгү, Бейруттагы советтик элчиликтин ушул иштерге тиешеси бар деп айтып жүрүшөт, бирок ага эч далил жок.Ушул ойду айтууга түрткү болгон себеп, Ливанда 1974 жылдан бери

элчи болуп иштеген Алексей Алексеевич Солдатовго барып такалат, анын башка советтик дипломаттардан айырмасы МКК нин кызматчысы болгондугунда жатат.1940 жылы кызматынан бошонуп, дипломаттык ишке өтүп, бир нече жолку чоң тыңчылыкка (шпионажга)катышкан. Ал 1960-1966 жылдары Лондондо элчиликте иштеп жүргөндө, тыңчылардын чоң тобун уюштуруп, 105 советтик элчилердин Англиядан кууп чыгарылышына себеп болгон.Бир жыл үйүндө отургандан кийин, кайрадан 1968 жылдын жазында Гаванага жөнөтүлгөн, ал жерден бүткүл дүйнөгө тарап кеткен активдүү террористтердин жардамы менен заговор уюштурган.Анын, көптөгөн террористтик уюмдардын баш калкалоочу жайына жана кеңсесине айланган Бейрутка которулуп келиши, кезектеги логикалык кадамы болушу керек. Так ошондой эле Болгариядагы советтер союзунун азыркы элчиси Никита Павлович Толубеев 1970-1979 жылдары Кубада иштеген жана кубалык террористтерди даярдап башка өлкөлөргө жиберип турган.Толубеев КПСС тин мүчөсү, Гаванага бараардан мурда Кипрде элчиликте иштеген.

Бардык маалыматтарга караганда АСАЛА азыр Парижден жана Германиядан орун алып, сириянын террористеринен жардам алып турат(өткөн жылга чейин жардам Абу Нидалдын тобунан келип турган,бирок топтун жетекчиси иштен кеткенден кийин же өлгөндөн кийин булардын байланыштары үзүлгөн). АСАЛА менен Франциядагы тапшырма берүүчү борбордун ортосунда байланыш бар экендиги белгилүү.

*Маалымат булагы : Майкл А.Ледин”Чалгындоо даярдыктары жана жардамдын компоненттери”, Гидра оф Карнедж. Дипломатиянын Флетчердик мектеби,1986ж.*

## 11 ҮЗҮНДҮ

Мен бүгүн ушул жерде туруп терроризмдин бардык түрүн, өзгөчө армян терроризмин жек көрөм. Бирок ошол эле убакта

терроризмдин себебин(армян терорризминин)  моюнга алмайынча, ошол терроризмди жасап жаткан МКК жана коммунисттик партия өз ишин уланта беришет.

*Маалымат булагы:Өкүлдөр палатасынында конгрессмен Чарльз Пашаяндын жасаган билдирүүсү.Конгресстин чогулуш залы.12 Декабрь 1985.с,H11936.*

*28документтин тиркемесин кара.*

## 12 ҮЗҮНДҮ

Эч кандай чыныгы же ойдон чыгарылган таарыныч, азыркы күндөрдүн үрөйдү учурган алааматтарын актай албайт.Бул кажетсиз зомбулуктарды токтотуш керек.Жакында мен башка өлкөлөрдүн жетекчилери менен ушул жапайы жана адамкерчиликсиз иштерди цивилизациялуу коомдон жок кылуу үчүн кандай бириккен чараларды көрүү керек экендигин сүйлөшөм.

*Маалымат булагы:1983жылы 28июлда Франциянын Орли аэропортуна армян террористтеринин жасаган чабуулунан кийин,президент Рейгандын жасаган билдирүүсү.*

*29 документтин тиркемесин кара.*

## 13 ҮЗҮНДҮ

Орли аэропортуна чабуул жасагандардын ташбоордугун жана Брюсселдеги дагы бир түрк дипломатынын өлтүрүлүшүн, армян террористтеринин адам баласынын жүрүш-туруш нормасын жана дипломатиялык этикетти бузуп жаткандыктарынын уландысы десек болот**. Буга окшогон ташбоордукту  армян коомчулугу айыптайбы? Ушундай маанисиз терроризм менен эмнеге жетишсе болот?**

Армян тарыхындагы бир дагы факт, чыныгы же ойлдон чыгарылганы болсун бул кесепеттин улана берүүсүн актай албастыгы шексиз.

*Маалымат булагы:Америкалык дипломат Брюс Лейнгендин каты.(Тегерандагы америкалык элчиликтин барымтага алынган кызматкери)”Вашингтон пост”21 июль 1983жыл. Кат редакторго жазылган.*

*30 документти кара.*

**14 ҮЗҮНДҮ**

Азыр армян күрөшүүчүлөрү тарабынан өлтүрүлгөн түрктөрдүн мамлекеттик кызматкерлеринин күнөөсү жок деп айтуу адат болуп калды.

Келгиле түрк өкмөтүн 1915 жылдагы кылмышкерлердин шериги катары карап көрөлү.

Түркиянын өлтүрүлгөн официалдуу адамдарынын инсан катары 1915 жылдагы кылмыштуулукка эч тиешеси жок экендигинде талаш жок.Бирок уюмдун мүчөлөрү катары алардын жоопкерчилиги сактала берет.

*Маалымат булагы : “Өлтүрүлгөн түрк дипломаттарынын күнөөсү барбы?”, ”Асбарез”гезити,1декабрь 1984ж 14бет.*

*31 документтин тиркемесин кара.*

**15 ҮЗҮНДҮ**

“Нью-Йорк таймс” өзүнүн 5 май 1983 жылдагы номеринде Түркиянын Вашингтондогу элчиси Шюкру Элекдагдын катын баып чыгарды.Бул Түрк тарабынын армяндарды кыргандыктары тууралуу ченемсиз калпынын дагы бир мисалы.Азыркы күндө элчи АКШнын өкмөтүнүн советтерге жана орустарга каршы жүргүзгөн саясатын жактагандардын бири.

Ооба, тарихый чындык ушундай мырза саясатчы жана дипломат.Ошол фактыларды бурмалап, геноцид жасагандарды актоого аракет кылгандар эки эсе күнөөлүү болушат, аларды алдыңкылардын тагдыры күтүп турат(террористтердин колунан каза табуу)

*Маалымат булагы:Джон Григозян,Арменияның тышкы иштер министри,"Тарыхты бурмалоо уланып жатат","Армениан рипортер",1 март 1984ж.2.*

*32 документтин тиркемесин кара.*

**16 ҮЗҮНДҮ**

"Алар муну терроризм деп аташат, мен муну каршылык көрсөтүү дейт элем" дейт Патрик Деведжян Франциядагы Антони шаарынын мэри.Ал түрк дипломаттарын өлтүрүү боюнча күнөөлүү деп табылган көптөгөн армяндардын адвокаты болгон.Ал террористтерди өз аты менен айтпай активист деп атап, "Бүткүл дүйнөдөгү армяндар бул ишти колдоп кетээрине ишенем"дейт кошумчалап.

"Мен бул жигиттерди коргойм, (террористтерди) анткени алар көтөрүлүшкө чыккан армяндар" . "Бул, биздин саясий көз караштарыбыздын төп келбестигине караганда маанилүүрөөк" . "Мен аларды коргойм, анткени алар мага жана бардык армяндарга улуттук кадыр-баркыбызды кайрып беришти"деди ал көтөрүңкү көңүлү менен .

Анкарада (түркия) Талят атындагы мектеп жана көчө бар."Эгерде Берлинде же Бонндо Гитлердин атындагы көчө болуп, немец элчиси еврей геноциди болгон эмес десе, еврейдин жаштары эмне деп жооп бермек эле? Өлтүрүп коюшмак да туурабы? Ал эми түрк дипломаттары бүткүл дүйнөдө армян геноцидин танып келатышат".

*Маалымат булагы:Патрик Деведжяндын Флоренс Авакянга берген интервьюсу."Армениан рипортер"6 июнь 1985ж.2*

*34 документтин тиркемесин кара.*

**17 ҮЗҮНДҮ**

Джастин Маккартинин "Армян терроризми: тарых уубу же ууга каршы дарыбы ". Эл аралык терроризмдин баңги заттар

менен байланышы (Анкара, Анкара университетинин басмасы, 1984ж, 85-94 беттер.

*34 документтин тиркемесин кара.*

**18 ҮЗҮНДҮ**

Түркиянын башка мамлекеттер менен блгон мамилесин карап жатканда, өткөн мезгилдин дагы бир мурасы жөнүндө айта кетиш керек, сөз 1974 жылы армяндардын жашыруун уюмдары тарабынан башталган, түрк дипломаттарына жана алардын үй-бүлөлөрүнө каршы террористтик кампания жөнүндө болуп жатат.Ошол кампаниянын жүрүшүндө 41 түрк жана саны такталбаган башка улуттун өкүлдөрү өлтүрүлгөн, ал Түркияга башка батыш өлкөлөрүнөн алыстоого түрткү болду.Батыштын массалык маалымат каражаттары дипломаттардын өлтүрүлгөндүгүн, илгери болгон кыргын үчүн кек алуу болуп жатат деп элге таратышы жинди келтирбей койбойт, ошол себептүү франко-түркиянын мамилелери бузулуп каршылашууга чейин барышты, ал эми 1984 жылдын күзүндө Түркия менен АКШ нын ортосундагы мамилелер аз жерден үзүлүп кала жаздады, анткени конгресс Түркияны армян геноцидине күнөөлөгөн чечим кабыл алганы жаткан.

*Маалымат булагы:Дэвид Барчард “Түркия жана Батыш”1985ж 50-51беттер.*

*35документтин тиркемесин кара.*

**19 ҮЗҮНДҮ**

Чоң жоготууларына жана (армян терроризминин натыйжасында) армяндардын ошол жоготууларды көбөйтөбүз деп коркутканына карабай, түрктөрдү колдоп, жан тарткан бирөө болгон жок.

Эгерде Ирландиянын республикалык армиясынын жоокерлери британиялык дипломаттарды, ал эми палестиналыктар из-

раилдин дипломаттарын өлтүрсө коомчулук ушинтип унчукпай отура берет беле?

Түрктөрдү куугунтуктоо болбогон иштей эле көрүнө бериши мүмкүн, анткени америкалыктар гезиттердин баш сөзүн окуп алып эле, байыркы элдешкис душмандык улантылып жатат деп жыйынтык чыгарышат.Түрктөр менен армяндар-эзелки душмандар деп ойлойбуз биз, эгерде ойлосок, экөөнүн бирин тандап ал десе биз түрктөргө каршы чыгабыз.Биздин эсибизде колдорунда килейген кылычтары бар кан ичкич султандар калган, башкача айтканда түрк десе эле бизге таш боор бирөө элестейт. Анын үстүнө алар мусулман болгондуктан, батыштын тарыхында алар кудайсыздар деген ат менен белгилүү.

*Маалымат булагы:Калман Маккарти "Түрктөр-бурмаланган тарыхтын курмандыктары", "Детройт фри пресс", 29 июль1983ж 51.*

*36 документтинтиркемесин кара.*

**20 ҮЗҮНДҮ**

Биз өзүбүздүн азап менен кайгыбызды чиркөө менен храмдардан көчөлөргө алып чыкканыбызга 20 жыл болду.**Биз улутубуздун аябагандай кайгылуу күндөрүндө каза болгондорду эскерип гана тим болбой, көргөн азабыбызды, кайгыбызды БУУ нун, АКШнын конгрессинин, Франциянын парламентинин залдарына жана башка бир катар эл аралык форумдарга киргиздик.**

**Азыр биз адилеттик кылгыла деп сурабайбыз, биз адилеттикти талап кылабыз.Биз кырылган 1,5млн жана дүйнө жүзүнө чачылып кеткен армяндар үчүн жооптуу адамдар жаза тарткан күндү көрмөйүнчө тынч алып жатпайбыз. Биздин талабыбыз барыга белгилүү:Геноцид моюнга алынсын, армян жерлери мыйзамдуу ээленине кайтарылып берилсин.**

*Маалымат булагы:1985 ж, 20-27 апрелинде “Армениан уикли”гезитине чыккан макала.*

*37 документтин тиркемесин кара.*

**21 ҮЗҮНДҮ**

Эгерде биздин максатыбыз геноцидди моюнга алдыруу десек, армян эмес коомчулук армяндар өч алганы жатат деп ойлошу мүмкүн.Эгерде биз ата-мекенибизди бошоткону жатабыз десек, эл бизди өч алып жатат деп ойлобойт.

Ошонлуктан бардык армяндардын милдети, мейли конгресстеги лоббисттер болсун, мейли көчөдөгү демонстранттар же эркиндик үчүн күрөшкөн жоокерлер болсун, биздин максатыбыз өч алуу эмес геноцидди моюнга алдыруу жана түрктөр басып алган арменияны бошотуу деп айтуулары керек.

*Маалымат булагы:”Биздин ата-мекенибизди бошотуу”, Карен Егпарян жана Ара Ханджян, “Армениан уикли”11 май 1985ж.2*

*38документтин тиркемесин кара.*

**22 ҮЗҮНДҮ**

Акыркы айларда Парижди титиреткен террористтик жардыруулардын чыныгы себебин айтпай, Франциянын официалдуу адамдары өз элинин башын атайын айлантып жатышат.

Биздин батыштын ар кайсы чалгындоо кызматтарында иштеп, терроризмди жакшы билген маалымат булактарыбыздын ойлору боюнча Париждеги жардыруулардын себеби, француз түрмөсүндө жаткан Гарабиджянды (же Гарабеянбы)бошотуу талабы менен байланышкан.

*Маалымат булагы:”Вашингтон пост”,29 октябрь1986 ж.12*

*66 документтин тиркемесин кара.*

## 23 ҮЗҮНДҮ

Үч жыл бою Түркиянын чалгындоо кызматынын жетекчилери Французларга кайрылып, армяндардын Акоп Акопян деген ат менен иштеп жүргөн № 1 террористинин бир сүрөтүн таап берүүнү сурап ала алышкан эмес, анткени француз түрмөсүндө жаткан Гарабиджян(Гарабедян) менен колго түшпөс Акопян экөө бир эле адам деген сөз бар.

"Акопян-Гарабиджян"( же Гарабедян) париждеги жардыруулардын себебин түшүндүрүп берет эле, анткени АСАЛА өзүнүн негиздөөчүсүн ( Абу Нидалдын бир аз жардамы менен) түрмөдөн бошотуп алгысы келет.Армян террористтери бир катар жаңы жардыруулар менен Акопянды түрмөдөн бошотуп алууга ниеттенип жатышат.

*Маалымат булагы:"Вашингтон пост", 31 октябрь 1986ж.*
*67 документтин тиркемесин кара.*

## 24 ҮЗҮНДҮ

Израильдин чалгындоо кызматы, Түркиянын жашыруун полициясына АСАЛА менен Аятолла Хомейнини колдогон Ливандык экстремистик радикалдык жашыруун тобу"Хезболлах" тын байланышынан келип чыккан натыйжанын өнүгүшүн байкап турууга кеңеш берген.

*Маалымат булагы:"Армениан рипортер" 9июль 1987ж,1*
*68 документтин тиркемесин кара.*

## 25 ҮЗҮНДҮ

Башкаруучу ПАСОК партиясын кошуп гректердин саясий партияларынын, армян жана армян эмес саясий топторунун көптөгөн өкүлдөрү чогулуп армян эли менен тилектеш экендиктерин айтышты.20 апрель жекшемби күнү экинчи эл аралык армян эли менен тилектештик конференциясы өттү.

**Бул эл аралык конференцияны Армян Элдик Кыймылынын Грециядагы бөлүмү уюштурду. Бул бөлүм башкаларга караганда жаш саясий күч болуп эсептелет. Бөлүмдү армяндардын жаш муундары башкарып, АСАЛА менен куралдуу күрөштү колдошоорун айтышат...**

Конференцияга катышкан көрүнүктүү грек саясатчыларынын арасында өзү да министрлер кабинетинде иштеген премьер-министрдин баласы да бар экен.Европарламенттин эки грек мүчөсү жана да башка грек парламентинин мүчөлөрү келишти.

Уюштуруучулардын атына келип түшкөн каттар көп болду, алар Палестиналык Улуттук Революциялык кыймылдан-“Фатах”, Палестинаны боштоңдугу үчүн күрөшкөн Элдик Фронттон жана башка израильдик-палестиналык чырда радикалдык көз караштагы эл аралык топтордон келип түштү.

*Маалымат булагы : “Армениан рипортер” 1 май 1986ж.1,18.*

*69 документтин тиркемесин кара.*

## 26 ҮЗҮНДҮ

Афина менен Вашингтондун ортосунда Кошмо Штаттардын чалгынчыларынын , Афина бир нече ай бою Абу Нидал деген террорист менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндүгү тууралуу маалыматы боюнча талаш-тартыш жүрүп жаткан кези.Афина бул маалыматты төгүнгө чыгарууда...

Вашингтондо мамлекеттик департаменттин башында тургандар, өкмөттө иштегендер бул байланыш жөнүндө укканда аябай ачуулангандыктарын айтышты. Официалдуу адамдар түрктөргө каршы террористтик иштерди жасаган АСАЛА менен Гректердин алакасын да жактырышкан жок.

*Маалымат булагы:”Нью-Йорк таймс”27 июль1987ж.4.*

*70 документтин тиркемесин кара.*

## 27 ҮЗҮНДҮ

АСАЛА армяндардын террористтик тобу, биринчи дүйнөлүк согушка чейин андан кийин да болгон, деп өздөрү ойлоп тапкан геноцид үчүн түрктөргө көп жамандык кылган. Ал Кипрдеги импорттук-экспорттук компанияга жана диний институтка жамынып алып өз ишин кылат.

*Маалымат булагы:"Маями Геральд"1октябрь 1986ж*

*71 документтин тиркемесин кара.*

## 28 ҮЗҮНДҮ

Мурда айтылгандай израильдин чалгындоо кызматынын(-Моссад) Кипрдеги Трудос тоосунда АСАЛА жана ПКК нын жоокерлерин даярдоочу лагерь бар деген маанилүү маалыматы бар.Ошол эле маалымат булагы жоокерлерди Абу Нидалдын кеңешчилери даярдайт дейт.

Моссад, Армяндардын Улуттук Кыймылы деген тобу Никосияда, Афинада жана Триполиде ошол лагерди керектүү нерселер менен жабдуу үчүн байланыш жана өз ара иштөө боюнча бөлүмдөрдү ачкандыгын айтат.

*Маалымат булагы:Британиянын радиоберүү корпорациясы(Би-Би-Си) "Дүйнөлүк радиоберүүлөрдүн кыскача баяндамасы", 6 июль198?ж 4-А бөлүмү, Ортоңку Чыгыш,с.МЕ/S612/A/1*

*72 документтин тиркемесин кара.*

## 29 ҮЗҮНДҮ

**Ө**ткөн жумада Түркия Грециянын дарегине армян террористтерине колдоо көрсөтүп жаткандыгы үчүн күнөө койду, ага Югославия түрмөсүнөн бошотулуп, жарым жартылай шал болуп калган Крикор Левонянга дарылануу үчүн баш калкалоочу жай бергендиги далил боло алат.Ал Югославия түрмөсүнөн бошоноор замат Грецияга кирүүгө руксаат алган дейт Түркиянын маалымат булагы.

*Маалымат булагы:"Армениан рипортер"30 июль 1987ж.1. 73 дркументтин тиркемесин кара.*

## АРМЯН ТЕРРОРИЗМИНИН БИБЛИОГРАФИЯСЫ

CORDES, Bonnie: "Armenian Terrorism in America", Symposium on International Terrorism.Ankara, Turkey. { Ankara University Press}, 1984 pp.155-166.

CORSUN, Andrew: "Armenian Terrorism: A Profile", U.S. Department of State Bulletin.No.82. Washington, D.S. {August, 1982}pp.31-35.

DEROGY, Jacques: Operation Nemesis: Les Vengeurs Armeniens.Paris{Librairie Artheme Fayard}1986.

FEIGL, Erich: Ein Mythos Des Terrors: Armenischer Extremismus-Seine Ursachen und Hintergrunde, Salzburg {Zeitgeschichte-Freilassing},1986.

GUNTER, Michael M: Pursuing the just Cause of Their People: A study of Contemporary Armenian Terrorism.New-York {Greenwood press}1986.

The most detailed and objective study yet to appear on the phenomenon of Armenian terrorism.

-------------------:"Contemporary Armenian Terrorism", Terrorism: An International Journal, vol 8,No 3{1986}pp.213-252.

--------------------:"Contemporary Aspects of Armenain Terrorism", Symposium on international Terrorism, Ankara, Turkey {Ankara University press}1984,pp.103-104.

-------------------:"Cycles of Terrorism: A question of Contemporary Counterterror and Harassment Against the Armenians", Journal of Political Science.Vol.XIV., 1&2 {1986}pp.58-73.

-------------------:"The Armenian Terrorist Campaign Against Turkey", Orbis {Summer 1983}pp.447-477.

-------------------: "The Historical Origins of Contemporary Armenian Terrorism", Journal of South Asian and Middle Eastern Studies, Vol.IX, No.1{Fall 1985}pp.77-96.

------------------: “Transitional Sources of Support for Armenian Terrorism”, Conflict Quarterly, Vol.No 4{Fall 1985}pp.31-52.

CURUN, Kamuran: “Causes and Preventions of Armenian Terrorism”, Symposium on International Terrorism.Ankara, Turkey. {Ankara University Press}1984.

HINZE, Paul:Coal:Distabilization-Soviet Agitational Propaganda, Instability and Terrorism in NATO South.Marina Del Rey, California{American Institute for Security Research}1981.

-----------------:”The Long Effort to Distabilize Turkey”, Atlantic Community Quarterly, Vol,19 {Winter, 1981-1982}pp.468-473.

-----------------: “The Roots of Armenian Violance”, Symposium on International Terrorism.Ankara, Turkey{Ankara University press}, 1984, pp.179-202.

HOFFMAN, Bruce:”Terrorism in the United States during 1985”, Rand Paper:P-7194. Santa Monica, California{The Rand Corporation},1985.

KURZ, Anatand MERARI, Ariel: ASALA: International Terror or Political tool. Jerusalem{Jahee Center for Strategic Studies, Tel Aviv University}1985.

A rather naпve and poorly researched study on the Armenian terrorist organization, known as the Armenian Secret Army for the liberation of Armenia .

LOWRY, Heath W: “Nineteenth and Twentieth Century Armenian terrorism:Threads of continuitc, Symposium on international Terrorism” Ankara, Turkey {Ankara University press}1984,pp 85-94.

McCARTHY, Justin: “Armenian Terrorism: History as Poison and Antidote”, Symposium on International Terrorism. Ankara, Turkey {Ankara University Press}, 1984.pp.85-94.

MAHWELL, Evan: “Bomb on the loose”, Reader’s digest {May 1986}

SHIRAGIAN, Arshavir: The legacy: Memoirs of an Armenian Patriot {Trans. By S.Shiragian} Boston{ Hairenic Press}1976.

The autobiography of one of the Armenian Nemesis terrorists, who tracked down and assassinated former Ottoman officials following World War1.

SOMER, Tarik: “Armenian Terrorism and the Narcotic Traffic ”, Symposium on Internaional Terrorism. Ankara, Turkey.{Ankara University Press}1984. Pp.19-27.

SZAZ, Michael: “Armenian Terrorists and the East-West Conflict”, Journal of Social, Political, and Economic Studies.{ Winter,1983}pp.387-394.

TERNON, Yves: The Armenian Cause {Translated by A.A.Mangouni}Delmar , New York {Caravan Wooks}, 1985.

Written and conceived as a whit-wash for the activities of Armenian terrorists; nonetheless, provides a deal of useful on the involvement of the Armenian Revolutionary Federation i.e. the Dashnag party, as a perpetration and supporter of Armenian terrorism.

WOHLSTETTER, Albert and VIRTS, Nancy: “Armenian Terror As a Special Case of International Terror ”, Symposium on International Terrorism. Ankara, Turkey {Ankara University press}1984, pp.261-280.

YEGHIAYAN Varkes {translator} The Case of Soghomon Tehran, Los Angeles {A.R.F. Varantian Gomideh.Edited and Produced by the Zoryan Institute, Cambrige, Massachusetts},1985

Proceedings of the trial of the Dashnag Nemesis terrorist assassin of Talat Pasha.

# III БӨЛҮМ

## ТАРИХЫЙ КЕЛЕЧЕК

Бул жерде геноцид болгон (армяндар айткандай)же болгон эмес(Түрктөр айткандай)деген эле тарихый бир маселени чечиш керек..Ушул маселени ийгиликтүү чечүү үчүн биз Түрк империясын жана геноцид болду деген жерди жакшы билген окумуштууларга кайрылышыбыз керек.Ушул маселеге байланыштуу, бүткүл изилдөө иштери жана жазган китептери Түркияга жана анын тарыхына арналган американын белгилүү 69 окумуштуулары жакында эле, биринчи дүйнөлүк согуштун убагында жалпы Түркиянын калкынын (мусулман жана мусулман эместердин) башына түшкөн азап-тозокту эсепке албай туруп, жалаң эле Түркия армяндарынын кайгысына көңүл бөлө берүү адилетсиздик болот деп билдиришти. Андан ары алар, болуп өткөн окуяны(Ливандагы эки элдин ортосундагы кагылышка окшош болгондугун баса көрсөтүп) дагы изилдеш керек экендигин жана аны толук түшүнүш үчүн керектүү тарихый архивдерди карап чыгуу үчүн руксаат алуу зарылдыгын  айтышкан.

Алар конгресс сунуш кылган чечимдеги армяндар “геноциддин” курмандыгы болушкан, деген ой так эместигин жана ага ишенүү жаңылыштык болоорун баса көрсөтүштү.Окумуштуулар тарихый күмөндүү божомолдорго негизделген чечимди кабыл алуу, Америкалык соттун адилеттүүлүгүнө шек келтирет деген сөздү айтышты.

Ошол эле окумуштуулардын тобу, Түркиянын премьер-министри Тургут Озалга жазган ачык катында, ушул иштин ачыла элек жактарын ачыкка чыгаруу үчүн, Түркиянын биринчи дүй-

нөлүк согуштун убагындагы архивине кирүүгө руксаат берүүнү көптөн-көп суранышкан.

Премьер-министр Озал бул суроону канаатандырып руксаат берген (2 үзүн.кара).

Кызык, 69 америкалык окумуштуу-эксперттерди Түркиялык армяндардын тагдырын "геноцид" деп атоодон баш тартууга кандай далилдер мажбур кылды экен? Ага төмөнкү далилдерди келтирип жүрүшөт:1870 жылдардан баштап эле армян улутчулдары Анатолияда жашаган өз мекендештерин түрк бийлигине каршы чыгууга үндөй башташкан.Биринчи дүйнөлүк согуштун убагында бүтө турган бул ишти ,биринчи жолу 1878 жылы 18 мартта британиянын түркиядагы элчиси Лейерд билип калган.Империянын армян калкынын диний башчысы ага армяндар түрк өкмөтүн кулатып, түрк жерлери менен кошо Россияга кошулуп кетүүгө даярданып жатышканын айтып берген (4 үзүндүнү кара).Патриярх өзүнүн мекендештерининин басымынын астында түрк өкмөтүнө баш ийбөөгө мажбур болуп жатканын да айткан.Башкача айтканда массалык киши өлтүрүүлөр болгон деген  божомолдоолордон 40 жыл мурда эле, армян революционерлери түркиянын армяндарын эки нерсеге көкүтүп коюшкан: а) жалпы улуттук революцияны жасоо; б)Осман империясынын эзелки душманы Россияга кошулуу.

Армян революционерлеринин Түркияга каршы жасаган иштери, Гарвард Унивеситетинин дипломатия боюнча тарыхчысы Уильям Лангердин китебинде майда-чүйдөсүнө чейин чагылдырылган.(5 үзүндүнү кара).Лангер Европа өлкөлөрүн өз кызыкчылыгы үчүн, интервенцияга шыкактоо үчүн армян революционерлери колдонгон ыкмага байкоо жүргүзгөн.Мусулман дыйкандарын жырткычтык менен өлтүрүп, каршылык кылууларды күтүшкөн, эгерде мусулмандар армяндарга жоол кылып өлтүрө баштаса европа өлкөлөрүнүн интервенциясы башталып кетмек .Ойлорун ишке ашыруу үчүн элинин саны жетпей тур-

гандыгын түшүнгөн соң алар Россиядан жана Европадан жардам күтүүгө аргасыз болушууда.

Бузукулуктун туу чокусуна жеткен армяндар өз өлкөсү болгон Осман империясына кызмат кылуудан баш тартып, баскынчылык кылып жаткан Россиянын армиясына жардам беришкен. Алар жардам бергендиги үчүн кийин орустар түрк жеринде эркин армян мамлекетин түзүп беришет деп үмүттөнүшкөн(6 үзүндүнү кара)болчу.Армяндардын саясий жетекчилери, армиянын офицерлери жана катардагы жоокерлер армиядан топ-тобу менен кача башташты.

Орустар 1914 жылы согуштун башталышында чыгыш Анатолияны басып алгандан тартып армяндардын орустар менен кызматташтыгы кескин өсө баштады.Түрктөрдүн согушка керектүү нерселерди жеткирүү жолдорун армян партизандары кесип, бузуп турушту ал эми армян революционерлери жергиликтүү армяндарды куралдандырып коюшту, алар өз кезегинде орустардын армиясынын келишин күтүп, мусулмандарды өлтүрө беришти.

Түрктөр ага жооп кылып Осман империясына зыян келтире турган жерлердин бардыгынан армяндарды орус баскынчыларынын артынан көчүрө башташты.Стенфорд Шоу айткандай “армяндардын кимиси тынч жашап, кимиси жетекчилеринин артынан ээрчип кетээрин ” билбей калышты.(7 үзүндүнү кара). Армяндардын чыккынчылыгын дагы бир ишенимдүү булак тастыктап чыкты.Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Парижде болуп өткөн тынчтык конференцияга катышкан армян делегациясынын жетекчиси Богос Нубар Паша  согуш убагында армяндардын шериктештерге көрсөткөн жардамы, түрк бийлигине армяндарга  жаман мамиле кылууга мажбур кылды деп ачык эле мойнуна алган (8 үзүндүнү кара).Ал Андрониктин жетекчилиги алдында 50000 түрк армяндарынын 4 жыл бою түрк аскерлерине каршы согушкандыгын айтты. Өз өлкөсүнө чыккынчылык кылуунун мисалын Богос Нубардын мойнуна алган

далилдеринен башканы издеп да кереги жок.Ошондуктан түрк бийлигинин армяндарды, басып кирип келе жаткан орус армиясынын жолунан алыстатууга кылган аракети туура эле болгон. Бул чечимди кабыл алууга эки нерсе түрткү болгон: биринчиден алдыдагы боло турган кан төгүүлөрдү токтотуу(армян менен түрктөрдүн ортосундагы)экинчиден түрк армиясын жергиликтүү армян коомчулугунун кол салуусунан сактап калуу.

Өлкө дүйнөлүк согушка катышып, төрт тарапка бөлүндү болуп согушуп жатканда армян азчылыгынын кандуу көтөрүлүшкө чыгышы, армяндарды да армян эместерди да кандай азапка салгандыгын түшүнсө болот.Карапайым армяндар менен мусулмандар ачкачылыктан, оорудан гана эмес өз ара кагылыштардан да чоң чыгымга учурашты.

1985 жылдын 12 декабрында америкалык конгресстин өкүлдөр палатасында чыгып сүйлөгөн сөзүндө конгрессмен Стефан Золярц көңүл коюп изилдеп чыккандан кийин, мен дүйнөлүк согуштун убагында армяндардын түрктөр уюштурган геноциддин курмандыгы болдук дегендери менен макул боло албайм деп айткан(3 үзүндүнү кара).

Тилекке каршы согуштун учурунда жашаган армяндар өзүлөрүн, өз тукумдары үчүн да бүткүл дүйнө үчүн да күнөөсүз, алсыз курмандыктар катары көрсөтүүгө аракет кылып келишкен.Орус баскынчыларынын катарында согушкан он миңдеген армяндар жөнүндө сөз да кылынган эмес.Ошентип бул Анатолияда жашаган бардык элдин тарткан азап-тозогу эмес, жалгыз эле армяндардын тарткан азап-тозогу катары көрсөтүлгөн.

Ушуга окшогон көрүнүштөр, согуш убагындагы армяндардын чыгымын өтө эле көбөйтүп жиберүүгө алып келди.Америкалык демограф, профессор Джастин Маккарти ошол мезгилдеги статистикалык маалыматтарды жакшылап эсептеп чыгып, 1912-1922 жылдардын  ичиндеги согуштан өлгөн армяндардын саны айтылып жүргөндөй 1,5 млн же 2 млн эмес, андан көп эле аз болгондугун айтат.Ал мындай деп жазат:”Туура, армяндар

көп өлгөн, бирок каза болгон армяндар жөнүндө айтып жаткан-да, каза болгон мусулмандарды да эске алышыбыз керек, ар-мяндар менен катар эле 2,5 млн мусулмандар, көбүнчө түрктөр каза болгон".Жарандардын өз ара согушу, армяндар менен му-сулмандардын айласыз жер которуулары, оору жана ачкачылык ушул кайгынын негизги себептерине кирет деген Маккарти.Бир сөз менен айтканда, Анатолиянын бардык жарандары, армяндар да мусулмандар да тагдырдын курмандыктары болушкан. Ар-мяндардын ушул жөнөкөй нерсени түшүнбөгөндүгү, жаштарды зомбулук кылууга алып келди, анткени, жек көрүү сезими алар-га эненин сүтү менен кошо сиңген.Ошол себептүү, оттоман ар-мяндарынын тарыхы, калыс окумуштуулар тарабынан олуттуу изилдөөлөрдүн негизинде жазылышы керек.

"Армян маселеси"деген китептин автору, окумуштуу Кямран Гюрул, "Осман империясынын жана азыркы Түрки-янын тарыхы" деген китептин автору, окумуштуу Стэнфорд Шоу Оттоман империясынын элинин отурукташы тууралуу ма-алыматтарга таянып, армяндардын каза болгондору Маккарти айткандан да аз экендигин далилдешкен .

Ушул кезге чейин ошол мезгилдин тарыхына жалаң гана армяндар кайрылып келишкен, алардын апырта сүйлөгөндү жакшы көргөн мүнөзү, ал мезгилди армяндардын азап тарткан мезгили деп атап, тарых чындыгын айтышкан эмес.Ошол жо-моктун уланышы 1960 жылдан кийин төрөлгөн армян жашта-рын террористтик иштерди жасоого дем берип жатат.

Өзүлөрүн "XX кылымдын 1 геноцидинин" курмандыгы кылып көрсөткүсү келген армяндар, өз сөздөрүнө далил кылып түркияда калыс байкоочу катары жүргөн америкалыктар, ар-мяндардын тарткан азап-тозогуна күбө боло алышат дешет. Иш жүзүндө алар 1913 жылдан1916 жылдын аягына чейин Стамбул-да американын элчиси болгон жалгыз гана Генри Моргенхаунун айткандарына таянышат. Ошол эле убакта Моргенхаунун орду-на элчи жана жогорку комиссар болуп Стамбулда 1919 жылдан

1927 жылга чейин иштеген Марк Бристольдун, армяндардын апырткан жарнамаларына ишене бербегиле, деген эскертүүлөрү байкоосуз калтырылган.Бристольдун эскертүүлөрүн, жакынкы чыгышта жашаган элдин, анын ичинен армяндардын кайгысын жеңилдетүүгө келген америкалык миссионер Джеймс Бартон да кайталаган, мен армяндардын болбогон жыркычтыктарды болду деп айткандарын койдура албай койдум дейт ал өз сөзүндө (11 үзүндүнү кара).

Артур Честер(ишкер) жана Джон Дьюн (мугалим) сыяктуу Түркияны жакшы билген башка көптөгөн америкалыктар армяндардын апыртып айткандарына ишенишкен жок.Честер согуш болуп жаткан жерлерден армяндардын эмне үчүн көчүрүлгөндгүнүн себебине баа берип жатып, эгерде америкада калктын азчылыгы армяндар жасаганды жасаса америкалыктар эмне кылат эле деген салыштырманы айткан.

Сөздүн акырында, Вашингтондогу түрк элчисинин, 1915 жылы Оттоман империясы, басып кирип келе жаткан Орус армиясына жардам кылып, өзүнүн армян жарандары жасаган куралдуу көтөрүлүшкө, же башкача айтканда дүйнөлүк согуштун ичинде жарандык согушка туш болду деген сөзүн кайталаш керек болуп калды(14 үзүндүнү кара).

Андан ары армяндардын айткандарына карабай элчи, биринчи дүйнөлүк согуштун убагында, андан кийин, армяндар Анатолияда жашаган мусулмандар менен бирге аябай жабыр тартты дейт. Оттоман империясынын жоопкерчилиги, эгер болсо беш тарапта согушуп жатып(мусулмандар блсун, христиандар болсун)өз элин жарандык согуштан, ачкачылыктан жана оорудан сактай албай калгандыгында жатат.”Геноцид”деген сөздү көп эле айта берсе, ал өз маанисин жоготот, мындай окуялар дүйнөнүн көп эле өлкөлөрүндө болгон дейт ал (15 үзүндүнү кара).

Ушул армяндардын жабыр тартканын моюнга алып, бирок анда ата-бабасынын күнөөсү жок экендигин билдирүү 80 жыл-

дарда туулган жаш армяндарды адилеттүүлүктү куралдын жардамы менен издөөгө түрткү берүүдө деп айтса болчудай.

Бирок түрктөрдүн актануусу эмес, биринчи дүйнөлүк согуштун убагында Анатолиядагы кыргындын жалгыз курмандыгы болгусу келген армяндардын көктүгү саткын киши өлтүрүүчүлөрдүн жек көрүүсүн ойготуп жатат.Ушул тема боюнча илимий иштердин чек арасы кеңейген сайын, армяндардын көктүгүнүн себеби азайууда.Албетте, премьер-министр Озал түрк архивин ачык деп жарыялагандан кийин, үгүттү фактыдан, жомокту тарыхтан айырмалоо жеңилдеп калат.

## АКЫРКЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР (1986-1987)

Түрк-армян тарыхын окуп жаткан студенттер үчүн Улуу Британиянын тышкы иштер министрлигинин архивинин материалдарына негизделип, Оттомандардын архивдик материалдары менен толукталып жазылган доктор Салахи Санюелдин китебинин басылып чыгышы, акыркы 18 айдын көрүнүктүү окуясы болуп калды.”Түркия армяндары” деп аталган Санюелдин экинчи китебинде 1875 жылдан биринчи дүйнөлүк согушка чейинки окуялар толук изилденип чыккан.Бул китепте армян революционерлеринин Европа өлкөлөрүнүн жардамы менен көз карандысыз армян мамлекетин куруу үчүн кылган алдамчылыктарынын бети ачылган (16 үзүндүнү кара).

## 1 ҮЗҮНДҮ

“Геноцид” боюнча коюлган күнөөгө келгенде, кол койгондордун бирөө да, армяндардын тарткан азабын азайткысы келбейт . Бирок биз бул маселени, ошол аймактын мусулмандары тарткан жабырдан бөлүп карабаш керек экенигин да билебиз. Биринчи дүйнөлүк согуштун убагында Анатолияда жана ага жакын жерлерде мусулман менен христиандардын ортосундагы согуш, оору, ачкачылык эки жакка тең кыйынчылыктарды

алып келгенине олуттуу далилдер бар.Акыркы он жылдагы Ливандагыдай эле бул аймак ал кезде чоң, кичине согуштун очогу болгон.Мусулмандардын да христиандардын арасында да каза болгондор өтө көп болгон.Тарыхчылар согушкан тараптардын чыгымдарын жана согуштун себептерин толук тактамайын, дагы эле ачыла элек нерселер көп.

Мамлекеттик ишмерлер тарыхты жасашат, окумуштуулар аны жазышат.Ошондуктан окумуштууларга окуя болуп өткөн убактагы саясатчылардын жазган материялдарын окуп чыгуу үчүн руксаат керек.

Мурдагы СССРдин, Сириянын, Болгариянын жана Түркиянын архивдеринин ошол мезгилге тиешелүү материялдарын пайдаланууга руксаат болмоюнча, Осман империясынын 192 чечими камтыган (1915-1923)жылдардагы тарыхын туура чагылдырууга болбойт.

*Маалымат булагы:69 кийинки үзүндүдө 68деп жүрөт, ката жок, бул Тургут Озалга кат жазган окумуштуулардын саны.Бул армяндардын түрк армяндары тууралуу көз караштарына каршы турган америкалык окумуштуулар.”Нью-Йорк таймс”,”Вашингтон пост” гезиттери 19 май 1985 ж.*

*19 документтин тиркемесин кара.*

## 2 ҮЗҮНДҮ

Түркия боюнча 68 америкалык окумуштуу эксперттердин премьер-министр Тургут Озалга жазган ачык каты жана премьер-министрдин ошол катка берген жообу.

Америкалык мыйзам чыгаруучуларынын көпчүлүгү ушул чечимди ачуулары келгендиктен эмес, түркиянын тарыхын билбегендиктен колдошот.Ушул эле сөздү көпчүлүк билимдүү америкалыктар жөнүндө да айтса болот, анткени алар 60 жыл бою армяндардын айткандарын гана угуп келишкен.Иштин ушундай болуп калышына, дүйнөлүк согуштун убагындагы

окуялар боюнча өз убагында анализ жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзбөгөндүгү жана эл аралык окумуштууларга тарихый архивдерди ачып бербегендиги үчүн Түркияга да күнөөнү койсо болот, анткени ал армяндарга Оттоман империясы жөнүндөгү тарыхтын өзүнө керектүү түрүн таркатууга мүмкүнчүлүк берди.

Сиздер өз катыңыздарда айткандай, окумуштуулар жакшылап изилдесин деп, бизге өткөндөн мураска калган документтерди жана маалыматтарды ачсак, мурдакылардын чыныгы тарыхын түшүнүү үчүн маанилүү иш болоору бышык.Ким ал документтерге ээлик кылса, ал адамдын адамзат алдында чоң жоопкерчилик пайда болот.

Ошол себептүү биз өз өлкөбүздө биздин узак жана бай тарыхыбызды  чагылдыра турган өтө көп материалдарды талдап, таап, аларды окумуштууларга берүү үчүн ишенимдүү кадам таштадык.Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, акыркы бир нече жылдын ичинде Түркиянын Улуттук Улуу Чогулушу ушул иш үчүн каражат бөлүп берүү үчүн атайын мыйзам кабыл алгандыгын айтып кетким келет.Бул деген архивдеги иштер тездетилет жана кеңейтилет дегенди билдирет.Ушул азыр кээ бир документтер тандалып алынып, окумуштууларга берүүгө даяр турат.Ал изилденип бүтөөр замат башка документтер изилдөө үчүн даяр болуп калат.

*Маалымат булагы:68 америкалык окумуштуулардын атынан Түркия Республикасынын премьер-миниистри урматтуу Тургут Озалга 18май 1985 жылы Хит.у.Лоуринин жазган каты жана ага 14 июнь1985жылы берген премьер- министр Тургут Озалдын берген жообу.*

*40 документтин тиркемесин кара.*

## 3 ҮЗҮНДҮ

Биздин көптөгөн кесиптештерибиз айткандай бул чечимди кабыл алуу, биздин Түркия менен болгон мамилебизге жана

Жер ортолук деңизинин чыгышындагы биздин коопсуздугубуза коркунуч келтирмек.

Бул өтө күчтүү далилдер, бирок кабыл ала турган чечимге каршы ушул эле далилдерди келтире турган болсок мен аны ишендирээрлик деп айтпайт элем.

Мен бардыгыңарга ачык айтып койойун.Менин оюм боюнча Гитлердик геноциддин 6 млн курмадыктары жана кийин курман болгондор үчүн, биздин бул чечимди кабыл алгандан башка аргабыз калбайт эле.Эгерде маселе ушуну менен эле чечилип кала турган болсо, армян геноцидди деп аталган нерсенин курмандыктарынын аттарын түбөлүккө эске калтыруу боюнча чечим менен еврейлерге каршы жүргүзүлгөн Гитлердик геноциддин курмандыктарынын аттарын түбөлүккө эске калтыруу боюнча чечимдин ортосунда кандай айырма бар.

Мен бул айырма, жалпы кабыл алынган чындык менен окуяга берилип жаткан баанын ортосунда жатат деп айтат элем.

Төрага мырза, менин чынында эле армян элине боорум ооруйт, анткени чечимде айтылып жаткан мезгилдин ичинде алардын арасынан өтө көбү жырткычтык менен өлтүрүлгөн.Бирок ошол эле убакта сан жетпеген түрктөр жана башка мусулмандар да жырткычтык менен өлтүрүлгөндүгү маалим.

Бул чечимдин жетишпеген жактарынын бири армяндар менен болуп өткөн окуяны геноцид деп мүнөздөгөндүгүндө жатат, чындыгында ошол геноциддин болгондугунда күмөн бар... Түрктөрдүн армяндардын бардыгын кырып коюуга кылган аракеттерине менин эч далилим жок.

*Маалымат булагы:12 декабрь 1989 жылы АКШ нын конгрессинде Стефан Солярцтын 192чи чечимге карата айткан сыны.*

*41 документти кара.*

## 4 ҮЗҮНДҮ

Армяндар азыр башка жердеги христиан бир туугандарындай укук алуу  үчүн чечкиндүү аракет кылып жатышат.Эгерде алар өз укугун Европанын кийлигишүүсү менен ала албай калышса, Россияга кайрылып ага бирикмейинче ээликкенин коюшпайт.Архиэпископ христиан армяндарынын көпчүлүгү Россияга берилген жерге көчүп кетүүгө камынып жатышкандыгын айтып берди.Ал, армяндардын эркин христиандык мамлекет тууралуу койгон талабын конгресс колдоп, Европа өзүнөзү башкарган армян провинциясын түзүүнү талап кылат деген үмүтүн билдирди.

Мен мындай чоң планды конгресс карабайт го десем, ал эгерде конгресс армяндардын адилеттүү талабын укпай турган болсо, армяндар түрктөргө каршы көтөрүлүп, россияга кошулуп кетээрин айтты...менин элим мындан ары мусулмандардын башкаруусунун алдында жашай албайт мен дагы элдин каалосуна каршы туралбаймын деп сөзүн бүтүрдү.

*Маалымат булагы:Британиянын элчиси Лейерддин Дербишир графына 18 март1878 жылы жазган каты.Бул катта ал Архиепископ Нарсис менен Константинопольдогу армяндардын Патриархынын ортосундагы мамилер жөнүндө билдирген.*

*42 документтин тиркемесин кара.*

## 5 ҮЗҮНДҮ

Түркияда жашаган Европалыктар армян үгүтчүлөрүнүн максаты, тартипсиздектирди уюштуруп ага өзүнө жараша жооп болсо, башка өлкөлөрдүн басып кирүүсүн уюштуруу болгон деп айтып жүрүшөт.Ошол себептүү алар жазалоо чаралары ачык көрүнө турган, армяндар азчылыгын түзгөн аймактарды тандап алышкан.1890 жылы Роберт мектебинин негиздөөчүсү доктор Хамлинге армян революционерлеринин бири, Гнчактын бандасы түрктөрдү жана курддарды өлтүрүп, үйлөрүн өрттөп

туруп тоого чыгып кетишет.Жини келген мусулмандар коргоосуз калган армяндарга кыргын салат, армяндарга жаны ачыган Россия ошол жерлерди басып алат деп айткан экен.

Муну укканда үрөйү учуп кеткен миссионер мындай жырткычтык планды өмүрүндө укпаганын айтса- “Сизге ошондой көрүнгөнү менен, биз армяндар эмнеси болсо да эркиндикке чыгууну чечтик.Европа болгарлардын кыйналганын угуп, аларды бошотту, биздин да катын-балабыздын боздогонун угуп, төгүлгөн канын көрөөр, биздин айлабыз кетти, биз муну эмне болсо да жасайбыз”  дептир кечил.

Ванга барып келген лорд Уокворддун айтканы деле ушуга окшош “Англияда эркиндикке умтулган элге жан тарткандар, ошол элдин “адилеттүү күрөшүн” көз алдыларына келтире алышпайт, бир нече кишиден турган баш кесерлер өз жандарын кандай сактаса, ошондой эле башкалардын жанын аябай, өзүлөрүнүн мекендештерин келечексиз заговорго мажбурлап жатышат”

*Маалымат булагы:Уильям Лангер”Империализмдин дипломатиясы”1968,157-158.*

*43 документтин тиркемесин кара .*

## 6 ҮЗҮНДҮ

Армяндардын жетекчилери Энверге эч нерсеге кийлигишпей тургандыктарын айткан менен, Россияга жан тарткандары көрүнүп эле турган.Айткандай эле сүйлөшүүлөрдөн көп өтпөй , Оттоман армяндарынын бир нече кадыр-барктуулары, парламенттин мурдакы мүчөсү кошулуп Россиянын жогорку кызматтагы адамдары менен кызматташуу үчүн Кавказга качып кетишти.Алардын максаты, эмне болсо дагы Оттоман империясынын согуштук аракетине жолтоо кылыш керек болгон.

Энвер паша Осман империясынын коопсуздук күчү, армяндар кандай гана чыккынчылык кылбасын басып коөруна

ишенип, кышкы согуштук аракеттерин жасай баштады.Ошол эле убакта орус падышасы Николай II Тифлистеги армяндардын улуттук бюросунун президенти менен Осман империясына каршы, бирдиктүү иш алып баруу үчүн план түзүүгө Кавказга өзү келди. Армяндардын улуттук бюросу төмөнкүдөй чакырык жасап жатты:

"Орус куралынын жеңиши үчүн курман болууга даяр армяндар, бардык өлкөлөрдөн келип, орус армиясынын катарына кошулуп жатышат . Босфор менен Дарданеллде орус желеги желбиресин.Улуу Урматтуум сиздин макулдугуңуз менен түрк кулчулугунда жашаган элдер эркиндик алсын. Түркияда жашап, Христос үчүн азап тартып жаткан армян эли сиздин канатыңыздын алдында эркин жашасын".Армяндар падышанын армиясына катарына кошула баштаошты.Түрктөрдүн арт жагынан сокку урууга бардыгы даяр эле.Стамбулду ала турган мезгил келди деген ой менен падыша Санкт-Петербургга келди...

*Маалымат булагы:Дж.Станфорд,"Осман империясынын тарыхы жана азыркы Түркия"Лондон, Кембридж университетинин басмаканасы, 1977ж 314-315бет*

*44 документтин тиркемесин кара.*

**7 ҮЗҮНДҮ**

Кавказ кампаниясы башталганда чек ара аймактарынан армяндардын бардыгын көчүрүп, орустар чабуулга өтөөрдөгү даярдыктын эң мыкты үлгүсүн көрсөтүштү, армяндар орустар жеңгенден кийин өз жерибизге кайра келип, түрктөрдүн жеринен да тартып алабыз деген үмүт менен кетип жатышты. Энвер паша да орустарды кайталап, алардын басып киришин күтүп жатты.Армяндардын жетекчилери эми жоону колдой тургандыктарын ачык эле айта башташты.Аларда андан башка жол жоктой көрүндү.Армяндардын кимиси түрктөргө жамандык кылбай тургандыгын, кимиси жеткечилеринин чакырыгы

менен кете тургандыгын айтуу кыйын эле.Май айынын ортосунда бардык армяндар Ван, Битлис жана Эрзрум аймактарынан көчүрүлсүн деген буйрук чыгарылды.Түрктөр орустарга жана Египетте турган англиянын аскерлерине каршы согушуп жатканда жолтоо болбосун деп, согуш болуучу жерлерден армяндарды Ирактын түндүгүндөгү шаарларга жана Мосулдагы лагерлерге көчүрүүнү ойлошкон.Андан тышкары Киликиянын айылдарында, Сириянын түндүгүндө жашаган армяндарды ошол эле ой менен Сириянын борбордук аймактарына көчүрүү пландаштырылган.Аскердик бөлүктөргө армяндарды жолдон көчмөндөрдүн кол салуусунан сактап, тамак-аш жана керектүү нерселер менен жабдып туруууга буйрук берилген...

1915 жылдын апрель айында армяндарды көчүрүү боюнча буйрук чыга электе эле, орус армениясынын дашнактары армяндардын саны 42% түзгөн Ван шаарында козголоң чыгарышты. Алар Эривандан 1915 жылдын 28 апрелинде, Стамбулдан армяндар көчүрүлсүн деген буйрук чыккандан бир күндөн кийин чыгып, буйрук Ванга жете электе, 14 майда Ванга келип, эки күндүн ичинде жергиликтүү мусулман калкын кыргынга учуратышты.Бул жерде жайгашкан түрктөрдүн кичинекей гарнизону көлдүн түштүк жээгине чегинүүгө мажбур болду.

*Маалымат булагы:Станфорд Дж.Шоу жана Эззел Курал Шоу.”Осман империясынын тарыхы жана азыркы Түркия”II том.Кембридж Университетинин басмаканасы.Лондон 1979 ж. 314-317 б.*

*44 документтин тиркемесин кара.*

## 8 ҮЗҮНДҮ

Армения тынчтык конференциясына чакырылган улуттардын тизмесине киргизилген эмес.Биздин капа болуп, көңүлүбүздүн калганына чек жок.Армяндар жалпы иш үчүн

көп нерсе жасагандыктан, конференцияга чакыргыла деген талаптары орундалат деп үмүттөнүшкөн.

Шериктештерине берилгендиктин натыйжасында армяндардын тарткан азабы, жоготкон чыгымдары өтө көп экендиги көпчүлүккө белгилүү.Согуш башталгандан тартып Армяндар шериктештердин катарында, бардык фронттордо согушканын айта кетким келет, тилекке каршы бул бардыгына эле белгилүү эмес. Согушта каза болгондордун санына, өз ара кыргында курман болгондорду, көчкөндө, оорудан жана ачкачылыктан өлгөндөрдү кошкондо 4,5 млн армяндардын 1 млн ашыгы каза болгонун билдик.Согушка катышкан улуттар менен салыштырганда армения бардыгынан көп жоготууга учураган.Армяндар Түркияга жардам берүүдөн баш тарткан күндөн баштап согушка кирген.

Биздин ыктыярдуулар француздардын “Чет элдик легионунун”катарында согушуп атак-даңкка ээ болушкан.Чыгыш легионунун курамында беш миңден ашык армяндар согушуп, Сирия менен Пакистандагы Француз аскерлеринин жарымынан көбүн түзгөн, алар генерал Алленбинин чечүүчү согушуна катышып жеңишке жетишкен.

Кавказда, орус армиясынын катарында согушкан 150миң армяндарды айтпаганда да, Андроник менен Назарбековдун кол алдындагы 50миң ыктыярдуу армяндар Антантанын катарында 4 жыл бою согушуп гана тим болбостон, орустар жеңилип, тынчтыкка кол коюлганга чейин, түрктөрдүн кавказга койгон чабуулун токтотуп турган жалгыз күч эле...

*Маалымат булагы;Лондондун”Таймс”гезити 30 январь 1919 ж.*

*45документтин тиркемесин кара.*

## 9 ҮЗҮНДҮ

Анатолиядагы армяндардын кыйрашынын себебин түшүнүш үчүн, армяндардын кырсыгы биринчи дүйнөлүк жана Түрктөрдүн көз карандысыздыгы үчүн болгон согуштардын мезгилине туш келгенин эске тутуш керек.Демографиялык сандар согушту сүрөттөп жатканда өтө зейрек колдонулат. Алар бизге ким биринчи атып жибергенин, кан төгүүлөргө ким күнөөлүү экендигин айтып бербейт, алар канча киши өлгөнүн гана айтып бере алат.Биз азыр ишенимдүү маалымат булактарынан 1912-1922 жылдардагы согушта эл айтып жүргөндөй 1,5-2 млн эмес 600 000 Анатолиялык армяндардын өлгөндүгүн билебиз.Албетте 600 000 миң киши аз эмес, армяндардын тарткан чыгымы өтө көп, бирок армяндардын өлгөндөрүн санаганда, мусулмандардын өлгөндөрүн да санаш керек.Статистика, өлгөн армяндар менен катар 2,5 млн мусулмандардын, көбүнчө түрктөрдүн өлгөндүгүн да көрсөтүп жатат. Армян жериндеги 6 аймакта 1 млн ашык мусулмандар өлтүрүлгөн. Түрктөр армяндардан да көп чыгымга учураган.

Сандар Анатолиянын калкы кантип кырылганын айтып бере алышпайт. Жарандык согуш, мусулмандар менен армяндардын айласыз жер которуулары, эки элдин ортосундагы кагылышуулар, оору, өзгөчө ачкачылык- мына ушулар бизге документтер көрсөткөн элдин кырылышынын себептери. Анатолиялык өлүм-бул согушта өлгөн жоокерлер гана эмес, бул эл аралык Россия менен Түркиянын жана эки элдин ортосундагы согуштун очогунда калып кырылган эркектер, аялдар, балдар, армяндар жана мусулмандар.

Армяндар менен кошо мусулмандардын да өлгөнү көрүнүп эле турат. Армяндардын айтып жүргөндөрү так эмес. Мындан ала турган сабак байыртадан бери келатат. Тарых деген калыс болуш керек. Мен 1912-1922 жылдардагы окуяны кандай болсо, ошондой кароого мезгил жетти деп ойлойм. Армяндарга

өч алууну көксөткөн сектанттык азап-тозоктун жарлыгын иле берүүнү токтотуш керек.

*Маалымат булагы:Джастин Маккарти"Анатолиялык армяндар 1912-1922жж""Осман империясынын жана азыркы Түркиянын армяндары(1912-1926) ",Стамбул,1984, 23*

*46 документтин тиркемесин кара.*

**10 ҮЗҮНДҮ**

Кавказда түрктөр армяндарды миңдеп өлтүрүшкөн деген билдирүүлөр АКШ да эркин эле таркатылып жатканын көрүп эле жүрөм.Ал билдирүүлөр кайталана бергендиктен, уккан сайын каным кайнап кетчү болду.Жакынкы Чыгышка жардам берүү уюму Ярроудан кабар алып турушат, ошондуктан Америкадагы биздин адамдар армяндар жөнүндөгү бул билдирүүлөр калп экендигин жакшы билишет.**АКШ да мындай калп билдирүүлөрдү таркатуу, мыйзамды бузгандыкка жатат, андан армяндар пайда көрбөй эле зыян тартып жатышат.**Биз армяндардан мындай жоруктан баш тартуусун суранышыбыз керек, анткени бул туура эмес, анын үстүнө ушулардын бардыгы алардын намысына тиээри бышык...Мен бир жолу доктор Маккейлом Константинопольдон телеграмма жөнөтүп жатканын көрүп таң калдым.Мен телеграмманы карап көрүп, аны армяндар жөнөткөнүн көрдүм, бирок ал телеграммада көрсөтүлгөн эмес, анын үстүнө телеграммадагы маалыматты биз ырастаган эмеспиз.Армяндар жөнүндө апыртылган билдирүүлөрдү берип биз туура эмес кылып жатабыз.Эмне үчүн армяндар жөнүндө чындыкты айтпашыбыз керек?Келгиле, чыгып туруп армяндардын ким экендигин айталы да, андан кийин аларга көңүл айтып, анан алар адамдай жашашы үчүн колубуздан келгенин кылалы.Бизде көп адамдар армяндарды христиандар, алар өздөрүн-өздөрү башкара алат деп ойлошот.Бирок биз андай эмес экендигин жакшы билебиз.Аларды башкалардын башкаруусунун

алдында жашаган шарты ошондой кылып койгон.Мен адилеттүүлүккө кылмыш жолу менен жетишсе болот деп ойлобойм.

*Маалымат булагы:Адмирал Марк Бристольдун катарынан.АКШ,конгресстин китепканасы.( Кат 28 март 1921жылы жазылган)*

*47 документти кара.*

**11 ҮЗҮНДҮ**

Түрктөр армяндарды топ-тобу менен кырып жатат деген жалган маалыматтарга келсек, ал маалыматтарга менден ашык каршы болгон эч ким жок.Бирок бул жерде бир адам сүрөттөй алгыс абал түзүлүп калган.Йель университетин бүтүргөн Кардашян деген бир куу жигит бар.Кесиби боюнча адвокат, кеңсеси Уолл-стритте болуш керек эле.Ошол жигит Герард мырза башында турган бир комитет ачып алган, комитеттин мүчөлөрү чогулушпайт да, кеңешме да өткөрүшпөйт.Ал армяндардын жарнак жана маалымат бюросун ачып койгон, фирманын басып жасалган өздүк бланкасы бар.Кардашян эмне жазса, Герард бардыгына кол коюп берет.Мага Герарддын өзү айтып берген. Биз Кардашяндын жалган маалыматтарын токтотуу жөнүндө армяндардын жетекчилери менен көп жолу конференция өткөрдүк.**Кардашян дайыма иш жүзүндө эч качан болбогон укмуштуудай жырткычтыктар жөнүндө жалган маалыматтарды берип, Армениядагы жана Түркиядагы абал жөнүндө да аягы көрүнбөгөн калп билдирүүлөрдү тарата берет.** Биз аны сындап гезитке да жаза албайбыз, анткени ал биз жасап жаткан ишке зыянын тийгизет деп коркобуз.Эл биз өз ара урушуп жатат деп ойлоп, бизге ишенбей калышы мүмкүн.

*Маалымат булагы:Доктор Джеймс Л.Бартондун адмирал Марк Бристольго жазган каты.АКШ,конгресстин китепканасы"Бристольдун документтери".*

*48 документти кара.*

## 12 ҮЗҮНДҮ

Дүйнөлүк согуштун убагында Түркиянын түндүк-чыгыш жагынан армяндардын айдалып кеткендиги жөнүндө көп эле угуп жүрөбүз. Иштин жөнү төмөнкүдөй болуптур, Түрктөр орустардын басып киришинен коргоо үчүн өз армиясын орустардын чек арасына жакын алып келет.Биздегидей эле армия ар кайсы улуттардан турган түрк жарандарынан түзүлгөн.Согушта армяндар кур дүрмөт менен атышып, топ-тобу менен армиядан кача башташкан.Мунун өзү эле жаман иш, бирок армяндар чыккынчылыктын ошол түрү менен эле токтоп калышкан жок.Армиянын арт жагындагы аймактарда армяндар аябагандай **көп жашашкан, алар орустар түрктөрдү талкалап салыш үчүн жакшы мүмкүнчүлүк болот деп, армиянын артындагы аймактарда козголоң чыгарып, армияны жабдып турган базадан кесип салышты.**Келгиле ичибизден эле салыштырып көрөлү, Мексика биз согушуп жаткан күчтүү, бизге душман өлкө. Биз чабуул коюп келаткан армияны токтотуу үчүн Месиканын чек арасына өз армиябызды жибердик дейли. андан ары негрлер гана эмес биздин жоокерлер да душман тарапка өтүп кетишип, артыбызда калган эл биригип алып биздин байланышыбызды кесип салса, айткылачы, биз негрлерди  эмне кылат элек?Негрлердин актарды жек көрүүгө, армяндар түрктөрдү жек көргөнүнө караганда жүз эсе көп негизи бар.Американын түштүгүндөгү чоң аймактарда жашаган элдин көпчүлүгүн негрлер түзсө да, өзүлөрүн башкарууга жардам берген мыйзамдарды кабыл алууга катышканды мындай кой, өзүлөрүнүн өкүлчүлүгү да жок.Ал эми армяндардын түркияда өкүлчүлүгү гана эмес башка бир дагы өлкө бербей турган артыкчылыктары да бар.

**Түрк өкмөтү армяндарды, алар коркунуч туудурган аймактардан көчүрүшкөн. Өлкөдө темир жолдун жана башка транспорттун жоктугуна өкмөттүн күнөөсү жок эле.Ошол себептүү армяндарды жөө көчүрүүгө туура келген.Түрк**

**өкмөтү армяндарга кылган таш боордугу үчүн курддарды айыптаганы белгилүү.** Эгерде америка ушундай ахыбалга түшсө, ал козголоңду жөн гана басып коймок.

*Маалымат булагы:"Нью-Йорк таймс"Азыркы замандын тарыхы(1923)758-764 беттер.*

*49 документтин тиркемесин кара.*

## 13 ҮЗҮНДҮ

Түрктөргө, армяндарга жана гректерге келгенде түркиядагы абал, трагедиянын классикалык аныктамасына дал келет... Бул трагедиянын курмандыктары бар, бирок баатырлары жок... Бул жерде башынан аягына чейин чүмкөнүп алып, сахнага анда-санда чыга калган бузукулар да бар.Алар-Улуу мамлекеттер, жакпаса да аттарын атап коөлу алар, Россия жана Улуу британия.Өз пайдасын көздөгөн чет өлкөлөрдүн колундагы курал болгон гректер менен армяндардын тагдыры, христиан динindеги чет өлкөнүн коргоосунда турган калктын азчылыгы кандай жаман каргышка калаарын көрсөттү.

**Армяндардын тагдырына боору ооруп, көз жаш төккөн америкалыктардын көпчүлүгү, армяндар "көктү көксөй" баштаган "жетимишинчи" жылдарга чейин түркияда артыкча укуктарга ээ болгон эл болгон, ошого карабай согуштун убагында алар басып кирип келген орустарга түрктөрдүн көп шаарларын чыккынчылык менен бошотуп берип койгондуктарын билишпейт.**Армяндар жарандык согушту башташ үчүн 150 000 кишиден турган армия түзгөндөрүн, жүздөгөн айылдарын өрттөп, элин кырып салганын мактанып айтып жүрүшөт.Мен булардын бардыгын бир элдин күнөөсүн азайтып, экинчисиникин көбөйтүш үчүн айткан жокмун.Мен калктын азчылыгын башка бир өлкө өз коргоосуна алса, ал эмнеге алып келээрин айтып жатам.

*Маалымат булагы:Джон Деуэй “Түрк трагедиясы”, Жаңы республика 40 том.12 ноябрь1928 ж.268-269 беттер*

*50 документтин тиркемесин кара .*

**14 ҮЗҮНДҮ**

Биринчи дүйнөлүк согуштун убагында Оттоман аскерлерине, беш жакта согушуп жатып, армяндардын куралдуу козголоңу менен да күрөшүүгө туура келген.Падышалык Россиянын көкүтүүсү жана колдоосу менен армян козголоңчулары түрктөр көп жашаган жерлерде армян мамлекетин түзүүгө аракет кылышкан.

Дүйнөлүк согуштун ичинде, жарандык согушту, ооруну жана ачкачылыкты башынан өткөрүшкөн эки тарап тең оор жоготууларга учурашкан.Бул окуяны “геноцид”катары көрсөтүү, бул сөздүн маанисин жоготууга алып келет.

*Маалымат булагы :Шюкрю Элекдаг, Түркиянын АКШдагы элчиси,”Нью-Йорк таймс”, 11 май 1983ж.Редакторго жазган катынан.*

*51документтин тиркемесин кара.*

**15 ҮЗҮНДҮ**

Мындан 70 жыл мурда Осман империясынын чыгыш Анатолия жергесинде жалпы трагедиядага айланган окуя болуп, ал жерде жашаган көп элдер азап менен өлүмгө туушар болушкан, анын ичинде армяндардан да көп адам өлгөндүгүн эч ким, эч качан танган эмес.Бирок бул жерде бир талаш нерсе бар- көңүлдүн бардыгы бир гана элдин тарткан азап-тозогуна бурулуп, ошол эле убакта армяндардын козголоңчу топторунун колунан курман болгон 2,5 млн христиан эмес калктын тагдыры көңүлгө алынбай калгандыгы туура эмес болуп жатат.Россия падышчылыгы Оттоман жерлерин басып алып, армяндарды козголоң го көкүтүп, колдоп турган.

Армяндардын козголоңчу уюмдары  баш аламандыктан пайдаланып, түрктөр көпчүлүгүн түзгөн жерлерде, күч менен жалаң армяндардан турган мамлекетти курууну көздөшкөн.

**Оттоман империясынын күнөөсү, эгерде болсо дүйнөлүк согушта бөлүндү болуп,  беш тарапта согушуп жатып, өз калкын(мусулманы болсун, христианы болсун) жарандык согуштан, оорудан жана ачкачылыктан сактай албай калгандыгында жатат.”Геноцид” деген жарлыкты жөнү жок эле жабыүтыра берсе, ал сөз өз маанисин жоготуп коюшу мүмкүн. Мындай күнөөнү, тарыхында болгон ушуга окшош окуялар үчүн,  дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө коө берсе болот.**

*Маалымат булагы:Ш.Элекдаг.”Нью-Йорк таймс”гезитинин редакторуна жазган катынан. 23 май 1985жыл*

*52 документтин тиркемесин кара .*

## 16 ҮЗҮНДҮ

Түркиядан тышкары жерде басылып чыкан өтө аз эмгектердин авторлору, армян менен түрктөрдүн ортосундагы мамилелерге болгон түрктөрдүн пикирин жана колдо болгон чындыктын булактарын изилдеп чыгып, кетирген каталарды оңдоого бел байлашкан.Бул китептин автору окуяны тереңирээк изилдеп чыгып, армян менен түрктөрдүн мамилесин ачыгыраак көрсөтүп, кээ бир жоопсуз калган маселелерге толук жооп бергиси келет.

*Маалыма булагы:Салахи Р.С*онйел “Осман армяндары”. Лондон. 1987ж 13

53 документти кара.

## **ОСМАН-АРМЯН МАМИЛЕЛЕРИНИН ТАРЫХЫ БОЮНЧА АДАБИЯТТЫН ТИЗМЕСИ.**

*( BIBLIOGFAPHY ON OTTOMAN-ARMENIAN HISTORY)*

## **ТҮРКИЯНЫН ТАРЫХЫ БОЮНЧА АДИСТЕРДИН ЭМГЕКТЕРИ.**

*(WORKS BY SPECIALISTS ON TURKISH HISTORY)*

NOTE: The following "bibliography", while in no way intended to be a comprehensive list of works available on this topic, provides a selection of studies in English which are currently in print;

AXMAD, Feroz: The young turks. The committee of Union and Progress inTurkish politics, 1908-1914. Oxford (Oxford university press), 1969.

------------:"Unionist Relations with Greek, Armenian and Jewish Communities of the Ottoman Empire.1908-1914", Christians and Jews in the Ottoman Empire (Edited by B. Lewis & B. Braude) Volume I. New-York, (Holmes & Meier Publishers) 1982, pp. 401-434.

ACSIN, Sina: "A general Appraisal of the Armenian Issue", Turkish Review. Vol I, No.4 (Summer, 1986), pp. 49-67.

ANONYMOUS: Armenians in the Ottoman Empire & Modern Turkey (1912-1926). Istanbul( Bosphorus University Press), 1984.

Collection of four studies by American and Turkish historians dealing with various aspects of Turkish-Armenian relations in the opening decades of the twentieth century includes:

Heath W. Lowry, "American Observers in Anatolia ca. 1920: The Bristol papers". PP. 17-25;

Justin McCarthy, "The Anatolian Armenians, 1912-1922", pp. 17-25;

M. Kemal OKE, "The Responses of Turkish Armenians to the Armenian Question, 1919-1926 ", pp, 71-101;

Bilal Simsir, “The deportees of Malta and the Armenian Question” , pp. 26-41.

BERKES, Niyazi: The Development of Secularism in Turkey. Montreal (McCill University Press), 1964.

DAVISON, Roderic H: “The Armenian Crisis, 1912-1914”, American Historical Review. Vol. I.III, No. 3 ( April, 1948). pp 481-500.

CURUN, Kamuran: The Armenian file : The Mith of innocence Exposed. London (Rustem & Bro. and Weidenfeld & Nicolson Ltd.)1985.

First detailed study by a Turkish scholar, devoted exclusively to the history of Turco-Armenian relations, to appear in English.

KARPAT, Kemai H: Ottoman population 1830-1914: Demographic and Social Characteristics, Madison ( The university of Wisconsin press), 1985.

------------------:”Ottoman Population Records and the Census of 1881/2-1893”, International Journal of Middle East Studies. Vol. IX (1978), pp. 237-274.

LEWIS, Bernard: The emergence of Modern Turkey. 2nd edition. Oxford (university press). 1968.

LOWRY. Heath W.: “Richard G.Hovannisian on lieutenant Robert Steed Dunn: A Review Note”, The journal of Ottoman Studies, Vol V (1985) pp.1-44.

McCARTHY, Justin: Victims and Minorities: The population of Ottoman Anatolia and the Ena of the Empire. New-York & London (New-York university press), 1983.

First comprehensive analysis of Ottoman Population (based on exact records), by a trained demographer .

--------------------------:The Arab world, Turkey and the Balkans, 1878-1914: A Handbook of Historical Statistics. Boston (C.K. Hall & Co.).1982.

OREL, Sinasi & YUCA. Surreyya: The Talat pasha Telegrams: Historical Fact or Armenian Fiction? London (K.Rustem & Brother) 1986.

SHAW, Stanford & SHAW Ezel K: History of the Ottoman Empire and Modern Turkey. Vol.II. Reform, Revolution and Republic : The rise of modern Turkey, 1808-1975.New-York & London. (Cambridge University Press)1977( Reprinted in 1978 and 1985.

SHAW, Stanford:"Ottoman Population Movements During the Last Years of the Empire, 1885-1914: Some Preliminary Remarks", The journal of Ottoman Studies.Vol. I ( 1980) pp.191-205.

----------------------:"The Ottoman Census System and Population, 1831-1914", International journal of Middle East Studies, Vol. VI (1978) pp.325-338.

SONYEL, Salahi R: Turkish Diplomacy 1918-1923: Mustafa Kemal and the Turkish National Movement. Los Angeles (Sage Publications)1975.

SONYEL, Salahi Ramsdan: The Ottoman Armenians: Victims of Great Power Diplomacy. London(K.Rustem& Bro).1987. SIMSIR Bilal:Brieish Documents on Ottoman Armenians. Vol.I (1856-1880). Ankara (Turkish Historical Association).1882.

-----------------------: British Documents on Ottoman Armenians. Vol.II.(1880-1890).Ankara( Turkish Historical Association)1983.

-----------------------: The Deportees of Malta and the Armenian Question. Ankara (Foreign Policy Institute). 1984.

-----------------------: The Genesis of the Armenian Question. Ankara.(Turkish Historical Ass.) 1984.

## II. АРМЯН ТАРЫХЫ БОЮНЧА АДИСТЕРДИН ЭМГЕКТЕРИ.

*(II. WORKS BY SPECIALISTS ON ARMENIAN HISTORY)*

HOVANNISIAN, Richard G: Armenia on the road to independence,1918. Berkeley & Los Angeles (University of California Press)1967.

-----------------------:The Republic of Armenia, Vol. II: 1918-1919. Berkeley& Los Angeles (University of California Press), 1971.

-----------------------:The Republic of Armenia, Vol. II, 1919-1920, Berkeley & Los Angeles ( University of California Press) 1982.

KRIKORIAN, Mesrob K:Armenians in the service of the Ottoman Empire, 1860-1908, London, 1978.

LIBARIDIAN, Gerard (Editor) A Crime of Silence: The Armenian Genocide. London (Zed Books)1985.

NALBANDIAN, Louise: The Armenian Revolutionary Movement: The development of Armenian Political Parties Through the Nineteenth Century Berkeley & Los Angeles (University of California press)1967.

SANJIAN, Avedis: The Armenian Communities in Syria Under Ottoman Domination. Cambridge (Harvard University Press)1963.

WALKER, Christopher: Armenia: The survival of the nation. New-York.(St.Martin's press) 1980.

A popular work, written by a non-historian, Walker's book is included here as typical of the scores of non scholarly studies which permit this field.

# IV БӨЛҮМ

## АЙЫПТООЛОР ЖАНА ТАЛАШ-ТАРТЫШТАР

Өзүлөрүнүн "геноциддин" курмандыгы деген талаш-тартышка толгон тарыхый бейнесин сактап калуу үчүн, армяндардын өкүлдөрү жана окумуштуулары өз эмгектерин күндөн күнгө көбөйүп бара жаткан жалган үгүттөргө жана бурмалоолорго негиздеп жатышат.

Мындан мурдакы бөлүмдө айтып кеткендей, эң эрте жасалган мындай аракеттерге, Осман империясынын тышкы иштер министри Талат пашанын атынан армяндарды кыргыла деген буйругу бар жасалма телеграммаларды жиберишкендери кирет.Ал жасалма телеграммалардын авторлоруна мындай "документтүү" далилдер, армяндардын күнөөсүз курмандыктар, ал эми түрктөдүн өзгөчө таш боордугунун образдарын күчөтүп көрсөтүү үчүн пайдаланылса керек.Мындай одоно жасалган жасалма далилдерди армяндар чындык катары көрсөтүп, далай жолу жазып чыгышты.

"Талат пашанын телеграммалары" аталган жасалма документтерди ("Дашнакцутюндун буйругу боюнча шашып жасалган" такай отуруп изилдеп чыкканда, алардын жасалма экендиктери толук далилденди.Түрктөрдүн эки окумуштуусу ( Сурей Юка жана Шинаси Ореанын) китебинде, ошол жасалма документтер жакшылап изилденген.Эки окумуштуу тапкан далилдер, ал телеграммалар кантип пайда болгонун жана армяндардын "далилдеп беребиз" деп койгон күнөөлөрүнүн негизсиз экенигин көрсөтөт.

"Талгат пашанын телеграммалары" деген жасалма документтерди таратуудан жетишкен ийгиликтерине көңүлдөрү

көтөрүлгөндөнбү же европалык еврейлердин шексиз өлтүрүлгөндүгү, Израиль мамлекетинин түзүлүшүнө алып келгендиги түрткү бердиби, иши кылып армян үгүтчүлөрү армян элинин тагдырын еврейлердин тагдырына окшоштурууга ар кандай жолдорду издей башташты.Алар, 6 млн курман болгон еврейлерге карата болгон дүйнөлүк коомчулуктун пикиринин натыйжасында Палестинада еврей мамлекети курулду, а эмне үчүн биздин аракетибиз иш жүзүнө ашпашы керек?- деп ойлошту. Эгерде биз, армяндардын “геноцидине”дүйнө эли маани бербегендиктен, ушундай боло берет экен деген ой менен Гитлер еврейлерди жок кылган деп көрсөтө алсак, дүйнөлүк коомчулук “армян маселеси” менен макул болбой койбойт.Ушуга жетиш үчүн эки нерсе керек болуп турду.Биринчиден, өлтүрүлгөн армяндардын саны геноциддин деңгээлине жетти деген далил керек болду, жанагы өлтүрүлгөн армяндардын саны, армяндар тарабынан улам көбөйтүлүп жаткандыгы ушуну менен түшүндүрүлөт ( 600 000 миң кишиден кийин 2.5 млн го жеткен).Муну алдыңкы бөлүмдө айтылгандай, одоно жасалма десе болот. Экинчиден, Адольф Гитлер армяндардын тагдырын жакшы билген жана ошол себептүү, европада еврейлерди жок кылууга өзүнүн планын иштеп чыккан деп тастыкташ керек эле.Ал үчүн армян үгүтчүлөрү Гитлер “Армяндардын кырылганын азыр ким эстеп туруптур” деп айтып, европада еврейлерди кырган деген сөздү чыгара коюшту.

Мындан бир аз мурда Америкалык окумуштуу Хит Лоури Гитлер айтты деген ушул сөз жөнүндө эки фактыны: 1) Гитлер ушул сөздү чынында эле айткан бир дагы далил жоктугун.2) Ушул сөз Гитлер тарабынан айтылган күндө дагы, ал Польшаны басып кирүү жөнүндө болуп, мында анын еврейлерге каршы иштерине эч тиешеси болбогондугун тапкан (1 Үзүндүнү кара).

Армяндардын ушуга окшогон көптөгөн жасалма күнөөлөрдү койгон өкүлдөрүнүн арасында тилекке каршы, ар-

мян окумуштуулары да бар экендиги чындык. Ушул жерден дагы бир эки нерсени айта кетели.

Армяндардын көптөгөн маалыматтарында адамдын баштарынан үйүлгөн тоонун сүрөттөрү бар, алар муну түрктөр кырган армяндардын башы деп айтып жүрүшкөн.Жакында жасалган изилдөөлөр, аны орус сүрөтчүсү Василий Вереүагиндин (1842-1904жж)тарткан сүрөтү экендигин далилдеп чыкты. Ал сүрөт азыр да Третьяков атындагы сүрөт залында турат.Сүрөт "Согуш салтанаты" деп аталып, 1871 жылы тартылган.Аны түрктөр өлтүргөн армяндарга эч тиешеси жок экендигин айтуунун деле кажети жок.

Армяндар жана аларга жан тарткандар дайыма таркатып жүргөн "документтердин " арасында азыркы Түрк мамлекетинин негиздөөчүсү, Мустафа Кемаль Ататүрктүн швейцариянын журналисти Эмиль Хильдербрандка берген интервьюсу жүрөт.1926 жылдын 1 августунда "Лос-Анджелес Игзаминер" гезитине чыккан интервьюнун бир жеринде Мустафа Кемаль мурдакы өкмөттүн тушунда, христиандардын өлтүрүлгөндүгүн моюнга алган. Массалык маалымат каражаттарында пайда болгон бул интервьюнун көчүрмөсүн АКШ нын конгрессинин мүчөлөрү, башкалар эмес Түркия мамалекетинин негиздөөчүсү "геноциддин"болгону тарыхый чындык экендигин өзү моюнуна алды деп таркатып жүрүштү.Эгерде Хильдербранддын алган интервьюсу чындык болсо олуттуу аргумент болмок.

Барыдан мурда 1926 жылы Херст гезитине берилген интервьюлердин кайсынысы болсо да чын экендиги талаш болуп жатат.Ошол интервьюнун чынында эле болгондугун жакшылап текшериш керек.Деги эле армян үгүтчүлөрү, өзүлөрүнүн "иши" үчүн керек болуп калса кандай аргумент болсо да айта берүүдөн кайра тартышпайт.Ошондуктан ушул интервьюга тиешелүү иштерди текшерүү милдети бизге жүктөлгөн.Ушуга байланыштуу биз төмөнкү суроолорду берет элек:Түркиянын ИИМ нин консулдук бөлүмүндө, 1926 жылы Швейцариянын

жараны Эмиль Хильдербранд өлкөгө киргендиги тууралуу документ бар бекен? Интервью берген күн 22 июнь 1926 жыл, ал кезде Мустафа Кемаль Измирде экен.Биз мындай жооп алдык: 20 жылдын ичинде Эмиль Хильдербранд аттуу Швейцариянын жараны Түркияда болгон эмес.

Мустафа Кемаль жөнүндө жазылган макалаларда жана китептерде ошол интервью жөнүндө бир сөз бар бекен? Жооп дагы эле- жок.Бир дагы окумуштуунун эмгегинде ошол интервьюдан цитата келтирилген эмес.

Мустафа Кемалдын жолугушуулар боюнча күн тартибинде 1926 жылы 22 июнь күнү Швейцариянын журналисти Хильдербрандка интервью берди деген жазуу бар бекен? Жооп баягыдай эле- жок!

Ушул фактыларды эске алганда 1926 жылы Мустафа Кемаль Ататүрктөн алынган интервью жалган экендиги аныкталды.Армян үгүтчүлөрүнүн болбогон нерселерди ойлоп таап жаса беришээрин эстесек, Хильдербранддын интервьюсу деле жалган экендиги чындык.

Чексиз кайталана берген "Айыптоолор менен талаш-тартыштар" акырында армяндардын жазган макалаларында дайыма жашай берет.Так ошол себептүү ушул изилдөөлөр "факсттар менен документтерге"анын ичинен "айыптоолор менен талаш-тартыштар"бөлүмүнө арналган, анткени армяндар муну өздөрүн куугунтуктоонун курмандыктары болгондугун элге далилдөө үчүн пайдаланышат.Бул чогулган фактыларды окуган окурмандын, кийинки "айыптоолор менен талаш-тартыштарды"окууга даярдыгы болуп калат.

## ЖАКЫНКЫ КЫРДААЛДАР ( 1986-1987)

Көп кайталана бере турган айыптоолор менен талаш-тартыштар кийин өзүнчө жашай берет экен.Ушул сөздүн иуура экендиги, жакында эле конгресс аркылуу 132 чечимди өткөрүп жиберүүгө болгон аракеттен көрүнүп калды.Армян геноцид

жөнүндөгү чечимди жактоочулар "Талат пашанын телеграммалары", "Гитлердин айткан сөзү" жана Мустафа Кемальдын интервьюсу сыяктуу жасалма документтерге көп жолу кайрылышты.Алар бул документтердин жасалма экендиктери далилденгенине да карашкан жок.Ал эмес жакында эле болуп өткөн конгресстин чечими боюнча талкуунун убагында, армян уюмдары дагы эки "күнөө" тагып , а) армян геноцидин БУУ тарыхый чындык деп мойнуна алды деп жана б) Түркиянын НАТО боюнча шериктештери биринчи дүйнөлүк согуштун убагында армян элине геоцид кылгандыгын айыптаган чечимди колдошту деген сөздү чыгарышты.Бул эки сөз тең чындыкка жатпай тургандыгын айтпай койсо деле болот.

БУУ на коюлган талап 1985 жылы жасалган "Уитайкердин докладына" негизделген, БУУ нун алдындагы бөлүмгө тапшырылган бул докладда калктын азчылыгын коргоп, аларга каршы дискриминацияны болтурбай койуу айтылган.Бенджамин Уитайкер жазган бкл докладда армяндар жөнүндө да айтылган. Бирок бул документти кабыл алган бөлүм, докладдга көңүл да бурбай, текчеге таштап койгон.Башкача айтканда бөлүм бул докладды БУУ нун адам укугу боюнча комиссияга тапшыруудан баш тарткан (3 үзүндүнү кара).

Ал эми "геноцид" боюнча жасалма айыптоону ырастаган Түркиянын НАТО боюнча шериктештерине келсек, ал жакында жасалган "Вандемельбруктун доклады" боюнча Европарламенттеги добуш берүүлөргө негизделген.Бирок "геноцид" жөнүндө айтылган докладка берилген добуштарды текшергенде, Түркиянын шериктештеринин геноцидди ырастаганы чындыкка туура келбей алды.Анткени, алар европарламенттин 518 мүчөсүнүн 68 гана добушун же 15% гана алышкан.Ошол добуш бергендердин көпчүлүгү коммунисттер, социалисттер, "жашылдар" жана гректер болушкан.ФРГ нын жана Улуу Британиянын өкмөттөрү өзүлөрүнүн кайсы тарапта экенин көрсөткөндөй, Европарламенттин ишине кошулгандан баш тартышты.

Британия, “Европарламент европалык шериктештердин атынан сүйлөгөн жок, шериктештиктин мүчө өлкөлөрү европарламенттин көз карашы үчүн жооп беришпейт” деген сөздү айтты (4 үзүндүнү кара).Жакында эле Даниянын ички иштен министри, Европалык шериктештиктин тышкы иштер министрликтер кеңешинин төрагасы, кеңеш эч кандай ушуга окшогон чечим кабыл албайт, алган күндө да ал мүчө өлкөлөрдү эч нерсеге милдеттендирбейт деп ачык эле айтты.

Ошентип армян кур чечендеринин кыялга бай экендигин эске алсак, жакынкы жылдарда өз ойлорун ишке ашыруу үчүн, дагы далай айыптарды ойлоп табышаарына күмөн санабай эле койсок болчудай.

**1 ҮЗҮНДҮ**

Макала Адольф Гитлер айткан деген сөздүн келип чыгышынын тарыхынын учугун чубаган.Анда Гитлер өзүнүн экинчи дүйнөлүк согуштун убагында Европадагы еврейлерди кырып жок кылуу планын актоо үчүн, биринчи дүйнөлүк согуштун убагында кыргынга учураган армяндардын тагдырына дүйнөлүк коомчулук эч кандай маани бербегендигин айткан. Ушул сөздүн келип чыгышын ийне-жибине чейин изилдеген автор, Гитлер ушул сөздү чынында эле айткан дегенге эч негиз жок дейт.Ушундай эле жол менен автор Гитлер айтты деген ушул сөз, кандай болуп АКШнын конгрессмендеринин сөз байлыгына кошулуп калгандыгын жана амеркалык армяндардын өзүлөрүнүн тарыхы менен экинчи дүйнөлүк согуштун убагындагы еврейлердин тагдырынын ортосунда байланыш бар экендигин далилдөөгө кылган аракеттеринин методун изилдеген. Автор макаласын саясатчыларга өз милдеттерин аткарып, тарыхты тарыхчыларга берүү чакырыгы менен аяктаган.

*Маалымат булагы:Хит У.Лоури “АКШнын конгресси жана Адольф Гитлер армяндар жөнүндө”, “Саясий маалымат жана көз караш”3 том,№2(1985)111-140 беттер.*

*54 документтин тиркемесин кара .*

## 2 ҮЗҮНДҮ

Сүрөттө биринчи дүйнөлүк согуштун убагында каза болгон армяндардын үйүлгөн баштары чагылдырылган, деп бир нече жолу басылып чыгарылган.Кээде сүрөттүн алдында 1915-1917 жылдар деп көрсөтүлсө, кээде башка эле бир жылдар жазылып коюлган.

Сүрөттү уятсыздык менен китептин мукабасына, макалаларга, баракчаларга жана почта открыткаларына басып чыгара беришкен.

Бирок бул сүрөттү “Согуш салтанаты”деген ат менен 1871-1872 жылдарда 1842 жылы туулган орус сүрөтчүсү Василий Вереүагин тарткан.Демек **сүрөттө армяндардын баштары тартылган эмес, ал 1915 жылкы окуядан 44 мурда тартылган, ал эми сүрөтчү биринчи дүйнөлүк согуш башталаардан 10 мурда каза болгон.**

*Маалымат булагы;Тюркая Атаэв “Армян бурмалоолору”Анкара,1985*

*55 документтин тиркемесин кара .*

## 3 ҮЗҮНДҮ

Кабыл алынган чечимге жалпыланган мүнөздөмө берип жатып подкомиссия докладды кабыл албай койду да, анын мазмуну боюнча келишпестик чыгып кетти деп өзүнөн жогору турган адам укугу боюнча комиссияга өткөрүп берүүдөн баш тартты, ошенткени менен ал сөз сүйлөгөн адамга (Бенджамин Уитайкерге)ыраазычылыгын билдирди, бирок бул чечимди жактыргандыктан эмес жөн гана сылыктыктын бир түрү болчу, ошентсе да1948 жылдагы геноцид жасагандыгы үчүн жазаны болтурбай койуу боюнча конвенцияны ратификациялоо бүткүл дүйнө өлкөлөрүнүн иши болуп калышы үчүн БУУ га тезинен өткөрүп берүүнү сунуш кылды.

*Маалымат булагы:Тюрккая Атаев* “Чынында эле Женевада эмне болуп кетти: же “Уитайкердин доклады” жөнүндөгү чындык. Анкара, 1986 жыл, 4.

*74 документтин тиркемесин кара.*

## 4 ҮЗҮНДҮ

Бул чечимди кабыл алыш үчүн Европа парламентинин 518 мүчөсүнүн бир азыраагы эле добуш беришти. Чечимдин “Геноцид” боюнча күнөө койгон бөлүгүн европарламенттин 68 гана мүчөсү колдоп чыкты.Анын бардыгы тең комунисттер, социалисттер жана Түркияга каршы адамдар экен.Алардын көпчүлүгү батыштын көнүмүш кызыкчылыктарына коошпогон позицияларды  ээлеп турушат.Гректердин өкүлдөрүнүн бардыгы жогорку чечимди колдошконун айта кетиш керек.

Европа парламентинин үчтөн эки бөлүгү, европарламент тарихый талаш-тартыштарды чече турган жер эмес, ошондуктан ал тарихый маселелер боюнча чечим чыгарышы болбойт, деп добуш берүүгө келбей койушту.

Европа парламенти, шериктеш мамлекеттердин 1-2 сүнүн атынан эле чыгып сүйлөй бербейт. Устав боюнча ал консультативдик орган.

*Маалымат булагы;Түрк элчиси Шюкрю Элекдагдын АКШ нын өкүлдөр палатасынын мүчөлөрүнө 1987жылы 1 августта жазган каты.*

*75 документти кара.*

## ТИРКЕМЕ 1ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:”Уолл-стрит джорнел”1 октябрь 1982жыл.Редактордун колонкасы.*

**“АСАЛА”нын күнү**

Түркияга каршы армяндардын террордук кампаниясы башталгандан берки 11 жылдын ичинде, түркиянын 41 дипло-

маты, алардын үй-бүлө мүчөлөрү же таптакыр эле көнөөсүз адамдар өлтүрүлгөн.Арменияны Эркиндикке Чыгаруучу Жашыруун Армиясы(АСАЛА) ошол кылмыштарды аткаруучулардын бири экендиги жана анын алыска кеткен максаты бар экендиг и чындык.

Анын негизги бөлүгү Түркиянын чыгыш жагын “бошотуп” аны  Советтер Союзуна  кошкусу келет.Бул АСАЛА нын официалдуу журналындагы макалада  “Биздин күчтөр эркиндикке чыккан Советтер Союзунун Армян республикасына эч качан каршы чыкпайт” деп ачык эле айтылган.

НАТО нун базалары Түркиянын чыгышында-АСАЛА “бошото” турган жерде жайгашкан.Бул Жакынкы Чыгышка Советтер Союзунун чабуулунан коргоно турган жакшы жер.70- жылдарда Советтер Союзу НАТО нун түштүк капталынын коргонуу таянычында чыр- чатакты уюштуруу үчүн оң жана сол багыттагы түрк террористерине миллиарддан ашык суммадагы долларга Болгария аркылуу курал-жарак беришкен. Түрктөр согуштук абалды жарыялап, азыркы өнүгүүнүн демократиялык жолуна түштү.Бирок Советтер Союзу Түркияны, шериктештеринен бөлүп таштайм деген оюнан дагы эле кайта элек.

АКШ нын конгресси бул булганыч ишке өзүнүн бюрократиялык белгисин кошуп койду.Бул орган карай турган эки мыйзамдын проекти, биринчи дүйнөлүк согуштун убагында армяндардын көп өлгөндүгүн эске салуу үчүн ойлонуп табылган.Армяндардын репрессиясы тарыхтын эң бир жаман бөлүмү, мүмкүн Түрктөр муну моюндарына албаш үчүн өтө эле көп аракет кылып жатышкандыр.Бирок, бул болгону дүйнөлүк трагедиянын бир гана бөлүгү, ошол согушта 15млн адам өлгөн.70 жыл өткөндөн кийин конгрессте бул маселени көтөрүп чыгып америкалык армяндар кең пейилдик кылып жатышкандыр, бирок бул америкага эч жакшылык алып келбейт. Мамиленин  жумшагыраак түрүн, 1985 жылдын 24 апрелинде  1915-1923жылдарда Түркияда армян “геноцидинен” каза болгондорду эскерүү

күнү болсун, деп Тони Коэль (демократ, Калифорниядан) сунуш кылып, аны өкүлдөр палатасынын бардык мүчөлөрү кабыл алышты.Башкача айтканда бул документ АКШнын саясатына тикеден-тике өз таасирин тийгизе албайт.

Бирок, жакында эле сенаттын тышкы иштер боюнча комитети аркылуу өткөн декларация азыркы саясатка катышы бар экендиги анык.Сенатор Карлос Левин (Мичигандык демократ) жана Пит Уилсон(Калифорниялык, республикалык партиядан) сунуш кылышкан сенаттын 241 чечими АКШнын тышкы саясатында армян элинин геноциддин көңүлг алып койуусуна чакырат. Бул эмне дегендикке жатаарын эч ким билбейт.Сенатор Левиндин айтуусуна караганда АКШ Түркияга адам укугун коргоо жагынан жардам бериши керек дейт.

Түрктөрдүн кооптонуп жана ыза болуп тургандары бардыгыбызга түшүнүктүү.Сенат чыгарган чечимде армяндарды өлтүргөндүгү үчүн азыркы бийлик эмес, Осман бийлиги жооп бериши керек эле, деп айтылган.Мүмкүн Түрктөр бул чечимдин кабыл алынгандыгы үчүн өтө эле аша чаап кетип жатышпасын? Бирок кырк жылдан ашык убакыттан бери террорду башынан өткөрүп келаткан элди күмөн санагандыктары үчүн кечрип койууга болот.Деги эле бул чечим Түркияны Батыштан бөлүп салуу боюнча иштелип жаткан кеңири программанын бир бөлүгү экендиг и чындык.

Ошол, конгресс биздин элчиликтерге кол салууларды токтотуу жөнүндө сөз кылып жаткан жумада, анын жанагы чечимди карап жатышы, бизди шылдыңдап жаткандай эле көрүндү, анткени ал дипломаттарга каршы террорду колдогондукка жатат.

АКШ нын ӨКҮЛДӨР ПАЛАТАСЫ
ВАШИНГТОН

## 2 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:"Кымбаттуу кесиптештерибизге кат"деген катка АКШнын конгрессинин мүчөлөрү1985 жылы 3 июньда кол коюшкан.*

3 июнь 1985 жыл.

Кымбаттуу кесиптештер!

Биз бул катты, үч күн жүрүп американын, натонун жана түркиянын согуштук базаларын көрүп, Түркиянын премьер-министри, тышкы иштер министри жана коргоо министри менен сүйлөшүп, Стамбулдан кетип жатканда жаздык. Биз, "армян геноциди"жөнүндөгү 192 чечимди кабыл алуу, ката кетиргендик, кайгылуу катаны кетиргендик болот деген жыйынтыкка келдик.

Эң жакшысы, чечимди кабыл алсак, аны түзгөн бир ууч адамдардын "этникалык саясатын"жүргүзгөндүк болуп калат. Эң жаманы, НАТО нун ичиндеги эң маанилүү шериктешибиз менен болгон мамилебизге аябагандай зыян келтирет. Түркиянын саясий жана аскердик жетекчилери 192чечимге өтө кооптонуу менен мамиле кылып жаткандарына караганда, Түркиянын калкы тарабынан АКШ га туруктуу көрсөтүлүп жаткан жардам токтоп калышы мүмкүн.

Түркиянын жетекчилери 192 чечимге, фактыларга таянып каршы болушууда.Алар, кылымдын башында кандай кылмыш кылынса да Осман империясы тарабынан кылынган, анын өрттөнүп кеткен журтунда пайда болгон Түрк республикасынын бул жерде эч тиешеси жок, деп жатышат.

Түркия- Чыгыш менен Батыштын ортосуна көпүрө болгон өлкө, калкынын көпчүлүгү башынан эле мусулмандардан турат.Бирок, анын азыркы Түркияны негиздеген Кемал Ататюрк баштаган калкы, батыштын өнүгүү жолун тандап алган. Босфор жана Дарданелл кысыктары аркылуу Кара Деңизге жана Жер Ортолук деңиздин чыгышына кетүүчү жолдорго көзөмөлдүк кылган Түркия АКШ үчүн өтө мааилүү өлкө.Ал башынан эле

американы жактап келатат. Ошондуктан ал Американы колдоп Кореядагы согушка аскерин жөнөткөн көп эмес өлкөлөрдүн бири болгон. Түркиянын НАТО до коргоо милдетин өзүнө алгандыгы, АКШ нын коопсуздугу үчүн өтө маанилүү.

192 чечимди кабыл алуу жакшылык алып келбейт. Анын армяндар үчүн деле эч пайдасы жок.Эгерде чечимде айтылгандардын бардыгы чындык болсо бир жөн эле, анда эч кандай чындык жок.Биз жөн гана өзүбүздүн эң жакын шериктешибизди ыза кылып алабыз.

Биз сиздерден 192 чечимге каршы добуш берүүңүздөрдү суранабыз.Эгеде бул чечим өтүп кетсе же көп добуш алып, бирок керек болгон добуштун үчтөн экиси алынбай калып, өтпөй калса дагы, биздин жалпы коопсуздугубуз үчүн тобокедикке барып жаткан Түрк досторубуз менен болгон мамилебизди бузуп алабыз.

192 чечимди чыгарууга демилге көрсөткөндөрдүн геноцидди чын дилден айыптап жатышкандыктарына шек жок. Бирок, эң жакын шериктешибизди негизсиз эле эч нерсе менен актай албай турган ыза кылып койуу таптакыр башка кеп.”Армян геноциди” боюнча чечимде айтылгандардын аныктыгын талкулого негиз бар.192 чечимде армян геноциди 1915-1923 жылдарда болгон деп айтылган.Азыркы Түрк республикасы 1923 жылы негизделген жана анын геноцидге тиешеси жок экендиги баарыга маалым.192 чечимге добуш бере коюп, Түрк республикасы менен болгон бүгүнкү жакшы мамилебизди бузуп албайлы.

Деп сиздердин:
Мелвин Прайс
Билл Николе
Марвин Лит
Уильям Уайтхерст
Уильям Дикинсон
Марджори Холт
Бад Хиллис

Роберт Бэдхэм
Херберт Бейдхам
Бен Блаз

## 3 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:Коргоо министринин орун басары Фред.С.Айклдын. сенаттын юридикалык комитетинин коопсуздук жана террор боюнча подкомитетине берген көрсөтмөсү.(Вашингтон.11 март.1982жыл. 6)*

## КОРГОО МИНИСТРИНИН ОРУН БАСАРЫ ФРЕД АЙКЛДЫН АКШнын СЕНАТЫНЫНЫН АЛДЫНДА БИЛДИРҮҮСҮ

Эң бир коркунучтуу болгону менен алигиче көңүлгө алына элек террордук уюмдардын бири Арменияны Эркиндикке Чыгаруу үчүн күрөшкөн Армяндардын Жашыруун Аскери (АСАЛА) формалдуу түрдө өзүнүн стратегиялык максаты, Түркиянын ЧЫгыш жагына көзөмөлдүк кылуу, ал жерди түрк бийлигинен “бошотуп”Советтер Союзунун Армян Республикасына кошууда жатат.Дүйнөнүн бул жери НАТО нун түштүгүндөгү жана Жер Ортолук Деңизинин чыгыш жагындагы эң маанилүү жер. Ал Египет, Израиль жана Жакынкы Чыгыш үчүн өзгөчө мааниге ээ.Армяндардын Жашыруун Армисынын иштери Москвадан багытталып турбаса да ал жакшы даярдыктан өткөн, күнөөсүз жарандарды мыкаачылык менен өлтүргөн уюм.Ал Түрктөргө шериктеш өлкөлөргө жана мыйзамды сыйлаган армян коомчулуктарына коркунуч келтирип турат.Алар максатына жетсе Советтер Союзу бул жерди басып алгандай эле болмок.Бул уюм өз алдынча иштейби же ал Москванын көрсөтмөсү иенен иштейби, бир эле жыйынтыкка алып келет.

**4 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:1946 жылы 18январьда жөнөтүлгөн мамлекеттик секретарьдын каты.”*Чет элдик мамилелер”1946. VII том, 809-810 б.

Лондон, 18 январь 1946

Саат 19 да ( 23.47 келип түшкөн)

Жашыруун

638.Ачесонго “Хендерсон” мамлекеттик секретарьдан: Келээрки документ менин 17 январьда Түркиянын тышкы иштер министри менен болгон маегимдин мемораедуму.

“Мен Түркиянын тышкы иштер министри Хасан Саканы кабыл алдым, Сака мырза Советтер Союзунун Дарданелл кысыгындагы аскердик базаларды жана түрктөрдүн башка жерлерин талашкандыгы тууралуу түрк өкмөтүнүн кооптонгонун айтып берди.Азырынча Советтер Союзу жерди официалдуу түрдө талаша элек, бирок Совет өкмөтү 1921 жылдагы келишим кайра жаңыртылып жаткандыктан, анын шарттарын кайра карап чыгыш керек деп 6 ай мурда билдирген. Түрк өкмөтүнүн ал кандай шарттар деген суроосуна Совет өкмөтү Түркиянын Карс, Ардаган деген Чыгыш аймактарын жана Дарданелл кысыгындагы базаларды кайтарып берсеңер болот эле деп жооп берген.Мен министрге Чыгыш аймактардын калкы тууралуу суроо бердим министр Карс менен Ардагандын калкы негизинен түрктөрдөн тураарын, түрк тилинде сүйлөшөөрүн жана түрк өкмөтүнүн жакшы мамиле кылышаарын айтты, ал эми азербайжанда таптакыр андай эмес, шаар калкы башка улуттан ал эми айыл жергесиндегилер башка улуттан турат.Азербайжандардан Персиянын өкмөтү элге жаман мамиле кылышаары тууралуу көп жолу арыз түшкөн. Андан кийин мен Түркиянын согуштук абалы жөнүндө суроо бердим. Сака мырза согуштук абалды так сүрөттөп бере албастыгын айтты, азыр армияда миллионго жакын адам кызмат өтөп жаткандыгын, аларды бошотууга

мүмкүнчүлүк жок экендигин жана абал ушул бойдон калса армияны кыскартпай эле көбөйтүш керек экендигин айтты. Андан ары Сака мырза түрк эли чыдамкай эл экендигин, эгерде Советтер Союзу Чыгыш аймактарды же Түркиянын башка жерлерин басып алууга аракет кылса, алар согуш ачууга даяр экендигин баса көрсөттү.Анан ал Түрк өкмөтү жана эли жерди күч менен тартып алууга болгон аракеттерге дайыма күч менен жооп беришет мени ынындырып кетти. Мен өз кезегимде биз БУУ дун уюшулганына жана азыркы күндө иштеп жатканына ыраазы болуш керек экендигибизди жана абал андан ары курчуп кетсе БУУ жардамга келээрин айттым”.

Түркиянын тышкы иштер министри АКШ нын бул ишке кызыгып жаткандыгы жана биз жакында эле Москвада болуп өткөн сүйлөшүүлөр жөнүндөгү маалыматты АКШ нын Анкарадагы элчиси аркылуу түрк өкмөтүнө бергендигибизге чоң ыраазычылыгын билгизди.

*Дин Ачесон, Мамлекеттик секретардын орун басары жана Лой Хендереон, Жакынкы Чыгыш жана Африка иштери боюнча департаменттин директору.*

## 5-ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы*:” Гамк”француздук армян гезити, 1985-жыл, 11-декабры,1.

### АРФнын саясый манифести, Париж, Франция.

Армяндардын революциялык Федерациясы, социалисттик жана революциялык партия болгондуктан, армян улутунун бардык  кызыкчылыктарын бардык жерде, бүт күч -аракеттери менен коргойт. Бириккен, социалисттик, демократиялык, көз карандысыз жана эркин Ата- Мекенди түзүүгө аракет кылып, армяндардын улуттук реалдуулугун эске алып, Армян Революциялык Федерациясы төмөнкү саясый максаттарды бекем тутат:

А) Эркин жана бириккен Арменияны түзүү;

Б) Социалисттик жана демократиялык көз каранды эмес республиканы түзүү;

В) Бириккен Армениянын чек араларына, Севрес келишиминде бекитилген, Нахичеванды, Ахалканакини жана Карабахты кошуп эсептөө;

Г) Чачыранды болгон армян улутун чогултуп, бүткүл армян элин көз карандысыз улуттук территорияда топтоо;

Д) Армян элине каршы жасаган кылмыштуу геноциди үчүн Түркияны айыпка жыгуу жана келтирген чыгымын төлөтүү, (ушул убакытка чейин жазага тартыла элек) басылып алынган территорияны кайтаруу жана армян улутуна келтирилген зыяндарды төлөтүп алуу;

Е) Армян республикасынын негизги мыйзамын бүткүл эл тарабынан шайланган уюштуруу чогулушу тарабынан дыкаттык менен иштеп чыгуу.

**АРФнын саясый программасы**

## 6 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы*: АКШнын госсекретарынын 1985-жылдын 25-ноябрында АКШнын өкүлчүлүк палатасынын спикери Томас О’ Нейлге жазган каты.

### МАМЛЕКЕТТИК ДЕПАРТАМЕНТ, ВАШИНГТОН

1985-жыл, 25-ноябрь.

Урматтуу Спикер мырза!

Бул маселе боюнча биздин сүйлөшүүлөрүбүзгө жана 1985-жылдын 5-мартында сизге жазган катыма ылайык 192-чечим менен администрациянын чечкиндүү түрдө макул эместигин дагы бир жолу билдирип кетем.Өтпөй калып, 4-июнга чейин калтыруу сунушталып, карама-каршылыкка толгон чечимдин көчүрмөсү тиркелет.Биздин пикирибиз боюнча, аны кабыл алуу

терроризм менен күрөшүүдөгү күч-аракеттерибизди текке кетирет жана америка-түрк мамилесине олуттуу зыян келтирет.

50дөн ашык түрк дипломаттары менен армян жарандары, геноцид үчүн түрк элине күнөө коюуну көздөгөн террористтердин колунан каза табышты.Бул террористтер геноцид жасалганына күмөн санаганы үчүн америкалыктарга жардыргыч заттарды коюшуп, коркутушкан, ошондой эле Ливандагы биздин кызматкерлерге кол салып, уурдагандарды колдошкон. 192-чечимди кабыл алуу, алардын ырайымсыз кампаниясынын актап жана сыйлагандыкка жатат.

Бул террористтик кампания, геноцид маселесин бардык түрктөрдүн бүйрүн кызыткан улуттук маселеге айлантты. Аны колдоо Түркияда Кошмо Штаттарга каршы токтоосуз коомдук каршы реакцияны туудурат.

Түркия- НАТОнун ишенимдүү өнөктөшү, ал биз менен бирге Кореяда согушкан, армиясынын саны боюнча НАТОдо экинчи орунда турат. Жер Орто деңизинен советтик Кара деңиз базаларын бөлүп турган булуңдарды көзөмөлдөп, биздин коопсуздугубуз үчүн өтө маанилүү согуштук жана башка мекемелерди жабдып турат. Бул маанилүү маселелерге зыян келтирүү, айрыкча Анкара менен Түркиянын болочок базалары жөнүндө консультация өткөрүлүп жаткан учурда, биздин улуттук кызыкчылыктарыбызга жооп бербейт. Түркиянын жана Жакынкы Чыгыштын 60тан ашык чыгаан изилдөөчүлөрү 192- чечимдин тарыхый жоболорун шектүү деп санашат.Мындан 70 жыл мурда болгон Чыгыш Анатолиядагы тарыхый трагедияны талкуулоону токтотпогонубуз менен бул чечимди кабыл албай коюуга олуттуу себептер болууда. Аны кабыл алдырбай койуу үчүн сиздин жардамыңызды сурайм.

Сизди чын жүрөктөн урматтаган

*Джордж Шульц*

**7-ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:*1985-жылдын 4-мартында АКШнын мамлекеттик секретары Джордж Шульцтун өкүлдөр палатасынын спикери Томас О' Нейлге жазган каты.

Урматтуу Спикер мырза!

Американын коопсуздук саясаты үчүн өтө маанилүү экенин белгилөө менен, сиз киришпесеңиз бул татыктуу маселеге тиешелүү деңгээлде көңүл бурулбай калат, деп чоочулагандыктан сиздин жардамыңызды сурап жатам.Өкүлдөр палатасына 1985-жылдын 24-апрелин геноциддин курмандыктарын, айрыкча Түркияда 1915-жылы курман болгон армяндарды эскерүү күнү болсун деген чечим ( рез. 37) киргизилген. Бул жерге чечимдин көчүрмөсү тиркелген.Ушул сыяктуу чечимдердин конгресстин эки палатасына мыйзам чыгаруу убагында киргизилиши күтүлүүдө. Бул 37-чечимге окшош документ өткөн жылы 10-сентябрда өкүлдөр палатасында кабыл алынган. Ал чечимди кабыл алуу АКШда анчалык байкалбаганы менен Түркияда жалпы коомчулуктун каршылык пикирин жаратты.Кошмо Штаттар менен дипломатиялык мамилени парламентте кайра карап чыгуу кыймылын ошол кездеги премьер-министр Озал жетектеген. Түркиянын өкмөтү мындай багыттагы чечимди кабыл алуу, Түркия менен Кошмо Штаттардын жакшы мамилелерине олуттуу зыян келтирерин бизге маалымдады.

Бул маселени мындай кызуу кандуулук менен кабыл алуунун түпкү себеби, АКШнын Түркияны геноцид жасаган деп күнөөлөгөнүнө нааразы болгондуктан эле эмес. Бүгүн армян террору коркунуч туудурган жагдайда, 1975-жылдан бери 50дөн ашык түрк жарандары, көпчүлүгү элчиликтин кызматкерлери, армян террористтеринин колунан каза табышты. Террористтер Түрк өкмөтүнөн армян геноцидин гана мойнуна албастан, Чыгыш Түркиядыгы территорияда көз карандысыз Армян мамлекетин түзүү үчүн чыгымды төлөп, бир топ жерди

аларга берүүнү талап кылып жатышат.Түрктөрдүн пикири боюнча, 1915-жылкы трагедияны геноцид деп эсептөө, Түрк жерин бөлүп жаруу үчүн жасалган биринчи гана кадам болмокчу.

Армян террорчуларынын курмандыктары жалаң эле түрк жарандары эмес, биздин дагы адамдар болууда. Биздин жерибизде төрт адамыбыз өлтүрүлдү.Америкалык жарандар бул террорлук кампанияда бир нече жолку жардыруулардын бутасы болушту, бир адамыбыз түрк аэропортунда армяндардын кол салуу учурунда каза тапты.Бул АСАЛА аттуу армян террорчулар уюмунун иши, алар башка террордук топторго жардам беришкени менен, алардын негизги бутасы америкалыктар болууда.“Ислам жихады” деген Ливандагы зомбулук актыларга жооптуу, иран террордук уюмун колдоорун АСАЛА өзү эле айтып чыкты. Мамлекеттик департамент кылымдын башында Осмон империясы начарлай баштаган учурда, армян жана башка этникалык топтордун көп трагедиялуу кыйынчылыктары болгондугуна терең өкүнөт, анын ичинде азыркы Чыгыш Түркиядагы киши өлтүрүүлөр болгонун мойнуна алат.Ошенткени менен, биз мындай чечимдер кандай жакшы ниет менен кабыл алынбасын, террористтерди актоо болуп, алардын бузукулук иштерин колдоо катары кабыл алынат.

Андан тышкары, жалпы коопсуздук маселелерде биз Түркия менен кызматташууну жогору баалайбыз жана ага муктажбыз. Ал Европа менен Түштүк-Батыш Азиянын жана дүйнөнүн бул бөлүгүндө биздин байланыштарыбыздын коопсуздук кызыкчылыгы үчун өтө маанилүү. Бул документти Түркиянын нааразы болуу менен кабыл алып жаткандыгын эске алышыбыз керек, ал өлкөнүн өкмөтү чечим кабыл алынса, эки өлкөнүн ортосундагы тынч, жемиштүү кызматташуусуна залакасын тийгизбей койбойт деген эскертүүсүнө олуттуу мамиле кылуу зарыл.

1983-жылдын аягындагы парламенттик шайлоодон баштап, Түркиянын өкмөтү жергиликтүү террорду жок кылуу үчүн ка-

был алынган үч жылдык аскердик башкаруудан кийин, демократияны кайрадан жаратууга чечкиндүү кадамдарды жасоодо. Андан тышкары, Түркия эркин рыноктун талаптарынын негизиндеги революциялык программаларды, экономикалык реформаларды жүргүзгөнү, жеке менчик капиталга артыкчылык бергени, ага акчалай, салыктык жоопкерчиликти жүктөгөн иштерди жасаганы ,аны эл аралык банк чөйрөсүндө урматка ээ кылды.Бул чечимдерге оң мамиле кылуу, ошол реформалардын архитектору болгон премьер-министр Озалдын өкмөтүнүн мамилесин начарлатып, ошондой эле улуттук курч, терең сезимди козгогон Кипр маселеси боюнча позитивдүү жана пайдалуу роль ойногон Анкарагатаасир тийгизүү мүмкүнчүлүгүбүздү азайтат.

Ошентип, Конгресстин ушул сессиясында, бул чечимди кабыл алууну четке кагуу үчүн аракет кылууңузду өтүнөм.

Сиздин *Джордж Шульц.*

## 8-ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:* ”Армениан уикли”, 1985-жыл , 13-апрель, 11.

Биринчи дүйнөлүк согуш убагында жана андан кийинки 1915-1923- жылдарда Түркиянын өкмөтү атайылап пландуу түрдө жүргүзүлгөн геноциддин натыйжасында кылымдар бою жүрүзүлүп келаткан армяндарды жок кылуу саясатын аяктоо үчүн, 1,5 млн. адамды ырайымсыз кырып жана калгандарын 3000 жыл жашап келген мекенинен кууп чыгууга аракет кылган.

Бул аракеттин XX кылымдагы бүтүндөй бир калкка каршы жүргүзүлгөн биринчи геноцид катары каралганы адилеттүүлүккө жатат.Бул окуяны граф Брюс,Йоханнес Лепсиус, Арнольд Тойиби, Генри Моргентау, Фритьоф Нансен жана башка көптөгөн башка эл аралык жана мамлекеттик саясый лидерлер ушундай деп эсептеп жатышат.

Жергиликтүү улутунан ажыраган армяндардын тарыхый мекени, бүгүнкү күнгө чейин Түркия өкмөтү тарабынан басылып алынган бойдон кала берүүдө.

Түрк өкмөтү бул ырайымсыз максатты ишке ашыруу үчун армян элин тукум курут кылып, армян маселесин түбөлүккө жабууга аракет кылган.

Бирок, түрк өкмөтүнүн 70 жыл бою геноцид саясатын жүргүзүп келгенине карабай, Арменияның тарыхый жеринин кичинекей үзүмүндө армян өкмөтү жашоосун улантып келет, ал эми армяндардын чачыранды коомчулугу өздөрүнүн качкындар деген статусунан көтөрүлүп, армян маданиятынын улуттук кайра жаралуусунун борбору болуп калды. Алар өздөрүнүн дүйнөдө бар болгону үчүн гана Армян маселесин, саясый талапка - Армян Ишине айлантышты.

Армяндар өз мекенинде жана бүткүл дүйнө жүзүндөгү армян коомчулуктарында, геноциддин курмандыктарын эскерүү боюнча ыйык максатка жетүүдө, керектүү иштерди жасап, бириккен фронт болуп кайрадан жаралуу үчүн чечкиндүү даярдыктарды жүргүзүп жатат.

70 жылдыкты өткөрүп жатканда туруктуу кызматташуунун духун шаңдануу менен белгилеп, ал сезим менен армяндардын бардык улуттук саясый партияларын шыктандырып, биздин **Ишибизди Бүткүл армяндык Идеалга** айлантуу керек.

Ошондой эле улуттук саясый партиялар армяндардын жаңы мууну “арменизм” аттуу күчтүү сезим менен куралданып, күрөшкө көтөрүлүп келе жатканын байкашууда. Акыркы он жылдын ичинде бул жаш армяндар саясый ишмердүүлүк, элчилик жана башка жолдор менен Армян Ишине чечкиндүү колдоо көрсөтүп, армян жерлерин кайтарып алуу талабынын күрөшүүчүсү болуп келе жатышат.

Ушул окуя боюнча биз чыныгы адилеттүүлүктү жана армяндардын укуктарын кайрадан калыбына келтирүүнү, талап кыла беребиз...

- Биз, Түрк өкмөтү армян геноциди үчүн жоопкерчиликти мойнуна алып,  армян элинин чыгымын төлөө маселесин карап, жерди мыйзамдуу ээлерине кайтарып берүүсүн  талап кылабыз. Геноцидди  тастыктоо, саясый көз боөмочулук үчүн жасалган жасалма тоскоолдуктарды алып таштоо, мындан ары создуктурууга  болбой турган  маселе.

- Түркия менен армяндардын ортосундагы мамиле козголуп жаткандан кийин, биз ортодо түшүнбөстүк жана кастык болбош үчүн,  толук укуктуу официалдуу түрк тарап менен армян эли иштиктүү сүйлөшүүгө даяр экенин билдиребиз.Ал сүйлөшүүлөр башталганга чейин, армян топтору Армян маселесин агрессивдүү жолдор менен менен чечүүнү уланта бермекчи.

- Биз жогорку державалар АКШ менен СССР экөөнө тең армян геноцидин моюнга алуу  маселеси бышып жетти деп эсептеп, биздин принципиалдуу талаптарыбыз орундалып, Түркиянын бизге болгон  кысым көрсөтүүнү токтотуусун талап кылабыз.

- АКШнын жарандары катары, биз азыркы Америка өкмөтүнө Түркияга колдоо көрсөтүп чексиз жардамдашып, коргогонуна каршы экенибизди чечкиндүү түрдө билдиребиз.

- Ошондой эле Кошмо Штаттардын Вудро Вильсон жана башка АКШнын президенттери армяндарга карата жүргүзгөн адилеттүү, гумандуу жана оң көз караштагы  саясаттарына кайрылууну талап кылабыз.

- Айрыкча, Советтер Союзунун армян элинин алдындагы армян маселеси боюнча жоопкерчилигин өзгөчө баса көрсөткүбүз келет. Анткени, Советтик Армения Советтер Союзунун башка  республикаларындай эле конституциялык укуктарга ээ.

- Биздин территориялык талаптарыбыз Түркияга гана тиешелүү,Советтик Арменияга танапташ болгон жерлер коңшу мамлекеттердин бийлиги алдында, өтө эле көп жылдардан бери келатканын армян эли унута албайт.  Бул жерлердин Армени-

яга кошулушу, ал жакта запкы тарткан армян элинин башына түшкөн адилетсиздиктерине чекит коймок.

- 70 жылдыкты эскерүү күнүн белгилөөнүн алдында армяндар жашаган жердин баарында 24-апрелди эскерүү күнү катары кабыл алынышы үчүн биз бардык чараларды көрөбүз.Армениядагы армяндар жана башка жердеги коомчулуктар үчүн Советтик Арменияда 24-апрель-Геноцид күнү деп белгиленсе жакшы болот эле.

- Ушул 70 жылдыкта армян элинин биримдүүлүгүн, жоготконубузду кайтаруу үчүн күрөштү улантуунун мөөнөтү чексиз экендигин, ал күрөш бүт армяндардын башын бириктирип турарын дагы бир жолу ырастайбыз.

- Бүгүн биз АКШнын батышында жашаган бардык армяндарга, алар кандай гана иш менен - маданиятпы же дин иштери менен алектенбесин, эскерүү күнүнө массалык түрдө катышуусун суранабыз.

А Р ФС Д Х 11А Д Л

Батыш Кошмо Штаттарынын Батыш Кошмо Штаттарынын Батыш Кошмо Штаттарынын

Борбордук комитети аткаруу органы аймактык аткаруу органы

## 9-ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:1985-жылдын 21-апрелинде Нью-Йорктун Таймс-скверindeги митингде, Армян улуттук Комитети, б.а. дашнак партиясы жана Армян революциялык Федерациясы тараткан баракчалар.*

***Армяндар Түркия басып алган мекенинин бошотулушун талап кылышат.***

Үч миңге жакын жыл армяндар өздөрүнүн туулуп өскөн жеринде эркин жашашса —акыркы алты жүз жылдан бери аны басып алган түрктөрдүн эзүүсүнүн алдында жашап келишет.

Куугунтуктоо 1915-жылы ашынган чегине жетти: Түрк өкмөтү өзүнүн армян жарандарына геноцид актысын пландап, аны ишке ашырды. Бир жарым миллион армяндар жок кылынды, калгандары туулган жеринен куулуп чыгарылды. Үч миң жыл Армения болуп эсептелген жерде армяндар калбады.Тирүү калгандары дүйнө кезип кетти. Бүгүнкү Түркия ата-бабалары жасаган геноцид актын жашырат, демек алар да адамзатка каршы кылмыштын катышуучусу болуп эсептелет.

Түркия геноцид жасаганы үчүн кылмышын мойнуна алып, армяндарга чыгымды төлөп берүүсү керек.

Армяндар өз жерин кайтарып берүүнү, өз мекенинде келечектүү улут катары эсептелишин талап кылат.

Армяндык Улуттук Комитет.

**10-ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:*Майкл Гантер "Армяндык террорлук кампания Түркияга каршы" Орбим.27-чыгарылыш.№2 (1983), 469.

Армяндардын Арменияны Бошотуу үчүн күрөшкөн Жашыруун Аскери жана анын башка эл аралык террорлук уюмдары менен байланышы.

Түрк эли жана анын өкмөтү, армян террорчулары түрдүү топтордон жана мамлекеттерден жардам аларын сезишет.АСАЛАнын өзү деле андай байланыштары бар экенин ырастайт: "Биз Баадер Майнхоф тобун жактырабыз жана алар менен кызматташпыз. Биз бардык европалык революциялык кыймылдар менен мамиле түздүк".

**11-ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:*1985-жылы 4-декабрда үч саясый партияжана көз карандысыз парламенттик топ менен түзүлүп түрк парламентинин мүчөлөрү бир добуштан колдогон резолюциянын тексти.

## ТУРКИЯНЫН УЛУУ УЛУТТУК ЧОГУЛУШУНУН СПИКЕРИНЕ.

Биздин союздашыбыздын конгрессинде армяндардын негизсиз жана далилсиз чыгып сүйлөгөн сөздөрүнүн тегерегинде болуп жаткан окуялардын өнүгүшүн кооптонуу менен байкап турабыз.Түркия менен Кошмо Штаттардын ортосундагы мамилени бузгусу келген кара санатай, бузукулук конгресс тарабынан колдоо таппайт деген үмүттөбүз.Мындай чечимди колдоо биздин эки өлкөнүн  достук мамилесине орду толгус зыян келтирет жана катуу сокку урат. Эки тараптык келишимден тышкары, биз өз милдеттенмелерибизди  сөзсүз аткара тургандыгыбызды унутпообуз керек жана коргоо уюмубуздун  чегинде территориялык кол тийбестикти сактап, бирдиктүү кызматташтыкты уланта беребиз. ( НАТО —ред.) Биздин эки тарап бири- биринин улуттук кызыкчылыктарын сыйлап, үчүнчү тараптын  мамилесине кепилдик  бере алабыз. АКШнын конгресси чечимди колдосо, биздин союздун  ынтымагы ыдырап, чындыктан алыстайт.Түркия буга окшогон акцияга кайдигер кала албайт жана өз жыйынтыгын чыгарууга  аргасыз болот. Биз  өз убагында конгресске жана америкалык коомчулукка өзүбүздүн ниетибизди билдиргенбиз жана андан кайтпайбыз.

Кошмо Штаттардын жарандары эл аралык террорлуктун курмандыгы  болуп жаткан учурда жана Кошмо Штаттар эл аралык терроризм менен чечкиндүү күрөш жүргүзүп  жаткан кезде АКШнын конгресси куру сөздүү,жалган чечимди кабыл алса, парадокс түзүлүп,  эл аралык терроризмдин бузулбас бөлүгү болгон кандуу иштерди колдогондугу  болуп эсептелмек.Бул Кошмо Штаттарга болгон ишенимге көлөкө түшүрмөк.

Биз Кошмо Штаттар менен Түркиянын ортосундагы союздук мамилебиздин, кызматташтыгыбыздын сакталганы эки өлкөгө тең пайдалуу деп ишенебиз. Ошол ишеним менен жана достук мамилебизди чын пейилден тастыктап, Кошмо Штаттар-

дын конгрессин зор катачылык кетирбөөгө, ошону менен бирге эки өлкөнүн достугун сактап калууга чакырабыз.

Профессор, доктор **Али Бозер.**
Улуттук-демократиялык партия.
**Мурат Сөкменоглу,**
Көз карандысыз парламентарий.
**Гейдар Эзалп,**
Мекен партиясы.
**Абдуррахман Демирташ,**
Көз карандысыз парламентарий.

**12-ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:*1985-жылдын 4-декабрындагы Түркиянын Улуу улуттук чогулушунун президенти Наджмеддин Карадумандын АКШнын конгресси өкүлдөр палатасынын спикери Томас П О” Нейлуга жазган каты.

**АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫНЫН КОНГРЕССИНИН ӨКҮЛДӨР ПАЛАТАСЫНЫН СПИКЕРИ, УЛУУ УРМАТТУУ ТОМАС О’ НЕЙЛИ МЫРЗАГА**

Вашингтон, Колумбия округу.

Спикер мырза,

Биз,Түрк депутаттары, Түрк Республикасына жана түрк элине зыян келтирүүнү максат кылып, жалган, далилсиз тарыхый маалыматтарга негизделген 192-чечимдин сиздердин урматтуу форумга, өкүлдөр палатасынын конгрессине, кайрадан карап чыгууга сунуш кылынганын билип алып чоочулап жаткан кезибиз.

Биздин эки улуу элибиздин достугуна зыян алып келе турган бул кайгылуу окуяны Түркиянын Улуу улуттук чогулушунун мүчөлөрү тынчсыздануу менен тосуп алды.

Мен сизге, бардык үч саясый партиянын депутаттары жана көз карандысыз парламентарийлердин тобунун өкүлдөрү кол коюп, түрк парламентинин бардык мүчөлөрү бир добуштан кабыл алган токтомдун көчүрмөсүн кошо тиркеп жиберем.

Спикер мырза, мындай, чыныгы бүлдүргүч чечимди кабыл алуунун аягы кандай коркунучтуу экенин айтпай эле коөюн.

Биз, Кошмо Штаттардын конгресси өз милдеттенмелериндегидей террорчулуктун бардык формалары менен чечкиндүү жана кыйшаюусуз күрөшө турганына ишенебиз.192- чечимди кабыл алуу- өз оюнан таптакыр баш тартуу дегендикке жатат. Бул чечимдин маанисин жактоо же мыйзамдуу деп эсептөө, терроризмди чыңдоого, бейкүнөө түрк дипломаттарын, ошондой эле башка мамлекеттердин, анын ичинде Кошмо Штаттардын жарандарын өлтүрүүнү улантууга жол ачары шексиз.

Мен дагы мындай чечимдин киришүү бөлүмү, компетенттүү тарыхчылардын илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарына негизделиш керек деп эсептейм. Ошондуктан сиздин көңүлүңүзгө 69 чыгаан америкалык тарыхчылар даярдап жана ушул жылы басмадан чыккан документти сунуш кылам.Кошмо Штаттардын конгресси, айрым чөйрөлөрдүн жана өзүнүн лоббисттик өкүлдөрүнүн жалган далилдөөлөрүнө көмөкчү курал болбошу керек.

Спикер мырза, сөзүмдүн аягында сизден 192-чечимди кабыл алуу түрк-америка мамилелерине өлчөөсүз зыян алып келээрине, өкүлдөр палатасынын мүчөлөрүнүн көңүлүн буруп коюңузду өтүнөр элем.

Спикер мырза, сизди терең урматтоо менен

**НАДЖМЕДДИН КАРАДУМАН**

*Түркиянын Улуу улуттук чогулушунун президенти*
*1985-жыл, 25-ноябрь.*

**13-ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:* Түркия Республикасынын тышкы иштер министри Вахид Халефоглунун 1985-жылдын 25-ноябрында АКШнын мамлекеттик секретары Джордж П. Шульцка жазган каты.

**УРМАТТУУ ДЖОРДЖ ШУЛЬЦКА, МАМЛЕКЕТТИК СЕКРЕТАРГА, МАМЛЕКЕТТИК ДЕПАРТАМЕНТКЕ,**

*Вашингтон.*

*Урматтуу Секретарь мырза!*

192-чечимдин талапташтары "Армян геноциди жөнүндө чечим"(официалдуу "Адамдын адамга зулумдугунун улуттук эскерүү күнү" деген ат менен белгилүү) деп аталган мыйзам долбоорун декабрдын биринчи жумасында кайрадан кароого киргизүүгө даяр экендиги мага белгилүү. Бул окуянын кечиктирилгистиги, сиз менен НАТОнун Советинин кеңешмесинде пландалган эмки айдагы жолугушуудан мурда байланышууга мени мажбурлап олтурат.

Менин өкмөтүм Сиздин мурдатан бери 192-чечимди кабыл алдырбоо боюнча аракеттериңизди жогору баалайт.Вашингтондогу элчиңиз аркылуу 1985-жылдын 4-мартындагы өкүлдөр палатасынын Спикерине жиберилген Сиздин катыңыз палатанын мүчөлөрүнө көрсөтүлгөн чечимди кабыл алуунун зыяндуу натыйжасын түшүнүүгө көмөк көрсөттү.

Сизге белгилүү болгондой, АКШнын өкүлдөр палатасы 1984-жылы ушуга окшогон чечимди кабыл алганы, түрк мамлекетинин бардык катмарларынын наразычылыгын туудурган.Бул америка-түрк мамилелериндеги эки тараптуу мамилени баштан аяк кайра карап чыгууну талап кылууга түртүп, премьер-министрдин аракеттери менен араңдан зорго токтотулган. Армяндардын бул чечимдеги жалган күнөөлөгөндөрүнө, ушул айларда түрк коомчулугундагы пикир мурдагыдан бетер курч

болууда. Жыйынтыктап айтканда, түрк коомчулугу мындай резолюцияны кабыл алуу жакын союздашынын Түркияга жасаган чыккынчылыгы деген пикирге келди. Бул маселе боюнча, 192-чечимди кабыл алуу түрк элине былтыркыдан да олуттуу жаңжал чыарууга түрткү берет. Айтылгандарды жыйынтыктап, Сизди колуңуздагы бүт бийликти пайдаланып, өзүңүз ылайык деген каражаттар менен өкүлдөр палатасынын мүчөлөрү жана сенат менен байланышып,192-чечимге каршы добуш бериш үчүн ынандырууга чакырамын.Сиздин жеке киришүүңүз конгресстин мүчөлөрүнө, биздин ой-пикирибизди жеткире турган эффективдүү каражат болооруна ишенем.

Мен Сиздин эки эл үчүн зор мааниси болгон бул маселедеги жардамыңыз үчүн күн мурунтан ыраазычылык билдирем.

Мистер Секретарь, бийик даражалуу урматымды кабыл алууңузду өтүнөм.

**ВАХИД ХАЛЕФОГЛУ,**

Түркия Республикасынын тышкы иштер министри.

## 14-ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:* Толук укуктуу жана ыйгарымдуу элчи ШЮКРЮ Элекдаганын 1985-жылдын 12-июнунда АКШнын конгрессинин өкүлдөр палатасынын мүчөлөрүнө жазган каты.

***ТУРК ЭЛЧИЛИГИ,***

*Вашингтон, 1985-жыл, 12-июнь*

*Урматтуу конгрессмендер!*

1985-жылдын 4-июнунда , шейшемби күнү, сиздер жана 58-республикачыл —кесиптештериңиздер АКШнын өкүлдөр палатасынын конгрессинде, укуктук негизи жок болсо да

192- чечимди колдоп добуш бердиңиздер. Бул Осмон империясы биринчи дүйнөлүк согуш учурунда армян элине каршы геноцид жасаган имиш деп Түрк республикасын адилет-

сиз күнөөлөмөк, бул акт ишке ашпай калды, анткени бул эң талаш-тартыштуу мыйзам долбоору убактылуу — кийинки мөөнөткө калтырылды.

Өтпөй калган мыйзам долбоорунун уюштуруучулары, бул маселени кабыл алуу жөнөкөй эле көпчүлүк добуш менен кабыл алынат деп пландаштыргандарын билем.192-чечимге дагы бир жолу добуш берүүдөн мурда, сиздердин өтө көп иш графигиңиздерден бир аз убакыт бөлүп, тиркелген материал менен таанышып коюуңуздарды суранам.Мындай чечимди кабыл алуу эки өлкөнүн ортосундагы кызматташтыкка зыян келтирип, ишенимине доо кетирмек.

Сиздер бул чечим үчүн добуш берип жатып, демейки эсте каларлык дата турбайбы дегениңизге же андагы жазылгандар тарыхый жактан так такталган белгилүү фактылар экен деп ойлогонуңузга ишенем. Ошондой эле, бул мыйзам долбоорун кабыл алуу түрк-америка мамилелерине жана биздин жалпы стратегиялык кызыкчылыктарыбызга терс таасиркөрсөтөөрү жөнүндө кабарыңыз жок экендигине дагы терең ишенем.

Тиркелген басылмаларда жана документтерде көрүнүп тургандай, мунун баары чындыктан алыс.Төмөндөгү документтер айрым талаш аспекттерди айкындап, чечимдин негизинде жаткан жалган маалымдоолору төгүндөлөт.

*Түрк-америка байланыштарына жана коопсуздук областындагы кызматташууга, ошондой эле АКШнын стратегиялык кызыкчылыктарына терс таасир берүү.*

Куралдуу Күчтөрдүн Комитетинин он бир мүчөсү кол койгон ”Урматтуу коллеганын катында”бул резолюцияны кабыл алуу Чыгыш —Жер-Орто деңизиндеги АКШ менен НАТОнун стратегиялык кызыкчылыктары үчүн өтө терс таасирин тийгизери көрүнүп турат.Куралдуу күчтөрдүн Комитетинин делегациясы өзүнүн жакынкы убактагы визитинде, мындай резолюцияны кабыл алуу белгилүү армян террористтер уюмдарынын акыркы он жылдын ичинде 40 бейкүнөө түрк дипломаттардын

жана эсепсиз күнөөсү жок күбөлөрдүн өлүмүн колдоого барабар депТүрк өкмөтү жанатүрк коомчулугу эсептешкенине күбө болушуп, ынанышты.

*Мыйзам проектин кабыл алуу АКШнын конгрессин Түркия Республикасынын бөлүнүшүн максат кылгандардын лагерине алып келмек.*

Армян Улуттук Комитети (192-резолюцияны кабыл алдырууга аракеттенген ири армяндык этникалык лоббисттик топ) кол коюп жана тараткан жасалма документте армян-америкалык уюмдун негизги максаты ( АСАЛА жана ДжСАГ сыяктуу) террорлук топтордун максаты менен окшош экендигин, Түркияга коюлуп жаткан армяндык талаптарды АКШнын өкүлдөр палатасынын конгресси сыяктуу жогору даражалуу уюмдун тастыкташы андан да кеңири күн тартибине ( программа-ред.) тактап айтканда, Түркияны бөлүп жарууга (НАТО мүчөсү болгон өлкөнү) жана анын бөлүгүн Армян Республикасына кошууга алып келе турган кадамэкенин ачык эле жарыялап турат. Бул жасалма документтин формулировкасы көргөзүп тургандай, ири армян радикалду террорлук топтун негизги максаты -192 чечимди кабыл алдыруу. Көптөгөн америкалык юристтер чечимди иш жүзүндө эч кандай зыян деле алып келбей турган, символикалуу гана кадам деп эсептешкенин өз тажрыйбамда билемин. Алардын көз карашы боюнча, америкалык армяндар өздөрүнүн коомчулугунда ата-бабаларынын запкы тартканынын тастыкталышын гана каалашат деп ойлошуп, андан эмне болмок эле деп эсептешет. Кеп өткөн мезгилдеги болгон тарыхый чындыкты тактоодо гана турат да дешет. Албетте, минтип ойлоо жаңылыштык.“Нью-Йорктун Армян Улутттук Комитети” тибиндеги армян-америкалык топтор ( армяндар-ред.) өзүбүздүн мекенибиз деген жерлерди түрктөрдөн тазалоого ачык эле үндөп жатышпайбы.Ошондуктан, тарыхый версияны ратификациялоо символикалык жорук эмей эле, геосаясый жыйынтыкка жетүү үчүн бүгүнкү күндө, 1985-жылда , Түрки-

яны бөлүп-жаруу үчүн колдонулган каражат деп эсептелиши керек.

**ЧЕЧИМГЕ КОЮЛГАН ЫКСЫЗ ТАРЫХЫЙ ТАЛАП-ТАРДЫН НЕГИЗСИЗДИГИ**

Бүткүл 69 америкалык академиктер, Түркия боюнча адистердин колу коюлган конгресстин өкүлдөр палатасынын мүчөлөрүнө жиберилген чакырыгында көрүнүп тургандай, мыйзам долбоорундагы Түркияга каршы коюлган күнөө коюу, негизсиз. Бул, Түркияны үйрөнүү, анын тарыхын изилдөө боюнча адистештирилген америкалык окумуштуулардын 90 пайыздан ашыгын түзгөн тобу резолюцияны тарыхый так эмес, адаштырууга алып келе турган формулировка деп эсептешет.Чакырыкка кол койгондордун арасында төмөндөгүдөй белгилүү жана чыгаан адистер профессор Родерик Дэвидсон Джордж -Вашингтон университетинен, профессор Дж.С. Хуревиц -Колумбия университетинен, профессор Бернард Льюис -Приистон университетинен, профессор Данкварт Рустов -Нью-Йорк университетинен, профессор Стэнфорд Шоу -Лос-Анжелестеги Калифорния университетинен, профессор Джон Мессон -Берклиден- бул тизмени уланта берсе болот.Тарыхый маселе талкууланып жаткан учурда мынчалык компетенттүү жана эл аралык кадыр-баркы бар эксперттердин пикирине кол шилтеп коюу болбогон иш.

**Гитлердин “Армяндарды кыруу кимдин эсинде калды дейсиң?” деген айтуусун бурмалоо.**

Бул чечимди кабыл алдырууга далбастагандар көп учурда Адольф Гитлерге таңууланып жүргөн пикирге” дүйнө европалык еврейлерди пландуу кырып жоюуда, армяндардын тагдырын унутуп койгон” деген имиш сөзгө таянышат. ”АКШнын конгресси жана Адольф Гитлер” деп аталган макаланы жазган белгилүү түрк үйрөнүү адиси бул айтылган ойдун негизсиз экенин, аны жасалма түрдө “армян маселеси” менен еврей

кыргындарын байланыштырууга коомчулукту армяндардын башынан өткөндөрдү “геноцид” деп ынандырууга кылган эпчилдик аракети деп макалада белгиленген.

Мен 192-чечимди кабыл алдыраш үчүн, бүт мүмкүнчүлүгүңүздү жумшашыңызды өтүнөм.

Сизди терең урматтаган,

*Доктор* **Шюкрю ЭЛЕКДАГ**,

Түрк Республикасынын элчиси.

## 15-ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:* Шкюрю Элекдагдын АКШ конгрессинин өкүлдөр палатасынын бардык мүчөлөрүнө 1985-жылы 2-декабрда жазган каты.

Мындан мурда мен сиздерге 192-чечимине каршы түрк элинин терс мамилесин билдиргем.

Айрым инсандар жана Конгресстин мүчөлөрү катары, сиздер террористтердин зулумдугун жана зордукчулдугун айыптаарыңызга шек санабайм, бирок конгресстин көптөгөн мүчөлөрү күнөөсүз гана “Адамдын адамга зулумдук көрсөткөнүн эскерүү күнү” деп аталган 192-чечиминин түпкү жашыруун маанисине жетпей, армяндар чын эле 1915-жылы геноциддин курмандыктары болгон деген күнөөлөөгөн пикирди колдошконуна тынчсыздануудамын.

Армяндык террорчулар акыркы 11 жылдын ичинде 50дөн ашык түрк жарандарын өлтүрүштү.Террорист-киши өлтүргүчтөрдүн бутасына илингендер, коргоосуз жана алсыз адамдар. Алардын курмандыктары - эл аралык чыдамкайлыкка жана бирин-бири түшүнүү мамилесине үйрөтүлгөн адамдар.Акыркы он бир жылдын ичинде мен жырткычтык зомбулуктун курмандыктары болгон өзүмдүн 30 жакын досторума-кесиптештериме, алардын жубайларына, балдарына акыркы урмат-сыйды берүүгө аргасыз болдум.Ар бир өлтүрүүнүн шылтоосу 192-чечиминдегидей тарыхый фактыны бурмалоо, негизсиз өч алуу.

Армяндардын АСАЛА  аттуу террордук уюмунун негиздөөчүсү Акоп Акопян өзүнүн бузукулук карьерасын Мюнхен Олимпиадасында 1972-жылы израилдик атлеттерди кырган террорлук топтун мүчөсү болуп баштаганын унутпашыбыз керек. Андан башка дагы, эл аралык террорист-киши өлтүргүчтөрдүн ичиндеги эң ырайымсызы жана зулуму, жакында испан телевидениесинде чыгып сүйлөгөн сөзүндө анын уюму армян террористери менен иштиктүү жана тыкыс байланышка киргенин айтып чыкканын  да эсибизден чыгарбашыбыз керек.

Анысы аз келгенсип, жакынкы убакта басма сөздөрдө армяндардын террордук топтору АКШнын Бейруттагы деңиз базаларын жана элчилигин бомбалаган Жакынкы Чыгыштагы "кесиптештери" менен биргелешип кызматташканы жөнүндө жазылып чыкты. Маалыматтар кеңири белгилүү жана компетенттүү америкалык маалыматтардан алынды.Бул кабарлар иштиктүү америкалык бийликтегилерге да белгилүү жана армяндык терроризм Кошмо Штаттарга да каршы багытталганын белгилейт.

Курман болгондордун саны башка өлкөлөргө караганда океандын тышындагы Түркияда жана Кошмо Штаттарда көп. Ошондуктан, Кошмо Штаттардын өкмөтү эл аралык терроризмге каршы күрөшүн күчөтүп жатса, конгресс таза болбогондо эл аралык терроризмдин ырайымсыз формаларынын бирине моралдык колдоо көрсөтүп, күн тартибинде талкуулап отурганы таң каларлык.Түрк эли Кошмо Штаттарга, айрыкча Конгресске адилеттүлүктүн жана чындыктын талапташтары катары карайт.Ошондуктан, түрк саясый лидерлери өз шайлоочуларынын алдында түрк элин ачык жана адилетсиз күнөөлөп, калпты чындык деген  АКШнын Конгрессин актай албайт.

Эки өлкөнүн кызыкчылыгы  жана чындык үчүн Сизди бул мыйзам долбооруна каршы добуш берүүңүздү көптөн -көп суранам.

*Доктор* **Шюкрю ЭЛЕКДАГ,**

Түркия Республикасынын элчиси

**16-ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы*: 1985-жылындагы Түркиянын америкалык элчисининАКШнын мамлекеттик департаментине-Роберт Штрауска , конгрессмен Кэрол Хаббард-кичүүсүнө жиберген ачык телеграммасы.

*Урматтуу конгрессмен Хаббард!*

Сизге белгилүү болгондой ушул жумада "Адамдын адамга зулумдугу" жөнүндө 192-чечимди кабыл алуу боюнча аракеттер жасалууда.Түркиянын Америкадагы элчиси болгондон кийин, мыйзамдын бул долбоорун кабыл алууну, өздөрүн адилеттүү түрдө Кошмо Штаттардын чыныгы досу жана союздашы деп эсептеген бүт түрк эли, өкмөт менен оппозиция мүчөлөрү, чыгаан адамдары менен карапайым дыйкандары жана шаардыктары, өлкөнү жана элди кордоо катары кабыл алышканын билдирип коөюн.

Ошондой эле түрктөр бул чечимди кабыл алуу -тарыхты бурмалоо катары, (Түрк өкмөтү, Осмон империясы атайылап жана билип туруп армяндарга каршы геноцид жасаган деп эсептебейт - көптөгөн урматтуу америкалык тарыхчылар бул көз карашты колдойт ) , Кошмо Штаттарда жана башка жерлерде 50дөн ашык түрк дипломаттарын жана америкалык жарандарды акыркы он жылдын ичинде өлтүргөн, Түркиянын эгемендүүлүгүнө жана территориялык бүтүндүгүнө кол салган армян террористтерине карата көрсөтүлгөн урмат катары эсептешет.

Андан тышкары, аны кабыл алуу менен мындан 70 жыл мурда биринчи дүйнөлүк орус-түрк фронтунун чаташкан согуш мезгилинде болгон согуштук аракеттердин адилетсиздиктерин жок кыла албайсың. Буларды түшүндүрүп жана НАТОнун түштүк-чыгыш тарабын коргоодо Жакынкы Чыгыштын маанилүү аймагында туруктуулукту сактоодо Түркиянын ролун эсепке алып, мен сизден бул резолюцияга каршы добуш берүүңүздү көптөн —көп өтүнөм, анткени ал стратегиялык со-

юздаш жана ишенимдүү достук мамилебизге  жарака кетирет деген ойдомун.

Мен Конгресстин бардык мүчөлөрү менен байланыша албай калгандыктан, Сиз телеграмманын мазмуну менен өз кесиптештериңизди тааныштырып коөсуз деп үмүттөнөм.

Сизди терең урматтаган,
*Роберт* **ШТРАУС-ХЬЮП,**
америкалык элчи.

## 17-ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:*1985-жылдын 21-февралындагы АКШнын коргоо министри Каспар Уайнбергердин АКШнын конгрессинин өкүлдөр палатасынын тышкы иштер боюнча Комитетинде чыгып сүйлөгөн сөзү.

Мен Түркия менен байланышыбызга тиешелүү:“Армян геноциди” деп аталган башка  маанилүү маселе боюнча айткым келет. Январь айындагы сунушталган 37чечим, башка маселелердин ичинде, Түркиядагы 1915-1923-жылдарды эскерүү менен улуттук Күндү белгилөөнү сунуштайт.Кандай күн болбосун, мындай мыйзам долбоорлор, тескерисинче,  50 түрк жарандарын, көбунчө дипломаттарын  өлтүргөн армяндык террористтерди колдоо  болуп эсептелет. Айрым киши өлтүрүүлөр Кошмо Штаттарда да болду. Биз ошондой эле мындай чечимди талкуулоо Кошмо Штаттарды оор абалга  дуушар кылып жана керектүү союздашы менен мамилесинин начарлашына алып келет.

Ушундай ойлорго таянып, мен бул чечимди оң чечтирбөө үчүн алдын ала кам көрүлөт жана мындай маселелерди чечүүгө тоскоолдук кылынат деп ишенем.

**18-ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:* Хит У. Лоури: “ Х1Х жана ХХ кылымдардагы армян терроризми: Үзүлбөгөн байланыштар.”- Эл аралык терроризм жана наркотиктер менен байланыш. Анкара, ( Анкара университетинин басмаканасы) 1984-жыл, 71-83-беттер.

## АРМЯНДЫК ТЕРРОРИЗМ Х1Х ЖАНА ХХ КЫЛЫМДАРДА: ҮЗҮЛБӨГӨН БАЙЛАНЫШТАР

Акыркы он жылдагы армян террордук уюмдарынын ишмердүүлүгүн изилдөөнү чечкен Осмон империясынын тарыхчысы, азыркы армян террористтеринин топтору менен, Х1Х жана ХХ кылымдын башындагы террористтик топтордун максаттарынын, кол салууда обңектилерди тандап алуусунун, тактикасы жана демагогиясынын окшоштугуна таң калат.Өткөн мезгилди изилдөө азыркы учурду жана келечекти түшүнүүгө жардам берет, деп ойлоп мен айрым куралдуу армян саясый зомбулугунун тарыхы аркылуу өткөн “үзүлбөгөн байланыштарды” карап чыгууну чечтим. Бул ишке кадам таштоо, чыгаан психологдор үчүн да опурталдуу экенин түшүнүп, ар бир болочок муунга террористтердин жаңы муунун түзүп жана тарбиялай турган армян коомчулугунун айрым жактарын талдоону оң көрдүм. Мен өзгөчө,. террорчулардын ар бир муунуна азыркы армяндардын жасаган мамилесин көргүм келди, көрсө аларды “армяндардын улуттук баатырлары”катары тааныштырышып, келечектеги муун ошолорго окшош болсом экен дегендей кылып тарбиялашат экен.

Доктор Джерар Либаридьян Кембриджедеги Зорьян институтунун директору жакында “Жаңы армян тарыхындагы саясый зомбулуктун себептери” деген өз докладындааны түшүндүрүүгө аракет кылды..( Либаридьян, 1983 )

“Пайда болуунун себептери” деген ат менен чыккан докладында ал мындай деп жазат: “Негизинен, саясый зомбу-

лук айрыкча саясый киши өлтүрүүлөр, армян коомчулугунун жашоосуна, Осмон жана Россия империяларынын басып алган аймактарында биринчи дүйнөлүк согушка чейин жүргүзгөн репрессияларына окшоп кетет. Империялар армяндарга прогресс үчүн тынчтык жолун калтырышкан эмес. Армяндар жөнүндө айта турган болсок, ири коомчулуктардан, мисалга алсак, түрктөрдүн өзүнөн же орустардан айырмаланып, сандары аз болгондуктан, ири окуяларга таасир көрсөтө албагандыгы, аларды саясый өлтүрүү сыяктуу жекече акцияга түрткөн.”Бул пикирди 1976-жылы “Нью-Йорк таймс” гезитинде жазылган Бостондогу армян улуттук комитетинин каты менен салыштырып көрөлү:

“Айрым армяндар, дүйнөдөгү өкмөттөрдүн тынчтык чакырыктарды угууга жана колдоого жөндөмдүү экендиктерине ишенбей калышкан көрүнөт. ( “Таймс” 1977-жыл, 30-май.) (Муну менен армяндар туугандары жасап жаткан терроризмди ачык колдойт деп айтса болот.( ред.)

Бул жерде бир талашсыз факты бар. Эгерде Либаридьяндын армяндык саясый өлтүрүүлөр, армяндардын Россия жана Осмон империяларына “ич жагынан” таасир тийгизе албай нааразы болгондуктун натыйжасы деп айтканы туура болсо, анда армян улуттук комитетинин катында, бүгүнкү дүйнөнүн өлкөлөрүнө “тыштан” таасир тийгизе албагандыктан нааразычылыктар жаралып жатат дегени туура жана эмне себептен азыркы учурда зомбулук көп экенин түшүнүү да оңой. Башкача айтканда, Чыгыш Анатолияда көз карандысыз армян мамлекетин түзүү - мурунку жана азыркы армян террористтеринин максаты болгондуктан, X1X кылымдагы террорчулар “ичтен” жасай албаган иштерди, азыркы террорчулар “тыштан” жасаганга аргасыз болгону, террорчулардын арасында нааразычылыкты жогорулатып жаткандыгын баяндайт. Бирок, бир кылым мурда, “террордун” максаты- көз карандысыз армян мамлекетин түзүү болсо,- эми 100 жыл өткөндөн кийин ал максатка жетүү мурдакыдан да алыс болуп калды. Бул бизди бүгүнкү террор-

лук актыларга көңүл кош, басылып келе жаткан чагылгандын күркүрөөсүнө карагандай,  көз караштты түшүндүрөт. Тескерисинче, X1X жана XX кылымдардагы армян террористерин байланыштырып турган  “үзүлбөгөн жип” - алардын айлана чөйрөдөгү реалдуулукту түшүнүүгө жөндөмсүздүгү. Так ошондой эле армяндык революционерлер ( террористтер деп окуңуз) Осмон империясынын азчылыгынын географиялык чачкындыгы алардын тагдырын чечип, “улутчулдар” башка осмон этникалык азчылыктардын ийгилигин бөлүшө  албай,Осмон империясынын бир бөлүгүн жулуп алып, көз карандысыз Арменияны түзө албаганын түшүнө албаганы, так ошолордой эле алардын жолун XX кылымда  да жолдоочулары да бир ууч террористтердин талаптарына эрки күчтүү  түрктөрдүн эч качан макул болбой турганын түшүнүүгө жөндөмсүздүгү. Башка сөз менен айтканда, мурдагы жана азыркы армян террористтеринде жок бир гана нерсе - бул логика!

Террористтердин ушул аспектин баамдоо эмне үчүн алар X1X кылымда  максатына жетүүгө мүмкүндүк бербеген мурдагы эле ыкма жана тактиканы бүгүн да колдонушканын тушүнүүгө жеңил болот.1860-жылдар менен биринчи дүйнөлүк согуштун башталышына чейинки убакыт көптөгөн осмон жана орус кызматтагы адамдардын өмүрүн алып кетти.

Бирок, бул  армяндык сепаратисттик умтулуу факты россиялык же осмондук саясатка өзгөрүү киргизген жок.Так ошондой эле, бүгүнкү күндөрдө деле эч себепсиз түрк дипломаттарын өлтүрүү Түркия Республикасынын өкмөтүнүн чечим кабыл алуу процесстерине таасир бербеди.

Ушундай жол менен, эгерде талаптары аткарылбаса, жардыргыч заттар менен жардырып, коомдук имараттарды тартып алуу 1981-жылы Парижде,1983-жылы Лиссабондо болгон эмес. Армян террористтери мындай тактиканы 1986-жылдын августунда Бейоглудагы осмон банкын басып алууда биринчи жолу Стамбулда колдонгон. Туткундап алган кишилерин жардыра-

быз деп коркутуп, бир катар талаптарды коюшса, так ошондой эле 85 жыл өткөндөн кийин алардын тукумдары XX кылымда 1981-жылдын сентябрында Париждеги элчиликти басып алышкан. Талаптарын аткарта албай, аягында террористтер өздөрү колго түшүп беришкен, эми дал ошондой эле тагдыр алардын мураскорлоруна туш келди. Бул эки операциянын жалгыз айырмасы - кийин террористтерге жасалган мамиледе. Осмон банкынын каракчыларын 1986-жылы Стамбулдан британиялык элчинин яхтасына салып алып кетишсе, Париждеги элчиликти басып алган террористтер француз сотуна өткөрүлүп, ал жерде жеңилден-жеңил түрмө мөөнөтүн алышкан.Эки окуяда тең жалгыз көзгө көрүнгөн жетишкендик -басма сөздун кыска мөөнөткө элдин көңүлүн бура алгандыгы эле болду.

Жүз жылдан бери бир көз карандысыз Арменияны түзүү деген мааниси жокмаксатка жетүү үчүн зомбулукту жүргүзүүдөн эч кандай майнап чыкпасын көргөзүп, бир нерсени билгибиз келет: бул иштин ийгиликтери барбы, эгерде бар болсо, кайсылар? Бул суроого жооп берүү үчүн биз изилдөөлөрүбүздү кеңейтишибиз керек жана бул темага террорлук актылар армяндардын өздөрүнө каршы болгон армяндык терроризмди кошушубуз керек. 1904-1906 жылдарды гана алган жакындагы изилдөөлөр ошол убактагы армяндык саясый өлтүрүүлөр жөнүндө төмөнкү көрүнүштү баяндайт:

“Үч жылдын ичинде 105 саясый өлтүрүү : анын 56сы армяндык тыңчыларга каршы; 32 саясый себептер менен орус жана түрк офицерлерине, чиновниктерине каршы; 7 же 8-шантажчыларга каршы; 5 - чайкоочуларга; 2 же 3-капилеттен, эч себеби жок элеболгон.Бул цифралар чыгыш армян аймактары болгон —Тифлиске жана Бакуга, ошондой эле Осмон империясынын чектеш районго жана Ванга тиешелүү.( Либаридьян, 1983 ).

Башкача айтканда, үшул кыска үч жылдык мөөнөттө армян улутундагы өлтүрүлгөн эки курмандыкка бирден армян эме-

стер туура келет. Бул, бүгүнкү күндө эстен чыгайын деп калган факт көңүл бурууга арзыйт, анткени бул 1904-1906 жылдарга гана тиешелүү феномен эмес, азыркы убакка чейин уланып келе жаткан иштер. Алардын максаты ал учурда да, азыр да бирөө гана - ал коркутуу. Көпчүлүк тынч оокат жасап жаткан армяндарды террористтердин иши жөнүндө ооз ачтырбоо үчүн атайылап жүргүзүлгөн аракет.

1933-жылдын 24-сентябрында армяндык террористтер Америкадагы армян чиркөөсүнүн башчысы, архиепископ Леон Туранян Нью-Йорктун армяндык кафедралдык соборунда месса өткөрүүгө даярданып жатканда өлтүрүлгөн.Жүздөгөн чиркөө коомунун мүчөлөрүнүн көзүнчө төр жакка басып келе жатканда анын жолун бир нече киши тосуп, бирөөнүн колундагы бычагы жарк дей түшүп, ал жансыз жерге кулап түштү. Чогулгандардын бири да кол салгандарды тааный албады. Нью-Йорктун соттук изилдөөсүндө өлтүрдү деп күнөөлөнгөн тогуз дашнактан турган топту суракка алган адам, “кылмыш учурунда чиркөөдө болгон бир да армян киши өлтүргүчтөргө каршы көрсөтмө берген жок “- деп айткан.”Детективдер бул табышмактуу киши өлтүрүү жөнүндө түшүнүк алалы дегенде тешүүгө мүмкүн болбогон үнсүз дубалга туш болушту. Бул армяндар ушундай заговор менен өз ара чатактарын басалы дешти , же алар өз жанынан ушунчалык корккондуктан билгендерин айтпай коюшту” “Спектатор” 1983-жыл, 7-декабрь.

Ошол учурда чиркөөдө болгон армяндарга жогоруда көрсөтүлгөн статистиканын цифралары белгисиз болсо, тагыраак айтканда,1904-1906 жылы армяндык террористтер тарабынан өлтүрүлгөн 105 курмандыктын 56сы “маалымат жеткирүүчү” катары жок кылынса, анда террористтер аларга бергиси келген кат максатына жетти.Ар бир оозун ачам дегенди өлүм күтүп турат.

Ал абал бүгүн да өзгөрүлгөн жок. Болгону жарым эле жыл мурда АСАЛА Ливанда эки армянды даргага асышты ( бири

американец болгон ) аларды ЦРУда кызмат кылып, Стамбулда бир нече ай мурда болгон жыйын жөнүндө айтып койгон деп күнөөлөшкөн. ( “Спектатор”, 07.01.84, 16-бет.) Ошонун жыйынтыгында “коркуу көшөгөсү” тартылып, ал аркылуу бүт өлкөлөрдүн укук сактоо органдарына армян террористтердин арасына кирүү кыйын болуп калды. Анткени, армяндык террористтер бирөөгө “Маалыматчы” деген ат койсо, аны кандай тагдыр күтүп турганын абдан жакшы билишчү.Баарынан таң калыштуусу, армяндык террористтер жүздөгөн жылдар бою,Россияда болобу, Осмон империясында болобу, же Түркия Республикасындабыөз максаттарына жетүүдө такай жолу болбосо да, өздөрү ”какшап” айтып жүргөндөй ,биз силер үчүн эмгектенип жатабыз дегенөз армяндарынынычинде террорду уюштургусу келген климатты түзүүдө чон ийгиликке жетишти. Кылым бою жасалып келаткан армяндык терроризмдин жалгыз жетишкендиги ушул болду.

Бир гана түркиянын армяндары террорлук иштер жөнүндө ачык айтышат, калган армян обүиналары “коркуу көшөгөсүнүн” айынан үндөшпөйт, Батыш Европадагы жана Америка Кошмо Штаттардагы көптөгөн чыгаан армяндар кезектеги террорлук кол салуудан кийинки басма сөздөрдүн ызы-чуусу учурунда чыгып сүйлөп коюшат, анын маанисин албетте террористтерди колдоо деп тушүнсө болот. Андай мамиленин мисалы болуп Кошмо Штаттарда чыгарылуучу “Армениан уикли” армян этникалык гезитинин редактору мистер Кеворк Донабедяндын “Крисченс Сайенс Монитор” макаласын келтиребиз.

“Армянин катары, мен эч качан терроризмди кабыл албайм, бирок анын себеби болсо керек.Мүмкүн, терроризм таасир берер.Еврейлер аны өз максаты үчүн колдонушчу.Эми алардын Израили бар. (“Монитор “ 80, 18-ноябрь )”Албетте, биз терроризмди жактабайбыз, бирок түрктөрдүн армяндарга жасаган тарыхый адилетсиздигинен жаштарда пайда болгон терең нааразычылыгын да түшүнүшүбүз керек, ж.б. ж.б. ушуга окшош

сөздөрдү ар бир киши өлтүрүүдөн кийин көптөгөн армяндык академиктер, ораторлор жана диний башчылар кайталашат. Ошол мамилеси менен алар реалдуу болуп жаткан окуяларды көргүсү келбей, адатка айланган “албетте, биз терроризмди кабыл албайбыз” деп баштап, андан ары калыпка салгандай 1914-1915 -ж.ж. Осмон империясынын “кыргыны” жана “геноциди” деген курулай күнөөлөө айтылат.Сүйлөгөн адам армян-американец болобу же армян-француз болобу, мааниси эч качан өзгөрүлбөйт. Бул-ата-бабасы тарыхый адилетсиздиктин курманы болгон деп эле террористтердин акциясын актоо.Чындыгында, бул түздөн-түз эле террористтердин кылган иштерин жактоо болуп саналат. Башкача айтканда, бул адамдар: ”Мен мылтыкты өзүм кармагым келбейт, анткиси келгендер “армян ишине” пайдалуу кызмат көрсөтүшөт”,- демекчи.

Бул айтканым өтө катуу кеткендик болуп көрүнбөсүн деп, мен камакка алынган террористтерге армян коомчулугу кандай мамиле жасаганын жана жасап жатканын изилдегим келди. Мындай талкуулоого терроризмдин эки мезгилин алып,”Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгил” жана 1973-жылы башталып, азыркы учурга чейин созулган убакты “Азыркы мезгил” деп атадым.

Биринчи дүйнөлүк согуш аяктар замат көбүрөөк белгилүү болгон армяндык революциялык федерация-дашнактар түрк өкмөтүнүн мурунку мүчөлөрүнүн артынан түшүп, аларды өлтүрүү үчүн “Немезида” деген тармакты түзүштү. Алардын биринчи курмандыгы - мурдагы ички иштер министри Талат паша болду, аны Берлиндин көчөсүндө басып жүргөн жеринен 1921-жылы 15-мартта атып өлтүрүштү. Аны өлтүргөн Согомон Телирян деген армян эле. 9 ай өткөндөн кийин Аршавир Ширакян деген армян Римде мурдагы осмон Тышкы иштер министри Сайд Халим пашаны өлтүрдү. Болгону 4 айдан кийин, бул жолу Арам Ерганян деген неме менен бирдикте Ширакян дагы атууга чыгат. Бул жолу анын курмандыгы - мурунку чоӊ даража-

луу эки кызматчы Бахеддин Шакир Бей жана Кемаль Азми Бей болду, алар Берлинде 1922-жылы 17-апрелде өлтүрүлдү. Бир нече айдан кийин Тифлисте эки армян Кемаль пашаны атып өлтүрүштү. ( "Уокер", 1980, 344-бет ). Өлтурүүлөр уланып жатты...

Азыр биз үчүн баарынан маанилүүсү киши өлтүрүүдөн да мурун бул окуяларга жалпысынан армян коомчулугунун мамилесин байкоо болуп саналат.Талат пашаны өлтүргөн террорчу Телирян Берлинде кармалган. Ал камалган күндөрдө Берлинде "Соломон Теляряны коргоо Фонду" уюштурулуп, бүт дүйнөлүк армяндардан, айрыкча Кошма Штаттардан кайыр акчалар топтолуп, Фонддун эсебинен анын колдоочуларынын саны тез өстү. Эки күндүк соттук үстүртөнкароодон кийин Телирян бошотулуп жиберилген. Андан кийинки 40 жылдын ичинде, Сан-Францискодо каза болгонго чейин Телирян "армян улуттук баатыры" деген атка ээ болуп жүрүп өттү.Чын эле, Джеймс Назердин 1968-жылы чыккан "XX кылымдагы биринчи геноцид" деген китебинде Теляряндын сүрөтүнүн алдында ошол титул жазылган. ("Назер", 1968 ).

Анысы аз келгенсип автор Теляряндын "Немезида" боюнча эки жолдошу Ширагян менен Ерганянга да "армян улуттук баатырлары" деген эпитафияны белек кылган.

Алдыга өтүп, армяндык терроризмдин "Азыркы учурунда" Кемаль Ариканды- Лоа-Анжелестеги түрк консулун өлтургөн жана Лиссабондогу түрк элчилигин басып алган беш террористтер менен алардын жол башчылары "Немезиданын" террористтерине жасалган мамилени салыштырып көрөлү.1982-жылы 28-январда Лос-Анжелестеги түрк генералдык консулу Кемаль Ариканды 21 жаштагы Ливанда төрөлгөн, жакында Калифорния штатындагы Лос-Анжелеске көчүп келген армян эмигранты Хампиг Сасунян өлтүрдү. 1984-жылы узакка созулган териштирүүдөн кийин, ал бул кылмышты жасагандыгы аныкталып, соттолгон. Ал камакка алынгандан көп өтпөй эле бүт

дүйнөдөгү армян обүиналары, баарынан мурун Түндүк Америкада көптөгөн “Сасунянды коргоо Фонду” ачылганын маалымдашты. Армяндык басма сөз бетинде жакында басылып чыккан макалада алардын иши мындайча жыйынтыкталат:

“Өткөн 22 жылдын ичинде миңдеген армяндар өздөрүнүн кызыгуусун жана колдоосун билдиришти. Лос-Анжелестин жана өлкөнүн башка шаарларынын, Канаданын, Франциянын, Ливандын, Англиянын, Грециянын, Сириянын, Израилдин, Сауд Аравиясынын, Ирандын, Түштүк Африканын, Аргентинанын, Австралиянын, Италиянын, Швейцариянын, Испаниянын жанан Египеттин армяндары Сасунянды коргоо үчүн биригишти.

Дарыядай аккан акчанын агымы, ошондой эле жеке жана жамааттардын жазган каттары саясый процесске тартылган элге берилген мыкты баа болуп эсептелет жана акырында алардын тагдырын чечүүгө алып келет.( “Асбарез”, 1983-жыл, 15-октябрь )Бул “Сасунянды коргоо комитеттеринин “ иштеген иштерин карап чыгуу аны коргоо үчүн жасалган кадамдарды түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Ошондогу абалды сүрөттөш үчүн ал убакта көп эле жолу болуп жаткан мисалдын бирин келтирсе болот: 1983-жылы 21-октябрда, жума күнү кечинде Калифорния штатындагы Монтебелло ыйык армян апостолдук чиркөөсүндө”Сасунянды коргоо комитети уюштурган “Хампиг үчүн кече” өткөрүлдү.Программанын өзөгү жана негизи “Атайын чиркөө кызматы”болгон деп да айтсак болот. Анткени, аны Батыш епископтук армян апостол чиркөөсүнүн башкармалыгынын прелаты, улуу урматтуу епископ Епрем Табакян өткөрдү. Анысы аз келгенсип,көптөгөн атактуу армян артисттери, ырчылары кайрымдуулук концертин беришкени чынында эле киши өлтүргүч-террористти Хампиг Сасунянды колдогону эле болду.( “Обсервер”, 1983-жыл, 12-октябрь, 3-бет ).

Баарынан да бул чогулуштун кыжырды кайнатканы, анын АКШнын батыш штатынын армян диний жетекчи бийликтери-

нин колдоосу алдында өткөрүлгөнү болду.Бул жана ага окшогон окуялардын түпкү маанисин талдоодон мурда, биз 1983-жылынын июль айында Лиссабондогу ( Португалия ) түрк элчилигинин имаратын басып алып, анан жардырып жиберишкен 5 террористке жасалган алардын мамилесин карап көрөлү. Бул акция алардын да өздөрүнүн өлүмү менен ( ошондой эле бейкүнөө курмандыктардын ) аяктаса да, бүт дүйнөлүк армяндык обүиналар аларга "Түбөлүк азап чеккен" деген статус беришти. Бул жөнүндө буткүл Америка боюнча курман болгондорго арналган армяндык чиркөөлөр менен борборлор өткөргөн көптөгөн "эскерүүлөр " өткөрүлгөн:

а) Жекшемби, 1983-жыл, 16-октябрь, Массачусетс штатында "5 лиссабондук азап чеккендерди эскерүүчү саясый слет" деп аталган чогулуш.( "Уикли", 1983-жыл, 15-октябрь);

б) 1984-жылы 21-январда Иллинойс штатындагы Гленью "Бут ыйыктар" апостолдук чиркөөсүндө " лиссабондук бешөөнүн" урматына өткөрүлгөн мемориалдык жыйын.( "Уикли", 1984-жыл, 14-январь);

в) 1984-жылы 22-январда Правиденстеги ыйык Ваптанянцта, Род-Айлендде "лиссабондук бешөө" үчүн өткөрүлгөн мемориалдык жыйын. ( "Уикли", 1984-жыл, 14-январь );

г)1984-жылы 14-январда Мичиган штатынын Диборндогу армян обүинасынын борборунда өткөрүлгөн "лиссабондук бешөө" үчүн жыйын. ("Уикли". 14-январь);

д) 1984-жыл, 28-январда Нью-жерси штатынын Риджлфилде ыйык Вартанянц чиркөөсүндө "лиссабондук бешөө" үчүн өткөрүлгөн жыйын. ("Уикли".1984-жыл, 14-январь);

е) 1984-жыл, 12-январь Вашингтондун жанында Мериленд, Чеви Чейдеги Сурп Хачта "лиссабондук бешөөнө" арналган мемориалдык жыйын.("Уикли", 1984-жыл, 14-январь);

Ишемби күнкү 1984-жылынын 11-февралдагы 400 киши катышкан ыйык Вартанянц чиркөөсүндө өткөрүлгөн ушундай

“мемориалдык чогулуштун” бирин “Арменией уикли” кең-кесири сыпаттап жазган. Ал төмөнкү бөлүктөрдөн турат.

1)ыйык Вартанянц чиркөөсүндө “5 баатырдын” арбагына арналган кыска “Мемориалдык кызмат”.

2)”Скауттардын салгылашуусу” аттуу армян аскеринин жергиликтүү отряды желек менен шам жагуу церемониясын өткөрдү.Кичинекей балдар үч түстүү армян желегин алдына коюп алып, ар бир “баатырды” туурап жатышты.

3) Кийинки актта Арут Мисерльян чыгып көп сүйлөгөндөрдүн биринчиси болду, ал программаны мындайча баштады: ”1975-жылдан баштап армян жаштары дипломатиялык аракеттерден эч нерсе чыкпасын түшүнүп, куралдуу күрөшкө чыгышууда. Бул жигиттерди эстеп кайгы-муңга батпайлы. Ыйлаган убак өттү. Эми тынымсыз күрөштүн мезгили келди.”

4) Сөздөрдөн кийин армян революциялык поэзиянын кезегине аралаш улуттук ырлар аткарылды.

5) Арпи Балиян “Түндүк Американын армяндык бошотуу коомунун” өкүлү төмөндөгүдөй сөз сүйлөдү: “ Биз бул жерге өткөн жылдын июлунда өздөрү билип туруп, кыйноо өлүмгө барган , биздин античтик баатырларыбыздын пантеонуна кошулган беш эр жүрөк жаш жигиттерибиздин эрдигин белгилегенге келдик”

6) Балияндын сөзү кылымдын башынан баштап биздин күндөргө чейинки армян бошотуу кыймылынын өнүгүүсүн көрсөткөн слайд менен коштолду.

7) Кече төмөнкү сцена менен аяктады: “ Окшош кийинип, кара капюшон жамынган беш жигит сценага чыгып, беш баатырдын портреттерине салют берип, анан армянча кара тамга менен жазылган “Менин атым-күрөш, менин аяктоом-жеңиш” деген кызыл тууну жазып көрсөтүштү.(бул лозунг түрк-улуттук “БОЗГУРД” партиясынан “өздөштүрүп” алынган, ага түрктөр, азербайжандар, чечендер, кабардиндер ж.б. кирет-ред.)

*(“Уикли”, 1984-жыл, 11-февраль, 6-7,9 ).*

Кыскасы, бүгүнку армян террористтери так эле 20-жылдардагы террористтердей (Телирян, Ширакян ) эле даңазаланып, өз замандаштарынан баатыр статусуна ээ болушат.

Жыйынтыгында, мен өз көңүлүмдү өткөн мезгил менен азыркы учурду салыштырган тарыхчыга бургум келет, ал ар түрлүү "үзүлбөгөн жиптерди- байланыштарды таап жатпайбы, аларболсо, баары биригип келип эле армян террористтеринин акциялык тармагын түзөт. "Олуя" боло калып ,армяндык террористтик акттар эмки кылымда да уланарына ишенем деп айтам, ( бардык фактылар аны көргөзуп жатат) бул себептерди көрсөткөнгө аракет кылайын. Ал байкоолорду мындайча топтосо болот:

1.**Чиркөөнүн колдоосу**: Ар бир аз сандагы обүинада уюшулган,айланасында топтор чимирилген ядрону - диндин өкүлдөрү түзөт. Бул - чындык. Так чиркөө ишмерлеринин өзү бүт тарыхта армян тилин, адабиятын жана салттарын жоготтурбай, өз паствасынын эсинде сактатып келген.Ошону менен, армян чиркөөсүнүн жетекчилери өлгөн же түрмөдө олтурган террористтерди эскерген мемориалдык иш-чараларга катышканга макул болгондугунун өзу эле армян террористтери өткөрүп жаткан акцияларды колдогондорун аныктайт.

2. **Прессанын колдоосу**: Армяндык да, Кошмо Штаттардагы ангис тилдүү этникалык пресса да армян террористтеринин ишин кенен маалымдашат, аны биз көрсөтүлгөн мисалдардан көрдүк, бул таза болбогондо террористтик актыларды унчукпай колдоо жана ошонусу менен аны өткөрүүгө "макул"дегендик.

Армяндык пресса менен армяндык чиркөө армян диаспорасынын арасында коомдук пикирди түзгөнгө аябай эле таасир берет деп апыртпай эле айтса болот. Мен бир нече жолу баса көрсөткөндөй,терроризмге карата прессанын да чиркөөнүн да мамилеси, ар түрдүү.Тилекке каршы, терроризм- "сылап-сыйпап " жооп бере турган тема эмес."Менин терроризм ыкмамды актоого болот, бирок мен терроризмди колдобойм" деп айтууга

болбойт.Бул жерде “баары, же - эч нерсе” деген ачык жооп керек. Армяндык террористтердин маанисиз өлтүрүүлөрүн ачык айыптай албай, армян чиркөөсү жана армян басма сөзү мындай актыларды өткөргөнгө “макул” деп олтурушат.

Көпчүлүк армяндар коркконунан үн чыгара албай отургандыгын түшүнүп, биз диаспоранын армяндык коомчулугу тигил же бул формада армяндык террористтерди колдоп олтурушканын көрүүдөбүз..

Ушунун баары сезимтал балдарга кандай таасир берет? Армяндык “бойскаут” топторунун тобу чиркөөгө барып, “лиссабондогу беш азап чеккендерди” колдогон мемориалдык жыйынга катышып отурганы эмнени түшүндүрөт? Улуулар өлгөн террористтерди кеп кылганда баатырлар пантеонуна кошуп, азап чеккендер деп олтурушса, алар эмне деп түшүнүшмөк?

Бул суроолордун жообу айдан ачык: террористтер бүгүнкү армян жаштарына “үлгү ала турган мисал”, “баатыр”, алардын иши уланганга татыктуу дегенди билдирет.Андан дагы бул кармалган же өлгөн ар бир армян террористинин орду дагы бир сезимтал жаш улан менен толукталат.Чындыгында, бул армяндык терроризм муундан муунга өтүп, армян терроризминин кайталанарын тушүндүрөт.

Чынында эле, бүгүнкү кунгө тарыхта сабак боло турган иштер бар.Анда армяндык коом 1920-жылкы армян терроризмин ачык айыптоого жөндөмү жоктугу террористтердин “азыркы учуруна” алып келди жана азыркы терроризмди айыптай албаганы, эмки муунда дагы кайталана берерин далилдейт.

**Бул речтин текстинде пайдаланылган иштердин тизмеси:**

“Асбарез”:Армян революциялык Федерациясынын Борбордук Комитетинин АРФ сынын басылмалары.Жума сайын чыгарылуучу англис басмасы менен армян гезити.

“Либаридьян” 1983-жылдын 3-6-ноябрында Иллинойс штатынын Чикагодо өткөрүлгөн Жакынкы Чыгышты изилдей турган жыл сайын өткөрүлүүчү ХУIII сңездиндеги Джерард Либаридьяндын докладынын көчүрмөсү, Докладдын аты: “Азыркы учурдагы армян тарыхындагы саясый зомбулуктун булактары”

“Назер”: Джеймс Назер: “ХХ кылымдын биринчи геноциди”. Нью-Йорк,1968-ж.

“Обсервер”. “Армениан обсервер”. Калифорния штатындагы Голливудда чыгуучу жумалык армян гезити. Редактор-Ошин Кешишян;

“Спектатор”. “Армениан миррор-Спектатор”. Массачусетс штатындагы Ватертаундагы “Байкар” ассоциациясы басып чыгарган жумалык армян гезити. Редактор- Барбара Маргерян;

“Уолкер”- Кристофер Дж. Уолкер: “ Армения, улуттун тириликте калуусу, Нью-Йорк, 1980-ж.

“Уикли” Армяндык “Уикли”. Массачусете штатынын Бостондогу “Гареник” ассоциациясы басып чыгарган армяндык гезит. Жооптуу редактору- Кеворк Донабедян.

## 19-ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:Поль Хенце “Армян зомбулугунун булактары: алар кайдан башталат?” Эл аралык терроризм жана наркотиктер менен байланыш. Анкара, 1984-ж. 179-202-бб*

***Армян зомбулугунун булактары: алар кайдан башталат?”***

Поль Б. Хенце, тышкы иштер боюнча кеңешчи, Вашингтон, АКШ.

# КИРИШ СӨЗ

Армяндарда кандайдыр-бир башкача адамдык же болбосо тарыхый тажрыйбасында зомбулукка жакын кылган бир нерсе барбы? Армяндар менен түрктөрдүн кастыгынын тамыры канчалык терендикке кетет? Армяндардын христиан болгону исламга жоо болгонго түртку береби? Х1Хкылымда армяндык улутчулдуктун күчөгөнү , армяндык улутчулдар өзгөчө провокациялуу иштерге эмне себептен барышат? Эл аралык аренадагы баарынан өжөр жана маанисиз ХХ кылымдагы армяндык терроризм кылымдын аягындагы ХХ кылымдын башындагы Осмон империясынын Х1Х табигый жана сөзсүз болуучу кыйынчылыктардан чыгаруучу жолубу?

Бул изилдөөдө ушул маселелер кезеги менен каралат.Ал өз кезегинде дагы жаңы суроолорду жаратат.Бул изилдөө толугу менен ал суроолорго жооп бере албайт. Анын максаты- бул оор карама-каршылыгы көп проблемаларды тарыхый кеңири алкакка которуп, акыркы он жылдыкта армян-түрк мамилесин салкын көз караш менен кароого жолтоо болгон өтө эле эмоционалдуулукту чектөө.

## Алыскы өткөн мезгил

Армян тарыхын изилдөө оңой эмес.Ал абдан көлөмдүү, татаал, мезгили мезгили менен белгисиз жана карама-каршылыктары көп, анткени армян тарыхчылары көп учурда “байыркылаштырабыз” деп аша чаап кеткен учурлар бар. Изилдөө үчүн бай хроникалык материалдар бар, бирок тексттер жана традициялар окумуштуулар тарабынан башка байыркы элдердей болуп, ар бир деталына так жана сын көз менен каралган эмес. Мисалы, Египеттин, Грециянын жана Римдин тарыхын байыркы цивилизациянын түз тукумдары эмес, башкалар жазган. Бул коомдордун тарыхындагы тексттер жана жазуулар бардык мүмкүн болгон багыттар боюнча ал коомду даңктоого

кызыкчылыктары жок окумуштуулар тарабынан изилденген, антсе да айрымдары, албетте, аны жасашкан. Армян тарыхын изилдөөну жана жазууну көбүн эсе армяндар аткарган. Ошондой эле абал анчалык деңгээлде болбосо да грузиндер, болгарлар, венгерлер жана башка көптөгөн тарыхтын кыйын кезеңин башынан өткөргөн элдерде болгон. Армяндар болсо , биздин көз караш боюнча, өзгөчө, ал тургай еврейлерге салыштырса да, бөлөкчө көрүнөт. Өз тарыхын өздөрү жазгандар өткөн тарыхын көкөлөтө мактаганга жакын болуп, карама-каршылыктарды адилет көз караш менен карагандан алыс болушат.Армяндар буга башка элдерден башкача жакын, ал эми XX кылымдын экинчи жарымында бул тенденция айрыкча күчөдү.

Анын жыйынтыгында, армяндар илгертен бери эле уникалдуу , изги эл болуп, илгертен бери эле азап тарткан улут катары каралып, абалдары кыйын болгон деп аша чаап көрсөтүлгөн. Мындай процесс айрыкча маданий турмушу диаспорада өткөн элдердин арасында басымдуу болгон.Поляктар да ушундай пикирге жакын, бирок армяндарда андай көрүнүш көбүрөөк.Алар өзүнүн жаңы тарыхынын көлөмдүү бөлүгүн өткөн мезгилге проектилеп алышып, анан ал мифологияга айланды.

Армян историографиясында андан башка да проблемалар бар.Анын көлөмдүү бөлүгүндө улут менен мамлекеттин айырмасын билмексен болушат. Армяндардын улут катары пайда болушу белгисиз бойдон калган.Байыркы Урарту мамлекети менен маданий жана территориялык байланыштар бар, бирок тили жана этникалык пайда болуу процессинде олуттуу айырмалар бар.( ж.э. чейинки 1 к.). Территориясы чоң,начар уюштурулган,армяндар азчылыкты түзгөн , аз эле жашаган мамлекет кезин Улуу Армения болгон деп даңазашанат,. Ал ж.э. чейинки 66-ж. Рим тарабынан жок болгон, ошол кезден бери бир дагы бириккен армян мамлекети болгон эмес. Айрым учурда көз карандысыз болгон падышачылыктар жана княжествалар, көбүнчө айланасындагы мамлекеттерге жана империяга көз каранды

болуп жашашкан,  антсе да армяндардын улуттук аң-сезимин өнүктүрүүгө тоскоол боло алган эмес. Христианствону кабыл алуу бул процесске өз салымын кошту. Ал ошондой эле армяндарды айырмаланып тура турган мүнөздөргө ээ кылды  жана тыкыс карым-катнашуу учурунда батыш тарапка- адегенде перстер, анан арабдарга ыңгайлашканга  шарт түздү.Еврейлер сыяктуу эле армяндар өз тарыхында  өздөру жашаган жериндеги саясый бактысыздыктан гана эмес, көбүнчө сатуучу, ишкер, кол өнөрчү жана чет өлкөлүк башкаруучуларга малай болуп жүрүшүп, диаспора навыктарын  эрте үйрөнүштү. Армяндык обүиналар Персияда жана араб өлкөлөрүндө , ошондой эле Византия империясындагы көптөгөн райондорунда христианствого  башкалардан мурда озунуп өтүшкөн.

Армяндар биринчи жолу  ислам менен арабдар өз жерин кайра алууда  ж.э.У11 кылымдын ортосунда  кездешкен.  Ал нахичевандык кыргынга алып келген.( Нахичевань- Түркиянын окшош аттуу шаары, ал жерде академик З. Буниятов белгилегендей, чындыгында эле күйүп кеткен чиркөөнүн калдыктары табылган. Ал шаарды Армян Республикасынын Нахичевань шаарындагы окуя деш  тарыхчылардын арасында кеңири таралган жаңылыштык, (биринчи кезекте- армяндар) 750-жылы болгон бул кыргында армяндык белгилүү адамдардын көбү жок болгон. Антсе да көпчүлүк армяндар арабдык башкарууга ийгиликтүү  жармакташа алышты. Арабдык Арменияның Двин шаары  диний жана соодаборбору болуп кала берген. Армяндар жайгашкан жерлердеКавказ, Анатолий жана Персияны кошкон аймактарда ( чоң аянттарда жалаң армяндар жашаган жер болгон эмес , анткени ал жакта дайыма грузиндер, курддар, перстер, гректер, башка кавказ улуттары) дайыма византиялыктар перстерге каршы, арабдар перстерге каршы импердик атаандашуу жана күрөштөр болуп турган. Бул мезгилге чейин армяндар башка улуттар менен мамилеси  калыптанып, Борбордук Азиядан

Армяндардын Византия империясына жасаган мамилеси менен Осмон империясындагы армяндардын кийинки оор абалынын ортосунда укмуштуудай окшоштуктар бар. Айрым армян княздары византийликтерге каршы күрөшүндө перстердин, арабдардын жана башка мусулмандардын ичинен өздөрүнө таламдаштарды издешкен. Башкалары болсо чыгыш атаандаштарына каршы күрөшүүдөө гректер менен биригишкен. Көптөгөн армяндар Византияга көчүп кетишип, айрымдары императорлук тактыга чейин бийик даражадагы кызматтарга жетишкен. Түрктөр келгенде, аларга каршы туруу үчүн византиялык жана армяндык христиандар биригишкен жок. Монофизиттик (Християндарга гана ишенүү — ред.) сезим армяндар менен гректердин ортосундагы атаандашууну күчөткөн. Армяндык княздар өздөрүнүн абалын адаттагы бийлик үчүн күрөштөй эле көрүшкөн, анткени ал мезгилде саясый жана диний ич ара талаш-тартыштар терең тамырлап кеткен. Армян падышачылыгынын борбору Анини (канчанчысы? — ред.) 1064-жылы сельджуктар басып алганда, жергиликтүү калк кетпей калып калган жана шаар мусулмандардын башкаруусу алдында өсүп —өнүгүүсүн уланткан. Сельджуктар 1071-жылдагы Манзикерт алдындагы кыргындан кийин Анатолиини бойлоп келе жатканда, византийликтердин убагында шаарларда жайгашып алышкан түрдүү армяндык топторду учуратышкан. Ал армяндар үйрөнгөн кесиптери менен алектенишип, өз динин тутушкан.

Менин максатым канчалык кызыктуу болсо да, бул тарыхтын маанисин айтып берүү эмес. XX кылымдагы армян терроризминин себебин ачып түшүндүрө турган фактынын жоктугун баса көрсөтүү болуп саналат. Армяндар бул жерлерде жашаган калган башка элдерден айырмаланчу деле эмес. Алар тынчы жок жигердүү эл экендигин ич ара диний жана саясый бөлүнүп-жарылуусу көргөзүп турат. Ал мезгилде алар көптөгөн кең мүмкүндиктерге тарап кетишкен. Түрктөрдүн Чыгыш Анатолиидеги илгерилеп жылышы жүрүшү гана эмес, дагы ар түрдүү

жагдайлардын түзүлүшү көптөгөн армяндардын Таурус тоолоруна жана Жер ортолук-деңиздин жээктерине көчүп кетүүсүнө алып келди. Ыраакы Чыгышта эки кылым бою басымдуулук кылган мусулмандар менен христиандар ортосунан татаал согуштук аракеттер жана саясый маневрлор көп болгон. Ошондой учурда адаттагыдай эмес Киликий падышачылыгынын Армян мамлекетин чыңдоо үчүн крестчендердин жүрүшүнө катышкандары жакшы эле болгон. Киликий армяндары адегенде крестчедердин жүрүшүнө катышкандарга жакын болуп, өз ара кыз алып, кыз беришсе да алардын иш-аракеттери негизинен византиялыктар менен ислам дининдегилерге каршы болуп келген. Акырында Армян падышалыгы да, крестчендердин жүрүшүнүн катышуучулары да мамлюктардан жеңилген[4].

## Армяндар жана оттомандар

Византиялык мезгилден бери өлкөнүн бардык бөлүктөрүндө аз-аз санда отурукташып калган армяндар үчүн Осмон империясынын Анатолиинин үстүнөн жүргүзгөн бийлигинин чыңдалышы жагымдуу фактор болгон, анткени осмондор көп кылымдардан бери биринчи жолу ири аймактарда тынчтык орнотушуп соода менен өнөр жайдын өнүгүшүнө көмөк көрсөткөн. Осмон империясы кеңейген сайын иш билги армяндардын жери да көбөйүп, кол өнөрчүлөрү, көпөстөрү жана сараптары байыган. Мехмет Жеңүүчү 1461-жылы армян элин улут деп таанып, анын башкаруучусу деп Стамбулдагы патриархты эсептеген. Осмондор түштүк —чыгыш Анатолии менен Сирияны мамлюктардан бошотуп, өздөрү басып алганда, бул аймактагы Киликий падышачылыгынан калып калган армяндар аларды кызуу колдоп, куттукташкан. XVI кылымдан XIX кылымга чейин Осмон империясында чечүүгө туура келген негизги маселелер армяндар сектанттык бөлүнүүлөрүнөн жана өз ара келишпестигинен түзүлгөн.

“Константинополь жана Иерусалим патриархынын жогорку посту, Рим папасы мурдагы шаардан кеткенине карабастан айрым кекирейген тынчы жок адамдар каалаган орун болуп калды, ага өз кишилерин отургузуу үчүн түрк офицерлерине пара берүү менен, армян коомчулугунун бүйрүн кызытты”.

Ушул эле тарыхта гректердин эркиндик үчүн жүргүзгөн күрөшүнүн мезгилиндеги окуялар римди жактырган католик Мехитарист мындайча сүрөттөлгөн:

“Болжол менен ошол эле убакта Түрк өкмөтү гректер менен согушуп жаткан. Түрк флоту Наварино алдындагы кармашууда талкаланганда Султан аябай каарданган. Ал христиандардан кандай болсо да өч алууну көздөгөн. Аны байкаган армян патриархы католик динине өтүп кеткен армяндарды куугунтуктоо үчүн ал ыңгайлуу учурду пайдаланды”[6].

Армяндар түрк бийлигине өздөрүнүн чыр-чатактары менен жагымсыз иштерди жасашса да, XIX кылымдын экинчи жарымына чейин мусулман эмес элдердин ичинен Султанга өтө берилген жарандар болуп эсептелип келген. Греция эркиндик алгандан кийин армяндар Осмон империясынын мамлекеттик кызматындагы жогорку даражалуу орундарды мурдагыдан да көбүрөөк ээледи. Осмон маалымат булактарына таянып, бул маселени армян негиздөөчүлөрү төмөнкүчө баяндайт:

“Тарыхтын бир тарабына басым жасалып, экинчи жагын көлөкөдө калтырган армян маселеси жана “кыргын” деп аталган окуялар жөнүндө жүздөгөн китептер бар. Албетте, мындай китепти окугандан кийин армян-осмон кызматташтыгынын качандыр бир кезде болгондугуна же Осмон империясынын коомдук турмушунда армяндардын ишкердүү катышканына ишенүү кыйын экендиги түшүнүктүү.

Менин изилдөөмдүн максаты “Танзимат” мезгилинде Чыгыш Анатолиянын жана Сириянын администрацияларында армяндардын ойногон маанилүү ролун ачууда жатат. Анатолиянын үч миллион армяндары мамлекеттик кызматтарды ай-

тпаганда, соода, айыл чарба, кол өнөрчүлүк жана кесиптик иш тармактарда иштеп, өлкөнүн экономикалык жана жалпы өнүгүүсүнө канчалык салым киргизгенин түшүнүү керек.

## Тышкы таасирлер

XIX кылымда Осмон империясындагы армяндардын абалын терең өзгөртүүгө тышкы ар башка эки маалымат таасир эткен. Көптөгөн ушундай окуялар сыяктуу эле адегенде алар анчалык маанилүү эместей сезилип, ал тургай көпчүлүк армяндар өздөрү да аларды экинчи даражадагыдай кабыл алышкан. Бул:

Россия империясынын Кавказ тарапка жылышы жана кийинчерээк армян калкынын көбүн өз карамагына өткөрүү жана чет өлкөлүктөрдүн негизинен америкалыктардын Анатолиядагы миссионерлик ишмердүүлүгү жана анда баарынан көп армяндардын утуш алышы.

Алардын тарыхынын башатында армяндар эки бөлүккө бөлүнгөн территорияда а) Перстик Армения; б) Рим-Византия — Түрк Армениясы жайгашышкан: XIX кылымдан баштап негизгиси Орус Армениясын армяндар «мекенибиз» деп эсептешкени менен көбү ал жерлердин чакан гана райондорунда жашаган. Түндүк-батыш Иранда армяндардын саны көп болгон, бирок ал жакта алардын саясый мааниси болгон эмес.

XIX кылымдын биринчи жарымындагы так ушул окуялар армяндардын чакан тобун саясый зордукка үндөгөн тамыры болбосо да, түйүлдүгнүн саясый феномени экенин көрдүк. Албетте, XIX кылымдын аягындагы зордук-зомбулук жана XX кылымдагы экстремисттик терроризм армяндардын Россия империясынын составына кирүүсүнөн же алардын ичиндеги миссионерлердин аракетинен болду деп айтуу болбогон кеп.

Баарынан да мурда зордук-зомбулук оюнда жок, адам өмүрүн коргоого, андан кийин билим берүү жана медицина тармактарына арнаган миссионерлерди күнөөлөгөн туура эмес.

Алар өз ишинде саясый натыйжаларды көздөшкөн эмес. Орустарды күнөөлөгөн андан беш бетер катачылык, антсе да алардын мамилеси ал мезгилдеги державалардан айырмаланбаган. Бүт державалар өз жарандарынын дымактууларын көтөрүп, атаандаштарына кастык көрсөтүп, сестендирүү ыкмаларын пайдаланышкан. Айрымдар аны азыр да колдонушууда.

### Армяндар жана орустар

Россия империясынын түштүккө жылышынын себептеринин ичинде Кавказдагы христиандарды "боштондукка чыгаруудагы "сентименталдуу сезимдер кокусунан болгон. Негизгиси стратегиялык максаттар, алардын ич ара соода жүргүзүү — Осмон империясынын начарлаган убагындагыдай эң башкысы Персид империясы болгон. Петр I мезгилинде эле орустар армяндар менен грузиндерди күчтүү согуштук жана саясый таламдаш катары баалашкан. Армяндардын соодага болгон жөндөмдүүлүгүн эске алып, орустардын коммерциядагы активдүүлүгүн жогорулатууга жардам берет деп ойлошкон. Орустарга жардам көрсөтүү үчүн бир дагы христиан улуту мыкты согуштук күч топтой алмак эмес, анткени грузиндик падышачылык саясый карама-каршылыктан азап тартып, ал эми армяндар грузиндердин кеңири территорияларында (Тифлистин элинин көбүн түзгөн), ошондой эле перстик башкаруу алдындагы түрдүү мусулман хандыктарда жашашкан. Диний байыркы Эгмиадзин борбору башкы армян патриархынын резиденциясы бойдон калган (ал көпчүлүк убакта Стамбул патриархы менен араздашып келген), бирок XVIII кылымдын аягында Эриван хандыгында жашаган элдин 20% гана армяндар түзгөн.

Петр I кавказдык компаниялары туруктуу натыйжаларды камсыз кыла албады. Улуу Екатерினанын башкаруу мезгилинде (1762-1796-жж.) түштүккө орустардын кирүүсү ылдамдады. 1783-жылы Осмон империясынан Крым бошотулуп алынган

жана ошол эле жылы Грузия Россиянын колдоосун кабыл алган. Орустардын Чыгыш Кавказга жана түштүккө — Иранга чечкиндүү киришине бардыгы дапдаяр болуп турган. Бул жакта көптөн бери жашап келген армяндар орустардын келишин жакташкан жана алар жергиликтүү мусулман башкаруучулардын бийлигин бузуп-жарууга пайдаланылды.

Россия негизги территориялык жеңишке биринчи Персия согушунун натыйжасында ээ болду (1804-1813-жж.) жана экинчи Персия согушунда аны бекемдеди (1826-1828-жж.) Түркияга каршы согушка кирерден мурда 1828-жылы Иран Туркменчай тынчтык келишиминин негизинде Эриванды Россияга берүүгө макул болду. Андан тышкары, Россия бул жерлердеги көп армяндарга жашоого уруксат берди. Алар мурда да 50 жыл бою агылып, качып келип турган, анын ичинде Ирандын түпкү жерлеринен айрыкча көп качып келишкен. 1828-жылы Иран менен түзүлгөн келишим бул процесске жаңы импульс берген, ошол эле убакта Россиянын басып алган Кавказ жерлеринен мусулмандар аз аздап бөлүнүп кете баштаган. 1830-жылдан баштап, андан кийин да Россия империясынын элинин бир кыйласын армяндар түзгөн. Эмиграниттардын башынан көп өткөндөй эле, армяндар жаңы жерде жашоого көптөгөн күч жумшашты. Россия империясы илгертен пайдаланчу орус эмес элдердин ичинен элитардык катмарды түзүү принциби армяндарга жага бербей калды. XIX кылымда жалаң эле Кавказда эмес, Россия империясынын башка райондорунда да армяндар офицер, чиновник болуп, кол өнөрчү, ишкердик кесипте иштей алышкан. Алардын саны жалаң эле  табигый өсүштөн эмес, Персиядан жана Осмон империясынан келгендердин эсебинен такай көбөйүп турган. Ар бир орус-түрк согушунун натыйжасында улам жаңы иммигрант — армяндардын агымы Россияга бет алып турган. Армяндар XIX кылымда Россиядагы билим алууга болгон кеңири мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланышты жана өз бет алдынча маданий жана билим берүү институттарын түзө башташты.

Алар Осмон империясында жана Венецияда буга чейинки болгон эски институттарды толуктады. Константинополь XIX кылымда армян маданият турмушунун борбору бойдон калган мезгилде, Тифлисте, Бакуда, Украинанын негизги шаарларында жана Россиянын Европа бөлүктөрүндө диний жана граждандык ишмердүүлүк тез өнүгүп жаткан россиялык армяндар дайыма эле падышанын саясатына ыраазы болгон эмес жана айрымдары өзүнчө чоң автономия болууну самаган. Толуктап айтканда, айрыкча XX кылымдын башталышына чейин россиялык жана армяндык кызыкчылыктар бир багытта өнүккөн. XIX кылымда орус-түрк урушунун үч жолкусунун ар биринде бул тенденциялар өнүгүп жана Осмон империясында, айрыкча Чыгыш Анатолииде жашаган армяндарды өздөрүнүн саясый жана согуштук кызыкчылыгына пайдалануусу Россиянын түркүн айла-амалдарды колдонуусун күчөткөн.

### Армяндар жана миссионерлер

Айрым Американын интеллектуалдары менен саясатчылары биздин өкмөт жаратылышы боюнча империалисттик жана интервенционисттик деп эле догурунушат, чындыгында америкалык эл андай эмес. Республиканын алгачкы тарыхына карасак таптакыр тескери тыянак чыкмак. Өздөрү бутуна туруп, жетиле элек АКШнын өкмөтү аларды мамлекеттердин ишине аралаштыргандан каччу, бирок америкалык соодагерлер, миссионерлер, авантюристтер төгөрөктүн төрт бурчуна барып, башка элдердин ишине күйүп бышып киришише баштаган. Алардын ичинде 1810-жылы америкалык чет элдик миссиялардын өкүлдөрүн 1816-жылы Америкалык библия коомун негиздеген эр жүрөк миссионерлер болгон. Америкалык Башкармалык Евангелияны (бутка табынуучулардын жеринде) үгүттөө үчүн түзүлгөн жана ал ишке жалаң гана Түндүк Американын индеецтерин эмес, мусулмандарды, “Рим-католик дүйнөсүнүн

артта калган бөлүктөрүн”, “Батыш Азиянын номиналдык христиандарын” тартышкан. 1819-жылдын ноябрь айында Оттоман империясындагы Башкармалыктын биринчи миссионерлери Бостондон Измирге жөнөп кетти. Он жылдан кийин Америкалык Башкармалык иштеп жаткан кезде, өзүнүн штаб—квартирасынан Стамбулга биринчи өкүлдөрүн “Арменияны” изилдөөгө жиберди. Эли Смит, Йель университетинин 29 жаштагы бүтүрүүчүсү менен Андовердеги теологиялык мектепти жана Нью-Йорктун түндүк жагындагы Хамилтон колледжин бүтүргөн 27 жаштагы Харрисон Грэй Отис Дуайт Анатолиини кыдырып чыгышып, Токатта, Эрзерумда, жакында согуш майданы болгон Карста болушту. Орус аскерлери кетип жатышкан кезде көпчүлүк армяндар орус территориясына өтүп кетүүгө даярданып жатышты. Жаш миссионерлер “христиандыктын арамзалыгы менен маскаралыктын үлгүсү” болгон орус аскерлерине таң калган, ошондой эле деңгээлде армяндардын динге болгон мамилесине да оздору ачылган; “Сабатсыз калк жер кепелерде жашап, жер алдындагы чиркөөлөрдө сыйынышчу, ал жерде аларга дөдөй дин кызматкерлер акыл-насаат айтышчу”.

Смит менен Дуайт чек арадан өтүп, Тифлиске келишкенде, грузин христиандарынын абалы деле оңуп кетпегенин көрүштү жана грузиндердин алкоголдук ичимдиктерге берилип кетишкенине иренжишти. Кербен сарайга токтошкондо, Жаңы Англиядан алынып келген ромдун килейген бочкасын табышты:

“Биздин мекендештер миссионерлерге чейин кандай шумпайларды жиберген деп ойлодук. Миссионерлерге иш тапкандан мурда өзүнүн уусун сата турган көпөстөргө жол ачып бергени америкалык христиандар үчүн уят эле иш”.[14] Андан кийин алар Нахичевань жана Эчмиадзинге келишти, ал жерде аларды адегенде суз кабыл алышты. Антсе да диний ырым-жырымдарга, кетерине беш күн калганда патриархтын секретары менен теологиялык талаш-тартышка катышышты.

Бул алгачкы мамилелер миссионерлердин армян чиркөөсүнүн —иерархиясына XIX кылымдын аягына чейин катташууга жакын жол ачты. Осмон империясынын бийликтери миссионерлерди түзүк эле кабыл алышты. Түрктөрдүн официалдуу кишилеринин аларды кабыл алууда өз кызыкчылыктары болгон. Алардын мектептерди ачып, заманбап билим берүүнү өркүндөтөлү деген аракеттерин пайдаланып, өздөрү баюуну көздөшкөн. Грециядагы жана Кавказдагы 1820-жылдардагы согуштагы жеңилүүлөр Осмон империясынын аскердик жетекчилигин аскерди модернизациялоонун зарылдыгын ынандырды. Алар ушул мезгилде Осмон империясы менен мамиле түзгөн америкалык деңиз офицерлерин да, миссионерлердин жардамын да четке кагышкан жок. Түрк — америка мамилелериндеги алгачкы карым-катыштар өзүнчө карап чыгууга татыктуу, биз болсо ал окуялардын армяндык аспектине гана токтолмокчубуз. Миссионерлердин негизги күч аракеттери армяндар үчүн орто мектеп ачууга жумшалып, 1834-жылдын октябрында Перада (Бейоглу) ал ачылды.

“Америка Кошмо Штаттарынын өзүндө жаңыдан ишке киришип жаткан институт болуп туруп”, орто мектептин программасы негизинен тилдерди үйрөнүүгө багытталган (англис, француз, италия, байыркы грек, армян жана түрк тилдерин окутуу) жана риторика, арифметика, геометрия, география, эсеп жүргүзүү жана табият таануу илимдерди үйрөнүүнү сунуш кылган. Окугусу келгендер ушунчалык көп болгондуктан 1836-жылы Стамбулдагы армян уюму Хаскоеде 500 адам окуй турган дагы бир мектепти ачууну чечти. Армяндык чиркөө иерархиясы Хаской мектебиндеги протестанттык багытта окутууга каршы болуп, 1838-жылы жабууга мажбур кылган. Бирок, миссионерлерди “номиналдык христиандар” узакка токтото алмак эмес. Ошол убакта алар (миссионерлер) ички Анатолияда башталгыч мектептер менен борборлорду:

Трабзондо, Кайсериде, Тарсуста жана перстердин чек арасынын ары жагындагы Урмиеде ачышты. Жаңы үлгүдөгү мектеп даяр болду. XIX кылымда армяндар арасында миссионердик билим берүү такай өнүгүп жатты.

Осмон империясындагы армяндар башка азчылыкты түзгөн улуттар арасынан миссионерлер үчүн көктөн издегени жерден табылгандай эле болду. Миссионерлер жаңы Англиядагыдай жашоону активдүү салым-киргизүү жана өзүн- өзү жетилтүү аркылуу, жан дүйнөнү куткаруу концепциясын жеке үлгүсү менен тастыктап, миссионерлер армян коомундагы билимдүү азчылыгы тилеген тилегин, тактап айтканда: заманбап билим, өзүнчө өнүгүүнүн формуласы, обүинаны такай жүргүзүлүүчү- рационалдык ишмердүүлүк аркылуу жакшыртууну сунуш кылышты. Бүткүл Америка боюнча ачылып жаткан мыкты колледждерде билим алып жаткан жогорку билимдүүлөрдүн саны өсүп жатканы миссионерлерге майдай жакчу. Аларга өмүрүндө өзгөлөргө пайда келтирүүдөн башка эч нерсенин кереги жок эле. Алар үй-бүлөлөрү менен алыскы, ызгардуу жерлерде жашоого, бүт өмүрүн өзү сүйгөн ишине арноого даяр болчу. Армяндарга болсо миссионерлердин жакшылык иштеринин үзүрүн көрүү үчүн жашаган жерлеринен кетишинин зарылдыгы болбогон.

Миссионерлер жергиликтүү — христиандарды кабыл алууга даяр эле. Анткени алардын Осмон империясындагы жеке статусу боюнча өз динине мусулмандарды киргизүүгө катуу тыюу салынган болчу. Америкалык протестанттык христиандардын модернизациялоону көксөгөн армяндарга кайрылышынын себеби, алар консервативдүү, традицияларды бекем кармаган армян улуттук чиркөөсүнө карама каршы динамикалуулугунда, ачыктыгында эле. Традициялык иерархия миссионерлерге өчөшүп калган. Жаңыдан протестанттыкка өткөндөр 1839-жылы өзүнчө коом уюштуруп алгандан кийин 1846-жылы бул адамдарды патриарх чиркөөдөн ажыратып салганда, 1000 кишиден турган армяндык протестант чиркөөсү официалдуу негизделген.

Ошентип, диний армян сценасында мыкты уюшулган үчүнчү фракция пайда болду. Анткени XVIII кылымда армяндык католиктердин кыймылы тамырлап калган. Католиктик да, протестанттык да армян чиркөөсүн жаңы кабыл алынгандардын санынын көптүгү кызыктырган эмес. Анткени армян обүинасынынын интеллектуалдык жана саясый турмушуна таасири анын мүчөлөрүнүн санына пропорционалдуу эмес, көп болчу. Ошондой эле бул окуялардын башка, көмүскө жагы да бар эле.

"Өздөрүнүн — ишмердүүлүгүн бузук деп эсептебеген америкалык миссионерлер өздөрүн Түркиянын диний эркиндиги үчүн күрөшүүчүлөрү деп эсептешкен"[17].

Улуттук чиркөөнүн армяндык обүинаны өзүнүн артынан ээрчитүү, окутуу мүмкүнчүлүгү начарлаган. Бул процесске өзүнүн энчисин башка факторлор да киргизди, ал эми миссионерлердин таасири катализаторлук ролду ойноду. Осмон империясынын башкаруучулары армян обүинасынын фракцияларга бөлүнгөнүнө тынчсызданышса да, 1840-50-жж. кеңейип жаткан миссионерлердин иштерине тоскоолдук кылышкан жок. Болгария 1850-жылдарда миссионерлердин экспансиясынын негизги чогулган жери болуп калды. Ал эми Роберт Колледж 1860-жылдарда ал жакка жол ачканда, армяндар сыяктуу болгарлар дагы ал жакка тартылган. 1878-жылы Болгария көз карандысыздыкка ээ болгондо, жетекчилеринин көбү Роберт Колледждин бүтүрүүчүлөрү эле[18].

**Армяндардын ойгонушу**

Осмон империясындагы армяндардын ойгонушуна америкалык миссионерлердин таасири тийген. Россия империясынын шаарларында жашаган армяндарда да абал ошондой болуп, турмушун — билим алууда, соодада, коммерцияда катышуу менен жакшырткан.

Армяндардын улуттук чиркөөсүнө миссионерлер тийчү эмес. Алардын орус ортодоксалдуу чиркөөсү менен мамилеси

өтө ысык болбосо да, түзүк эле болчу жана Россия империясында коопсузураак абалда эле. Падыша өкмөтү армян чиркөөсүнүн байыркы резиденциясы Эчмиадзинде болгондугунан саясый утуш алды. Армян интеллигенциясы Түркиядагы армяндардай болуп диний иерархия менен көп чатакташпай, улуттук мүлк- изилдөө иштерин жүргүзүүгө тилди калыбына келтирүүгө жана тазалоого, өз мекендештеринин айыл элинин арасында тарыхый билимди таратуу иштерине жаны ачып киришкиси келип турган. Орус жана түрк армяндарынын катнашуулары XIX кылымда такай өнүгүүнүн үстүндө болгон. Стамбул россиялык армяндар үчүн маанилүү интеллектуалдык борбор болуп, көпчүлүгү ал жакка барып келип турушкан. Орус-түрк чек арасында азыркы учурдагыдай тосмо болгон эмес. Ал жерде бул аймакта жашаган бардык башка элдер ары-бери катташып турган.

Россия империясындагы армяндардын өзүнчө территориалдык же корпоративдик статусу болгон эмес. Закавказьедеги армяндар табигый өсүштүн, иммиграциянын эсебинен такай көбөйгөнү менен армяндар башка аймактарга да кетип турушкан.

Орто кылымдарда негизделген Украинадагы, Польшадагы эски обшиналарда жашоо-тиричилик кайрадан жанданды. Бирок, Россия империясында саясый өнүгүү жана саясый фермент армяндар өзүнчө улут деп эсептелингенине 400 жыл болгон. Осмон империясында жайыраак өнүккөн.

Улуттун жетекчиси катары патриарх обшина шайлаган улуттук чогулуштан жардам алган. Обшина арасында амирлер (банкирлер, бай көпөстөр, жогорку мамлекеттик ишмерлер) жана эскафтар (майда бизнесмендер, сатуучулар, кол өнөрчүлөр) деген топтор таасирдүү болушкан. Интеллигенттердин жаңы классы эки топтон чыккан. Чыгыш дыйкандарынын Стамбулдагы улут саясатына эч кандай катышы жок болчу. Ошондой эле абал борбордо жашаган армян жумушчуларында

да болгон. 1840-жылдарда Стамбулдагы армян обшинасынын бүйүрүн кызыткан толкундоолордун бирден бир себеби — миссионерлердин мектептери жана 1838-жылы Хаской мектебинин жабылышы болгон. Улуттук чогулушту шайлоодо амирлер менен эскафтар атаандашышканы менен бардык обшина арасында кеңири таанылган патриархка чогуу каршы чыгышты. Осмон империясынын өкмөтү бул окуяларга киришип, жыйынтыгында эки улуттук чогулуш түзүлгөн: биринчиси диний, экинчиси жарандык. Талаш-тартыш уланып жатты, эки чогулуш тең демократиялык болбогондуктан, патриарх каршылык көрсөтүп, отставкага кетти. Кумкапи борбордук райондогу армян обшинасы патриархты колдоп, көптөгөн кишилер катышкан демонстрация уюштурушуп, патриархты кетирип тынышкан. Бул окуяларды 1848-жылындагы европалык революциянын армяндык эквиваленти деп кээ бир армян тарыхчылары эсептегендей ойлоо өтө эле алыска кеткен чечим болоор. Ошентсе да, Осмон империясынын армян обшинасы өзүн өзү уюштуруу боюнча ыкчам жана конструктивдүү аракеттеринин жаңы түрүн ачты. Ал иштердин туу чокусу армяндык улуттук конституциясын 1860-жылы кодификациялоо болгон. Заманбап билимдүү интеллигенция бул процессте башкы ролду ойногон.

Конституцияны 1863-жылы султан колдогон. Андан бери Осмон империясындагы армян обшинасынын диний, маданий турмушун жана билим берүүсүн жөнгө келтирүүгө убакыт жетти. Бул окуяларды карап туруп, азыркы учурдагы армян тарыхчылары далилдегендей Осмондук башкаруу негизинен ырайымсыз жана репрессивдүү болгон деп айтуу кыйын. Ал конституцияны кабыл алуунун жыйынтыгы, армян тарыхчысы айтып кеткендей төмөнкүдөй болгон:

“Конституция Түркияда билим берүүнүн пайдубалын орнотту, либералдык идеяны тараткан адабияттык ренессанстын пайда болушуна жардам берди, акыр аягында атамандык башкарууга каршы оппозициянын күчөшүнө алып келди”[21]

Ошентип, 1860-жылдын башында армяндарга келечек, мурдагы өткөн тарыхына караганда жакшы көрүнгөн. Осмон империясында да, Россия империясында да кантсе да тынчтык орноп,өнүгө башташы шаарларда да, айылдарда да калктын санынын өсүшүнө алып келди. Бирок, эске сала турган нерсе, 1860-ж. конституцияны кабыл алууга шарт түзгөн Россияда да, Түркияда да обүинанын турмушун өнүктүргөн билимдүү мугалимдер, кол өнөрчүлөр, ишкерлер калктын аз гана бөлүгүн түзгөн. Анатолиядагы жана Кавказдагы армян дыйкандары мурда кандай болсо, ошондой эле абалда болушкан.

## Зордук-зомбулуктун өөрчүшү

Киликий падышачылыгынын мезгилинен бери армян обшинасы жашап келген алыскы чыгыш Таурус аймагынын Зейтун (Зейтин) районунда османдык башкаруучуларга каршы 1862-жылы көтөрүлүш чыккан. 1618-жылы ага автономияны Мурат IV султан берген "Зейтун жарым жартылай көз каранды бойдон болчу, ал мүмкүн Константинополь менен Закавказьедеги армян интеллигенциясы тарабынан саясий үгүт борбор катары каралгандар".[23]

Биринчи толкундоолор элди козгош үчүн идеялык козутуучу Ховачим келгенде башталды. Ал каражат табыш үчүн Россияга жөнөдү. Согуш мезгилинин мыйзамы боюнча ал Эрзерумда камакка алынып, чыккынчы катары даргага асылган.

1862-жылкы толкундоолор өкмөттүн салык жыйноо боюнча аракеттерин жана бул райондогу мусулман качкындардын бөлөк-бөлөк жерге көчүүсүн күчөттү. Бул башаламандыкта дагы бир Левин деген авантюрист чыккан, ал өзүн акыркы Киликий династиясынан калган тукумумун деп атаган жана француз өкмөтүнөн жардам сураган. Бул аймактын кээ бир мусулмандарынын борбордук өкмөткө доолору болгон. Марашский Пашасы тартип орнотуу үчүн аскерин алып келип, бирок армяндарды

багынта албай койгон. Акыркылар сүйлөшүү үчүн Стамбулга делегация жиберишкен. Ошол убакта армяндык эмиссар Стамбулдан Парижге Португа согуштук экспедицияңды чакыртып ал деп Наполеон IIIтү кысым көрсөтүүгө ынандыруу үчүн жөнөдү. Стамбулдагы консервативдүү армяндык мыкчегерлер ошол эле максат менен ал окуяларга аралашты. Бул жердеги оор факторлор ошол сыяктуу башаламандыктардан анча деле айырмаланган эмес. Алардан айырмаланганы бир гана армяндык фактор болчу, империянын борбордук бийлигинин көп убакта чет жакаларга таасири аз болуп, эч качан изилденчү эмес. Бул жаңжал армяндык улутчулдуктун жеңиши деп даңазаланып, түрк жана россиялык армяндардын арасында кеңири жарыяланды.

"Зейтундук көтөрүлүш"... революциялык идеяларга шыктанган армяндардын дүйнөсүндөгү Түрк Армениясындагы бир катар көтөрүлүштүн алгачкысы болду. Зейтун көтөрүлүшү Константинополдогу айрым армян интеллигенттери менен түз байланышта болгон, аларга 1860 жана 1861-жж. Россиядан түрктөрдүн борборуна келген Микаел Налбадян таасир берген. 1862-жылдын жайында Зейтунда болгон тартип бузуулардан XIX кылымдын акыркы он жылдыгында зордукчулукка көбүрөөк ыктап келе жаткан:

- Интеллигенция кубаттап, көкүткөн улутчулдуктун көп сандаган таасирлүү армян басма сөз каражаттары аркылуу берилиши;

- Аймактардагы абалды курчуткан үгүттөөчүлөрдүн жыл сайын өз ара байланыштарынын күчөгөнү;

-Орус фактору (биздин билишибизче Зейтун окуяларына орустар аралашкан эмес)Крым согушунун убагында орустар армяндарды өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланышкан, ошондуктан армяндардын орустардын жардамын алууга аябай аракеттенгени;

- Европалык фактору,  армяндардын француз өкмөтүнө кайрылуусунун оң чечилгени;

- Осмон бийликтеринин туруксуз мамилеси — бирде өтө тез жооп берүүсү, бирде чечкинсиздиги; аягында чет элдиктердин кысымына туруштук бере албаганы; Стамбул менен чет жакадагы бийликтердин шайкештик аракеттеринин жетишсиздиги;

- 1859-жылы Шамилдин жеңилип калуусунан жана орустардын черкестерге каршы 1860-жылдардагы согуштук операцияларынан кийин Түндүк Кавказдан качкан көптөгөн мусулмандарга Түркия баш калкалар жай бергенде каршылыктын күчөгөнү. 1860 жана 1870-жылдардын ортосунда аз эле дегенде жарым миллион эл жашаган жеринен безген, куурап, жинденген качкындарды Анатолияга жайгаштырышкан. Алар армяндардын орусташып кеткенине жиндери келип, кээ бирде Кавказдан армяндарга каршы үрп-адаттарды, ырым-жырымды ала келишчү жана алардын өкмөт тарабынан туура, так тескелип, башкарылбагандыгы сыяктуу тескери элементтерди көп көрүүгө болот.

1860-1870-жж. армян адабияты менен журналисттердин ишинде дүрүлдөгөн өсүш болду. Экинчи, анан үчүнчү армяндардын билимдүү муундары Түркияда да, Россияда да Батыштын идеяларын, анын ичинде Европадагы модага айланган революциялык идеяларды кубаттай башташты. Миссионерлер мурдагыдай армяндарды интеллектуалдуулукка стимулдаштырган негизги каражат болбой калды. Россиялык армяндарга “Элдик эрк” сыяктуу зордук-зомбулукка үндөгөн орус революциялык кыймылдардын таасири улам күчөп баратты. Армян адабиятынын көбүрөөк бөлүгү тилди тазалоого жана модернизациялоого, тарыхка, поэзияга арналган, бирок саясий активисттер эки өлкөдөгү бир караганда айыпсыз интеллектуалдык карым-катнашын билгизбей жымсалдап, үгүт-саясат жана көтөрүлүштүн негизин түзүшкө күчтөрүн жумшап турушкан.

Эгерде Осмон империясы азыркы учурдагы армян тарыхчылары сүрөттөгөндөй зулум, зомбу-зордукчул болсо, жогоркудай иштер кайдан болот эле?

Түрк Республикасында орун алган эл аралык бажы контролунун жана ички коопсуздук нормаларына салыштырганда (азыркы замандагы мамлекеттердегидей), биздин өлкөдөгүдөй байланышка өтө катуу чектөөлөр болбогондуктан армян журналисттери, пропагандисттери, саясий агенттери, дин кызматкерлери XIX кылымдын экинчи жарымында чек аралардан опоңой эле өтүп, бир бири менен жеңил эле катташкан. Анын жыйынтыгында, армян улутчулдугунун өсүшүнө таасир берген бардык кыймылдар биригип, бийликтин мүмкүнчүлүктөрүнөн бир кыйла ашкан ойдо жок үмүттөрдү жаратып, ыксыз талаптарды коюу башталган.

Миссионерлердин түздөн түз таасири азайган сайын, алардын мектептери менен обүиналык кызматтары кеңейип, чиркөө менен "модус вивенди" (убактылуу макулдашуу — ред.) да өскөн. 1850-жылы оттаман бийликтери армян протестанттарынын өзүнчө статусун тааныганы алардын традициялуу чиркөө иерархиясынын ортосундагы тирешүүсүн азайтып, 1870-1880-жылдарда улутчул интеллигенция улуттук чиркөө менен, алар болсо интеллигенция менен мурдагыдай айыгышып каршылашпай калышты. Эки тарап тең өздөрүн улуттук өсүп-өнүгүү процессинин негизги компонентибиз деп эсептешчү. Эки жак тең аша чапкан күтүү процессине өз салымын кошуп, армян улутчулдугуна алып келди.

## Балкандагы окуялар

Осмон империясы 400 жылдан ашык убакыт көп улуттуу өсүп-өнүккөн өлкө катары жашап, бирок XIX кылымда баары тез эле ыдырай баштады. Улутчулдуктун сели Осмон империясынын бардык райондорун каптады, түрктөр өздөрү болсо аны акыркылардан болуп сезишти. Армяндар жашаган райондордун тынчы кете баштаганы менен, гректердин көз карандысыздыгы үчүн күрөшү башталгандан бери күңкүл сөздөр көбөйүп,

империя чоң территориялык жоготууларга учурады.Армяндар жашаган жер канчалык чуулгандуу болгону менен Балкандагы окуяларга караганда, ал жер тим эле тыптынч булуң сыяктуу болчу.

Босниядагы көтөрүлүш менен Сербиядагы толкундоолор Европа өлкөлөрүнүн Түркияны реформаны ылдамдаткыла деп кысым жасаганда 1870-жылдардын орто ченинде кыйын, коркунучтуу кезең келди. Салоникадагы (анда дагы эле түрктүк шаар эле) 1876-жылдын май айында тополоң чыгарган эл француз жана немец консулдарын өлтүрүп салышты. Стамбулда баш аламандык болуп, табышмактуу жагдайда султан Абдулазиздин өлүгү табылды. Согуш министрине жана тышкы иштер министрине, өкмөткө наразы болуп жүргөн бир аскер офицери өлтүргөн. Сербия Түркияга согуш жарыялады. Жаңы султан Мурат ишенимсиз адам богондуктан, аны августта Абдулхамид алмаштырды. Ошол учурда Россиянын колдоосуна үмүттөнүп, Болгарияда көтөрүлүш даярдалды, бирок уюштуруучуларын осмон бийлигине айтып коюшту. Козголоңчуларды басуу үчүн жергиликтүү регулярдуу эмес аскерлер чогултулуп, артынан кызыл кыргын башталды. Бул иштер билинип калды, анткени болгардык шумдуктуу окуялар жөнүндө британиялык жана европалык басма сөз каражаттары ызы-чуу чыгарып, Осмон империясындагы христиан калкынын тагдыры үчүн бүт Европа чоочулап калды. Армяндык активисттер бул жагдайды өз максаттарына пайдалана коюуну аябай көксөштү, антсе да россиялык мекендештеринин гана көңүлүн бура алышты. Россия болсо негизинен балкандык славяндар үчүн гана тынчсызданып жатты. Падышанын министрлери Крым согушунда жеңилип калганынын өчүн алууга мүмкүнчүлүк келгенин сезе коюшту. Түрктөр сербдер менен согушта жеңишке бат эле жетишти, бирок орустардын коркуткан талабы аларды жарашууга аргасыз кылды. Британия болгардык кут учурган окуялардан кийинки коомчулуктун кысымына карабай, Россиянын кыйраткысы кел-

генине каршы туруп, көптөн бери Осмон империясын колдоп келген мурунку саясатынан тайбады.[26]

Россия Түркияга каршы согуш жарыялатпаш үчүн жыл аягында чакырылган алты державанын конференциясында чечүүчү ролду Британия ойноду. Конференция Сербия менен Монтенегронун коопсуздугун камсыз кыла турган Стамбулдагы АКШнын консулу Шуйлер түзгөн жоболорго каршы турган Болгариянын көз карандысыздыгы жөнүндө декларацияны колдоду. Россия болсо Балкандагы өз кызыкчылыктарын чечкиндүү коргоп, 1877-жылдын апрелинде согуш жарыялады.

Балкандагы салгылашуулар орустар ойлогондон алда канча оор иш болуп чыкты. Алар түрктөрдү жеңгенче Плевнанын алдында эки олуттуу жеңилүүгө туш болушуп, 1878-жылы январда Эдирнени басып алууга жөнөштү. Кавказ фронтунда болсо согуш жарыялангандан кийин орустар тез эле чабуулга өтүшкөн. Алар мурдагы орус-түрк согуштарына караганда чыгыш Анатолиидеги армян калкын пайдалануу үчүн аракеттери күч болду жана көп армяндар аны колдоп кошулушту. Согушта түрктөрдүн жоготуулары өтө көп болуп, тылдагы райондору үчүн кооптонуусу да чоң эле. Карс багынып берди, бирок Эрзерум менен Батум Эфирнеде тынчтык келишими түзүлгөнчө тырышып, жеңилбей турушту. Орустар жарашуудан кийин Чаталкага чейин кирип келишти, бирок Стамбулду басып албасын деп британиялык флот бар күчүн топтоду. Россия күчтөп Түркияны тынчтык келишимге келүүгө мажбурлады да, 1878-жылы 3-мартта Сан-Стефанодо кол коюлду. Армяндык патриарх Стамбулда армяндардын Россияга согуш убагында сиңирген эмгектери үчүн чыгыш Анатолиide армяндардын көз карандысыз мамлекети жөнүндө пунктту келишимге киргизүүгө орустарды ынандырууга аракеттенди. Орустар баскынчылык менен бөтөн жерлерди тартып алып өз территориясын көбөйтүүгө кызыкдар болгон жана көз карандысыз Армения падышага каршы армян революционерлерине терс таасир берет деп чоочулашкан. Бул

жерде биз ошондой кызыкчылыктардын 1920-1921-жылдарда армяндардын көз карандысыздыгын большевиктердин муунтуп жок кылганына алып келгенин көрөбүз. Ошентип, Сан-Стефанодогу келишимдин XVI статьясына патриарх макул болууга мажбур болду, ал жерде Порта армян улутундагылардын арасында реформа жүргүзүүгө убада бергени жана орус аскерлерин чыгарып кетип жатканда мусулмандардын кол салуусунан коргоону камсыз кылуусу жөнүндө айтылган эле.

Британия менен Австрия Россиянын Сан-Стефанодогу келишимди пайдалануусуна жол бергиси келген жок, анткени негизги маселе Россиянын Кавказдагы территориялык кызыкчылыктары эмес, Россия негиздегиси келген Чоң Болгария болчу. Европалык державалар орус-түрк согушун эл аралык деңгээлде чечүүнү талап кылып жатышты. Конференция июнда Берлинде өттү жана армяндар келишимди түзүүдө көбүрөөк пайдалуу шарттарды утабыз деп курдан кур кыялданып жатышты. Антмек тургай орус аскерлери чыгарылганда армяндарды коргоо боюнча келишимдеги иш чаралар алынып ташталды. Ошентип, армяндар осмон бийлигинен кандайдыр реформа боюнча кандайдыр бир келишпестиктер же чатак чыкса, мыйзам негизинде орустардын аларга болушуп, колдоо көрсөтүүсүн талап кыла албай калышты. Анын ордуна, Чоң Болгарияны түзүү оюнан кайтканы үчүн Карс, Батум жана Ардаганды берип Россиянын оозун майлашты. Натыйжада, Түркия дагы, армяндардай эле Берлин келишимин түзүүдө утулуп калды[28]. Берлин келишиминдеги ишке ашпас үмүттөрү таш капкан соң улутчулдардын активисттеринин кыжыры кайнап, кийинки он жылдыкта улутчулдук кыймылдын ашына өнүгүшүнө алып келди.

Сан-Стефанодогу келишим биринчи дүйнөлүк согуштун аягында түзүлгөн натыйжасыз Севрес келишиминен мурдагы армян анналдарына улуу державалардын арам ойлуулугунун далили катары кирди.

Болгария көз карандысыздыкты алды. Армяндар болгарлардын тарыхы даңктуулугу жагынан биздикине жетишпейт деп эсептешчү. Эгерде Болгария көз карандысыздыкка жетсе, а эмне үчүн армяндар ага татыктуу эмес экен? Революциялык улутчулдар 1880-1890-жылдарда мындай аргументтерди көгөрө көтөрүп жатып, алар менен болгарлардын ортосунда болгон негиздүү айырманы атайылап көрмөксөн болуп козгошчу эмес. Болгариянын накта чек аралары жөнүндө ар кандай олуттуу карама каршы пикирлер айтылганы менен, ал жерде бир топ аз сандагы элдер жашаса да, жаңы эле көз карандысыздыкты алган өлкөнүн көпчүлүк эли болгарлар болгон.

Армяндар талап койгон территорияларда анын бири да жок эле. Алар адатта армяндык деп аталган ар бир чыгыш провинцияларында саны боюнча мусулмандардан аз болчу. Ал тургай улутчулдар өзүбүздүн табигый борборубуз деп эсептеген Эрзерум шаарында да армяндар азчылыкты түзүшкөн. Ван шаарында гана (провинцияда эмес) көпчүлүктү түзүп, бирок айланасындагы райондордо мусулмандар көп болгон. Көз карандысыз Арменияда мусулмандарды кууп чыкпаса, армяндар сөзсүз азчылыкты түзмөк[30]. А мусулмандардын укугун кантмекчибиз? Мезгил мезгили менен армяндык улутчулдардын басма сөзүндө ал маселе козголуп турчу, бирок конкреттүү эч кандай чечим кабыл алынган эмес. Ошентип, территория талашуу курчуп, ашынып, бат-бат козголгону менен конкреттүү чечим чыккан эмес. Армян журналисттери жана саясий үгүтчүлөр тарабынан 1880-1890-жылдарда ал маселелер көтөрүлүп жатып, адегенде Арменакан деген талаптары анча курч эмес партия, анан радикалдуу марксисттик “гнчак”, аягында эклективдүү “Дашнак” партиясы түзүлдү. Баары эле революциялык чакырыктарды жарыялап, акыркы экөө көз карандысыздык үчүн күрөштү күчөтүүдө террордук каражаттардын зарылдыгын айтып чыгышкан.

Стамбул армяндардын эң активдүү күрөш жүргүзгөн борбору бойдон калган. Ал жерде активдүү интеллектуалдар, усталар, коммерсант армяндар жашашчу, бирок түрктөргө караганда дагы эле азчылыкты түзүшчү. Стамбулдук армяндар менен көз каранды эмес Арменияның ортосунда кандай мамилелер болушу керек эле? Көбү бул жөнүндө дегеле ооз ачкысы келчү эмес. Бүт Осмон империясында армяндардын революциялык активдүүлүгүнүн коркунуч туудура баштаганын, потенциалы күчөп баратканын кээ бирлери сезишчү. Улутчул революционерлердин ашынган аракеттери армяндар тээ орто кылымдардан бери эле диаспора улуту гана болгонун түшүнүүгө жолтоо болуп жатты.

## Кыйроого алып баруучу жол

Ошентип, 1880-жылдардын аяк ченинде биз толук көлөмдө армяндык зордуктун башатын жана армяндарга каршы зомбулуктун тамырын көрдүк. Зордук-зомбулуктун сөзсүз боло тургузганы ашкере болуп калды, анткени армяндык баскынчылык талаптар улам күчөгөндөн күчөп, акылга сыйбас, кол жеткис болуп бара жатты. Ал талаптар ыксыз болсо да падышалык өкмөттүн өз саясий кызыкчылыгы болгондуктан колдоп армяндык экстремисттерди колдоду. Өкмөт өз жеринде армяндык улутчулдарды такай чектеп турганы менен тымызын колдоо уланып жатты. Армяндык улутчулдар Түркияда да, Россияда да армяндар азчылыкты түзсө деле алар жазганды, үндөгөндү, заговор уюштурууну күчөтүштү. Алар өз күрөшүнө чет элдиктер колдоо көргөзүп жаткандай сезип жатышты.

Осмон империясынын бюрократиялык аппараты жарандарынан жана түрктөрдүн өзүнөн катуу кысым башташты. Алар саясий жана административдик реформаны талап кылышып, алыскы райондорду тартипке салуу уламдан улам кыйындап баратты. Баш аламандык башталса эле өкмөт да, жергиликтүү

обүиналар да абдырап, колдорунан эч нерсе келбей калышчу болду. Алардын зыяны жалаң эле армяндарга эмес, мусулмандарга да тийди. Аягында баары утулду.

1914-жылы согуш башталганда, орустар армяндардын үмүт отун кайрадан жандандырып, чыгыш Анатолиинин армяндарын бешинчи колонна катарында пайдаланышты. Жыйынтыгы эмне болду? Осмон империясы согуш убагында армяндарды депортация кылганда тигилер билмексен болуп, киришпей коюшту. Осмон империясы кулаганда да бириң өлүп, бириң кал дегенсип, мусулмандардын өзүнөн аларды орустар коргошподу. 150 жыл бою дайыма болуп келгендей эле Россия армяндарды өз максаттарына жетүүгө гана керектеп, бирок алар үчүн бир нерселерин курмандыкка чалуу оюна келчү эмес.

Осмон империясында жашаган армян мекендештеринин үч муунунун чектен ашкан жана пайдасыз улутчулдугу көптөгөн нааразычылыктарды, кыжырданууну, бактысыздыкты туудурду. 1920-жылдарда түрктөрдүн официалдуу адамдарына каршы күч колдонуп, зыян келтирүүлөр аз келгенсип, жарнама кампаниялар менен лоббизм, АКШ эч качан Осмон империясына каршы согуш жарыялабаса да, америка-түрк мамилелерин калыбына келтирүүнү көптөгөн жылдарга артка тартты. Совет мезгилиндеги башкаруудагы коллективдештирүү жана "тазалоо Армян Советтик Республикасында да колдонулуп, али күнгө чейин кавказдык армяндар, мусулмандар менен грузиндердин арасында мамиле курч бойдон сакталып турат" деп айтышат. Анткени менен 1970-жылдардын башына чейин армяндар тарабынан эл аралык аренада күч колдонуу жок болучу. Анан эле башталды: армяндык террористтер түрк дипломаттарын өлтүрүп, чет өлкөлөрдөгү түрк мекемелерине ар кандай шумдуктуу окуялар коштогон кол салуулар күчөгөндөн күчөп, террористтер тажрыйба топтоп жатышты. Бул кампания Түркиядагы абалды туруксуз абалга алып келип, ал жердеги демократияны жок кылышка болгон көп аракеттердин бир бөлүгү деп

шектенүүгө бир топ эле негиз болду, ал үчүн мурдагы Советтер Союзу көп каражатты 1970-жылдарда жумшаган жана азыр да жумшап жатышы мүмкүн.

Армяндык обшиналар төгөрөктүн төрт бурчунда, айрыкча Франция менен АКШда андай терроризмге анткор мамиле кылышчу (ачык колдобосо да). Армян чиркөөлөрү өз үгүттөрүндө террористтерди өксөп эскеришет, армяндык обшиналар соттоло турган террористтерге жардамга көптөгөн акчаларды топтошот. Мындай зомбулуктарга жан тартып, ачык эле колдогону армян тарыхчыларынын тарыхты эмоционалдуу бурмалаганынан, этникалык басма сөздөрдө ал иштерди көкөлөтө мактаганынан маданий программалар түзүлүп, мектеп жетекчилерине окутуу программасын жабыштырышканынан дапдаана көрүнөт. Ошол 1970-жылдарда деле америкалык тарыхчы “өз ишенимине өтө берилген” деп атаган элди жоопкерчиликсиз баскынчылык иштерге үндөгөн ашынган экстремисттик версияны табыш кыйын эмес болчу?

Армяндардан чыккан интеллигенттер жана “ист-армян” журналы армян эмес кесиптештерин жектешип, аларды жалган түшүнүк алышкан дешип, армян статистикасына кызыкканын же обңективдүү эрежеде методологияны сыйлап армян, осмон орус тарыхый документтерин үйрөнгөндөрдү жактырышчу эмес. Кызык, азыр кайсы бир армян мугалими Луиз Налбандяндын 20 жыл мурун басып чыгарган “Армян революциялык кыймылы” деген так, туура жазылган илимий эмгегиндей эмгекти жазар бекен?

Буга жакшы мисал болуп армян эмес окумуштуу-энтузиаст, Лондон университетинин кавказдык изилдөөлөрдүн профессору Дэвид Ланга жазган “Армения — цивилизациянын бешиги” деген иши эсептелет. (3-оңдолуп басылганы) Лондон (Ален и Унвин) 1980.

Бул маанилүү айырма жакында чыккан Хью-Сетон-Уотсондун “Улуттар жана мамлекеттер”, Боулдер СО (Вествью

пресс) 1977, ал жерде армяндар “Улут диаспорасы” катары сүрөттөлгөн (383-391-беттер).

Караңыз: Шаддадидн Ани Двин “Ани жана соода жолдору”, “Кавказ тарыхы жөнүндө очерктер”, Лондон (Тейлор) 1953, 104-106-б.

Киликийдеги армян падышачылыгынын окууга ыңгайлуу кыскача тарыхы Т.Боздун “Арменияныи Киликий падышачылыгы” деген китебинде бар. Эдинбург (Лондон, Скоттиш Академик пресс) 1978, 1-33 беттер.

Д-р Джеймс Иссаверденс “Армян чиркөөсүнүн тарыхы”, Венеция (Ыйык Лазардагы армян монастыры) 1875, 243-бет.

Ошол эле жерде, 345-б.

Месроп К. Крикорян “Армяндар Осмон империясынын кызматында” 1860-1908, Лондон (Рутледж Кеган Пол) 1977, 2-3 бет Автор “Анатолиинин үч миллион армяндарына кайрылуусу — бул мифологияны, ашыра апыртууну жактырбаган автордун кызыктуу мисалы. Армян патриархаты 1912-ж. Осмон империясындагы армяндардын саны 2 100 000 адам болгондугун аныктайт. Осмон империясындагы документтер боюнча эл каттоо “Осмон империясынын тарыхы жана азыркы учурдагы Түркия” деген эмгекте цитаталанган, 2-том, Лондон, Нью-Йорк, 1977, 205-бет (авторлор Стэнфорд Дж.Эзел К.Шоу) көрсөткөндөй, 1882-1914-жж. империядагы армян калкынын саны эч качан 1 300 000 адамдан ашчу эмес. Бул татаал маселени толук изилдөө Джастин Мак Картинин “Мусулмандар менен Осмон Анатолиинин азчылыкты түзгөн эли жана империянын жок болушу” Нью-Йорк (Лондон) НЙЮ пресс, 1983. Ал эмгекте официалдуу эл каттоодо цифралар азайтылган деп эсептелет. Ошондуктан автор көрсөткүчтөрдү төмөндөткөндү реалдуу эсептей турган формуланы сунуш кылат. Ошол 1912-ж. армян элинин саны 1 493 276 адамды түзгөн (112-б).

Бул тарых Мюриэл Аткиндин “Россия жана Иран” деген эмгегинде абдан калыс каралган. 1780-1828, Миннеополис (Миннесота Пресс) 1980-жыл.

Статистика менен кыскача жакын таанышуу үчүн Джордж А. Бурнутяндын “Перс Армениясынын эли Россия империясы басып алганга чейин жана кийинки мезгилинде” деген китебин караңыз. 1826-1832, Вашингтон, 1980 (Смитсониандык институт (Уилсон сентр, Кениан институт).

Аллен жана Пол Муратовдор “Кавказдын уруш талаалары, түрк-кавказ чек арасындагы согуштардын тарыхы” 1828-1921, Кембридж, 1953, II. Ошол эле жерде.

Джеймс А.Филд “Америка жана Жер Орто деңизиндеги тынчтык 1776-1882” Принстон, 1969, 92-93-б.

Ошол эле жерде цитаталанган чыгарма, 156-157-б.

Смит жана И.Дуайт “Армениядагы миссионерлердин Кичи Азия аркылуу Грузия менен Персияга сапарын кошкон изилдөөлөр” Т. 1. 215-216-б, Филдедегидей цитаталанган, 157-б.

Роберт менен Даниэль “Ыраакы Чыгыштагы америкалык филантропия” (1820-1861, Афины, Огайо (Огайо Юниверсити пресс) 1970, 46-47-б.

Армян католиктеринин таасири жөнүндө азыркы учурдагы баа берүү бул топтун маанилүүлүгүн аныктоого мүмкүндүк берет:

“Армян чиркөөсүнүн рим-католик тармагы улуттук чиркөөгө караганда адабият менен цивилизацияга көбүрөөк пайда келтирген. Армениянын өзүндө Эрзерум жана башка шаарларды кошпогондо, католиктер аз; Константинополдо бул динге ишенгендер байлардын жана чоңдордун ичинде бир топ эле болгон. Алардын аң-сезими, билими жогорураак, алар Чыгыштын таасирине азыраак берилген “кандаш” туугандарын чала франк деп аташат (франк-европеец деген мааниде). Жакынкы Чыгышта колдонулуучу сөз)”.

Роберт Керзондун цитатасынан “Армения: Эрзерумда жана Россиянын, Түркиянын жана Персиянын чек араларында бир жыл”, Лондон (Джон Мюррей) 1854, 227-бет.

Дэннель, цит. 51-бет.

Филд, цит. 362-бет.

Буга чейинки жана кийинки талкуулоо Луиз Налбандяндын "Армян революциялык кыймылы" деген эмгегине негизделген Беркли, (Лос Анджелес Юниверсити оф Калифорниа пресс) 1963.

Мисалы, Налбандян цит. окуңуз 45-бет.

Налбандян цит. 48-бет.

1850-жылы бир жыл армяндардын арасында жашаган Керзондун суктанар нерсеси аз болгон. Анын көз караштары XIX к. ар кыл улуттагы ондогон жолоочулардыкына окшош:

"Караңгылык жана дөдөйлүк Армениянын төмөнкү таптагы класстарына мүнөздүү, алардын дининдеги бутпарастыгы жылуу өлкөлөрдөгү христиан чиркөөлөрдүн башка бутактарына окшош... Манералары жана каада-салттары түрктөрдүкүндөй, жашоо тиричилигинде, кийиминде ошолордукун туурашат... Константинополдо 100 миңден ашык армяндар жашашат, алар мекениндеги наадан, копол расалардан билимдүүрөөк келип, ал тургай өңү-түстөрүнөн да айырмаланышат. Ал эми Стамбулда жашагандар кылдатыраак, ой жүгүртүүлөрү мыктыраак, бизнесте да кыйын келип, иши өргө жүргөн көпөстөр болуп эсептелет... Магометандардын христиандардан кыйын экендигин алардын арасында жашап көргөндөн кийин акылдуу адам... Бир жагынан бул провинцияларды кылымдар бою эзүүдөн чыккан..... бул негизги себеп болуш керек; бирок түрктөр өз дининин диктатына баш ийет, а христиандар антпейт, түрктөр ичпейт, христиандар мас болушат, түрктөр ак ниет, а христианин — калпычы жана алдамчы, алардын дини ырым-жырымга көмүлүп, жүрүш-турушун багыттай албай калат" Керзон, 221, 232-235 бет. цит. окуңуз.

20 жылдан кийин немец саякатчысы Кавказды кыдырып жүрүп, армяндардын ал жердеги жашоо шартын байкап, ошондой эле жыйынтыкка келген: "600 миң сандагы армяндар өлкөдө такай жашай турган жери жок, аларды ар кайсы жактан кезик-

тирсе болот. Армяндардын дыйкандарынын же башкаларынын тышкы кебетелери, татарларга караганда өзгөчөлөнүп, дароо көзгө урунат (“татарлар” деп азербайжандарды орустар аташкан) Эривань менен Елизаветполь провинцияларындагы татарлар менен аралашып кеткен дыйкандардын тышкы көрүнүшүн ажыратуу кыйын эле. Анткени менен шаарда жашаган армяндар такыр башкача. Алар чындыгында эң жогорку класстагы ишкер. Өлкөнүн бир да айылында бир же бир нече армян евреймин дебеген айыл жок... Митайым, айлакер, өжөр келишип, алар чанда, көбүнчө эч качан адал, ак ниеттүү болушпайт, алар бизнес тармагын ээлеп алышып, бат эле байып, өз аймагына кожоюндук кылып алып айланасындагыларды зулумдук менен эзишет. Ошентсе да, бул айтылган, алардын арасында ак ниет, асыл, акылы, күч-кубаты өлкөгө пайда алып келгендери такыр жок экен дегенди түшүндүрбөйт...” Барон Макс фон Тельман “Азияда Кавказ, Персия, Түркия боюнча саякат”, Лондон (Джон Мюррей) 1975, 1 Т., 40-41-б.

Налбандян цит. окуңуз, 69-б.

22. Налбандян цит. окуңуз, 71-б.

23. К.Ф.Аллен жана Муратов цит. оку., 84-б.

24. Ушул татаал окуяларды кыскача баяндоону Хью-Сетон-Уотсондон караңыз, “Орус империясы”, 1801-1917, Оксфорд (Кларендон Пресс), 1967, 448-459-б.

25. Караңыз: “Болгариянын көз карандысыздыгы”, Филде, цит. ок., 359-373-б.

26. Налбандян цит. ок., 82-83-б.

27. Македония маселеси дагы да болсо Болгария, Югославия менен Грециянын ортосунда коркунучтуу абалды туудуруп турат.

28. Айрым провинцияларда башка христиандардын чакан топтору менен Езидидыга окшогон ортодоксалдуу эмес секталар жашайт.

29. Алардын позициясы азыркы жер талашкан АСАЛАны элестетет. Ал жерди берүү Советтер Союзуна 7-10 млн. түрк

мусулмандар жашаган бир да армяны жок түрк мамлекетинин – бөлүгү берилсе гана ишке ашмак.

30. Саму эл П.Хантингтон "Америкалык саясат — келишпөөчүлүктүн кепили" Кембридж М. А (Гарвард Юниверсити Пресс) 1981, 85-беттен ары окусаңыз болот.

**Армян террористтеринин кылган иштеринин хронологиялык обзору (1973-1987)**

**20-ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы: түзгөн д-р Хит У.Лоури, жооптуу директор, Түрк изилдөөлөр институту, корпорация, Вашингтон, Колумбия федералдык округу.*

1973-жыл 27-январь

Америка Кошмо Штаттары (Санта-Барбара, Калифорния): 78 жаштагы армян эмигранты Гурген Яникян Мехмет Байдарды (Лос-Анджелестин түрк генералдык консулу) жана Бахадир Демирди (Лос-Анджелестеги түрк консулун) өлтүрдү; Өлтүрүү Санта-Барбарадагы "Билтмор" мейманканасында ишке ашырылган. Бул өлтүрүүлөр бүгүнкүгө чейин созулган армян терроризминин тизмегинде биринчиси болуп, б.а. Яникян азыркы учурдагы армян терроризминин ана башчысы болду.

1973, 4-апрель

Франция (Париж) Түрк элчилигинин имаратынын жана Түрк авиатранспорт компаниясынын алдында эки бомба бир убакта жарылды. Эч ким жапа чеккен жок, бирок кыйроо бир кыйла болгон. Эч ким жоопкерчиликке тартылбаса да, укук органдары кылмыш иши армяндык топтор тарабынан жасалган деп ишенимдүү эсептешет.

1973, 26-октябрь

Америка Кошмо Штаттары (Нью-Йорк, штат Нью-Йорк) Түрк маалымат кызматы. Генералдык Консулга адрестелген по-

сылкада бомба менен кат салыныптыр. Ал топ өзүн 1973-жылы 27-январда Санта-Барбара Калифорния штатында эки адамды өлтүргөн адамдын атынан “Яникян отряды” деп өздөрүн атагандардан келген. Бомба полиция тарабынан зыянсыздандырылган.

1975, 20-январь

Ливан (Бейрут). 1978-жылы пресс-конференциянын жүрүшүндө Арменияны бошотуу үчүн армян жашыруун аскеринин (АСАЛА) атынан чыгып сүйлөгөн киши “Анын тобунун биринчи операциясы Бүткүл Дүйнөлүк Чоң чиркөөнүн Бейруттагы мекемелери жардырылган 1975-жылы 20-январда болгон”, - деп жарыялады.

1975, 7-февраль

Ливан (Бейрут). Түрк маалымат агентствосунун жана туризм боюнча бюросунун имаратынын астына бомба коюлуп, аны зыянсыздандырууга аракеттенген полицейский жарадар болгон. Жардырууга жоопкерчиликти командачы Гурген Яникяндын тобу — АСАЛА моюнуна алган.

1975, 20-февраль

Ливан (Бейрут). Бейруттагы түрк автотранспорт компаниясынын имаратынын алдында бир килограммдык бомба жарылып, бир топ кыйроо болгон. Жоопкерчиликти АСАЛА, командачы Гурген Яникяндын тобу өзүнө алган.

1975, 22-октябрь

Австрия (Вена). Үч куралданган кылмышкер Венадагы түрк элчилигине кирип келип, Түркиянын элчиси Даниш Туналиджилди өлтүрүп кетишкен. Үч бандит качып кетүүгө үлгүргөн, алардын автоматтык куралы Израилде, Улуу Британияда жана Венгрияда чыгарылган. Кол салууга жоопкерчиликти өзүн Армяндык Бошотуу Аскери деп атаган топ алган.

1975, 24-октябрь

Франция (Париж). Түркиянын Франциядагы элчиси Измаил Эрез элчиликке жакын эле жерде өз автомобилинде өл-

түрүлгөн. Кол салууда элчинин айдоочусу Талип Енер да каза тапкан. Адегенде жоопкерчиликти "Армян элинин геноциди үчүн кек алуучулардын десанттык отряды" деген топ алса, кийинчерээк бирөө Франс Пресс агенттүүлүгүнө телефон чалып, бул өлтүрүү АСАЛАнын иши деген. (Арменияны бошотуу үчүн армяндык жашыруун аскер) Мындан ары АСАЛА.

1975, 28-октябрь

Ливан (Бейрут). Түрк элчилигин ракета менен аткылоодон Бейрутта бир топ кыйроолор болгон. Ага жоопкерчиликти АСАЛА алды.

1976, 16-февраль

Ливан (Бейрут). Бейруттагы Түрк элчилигинин биринчи секретары Октар Сиритти Хамра Стриттин кабылдамасында олтурганда террорист атып өлтүрүп, өзү качып кеткен. Жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1976, 17-май

ФРГ (Франкфурт, Эссен, Көльн) Үч немец шаарларынын түрк консулдуктарында жардыруу болуп, олуттуу кыйроо болгон. Бир да топ жоопкерчиликти мойнуна албаганы менен анонимдүү звонок менен кылмышкерлер армяндар деп айтылган.

1976, 28-май

Швейцария (Цюрих). "Гранти" Түрк банкынын Швейцариядагы филиалы жана эмгек маселеси боюнча түрк атташеси жайгашкан имаратта эки бомба жардырылган. Туризм боюнча түрк бюросунун имаратына коюлган бомба жарыла электе зыянсыздандырылган. Бир дагы топ мойнуна албаганы менен жардырууларды уюштургандар "Армян элинин геноциди үчүн кек алуучулар адилеттик тобу" мындан ары (АЭГҮКАТ) экенине укук тартип органдары бөркүндөй ишенет.

1977, 2-май

Ливан (Бейрут). Күчтүү жардыруудан Түркиянын согуштук атташесинин (Нахит Каракай) менен Түркиянын административдик-чарба маселелери боюнча атташеси Ильхан Озбабакан-

дын автомобилдери иштен чыккан. Жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1977, 14-май

Франция (Париж). Париждеги Түрк туризминин бюросунун имаратында жардыруу болуп, анын натыйжасында швейцар жеңил жарадар болгон. Кол салуу үчүн эки түрлүү армян:

а) "Жаңы армяндык каршылык көрсөтүү" жана

б) "Жаштардын чыгышы" топтору жоопкерчиликти өздөрүнө алды.

1977, 29-май

Түркия (Стамбул). Стамбул аэропорту Өшилкөйдө зор бомба жарылып, натыйжада 5 адам каза таап, 42си жарат алган (анын ичинде АКШнын жараны). Ошол эле күнү Стамбулдагы Сиркеси вокзалында ошондой бомба жардыруу болуп, 10 киши жарадар болуп, бир адам өлгөн. Вокзалдын имараты катуу жапа тарткан. Грециянын Франс Пресс агенттүүлүгүнө телефон чалынып, "28-май атындагы Армян уюму" деп аталган топ жардыруулар үчүн жоопкерчиликти мойнуна алган.

1977, 6-июнь

Швейцария (Цюрих). Катуу жардыруунун натыйжасында түрк Хусейн Бюльбюлга тийиштүү дүкөн жардырылган. Эч бир топ жоопкерчиликти албаса да, армян террористтеринин иши деп божомолдонот.

1977, 9-июнь

Италия (Ватикан). Түркиянын Кафедралдык Чоң чиркөөсүндө (Папа кызмат кылган жерде) элчи Таха Каримди өз резиденциясынын алдында эки террорист өлтүрдү. Бейруттагы маалымат агенттигине телефон чалып, "Армян геноциди үчүн кек алуучу адилеттик тобу" (АГҮКАТ) жоопкерчиликти алды.

1977, 4-октябрь

АКШ (Лос-Анджелес, Калифорния штаты). Лос-Анджелестин Калифорния университетинде түрк тарыхын изилдеген америкалык еврей профессор Стенфорд Шоунун үйүнүн алдын-

да жардыруу болду. Эч ким жапа чекпегени менен жардыруу бир топ кыйроого учуратты. Юнайтед Пресс Интернэшнл — (ЮПИ)дин маалымат агенттүүлүгүнө белгисиз бирөө телефон чалып, “Армян тобу — 28” жоопкерчиликти өзүнө алат деген, укук сактоо органдары “Армян элинин геноциди үчүн адилеттүүлүк тобу” (мындан ары АЭГҮАТ) дегендер аралашкан деп эсептешет.

1978, 2-январь

Бельгия (Брюссель). Бомба жардыруудан түрк банкынын кызмат көрсөтүү имараттары бузулган. Жоопкерчиликти “Жаңы Армяндык каршылык көрсөтүү” тобу мойнуна алган.

1978, 2-июнь

Испания (Мадрид). Автомат менен куралданган үч террорист түрк элчисинин (Зеки Кюнеральп) машинасына элчиликтен чыгар замат кол салышты. Ал жерде элчинин аялы Некла Кюнеральп жана отставкадагы элчи Бешир Балси-оглу дагы курман болушту. Испан улутундагы айдоочу Антонио Торрес жарат алып, операция убагында ооруканада каза болду. 3-июнда анонимдүү түрдө бирөө телефон менен АСАЛА жоопкерчилик аларын, ошондой эле кабарды АЭГҮАТ маалымдады.

1978, 6-декабрь

Швейцария (Женева). Түрк консулундагы имараттын алдында жардырууда олуттуу бузулуулар болду. Жоопкерчиликти “Жаңы армян каршылык көрсөтүү” тобу алды.

1978, 17-декабрь

Швейцария (Женева). Женевадагы Түрк авиатранспорт компаниясынын имараты жардыруудан олуттуу бузулду. Жоопкерчиликти АСАЛА алды.

1979, 8-июль

Франция (Париж). Франциянын борборунда төрт түрк мекемесинде бомба жардырылды:

Бомба түрк авиатранспорт компаниясынын имаратында;

Экинчиси — эмгек маселеси боюнча атташенин имаратында;

Үчүнчүси — туризм боюнча түрк бюросунда;

Төртүнчүсү — Түркиянын экономикалык кызматташуу жана өнүгүү боюнча уюмунда (ЭКӨБУ) бомба коюлуп, жардырууга чейин полиция зыянсыздырганга үлгүргөн.

Анонимдүү звонок Франс Прессте АЭГҮАТ жоопкерчиликтүү экенин кабарлаган.

1979, 22-август

Швейцария (Женева). Бомба Женевадагы түрк консулунун машинесине коюлуп, ал өзү аман калып, жолдо өтүп бараткан эки швейцарец запкы жеп, эки машине бузулган. Жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1979, 27-август

Германия Федеративдүү Республикасы (Франкфурт). Жардыруулардын кесепетинен Франкфурттагы түрк авиатранспорт компаниялары талкаланган. Өтүп бара жаткан трамвайдагы жүргүнчү жарадар болгон. Жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1979, 4-октябрь

Дания (Копенгаген). Кагаз салчу себетке салынган бомба түрк авиакомпаниясынын жанында жарылып, имарат бузулуп, эки датчан жарадар болгон. Жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1979, 12-октябрь

Нидерланды (Гаага). Түрк элчиси Оздемир Бенлердин 27 жашар уулу Ахмет Бенлерге жолдун кесилишинде өз машинесин жүргүзгөн жеринде ок атышып, каза болгон. Делфтеги техникалык университеттин докторанты өлтүрүлгөнүнө 10 киши күбө болгон. Кылмышкер качып кеткен. Эки террордук уюм АСАЛА менен АЭГҮАТ жоопкерчиликти алган.

1979, 30-октябрь

Италия (Милан). Жардыруунун натыйжасында түрк авиатранспорт компаниясынын имараты олуттуу зыянга учурады. Жоопкерчиликти өзүнө АСАЛА алды.

1979, 8-ноябрь

Италия (Рим). Жардыруунун натыйжасында Түрк элчилигинин имараты катуу бузулган. Ал жерде туризм боюнча атташе да жайгашкан эле. Жоопкерчиликти өзүнө АСАЛА алды.

1979, 18-ноябрь

Франция (Париж). Жардыруунун кесепетинен Париждин борборундагы авиакомпаниялардын үч имараты бузулган:

Түрк авиатранспорт компаниясы;

КЛМ, Дания авиатранспорт компаниясы;

Люфтханса, немец авиатранспорт компаниясы.

Натыйжада эки француз полицейскийи жарат алып, бул үч окуя үчүн жоопкерчиликти өзүнө АСАЛА алган.

1979, 25-ноябрь

Испания (Мадрид). Америка авиатранспорт компаниясынын Мадрид филиалында жана "Британдык авиакаттамдар" компанияларынын алдында жардыруулар болгон. АСАЛА компаниясы өзүнө жоопкерчиликти алып, бул Пол Джон Полго Түркияга белгилеген визитинен айнып, барбасын деген эскертүү деп маалымдашкан.

1979, 9-декабрь

Италия (Рим). Римдин борборунда эки жардыруу болуп, натыйжада "Панам" америкалык авиатранспорт компаниясынын, "Британдык авиакаттамдар" жана "Филиппиндеги авиакаттамдар" дегендердин имараттары бузулган. Натыйжада 9 адам жарадар болгон. Бул жардыруулар үчүн жоопкерчиликти өздөрүн "Жаңы Армян каршылыгы" деп атаган топ алган.

1979, 17-декабрь

Бириккен Королевство (Лондон). Жардыруудан Түрк авиатранспорт компаниясынын Лондондогу филиалында олуттуу зыян келтирилген. Жоопкерчиликти өздөрүн "Арменияны бошотуу үчүн фронт" деген топ алган.

1979, 22-декабрь

Франция (Париж). Түрк элчилигиндеги туризм боюнча атташеси Елмаз Шолпан, эл быкпырдай кайнаган Шанз Элизеде

(Елисей талааалары) бандиттин колунан каза тапкан. Жоопкерчиликти бир нече топ, анын ичинде АСАЛА, АЭГҮАТ жана "Геноцидге каршы армян күрөшүүчүлөрдүн тобу" алган.

1979, 22-декабрь

Нидерланды (Амстердам). Түрк авиакомпаниясынын алдында болгон жардыруу олуттуу бузулууларга алып келди. Жоопкерчиликти өзүнө АСАЛА алды.

1979, 23-декабрь

Италия (Рим). Римдеги (Дина пансиону) Бүткүл Дүйнөлүк чиркөөлөр советинин алдындагы качкындар маселеси боюнча борбордун алдында жардыруу болду. Бул борбор Ливандан качкан армян качкындарын жөнөтүп туруучу пункт катары пайдаланылчу. Жоопкерчиликти АСАЛА өзүнө алып, италиялык бийликтерди "Армян диаспоралары" менен ойнобошун эскертти.

1979, 23-декабрь

Италия (Рим). Француз авиатранспорт компаниясынын римдик филиалынын алдында жана "Транс Уорлд Эйр Лайнс" авиатранспорт компаниясында үч жардыруу болду, анын азабынан жөн эле өтүп бара жаткан бейкүнөө көп адамдар жарат алышты. АСАЛА жоопкерчиликти мойнуна алып, бул бомбалар "Францияда жашаган армяндарга каршы репрессиялык терс сөздөрү үчүн жооп берген чаралар" деп жарыялаган.

1980, 10-январь

Иран (Тегеран). Түрк авиатранспорт компаниясынын алдында жардыруу болуп, имараттар бир топ талкаланган. Жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1980, 20-январь

Испания (Мадрид). "Транс Уорлд Эйр Лайнс" америка авиатранспорт компаниясынын, "Британдык авиакаттамдар" компаниясынын, ошондой эле "Сунс Эйр", "Сабена" компанияларынын алдындагы жардыруулардын сериясы көптөгөн адамдарды жарадар кылды. Жоопкерчиликти "Армян элинин геноциди үчүн адилеттүү сот тобу" деген группа алды.

1980, 2-февраль

Бельгия (Брюссель). Брюсселде түрк авиатранспорт компаниясынын имаратынын жана Советтик Аэрофлоттун алдында эки бомба 5 мүнөттүн ичинде биринин артынан бири жарылды. Официалдуу билдирүүсүндө "Жаңы армяндык каршылык көрсөтүү" тобу эки жардыруу үчүн жоопкерчиликти өз моюнуна алды.

1980, 2-февраль

Франция (Париж). Париждеги советтик элчиликтин маалымат борборунда жарылуу болуп, жоопкерчиликти "Жаңы армяндык каршылык көрсөтүү" тобу моюнуна алды.

1980, 6-февраль

Швейцария (Берн). Берндеги Түрк элчилигинин алдында террорист өз автомобилинде олтурган Түркиянын элчиси Доган Тюркменге ок атып, жеңил жарадар кылган. Шектүү киши өлтүргүч Макс Клинджян деген армян кийин Марселде кармалып, Швейцарияга тергөөгө кайтарылган. Жоопкерчиликти өзүнө террорлук АЭГҮАТ тобу алган.

1980, 18-февраль

Италия (Рим). Эки жардыруудан кийин үч авиатранспорт компаниясынын (Суис Эйр, Эль Аль жана Луфтханса) имараттарына зыян келген. Жоопкерчиликти АСАЛА алган. Рим маалымат агенттигине бирөө телефон чалып, үч авиакомпаниянын жардырылышынын себептери төмөндөгүдөй деген:

а) Суис Эйрди — швейцар өкмөтүнө күнөөсүз армяндарды олтургузбагыла деп алдын ала эскертүү;

б) Луфтхансты — түрк фашизмине жардам бересиңер деген шылтоо менен немец өкмөтүн жазалоо;

в) Эль Адь — сионизм менен байланышы үчүн...

1980, 10-март

Италия (Рим). Түрк авиатранспорт компаниясынын жана туризм боюнча Римдеги Пиацца делла Республикалык имараттары эки күчтүү жарылууга дуушар болду. Катуу жарылуу тол-

кунунда эки италиялык адам каза таап, 14 киши жарадар болду. Жоопкерчиликти өзүнө "Жаңы армян каршылык көрсөтүү" тобу мойнуна алган.

1980, 17-апрель

Италия (Рим). Үч армян террористи Түркиянын элчисин Папа Весди Тюрел кызмат кылган. Кафедралдык чоң чиркөөдө атышкан, элчи өз резиденциясына жакын жерде өз автомобили менен өтүп баратканда жеңил жарадар болгон. Кол салууда сакчысы менен айдоочусу Тахсын Гювенчи дагы жарат алышкан. Жоопкерчиликти мурдагыдай эле АЭГҮАТ алган.

1980, 19-май

Франция (Марсель). Марселдеги түрк консулдугуна багытталган ракета учурунда зыянсыздандырылган. Жоопкерчиликти АСАЛА менен "Кара апрель" атаган топ алган.

1980, 31-июль

Греция (Афины). Түрк элчилигинин башкармалыгынын атташеси Галиб Озман жана анын үй-бүлөсүнө машинеде баратканда армян террористтери кол салган. Галиб жана 14 жашар кызы Неслихан каза табышты. Анын аялы Севиль жана 16 жашар уулу Каан жарадар болушту. Эки кишинин өлүмү үчүн жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1980, 5-август

Франция (Лион). Эки террорист Лиондогу түрк консулдугуна кирип келишип, швейцардан консулдун кайда экенин сурашкан. Анан аткылай башташып, натыйжада ошол жерде олтурган эки адам курман болуп, бир нече адам жарадар болгон. Жоопкерчиликти өзүнө АСАЛА алган.

1980, 11-август

АКШ (Нью-Йорк). Эки "жасалма бомба" түрк мекемесинин алдына ташталган (ООНдун алдындагы түрк консулдугунун түрк делегациясы жайгашкан жерде). "Бомбага" тиркелген катта, бул акциянын максаты — империалисттик түрк өкмөтүнө армян элине каршы жасалган кылмыштарын эске салуу деп жазылган. Катта "Армян тобу" деп кол коюлган.

1980, 26-сентябрь

Франция (Париж). Түрк элчилигинин басма сөз боюнча советниги Сельжуна Бакалбашиге эки жолу ок атышкан. Бакалбаши тирүү калып, бирок жараттардын айынан шал болуп калган. Жоопкерчиликти АСАЛА жана “Армян жашыруун армиясынын уюму” деген топ алган.

1980, 3-октябрь

Швейцария (Женева). Жардырууга даярданып жатып, 2 армян террористи Женевадагы мейманканадагы өз номеринде жарадар болушкан. Швейцар полициясы экөөнү тең Калифорниянын Каноза Паркынан Сюзи Махсереджянды жана Александр Еникомечиянды камакка алышкан. Кылмышкерлердин камалуусу алар тиешелүү болгон АСАЛАнын жаңы “3-октябрь деген уюмун” ачууга түрткү берип, ал топ кийин бүт дүйнө жүзүндөгү швейцариялык мекемелерге кол салышкан.

1980, 3-октябрь

Италия (Милан). Эки италиялык адам түрк авиатранспорт компаниясынын алдындагы жардыруудан жарадар болушкан. Жоопкерчилигин АСАЛА алган.

1980, 5-октябрь

Испания (Мадрид). Жардыруудан Италия Алиталим авиакомпаниясынын имараты бузулган, 12 адам жарадар болгон. Жоопкерчиликти “Арменияны бошотуу үчүн жашыруун аскер” деген уюм алган.

1980, 6-октябрь

АКШ (Лос-Анджелес, Калифорния). Лос-Анджелестеги түрк генералдык консул Кемал Арикандын үйүнө күйүүчү заттарды ыргытышып, имаратка бир аз зыян келген. Анонимдүү телефон жардыруу армяндар үчүн жасалды деп билдирген.

1980, 10-октябрь

Ливан (Бейрут). Батыш Бейрутта швейцар мекемелери жардырылган. Бир нече күндөн кийин “3-октябрь уюму” деп аталган топ жоопкерчиликти алып, Англиядагы швейцариялык мекемелерде да ошондой акциялар жасалган.

1980, 12-октябрь

АКШ (Нью-Йорк, Нью-Йорк штаты). Уурдалган машинеге бомба салышып, Нью-Йорктогу түрк мейманканасынын жанында жардырышкан. 4 америкалык адам жарадар болуп, коңшу имараттар олуттуу зыян тартышкан. АЭТҮАТ уюму маалымат каражаттарына телефон чалышып, жоопкерчиликти өз мойнуна алышкан.

1980, 12-октябрь

АКШ (Лос-Анджелес, Калифорния). Америкалык түрк жетектеген Голливуддагы саякат агенттүүлүгүнүн имараты жардырылган. Террордук АЭТҮАТ тобу жоопкерчиликти алган.

1980, 12-октябрь

Бириккен Королевство (Лондон) Лондондогу түрк туризм жана маалымат бюросунун имараты жардыруудан жапа чеккен, жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1980, 12-октябрь

Бириккен Королевство (Лондон) жардыруудан Лондондогу швейцариялык соода комплекси бузулган. Телеграф агенттигине телефон чалганына караганда "3-октябрь уюмунун" колунан келгени аныкталган.

1980, 13-октябрь

Франция (Париж). Париждеги швейцариялык туризм бюросунун имараты жардырылды. "3-октябрь уюму" жоопкерчиликти алды.

1980, 21-октябрь

Швейцария (Интерлейки). Парижден Интерлейкиге кетип бараткан швейцариялык поездде белгилүү убакта жарыла турган, бирок жарылбай калган бомба табылган. Органдардын пикири боюнча "3-октябрь уюму" тарабынан бомба коюлган.

1980, 4-ноябрь

Швейцария (Женева). Женевадагы соттун имараты жардыруудан катуу жапа чеккен. Швейцариялык бийликтер биздин пикирибиз боюнча — бул АСАЛАнын эки террористинин кыл-

ган иши деп жарыялашты (Сюзи Махсереджян жана Александр Еникомечиян). Алар 1980-жылы 3-октябрда камакка алынган. Кийинчерээк жоопкерчиликти “3-октябрь уюму” мойнуна алды.

1980, 9-ноябрь

Франция (Страсбург). Страсбургдагы Түрк консулдугунун имараты жардыруудан катуу талкаланган. Жоопкерчиликти АСАЛА “Түрк-курд жумушчу партиясы” (ТКЖП) менен бирге иштеген топ экөө алды.

1980, 10-ноябрь

Италия (Рим). Римдеги авиатранспорт компаниясы менен туризм боюнча бюронун имараттарын жардыруулардан 5 адам жарадар болду. Жоопкерчиликти дароо эле “3-октябрь уюму” алды. Кийинчерээк АСАЛА жана ТКЖП да мойнуна алышты.

1980, 19-ноябрь

Италия (Рим). Жардыруунун натыйжасында Түрк элчилигинин туризм боюнча бюросунун өкүлдөрү жана түрк авиатранспорт компаниясы жайгашкан имараттар бузулду. Жоопкерчиликти АСАЛА алды.

1980, 25-ноябрь

Швейцария (Женева). Жардыруунун натыйжасында Женевадагы Бириккен швейцариялык банктын имараты бузулган. Жоопкерчиликти өзүнө “3-октябрь уюму” алды.

1980, 5-декабрь

Франция (Марсель). Марселде полициялык эксперт швейцариялык консулдукка коюлган бомбаны зыянсыздандырды. Аны “3-октябрь уюму” койгон деп эсептешет.

1980, 25-декабрь

Швейцария (Цюрих). Цюрихтеги К Лоте аэропортундагы радиолокациялык текшерүү аппараты жардыруунун натыйжасында катардан чыккан. Экинчи бомба аэропорттун учуп чыгуучу-конуучу тилкесинде коюлуптур, бирок эксперттердин атайын отряды тарабынан табылып зыянсыздандырылган. Жоопкерчиликти “3-октябрь уюму” алган.

1980, 29-декабрь

Испания (Мадрид). Мадриддеги “Суис Эйр” компаниясынын имаратындагы жардырууну изилдегенге катышып турган испан репортеру оор жарадар болгон (телефондон өз гезитине кабар берип жатканда ал турган телефон будкасынын жанында экинчи бомба жарылган). Эки жардыруу үчүн жоопкерчиликти “3-октябрь уюму” алган.

1980, 30-декабрь

Ливан (Бейрут). Ал жерде Кредит-Суис компаниясынын имараты жардырылган. Жоопкерчиликти “3-октябрь уюму” алган.

1981, 2-январь

Ливан (Бейрут). АСАЛАнын официалдуу басма сөзү “Бүт дүйнө жүзүндөгү швейцариялык дипломаттарга кол салабыз” деген опуза менен чыгышты. Бул билдирүү Швейцариянын түрмөсүндө олтурган “Сюзи энд Алекс” деген АСАЛАнын эки террористине жаман мамиле кылынат имиш дегенге жооп катары жасалган. АСАЛА 4-январда бул швейцарлардын кызыкчылыгына жооп бербеген чаралар 1981-жылдын 15-январына чейин токтотула турат деген маалымат жарыялаган.

1981, 14-январь

Франция (Париж). Париждеги Түрк элчилигинин финансы кеңешчиси Ахмед Эрбейлинин машинасында жардыруу болуп, Эрбейли өзү аман калып, бирок машинеси толук иштен чыгып, ошондой эле коңшу имараттарга көп зыян тийген. “Алекса Еникомечияна отряды” жардыруунун жоопкерчилигин алган.

1981, 27-январь

Италия (Милан). Жардыруудан “Суис Эйр” компаниясы менен Миландагы туризм бюросунун имараттары бузулган. Эки өтүп бара жаткан италиялыктар жарадар болушкан. “3-октябрь уюму” жергиликтүү массалык каражаттарга телефон чалып, жоопкерчиликти алган.

1981, 3-февраль

АКШ (Лос-Анджелес, Калифорния). Швейцария консулдугунун кире беришиндеги тепкичтин алдына коюлган бомбаны эксперттердин атайы отряды зыянсыздандырган. Анонимдүү телефон чалуу "3-октябрь уюмунун" иши экенин айтып, бул акциялар "биздин досубуз" (Сюзи Махсереджян) бошотулмайынча боло берет деп убада берген.

1981, 5-февраль

Франция (Париж). Париждеги америкалык авиатранспорт компаниясы (Грандуорлд Эйр Лайнс) жана француз авиакомпаниясы жардырылып, бир адам жарадар болуп, имараттар бир кыйла бузулган. "Армяндык Улуттук 3-октябрь кыймылы" деген топ өзүнө жоопкерчиликти алган.

1981, 4-март

Франция (Париж). Эки террорист Решат Морали (Түрк элчилигинин эмгек маселелери боюнча атташе), Теселли Ари (элчиликте дин боюнча жооптуу адис) жана Илькай Каракошу (Париждеги Анадолу Банктын өкүлү) үчөө Моралиден чыгып өз машинелерине олтуруп жатканда ок атышкан. Биринчи ок Теселли Ариге тийген, Морали менен Каракаш качып кетүүгө аракеттенишет. Морали кафеге жашынайын десе ээси түртүп чыгарып, террорист атып өлтүрөт. Көп киши көрүп, күбө болгон террористтер качып жоголушат. Теселли Ари эртеси күнү Париж ооруканасында каза болду. АСАЛАнын "Шахан Натали" тобу өлтүргөндөрү үчүн жоопкерчиликти өздөрүнө алышты.

1981, 12-март

Иран (Тегеран). Террористтердин тобу түрк элчилигине кол салып, эки конвоир өлтүрүлгөн. Жергиликтүү бийликтер кылмышкерлерди кармап алып, даргага асышкан. Жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1981, 3-апрель

Дания (Копенгаген). Копенгагендеги түрк элчилигинин эмгек маселеси боюнча атташеси Кавит Демир түн ичинде үй-

үнө кеч кайтып, кирип келе жаткан жеринен террорист аткылаган. Бир нече жолку операциядан кийин Демир айыккан. Жоопкерчиликти АСАЛА да, АЭГҮАТ тобу да алышкан.

1981, 3-июнь

АКШ (Лос-Анджелес, Калифорния). Түрк эл бий ансамблинин көрсөтүүсүн Анахайм Конвенш борборунда жардырылган бомба токтоткон. Кийинки күндөрү Сан-Францискодо Түндүк Калифорниядан келген топтун көрсөтүүсүн да ошондой жардыруудан коркуп токтотушкан.

1981, 9-июнь

Швейцария (Женева). Женевадагы Түрк консулдугунун секретары Мехмет Саваш Эргюз консулдуктан чыгып баратып террористтин колунан каза тапкан. Өлтүргөн армян Мартирос Джамгочян бийликтер тарабынан кармалган. Жоопкерчиликти АСАЛА алган. Джамгочяндын камалуусу АСАЛАнын жаңы уюмун түзүүгө шылтоо болуп "9-июнь уюму" пайда болгон. Кийин алар Швейцарияда жана башка Европа өлкөлөрүндөгү швейцариялык мекемелерди бир нече жолу жардырышкан.

1981, 11-июнь

Франция (Париж). Арой Торанян жетектеген армян террористтеринин тобу Париждеги Түрк авиатранспорт компаниясын басып алышкан. Бийликтегилер адегенде аларга көңүл бурушкан эмес, кийин АСАЛАнын колдоочулары сүрүп чыгарылган, түрк элчилиги официалдуу нааразалыгын айтышкан.

1981, 19-июнь

Иран (Тегеран). Тегерандагы "Суис Эйр" компаниясынын бөлүмүндөгү анча чоң эмес бомбанын жарылышы жеңил бузулууларды алып келди. Жоопкерчиликти АСАЛАнын "9-июнь уюму" алды.

1981, 26-июнь

АКШ (Лос-Анджелес, Калифорния). Лос-Анджелестеги Швейцариялык банктардын корпорациясынын имаратында чоң эмес бомбанын жарылуусу болду. Жоопкерчиликти "9-июнь уюму" алды.

1981, 19-июль

Швейцария (Берн). Берндеги Швейцария парламентинин имаратында акыр-чикир салган чакадагы бомба жарылды. Кийин анонимдүү бирөө бул иш “9-июнь уюму” жасаган деп телефон чалды.

1981, 20-июль

Швейцария (Цюрих). Цюрихте Эл аралык аэропорттун сүрөт автоматында жардыруу болду. Жоопкерчиликти “9-июнь уюму” алды.

1981, 21-июль

Швейцария (Лозанна). Лозанна универмагында жардыруу болуп, аялдар кийими бөлүмүндөгү 20 аял жарадар болду. Жоопкерчиликти АСАЛА “9-июнь уюму” алды.

1981, 22-июль

Швейцария (Женева). Женевадагы автоматташтырылган жүк сактоо камерасына коюлган бомба жарылып, 4 адам жарадар болду. Укук тартип органдары “9-июнь уюмунун” иши деп эсептешет.

1981, 22-июль

Швейцария (Женева). Женева вокзалындагы жүк сактоо камерасында эки жардыруу болду. Биринчи жардыруудан кийин полиция ал зонаны курчап алып, экинчи жардыруунун зыяндуулугун азайтууга жетишти. Швейцариялык бийликтер экинчи жардырууну АСАЛАнын “9-июнь уюму” деп жоопкерчиликти ошолорго жүктөшөт.

1981, 11-август

Дания (Копенгаген). Ал жерде эки бомба жардырылып “Суис Эйр” компаниясынын имараты бузулган. Бир америкалык турист жарадар болгон. Жардыруу үчүн жоопкерчиликти “9-июнь уюму” өзүнө алган.

1981, 20-август

Америка Кошмо Штаттары (Лос-Анджелес, Калифорния штаты). Лос-Анджелестеги швейцариялык так аспаптар корпо-

рациясынын имаратынын алдында чоң эмес жардыруучу механизм коюлуп, жарылуу болгон. Жоопкерчиликти АСАЛАдан “9-июнь уюму” алган.

1981, 20-август

Франция (Париж). Эртең менен эрте “Алиталия Эйр Лайнс” компаниясынын Париждеги филиалынын имараты жардыруудан бузулду. Анонимдик телефон жоопкерчиликти өзүнө “3-октябрь армян кыймылынын уюму” алат деп билдирди.

1981, 22-август

Франция (Париж). Таң эрте “Олимпик Эйр Лайнс” компаниясынын париждик филиалынын алдында жардыруу болду. Анонимдүү телефон звоногу жоопкерчиликти өзүнө “Армяндык 3-октябрь уюму” алат деп билдирди.

1981, 15-сентябрь

Дания (Копенгаген). Копенгагендеги түрк авиатранспорт компаниясын жарылуудан эки адам жарат (бирөө - олуттуу) алган. Полиция экинчисин жардырганга үлгүртпөй зыянсыздандырган. Жоопкерчиликти өзүнө “Алтынчы армян бошотуучу аскери” деген топ алган.

1981, 17-сентябрь

Иран (Тегеран). Ал жердеги швейцариялык элчиликтин имараты жардырылган. Жоопкерчиликти АСАЛА тобунун “9-июнь уюму” алган.

1981, 24-сентябрь

Франция (Париж). Төрт армяндык террорист Париждеги түрк консулдугун басып алган. Кирип бара жатып консул Кая Иналаны жана коопсуздук кызматчысы Семал Озенди катуу жарадар кылышты.

Террористтер 56 адамды барымтага алышты. Эки кылмышкер жеңил жарадар болушту. Аягында террористтер жарадар болгон Инал менен Озенди ооруканага жибергенге уруксат беришти, ал жерде Озен жараттан каза тапты. Террористтер “Түркиядагы армян саясий күнөөкөрлөрүн бошоткула” деген тала-

бы четке кагылган соң, алар “саясий күнөөкөр” деген статус сурашып, француздарга колго түшүп беришти. Төрт террорист тең Ливандан келген армяндар, АСАЛАнын мүчөлөрү болуп чыкты.

1981, 3-октябрь

Швейцария (Женева). Жардыруудан Женеванын башкы почтасы менен шаардык сотунун имараттары зыян тарткан. Көрсө, ал жерде АСАЛАнын бир мүчөсүнүн киши өлтүрүү боюнча соттук процесси өтмөк экен. Ал жардырууда бир адам жеңил жарат алып, жоопкерчиликти АСАЛАнын “9-июнь уюму” алган.

1981, 25-октябрь

Италия (Рим). Террористтер Римдеги түрк элчилигинин экинчи секретары Гекберк Эрдженеконго кол салган. Колуна ок тийген Эрдженекон террористке ок атып, аны жарадар кылган, бирок тигил качып кетүүгө үлгүргөн. АСАЛА жоопкерчиликти мойнуна алды, ал кылмыш 24-сентябрдагы өлүмгө буйрулгандардын отрядынын урматына, б.а. АСАЛАнын Париждеги түрк консулдугун басып алгандардын урматына жасалыптыр.

1981, 25-октябрь

Франция (Париж). Шамз Элизедеги (Елисей талаалары) аягандай жасалгалуу “Фукю” ресторанында жардырууда үч кызматкер жапа чекти. Жоопкерчиликти “Септембр франс” деген топ алды.

1981, 26-октябрь

Франция (Париж). Шамз Элизеде (Елисей талаалары) көркөм коолдолгон аптека-дүкөндүн алдында коюлган машинеге атайы жардыруучу зат коюлуп, жарылуу болгон. Жоопкерчиликти “Септембр франс” тобу өзүнө алган.

1981, 27-октябрь

Франция (Париж). Париждеги “Руаси” аэропортунун автомобилдер токтоочу жайында жардыруу болуп, жанында турган машина иштен чыккан. Жардырууга жоопкерчиликти “Септембр франс” тобу алган.

1981, 27-октябрь

Франция (Париж). “Руаси” аэропортунун кишилерди толтура ташыган эскалатордун жанындагы таштанды салуучу идиште экинчи бомба жарылган, жапа чеккендер жок болгон. Жоопкерчиликти “Септембр франс” тобу алган.

1981, 28-октябрь

Франция (Париж). Үч адам киши толо Париж кинотеатрындагы жарылуудан жарат алышкан. Жоопкерчиликти “Септембр франс” тобу алган.

1981, 3-ноябрь

Испания (Мадрид). Үч адам жарылуунун кесепетинен “Суис Эйр” компаниясынын имаратында жарат алган. Коңшу имараттар бузулган, жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1981, 5-ноябрь

Франция (Париж). Париждик вокзал “Гар де Лиондо” жардыруудан бир адам жарадар болуп, жүк сактоочу камера катуу талкаланган. Аягында армян террорлук “Орли уюму” жардырууну мойнуна алган.

1981, 12-ноябрь

Ливан (Бейрут). Бейруттагы үч француз мекемеси бир мезгилде жарылды:

а) Француз маданий борбору;

б) “Эйр Франс” компаниясынын имараты;

в) Француз консулунун үйү.

Эч ким запкы тарткан жок, бир аз материалдык зыян келди. Жоопкерчиликти “Орли уюму” алды (француз аэропорту Орлиде жалган документ пайдаланып кармалган армяндын урматына ал уюм аталган), Францияда кармалган теги америкалык Монта Мелконян деген диверсантты токтоосуз бошотууну талап кылышкан.

1981, 14-ноябрь

Франция (Париж). Эйфель мунарасынын жанында турган машина жардырылган. Телефондон жоопкерчилик “Орли уюмунда” жана бул “биринчи эскертүү” деп маалымдалган.

1981, 14-ноябрь

Франция (Париж). Сена дарыясындагы саякаттан кийин жээкке чыккан туристтер тобуна гранаталар ыргытылган. Эч ким жапа чеккен жок. Жоопкерчиликти “Орли уюму” алды.

1981, 15-ноябрь

Франция (Париж). “Орли уюму” басма сөз каражаттарына чыгып, “Эйр Франс” компаниясына тийиштүү самолетту учуп бара жатканда жардырып салабыз деп коркутушкан.

1981, 16-ноябрь

Франция (Париж). Париж вокзалы “Гар де Лесттин” жүк сактоочу бөлүмүндө бомба жардырылды, эки адам жарадар болуп, имаратка зыян келтирилген. жоопкерчиликти өзүнө “Орли уюму” алган.

1981, 18-ноябрь

Франция (Париж). “Орли уюму” “Гар дю Норд” Париж вокзалында бомба коюлган деп жарыя салган. Бирок эч кандай жардыруучу куралдар табылган эмес.

1981, 20-ноябрь

АКШ (Лос-Анджелес, Калифорния штаты). Беверли Хиллдеги түрктүк консулдуктун имараты жарылып, аябагандай материалдык зыян келтирилген. Жоопкерчиликти армян террорлук уюму АЭГҮАТ алган.

1982, 13-январь

Канада (Торонто). Торонтодогу түрк консулдугуну имараты жардырылган. Жоопкерчиликти АСАЛАнын террористтери алган.

1982, 17-январь

Швейцария (Женева). Женевада автомашина токтогон жайда эки бомба жарылган. Жардырууга жоопкерчиликти АСАЛАнын тобу “3-июнь уюму” алган.

1982, 17-январь

Франция (Париж). Париж банктарынын бирикмесинин бөлүмүндө жардыруу болуп, экинчи жардыруучу зат Кредит

Лионс бөлүмүндө зыянсыздандырылган. Жоопкерчиликти “Орли уюму” алган.

1982, 19-январь

Франция (Париж). Париждеги “Эйр Франс” компаниясынын имаратындагы Конгресстер Дворецинде жардыруу болуп, жоопкерчиликти өзүнө “Орли уюму” алган.

1982, 28-январь

АКШ (Лос-Анджелес, Калифорния штаты). Лос-Анжелестеги түрк генералдык консулу Кемал Ариканды ишке бара жатканда террористтер өлтүргөн. Өлтүргөндөрдүн бирөө Хамтиг Сасунян (Ливандан келген 19 жаштагы иммигрант) камалып, кесилген. Азыркы убакта Калифорниялык Сан Квентиндеги түрмөдө өмүр бою олтурууга өкүм чыгарылып камакта олтурат. Анын шериги, болжол менен Крикор Салиба Ливанга качып кеткен. Жоопкерчиликти АЭГҮАТ алган.

1982, 22-март

АКШ (Кембридж, Массачусетс штаты). Бостондогу ардактуу түрк консулу Орхан Гюндюзанын белектер дүкөнү жардырылып, жыйынтыгында Гюндюз олуттуу жарат алган. Жоопкерчиликти АЭГҮАТ алган.

1982, 26-март

Ливан (Бейрут). Армян кварталында кинотеатр катуу жардыруудан кыйраган (ал жерде көп убакта түрк фильмдери көрсөтүлчү). Эки адам каза болуп, 16дан ашыгы жарадар болгон. Жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1982, 8-апрель

Канада (Оттава). Оттавадагы түрк элчилигинин соода атташеси Кани Гюнгоргго апартаменттеринин жанындагы гаражда кол салышканда оор жарадар болгон. Жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1982, 24-апрель

Германия Федеративдүү Республикасы (Дортмунд). Бир нече түрк коммерциялык фирмаларынын имараттары жарды-

рылып, бир топ зыян болду. Жоопкерчиликти "Жаңы армян каршылык көрсөтүү" тобу алды.

1982, 4-май

Америка Кошмо Штаттары (Кембридж, Массачусетс штаты). Орхан Гюндюзду Бостондогу түрк ардактуу консулун өз машинесинде армяндык террорист өлтүргөн. Жоопкерчиликти АЭГҮАТ алган. АКШнын президенти Рональд Рейган бардык киши өлтүргүч адамдарды куугунтуктоого алууга чакырса да эч ким камалган эмес.

1982, 10-май

Швейцария (Женева). Эки женевалык банк жардырылып, көп зыянга учурады. Жоопкерчиликти "Өч алуу уюму" өзүнө алган.

1982, 18-май

АКШ (Тампа, Флорида штаты). Тампадагы ардактуу түрк консулу Нэш Карахан эки куралдуу армян террористтеринин консулдукка киребиз деген аракетинин мизин кайтарды.

1982, 26-май

АКШ (Лос-Анджелес, Калифорния штаты). Швейцария банктар корпорациясынын имаратында жардыруу болгон. 4 армян Түштүк Калифорниядан келген деп божомолдонот. (Викен Чаркутян, Храч Козибукян, Странич Козибукян жана Врант Чиркинян), төртөө тең АСАЛАнын мүчөлөрү деп айыпталышат.

1982, 30-май

АКШ (Лос-Анджелес, Калифорния штаты). Америкалык үч армян, АСАЛАнын мүчөлөрү Лос-Анджелестеги эл аралык аэропорттун "Эйр Канада" компаниясынын жүк ташуучу бөлүмүнүн имаратынын алдына жардыргыч коюшкан деп айыпталып камакка алынышкан. Бомбаны Лос-Анджелестин полициясынын атайын отрядынын мүчөлөрү зыянсыздандырышкан.

1982, 7-июнь

Португалия (Лиссабон). Лиссабондогу түрк элчилигинин административдик-чарба иштери боюнча атташесин Эркут Акбай менен аялы Надида Акбайды террорист өлтүргөн. Жоопкерчиликти АЭГҮАТ алган.

1982, 1-июль

Нидерланды (Роттердам). Төрт армян террористи (бирөөнү датчандардын полициясы кармап алды) Амстердамдагы түрк генералдык консул Кемалеттин Демирерди өз машинеси менен консулдукка кетип бара жаткан жеринде аткан. Демирер аман калды. Жоопкерчиликти өздөрүн “Армян кызыл армиясы” деп аташкан белгисиз топ алды.

1982, 21-июль

Франция (Париж). Сент-Севрин аянтында Париж кафесинин эл толо жеринде жардыруу болуп, 16 киши жарадар болду. Жоопкерчиликти “Орлу уюму” алган жана “Француз бийликтери өзүнүн убадасын аткарбай 1982-ж., 24-сентябрда түрк консулдугун басып алган төрт террористке саясий баш калкалар жай бербей койгону үчүн өч алуу” деп жарыялаган.

1982, 26-июль

Франция (Париж). Париждеги “Паб Сент-Жермендеги” жардырууда эки аял жарадар болду. Жоопкерчиликти “Орли уюму” алган.

1982, 2-август

Франция (Париж). Пьер Гулумян, болжолу армян террористи өзүнүн париждеги квартирасында курман болгон (өзү даярдап жаткан бомба жарылып кетсе керек).

1982, 7-август

Түркия (Анкара). Анкарадагы “Эсенбожа” аэропортундагы эки армян террорист пистолет жана гранаттар менен куралданып, эл көп күтүп олтурган залда колдонушту. Аэропорттун ресторанында бир террорист 20 кишини барымтага алды, ал убакта экинчисин полиция кармап алды. Террорист менен атышууда

9 адам каза болгон (арасында бир америкалык, бири ФРГнын гражданини), 82 адам жарадар болушту. Кармалган террорист Лева Экмекджян кийин соттолуп, өлүм жазасына тартылган.

1982, 8-август

Франция (Париж). Париждин "Он жетинчи районундагы" телефон борборунун жанында бомба табылып, француздук атайы отряд зыянсыздандырган. Жоопкерчиликти "Орли уюму" алды.

1982, 12-август

Франция (Париж). Армяндык террористтер Париждеги түрк туризм атташесин кайтарган полицейскийди атышкан. Полицейский жапа чеккен жок. Жоопкерчиликти эч бир топ өзүнө алган жок.

1982, 27-август

Канада (Оттава). Оттавадагы түрк элчилигинин согуштук атташесинде иштеген полковник Атилла Алтикат светофордун жанына токтогон учурда ок атылып, каза тапкан. Жоопкерчиликти армян террористтик уюму АЭГҮАТ алды.

1982, 9-сентябрь

Болгария (Бургас). Бора Суелкан, Бургастагы түрк элчилигинин административдик-чарба маселелери боюнча атташеси өз үйүнүн жанында өлтүрүлгөн. Өлтүргөн адам качып кетип "Түрк дипломатын биз адилет комбат бөлүктөрү армян геноциди үчүн өлтүрдүк" деп жазган кагаз калтырып кеткен. Анонимдүү телефон звоногу Ливандагы Ассошиэйтед Прессинин маалымат агенттүүлүгүнө, бул өлтүрүү АСАЛА тарабынан болду деп маалымдаган.

1982, 26-октябрь

Америка Кошмо Штаттары (Лос-Анджелес, Калифорния штаты). Филадельфиядагы түрк консулдугун жардырууда катышкан армяндардын бешөө сотто жоопко тартылган. Алардын планы боюнча жардыруучу затты Канот Арбей деген консулдун кабинетине коюшмак. Бешөө тең Лос-Анджелестен чык-

кан, мурда АЭГҮАТ деген армян террор уюмуна таандык болгону үчүн соттолгондор экен.

1982, 8-декабрь

Греция (Афины). Эки армян мотоцикл менен баратып Афиныдагы Сауд Аравиясынын авиакаттамынын бөлүмүнө бомба ыргытышкан. Натыйжада, террористтердин бирөө жарылуудан каза тапкан. Анын шериги, ирандык Вахех Контавердян деген армян кармалган. Бирок ал көрсөтүү берүүдөн баш тарткан.

1983, 21-январь

АКШ (Анахейм, Калифорния штаты). Анахеймдеги нан жапкыч армяндын үйүнөн тогуз "колго жасалган" күйүп жарылуучу бомба алынган, себеби детонаторлордун бирөө өзүнөн өзү күйүп кетип, өрт чыккан. Ээси Хагон Андисян "корккон деле жокмун" деп айткан.

1983, 22-январь

Франция (Париж). Француз полициясы 1 кг жардыруучу затты Орлиде түрк авиакаттамынын кассасынын жанынан тапкан. Жоопкерчиликти АСАЛА алган.

1983, 22-январь

Франция (Париж). Эки террорист кол гранаталарын Париждеги түрк авиакаттамынын бөлүмүнө ыргытышкан. Эч ким жапа чеккен эмес, бир террорист камакка алынган. АСАЛА бул акцияны өз мойнуна алган.

1983, 2-февраль

Бельгия (Брюссель). Брюсселдеги түрк авиакаттамынын өкүлчүлүгүндө жардыруу болгон. Ал акция үчүн жоопкерчиликти "Жаңы армян каршылык көрсөтүү уюму" алган.

1983, 28-февраль

Люксембург. Түркиянын элчилигинин алдынан жардыргыч табылып, убагында зыянсыздандырылган. Армяндык репортер Нью-Йорктогу армян гезитинде аны жасаган топ "Жаңы армяндык каршылык көрсөтүү уюму" деген ат менен белгилүү экенин, өз коммюникесинде ал акция үчүн жоопкерчиликти аларын билдирген.

1983, 28-февраль

Франция (Париж). Париждеги түрк “Мармора Травел Эйдженси” фирмасынын бөлүмүндө бомбанын жарылуусунан Роне Морин деген француз секретары каза таап, башка дагы тогуз французду жарадар кылган. Имарат катуу бузулган. Бир нече мүнөттөн кийин АСАЛА ал акция үчүн жооптуу экенин мойнуна алган.

1983, 9-март

Югославия (Белград). Белграддын борборунда эки армян террористи түрк элчисине кол салып, Белграддагы Түркиянын элчиси Галиб Балкар каза болгон.Анын айдоочусу Некати Кейер ичинен жарадар болгон.Качууга аракет кылган террорчуларды Югославиянын жарандары колго түшүрүшкөн.Террорчулардын бири Югславиянын полковнигин атып жарадар кылган, ал өзү дагы жарадар болуп полицейскининин колуна түшкөн.Экинчи террорчу карапайым элге ок атып 1 студент өлүп, бир кыз жарадар болгон.Бул кылмышты ДжСАГ мойнуна алды.Эки террорчу тең, Крикор Левонян жана Рафи Эльбекян колго түшүп, Югославиянын бийлиги тарабынан түрмөгө кесилишкен.

***1983-жыл 31-март***

**ФРГ (Франкфурт):** Франкфурттагы “Терджуман” түрк гезитинин Германиядагы бөлүмүнө АСАЛАдан анонимдик телефон чалуу келип түштү. Чалган адам «Армян ишине» каршы жарыяланган маалыматтар токтотулбаса, жардыруу уюштураарын айтып коркутту.

***1983-жыл 24-май***

**Бельгия (Брюссель):** Түрк элчилигинин маданий маалымат борборунун жана Брюсселдеги түрк саякат борборунун («Мармара») алдында жардыруулар болуп өттү. Жардыруунун жыйынтыгында улуту боюнча италиялык, саякат агенттигинин мүдүрү жаракат алды.Бул акция үчүн АСАЛА жооптуу.

***1983-жыл 16-июнь***

**Түркия (Стамбул):** Кол гранаталары жана автоматтык курал жарак менен куралданган Армян террорчулары бүткүл дүйнөгө белгилүү болгон «Стамбул жабык базарында»акция жүргүзүшүп, анын негизинде эки түрк адамы жана бир террорчу курман болуп, жыйырма бир адам жаракат алган. Бул акция үчүн АСАЛА жоопкерчиликти өзүнө алды .

***1983-жыл 8-июль***

**Франция (Париж):** Армян террорчулары Лондондо армян террорчуларынын үстүнөн болуп өткөн сотко нааразычылыгын билдирип, Британ Элчилигинин имаратына (расмий Британ маданий өкүлчүлүгү) кол салган.

***1983-жыл 14-июль***

**Бельгия (Брюссель):** Брюсселдеги Түркия элчилигинин алдындагы Атташе Дурсун Аксойду өз унаасынын ичинен атып кетишти. Бул адам өлтүрүүгө АСАЛА, ДжСАГ жана али белгилүү боло элек «Армян революциялык армиясы» жооптуу.

***1983-жыл 15-июль***

**Франция (Париж):** Париждеги Орли аэропортунунун түрк авиакаттамынын кассасынын жанындагы жардырууда төрт француз, эки түрк, бир америкалык жана бир швед, бардыгы болуп 8 адам каза тапкан. Андан сырткары 60 адам жарадар болгон . Сириялык 29 жаштагы армянин АСАЛАнын франциядагы бөлүмүнүн башчысы Вароджан Гарабедян жардырууну уюштурууга катышы бар экендигин жана бомба учактын бортунда жарылыш керек экендигин мойнуна алган .

***1983-жыл 15-июль***

**Улуу Британия (Лондон):** Орлиде жарылгандай бомба табылып, жарылганга чейин зыянсыздандырылган. Бул акцияга АСАЛА жооптуу экендигин жарыялады.

***1983-жыл 18-июль***

***Франция (Лион):*** АСАЛАдан Лион темир жолунда жардыруу уюшулуп жаткандыгы тууралуу алдын ала эскертүү берген опуза келип түшкөн.

***1983-жыл 20-июль***

**Франция (Лион):** Армян террорчуларынан Лион темир жолундагы Пераш станциясын жардыруу опузасы келди, анын негизинде тез аранын ичинде эвакуация иши жүргүзүлдү. Бул опуза үчүн АСАЛА жооптуу .

***1983-жыл 22-июль***

**Иран (Тегеран):** Тегерандагы француз элчилигинде жана «Эйр Франс» өкүлчүлүгүндө эки жардыруу болду.Акцияга «Орли уюму»жооптуу экендигин АСАЛА билдирди.

***1983-жыл 27-июль***

**Португалия (Лиссабон),** 5 армян террорчуларынан турган топ Лиссабондогу Түрк Элчилигин басып алуу аракетин көрдү. Бирок, кире албай жана аргасыз абалда калуу менен миссиянын жетекчисинин орун басарынынын жубайы менен балдарын барымтага алып батирин ээлеп алган . Жардыруу каражаты ишке киргизилгенде Кахид Михчиоглу (орун басардын аялы) төрт террорчу менен бирге өлтүрүлгөн . Орун басар Юртив Михчиоглу жана анын уулу Агасой жарадар болушкан .Бешинчи террорчу түрк коопсуздугунун өкүлчүлүгү менен болгон атышууда өлтүрүлгөн . Португалиянын бир полицейскийи да каза таап, экинчиси жарадар болгон . Бул акцияга АРА жооптуу .

***1983-жыл 28-июль***

**Франция (Лион):** Лион темир жолунун Перраш бекетинде жардыргыч зат коюлгандыгы тууралуу, катардагы опуза келип түшкөн. Анын негизинде, тургундар эвакуацияланды.

Телефон чалган адам, акцияга АСАЛА жооптуу экендигин көрсөттү . Узакка созулган тинтүүлөр жүргүзүлүп, бирок эч кандай жарылгыч зат табылган жок .

***1983-жыл 29-июль***

**Иран (Тегеран):** Тегерандагы Франциянын Элчилигине, ракеталык кол салуу тууралуу кезектеги опуза келди.Тегеран бийлиги сактыкты күчөттү. Опуза Франциядагы 21 армян түрмөчүлөрүн бошотууну талап кылган «Орли уюмунан» келип түшкөн.

***1983-жыл 31-июль***

**Франция (Лион жана Рене):** Армян террорчуларынан келген бомба жардыруу тууралуу опузанын негизинде, бийликтегилер тез аранын ичинде 424 жүргүнчүсү менен ички авикаттам боюнча учакты жерге конууга мажбур кылышты.Учактар Лион менен Ренеге конушуп, тинтүүнүн жыйынтыгында эки учакта тең жарылчу заттар табылган жок.

***1983-жыл 10-август***

**Иран (Тегеран):** Жардыруучу зат менен толтурулган автоунаа Тегерандагы француз элчилигинин алдынан жардырылган.Бул акцияга АСАЛА жооптуу.

***1983-жыл 10-август***

**Иран (Тегеран):** Тегерандагы «Эйр Франстын» өкүлүн өзүнүн автоунаасынын ичинде автомат менен атып кетишкен. Бул акцияга АСАЛА жооптуу.

***1983-жыл 27-август***

**ФРГ:** Француз элчилигинин бөлүмү жардыруунун негизинде өтө чоң залал тартты.Жардыруунун толкуну менен эки адам каза болуп, жыйырма үчү жаракат алышты. Бул жардырууга АСАЛА  жоопкерчиликти алды.

*1983-жыл 9-сентябрь*

**Иран (Тегеран):** Тегеранда элчиликтин эки унаасы жардырылды.Анын негизинде элчиликтин эки адамы жабыр тартты. Бул акцияга АСАЛА жоопкерчиликти алды.

*1983-жыл 1-октябрь*

**Франция (Марсель):** Бомбанын жарылышынын натыйжасында анын толкуну менен Эл аралык Соода базарында СССРдин, АКШнын жана Алжирдин соода жайлары талкаланды. Натыйжада бир адам каза таап, жыйырма алтысы жаракат алды.«Орли уюму»бул акцияга жоопкерчиликти алды .

*1983-жыл 6-октябрь*

**Иран (Тегеран):** Француз элчилигинин автоунаасы Тегеранда жардырылды.Жардыруунун натыйжасында эки жүргүнчү жаракат алды.Бул акцияга «Орли уюму» жоопкерчиликти алды.

*1983-жыл 29-октябрь*

**Ливан (Бейрут):** Бейруттагы Француз элчилигинине автоунаа келип токтоп, андан түшкөн адам элчиликтин кире беришиндеги тепкичке кол гранатасын ыргытты.Террорчу коопсуздук кызматкерлери тарабынан кармалып, анын шериктери качып кетүүгө үлгүрдү.Акцияга АСАЛА жооптуу экендигин мойнуна алды.

*1984-жыл 8-февраль*

**Франция (Париж):** Террорчудан саат он үчтө Нью-Йоркко учуп кетүүчү «Эйр Франс» учагында бомба коюлгандыгы тууралуу эскертүү келип түштү.Учууну жарым саат кечиктирүүгө туура келди, бирок тинтүүнүн натыйжасында андан эч кандай жарылгыч зат табылган жок.

***1984-жыл 28-март***

**Иран (Тегеран):** Ирандын борбору Тегеранда, Түркиянын элчилерине бир нече жолу кол салуу пландаштырылган.Анын негизинде: а) армяндардын эки террорчусу Исмаил Памукчуну аткылашып, оор жарадар кылышкан. Ага сержант тегерандагы түрк аскер атташесинин бөлүмүнө жеткирилген.Бул акциянын аткарылышына АСАЛА жоопкерчиликти мойнуна алды .

б) Түркиянын элчилигинин биринчи катчысы Хасан Сервет Октем өз үйүнөн чыгып бара жатканда, террорчулар кол салып натыйжада жаракат алган;

в) Түркия элчилигинин административдик атташеси Ибрагим Одемир үйүнүн алдында шектүү эки адам тургандыгы тууралуу иран полициясына маалымдаган. Алар Иран бийлиги тарабынан колго түшүрүлгөн .

г) Түшкү саат экилерде иран полициясы тарабынан, Түркия элчилигинин алдында шектүү үч армян террорчусу колго түшүрүлгөн.

д) Түркия элчилигинин алдындагы каржы маселелери боюнча кеңешчинин жардамчысынын автоунаасына бомба коюп жатканда, бомба мөөнөтүнөн эрте жарылып кетип, армян террорчусу каза тапкан. Каза болгон террорист таанылып, Султан Грегорян Семапердан деген армян экендиги аныкталды .

***1984-жыл 29-март***

**АКШ (Лос-Анджелес, Калифорния штаты):** Лос-Анджелестеги Түркия элчилигине, эгерде алар Лос-Анджелестеги Олимпиадага катышса түрк спортсмендерин жардырып коюу опузасын камтыган кат келип түшкөн. Опузага АСАЛА тарабынан кол коюлган .

***1984-жыл 8-апрель***

**Ливан (Бейрут):** Бейрутта АСАЛА коммюнике басып чыгарды. Анда Түркияга каттаган бардык эл аралык авиакат-

тамдар, аскер бутасы катары кабыл алынары тууралуу эскертүү камтылган .

***1984-жыл 26-апрель***

**Түркия (Анкара):** Түркиянын премьер-министри Тургут Озал опузалуу кат алгандыгы тууралуу маалымат жарыяланды. Катта ал Тегеранга пландалган визитинен баш тартпаса АСАЛА, анын мамлекетине каршы террордук бир нече акцияларды өткөрөөрүн эскерткен .

***1984-жыл 28-апрель***

**Иран (Тегеран):** Мотоциклчен эки армян террорчусу аялын элчиликке ишке жеткирип бара жаткан Ишик Йондердин автоунаасын аткылаган.Аял элчиликте, катчы болуп иштечү. Кол салуунун натыйжасында, Ишик Йондер каза болгон.Бул өлтүрүүгө АСАЛА жоопкерчиликти мойнуна алды.

***1984-жыл 20-июнь***

**Австрия (Вена):** Венадага Түркия элчилигинин алдындагы социалдык маселелер боюнча кеңешчинин жардамчысы Эрдоган Озендин автоунаасы жардырылды.Натыйжада Озен каза болуп, беш жаран (австриялык эки полицейский да) олуттуу жаракат алды.Бул акцияга террордук АРА уюму жоопкер болду.

***1984-жыл 25-июнь***

**АКШ:** Париждеги жаңылыктар агенттиги АСАЛА тарабынан кол коюлган кат алды.Анда Түркиянын Лос-Анджелестеги олимпиадага катышуусуна кандайдыр бир жол менен жардам берген уюмдар менен компаниялардын бардыгын ата тургандыктары айтылган .

***1984-жыл 13-август***

**Франция (Лион):** Лион темир жол бекетинде жардыруу болуп, бир аз залака келтирилди.Бул акциянын аткарылышына АСАЛА жоопкерчиликти мойнуна алды.

***1984-жыл сентябрь***

**Иран (Тегеран):** Ирандагы Түркиянын бир нече компаниялары, алар бута экендиктери тууралуу эскертүү катын алган соң, бир нече жолу кол салууларга дуушар болушкан.Мындай акциянын биринчиси Түркиянын ири курулуш Сезай-Туркиш-Февзи Аккая компаниясына карата аткарылган. Жардыруунун толкуну менен пайда болгон өрттү өчүрүүдө түрк кызматкери жаракат алган .

***1984-жыл 1-сентябрь***

**Иран (Тегеран):** Иран бийлиги, армян террорчуларынын Ирандагы Түркиянын элчиси Исмет Бирселге кол салуу планы аныкталгандыгын жарыялашты.

***1984-жыл 3-сентябрь***

**Түркия (Стамбул):** Стамбулдагы Топчаны сарайынын жанында токтоп турган унаанын жарылышы менен ливандык эки армян каза тапты.Бийлик тарабынан жүргүзүлгөн тергөөдө, алар унаага жайгаштыра турган бомбанын убактысынан эрте жарылгандыгына байланыштуу каза тапкандыктары аныкталды.Бул жардырууга террордук АРА уюму жоопкерчиликти мойнуна алды.

***1984-жыл 19-ноябрь***

**Австрия (Вена):** Венанын «БУУнун социалдык жана гуманитардык маселелери боюнча Борбору» бөлүмүнүн кызматкери, улуту боюнча түрк Энвер Эргун, светофордун алдында жашыл түстү күтүп турган жеринде өз автоунаасында өлтүрүлгөн.Тергөө учурунда унаанын ичине АРА таштап койгон АРА-нын аталышы жазылган чүпүрөктүн кесиндиси табылган.

***1984-жыл декабрь***

**Бельгия (Брюссель):**Бельгия бийлиги Брюсселдеги түркия элчилигинин кызматкери Сельчук Инчиунун жардырууга ара-

кет жасалган батирин изилдөөнү улантууга мажбур болушту. Полиция батирдин каршысынан жардыргыч зат тапты.Бул акцияга бир да уюшкан топ жооперчиликти алган жок.

***1984-жыл 25-декабрь***

**Ливан (Бейрут):** Чыгыш Бейруттагы француздардын эки имараты жардырылды.Бул акциянын аткарылышына АСАЛА жооптуу болду.

***1984-жыл 29-декабрь***

**Франция (Париж):**АСАЛАдан «Эйр Франс» учагын жардыруу тууралуу опуза келип түшкөн соң, полиция Париждеги «Шарль де Голь» аэропортун кайтарууну күчөттү.

***1985-жыл 3-январь***

**Ливан (Бейрут):**Батыш Бейруттагы Франс-Пресс агенттигинин бөлүмү жардыруунун натыйжасында олуттуу кыйроого учурады.Бул акциянын аткарылышына АСАЛА жоопкерчиликти мойнуна алды.

***1985-жыл 3-январь***

**Ливан (Бейрут):** Аскер саперлорунун тобу, Батыш Бейруттун Рамлет ал-Байда районунда жайгашкан «Франк-Ливан» банкынын кире беришинде катылган 6 фунттук жардырма затты таап, зыянсыздандырды. Бул акцияга жоопкерчиликти АСАЛА өз мойнуна алды .

***1985-жыл 3-март***

**Франция (Париж):** АСАЛАнын өкүлүнө таандык анонимдик телефон чалуу француз кызыкчылыгы, дүйнө жүзү боюнча коркунучта экендигин эскертти.Франс-Пресстин Агенттигиндеги бул чалуу, Орли акциясында катышкан үч террорчуга чыгарылган соттун чечими менен байланышып, француз бийлигине багытталган.

***1985-жыл 12-март***

**Канада (Оттава):** Олуттуу куралданган армян террорчулары Оттавадагы Түркия элчилигин курчоого алып, атышуунун натыйжасында Канададагы «Пинкертон» агенттигинин коопсуздук кызматынын канадалык агенти каза тапкан. Андан соң, башкы эшикти жардырып, куралчан адамдар имараттын ичине кирип келишип, ичиндегилерди барымтага алышкан . Элчи Джошкуну Кирса экинчи кабаттын терезесинен секирип кетүүгө үлгүргөн .Секирүүдөн олуттуу жаракат алган элчиге, төрт саат бою ошол жерде жашынып жатууга туура келген . Элчиликтеги меймандар (алардын арасында элчинин жубайы менен кызы болгон) барымтадан бошотулуп, террорчулар курчоого алынган . Алардын үчөө Канадада сотту күтүп жатышат . Акцияга АРА жоопту экендигин билдирди .

***1985-жыл 26-март***

**Канада (Торонто):** Торонтодо жүк ташуу системасын жардыруу коркунучу, армян террордук уюмунан келип түштү. Анын негизинде Торонтодо коопсуздук иш-чараларын массалык түрдө күчөтүү иштери колго алынды. Полиция метродон жарылчу затты тинтип издөө маалында, унаа кыймылында тыгындар пайда болуп турду.Бул опузага жоопкерчиликти өзүн «Армяндардын «Мекенди бошотуунун Жашыруун Армиясы» деп атаган уюм мойнуна алды .

***1985-жыл ноябрь***

**Белгия (Брюссель):** Бельгиянын терроруукка каршы күрөш боюнча полициясынын атайын отряды, Брюсселде Түркиянын НАТОдогу өкүлү элчи Осман Оркейдин батиринин жанында шектүү үч армян террорчусун (португалия паспортторунун ээлери) камады.Иликтөө иши улантылууда.

***1985-жыл 28-ноябрь***

**Франция (Париж):** Француз полициясы «Армяндардын «Арменияны Эркиндикке Чыгаруучу Жашыруун Армиясы» - революциялык кыймылы» (АСАЛА — Р.М.) катары белгилүү болгон террордук уюмдун лидери, америкалык армян мистер Монте Мелконянды камакка алды. Мелконян Калифорния штатынын Фрино облусунан, мурда Хагол Хагопяндын (АСАЛАны негиздөөчүсү) адңютанты болгон,АСАЛАнын катарынан чыккан соң АСАЛАга Орли аэропортундагы иш-чарага көмөк көрсөтүүчү АСАЛА-Р кыймылын түзгөн. Араб жана жакынкы чыгыштын саясый соттолгондору менен (КСАМЕПП) биргеликте Франциянын борборунун түрдүү райондорунда төрт жолку жардырууну ишке ашырган.Фактыга таянуу менен, алар Франциянын түрмөсүндө камакта жаткан АСАЛАнын террорчусу Вараджан Гарабедянды түрмөдөн бошотууну талап кылып жатышат. Байкообузга караганда, Вараджан армян жана араб террорчулары менен аябагандай тилектеш болсо керек .

***1986-жыл 17-март***

**Франция (Лион):** Лион-Париж экспрессинде бомба жарылды.Бул акция үчүн КСАМЕПП менен АСАЛА жоопкерчиликти өз мойнуна алышты.

***1986-жыл 20-март***

**Франция (Париж):** Париж соода пассажынын имаратына жайгаштырылган зат жарылып, кесепетинен эки адам каза таап, 30га жакын адам жаракат алды. Бул жардыруунун жоопкерчилигин КСАМЕПП мойнуна алды, бул сапар алар кайрадан эле, Орли аэропортундагы Түркия авиакаттамдарынын кассаларынын жанында болгон жардыруу боюнча соттолгон Вароджан Гарабедянды бошотуу талабын коюп, аталган акцияны ишке ашырган .

***1986-жыл 4-сентябрь***

**Франция (Париж):** Париж поездине коюлган жардыруу затынын детонатору иштебей калып, жүргүнчүлөр эвакуацияланган соң  зыянсыздандырылды. КСАМЕПП кайрадан  АСАЛАнын үч террорчусун, анын ичинде Вароджан Гарабедянды дабошотуу талаптары менен чыгып, бул акцияга тиешеси бар экендигин мойнуна алды.

***1986-жыл 9 сентябрь***

**Франция (Париж):** «Парис Сити Хол» имараты жардыруудан титирөөгө кабылды.Почта кызматчысы каза таап, башка 18 жаран денесинен жаракат алды. Бул жардыруу боюнча КСАМЕППтин эки террорчусу менен Вароджан Гарбедянды  абактан бошотуу талабы менен кайрадан чыккан  КСАМЕПП жоопкерчиликти мойнуна алды.

***1986-жыл 10-15-сентябрь***

**Франция (Париж):** Парижде болгон бир нече жардыруулар сериясы эки адамдын өмүрүн кыйып, жүзгө жакын адамга катуу жаракат алып келди. Бул жардырууга да КСАМЕПП жоопкерчиликти өзүнө алды .

***1986 жыл 16 сентябрь***

**Франция (Париж):** КСАМЕПП террорчулары тарабынан Франция борборунун Монпарнасс кварталында коюлган бомбанын жарылуусунан улам беш адам каза таап, 52 адам жарадар болду. Бул жолу да террорчулар баягы эле КСАМЕППтин эки террорчусу менен Вароджан Гарабедянды  абактан бошотуу талабы менен чыгышты.

***1986 жыл 9 октябрь***

**Ливан (Бейрут):** «Арменияны боштондугу үчүн иштеген Армяндардын жашыруун Армиясынан» (АСАЛА) жаңылык-

тардын Бейруттагы батыш агенттигине Вароджан Гарабедян менен жакынкы чыгыштын эки террорчусу абактан бошотулбаса, Францияга каршы зыяндуу чаралар күчөтүлөрүн билдирген опуза түрүндөгү кол менен жазылган билдирүү келип түштү. Документте АСАЛА согуш куралын француз учактарына, аэропортторуна, кораблдерине, поезддерине, жана Францияда жашап турган армяндардын батирлерин полицейлердин тинтүүсүнө каршы өч алуу үчүн дипломаттарга да багытталаары белгиленген.Катта андан ары Гарабедян боштондукка чыгарылбаса Франция «мындан да көп зыян тарта турган жана келечеги коркунучтуу боло турган бир нече жардырууларга күбө болорлугун» эскертишкен. Армяндардын террордук АСАЛА уюму сентябрь айында Парижде ондогон адамдардын өмүрүн кыйып, 160тан ашуун адамдын денесине жаракат алып келген көптөгөн акцияларды даярдоого жана ишке ашырууга катышкандыгын эске алсак, бул опуза ишке ашарлыгына шек жок.

***1986 жыл 15 октябрь***

**Ливан (Бейрут):** АСАЛА уюмунун өкүлү Михран Михранян менен бирдикте үч террорчусу Ливандын борборунда француз журналисттери менен жолугушуу өткөрүп, камактагы жолдоштору бошотулбаса, Францияга каршы бир нече акцияларды уюштураарлыгы тууралуу опузаларын дагы бир жолу кайталап өтүштү.Француз бийлиги менен сүйлөшүүнү сунуштап, өкүлү Михран Михранян «Француз бийлиги тарабынан берилген убадасын (Гарабедянды бошотуу) аткаруусун күтүп турабыз.Болбосо биз, мындан да ырайымсыз боло турган акцияларыбызды улантаарыбызды ишендирип кетебиз АСАЛА француз өкүлдөрүн дүйнөдөгү аскер душманы катары жарыялаган.Биз, саясый камактагылар бошотулат деген убадасын аткарбаса, Ширакка согуш жарыялап, Миттеранга ири катастрофа болорун убада беребиз» - деп белгиледи.

***1986 жыл ноябрь***

**Франция (Париж):** «Армян Революциялык Армиясынын» (АРА) алты террорчусу армяндардын Канададагы үч террорчусуна чыгарылган өкүмгө каршылык көрсөтүп, Париждеги «Канада Эйрдин» имаратын басып алышты. Имаратттын ичинде жатышып, бир сааттан кийин гана полициянын колуна түшүп беришти .

***1986 жыл 23 ноябрь***

**Австралия (Мельбурн):** Жардыргыч зат менен толтурулган автоунаа Австралиянын бул шаарындагы Түркия Элчилигинин алдынан жардырылды. Негизинде бир адам каза болуп, беш кабаттуу имаратка олуттуу зыян келтирилди . Каза болгон адам армян кылмышкери Хагон Левонян болуп чыкты. Анын шериги Викториялык Левой Демирян кийин бомбаны койгондугу үчүн күнөөлүү деп табылып, камакка алынган . Бул акциянын ишке ашырылышына «Грек-Болгар-Армян Фронту» (ГБАФ) деп аталган топ жоопкерчиликти мойнуна алды . Мындай аталыштагы армян террордук тобунун чыгышы биринчи болду .

***1987жыл 19 январь***

Австралия (Брисбен): Почтанын сорттоочу бөлүмүндө бомба салынган баштык жарылып, алты адам жаракат алган. Бул акцияга«Грек-Болгар-Армян Фронту» аталган топ жоопкерчиликти мойнуна алды .

***1987 жыл 20 январь***

**Греция (Афина):** 12 жылдык юбилейине карата АСАЛА Афинадагы штабынан армяндарга кайрылуу жөнөттү. Афинада жайгашкан «Армяндардын заманбап кыймылы» (АЗК) АСАЛАнын саясый колунан чыккан бул билдирүүдө «Түркияны фашисттик мамлекет деп аны колдогондордун бардыгын эл аралык империализм менен сионизмди жактоочулар деп атап…»

аларды армян элинин душмандары катары көргөзүлгөн. АСАЛАнын бул билдирүүсү өкмөт алдындагы АСАЛАнын коммюникесинен үзүндүлөрдү басып чыгарып туруучу англис тилиндеги күн сайын чыгуучу «Афинз Ньюс» гезитинен тарта, гректердин массалык маалымат каражатында кеңири чагылдырылды.

***1987 жыл 11февраль***

**Ливан (Бейрут):** Ливандын борборунда жарыкка чыгарылган коммюнике Парижде 1986-жылы болгон жардырууга АСАЛАнын жооптуу экендигин аныктады. Батыш маалымат агенттигинин дарегине ачылган формада келген билдирүүдө армян террордук уюму: «Франция армян жана араб патриотторун бошотуу үчүн зарыл кадамдарга барып, иш-чараларды аткарышы керек.Жардыруулардын токтотулушу Француз өкмөтү менен биздин ортобуздагы тынчтык учуру катары кабыл алынып, коомчулук алдында Франциянын жана анын калкынын коопсуздугун сыйлоорубузду туюндурушу керек. Франциянын көчөлөрүндө, заводдордо, авиакаттамдарда, деңиз обңектилеринде боло турган жардыруулар сериясы саботаж катары бааланат . АСАЛА 1986-жылы Парижде болгон жардырууларга жоопкерчиликти алуу менен, Вароджан Гарабедянды бошотуу тууралуу талабын дагы бир жолу эскертет» - деп билдирген.

## 21 — ДОКУМЕНТ

Акоп Акопян 1972-жылы Мюнхенде өткөн олимпиададагы окуяга катышы бар экендигин мойнуна алды

Нью-Йорк — Француз прессасынын билдирүүсү боюнча, Акоп Акопян, экинчи бир аты Михран Михранян менен «Моджахед» 1972-жылы Мюнхенде болуп өткөн Олимпиадада израиль спортчуларына каршы өткөрүлгөн акцияларга жоопкерчиликти мойнуна алды.

Париждин «Лө Матин» аталган күн сайын чыгуучу өтө таасирдүү гезити анықталбаган булактарга таянуу менен, Армениянын боштондугу үчүн күрөшкөн Армян Жашыруун Армиясынын (АСАЛА) негиздөөчүсү жана жетекчиси Акоп Акопян өткөн аптада 1972-жылы Олимпиада өткөрүлүп жаткан учурда израиль атлеттери жашап турган кварталдарга кол салууну уюштурган араб террорчулары менен бирге болгондугун билдирди. Бул кол салуу кийинчерээк бир нече атлеттерди өлтүргөн «Мюнхен кыргыны» деп эскертилген. Ошого байланыштуу, Мистер Акопян палестин партизан отрядынын эң биринчи жигердүү ишмери, андан кийин 1975-жылы Ливандын борбору Бейрутта бир нече жаш армян террорчулары менен бирге АСАЛАны түзгөн ишмер катары бир нече жолу жарыяланган.

Француз гезити, мистер Акопянды ирактын Мосул шаарында туулган Бедрес Оганесян деп атаган . Ал 38 жаштагы, жапыз бойлуу, чымыр денелүү, сүрдүү адам катары сүрөттөлөт . «Лө Матин» гезити 1982-жылы Акопян Бейрутта (Ливан) ишмердигин жүргүзүп, шаарга израил күчтөрү кирген кезде өлкөдөн чыгып кеткендигин кошумчалайт . АСАЛА мистер Акопян Израилдин аба күчтөрү Бейрутту бомбалоо учурунда каза болду деп жарыялаган, ал эми ага карабай көпчүлүк, сырдуу жеткечи сак саламатта Дамаскада (Сирия) жана Афинада (Греция) улам орун которуп жашап жүрөт деп айтып жүрүшөт. Гезит, ошону менен бирге, премьер-министр Андреас Папандреунун социалисттик өкмөтү менен анын ПАСОК партиясы жашыруун жетекчини «кулачын жайып тосуп алгандыгын» жана Түркияга каршы тургандыгы үчүн гана ага жардам берүүсүн улантып жаткандыгын белгилеген.

«Лө матин» АСАЛАнын чыгымдары аларды колдогон бай армяндардын салымдарынан коротулуп, калган каражаттар башка булактардан, анын ичинде баңги бизнесине катышуудан түшүп жаткандыгын кошумчалайт. Гезит, болгар бийлиги АСАЛАга түрк дипломаттарына каршы колдонулуучу курал-жарак-

тын бардык түрүн алууга көмөк көрсөтүп жаткандыгын кошумчалайт .

## 22-ДОКУМЕНТ

***Булак: «Нейшен», 1985 жыл 22июнь, 759-б.***

**КОЛУМБИЯ: КАРЛОСТУН БАЙЛАНЫШТАРЫ**

Эл аралык белгилүү киши өлтүргүч Карлос испан телекөрсөтүүсүнүн экранынан жакында пайда болду .Интервьюну ал Колумбиянын аймагындагы баш калкалоочу жайдын бИринде бергендиги көрүнүп турат . Венесуэл качкыны террордук акциялардын жана 1972-жылы Мюнхенде өткөн жайкы Олимпиададагы израиль спортсмендерине каршы кандуу кыргындын негизги «мээси» болгондугун белгилешет.

Палестинанын Эркиндиги үчүн күрөшкөн Уюмду таштап, Карлос түрктөр тарабынан жүргүзүлгөн геноцидден жабыр тарткандыгы үчүн өч алууну эңсеп турган армяндар менен байланышкан . Интервьюсунда ал: «Биз армян террордук уюмдар менен байланыштабыз.Бири-бирибизге жардам берип, бардык жагынан тыгыз кызматташтабыз» - деп билдирди.

Ошону менен бирге Карлос анын адамдары Түштүк Америкадагы баңги заттарын ташуу жолун толугу менен көзөмөлгө алгандыгын, баңги заттарын сатуу кылмыш эместигин, себеби баңги заттар чындыкка моюн сунуу үчүн зарыл экендигин белгиледи. Бирок, бул ишмердиктин негизги мотиви анын революциялык кыймылын каржылоо үчүн акча чогултуу болуп саналат . Баңги бизнеси «биздин негизги куралыбыз,ал гана эмес, биздин ядерлик куралыбыз деп айта алабыз. Баңги заттарын сатуу, империалисттик күчтөргө каршы согуш жүргүзүүнү улантууга бизге мүмкүндүк берет» деп белгиледи Карлос .

Бирок, анын жаңы коллегаларынын ортосунда биримдик жок көрүнөт . «Менин армян досторум алгач мени колдобой, каршы турушту . Ал гана эмес менин үстүмдөн сот жүргүзүшүп,

жыйынтыгында мени күнөөсүз деп табышты» - деп билдирди ал. Армян экстремисттери чынында эле Карлоско баш ийген болсо, гезит беттеринен гана көбүрөөк орун алгандан башка эч нерсе табышпайт .Карлостун мурдагы кардарлары алардын кызыкчылыгында иштеген анын бир да ишин таба алышпады .

## 23-ДОКУМЕНТ

***Булак: Марк С. Стейнц «Козголоңчулар, террорчулар жана баңги заттарын сатуу», «Вашингтон квортели», 8-т., №8 (1985ж.) 145-б.***

Армян террорчулары, көптөгөн өлкөлөрдө иш алып барышканы менен, негизинен Ливанда, өзгөчө армян коомчулугунун мүчөлөрү, баңги заттарын ташуу боюнча басымдуулук кылган Бейрутта топтошкон . Француз прессасы жакында эле белгилегендей, баңги бизнесинен түшкөн каражаттын кайсы-бир бөлүгү террорчулардын чөнтөгүнө кетет .

1980-жылы АКШда баңги заттарды сатуучу Ливиянын жараны армян улутундагы Нубару Сафоянга героиндерди котрабандалоо күнөөсү коюлган . 1976-жылы Сафоян Цюрихтеги түркиянын имараттарын бомбалаган оң канаттын армян террорчуларын каржылоого шектүү делинип, Швейцарияда камакка алынган. 1981-жылы Грецияда баңги бизнесин жүргүзгөндүгү үчүн кармалып, Ливанга өткөрүлүп берилген, ал жакта юстиция министрлигине көрсөтүлгөн басымдан улам бошотулган.

Ошол эле 1981жылы швед полициясы армян баңги контрабандисттеринин тобун камап, алардын жанынан армян солчул террордук тобу - АСАЛА менен байланышын далилдөөчү документтер менен басылмалар табылган . Контрабандисттер АКШда баңги заттарын сатуу менен алектенген армяндар менен байланышта болгон.Шведдер террорчуларга акча берилгендигин далилдей албаса да, АСАЛА швед бийлигин бир нече жолу опузалап коркутуп, камакка алынган контрабандисттердин бирөөнөн башкасын бошотуп алышты.

1983-жылдын башында түрк прессасы Интерпольдун маалыматына таянуу менен,АСАЛАны каржылоого катышып, Кипрде колго түшкөн бир гректен табылган тогуз килограмм героин тууралуу жазып чыкты. Турция прессасы АСАЛАнын 1983-жылы июль айында Стамбул жабык базарында бомба жардырууга катышкан террорчулардын бири кийин баңги заттарын сатуучунун батиринде жашырынып жаткандыгын билдирди.

## 24-ДОКУМЕНТ

***Маалымат булагы: «Армениан репортер» 1985 жыл 17 январь.***

## АРМЯНДАРДЫН ТЕРРОРДУК ТОБУ РАДИКАЛДУУ МУСУЛМАНДАРДЫ КОЛДОП ЖАТЫШАТ

**Бейрут.** Ливанда алты америкалык менен төрт французду барымтага алгандыгы үчүн жооптуу болгон Ислам Жихад террордук тобу 1986-жылы Америкага каршы багытталган бир нече уурдоолор менен жардыруулардын саны көбөйөрүн бүгүн билдирди. Болжол менен мусулман-шеиттерден турган, Иранга чексиз берилген бул шектүү топ, англис тилиндеги билдирүүсүндө «дүйнө жүзүндөгү» израиль өкүлдөрүнө каршы согуш жарыялоо опузасы менен чыкты .

Бейруттагы жаңылыктардын батыш агенттигине жиберилген билдирүүдө, 25-ноябрдагы ыкчам кеңешмеде, башкы башкармалык чабуул жасоону улантуу чечимин кабыл алгандыгы белгиленген . Кеңешме өткөн жердин дареги жана жүрүшү тууралуу эч кандай тактоолор берилген эмес .

Түркия, АКШ менен Израилдин саясатын Жакынкы чыгышта «ишке ашыруучу инструмент» катары бөлүп тургандыктан, террордук чабуулдардын бардыгы Ливандагы, Ирактагы, Ирандагы, Египеттеги, Ливиядагы, Батыш Германиядагы, Австриядагы жана Франциядагы түркия элчиликтерине каршы багытталып жатат.

Түркия, АКШ менен Израильдин саясатынан баш тартуу, араб элине каршы жардыруу иштерин токтотуу жана элчиликтериндеги Моссад (израильдин жашыруун кызматы) тарабынан каржылануучу шпиондук баш калкалоо жайларын жокко чыгаруу талабын койгон.

Билдирүүдө, Түркия үчүн мүнөздүү болгон нерселер айтылган эмес . Анда «ислам Жихад уюмунун Башкы башкармалыгы токтом чыгарды: америкалык империализмге каршы аөосуз өч алуу операциялары, АКШ араб элинин ички ишине кийлигишүүсүн жана израиль агрессорлорун колдоосун токтотмоюн улантыла берет» деп жазылган.

«Палестина менен Ливандын элин террорлоп турган, Израиль талап-тоноочуларына каршы өч алуу акциялары, басылып алынган араб жерлеринде гана эмес, бүткүл дүйнө боюнча улантыла берет»деп көрсөтүлгөн .

Андан ары «Жардыруулар, барымталарга алуу, террорчуларды өлтүрүү океандын ары жагынан да улантыла бермекчи»; «Террорчу Рейган, америкалык элчиликтер менен аскер өкүлчүлүктөрү, Бейруттагы америка элчилиги менен деңиз жөө аскерлеринин  штабы сыяктуу обңектер жардырылаарын билиши керек.Америкалык персоналды Бейруттан аз-аздап чыгаруу бизди токтотпойт жана аларды сактап калбайт» деп билдирилген.

## 26 ДОКУМЕНТ

***Маалымат булагы: Роберт Гарен «Советтер союзу жана терроризм». Лондон, Джодж Аллен жана Унуин, 1984ж., 181- 193бб.***

## СОВЕТТЕР СОЮЗУ ЖАНА ТЕРРОРЧУЛУК

Армян террорчулары ООПтун колдоосуна ээ.Акыркы беш жылдын ичинде өзгөчө жигердүүлүгүн көрсөтүп, бардык батыш өлкөлөрүндө он сегиз  түрк элчилерин өлтүрүп, түрдүү

шаарларда жардырууларды жүргүзгөн бул коркунучтуу топ, Советтердин көзөмөлүндө турат.Бул — ортончу класстын өкүлдөрүнөн туруп, марксистер тарабынан жетектелген топ. Топ, негизинен советтик идеологияны карманып, 1920 жылы Арменияныи Советтер Союзу менен Түркиянын ортосундагы жер бөлүүнүн негизинде (Интернешнл Геральд трибюн, 1981-жыл, 24-25-январь) СССРге кошулган Советтик Армения өлкөсүн, армяндардын негизги мекени деп эсептеп, советтик Армениянын провинциясын, Түркиядан «боштондукка чыккан» аймак менен кошулуусун колдойт.ООП тун советтик Армениянын борборунда да жолугушуучу жайы бар.Анын жакында эле Бейрутта пропагандалык баракчаларды тараткандыгы билинди.

**27 ДОКУМЕНТ**

***Маадымат булагы: Армениянын боштондугу үчүн күрөшкөн Армяндардын Жашыруун Армиясынын Коммюникеси. 1986 жыл,20 январь.***

## АРМЕНИЯНЫН БОШТОНДУГУ ҮЧҮН КҮРӨШКӨН АРМЯНДАРДЫН ЖАШЫРУУН АРМИЯСЫНЫН КОММЮНИКЕСИ

Он бир жыл мурун 1975 жылдын 20 январында, армян диаспорасы тарабынан, бүткүл армян улуту күтүп келген Армениянын боштондугу үчүн күрөшкөн Армяндардын Жашыруун Армиясы түзүлгөн.Жалан гана Армян элинин өкүлдөрүнөн турган бул уюм, он бир жыл аралыгында ага өмүр жана ырыскы берген армян элинин азап-тозогун, күрөшүн жана калыптанышын көрдү.

Армян улуту, өзүнүн жеңиштүү жолунда кыйынчылыктар менен кайгылуу окуяларга, туруктуулуктун жогорку деңгээлин карама-каршы коюп, диаспоралардын комплексттерин артка таштап, көңүлүн горизонтко, Арарат тоосунун чокусуна, армян

тоолоруна, жерлерине жана сууларына багыттап, өз күрөшүнүн туу чокусуна жетти. Мекенин сүйгөн армян элине бакубат жашоо алып келүү үчүн, алардын миңдеген адамдарынын башын тобокелчилике сайып, жүздөгөн жигиттеринин өмүрүн курмандыкка чалууга даяр туруп, армян элинин эркиндиги үчүн болгон күрөшү, тарыхка өз изин калтырды .

АСАЛА бүгүнкү күнү дүйнөлүк империализмдин, түркиялык фашизмдин, армян реакционизминин, армяндардын заманбап боштондук кыймылына бут тосуу сыяктуу, көптөгөн аракеттерине карабастан, демейдегиден күчтүү жана кубаттуу болуп турган учуру. Ошентсе да АСАЛА азап тарткан адамдарынын революциялык принциптери менен ыйык канына терең берилген, анын негизинде армяндардын жүрөгүндө азыркыга чейин боштондукка болгон руху жашап келет.

Уюмубуздун уюшулгандыгынын он бир жылдыгын белгилеп жатып, биз артка кылчайып, күрөш жүргүзгөн кыска убактыбызга карап, алдыңкы өлкөлөрдүн тилектештигинен үмүтүн үзгөн армян эли бүгүн өз эркиндиги үчүн күрөшүп жаткан дүйнө элдеринин катарынан татыктуу орун алып, дүйнөдөгү кысымга алынган бардык элдер менен бирге өз укуктарын талап кылып тургандыгын ишеним менен белгилей кетмекчибиз. Бүгүн армян эли мекенибиздин эркиндиги үчүн болгон күрөш, кыял эмес чындык экендигин сезип турган чагы.

Бир жагынан сырткы күчтөрдүн асыла бергендиги , экинчи жагынан дүйнө жүзүндөгү армян улутунун коомчулугунун ичиндеги, өз ара карама-каршылыктар жаңы коркунучту пайда кылат, бул биримдиктердеги (коомдордогу — ред.) күчтөрдүн жаңы балансын түзөт. Бул ички кагылышуу табияты боюнча коркунучтуу, анткени конфликтилерге барган тараптардын араздашуусу армяндардын келечегин аныктап, күрөш жолун белгилейт. Батыш империализми колдоп турган армян реакционизми, революциялык мурастарды өздөштүрүүнү самап, Арменианын боштондугу үчүн Армяндардын Жашыруун Ар-

миясынын (АСАЛА) эгемендик үчүн жүргүзгөн саясаты, алар үчүн жана алардын кызыкчылыгы үчүн олуттуу коркунучту алып келет деп эсептешет. Буга карабастан, биз бул тарыхый учурда калкыбызга жана бүткүл дүйнөгө, бардык душмандарыбызга каршы күрөшкө кашык каныбыз калганча тик чыгабыз деп убада беребиз .

**28 ДОКУМЕНТ**

**Маалымат булагы: Палатанын отурумунун стенограммасы, 1985 жылдын 12декабры, Н. 11936**

**Мистер Пашаян:** Төрага мырза, террор маселеси боюнча мен муну айтмакмын: террор бул резолюцияда айтылган окуялардан кийин 50 жыл бою болгон эмес.Ушунчалык узак убакыттан соң анын пайда болушуна эмне себеп болду?

Төрага мырза, буга жөнөкөй эле жооп берсе болот.Себеби, адилеттүүлүк азыркы учурга чейин болбой келе жатат . Эмне себептен болбой келе жатат ? Себеби 1922-1923-жылдары чечимде айтылган учурдан кийин уюшулган Түркия республикасы Осмон империясынын мураскору болуп калгандыктан, анын жоопкерчилигин да мойнуна алышы керек эле, бирок өкмөт мурдагы бийликтин учурундагы ишке жооп берүүдөн баш тартып жатат, ошол эле убакта Батыш Германия нацисттик режимдин күнөөсүн мойнуна алгандыгы белгилүү.

Төрага мырза, адам натурасынын бактысыз фактысы болуп адилеттик үчүн болгон күрөш - бийликте турган адамдар тарабынан жокко чыгарылып жаткандыгы саналат. Бийлик адамдары өздөрүнүн эмес, өзүлөрүнө чейинки муундардын азап-тозогон мойнуна алып, адилеттикти таануудан баш тартышат, тилекке каршы, анын негизинде дилгирлик адамды өзүнө баш ийдирип, аларга андан да артык жаман иштерди аткаруусуна түрткү болот . Андыктан бүгүн мен бул жерде туруп, бардык террорлукту, өзгөчө армян терроруугун катуу күнөөлөйм.

Ошол эле маалда, армян террорунун себеби адилетсиз таныльп турганда бул террорду ишке ашырып жаткан МКК(КГБ) менен Коммунисттик партия, отко тамызгы сала бере тургандыгын белгилеп кетмекчимин.

## 29 ДОКУМЕНТ

***Маалымат булагы: Ак Үйдүн билдирүүсү, 1983 жыл 28 июль***

## ПРЕЗИДЕНТ РЕЙГАНДЫН БИЛДИРҮҮСҮ

Португалиянын борбору Лиссабондогу түрк элчисине кечээги кол салуу, түркиянын элчилерине жана күнөөсүз жарандарга каршы мыкаачылык менен башаламан аткарылган акциялардын акыркысы болду. Бул Армяндардын Революциялык Армиясы жооптуу болгон кол салуунун натыйжасында, элчинин жубайы каза болуп, баласы оор жаракат алды. Эки жума мурда түрк элчиси Брюсселдеги үйүнөн чыгып бара жаткан жеринен өлтүрүлгөн, ал эми андан бир күн мурда түркиянын жети жараны Парижде аэропортто учаккка отурууну күтүп жаткан маалында жок кылынган.Бүгүнкү күндүн бул азаптарын эч бир реалдуу же ойдон чыгарылган ызалык актай албайт.

АКШ элинин жана Өкмөтүнүн атынан түрк өкмөтүнө жана күнөөсүз каза болгондордун үй-бүлөсүнө терең кайгыруу менен көңүл айтам . Бирок, көңүл айтуу менен чектелип калуу жетишсиз .Бул маңызсыз зомбулук токтолушу керек .Жакында мен мамлекеттин башка жетекчилери менен өнүккөн коомдон бул сыяктуу жырткычтык жана адамкерчиликсиз аракеттерди жок кылуу үчүн ыкчам жана маанилүү иш-ачаралар тууралуу сүйлөшөм.

**30-ДОКУМЕНТ**

***Маалымат булагы: Вашингтон Пост гезитинин редакторуна кат.***

***1983жыл*** 21июль**.**

**ТЕРРОРЧУЛАРДЫН МЫКААЧЫЛЫГЫ**

Орли аэропортунда армян террорчулары тарабынан мыкаачылык менен жасалган террордук кол салуу жана Брюсселде турциянын дагы бир элчисин өлтүрүү - адамдын жүрүм-турумунун жана дипломаттык этикеттин бардык нормаларын бузулушунун трагедиялык улантылышы болуп саналат . Мындай мыкаачылыкты айыптаган армян коомчулугунун көпчүлүгүнүн үнү кайда ? Бул маанисиз террор менен эмнеге жетүүгө болот ?

Армяндын тарыхындагы бир да реалдуу же апыртылган факт терорлуктун улантылышын актабайт болушу керек .

Брюс Лэйнген.Вашингтон

**31 ДОКУМЕНТ**

***Маалымат булагы: Рэнди Балоян, «Түркиянын өлтүрүлгөн элчилери күнөөсүзбү?», «Асбарез», 1984 жыл 1декабрь, 14 б .***

**ТҮРКИЯНЫН ӨЛТҮРҮЛГӨН ЭЛЧИЛЕРИ КҮНӨӨСҮЗБҮ ?**

Учурда армян күрөшүүчүлөрү тарабынан өлтүрүлгөн турциянын өкмөттүк атка минерлерине күнөөсүздүктү ыйгаруу кадимки көрүнүш болуп калды . Анын негизинде аналогетикалык «ал геноцид маалында туула да элек болчу», деген сөздү дайыма укчумун . Бирок, алардын күнөөсүздүгү тууралуу аныктамага терең көңүл бөлүп көрөлүчү .

Бул өлкөдө кылмышты жашырып жүргөн ар бир адам, ага катышуучу катары күнөөлүү, деп аныктаган мыйзам бар .

Эми геноцид боюнча БУУ тарабынан кабыл алынган конвенцияны унутуп калдык деп эле коөлучу, анда геноцидке мамлекет (мамлекет  - белгилүү бир аймакка ээ болгон адамдардын саясый уюму катары аныкталат.Демек, мамлекет анын өкмөтү алмашса да жашоосун улантып турат) күнөөлүү деп айтылган. Эске сала кетсек, Геноцид боюнча Конвенцияга Түркия да кол койгон.

Ошону менен бирге, Түрк өкмөтү учурда  Түркияда жашаган армяндар менен курддарга карата маданий геноцид саясатын жүргүзүп жаткандыгын айта кетишибиз керек,  Мануэл Ергатян деген армянды Түркиянын өкмөттүк түзүмүнө зыян келтиргендигин күбөлөндүргөн «далилдерден» улам  14 жылга түрмөгө отургузган саясатты да бир мүнөткө унута туралы. Бул далилдер Армениянын картасынан жана 24-апрелде Иерусалимде өткөрүлгөн дарстан келип чыккан.

Мунун ордуна Түрк өкмөтүн 1915-жылдагы кылмыштын шериги катары элестетип көрөлү . Учурда Түрк өкмөтү Түркиянын тарыхын, өзгөчө 1915-жылдагы окуяны өзгөртүү үчүн кылган аракеттерди каржылоодо .Мисалга Стэнфорд Шоунун «Осмон империясынын тарыхы жана 1808-1975-жылдардагы заманбап Түркия» деп аталган (1977-ж.) китебин алып көрөлү. Анда, Шоу 1915-1918-жылдардагы окуя согуш мезгилиндеги жагымсыз гана жылдардын бири болгондугун белгилөө менен, 200 000 гана армяндын курман болгондугу тууралуу жазат, бирок, ошол эле маалда алардын жүз миңдеген мусулмандарды өлтүргөндүгү үчүн күнөөлөгөн. Мындай бурмалоолор, келечекте түрк өкмөтүнүн колдоосу менен күчөп кетээрине шек жок.

Мындан ары Армяндардын аракетсиз жаткан Түрк өкмөтү менен жүздөшкүсү келбейт. Өкмөт учурда тарыхтын бурмаланган түрүн берүүгө аракет кылып, болбосо жок дегенде дүйнөнүн тарыхчыларында1915-1918-жылдардагы окуялар тууралуу күмөн жаратуу аракетин көрүүдө .

Түркиянын киши колдуу болгон расмий өкүлдөрү, жеке инсан катары 1915-жылдагы кылмыштарга күнөөлүү эместиги талашсыз.Албетте, алар 1915-1918-жылдардагы армяндарды өлтүрүү менен эч кандай байланышы жок. Бирок, 1,5 млн адамдын геноцидин жашырган жана ачык жокко чыгарган өкмөттүн өкүлдөрү катары алар күнөөлүү деп ойлойм.

Биз айрым учурларда, айрым адамдарды өзүлөрү үчүн гана жооп беришет деп эсептейбиз.Бирок, алардын уюмдун мүчөлөрү катары жоопкерчилиги сакталып кала берет. Көпчүлүк учурларда уюмдун бир бөлүгү болуп саналган инсан бул уюмду колдоп, жоопкерчилигинин бир бөлүгүн өз мойнуна алат .

Мен Түрк атка минерлеринин киши колдуу болушуна кайдыгер карабайм, адамдар унутуп калуучу ойлорду гана баса белгилеп жатам . Кимдин бирөөнүн күнөөсү же күнөөсүздүгү тууралуу аныктоо адамдын индивидуалдуу баалуулугуна жана ишенимине жараша болорун дайыма сезип келем . Кандай болгон күндө да бул көйгөйдү ачык түшүнүү, бул аныктаманы жакшы түшүнүүгө кызмат гана кыла алат .

## 32 ДОКУМЕНТ

***Маалымат булагы: Джон Гирагосян «Тарыхты бурмалоо улантылууда» «Армениан рипортер» 1984 жыл 8 март, 1984жыл, 1март.***

## ТАРЫХТЫ БУРМАЛОО УЛАНТЫЛУУДА

«Нью Йорк таймс» гезити 1983 жылы 23 апрелде жарык көргөн номеринде Г.Меэрдин батыш армяндарынын башынан өткөн мүшкүл окуя тууралуу очеркин басып чыгарды . Анын макаласы — ошол доордун окуялары тууралуу далилдүү баян . Түрк армяндардын ири коому 1915-жылы геноциддин XX кылымдагы биринчи курмандыгы болуп калды . Бул депортацияга жол ачып, 1,5 млн. армяндын кыргынга учуроосуна түрткү берген деп белгилөө менен, Меэр Түркиянын азыркы

өкмөтүнөз жоопкерчилигин моюнга алуудан дайыма баш тартып келгендигин күнөөлөп келет. Бул «эстен тангандык» катары каралат .

«Нью Йорк таймс» 1983-жылдын 5-майындагы санында Турциянын Вашингтондогу элчиси Шюкр Элекдаг тарабынан жазылган катын жарыкка чыгарды . Бул кат же жалган далилдерди сунуш кылып , же эскини кайталап турат . Элчи Элекдаг 1919-жылы Младотурок партиясынын үстүнөн түркиянын аскер трибуналы тарабынан жүргүзүлгөн сот процесстери тууралуу өкүнөөрүн билдирген.Анын айтуусу боюнча, армян инсургенттери Россия менен бирдикте Турция аймагында «армян мамлекетин» түзүүгө даярданып жатышкан. Ошону менен бирге ал Г.Меэрдин Осмон турциясынын 2 300 000 адамдан турган армян калкынын саны боюнча маалыматты жокко чыгаруу аракетин көрүп, калктын саны 1 300 000 гана болгондугун баса көрсөтөт. Элчи туура эмес экендиги бардыгына, өзгөчө тарых жана фундаменталдык булактар менен тааныш адамдарга белгилүү. Кандай болгон күндө да, турция дипломатынан бул адамдар тууралуу сурап көрөлүчү.Ушунча сандагы эл 60 жыл ичинде кантип эле турмушун оңоп, төрт эсе көбөйүп кетпесин? Түрк элчиси Верфелдин «Муса Дагдын 40 күнү» деп аталган романында чагылдырылган окуяларды чындыкка коошпойт деп далилдеп, шылдыңдап турбайбы . Элчинин көз карашы боюнча, армяндардын «көчүп келүүсү» үчүн Осмон империясынын өкмөтү чыгарган декреттер «армяндар үчүн эң сонун шарттарда» ишке ашырылган . Бул, албетте,турция тараптын армян элин жок кылууга карата жасаган уятсыз позициясынын дагы бир уникалдуу мисалы болуп саналат. Элчи учурда АКШ өкмөтүнүн советтик, орус саясатына каршы туруучулардын эң жигердүү жактоочуларынын бири болуп саналат . Ал Джон Дьюинин «Нью Рипабликте» «армяндар орус баскынчыларына турциянын шаарлары менен айылдарын өткөрүп берүү менен, саткынчылык ишке барышкан» деп жарыяланган макаласына

таянат . Ошентип, америкалык жазуучу да, турция элчиси да тарыхый фактылардын өнүгүүсүн АКШ менен НАТОнун антисоветизм жана империализм призмасы аркылуу өткөрөт. Бул адамдар Вашингтондогу Улуттук архивдерге барып, тарыхый чындыкты далилдөөчү миңдеген дкументтерди көрүп таанышып чыкса, эстүүлүк кылышмак .

Бул элчилер менен алардын тилектештерине1918, 1919-жылдардагы АКШ менен Турциядагы басылмаларда жарыкка чыгаруу өткөн мезгилдин кайгылуу окуяларынын чыныгы тарыхын чагылдыргандыгын эскерте кетүү зарыл.

1916-жылдын сентябрь айында эле Константинополдо болуп өткөн Иттихад партиясынын сңездинде айрым атка минерлердин армяндарды депортациялоодо чектен ашып жаткандыктары тууралуу талкууланган . Талаат жана аны жактоочулар бардыгын армяндардын советтик саясаты, борбордук бийликке каршы көтөрүлүш жана аларды орус аскери менен кыйматташуусу катары көрсөтүү аракетин кылган. Бул актанууларга карабастан, кылмыштарынын масштабы ушунчалык чоң болгон, анын жаңырыгы турциянын чегинен да ашып чыгып кеткен, андыктан сңезд армяндарга каршы күч колдонуунун күчөгүнүн белгилөөнү чечип, бул аймактарда аларды иликтөө боюнча комиссия жөнөткөн. Бул чечимден кийин Талаат Паша тарабынан жазылган «Армян революциялык кыймылы тууралуу чындык жана 1916-жылы өкмөт тарабынан кабыл алынган иш-чаралар» деген макала жарыкка чыккан. Ошентсе да, 1918-жылдын аягында Осмон империясы жеңилгенден кийин дүйнөлүк биринчи согушта Константинополдо — Младотүрктөр аскер аппаратынын канатташы болгон Турция парламентинде жана турция прессасындаобңективдүү документтер пайда болгон.

Бул документтер жасалган кылмыштардын бардыгынын бетин ачкан . Анын негизинде Младотүрк кыймылынын айрым жетекчилери аскер трибуналынын алдындагы сот жообуна тартылган .

Жарашуулардан кийин армяндардын кыргын салуусу түрк парламентиндеги өзгөчө зарыл көйгөй катары болуп калган . Бул боюнча комментарийлер менен талкуулар кийинчерээк «Таквьем Вакаэнде» - аскер трибуналынын атайын гезитинде жана башка басылмаларда басылып чыккан. 1919-1921-жылдары башка публикациялар иштин атайын маселелери жана зарыл учурлары тууралуу комментарийлерди сунуштап тургуча, бул гезиттердин чыгарылыштарында процесстин материалдары басылып чыгып кеткен.

1918-жылдын 21-декабрында Турция Парламентинде Младотурк партиясы нын жетекчилеринин кызмат укугун ашыкча колдонгондугу тууралуу маселелер талкууга алынган учурда Турциянын ошол маалдагы тышкы иштер министри Мустафа Ариф Бей армяндардын кан төгүүлөрү тууралуу кайрылып: «Армяндарга каршы колдонулган мыкаачылык бардыгына белгилүү болуп калды, адамзат ага жийиркенүү менен карап турат. Өлкө бизге бир чоң кыргын талаа катары түшүнүк калтырды» деп билдирген.

1918-жылдын аягында 1919-жылдын башында Стамбулдун «Сабах» гезитинин башкы редактору Али Кемаль менен «Енб и Ган» гезитинин башкы редактору Юнус Нади редакциялык макалалар сериясында кыргын үчүн жооптуу адамдардын аттарын аныктап, сот жообуна тартуу зарылдыгына токтолушкан. «Кыргын ЦКнын (Иттихад партиясына шилтеп) буйругу боюнча ишке ашырылганын бүткүл дүйнө билет. Буйруктар атайын эмиссарлар тарабынан берилген жана ошолордун эле жетекчилиги менен баш кесерлер тарабынан аткарылган». «Бул кылмыштын бетин ачуу турциялыктар менен Турциянын ишине кылган кызмат болуп саналбайбы?» - деп сураган башкы редактор Али Кемаль. «Ушул сыяктуу кылмыштардын курмандыгы болуп калуудан коркуп кимдир-бирөө булардын бетин ачууну каалайбы?»

Турциянын «Истиклал» гезити биринчи дүйнөлүк согуш турциялыктар арасында кара ниеттиктин өсүшүнө жана моралдын түшүшүнө түрткү бериши мүмкүн деген пикирин жазып чыккан. Кургак фактыларды тануу күндүн тийип турганын тануу менен барабар эле. («Ренесанс», 173, 22.06.1919.)

1918-жылдын 4-ноябрында Турциянын парламенти армяндарды депортациялоо жана кыргынга байланышкан маселелерди талкуулап жатканда, парламент мүчөсү Фуад Бей Младотүрктөрдүн жетекчилерин Турцияны «Кылмыш мейкиндигине» айландыргандыгы үчүн бир нече күнөөлөрдү коюп чыккан.

Стамбул менен Аркаранын архивдеринен өтүнсөк, алар аталаган түрк тарыхчыларына «Ренесанстын», «Тасвир Эвкердин» жана башка басылмалардын номерлеринин көчүрмөлөрүн дароо берерлигине ишенебиз. Ал тарыхчылар аларды карап чыгып, мекенинин тарыхын үйрөнүп алсын, ошондо гана алар жалган сүйлөбөй калат эле.

Турциянын аскер трибуналы Младотүрк кыймылынын кылмышкерлерине эки күнөө коюп чыкты: 1. Турцияны дүйнөлүк биринчи согушка тартышы; 2. Армяндарды жок кылуу. Трибунал бир нече губернаторлорду жана кабинеттер министрлерин өлүм жазасына тартты. 1919-жылы 8-апрелде Юзгаддын губернатору Кемал Бей, 22-майда Трабзонданын губернатору Джемал Азми Бей жана булл шаардын «Иттихад» партиясынын генералдык катчысы Наим Бей сырттан өлүм жазасына тартылышкан.1919-жылы 5-июлда Энвер Талаат, Джемал жана өлкөдөн качып кетүүгө үлгүргөн дагы башка жетекчилер да өлүм жазасына тартылган .

Аскер трибуналы биринчи өлүм жазасын жарыялаганда Укмуштуу Портанын жана Султан Сарайынын өкүлү «Алемтар» гезитине берген интервьюсунда армяндарга каршы жасалган кылмыштардын маңызын сүрөттөп берген. «Армяндарга кылмышты жүктөбөйлү. Дүйнөдө келесоо адамдар жашабасын эсибизден чыгарбайлычы». Менимче, 65 жыл мурун

айтылган анын чындыгыазыркы учурдагы тарыхты бурмалап жаткан түрктөр үчүн зарыл окшойт.

«Алемрат» гезити Али Кемал Бейдин өкүмүн турция элинин соттолушуна теңеген жана «биздин аман калуубуздун жападан жалгыз каражаты - бардык кылмышкерлерди адилеттүү жана ачык сот жообуна тартууга ниетибиз бар экендигин цивилдик дүйнөгө болгон үнүбүз мененжарыялообуз болмок. Баязида-нын тургуну дарга асылгандардын күнөөсүн мойнуна албаса, Париж (1919-жылы Тынчтык Конференциясы өткөрүлгөн жер) калктын жана өлкөнүн айыпталуучу жери болуп калат. «Биз турциялыктар катары бул кылмышка жооптуубуз жана ошону менен бирге чумадан да коркунучтуу болгон айыкпас ооруну жуктуруп алганбыз. Ошол себептен биз кылмышкерлерди жа-зага тартыш үчүн атайын трибунал уюштурганбыз» - деп улайт «Алемтар» гезити. («Ренесанс», №128, 05.01.1939-ж.)

Тарых барактары ушуга күбө. Алар сыйды талап кылат. «Тюрке Стамбул» гезити 1919-жылы биздин учурдагы далил-дерди сыйлабаган атка минерлер тууралуу жазса керек эле: «Армяндар Ванда агрессорлорунан болушкан, андан соң биз Анадолуда алардан өч алууга туура келди деп айткандарыбыз «сентименттерге» таянып, илимий жана анык далилдерди ка-был алгысы келбегендерди гана канааттандырат. Мындай по-зиция Европа менен АКШнын коомдук пикиринин алдында биздин ишибизди эч качан коргоого албайт».

Ооба, тарыхый реалдуу фактылар дал ушундай, Саясатчы мырза жана Дипломат мырза. Учурда бул далилдерди бурма-лоо жана геноцидди жүргүзүүчүлөрдү актоо аракетин көрүп жаткандар - эки эсе кылмышкерлер жана алар мурункулар сы-яктуу жазага тартылууга акылуу.

(Бул саптардын автору болбогон маалыматтарга таянып, түрктөр жок дегенде теориялык жактан ишке ашыра албаган күнөөлөрүн мойнуна алышы мүмкүндүгүнө калк ишенээрин божомолдогондугу таң калычтуу. Алты вилайеттеги армян

элинин саны турктөрдүн санынан эч качан ашкан эмес. Армяндар бул дубанда өтө жыш жайгашкандыктан, дубан «армяндык» деп аталып калган.- ред.).

**33-ДОКУМЕНТ**

***Маалымат булагы: «Армениан Репортер», 1985-жыл 6-июнь, 2-б.***

**ФРАНЦУЗ-АРМЯН ЖИГЕРЧИСИ, АДВОКАТ ЖАНА МЭР ПАТРИК ДЕВЕДЖЯН АРМЯН ТЕРРОРЛУГУН АЧЫК КОЛДОЙТ**

«Алар муну террорчулук деп аташат. Мен болсом — каршылык көрсөтүү деп атайм» - дейт Франциянын Антони шаарынын мэри Патрик Деведжян. Ал Франциядагы турция дипломаттарын өлтүргөнгө катышкан деп күнөөлөнгөн көптөгөн армяндардын башкы адвокаты болгон. Аларды террорчулар дебестен, «жигерчилер» деп атап, «дүйнөдөгү армяндардын көпчүлүгү жигердүүлүк үчүн чыгып жатышкандыгына ишенем» - деп кошумчалаган.

Ал үчүн алар АСАЛАнын мүчөлөрүбү же адилеттик үчүн күрөшүүчүлөрбү — баары бир. Армян саясый партиялары «келечек күрөштө чоң роль ойногон жана ойношу керектигин танбайт. Алар жоктон баштап, ири прогресске жетишти. Кандай болгон күндө да мен бул жигиттерде коргойм, себеби алар көтөрүлүп чыккан армяндар» деп бетке айткан. «Бул саясый көз карашыбыздагы саясый келишпестиктерге караганда өтө зарыл. Мен сот эмесмин, мен адвокатмын, ал эми адвокат коргоп жаткандарынын бардыгына берилген болуусунун кереги жок. Бул анын иши эмес. Мен аларды коргойм, себеби алар менин жана бардык армяндардын улуттук сезимин кайрып беришти» деп билдирет ал толкунданув менен. «Мен жаштардын көтөрүлүшүн түшүнөм».

Айткандарын далилдеш үчүн Анкарада Талаат атындагы мектеп жана көчө бар экендигин, Стамбулда Энвер менен Талаатка эстелик тургузулгандыгын белгилей кетет. «Берлинде же Бонндо Гитлердин атындагы көчө болсо, немис элчиси еврейлерге карата эч кандай геноцид жүргүзүлгөн эмес деген болсо, еврей жаштарынын реакциясы кандай болмок? Алар аны өлтүрүп коймок. Ал эми турциялык дипломаттар армяндарга карата эч кандай геноцид жүргүзүлгөн эмес деп дүйнө жүзүнө жар салып жүрүшөт».

Көз айнекчен, нур жүздүү Деводжян өзүнүн 40 жашынан жашыраак көрүнөт. Ал токтоо, олуттуу, геноцид тууралуу сөз болгондо чыңалып кетет, бирок, өтө сак. Дал ушул геноцид боюнча каары аны адвокаттыкка түрткү кылган. «Мен армяндардын укугун коргоо үчүн адвокаттык иш менен алектенүүнү чечтим» - деп токтоо түшүндүрөт өз кесиби жөнүндө. 12 жыл мурун Фрранциядагы армян коому аны менен кошо 14 адамды коргоочу катары чакыргандыгын, бул ишке башкалар макул болбой жалгыз өзү макул болгондугун билдирет. Ар бир ишке даярдык көптөгөн айларды талап кылса да, ал аткарган иши үчүн эч кандай акы албагандыгын, жана өз ишине берилгендигин билдирет.

«Ишенимди сатып алууга болбойт. Бул менен күрөшкө катышуу жолум» деп билдирет ал тайманбастан . «Бул согушка айрымдары акча беришет, башкалары ишин, үчүнчүлөрү — каны-жанын беришет. А мен болсо ага өз кесибимди кызматка койдум». Кийинки айда франко-армян мэри Парижде 7-июлдан 13-июлга чейин өткөн Армян Конгрессинин бир жумалык чогулушуна катышат. «Армяндар качан чакырса да, мен ал чакырыкты дайыма кабыл алам» - деп сыймыктанып жооп берет ал.

Француздар «геноциддин натыйжасын туура түшүнөт. Аларда фашисттик оккупация жана ага каршы туруу тажрыйбасы болгондуктан, алар армяндарда да адилеттүүлүккө укугу бар экендигин жакшы сезишет, экинчи жагынан алганда, АКШ

эч качан бирөөнүн басып алуусуна же каратып алуусуна дуушар болгон эмес, андыктан алар башкача ой жүгүртүшөт».

АКШнын Турциядагы саясаты «Чыгыш менен Батыштын ортосундагы согушка жараша ишке ашырылат. АКШ Турцияны Советтердин таасир этүү чөйрөсүнө кирүүсүнө тоскоолдук кылуу аракетин көрүүдө. Бул саясат адам укугу менен эч кандай жалпылыгы жок». Саясат америкалыктардын «бийлик солчулдарга тийип калбашы үчүн, оңчулардарга берген жардамынан турат - деп белгилейт. — Вңетнам менен болгон окуя америкалыктарды бул тармакта өзгөрүүлөр зарыл экендигине үйрөтүш керек болчу. Оңчулдарды коргоо бул өлкөлөрдөгү демократиялык күчтөрдү коммунисттер менен биримдикке барууга мажбур кылат». Ошентип, Даведжян Турцияда коммунизм жеңээрин алдын ала айтат. (жеңген жок, жаңылып калды — ред).

Ал Францияны адам укугу маселесинде «динамикалык» өлкөлөрдүн бири катары сүрөттөйт. АКШдан айырмаланып, француздар «ылымы жакын диктатураларга» жардам берүү үчүн «аз эле нерсе жасады». Ал эми өзү диаспора коомунун арасынан «эң эле интеттектуалдуулардын» бири деп атаган француз армяндары «Франциянын таасиринен улам, мурда курмандыкка кабылган Франция дал ошондой эле курмандыкка илинген армяндарга түшүнүү менен мамиле кылып, кабатырланарын түшүнөт». Андыктан «армяндарда Францияда күрөшкө чыгуу укугу бар экендигин» баса көрсөтөт. «Аларга кылган мамилеге алар уялышпайт».

Франко-армян мэри — Жак Ширактын жакын досу жана жеке адвокаты, ошондой эле анын саясый партиясынын мүчөсү. Ширак — Франциянын консерваторлорунун лидери, президенттик кийинки шайлоолордо президент Франсуа Миттеранды жеңе ала турган адам катары саналат. Кандай болгон күндө да аны мэр катары шайлоо кампаниясы учурунда француз прессасында ал начар жарнак алгандыгы, Коммунисттер аны «террорчу» деп атагандыгын эскертип кетти.

Бирок, пресссанын начар пикирлери ага Париждин четиндеги Антонияда 52% добуш алууга тоскоол боло алган жок. Бул ийгилик ага Миттерандын экономикалык саясатына каршы жүргүзгөн кампаниясынан улам келди. Ошентсе да, армян маселелери боюнча француз президентинин аракетин «эң жакшы» баалайт да, «бирок булардын бардыгын ал шайлоочулардын добушун алуу үчүн жасаган» деп кошумчалайт. Анын айтымы боюнча, Ширак болсо «геноцид тууралуу бардык маалыматтарды» андан, Диведжяндан, уккан. Деведжян Ширакты Парижде геноциддин курмандыгы болгондорго эстелик курууга уруксат берүүгө ынандырганын эстеп, жүзүндө сейрек кездешүүчү жылмаюу пайда болду. Ошентсе да, учурда өкмөт эч кандай расмий түшүндүрүү бербей туруп, бул долбоорду токтотуп койгон.

## ГЕНОЦИДДИН КАРТТАРЫ

1945-жылы Парижде геноцид учурунда тууганларынын көбүнөн ажыраган Сепастатцинин үй-бүлөсүндө төрөлүп, өз үй-бүлөсүнүн башына түшкөн каргашалуу окуяларды «ар бир армяндын» тарыхы деп атайт.Ал жалгыз бала болуп, алты жашында кырсыктан улам апасынан ажырап калып, бизнесмен болгон (маркум) атасынан тарбия алган. «Атам геноцид тууралуу сөз кылууну жактырчу эмес, бирок андан алган жаракат, мага терең жана узакка таасир этти» .

Париждеги Самуэл Мурад атындагы армян колледжин аяктап, Даведжян бизнес менен журналистикада адистешип, юридикалык мектепке тапшырган . Ал Францияда төрөлгөн аялы менен армян чиркөөсүндө никеге турган . Учурда алардын 6 жаштан 14 жашка чейинки 4 уулу бар, «төртөө тең армян тилин окушат» деп, ал сыймыктануу менен белгилейт. «Ажалга каршы турган менин 4 уулум бар . Мен дайыма 4 уулдуу болгум келген . Себеби, мен каза болгондо менин табытымды мүрзөгө көтөрүп барып, ажалга тике карап: «Биз тирүүбүз, ошондуктан биз жеңдик» деп айта алышат» деп жылмаюу менен айтат.

Деведжян армян кухнясын, операны (Моцарт, Вагнер), байыркы тарыхты окууну жана XII кылымда тургузулган сарайында эс алууну жакшы көрөт, ал эми археологияны өзүнүн кызыгуусу деп эсептейт. Анын айылда атасы тарабынан сатылып алынган чакан сарайындагы, же атайын экспедицияларга катышкан учурларда табылган эстеликтердеги байыркы таштар ага абдан жагат . «Бул байыркы таштар түбөлүктүүлүктүн күбөсү. Ал эми биздин армяндардын таштары биздин жашап тургандыгыбыздын гана күбөсү болбостон, тарыхты кайрадан калыбына келтирүүнүн сонун ыкмасы» - дейт . Франциядагы көптөгөн армяндар байыркы армян чиркөөлөрү менен эстеликтерин калыбына келтирүү максатында Иран менен Киликияга баруучу экспедициянын спонсорлору болуп саналган Жер жана Маданият коомуна киргендигин белгилейт.

Тарых кайталануу аркылуу бүгүн эмне болуп жаткандыгын жана эртең эмне болорлугун түшүнүүгө жардам берип жаткандыгына таң калат.

Армян болуу ал үчүн эмнени туюндураарын сураганымда: «Биз бардык калган адамдарга окшош элебиз, бирок биздин тарыхыбыз геноцид менен белгиленип калгандыктан, биз сезимталдыгыбыз менен гана айырмаланып турабыз. Мен азыр да анын натыйжасын сезип турам. Менин ой-жүгүртүүм, менин арман аң-сезимим геноцид менен тикеден тике байланышкан» - деп жооп берди.

Деведжян өзүн «100% француз, 100% армян» деп эсептейт, бирок Арменияга, анын маданиятына карата «күчтүү сезим, ностальгия тартып турса да», ал үчүн бул «түбөлүктүү реалдуулук эмес деп түшүндүрүп, Францияны мекеним деп санайт да, Францияны — менин түбөлүктүү реалдуулугум» деп эсептейт.

«Армянин армян болуп кала алган жер жалгыз гана Армения болуп саналаарын» ал мойнуна алат. АКШ, Англия, Франция сыяктуу өнүккөн өлкөлөрдө жашагандар «ассимиляциялашууга кабылат» - деп белгилейт. Муну тарых өзү далилдеп

келерин ал орто кылымдардан бери жашап келе жаткан Франциядагы армяндар XVIII кылымда жок болуп кеткендиги менен түшүндүрөт.

Анын келечеги эмне болот? Бир эле маалда тажрыйба менен да алектене алган (бул Францияда болушу мүмкүн) расмий тандалып алынган адам кантип өзүн саясатта көрө алат. «Саясат адвокат практикасындай пайдалуу эмес, бирок менин турмушка болгон көз карашым акча жасоодо гана эмес, албетте акча башка адамдарга керек сыяктуу эле мага да керек, бирок акчага караганда коомдо иштеп турган нерселердин бардыгы мени көбүрөөк тынчсыздандырып келет».

Кийинки жылы Деведжян беш жылдык мөөнөткө отура турган Парламенттеги депутаттык орунга күрөшкө чыкмакчы. Өзүмдү кармана албай, келечекте президенттикке ат салышаары тууралуу сураганымда: «Албетте, жок. Ал менин максатым эмес» деп жооп берди. Бирок, кандай болгон күндө да, анын саясый максаттары, өзү айткандай, армян «жигерчилерин» мыйзамдуу (?!!) түрдө коргоону улантууга тоскоолдук болбойт.

## КЕЛЕЧЕККЕ КАРАП

Армян маселесинин келечеги кандай? - деп сурадым.

Учурда диаспоралардагы армяндардын ассимиляциясы «жаштардын козголоңунан улам» бир аз «токтоп турат. Армян коомчулугу гана эмес, бүткүл дүйнө жүзү ойгонду. Бул тууралуу мурда эч ким айтып чыккан эмес. Бул козголоң армян маселесинин башталышы болуп саналат. Бул маселенин стратегиясы турциялыктарды армян геноцидин таанууга мажбурлоо болуп саналат. Бул процессте АКШнын ролу зарыл жана негизгилерден» - деп белгиледи.

«Калк геноцид фактысын таанып башташы керек. Франция геноцидди расмий тааныгандардын биринчиси болду, жана бул маселени БУУнун кароосуна алып чыгат. Биз жолубузду ка-

дам артынан кадам коюу менен улантышыбыз керек. Кийинки потенциалдык топ Грецияны, Кипрди, Скандинав өлкөлөрүн, Германияны, Италияны, Испанияны камтыйт, бул өлкөлөрдүн бардыгы геноцид фактысын тааныганы менен, расмий түрдө аны айтыша элек. АКШ геноцид фактысын тааныган мамлекеттердин акыркысы болот. Андан соң ал эл аралык таанууга ээ болот - деп божомолдойт. Бул процесс учурунда америкалык армяндар америкалык өкмөткө өз позициясын өзгөртүүгө таасир берүүгө аракет көрүүсү керек» деп түшүндүрөт.

Ошол эле маалда армяндардын «жигердүүлүгүнүн уландысы ар бир мамлекеттен көз каранды». Учурда «тандалма жигердүүлүк» аяктаган. «Ал кайсы бир учурларда гана пайдалуу болгон, т.а., ал француз өкмөтү геноцид фактысын таанууга жардам берген, армян коомчулугу азыр башка стратегияны иштеп чыгуусу керек. Жигердүүлүк азыр тарыхый Арменияга, армян жергесине топтолуусу зарыл».

Ал Турциянын жакшы куралданган күчтөрү менен НАТОнун бөлүктөрү жайгашкан аймакта кантип ишке ашырылат —деп сурадым. «Американыктар Турциянын ичинде тартиптин кармалышына жоопкерчилик тартпайт. Алар жаңы Вңетнамды баштагысы келсе, алардын иши» - деп кургак жооп берди.

Бирок биз заманбап техникалар менен куралданган Турция менен НАТОнун аскер техникасына каршы турган аз сандагы армяндар тууралуу сөз кылып жатабыз деп сөзүмдү уладым. «АКШ армяндарга каршы согушууга милдеттүү эмес. Бул аймакта армяндардан башка да топтор бар. Бул курддар менен болгон биримдик да болушу мүмкүн» деп жооп берди.

Ошентсе да мен кайрадан бул топтун куралдануусуна ким жардам берерлигин, мынчалык бекемделип калган аймакка ал кантип курал жарак жеткирээрин көшөрүп сурадым. «Акчасы жана жардам берүү ниети болгон адамдарга Турциянын чек арасынан өтүү жеңил эле — деп кебелбестен жооп берди. Анын жыйынтыгы Турциядагы армян жеринин боштондугу, эркин-

диги, балким Советтер Союзунун курамынан чыгуучу азыркы Армения менен болгон биримдик болот».

Бул жер Турция менен СССРдин ортосунда жайгашып туруп, күч-кубаттуу коңшусуз кантипөз эркиндиги менен суверендүүлүгүн сактап кала алат? Армян Республикасы эки жыл да өз алдынча жашап тура албады го деп каршы чыктым. «Балким, Армян Республикасы жакшы уюшулган эместир. Израил кантип жашап жатат» - деп ал ишенимдүү жооп берди. Мен Израилдин калыптанышына АКШнын ролунун зорлугун айтканымда, ал: «АКШ качандыр бир учурда аларды таштаарын Израил сезип турат» деп жооп берди.

Бул мекенде ким жашайт анда? Ал жакка Сиз өзүңүз барасызбы? — деп сурадым. «Армения менин балдарым үчүн такыр чоочун (мына анын мактанган патриоттуулугу! — ред), бирок ал жакта жашоону каалаган армяндар, өзгөчө Орто Чыгыштагы армяндар, четинен табылат.

Түндүк Кипр Турциянын аймагы катары жыл сайын чыңалып бара жаткандыгын, Газдын Батыш Жээги менен Голландия бийиктиктери Израил тарабынан күчөтүлгөн тартипте көзөмөлгө алынып тургандыгын белгиледим. Тигил же бул өлкө эмне үчүн 70 жылдан кийин биздин жерди армяндардын жери деп таанышы керек? «Турциялыктар тарыхый окуялардын негизинде өз жеринин төрттөн үч бөлүгүн жоготуп алган . Муну алар кысым жасаган учурда мойнуна алышат . Биз дайыма АКШга ишенсек болот — деп токтолбостон жооп берди. — Армяндар гректер менен еврейлер сыяктуу эле, Америкадагылар менен байланышы бар . Биздин милдет — бул биримдикти өнүктүрүү. Чындап келгенде бул армяндардын өзүнүн иши — бардыгын өзү үчүн жасоо».

## 34-ДОКУМЕНТ

***Маалымат булагы: Джастин Маккарти: «Армян террору: тарых уу жана ууга каршы каражат катары». Анкара, 1984-жыл, 85-94-бб.***

## АРМЯН ТЕРРОРУ: ТАРЫХ УУ ЖАНА УУГА КАРШЫ КАРАЖАТ КАТАРЫ

Негизинен, тарыхчылар азыркы терроРлук маселесин карогого жардам бербейт. Орто Чыгыштын тарыхчылары армян террору тууралуу маселе боюнча комментарий берүүдөн качышат. Ошентсе да, армян зомбулугун кароо менен, тарыхты четке кагып коюуга болбойт, себеби тарых — армян терроРлугунун себеби да, жана анын жападан жалгыз айыгуусу. Армян терроРлугу тарыхты бурмалоодон улам тамыр жайып кетти, бул көз караШты кайра карап чыгуу менен гана армян тероРлугун жеңүүгө болот. Андыктан, терроРлук менен күрөшүүдө колдонулбаган — тарыхты окуп үйрөнүү усулун сунуштагым келип турат.

Террорчу болуу үчүн көптөгөн себептер бар. Алардын айрымдары гана террорчу ишене турган себеп болушу мүмкүн. Көпчүлүк эл террорчулардын реалдуу психологиялык жана экономикалык мотивациясын менден да артык билет.

Ошентсе да, ар террорчуга таяныч — философия менен себеп — керек , ошол себеби үчүн ал бирөөнү өлтүрө алат же өзүнүн өмүрүн кыя алат. Мында тарых бир аз болсо да өз ролун ойнойт, террорчулар өтүп кеткен мезгилдерине кылчайып бурулуп, өзүлөрүнө тарыхый нааразычылыктар менен жек көрүүнү жашырып тургандыктан, элинин мурдагы турмушун жакшы болгон деп эсептешет . Алар Вңет Минх, Мау-Мау, ИРА же дагы бир нерсе болгонунда террорчулар империялык күчтөргө чабуул жасоо менен, негизинен, реалдуу же ойлонулуп табылган тарыхый таарынычтарды жана өч алуу тууралуу анттарды

эстеп турат. Бирок, террорчулардын көпчүлүгү үчүн алардын акталышына тарых анчалык зарыл мааниге ээ эмес. Тескерисинче, алардын өз калкын кулчулуктан бошотуу ниети, жана алардын калкы өз жерине өздөрү ээлик кылуусу зарыл мааниге ээ. Бүгүнкү армян террорчуларынын тарыхы жападан жалгыз реалдуу актануу болгону менен уникалдуу. (алардын ою боюнча — ред). Анда мындай учурда боштондукка чыгара турган эл жок. Армян террорчуларынын максаты - мурда башынан өткөн адилетсиздиктер үчүн өч алуу.

Армян террорлугун актоого негиз жок . Армян террорлугуна жардам берип жаткандар Советтер Союзу, Турция менен НАТОну талкалоону ниеттенгендер, жана алар армян зомбулугунан утуп жатышат, бирок армяндар өзүлөрү мындан эч нерсе уткан жок жана утпайт дагы. Бүгүнкү күнү Советтер Союзунан сырткаркы аймактарда 3 миллиондон азыраак армян жашап турат, жана алардын аз гана пайызы качандыр-бир учурда кайрадан жаралган Арменияга кайтып барат. 11 миллиондон ашуун мусулман-түрктөр (Мак Карти китеби жазылып жаткан учурда — ред) бүгүнү дал ушул аймакта жашап турат. Анатолияда Армян мамлекетин орнотуу үчүн 11 миллион мусулманды жок кылып коюу — мүмкүн эмес. Алар муну эң сонун түшүнүшөт.

Армян террорчулары да жакшы жашоо үчүн, элинин эркиндиги же бир туугандарынын саясый эзүүдөн бошотолушу үчүн күрөшүп жаткандыгын айта алышпайт. Турцияда жашап турган армяндар саясый жактан куугунтуктоого алынып жаткандыгына эч ким ишенбейт. Террорчулар Турцияда жашап турган армян жарандарын «чыныгы армян эместиги» же алар Турция Республикасында өз эрки менен жашап тургандыктары тууралуу жазып жатышат. Армян террорчулары өз бир туугандарын саясый куугунтуктоодон чынында эле куткаргылары келсе алар өз аракеттерин Турцияга каршы эмес, Россияга каршы жөнөтмөк.

Демек, армян терророрлугу реалдуу саясый максатка ээ эмес болушу мүмкүн. Эрзурум менен Харпутка кайрылып келүүнү эңсеген абстракттуу саясый тартылуусу армяндардын жан дүйнөсүн ээлеп келет, андыктан армян терророрлугу жөн гана өч алуунун куралы болуп саналат.

Армяндар турциялыктарды көптөгөн жана ар түрдүү кылмыштар менен жырткычтыктар боюнча күнөөлөп келет, бирок алардын экөө негизги мааниге ээ «Турциянын Чыгыш Анатолияда армян мамлекетин таануудан жана биринчи дүйнөлүк согуш маалындагы жана андан кийинки мезгилдерде 1,5 миллион армянга (бул сан жыл сайын өсүүдө) карата жүргүзүлгөн геноцидди таануудан баш тартуу.

Бул тарыхый тартылуулук. Бул армяндар тарабынан гана таанылбастан, Батыш Европа менен Американын көптөгөн жарандары тарабынан да таанылган. Алар күнөөсүз дипломаттардын жана башка адамдардын курмандыгынын күнөөкөрлөрү, себеби бул тартылуунун негизинде армян террророрлугу кылмыш катары эмес, акталган өч алуу катары каралууда.

Армян террророрлугун террористтерди кармоо жана элчиликке кире бериштерде бомбанын болбошун текшерүү менен дарылоого болот, бирок мында оорунун белгилери гана дарылануута дуушар болуп, оору өзү кала берет. Жаш муундарды ата тегинин душмандарын жек көрүүгө үйрөткүчө терроризмдин үрөнү жашай берет. Армян терророрлугунун негизи — туура эмес, начар окуп үйрөнүлгөн тарых болуп саналат . Жыйынтыгында, жакшы жана туура жазылган тарых гана бул ооруну айыктыра алат .

Аталган эмгекте осман армяндарынын тарыхын майда-чүйдөсүнө чейин кароого мүмкүнчүлүк жок . Армяндардын тарыхынын көбү белгисиз . Орто Чыгыштын тарыхын изилдөөдө эркин тарыхчылар узак убакыттар бою армян маселесин кароодон баш тартып келгендиги салтка айланып калган . Мен армяндарды окуп үйрөнүүнү максат кылып койгон эмес-

мин. Демограф катары мен Осмон империясынын тарыхы 300 жыл бою жазылып келген фактысына абдан таң калдым, бирок ал империяда кимдер жашаарын ойлобоптурмун. Мен ар бир «милетте» (этникалык топто) канча анатолийлик жашагандыгын, Осмон империясын талкалууго алып келген согушта чынында эмне болгондугун аныкташ үчүн Осмон Анатолиясынын калкын окуп изилдей баштадым. Бул изилдөөнүн негизинде эң биринчи менин байкаганым,Анатолийде армяндарга караганда мусулмандар көбүрөөк каза тапкандыгы болду. Демек, бул армяндарга карата геноцид катары каралышы мүмкүн эмес .

Изилдөөмдүн негизинде бир топ фактыларды чогулттум, анда түрктөр менен армяндардын тегерегинде жүргөн талаш-тартыштардын жалгандыгы далилденип турат. Фактылардын бардыгы османдардын калкты каттоо боюнча программасынын бөлүгү катары чогултулган статистикалык маалыматтарынан алынды. Бул маалымат өкмөт тарабынан эч кандай саясый жана пропагандалык мотивди көздөбөстөн, армяндардын так маалыматын алуу максатында гана чогултулган . Осмон өкмөтүндө согуш башталганга чейинки чогултулган бул маалымат качандыр-бир учурда армян көйгөйүнүн тегерегиндеги талаш-тартыштарда колдонулаарын ойлогон да эмес. Кыскартып айтканда, дүйнөдөгү бардык өкмөт тарабынан калктын санын билүү үчүн чогултулуучу статистикалык маалыматтын типтүү үлгүсү эле . Бул статистика 70 жылдан бери карай жашап келе жатса да, колдонулбай келген . Саясатчылар, террорчулар жана армян окумуштуулары өз божомолдорундагы «так» сандарды карманып келет. Ошол божомолдорунун негизинде миллиондогон армяндар Армениядан кубаланып чыгып, айрымдары өлтүрүлгөн деп келишет . Бирок, реалдуу чындык такыр башка маалыматты берет .

Биринчиден, Арменияныn XIX кылымдагы картадан орун алгандыгында, чындыкты билүүгө мүмкүнчүлүгү болбогон европа саясатчыларынын айтуусуна карабай Осмон империясында Армения болгон эмес.

«Турциялык Армения» деп оозеки аталган аймак алты вилайет —Ван, Битлис, Мамуретулазиз, Диркабир, Сивас жана Эрзерум деген аталыштар менен белгилүү болгон. 1912-жылы бул алты вилайетте 870 000 миң армян жашаган, калктын жалпы санынын бештен бирин гана түзгөн. Айрым вилайеттердин провинцияларында мусулмандар армяндарга караганда алты эсе көп болгон. Мындан сырткары армяндар чыгышта гана эмес, Осмон империясында да чачыранды болуп жашаган. Осмон империясынын калган бөлүгүндө армяндардын саны ошол эле алты вилайеттеги саны менен барабар болгон, Армяндар Чыгыш Анатолияга чогулуп бирге жашоону чечкен күндө да, мусулмандар саны боюнча алардан ашып түшмөк. Андыктан мындай аз сандагы калк менен мамлекет түзүү мүмкүн эмес.

Эикнчиден, армяндардын курулай элестетилген геноциди тууралуу: Талаат Пашинин жакында табылган жеке күндөлүгүндөгү маалыматтар боюнча, ал осмон армяндарына карата жамандык ойлогондугун эч ким далелдей албайт. Биз эми гана Талаат Пашинин буйруктары, Гитлердин белгилүү учкул сөздөрү сыяктуу эле, жасалма болгондугун билип отурабыз.

Чыгыш Анатолиядагы окуялардын тарыхы — бүлгүн менен депортациянын бир тараптуу биримдиги эмес. 1915-жылы апрелде узакка созулган турция-орус согушунун акыркы этабы башталган. Осмон империясындагы армян лидерлери согушка карата эки жактуу тактиканы колдонушкан: «Армян «истеблишмент» - бизнесмендер, руханий чөйрөдөгү адамдар менен мугалимдер аскер милдети менен бирге жарандык дагы башка милдеттерди алганы менен, өздөрүнүн нейтралдуулугун жарыялап чыгышкан. Армян революциялык топтор чыгыш Анатолиянын шаарларына негизги күчтөрүн топтоо менен, осмонго каршы ишмердигин күчөткөн. Экинчи жагынан алганда, Орус империясындагы нейтралитетти таанысбаган армяндар падыша менен турциялык армяндарды колдоо иретинде Осмон

империясын басып алып, бир туугандары менен биригүү максатында орус аскер күчтөрү менен биригип кеткен.

Осмондор менен орустар согушка даярдык көрүүдө чек арага жакын аймактардагы калкты башка жакка көчүргөн. Осмон өкмөтү Россиянын алдындагы согуштарда армяндарды колдоосун эске алып, армяндарды согуш аракеттери боло турган жерлерден көчүрүп жиберишкен. Депортация азыркы күндүн моралынын көз карашынан алганда канчалык деңгээлде ката болуп саналса дагы, Осмон өкмөтү Анатолиянын көптөгөн армяндарына ишеним артпай коюусуна себеби болгондугун эч ким тана албайт. 1828, 1854, жана 1877-жылдары басып кирген орус армиясына каршы армяндарга көрсөтүлгөн жардамдан кийин осмондор, япондук америкалыктарга экинчи дүйөлүк согушта АКШ ишенбей койгон сыяктуу эле, армяндарга ишеним арта албасын түшүнгөн. Армяндарды зомбулук менен департациялоо башталган. Өзгөчө аскер аракеттери болуп жаткан аймактарда Осмон мамлекетинин бийлиги алсыз болгон жерлерде армяндар көбүрөөк запкы тартып калышты. Алар курд бандиттери же осмон атка минерлери тарабынан зомбулукка дуушар болушкан. Кызыгы, ошол осмон атка минерлердин көпчүлүгү мурда өзүлөрү Орус империясынан кубаланып чыккан, ал эми жерлери Кавказдагы армяндар тарабынан тартылып алынган мусулмандар болчу. Осмон бийлиги күчтүүлүк кылып турган түштүк аймактарда мындай көрүнүштөр чанда гана болгон, андыктан качкындар Сирияга оңой жетип алышчу (армяндардын өзүнүн айтуусу боюнча).

Куугунтуктоо башталаардан мурда осмондордун Россия аймагына биринчи жолу кол салышы жеңилүү менен аяктап, орустар массалык түрдөгү контр чалгынга өткөн. Ошол эле маалда осмон аскериндеги тылда армян революционерлери Ван шаарынан миңдеген мусулмандарды кууп чыгып, шаарды басып алышкан. Көп өтпөй качкындарга дагы 800 миң мусулман — орус аскери тарабынан басылып алынган аймактардан кел-

ген - келип кошулган. Согуш бүтөөр алдында Кавказдан чыгарылган 400 миңден ашуун түрк качкындардын санын толуктаган. Армян качкындарына кол салып, армян революционелери менен Кавказдан чыккан ыктыярчылардын күчү менен каршы күрөш жүргүзгөн курд бандиттери мусулман качкындарынын артынан түшүп алган. Мусулман жана армян качкындарынын тагдыры бири-бирине ушунчалык окшош болгон. Согуш, бандитчилик, ачкачылык жана оору түрктөр менен армяндарды катары менен каптап турган.

Согуштун акырында Чыгыш Анатолияда Чыгыш Анатолия менен Кавказдан куулуп чыккан 1,2 млн. мусулман болгон. Чыгыш Анатолиянын миллиондон ашуун мусулмандары, 130 миң кавказ качкын —мусулмандары сыяктуу эле каза табышкан.

Алты вилайетте жашаган 870 000 армян качкын болуп, каза тапкан. **Жалпы жонунан алганда, Анатолияда 600 миң армян, 2,5 млн. мусулман каза болгон.** (алдын чийген-редактор). Бул геноцид болгон болсо, анда бул курмандыкка кабылгандарга караганда өлтүрүүчүлөр көбүрөөк каза тапкан табышмактуу геноцид. Геноцидди каршы күбөлөндүргөн далилдер мындан аркы далилдерди талап кыла турган болсо империянын борбору болгон Стамбулга жана негизинен өкмөттүн көзөмөлүндө турган аймака барып, талдоо жүргүзүү жетиштүү. Стамбулда Осмон империясынын өкмөтүнүн күнөөсү менен армяндардын 200 саясатчысы сот жообуна тартылбастан дарга асылган. Бирок, Стамбулдун калган коркунуч жаратпаган армяндары бардык согуштан тынч өтүп кетишти. Алардын уул-кыздары азыр да Стамбулда жашап турат. Герман улутчулдугун чыныгы геноцид катары кабыл алсак, Гитлер Берлиндеги еврейлердин бардыгын аяар беле деген ой туулат. Түрктөрдүн аракеттерин сүрөттөөдө «геноцид» сөзүн колдонуу акылга сыйбас болгондой эле, осмондор менен улутчулдарды салыштыруунун өзү эле натуура. Түрктөр менен армяндардын ортосунда болгон окуя «геноцид» эмес, согуш болгон. Түрктөр менен армяндар-

дын 1915-жылкы согушу түрк-орус элинин XIX кылымдагы согушунун акыркысы болгон. 1700-жылдары орустар крым татарларынын жерлерин басып ала баштаган да, 1800-жылдары Кавказ жергесин басып алуу мененаймагын кеңейткен. Эки аймактагы тең калктын көпчүлүгү мусулмандардан турган. Орустар аймактын демографиялык кайра өзгөрүүсүнө шарт түзүп, колониялык саясатынын бөлүгү катары караган.

Россиянын саясаты  эки аспектиге ээ болчу — мусулмандарды кетирүү жана христиандарды отурукташтыруу. Кубалап чыгуу тынчтык маалында да, согуш маалында да үзгүлтүксүз жүргүзүлгөн . 1828 —жана 1920-жылдар аралыгында эки миллиондон ашуун мусулман күч менен кубаланып чыгып, бир нечеси жок кылынган. Кетип калууга мүмкүнчүлүгү жеткендер Осмон империясынан баш калкалаар жер табышкан . Ал процесстин негизинде бүткүл эл — крым татарлары, абхаздар, черкесстер түпкү тегинде жашоосун токтоткон .

Россиянын колониялык саясатынын дагы бир башка түркүгү болуп дыйкандардын Крымда, Кавказдын талааларында жайгашышы болгон . Армяндар Түштүк Кавказга чакырылган. 1820-29-жылдардагы согуштун башталышынан тарта орустар армяндарга «эгер алар түрктөр менен болгон согушта орустарга жардам бере турган болсо», жеңилдиктер менен автономияны бере тургандыгын убадалап келген (убада азыркыга дейре аткарыла элек). 1828-жана 1854-жылдары орустар жергиликтүү армяндардын колдоосу менен Чыгыш Анатолияга кол салып, эки жолу тең 100 000дей армян жактоочуларын өзүлөрү менен кошо Кавказга алып чыгып кетишкен да, аларды эмиграцияланган же каза болгон түрктөрдүн ордуна жайгаштырышкан (Эривань провинциясы учурда Армениянын советтик республикасы, 1828-жылга чейин калктын 80%га жакыны мусулмандар болгон). 1877-78-жылдардагы согушта Россия  мусулмандарды кууп чыгып, Карс-Ардахан аймагын басып алган да, ал жакта көпчүлүгү Анатолийдин башка райондорунун келген жети-

миш миң армянды отурукташтырган. Болжол менен алтымыш миң армян 1895-96-жылдардагы окуялар учурунда россиялык кавказга көчүп келген. Дүйнөлүк биринчи согуш учурунда миграция бир калыпта болгон, тактап айтканда, качкындардын саны боюнча маалымат так эмес жана мындан аркы изилдөөнүн предмети болуп саналат. Ошентсе да 1820-жылдан 1920-жылга чейин 600 000 армян Россияга көчүп келгендигин билебиз. Эки миллион мусулман Россиядан Турцияга көчүп барып отурукташкан. Алардын азабы да бир жактуу болгон эмес. Россия империясын кеңейтүү Кавказ менен Чыгыш Анатолийдин калкынын салттуу балансын бузгандыгы — тарыхый чындык болуп саналат. Баланстын бузулушу менен — калк азап чекти. **Сандардын тили менен айтканда, каза болгондордун жана куугунтукталгандардын көбү, тактап айтканда, азап тарткандардын көбү крым жана кавказ мусулмандары болгон**. (биз карартып белгиледик — ред). Геноциддин курмандыгы жөнүндө сөз кыла турган болсок, ага армяндар дуушар болбой эле, өз мекенинде Улуу Екатеринанын учурунда башталып, Иосиф Сталин тарабынан аяктаган атайын жок кылуулардын курмандыгы крым татарлары болуп саналат. Мусулмандарды геноцидди уюштуруучулар катары эсептегендер, негедир мусулмандарды ошол геноциддин курмандыгы болгондугун моюнга алгысы келбейт.

Менин жазгандарым, кыска болсо да, чындык деп аныктайм. Бул - башка окуялардагыдай эле, баатыры да, үумпайы да болбой, бир гана курмандыктар болгон адам баласынын азабы тууралуу окуя. Бирок, бул окуя туура эмес айтылып келген, Адам баласынын азабы тууралуу чындыктын ордуна ири миф, Каардуу Түрк менен Ак көңүл Армян тууралуу жомок пайда болгон. Ал мифте армяндардын азабы тууралуу баяндар түбөлүк сакталып калган. Баяндар көпчүлүк учурларда чындык, бирок аларда бир да жолу ошол эле түрктөрдүн азаптары тууралуу жазылган эмес. Бул миф байыркы доордогу Өтө

коркунучтуу Түрк тууралуу мифке окшош болгондуктан, ага армян эмес улутундагы калк ишенип алган. Беш кылым бою түрктөрдөн коркуп жүргөн европалыктар үчүн армяндардын геноциди тууралуу миф түрктөрдүн ачуулуулугунун дагы бир аныкталган мисалы катары кабыл алынган. Ошентип түрктөр тууралуу коркучутуу пикирлер окуу куралдарында, баяндарда, элдик жомоктордо бекемделип, чыгыштан келе жаткан атчандан коркуу сезими тукум кууп келе берген. Түрктөрдүн жалган образы фактылардын тааасири алдында өзгөрүш үчүн өтө күчтүү болгон.

Түрктөр алардын да пикрин угушун, алардын да каза болгон адамдарын армяндардын маркумдарындай эле жерге берүүнү талап кылганда, бир да жан аларга боору ооруп, түшүнмөк түгүл, көңүл бурган да эмес. Алар кандай гана далилдерди келтирип, эмнелерди гана айтпасын, эч бир жан аларга ишенбеген, андыктан алар адилетсиздикке каршы күрөшүн токтотууга аргасыз болушкан. Мустафа Камал Ататүрктүн жетекчилиги менен алар заманбап улут катары алардын жетишкендиктери КЗаардуу Түрктүн образына каршы коюлган эң сонун далил болорун түшүнүп, жаңы республика түзүүгө киришкен. Түрктөр бул тилегине жетти. Европа менен Американын саясатчылары менен мамлекеттик ишмерлери түрктөрдү тилектештери жана кызматташы катары кабыл ала башташты. Бирок түрктөрдүн унчукпай жүрө берүүсү армян геноциди тууралуу мифтин жоголуп кетишине алып келген жок. Билимдүү, өз ишине ишенген, жалпы маалымат каражаттарын колдонгон, тукумдары да ошол мифке терең ишеничин каалаган армяндар тобу геноцид тууралуу ошол жалган окуяларда сактап келди. Алар мифти түбөлүктүү кылып, ого бетер күчөттү. Армянардын геноциддинин жалган окуясы жалгыз өзү кала берди.

Мен бул ишти жазып жатканымда менин кат салган кутумда бир китеп пайда болгон. Башка профессорлорго тараткан сыяктуу эле, мага да китеп басып чыгаруучулар сабактарда

колдонот деген ишенимде окуу китептерин салып турушат. Луис Ароян менен Ричард Митчеллдин «Азыркы мезгилдеги Жыкынкы Чыгыш жана Түндүк Африка» аталышындагы китеби АКШдагы эң ири китеп чыгаруучулардын бири Макмиллан тарабынан басылып чыккан. Алардын тилеги ишке ашып жатат, себеби китептин көчүрмөлөрү Жакынкы Чыгышты окуган жана окуткан бардык профессорлорго таркатылып берилүүдө. Америкалык колледждердин миңдеген студенттери да бул китепти окуп жатса керек.

«Азыркы учурдагы Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка» китебинде «Армяндардын ажалы» аттуу бөлүм бар. Мен андан бир аз гана сүйлөм келтире кетейин: «Анатолиядан чыккан армяндар түштүккө же Сириянын ээн чөлү каптап жаткан чыгышка жол тартышкан. Түрктөр менен курддар аларга суу да, тамак-аш да бербей, жада калса эс алууну да ыраа көргөн эмес. Ошентип, ачарчылыктан бир нече миңдеген армян жолдо көз жумган. Ал эми тирүү калгандары Ефраттагы Даир-аль-Зореде өлтүрүлгөн. Чыгышка араң жеткен армяндардын көбү ошол эле жерде жок кылынган». Китепте «тарыхчылар каза болгон армяндардын санын али аныктай элек» деп белгиленет (ошол себептен армяндар эч качан болбогон «геноциддин» «курмандыктарынын» санын дайыма көбөйтүп турушат — ред.) (каза болгон армяндардын саны тууралуу маалыматтын жетишсиздиги «осмон өкмөтү армяндардын билимдүү элитасынын көпчүлүгүн — окуяларды кагазга түшүрүп жүрүшкөн жазуучуларды, мугалимдерди, бизнесмендерди, диний көрүнүктүү өкүлдөрдү камакка алып, андан соң жок кылып койгондугу» менен түшүндүрүлөт). Далилдердин жетишсиздигине карабай, китептин аягында авторлор каза болгондордун санын көрөтүшөт: «Тарыхчылардын божомолунда, жалпы жолунан өкмөт тарабынан дарга асылган 200 миң адамды кошкондо 1,5 млн. армян каза болгон». Китепте армяндар жөнүндө жазылгандардын жарымынын жарымы чындык болуп саналат, айрымдары — такыр

эле жалган, бирок накта чындык тууралуу ал жакта эч бир маалымат камтылган эмес.

Албетте, окуу китебин жазуудагы эң бир артыкчылык — анда жазгандарыңдын чындыгын далилдөөнүн кереги жок. Айрым жерлерде «тарыхчылар божомолдогондой» деген шилтемелер (албетте, армян улутундагылардан башкалар үчүн) жетиштүү далил болуп саналат. Текстти окуп отуруп, армян тарап гана жапа чеккен деп эсептегендерди кечирсе болот, себеби ал китепте каза болгон мусулмандарга бир сүйлөмдүн бир гана бөлүгү арналган. «Согуш учурунда Анатолияда тынчтыкта жашаган курд, грек жана түрк элин кандайдыр бир уюшулган кампания өлүмгө түрткөн эмес, алар ачкачылык менен оорудан каза тапкан». Армяндардын же гректердин мусулмандарга кол салышы тууралуу китептин бир да сүйлөмү аркылуу берилген эмес. Эки параграфы гана Түрктөрдүн эгемендик үчүн болгон согушуна арналган. Армян жана башка окумуштуулар тарабынан жазылган көптөгөн китептерден айырмаланып, бул китеп армяндардын түрктөргө каршы полемикасы болууга талаптанбайт. Бу жөн гана жакшы жазылган кызыктуу окуу китеби. Ал бир топ профессорлорго да, студенттерге да жагат, ошентип, миф жашоосун улантып келет. Армяндар менен түрктөрдүн тарыхын бурмалаган мындай мисалдар сандап саналат. Жарым-жартылай чындыкты камтыган армян маселеси басма сөз каражаттарында көп эскертилип келет. Чындыгында эле, АКШда жана Батыш Европада биз жалган тарыхтын жаңы толкунуна кездешип жүрөбүз. Армян апологеттери өзүлөрүн еврейлердин куугунтукталыш учурундагы азап-тозогун эч качан унутпагандардын катарына кошуу боюнча алдыга озуп кетип, армяндар менен болгон окуя «жөн эле жок кылуу» процесси деп түшүнөт. Телекөрсөтүүлөр менен гезиттик макалалар эч качан чындыкты укпаган, европалыктар менен америкалыктар гана ишенген баягы эле эски мифтерди кайталап бере берди.

Бул тарыхты армяндардын жаңы мууну да окуп үйрөнөт, негизинде алар да келечектеги террорчулар болуп чыга келишет.

Унчукпай коюу — жардам бербейт экен. Тарыхый калпыстык аны чындык катары кабыл алып турганда жашай берет. Армян балдары алардын улуу муундарын түрктөр жок кылгандыгына ишенип турганда, алардын кимдин-бирөөсү өч алуу үчүн түрктөрдү жок кыла баштайт. Дүйнө түрктөр күнөөлүү экендигине ишенип турганда, киши өлтүргүчтөрдү токтотуу жеңилге турбайт.

Көйгөйдү чечүү өтө татаал — чындыкты жалтанбастан жарыялоо керек. Мен жалтанбастан деп айтып жатам, себеби америкалык профессор Стенфорд Шоу жана анын үй-бүлөсү армяндардын тагдырына карата көз карашы үчүн физикалык зомбулукка кабылган. Адамдардын каардуу түрк тууралуу мифке ишениминин күчүн эске алууу менен, чындык таанылбай калышы мүмкүн. Ошентсе да болгон чындык айлыш керек. Өзгөчө европалык жана америкалык окумуштуулар тарыхты обңективдүү жана калыс кароого чакырышы керек. Бул иш башталган соң, түрткөр өзүлөрүндө болгон жазуулары менен архивдерин көтөрүп чыгышы жана орустар менен армяндар да дал ушундай иш баштоосун талап кылышы керек. Көйгөйдү чечүү узак убакыттарды талап кылат жана армяндардын жаш мууну алардын ачуулануусу адилетсиз экендигин түшүнгөнчө бир топ мезгил өтөт. Бирок, Осмон империясынын армяндары тууралуу чындык мындан 30 жыл илгери кенен белгилүү болгондо, армян терроpлугу болмок эместигине ишенем. Тарыхчылар сыяктуу эле, биз дагы 30 жылдан кийин дал ушундай жыйынтыкка келбешибиз үчүн чындыкты алып чыгышыбыз керек.

Мен башында армян терроpлугуна каршы курал — тарыхты изилдеп чыгуу дегем. Азыр болсо, эң туура курал — чындык деп айтмакмын.

**35- ДОКУМЕНТ**

***Маалымат булагы: Дэвид Берчард «Турция жана Батыш», 1985-ж., 50-51-бб.***

**АРМЯН ТЕРРОРУ**

Турциянын башка өлкөлөр менен болгон байланышын карап жатып, мурдагылардын дагы бир мурасы тууралуу жаза кетүү зарыл: ал 1974-жылы армяндардын айрым жашыруун уюмдары тарабынан түрк дипломаттары менен алардын үй-бүлөлөрүнө каршы жасалган террордук жүрүштүн эл аралык себеби. Натыйжасында 41 түрк жана башка улуттагы сансыз адамдар каза болгон бул жүрүш Турциянын башкалардан бөлүнүп калуу тенденциясын андан ары күчөткөн да, Турция менен башка батыш өлкөлөрдүн тарыхый жана саясый жүрүшүндөгү өзгөчөлүктөрүн алдыңкы планга алып чыкты.

Дипломаттардын киши колдуу болушу, батыштын жалпы массалык маалымат каражаттары тарабынан мурдагы болуп өткөн кыргын-имиш азыр да улантылып жаткандыгы тууралуу легенданы кайра көтөрүп чыгууга шылтоо катары колдонулгандыгы боюнча тынчсыздануу бул басылмалар боюнча талаш-тартышка алып келди. Турциянын кезектеги мыкаачылык менен киши өлтүрүүлөрдүн негизинде уламдан-улам татаалдашып бара жаткан көз караштары менен Батыштын коомдук пикиринин элементтеринин ортосундагы карама-каршылыктар өтө катуу болгон. Анын негизинде франк-түрк мамилелери бузулуп, 1984-жылдын күз мезгилинде Конгресс Турцияга геноцидди жүргүздү деген кыйыр күнөө коючу резолюцияны кабыл алууга даярданып жатканда, Турциянын АКШ менен болгон мамилесинин бузулуш коркунучу пайда болгон. Осмон империясы жөнүндөгү талаш-тартыштар түрктөрдү азыр да түйшөлтүп келет жана түрктөрдүн өз мамлекети менен Батыштын ортосундагы карама-каршылыктарды туюп-түшүнүүсүнө мүм-

күндүк берет. Жана бул тамырлап кеткен жек көрүү сезими бир нече муундан кийин да жоголоруна ишеним жаратпайт.

**36-ДОКУМЕНТ**

***Маалымат булагы: Колман Маккарти «Түрктөр — бурмаланган тарыхтын курмандыгы», «Колман Маккарти «Түрктөр — бурмаланган тарыхтын курмандыгы», «Детройд фри пресс», 29.06.1983-ж., 51-б.***

**ТҮРКТӨР — БУРМАЛАНГАН ТАРЫХТЫН КУРМАНДЫГЫ**

ВАШИНГТОН: Түрктөрдүн дагы канча дипломаты армян террорлук топторунун курмандыгы болот? Жөнөкөй гана жооп берүүгө болот: Террорчулар кармалып, аныкталмайын, курмандыктар боло берет.

1973-жылы турциялык 25 дипломат үй-бүлөлөрү менен чогуу террорчулардын курмандыгы болушкан. Армяндардын жашыруун өлтүргүчтөрү жоопкерчиликти мойнуна алуу менен, 1915-1923-жылдар аралыгында Осмон түрк мамлекетинин колу менен өлтүрүлгөн 1,5 миллион армяндардын өчүн алгандыгы тууралуу жарыялашкан.

Брюсселде июльдун ортосунда дипломат өлтүрүлгөн. Анын эртеси эле Парижде бомба жарылып, авиакомпаниянын Стамбулга учуучу учагына отурууну күтүп жаткан жети адам каза тапкан да, 56 адам жаракат алган. Америка Кошмо Штаттарында төрт дипломат өлтүрүлгөн. 1982-жылы май айында Бостондун четинде 20 жыл бою чакан жеке ишмердиги менен алектенген, консулдуктун эмгек сиңирген генералын Орхан Гюндуз шаарында үйүнө кайтып келе жаткан маалда атып кетишкен.

Жоготуулардын санынын көптүгүнө жана армяндардын алардын санын көбөйтүү ишенимине карабай, түрктөргө карата эч ким кабатырланбай, жада калса колдоого да батынган

эмес. Ирлан республикасынын армиясынын аскерлери ушунчалык сандагы дипломаттарды өлтүргөн болсо же палестиналыктар Израил дипломаттарын жок кылган болсо коомдук пикир ушунчалык үн-сөзсүз дымып отурмак беле?

Түрктөрдүн изине түшүү маанисиз келишпестик катары сезилээри мүмкүн, себеби америкалыктар гезит беттериндеги маалыматтардан улам, байыртан бери келе жаткан элдешпес каршылык уланып келе  жатат дешет.  Түрктөр менен армяндар - кандаш душмандар, эгерде экөөнүн бирин тандоого туура келсе, биз түрктөргө каршыбыз деп ойлойбуз. Биздин эсибизде колдорунда ири кылыч кармаган кан жутаар султандардын образы, тактап айтканда,  каардуу түрктүн элеси азыр да жашап келет. Андан сырткары, мусулмандар, батыш тарыхында ишенимсиздер катары белгилүү болуп калган.

Бул акыл-эс жалкоолугун жеңип чыгуу түрктөр армяндар тарабынан кыргынга тушугуп, боорукерлик мамилеге татыктуу экендигин гана эмес, алардын өз абалын түшүндүрүүдө дагы колдоого татыктуулугун  таанууну туюндурат.

Кезектеги түрк дипломатын өлтүргөндөн кийин армян террорчулары тарабынан  «геноцид» тууралуу жайылтылган  маалыматтар былтыркы апрелде Армян курмандыктарын эскерүү күнүндөгү конгрессте да жаңырып турду.  Палатанын 40ка жакын мүчөсү түрктөр тарабынан 1,5 млн армян өлтүрүлгөн деген сыяктуу «заманбап геноцид» эрасына карата билдирүүлөрдү жасашты. Түрктөрдүн геноцид жүргүзгөндүгү тууралуу бул ойду жана аталган санды либералдар менен консерваторлор колдоп кетишкен.  Ал гана эмес конгресстин бир нече мүчөлөрү турциянын аракеттеги өкмөтүн сынга алып, күнөөнү мойнуна алуусун талап кылышкан.

Конгресстеги бул  кысым күч алып кеткен. Эркин тарыхчылар менен окумуштуулар арасында бул окуя биринчи дүйнөлүк согуштан бери 70 жыл аралыгында,  конгресстеги армяндар аракет кылгандай, мындай чаар түстө каралбай келет.  Бул та-

рыхчыларыдын бири Джастин Макккати — Орто Европанын тарыхы боюнча профессор жана Луизиана университетинин демографы. Ал түрктөрдү да, армяндарды да жактабайт, ишенимдүү булактардан алынган чындык тарапты колдойт.

Маккарти 1,5 милллион деген сан так эместигин белгилейт. «Согуштан кийин армян булактары 600 000ге жакын армян каза тапкан деп жазган. Бул сан чындыкка жакын. Түрктөр, чынында эле 1915-жылы армяндарды өлтүргөн. Бирок, армяндар да түрктөрдү өлтүрүшкөн, чындыгында, армяндарга караганда түрктөр көп каза тапкан. Эки тараптан тең күнөөсүз каза тапкандар — октон эмес, ачкачылыктан жана оорудан каза тапкандар болгон».

«Мусулмандар жана улуттук азчылык» китебинин автору Маккарти армяндарды жок кылуу саясатын далилдеген бир да документ табылбагандыгын баса белгилейт. «Дүйнөлүк биринчи согуш маалында түрктөр да, армяндар да, курддар да, орустар да кандайдыр бир деңгээлде күнөөлүү да, изине түшүүнүн обңектиси да болушкан». Өткөн айда Маккарти улуттук телеканалдан изилдөөсүнүн негизинде «**600 000 армян, 2,2. миллион мусулман каза болгондугун…»** аныктагандыгын айтып чыкты. **«Чынында эле, ал баардыгы үчүн укмуш кыйын кезең болгон».** (карартып белгилеген — ред).

Азырыкы Түркия өкмөтү кыйын абалда турат. Анын дипломаттары киши өлтүргүчтөрдөн коркуп жашап келет, ал эми расмий өкүлдөрү Батышта эч ким кызыкпаган мезгил аралыгы тууралуу түшүндүрүү менен алек болуп келет. Түркия геноцидди тануу менен, өткөн фактыларга тоскоолдук жаратып жатат деген жалган таасирлер жаралып жатат. Тарыхчылар геноцид болгон деп кабыл алышса да, азыркы Түркиянын өкмөтүнүн Осмон империясы менен саясый да, философиялык да байланышы жок. Алгач обңективдүү тарыхый талдоо зарыл. Бул террорлукту токтотпойт, бирок алардын бетиш ачууга жардам берет.

**37-ДОКУМЕНТ**

***Маалымат булагы: «Армениан уикли» редакциялык макала, 20-27-апрель,***
***1985-жыл, 2-б.***

**24-АПРЕЛЬ 1985-ЖЫЛ**

Арадан жетимиш жыл өттү. Армяндардын төрт мууну үчүн армян согушунун негизги багыты бар экендигин жана ошол кала берерлигин белгилеш үчүн армяндар дүйнөнүн төрт бурчунан дагы бир жолу чогулду.

Биздин элге жана геноциддин курмандыктарына карата адилеттүү мамиле жасоодон Түркия өкмөтү гана эмес, дүйнөнүн улуу державалары да баш тартып жатат.

Биз Түркия жана анын жактоочулары тарабынан жүргүзүлгөн туура эмес иштерге баш ийип туруп бере албайбыз . Өткөн бир нече жума ичинде биз 1915-жылкы геноцид тууралуу эскермени жоготуу максатын көздөгөндөргө коргоо министри Каспар Уайнберггер менен президент Рейган тарабынан колдоо көрсөтүлүп жаткандыгына күбө болдук . Ошол окуялардын тарыхый чындыгына шек келтирүү менен, азыркы администрация амлекеттик мекемелер алдында гана ишенимин жоготпостон, чындык менен адилеттикке ишенген армяндардын ачуусуна тийип алды .

АКШнын өкмөтү тарабынан геноцидди таанууга карата күрөш жүргөнүнө карабай, администрациянын бул ишти колдоодон баш тарткандыгына байланыштуу коомдук наааразачылыкты байкаган жокпуз .

Улуттук алдыңкы гезиттердеги макалалар, теле жана радио берүүлөр коомдук пикирлерди жаратат. Геноцидден келип чыккан трагедия гана эмес Түрк өкмөтүнүн аны мойнуна албай жаткандыгы дагы түшүндүрүлүүдө. Геноцидди төгүнгө чыгаруу үчүн өткөн жылы Түрк өкмөтү кылбаган аракеттин барды-

гын кылып, армяндарга каршы кампанияга, болгон маалымат булактардын бардыгын пайдаланды.

Жалганга негизделген өзүлөрүнүн билдирүүлөрүн таркатуу үчүн маалымат фирмаларын сатып алуудан баштап, өкмөткө жана конгресске басым жасап, академиялык чөйрөнүн кээ бир мүчөлөрүнүн колтугуна суу бүркүп ошол жалганды ырастаганга көндүрүшкөн.Түрк-армян мамилелери каралып чыгып, анда Америкада жашаган армяндар түрктөрдү куугунтуктап жатат түшүндүрүп жатышат.

Бул өлкөдө геноцидден аман калган миңдеген адамдар бар. Түрк жана американын өкмөттөрү тарабынан геноцид моюнга аынбай жатса, ал эмне террорго жатпайбы? Алар(аман калгандар)убагында мыкаачылык менен жасалган кылмыштардын күбөлөрү болушкан.Эми аларТүрк өкмөтүнүн карандай калпын угууга мажбур болуп жатышат.Бул өлкөнүн жетекчилеринин азыр жасап жаткандары, геноциддин моралдык эквиваленти десек болот.Геноцидди танган адамдар өздөрү, геноцидди жасаган адамдардын шериктеши болуп калат.

Биз тарткан азабыбызды, жан дүйнөбүздүн оорусун чиркөө менен храмдардан көчөлөргө чыгарганыбызга жыйырма жыл болуп калды.Биз улуттук трагедиябыздан аман калгандарды эскерип гана тим болбостон, ошол эскерүүлөрдү БУУнун, АКШ нын конгрессинин, Франциянын парламентинин жана бир катар эл аралык форумдардын залдарына алып кирдик.Биз азыр адилеттүүлүктү сурабайбыз, биз аны талап кылабыз.Биз 1, 5 млн армяндарды кырып, калганын бүткүл дүйнөгө тараткандарды жазалаган күндү көрмөйүнчө тынч ала албайбыз.Биздин койгон талабыбыз бардыгынабелгилүү- жасалган геноцидди моюнга алып, армяндардын жерин өз ээлерине кайтарып берүү.

Өткөн 70 жыл бою өз жеринен алыста, дүйнө жүзүн кесип жүрүп, армяндар, армян маселесинин адилеттүүлүк менен чечилиши үчүн күрөшүп келишти.Бул биздин түбөлүктүү милдетибиз.Биз милдетибизди унутпай, башкаларды да унуттурган

жокпуз. Курман болгон 1,5 элдин элеси эсибизде түбөлүккө кала берет.Биз ошол курман болгондор үчүн армян геноцидинин 70 жылдыгын белгилеп жатабыз.

**38 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:"Көз караш"Карен Египарян жана Ара Ханджиян,"Армениан уикли"11 май 1985ж.*

**БИЗДИН АТА-МЕКЕНИБИЗДИ БОШОТУУ**

1985 жылы 12 мартта Оттавада (канада) армяндардын үч күрөшүүчүлөрү Түрк элчилигин басып алып төрт жарым саат кармап турушкан.Телефон арокылуу алар өз жерлерин кайтарып берүүнү жана армян геноцидин моюнга алууну талап кылышкан.

Массалык маалымат каражаттары бул окуяны кенен чагылдырышкан. Басып алуунун максаты ачык айтылса дагы, массалаык маалымат каражаттары аны өч алуу деп түшүндүрүштү.

Эки жумадан кийин, эгер ал үчөө түрмөдөн бошотулбаса Торонтонун метросунда бомба жарылат, деген опуза келип түшкөн.Маасалык маалымат каражаттары бул окуяны кайрадан кенен чагылдырышты дагы, кайрадан эле аны өч алып жаткандай көрсөтүштү.

Биздин максат армян геноцидин моюнга алдырууда жатат, муну армян эмес коомчулукка армяндар өч алып жатышат деп көрсөтүү ылайыктуу болуп жатат көрүнөт.Эгерде биздин максатыбыз Ата-Мекенибизди бошотууда жатат десек, коомчулуктун пикири өзгөрүлүп, булар өч албай эле мекенин бошотуу үчүн күрөшүп жатышат деген ой пада болот.

Ошондуктан бардык армяндардын милдети, мейли конгрессте лоббист болсун, мейли көчөдөгү козголоңчу болсун, мейли согушуп жүрсүн - биздин максат өч алуу эмес,Түрктөр басып алган арменияны бошотууда жатат, деген бир гана сөздү айтуулары керек.

**39 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:Жазуу,192 чечим боюнча “69 окумуштуунун билдирүүсү”*

*“Вашингтон пост”, “Нью-Йорк таймс”19 май 1985жыл.*

## АКШнын ӨКҮЛДӨР ПАЛАТАСЫНЫН МҮЧӨЛӨРҮНҮН ЭСИНЕ

Төмөндө кол коюп билдирүү жасаган окумуштуулардын бардыгы Түрктөрдүн, Осмондун жана орто-чыгыштын тарыхын изилдөөчү адистербиз, биздин 192 биргелешип чыгарган чечимде жазылгандын бардыгы туура эмес экендигине күмөнүбүз жок.

Биз “Адамдын адамга кылган мыкаачылыгынын улуттук эскерүү күнү” боюнча концепцияны толугу менен колдойбуз, бирок текстин тактала турган жагына каршыбыз:

“...Армяндардын бир жарым миллион чоң аталары 1915-1923 жылдардын аралыгында Түркияда жүргүзүлгөн геноциддин курманыгы болушкан”.

Биз бул жерде “Түркия”жана “геноцид” деген сөздөрдүн колдонулушуна каршы экендигибизди төмөнкүдөй түшүндүрсө болот.

XIV кылымдан тартып 1922 жылга чейин, азыр Түркия же Түрк республикасы деген ат менен белгилүү болгон жер, Осман империясы деген көп улуттуу, көп диндүү мамлекеттин жеринин бир бөлүгү болгон.Габсбург империясы менен Австрия республикасын бир  деп карагандай эле, Түрк республикасы менен Осман империясын бир деп кароо туура эмес.1922 жылдагы Түрк республикасынын пайда болушуна алып келген, Түрк көңтөрүшүнүн натыйжасында Осман империясы талкаланды. Түрк республикасы Осман бийлигинин убагында болгон окуялар үчүн жооп бербейт. Чечимди жазгандар түркиядагы геноцид, деп Түрк республикасын чечимге кошуп, 1915-1922 жылдардагы окуялар үчүн күнөөлүү кыла коюшканы болбогон иш.

“Геноцид” үчүн күнөө койууларга келгенде, бул билдирүүгө кол койгондордун бири дагы армяндардын тарткан азабын азайткысы келбейт.Бирок, ошол эле убакта ошол эле жерде мусулман калкынын көргөн кордугун айтпай кетүүгө да болбойт. Азыркы күндө колдо болгон далилдер, биринчи дүйнөлүк согуштун убагында мусулмандар менен христиандардын ортосунда болгон кагылышуулардын болгонун, алар ачкачылыктын жана оорунун эсебинен татаалдашып кеткенин көрсөттү.Иш жүзүндө бул аймак кийинки он жыл бою Ливанда болгондой эле, бир нече жыл бою чоң, кичине согуштардын чордону болуп турган. Каза болгондор мусулмандардын арасында да, христиандардын арасында да аябай көп болгон.Бирок дагы эле бу ишке ким күнөөлүү экенин такталып ачыла элек.

Мамлекет ишмерлери тарыхты жасашат, ал эми окумуштуулар ошол тарыхты жазышат. Тарыхты жазуу үчүн окумуштууларга өтүп кеткен саясатчылардын иш кагаздарын изилдөөгө руксаат керек.

Керектүү архивдер СССР де, Сирияда, Болгарияда жана Түркияда азыркыга чейин жабык бойдон калууда.Ошол архивдер ачылмайынча 192 чечим ичине камтыган (1915-1923) жылдардагы Осман империясынын тарыхын туура чагылдырууга болбойт.

Биз, АКШнын конгресси бардык тарыхчылардын архивдерин карап чыгууга руксаат алып, бардык окуяларды аныктап алгандан кийин чечим чыгарса  туура кылат эле, деген ишеничтебиз.Биз өйдөдө айтып кеткендей Осман-армян окуясы тарыхчылардын арасында талаш-тартышты жаратып жатат. Көпчүлүк окумуштуулар 192 чечимде жазылгандарга макул эмес.Конгресс бардыгын карап чыгып туура чечим кабыл алыш керек.Эгерде чечимди күмөндүү негиздерге таянып чыгарса, кийин америалык мыйзамга ишенбөөчүлүктү пайда кылат.

69 АКШ нын алдыңкы университеттеринде иштеген илимдин докторлорунун, профессорлорунун колдору.

**40 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:Билдирүүгө кол коюп,39 документте келтирилген америкалык окумуштуулардын Түркиянын премье-министри Тургут Озалга жазган каты жана анын 1985жылы 18 майда ошол катка берген жообу.*

**УРМАТТУУ ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕМЬЕР- МИНИСТРИ ТУРГУТ ОЗАЛ!**

Премьер-министр мырза!

Биз, төмөндө кол койгондор американын илимий коомчулугунун өкүлдөрүбүз, биздин илимий изилдөөлөрүбүз түркиянын тарыхы менен байланышкан, ошондуктан мүмкүнчүлүктөн пайдаланып биз сизден Түрк элинин белгилүү жетекчиси катары, өкүлдөр палатасы 192 биргелешкен чечимди НАТО жана АКШнын Түркия менен болгон мамилесине зыян келтире турган түрдө кабыл алса дагы көңүл бурбай эле коюңузду сурабыз, анткени чечимдин артында сиздин тескери жообуңузду күтүп турган күчтөр бар.

Бул биздин кесиптик эле пикирибиз, бул ишти АКШнын конгресси Түркия Республикасынын кызыкчылыгына каршы турган партия үчүн жасап жатат деп ойлоо каталашкандык болоор эле.

Америкалык мыйзам чыгаруучулардын көпчүлүгү, муну ачуусу келгендиктен атайын жасап жатышкан жок, алар Түркиянын тарыхын билбегендиктен жасап жатышат. Ушул эле сөздү америкалык коомчулуктун билимдүү көпчүлүгү тууралуу айтса да болот, анткени алар 60 жыл бою тарыхтын армяндар айткан жагын гана угуп келишкен.Буга Түркиянын өзү да жоопту болушу керек, анткени ал биринчи дүйнөлүк согуштун убагындагы архивди ачып эл аралык окумуштууларга өз убагында изилдөөгө берген эмес. Ал армяндарга каалагандай маалыматты таратууга мүмкүнчүлүк берди.Эгерде АКШ нын конгресси 192

чечимди колдоп кетсе, ал армяндардын жеңиши болот. Мамлекеттик ишмерлер жана саясатчылар тарыхты жасашат, окумуштуулар аны жазат.Окумуштуулар аны жазыш үчүн өткөн убактын жазма документтерин алып окууга руксаатары болуш керек.

Премьер-министр мырза биз түркиянын достору жана түркиянын тарыхын изилдеп жаткан окумуштуулар катары сизден суранаарыбыз, биздин жогоруда айткандарыбызды элиңизге түшүндүрүп койуңуз.Андан тышкары биз адис окумуштуулар изилдеп, биринчи дүйнөлүк согуштун мезгилинде Анатолияда болгон окуяларды туура чагылдырыш үчүн Осмондордун архивин ачууга руксаат берүүңүздү сурайбыз. Ошондо гана биз 70 жыл мурда болгон окуяларга туура баа бере алабыз.

*Сизди урматтоо менен:*
*(Кол койгон 68 окумуштуулардын атынан)*
*Доктор Хит У.Лоури*

## ТҮРКИЯНЫН ПРЕМЬЕР-МИНИСТРИ Х.И. ТУРГУТ ОЗАЛДЫН КАТЫНЫН ТЕКСТИ

Мен сиздер жазган катты кызыгуу менен окуп чыктым.Өткөн окуяларга келечектеги муундар үчүн чындыкка жараша так баа берүү, адамдардын, элдердин ортосунда эки жактуу, достук мамилелерди түзүү үчүн өтө маанилүү.Мындай аракеттер, биз көксөгөн дүйнөлүк кызматташууга, дүйнөдө жакшы маанайды түзүүгө өз салымын кошпой койбойт. Адамкерчилик жагынан караганда тарыхчылардын алдында , ошол максатка жетүү үчүн чоң жоопкерчилик турат.

Билдирүүңөрдү жарыкка чыгарып, мага өз оюңарды туура жана так айтып, чыныгы окумуштуулар өз ойлорун коркутуп-үркүткөнгө карабай, айта тургандыгын дагы бир жолу көрсөтүп койдуңуздар.Сиздерин кылган аракеттериңизди Түркия

ыраазычылык менен кабыл алды, мен мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, ар бириниздерге өзүмдүн рахматымды айтамын.

Өзүңүздөрдүн катыңыздарда айтылгандай, мурдакылардан калган документтерди жана маалыматтарды изилдөө, өткөн тарыхтын аныгын тактап билүү үчүн чоң мааниге ээ.Андай документтерге ээлик кылган адамдардын, адамзат алдында жоопкерчилиги да чоң. Ошол себептүү биз өзүбүздүн өлкөбүздө, узун жана бай тарыхыбызды чагылдырган көптөгөн материалдарды талдап, ошол материалдарды окумуштуулар изилдей ала тургандай кадамдарды иштеп чыгуунун аракетиндебиз.Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып дагы бир нерсе айтып кетким келип турат, Акыркы бир нече жылдан бери Түркиянын Улуттук Улуу Жыйыны ушул ишти каржылоо үчүн каражат бөлүп берүүгө атайын мыйзам кабыл алып келатат.Бул архивдеги тынымсыз иштердин көлөмү көбөйүп, ылдамдайт дегендикке жатат.Азыр толугу менен такталып бүтүп, окумутуулардын изилдөөсүнө даяр материалдар бар.Аны окумуштуулар изилдеп бүткөнгө чейин, кезектеги материалдар даяр болот.

Кебетеси, ошол документтердин негизинде өткөн окуялар толугу менен такталып бүтөт окшойт.Сиздердин изилдөө иштериңер жана жарыкка чыгарган материалдарыңар ушак-айыңды токтотот деп ишенем.

*Жакшы каалоолорум менен,*
*Түркия республикасынын премьер-министри,*
*Тургур Озал*

## 41 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:Конгресстин материалдары-Ак үй.1985 ж 12декабрь.*

**СОЛАРЦ МЫРЗА**

Төрага мырза, мага сөз бергениңиздер үчүн чоң рахмат!

Конгресстин алдында турган маселелердин бир азы гана мен үчүн ушул маселеден кыйыныраак болмок.Бул чечимде жаткан өтө маанилүү моральдык жана саясий маселелерди түшүнүү үчүн мен өтө көп убакыт кетирдим.Мен кылымдын экинчи он жылдыгында Осман империясынын чыгыш жагында эмне окуялардын болгонун аныктап билүү үчүн көптөгөн адамдар менен сүйлөштүм жана азыр дагы чечим жөнүндө бул жерде болуп жаткан талаш-тартыштарга көңүл коюп угуп жатам.Бул чечимдин өкүлдөр палатасына берилгендигин да билем.

Чындыгында бул чечимге каршы бир нече олуттуу далилдер келтирилди. Биздин бир топ кесиптештерибиз Түркия НАТО нун түштүк капталында чечүүчү позицияны ээлеп тургандыгын айтышты.Босфор менен Дарданелл кысыктарына көзөмөлдүк кылуу менен, Жер Ортолук Деңизде күч жагынан артыкчылык кылган, биздин 6 флотту коргоп туруууга мүмкүнчүлүк берип жатат.

Согуштук күчү жагынан армиясы экинчи орунда турган Түркия, Европадагы күчтөрдүн тең салмактуулугун сактап турууда көп салым кошууда.

Биздин көп кесиптештерибиз айткандай, бул чечимди кабыл алсак, биздин Түркия менен болгон мамилебизге жана Жерортолук деңизинин чыгышындагы коопсуздугубузга залакасын тийгизбей койбойт.

Бул өтө күчтүү далилдер, бирок чечимге каршы ушул эле далилдерди келтирсе мен эч нерсе дебейт элем, анткени еврейлерге каршы Гитлердин геноцидин айтып ушундай далилдерди келтирип эртең эле НАТО нун дагы бир шериктеши ФРГ нын кычыгына тийген чечимди көтөрүп келиши мүмкүн.Андай чечим дагы Американын коопсуздугуна коркунуч келтирмек.

Мен бардыгыңарга ачык эле айтайын деп турам.Гитлердик геноцидден курман болгон 6 млн элдин арбагын сыйлаш үчүн болсо да, бизге ошондой чечимди кабыл алыш керек болуп

калса, кабыл алмакбыз. Эгерде маселе ушундай чечиле турган болсо, анда эмне үчүн алдыбызда жаткан армян геноциди деп мүнөздөлүп жаткан чечимди кабыл албайбыз?Булардын кандай айырмасы бар?

Бул экөөнүн айырмасы, биринчиси жалпы кабыл алынган тарыхый чындык болсо, экинчиси дагы эле талкуунун алдындагы чечиле элек маселе болгондугунда жатат.

Жакында эле палатанын ар бир мүчөсү ушул чечимге байланыштуу телеграмма алды.Ал телеграммага биздин өлкөдөгү Түркия, Осман империясы жана Жакынкы Чыгыш боюнча адис окумуштуулар кол коюшкан.Алардын ичинде ушул маселелер боюнча дүйнө жүзүнө белгилүү окумуштуулар, Принстон университетинде иштеген академиктер Бернард Левис, Колумбия университетинде иштеген доктор Хюрвицтер бар.

Төрага мырза, албетте мен Армян элинин кайгысына ортоктошмун.Чечимде айтылган убакыттын ичинде өтө көп армяндар мыкаачылык менен өлтүрүлгөн, бирок ошол эле убакта санак жеткиз түрктөр жана мусулмандар да мыкаачылык менен өлтүрүлгөн.

Чечимдин бир жетишпеген жери, геноцид деп армяндардын эмне болгондугу айтылып жатканы менен геноциддин болгондугу күмөн болуп жатпайбы.Анын үстүнө массалык кыргын менен калкты таптакыр кырып жок кылууга болгон аракеттин ортосунда айырма бар.Бул геноцидге караганда массалык кыргынды жасаса болот дегендикке жатпайт. Бирок, Оттомандар армяндардын бардыгын кырып жок кылганга аракет кылган дегенге далил жок.

Чечимде армяндардын же мусулмандардын өлтүрүлүшү тууралуу фактылар болбогондон кийин, анын эмне үчүн кабыл алынгандыгын билбей каласың.

Ушул тарыхый кыйынчылыктардын үстүнө, бул чечим биздин НАТОнун баалуу мүчөсү менен болгон мамилебизге зыян келтирип, Жерортолук деңиздин чыгышындагы АКШнын стратегиялык кызыкчылыгына коркунуч туудурат.

## 42 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:Константинополь,18 март1878 жыл (29 мартта алынган) № 365 жашыруун.ГО.424/68, 346-348№639.*

## ДЕРБИНИН ГРАФЫ ЛЕЙАРД МЫРЗАГА

Мен өзүмдүн № 364 номурлуу почтам менен сиздин Улуу урматыңызга Константинопольдун Патриархы, архиэпископ Нарсисдин жазган катын жөнөтүп жибердим.Патриарх менден катын жөнөтүп жиберүүнү суранып жатып, мага армян коомчулугунун абалы жана түйшүктөрү жөнүндө айтып берүүгө үлгүрдү.Патриархтын өткөн жылы мага анын элинин Түрк бийлигине кусаматчылыгы жок экенин, алар Россияга өтүп кеткенден көрө Түрктөрдүн алдында жашаганды артык көрүшөөрүн айтканы эсиңизде бардыр.Ал армяндардын Түрк армиясында кызмат өтөөгө же Түрк жерин коргоого жергиликтүү элди уюштурууга даяр экендиктерин айткан болчу.Патриарх кечөө мурда ошондой болчу деди.Бирок, Россия ийгиликке жетишип, Арменияда административдик реформа болот деген Россиянын макаласы жарык көргөдөн бери абал таптакыр өзгөрдү.Армяндардын ага түрк өкмөтүн колдоп, россияга алып бара турган жолду тосуп койгондугу үчүн ачуулары келип, таш бараңга алабыз, деп опузалашты.Армениянын бир топ жери Россияга берилип, армяндардын көпчүлүк калкы христиандардын башкаруусунун алдына өткөндөн кийин, Түркияда калгандары, тигилердей артыкчылыкка ээ боуш үчүн ар кандай талаптарды коюп жатышат. Алардын мусулмадарга болгон жек көрүүсү, күрддөрдүн Ван жана Баязид аймактарында жашаган армяндарга каршы козголоңуна Порта көңүл бөлбөй койгондон кийин өтө күчөп кетти. Армяндар башка жерлерде жашаган христиандар менен бирдей шартта жашаш үчүн өз талаптарын коюп жатышат.Эгерде алар Европанын кийлигишүүсү менен адилеттүүлүккө жетишпесе,

россия аларды өзүнө кошуп алмайынча, чыр- чатакты токтотпой тургандыгын айтышты. Патриарх Арменияның христиан калкынын көпчүлүгү Россияга берилген жерге көчүп кетүүгө даяр турушкандыгын айтты.Ал, конгрессте армяндардын автономиялык христиандык өкмөт жөнүндөгү талабын колдоп беришсе, Европа армяндарга өзүн-өзү башкарган аймакты түзүп берүүнү тлап кылат, деп үмүттөнөөрүн айтты.Патриарх мага армяндарды колдоп бер деп Бисмаркка жазган катын көрсөттү. Ал катын ханзада Реус аркылуу жөнөттү.Ал киши акыркы убакта армян коомчулугунун жетекчилери менен көп жолугушуп, мен сизге айткандай султанга кызмат кылбай эле Россиянын саясатын жүргүзүүнү сүйлөшүп жүргөнүнө менин көзүм толук жетип турат.

Мен патриархтан “Армения ”деген сөз менен эмне айткысы келгенин жана  азиядагы түркиянын кайсы бөлүгүн өзү айткан автономиялык аймакка бириктирүү керек экендигин сурадым.Патриарх Арменияга Ван, Сивас, Диярбекирдин көпчүлүк бөлүгү жана илгерки Киликия падышачылыгынын жери(Сириянын түндүк жагында жайгашкан аймак, ал Таурис тоолорунан баштап, деңизге чейин созулуп жатат)кириш керек деди.Мен патриархка анын Кичи Азияда султанга тиешелүү жерлердин өтө көп жерин сурап жаткандыгын жана ал жерлерде негизинен мусулмандар жашаарын айттым.Ал мен айтканды мойнуна алды, бирок ал жерде жашаган мусулмандардын өздөрү Порта бийлигин жакшы көрбөгөндүгүн жана  өмүрү менен дүнүйөсүн коргосо,  христиан бийлигинин алдына сүйүнүп эле өтүп кете беришээрин айтты.

Мен патриархка ал айтып берген мындай чоң планды конгресс карабайт го десем, Патриарх эгерде  конгресс армяндардын адилеттүү талабын укпай турган болсо армяндар жакын арада Түрк бийлигине каршы көтөрүлүшкө чыгып, Россияга өтүп кетишет деп жооп берди.Ал андан ары Россиянын Грузияга жана Арменияга жиберген генералдарынын жана башка

жогорку чиндердин арасында көп армяндардын бар экендигин, алар согуш убагында түркиядагы армяндар менен тыкыз байланышта болушканын, деги эле өзү эмне ойлобосун, анын эли мындан ары мусулмандардын бийлигине чыдабай тургандыгын, өзү болсо элге каршы бара албай тургандыгын айтты.

Мен сизге Патриарх менен болгон маегимди жазып жибергенимдин себеби, ал менин мурда жиберген каттарымдагы маалыматтарды тастыктайт.Армяндар түркияда автономиялык аймакты түзүүгө аракет жасап жатышат.Султанга тиешелүү жерлерде, анын бийлигин жана өкмөтүн кулатуу үчүн жасалган аракеттер эртеби, кечпи өз натыйжасын берип олуттуу бир окуяга алып келээри бышык.Эгерде мага айткандары чын болсо ал аракеттер үзгүлтүксүз, күчтүү жасалып жатат.Армяндардын арасында болуп жаткан кыймылга ушул аракеттер түрткү болуп жатса керек.Бул эле эмес, жакында биз Түрктөрдүн азиядагы башка жерлеринде дагы Сирияны кошуп, мындай кыймылдар мусулмандар менен христиандардын арасында болуп жаткандыгын угабыз.Африкада да эркинди талап кылган кыймылдар башталбай койбойт.Түрк империясынын талкаланып, бөлүнүп кетишин каалагандар болушу мүмкүн, ошондон келип чыккан жыйынтыкка Англия даяр болушу керек деп ойлойм. Сер көөдөн армяндар өздөрүнө кошуп алабыз деген жерлерде жашаган элди билген адамдардын бардыгы, Патриархтын “Армения”деген автономиялык мамлекети жарым-жартылай эркиндикке да  жетишээрине ишенишпейт.Автономияны Россиянын басып алышы менен иш бүтөт окшойт, патриархка деле ошол жакса керек.Россиянын Борбордук азияны Сирияга чейин ээлеп калышына Англия кандай караар экен? Иштин мындай болоорун Россиянын чыгыш Арменияны Баязидге чейин басып алышы эле айтып турбайбы.Патриарх биздин сөзүбүздү эч кимге айпоону суранган, эгер билинип калса Түрк өкмөтүнүн алдында бети ачылып калаарынан корккон  А.Х. Лейарддын колу коюлган.

## 43 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:Уильям Л.Лангер"Империализмдин дипломатиясы",Нью-Йорк(Альфред А.Кнопф)1968,с.157-160*

## ИМПЕРИАЛИЗМДИН ДИПЛОМАТИЯСЫ

Революциялык Гичак партиясы 1890 жылы Армяндардын Революциялык Федерациясына биригели, деп сунуш кылган биок эки партиянын биригиши көпкө созулган жок.Кебетеси Назарбек сөзгө көнгөн адам эмес окшойт, ал ишти өзү каалагандай жасачу.Башында ага ишин уланта тургандарды табуу кыйынчылыкка турду, бирок анын жаңы пикирдештери аябай жакшы иштеп жатышты.Мисалы, Азад-хан 1889 жылы июль айында Константинопольго келип үгүттөө иштерин жүргүзө баштады. Ал Хримян менен кеңешип көрдү эле, абышка анын оюна кошулгусу келген жок."Сен жиндисиңби-деди эски мекенчил — армяндар бир ууч эле эл, канча кан төгүлөөрүн билесиңби". Ал Европанын жардамысыз эле чоң иштерди жасаса болоорун көргөн жок.Ага Азад-хан капа деле болбой, Тифлиске жөнөп кетти.Бул жерде деле анын жолу болгон жок. Анын иши Трабизондо гана жүрө баштады.Ал бул жерде партиянын борбордук комитетин түзүп, чабармандарын революциялык бөлүмдөрдү түзүү үчүн Эрзерумга, Харпутка, Алеппого жана башка жерлерге жөнөттү.Назарбек өзү Женевада жашыруун жашап жатты.Бирок кийин жарык көргөн аңгемелерде дыйкандарга барып, таң атканча алар менен бирге отуруп өч алууга үндөп жаткан чабармандарды жакшы сүрөттөп берген.

Константинопольдогу элчилер бул кыймылды өөрчүтүп жиберүүдө өз салымдарын кошуп жиберишти.1888 жылдан баштап Англиянын өкүлдөрү , революционерлердин бар экендигин жана тыюу салынган адабияттардын кармалгандыгын такай билдирип турушту. Шаарларда революциялык баракчаларды таркатышып, бай армяндарды жалпы элдик ишке салым

коштурууга аргасыз кылышты.Түркиядагы Европалыктар армяндарга силердин эң негизги максатыңар-баш-аламандыкты уюштуруу, эгерде Түрктөр силерди басып коюуга аракет кылып, таш боордук көрсөтсө бүт Европа басып кирет деп ынандырып коюшкан.Ошл себептүү козголоңду басып коюу аракеттерди ачык көрсөтүү үчүн , алар армяндар аз жашаган жерлерди тандап алышкан деди ал.1890 жылы революционерлердин бири Роберт колледжинин негиздөөчүсү доктор Хамлинге Гичактын бандасы "түрк менен күрддөрдү өлтүрүп, алардын кыштактарын өрттөп тоого качып кетип турушат". Мына ошондо ачуусу келген мусулмандар "коргоосуз калган армяндарды кыра башташат"аны көргөн Россия гумандуулук жана христиан маданиятын коргоо керек деген туунун алдында ошол жерлерди басып алат. (МЫНА АРМЯНДАРДЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ НИН ТҮРКТӨРГӨ ТИЙИШИП ЧЫР ЧЫГАРЫП, РОССИЯНЫ ТҮРК ЖЕРЛЕРИН БАСЫП АЛУУГА ТҮРТКҮ БЕРГЕНДИКТЕРИНИН ДАЛИЛИ).

Бул уккан сөздөн коркуп кеткен Доктор Хамлин силердин бул планыңар эң коркунучтуу экен десе, "сизге ошондой көрүнүп жатат, биз армяндар эркиндикке чыгалы деп чечтик. Европа болгарлардын көргөн азап-тозогун угуп, аларды боштондукка чыгарды.Эми биздин да ыйыбызды угуп, бала-бакыранын канын көргөндө бизге да жардамга келишээр...Биздин айлабыз кетти.Биз муну эмне болсо да жасайбыз".

Олуттуу кыйынчылыктар 1890 жылы Эрзерумда тополоң болуп, кан төгүлгөндө башталды.Ал тополоң мурда даярдалып же пландаштырылган эмес, бирок Гичак мындан пайдаланып калууну чечкен.Константинопольдо Түрк жана Европа өкмөттөрүнүн көңүлүн өзүнө буруу үчүн, аябай чоң демонстрация уюштурулган.Бул иш жакшы уюштурулуп, революционерлердин талаптары элге мурда эле таркатылган.Армяндардын чиркөөсүндө "сен өзүңө өзүн ээ болгун" деген ыр окулду.

Бул демонстрация деле каалагандай натыйжа алып келген жок.Кийинки айларда, армян жетекчилери башка революциялык топтор менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндөй болушту. Афинада көптөгөн конференцияларды өткөрүштү, ал эми 1891 жылдын декабрь айында Гичак Македониянын Чыгыш Федерациясы, Албания жана Греция революционерлери менен бириккендиги тууралуу ачык жарыялады.Гезит армян уюмдары Лондонго 1894 жылдын аягында көчүп кеткенге чейин Афинадан чыга баштады.Ошол иштердин ортосунда Армнияда үгүт иштери жүргүзүлдү, күрддөрдү козголоңго күч менен кошууга аракет жасалды.Чабармандар Бостондо бөлүм ачуу үчүн Америкага да жөнөтүлдү.Азад-хан ушул “ишке”колдоо көрсөтүш үчүн 10000 доллар чогултканын айтты.

1892 жылы Гладстоундун кабинети бийликке келгенде армяндардын көңүлү көтөрүлө түштү, анткени улуу абышка эзилгендердин коргоочусу эле.Чынында эле либералдык мамлекет барыдан мурда Портага карай сын пикирин айта баштады.Англо-армяндардын комитети жана евангелиялык бирикме абалдан пайдаланып диний куугунтоолор жөнүндө кыйкырып чыгышты.Бирок, Англиянын таасири Константинопольдо өтө төмөн түшүп кеткендиктен, Лондондон келген каршылыктарга эч ким деле көңүл бурбай калды.Кебетеси Түрк өкмөтү да Россиянын Гичакты жаман көрүп калгандыгын жана түрк өкмөтүн колдой тургандыгын сезип калды окшойт.1890 жылы орустун официалдуу өкүлдөрү кавказда уюшулган армяндардын партиясын жок кылуу үчүн түрктөр менен кызматташа баштады. Көптөгөн жазуучулар Англиянын кийлигишүүсү ишти начарлатып жиберди, деп айтып жүрүштү.”Түрктөр биз аларды аягандыгыбыз үчүн репрессияны башташат, биз аларды репрессияга кабылгандыгы үчүн андан да көбүрөөк аяйбыз, мына ошентип жаман жорук башталат, деп жазган Дэвид Хочарт”, “Кырылган башка элдер бир тең, кырылып бүтүүгө аз калган армяндар бир

тең, алардын өлүмүнө Англия күнөөлүү” деп Америкалык саякатчы айтыптыр.

Революционерлердин иштерине каршы түрктөрдүн жасаган мамилесин түшүнүүгө мээнин деле көп кереги жок. Алар гректердин козголоңун эстебесе да, Болгариядагы көтөрүлүштөрдү, Россиянын жана башка мамлекеттердин баскынчылыгын дайыма эстеринде сакташчу.

Артынын түшпөй калган жаман атка Абдул Гамид татыктуубу? Деген суроо азыр да талаш болуп жүрөт.Ал кээ бирөө үчүн, “кан ичээр канкор” болсо, экинчилер үчүн эмгечил, ұяттуу, башкалар үчүн жаны күйгөн башкаруучу.Аны жакшы көргөн адамдар султан империяга армяндар коркунуч туудуруп жатканын сезип, алар гректер, младотүрктөр жана македониялыктар менен келишип алышканын билгендигин айтышат. Ал азыркылар айтып жүргөндөй, бирөөлөр аңдып жүрөт деген сезимдин курмандыгы болгондугун, ошондон коркуп ал бийик дубалдардын артына гана жашынбастан, тегерегине ар кандай шектүү адамдарды, жансыздарды жана ушакчыларды чогултуп алган, ал адамдар өзүлөрүнүн керектүү экендигин далилдеш үчүн ар кандай сөздөрдү айтышып, биринен бири өткөн коркунучтуу маалыматтарды жеткире беришкен.

Революционерлер өтө чоң өрттү пландаштыруу менен султанды жана анын министрлерин коркутуп алышканын айтпай кетүүгө болбойт, алардын бир жарнамасы мындай дейт:

“Чечүүчү мезгил келди, далай коркунучтуу окуялар болот. Куралдангыла, башкаларды да куралдандыргыла.Эгерде бир жерде эл көтрөрүлүп, каршылык көрсөтүп жатса, силер да өз жериңерде ошону кайталагыла.Эркиндик үчүн күрөштү кеңейткиле.Өмүр бою кул болуп жашаганча бир күндүк, бир сааттык эркиндик үчүн күрөшүп жатып өлгүлө”.

1894жылдын жайында революциялык комитет улуу уазирге кат жазып, эгерде армяндардын “адилеттүү талаптары” канаатандырылбаса, империяда жалпы көтөрүлүш чыгат деп

эскертишкен. Көңтөрүштүн болоорун билип, коопсуздук чараларын көргөн өкмөткө эч ким күнөө койо албайт. Мүмкүн, күрддөрддүн колтугуна суу бүрккөн күчтөргө каршылык көрсөтүү үчүн, султан 1891жылы чек араны кайтарган орустардын казактары сыяктуу, күрд урууларынан атактуу Гамид отряддарын түздү.1877-1878 жылдары күрддөрдүн армиясынын пайдасынан зыяны көп болду, бул аримияны түзүүнүн максаты уруу башчыларын ыраазы кылып, аларды армяндар менен алака кылуудан токтотуу болсо керек. Чындыгында бул армия армяндарга каршы пайдаланылган.1892жылдан баштап регулярдык армия колдогон Гамиддин отряддары армян айылдарына чабуул жасап, үйлөрүн өрттөп, түшүмдөрүн жок кылып, эллин өлтүрө баштады.

Ошентип революционерлер өздөрү каалаган куугунтуктоого жетишишти.Армян коомчулугунан эч кандай руксаат албаган, алыстагы Женева менен Афинада жатып алып ушундай ишти пландаштырган топтун айынан, карапайым адамдар кырсыкка учурашты.Гичактын үгүтчүлөрүн Константинопольдо жашаган армяндардын эң төмөнкү катмары колдоого алган, алардын жардамы менен 1894 жылы армяндардын патриоту Измирлян патриарх болуп шайланды.Бирок жогорку класс бул ишти колдогон жок, алар тескерисинче опузалаган каттардын, шантаждын курмандыгы болушуп, каражат бөлүп бөрүүгө мажбур болушту. Айылдагы дыйкандарды алсак, алар эмне болуп жатканын да түшүнүшкөн эмес.1891жылы өлкөдө саякат жасап жүргөн Изабелла Бишоп “армян дыйкандарында саясий умтулуу да, саясий таарыныч да жок, мен алардан бир да жолу саясий же административдик өзгөрүү же эркиндик жөнүндө сөз уккан жокмун ”деп айткан экен. Хочарт айылдарда жашаган армяндардан, революционерлер бизди өз жайыбызга коюшса жакшы болот эле деген сөздү угуптур.Каалашса, каалашпаса да алар башка бирөөлөрдүн ою менен курман болушту. Алардын өмүрү, улуттук-социалисттик фанатиктердин ойлорун ишке ашыруу үчүн кетти.

**44 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы: Станфорд Дж.Шоу жана Эззел Курал Шоу,"Осман империясынын тарыхы жана азыркы Түркия"II том,Кембридж Юниверсити Пресс, Лондон 1979ж,314-317 беттер.*

**ТҮНДҮК —ЧЫГЫШ ФРОНТУ 1914-1916 жж**

Германиянын стратегиясы башында ийгиликтүү болуп тургандыктан, Энвер эми Түркиянын чыгыш жагына көңүлүн бура баштады.Ал коргоо министри болуп бекигенден кийин эле, Эрзерумда жана Анатолиянын түндүк-чыгышында Ван көлүнөн Кара деңизге чейин жайгашкан Үчүнчү армияны күчтөй башады.Ал согуш жарыяланаар замат согуша беришке даяр эле. Энвер акыркы жолу султандын армян жарандарынын колдоосуна жетиш үчүн аракет кылып, Эрзерумда өткөн Россиядан жана Осман империясынан келген армян жетекчилери менен болгон жолугушууга барган.Жолугушуу ийгиликсиз боуп калды.Россия мурда эле, армяндарга кавказдагы эле эмес чыгыш Анатолиянын көп жерин кошуп, автономиялык мамлекет кылам, деп убада берип койгон. 1877 жылкы планда Анатолиянын калкынын көпчүлүгүн түзгөн мусулмандарды көчүрүү маселеси көрсөтүлгөн.Армяндардын жетекчилери биз кийлигишпейбиз деген сөздү айтышты, бирок алардын Россияга жан тартып турганы көрүнүп эле турду . Ошол сүйлөшүүлөрдөн көп өтпөй эле Оттоман армяндарынын беделдүү адамдарынын бир нечеси, парламенттин мурдагы мүчөсү баш болуп, Россиянын чоң кызматтагы адамдары менен кызматташуу үчүн кавказга качып кетишти. Муну менен алар эмне болсо да Осман империясынын согуштук аракеттерин үзгүлтүккө учуратууну көздөгөндөрүн көрсөтүштү…

Энвер паша армяндар бузукулук кыла турган болсо, түрктөрдүн аларды басып коюуга күчү жетет, деп ойлоп согуштук

кышкы кампанияга даярдана баштады.Ошол эле убакта падыша Николай II кавказга, армяндардын улуттук бюросунун президенти менен Осман империясына каршы кантип күрөшүү жөнүндө сүйлөшүү үчүн  келди.Алар төмөнкүдөй чакырык менен чыгып жатышты:

“Бүткүл дүйнөнүн армяндары орус армиясынын катарына кошулуп, орус куралынын жеңиши үчүн курман болууга шашылгыла, Босфор менен Дарданеллде орус туусу желбиреп турсун.Улуу урматтуум сиздин макулдугуңуз менен Түрктөрдүн алдында жашаган элдер эркиндикке чыксын.Түрктөрдүн таман алданда жашаган Армяндар Россиянын коргоосунда болсун ”.

Армяндар кайрадан падышалык армиянын катарына кошула башташты.Түрктөрдүн артынан сокку урууга бардыгы даяр эле.Падыша да Стамбулду ала турган мезгил келди деп Санкт-Петербургга жөнөп кетти.

1914 жылы 1ноябрда орустар түрктөрдүн чек арасын бузуп кирди, бирок түрктөр бир нече күндөн кийин аларды токтотуп, артка чегинүүгө аргасыз кылды.21 декабрьда Энвер паша өзү Үчүнчү армияны чабуулга баштап барды.Ал орустардын Кавказ менен алардын негизги базасы болгон Карстын ортосундагы байланышты кесип салып, Ардахан менен Батумду кайрадан тартып алууну көздөгөн.Курчап алуу операциясынын чордону чек арага жакын жайгашкан Сарыкамыш шаары болгон.Ал Карстан түндүккө кетчү жолдо эле.26 декабрда Түрктөр бул шаарды ээлеп алышты, бирок орустар кийин аны кайра бошотушту. Орустардын чабуулу түрктөрдү артка качууга аргасыз кылды, натыйжада түрк армиясынын төрттөн үч бөлүгү жок кылынды. Түрктөрдүн аскердик аброю Чыгышта аябай төмөн түшүп калды.Бул орус армиясына армяндардын колдоосу менен Чыгыш Анатолияга кайрадан басып кирүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Кавказ кампаниясы башталганда орустар чек арага жакын жерде жашаган армяндарды көчүрүп чабуулга жакшы даярдыктар менен келишкенин көрсөтүштү. Жашаган жеринен көчүп

кетип баратып армяндар орустар жеңсе кайра келебиз жана түрк жеринен да бирдеме тийип калаар деген үмүт менен кетип баратышты.Энвер паша орустардан мисал алып, алардын кайра боло турган чабуулуна каршы катуу даярдыктарды көрүп жатты.Армян жетекчилери андан башка жол калбагандай, орустарды ачык колдоого өтүштү.Армяндардын кимиси калып, кимиси жетекчилеринин артынан кетээрин айтуу кыйын эле.1915 жылдын май айында армяндардын бардыгын Ван, Битилис жана Эрзерум аймактарынан көчүрүп кетүүгө буйрук келди, анткени армяндар жашаган жерлерде, алар Россия жана Англия менен согушуп жаткан Түрктөргө зыян кылат, деп чочулашкан.Киликиянын жана Сириянын айыл жергесинде жашаган армяндар да ошол эле себеп менен Сириянын борбордук аймактарына көчүрүлгөн.Армиянын бөлүктөрүнө армяндарды көчмөн урууларлардын кол салуусунан кайтарууга, көчүп бараткында андан кийин да керектүү тамак-аш менен жабдып турууга атайын көрсөтмө берилген.Түркөрдүн аскер башчыларына, армяндардын көптөгөн террордук иштери үчүн өч алууну көздөгөн күрддөргө же башка мусулман урууларына жол бербегиле деген катуу буйрук берилген.Бул көрсөтмөлөргө караганда, армяндарды согуш бүтүп кайра жашаган жерине келгенге чейин, коргоп жана кам көрүү керек болгон.Жарык көргөн мыйзамдын айтымында, атайын комиссия түзүлүп, ал комиссияга көчүп кеткендердин үй- оокатын тизмелеп, аукциондон өз баасына сатып, кирешесин ээлери келгенче сактап коюу милдети жүктөлгөн.Армяндардын үйлөрүн ижарага алып жашап турайын деген мусулмандарга, ижара акысын банкка төлөп, ээлери келгенде үйдү тез бошотуп берүү жагы мидеттендирилген.Армияга, Иракка жана Сирияга көчүп бараткан армяндардын үй-оокаттарын кайтарып өздөрүн керектүү жерге аман-эсен жеткирүүгө буйрук берилген, анткени өкүмөт армяндарды согуш бүткөндөн кийин кайра өз жерине кайтарууга ниеттенген.

Антантанын жана армян улутчулдарынын үгүт машинасы, согуш мезгилинде бир миллиондон ашык армян өлтүрүлгөн, деп билдиришкен.Анткени, алар согушка чейин бул жерде 2,5 млн армяндар жашаган деген маалыматка таянышса керек, иш жүзүндө түркияда жашаган армяндардын саны 1,300000 ашкан эмес.Алардын жарымы айыл жергесинде, согуш жүрүп жаткан жерлерде жашашкан, көчүрүлгөн армяндардын саны шаар тургундарын кошпогондо, 400000 ашкан эмес.Анын үстүнө, согуш мезгилинде жарым млн ашык армяндар кавказга же башка жакка качып кетишкен.Ушул убакка чейин Осман империясында 100 000 ге жакын армян калган, 150-200 миңдейи Батыш Европага, АКШ га көчүп кетишкен, демек согуш мезгилинде 200 000 миңге жакын армян каза болгон десе болот. Алар жалаң эле жер которуудан эмес, ачкадан жана оорудан да каза болушкан, ал эми ошол эле убакта 2млн ашык мусулмандар жашоо менен кош айтышкан.Османдардын кабинетинин ошол кездеги жашыруун жазмаларды изилдеп, өкмөт мүчөлөрүнүн биринин да массалык кыргын тууралуу буйругун таба алышкан жок. Тескерисинче, аймактык бийликтерге адамдын өлүмүнө алып келе турган кол салуулар же элдин тынч турмушун буза турган иштер болбосун. деп буйрук берилген.

1915 жылы апрель айында армяндарды көчүрүү боюнча буйрук чыга электе эле, орус армениясынын дашнактары Ван шаарында козголоң чыгарышкан.Бул шаарда армяндардын саны 33789 болуп, шаар калкынын 42.3%түзгөн. Мындай абал Осман империясынын көпчүлүк шаарында болгон.Башында жергиликтүү армяндар өзүлөрүнүн көпчүлүктү түзгөн мусулмандардан жеңилип калышарын билип жөн эле турушкан, анан түндүктөн келген үгүтчүлөрдүн, эгерде орустарга жардам беришсе, алар мусулмандарды бул жерден кууп жок кылат деген сөзүнө кирип, кошулуп кетишти.Анатолиядан качып келген жана жергиликтүү армяндардан турган күчтүү топтун колдоосу менен Кавказда жайгашкан орус армиясы да Ван жакка багыт

алды. Ирevандан 28 апрель 1915 жылы Стамбулда армяндарды көчүрүү боюнча буйрук чыккандан бир күндөн кийин, бирок ошол буйрук чыгыш аймактарга жете электе эле 14 майда (ыктыярдуулар) Ванга кирип келишип, эки күн бою жергиликтүү мусулмандарга, көбүнчөсү түрктөргө массалык кыргын салышты. Ушул жерде жайгашкан түрктөрдүн кичинекей гарнизону чегинип, көлдүн түштүк жээгине кетүүгө аргасыз болду.Ванда, орустардын колдоосу алдында;  жергиликтүү мусулмандарды кырып, кууп жок кылгандан кийин гана армян цивилизациясынын байыркы борборлорунун биринде армяндар мамлекет түзө алышты. ”Ван көлүнүн түштүк жээгинен түрктөрдү кууп чыгуу жана сүйлөшүлгөн боюнча орустардын басып киришине даярдык көрүү үчүн Битилис аймагында”армян легиону уюшулду. Мусадан жана башка негизги борборлордон келгендер, Мосулга бараткан жолдон качкандар болуп миңдеген армяндар армяндардын жаңы мамлекетине чогула башташты. Июльдун ортосунда Ван шаарына 250 миңден ашык армяндар чогулду, согушка чейин бул жерде 50 000 миңге жакын эле калк жашаган.Бирок июльдун башында эле Осман аскерлери орус-армян аскерлерин чегинүүгө аргасыз кылды.Алар менен кошо убактылуу мамлекетти түзүүгө көмөк көрсөткөн, эми киши өлтүргөндүктөрү үчүн өч алуудан коркуп, миңдеген армяндар да кетти. Андагы дүрбөлөңдү сүрөттөп жазуу мүмкүн эмес. Чегинип бараткан орус армиясы менен кошо 200 000 ге жакын армяндар күрддөрдүн буктурмасына кабылып, бардык үй-оокаттарынан ажырап 40 000 кишисинен айрылып закавказьеге араң жетишти. Бул, жер которуштурууга кирбеген чыгыш аймактарда жашаган армяндардын гана саны. Бул Осман империясы кырбай эле, чегинген орус армиясы менен качып баратканда өлгөн армяндардын саны. (Төмөндө колдонулган адабияттардын түп нускасы берилет)

## 45 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:Лондондун "Таймс"гезити, 30 январь 1919 ж. 6 бет.*

## "ТАЙМС" ГЕЗИТИНИН РЕДАКТОРУНА

Урматтуу мырза, Армения тынчтык конференциясына чакырылган улуттардын тизмесине кирбей калыптыр. Биз буга аябай наразы болуп турган чагыбыз.Армяндар ушунча иш кылгандан кийин конференцияга чакырышат, деп үмүт кылышкан. Өзүнүн шериктештерине берилгендиги үчүн, армян эли кандай кордук көргөнү баарыга маалым. Мен, согуш башталгандан тартып армяндар шериктештер тарабында бардык фронттордо согушканын дагы бир жолу айткым келет, анткени бул алигиче көпчүлүккө белгилүү эмес. Согуш талааларында курман болгондорго, жер которуштуруу жана улуттар арасында кыргында каза болгондорду кошкондо 4,5млн армяндардан 1миллиондон ашыгы каза болгондугун билдик.Армения башка согушка катышкан улуттарга караганда көп чыгымга учурады.Армяндар согушка Түрктөр менен бирге болуудан баш тарткандан тартып кирген.

Биздин ыктыярдуулар француздардын "Чет элдик легиондорунун" катарында согушуп, атак-даңкка жетишишкен.Чыгыш легионунда беш миңден ашык армяндар кызмат кылып, алар Сирия менен Пакистандагы француздардын аскеринин жарымынан көбүн түзүп, генерал Алленбинин чечүүчү согушуна катышышкан.

Кавказда орус армиясынын катарында согушкан 150 миң армяндарды айтпаганда да, Андроник, Назарбеков ж.б. жетекчилиги астында төрт жыл бою Антанта тарабында согушкан 50 миң армян ыктыярдуулары, Россия жеңилип калгандан кийин да тынчтык келишимине кол коюлганга чейин Кавказда түрк армиясынын чабуулун токтотуп турган жалгыз күч эле. Муну

менен алар герман-түрк шериктештигине отряддарын согуш болуп жаткан башка жерлерлерге жиберүүгө тоскоол болуп, Месопотамиядагы Англиянын согуштук күчтөрүнө жардам беришкен.

Бул эмгекти кийин лорд Роберт Сосил коомдук палатада айткандай, шериктеш мамлекеттер моюндарына алышкан.

Армяндардын улуттук делегациясы ушулардын бардыгын эске алып, армян улутунун согуштун катышуучусу деп таанылышын суранат.Эгерде биздин улут согуштун катышуучусу, деп таанылып калса биз конференцияга катыша алат элек, конференцияга катышууга ал эмес Германия менен дипломатиялык мамилесин үзгөндөн башка эч нерсе кылбаган АКШ да укук алды.

Азыр тынчтык конференциясында Армениянын тагдыры чечилип жатканда, мен сөзүн эч ким укпаган улуттук делегациянын жетекчиси катары, ошол тажаал согушта армяндардын маанилүү ролу жөнүндө “Таймс”гезитине айтайын деп турам. Мен, жалпы душманга каршы күрөштө шериктештерге өз тагдырын ыктыярдуу кошкон армяндар эркиндикке чыгабыз деп үмүттөнүп турат деп айткым келет.

*Мырза мага ишенип коюңуз, сизге берилген*
*Погос Нубар Париж, 27 январь 1919 ж.*

## 46 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы: Джастин Маккарти “Анатолиялык армяндар 1912-1922жж” —“Осман имприясындагы армяндар жана азыркы Түркия(1912-1926”Стамбул(Босфор университетинин басмаканаы)1984ж.17 бет*

## АНАТОЛИЯЛЫК АРМЯНДАР, 1912-1922 ЖЫЛДАР ДЖАСТИН МАККАРИ

Осман империясындагы армяндардын статусу деген сыяктуу маселени талкулап жатканда, ошол терминдин маанисин

аныктап алган өтө маанилүү.”Армян” деген сөздөн мен, армян динин тутуп-армян-григориандыкмын, католикмин жана протестантмын деген Осман жарандарын түшүнөм.Азыркы түшүнүк боюнча эне тили, армян тили болгондорду армян десек болот эле.Бирок көптөгөн Анатолиялык армяндар же армяндардын көпчүлүгү, эне тили катары армян тилинде сүйлөй алышчу эмес.Осман өкмөтү элди тили эмес дини боюнча каттого алчу. Осман империясы калкты туткан динине карата бөлүшү, анын динди так критерия кылып алгандыгын көрсөтөт.Мен “армян”- деген сөздөн кандайдыр бир “үлгүнү” же “канды” түшүнбөйм. Мындай түшүнүк эң жакшы дегенде, эч нерсеге аныктоо бербейт же расисттик болуп калат.

**1**

Изилдөөнүн обьектисине армяндар үчүн да, түрктөр үчүн да улуттук кырсыкка айланган 1912 жылдан 1922 жылга чейинки мезгил кирет.

Биринчи картада Осман Анатолиясы жана илгертен бери айтылып келген “Алты аймактын” жери тартылган аларга: армяндардын мекени болгон Сивас, Эрзерум, Мамуретулазиз, Битилис, Диярбакир жана Ван кирет.Бир караганда буларга армяндар жашаган түштүктөгү Киликия деп аталган Адана менен Халебди да кошуп койсо болчудай.

1912 жылдан 1922 жылга чейинки Анатолиялык армяндардын тарыхы жакшы изилденбегендиги барыга белгилүү.Чынында эле Кичи Азиянын тарыхында Анатолиялык армяндардын турмушуна көңүл жакшы бөлүнгөн эмес.Бул Европага да Америкага да жакшы “белгилүү” нерсе.Батыштагылар армяндар өз жеринен куулуп, “ачкачылыктан кырылып” жатышат, бир жагынан аларды түрктөр кырып салмай болду, ал үчүн алар эч жаза албай келатышат, деген сөзгө далили жок эле ишене беришет.Кебетеси буга мурдатан ишенип калгандыктан болсо керек, азыр да мунун чындыгына күмөн санаган киши аз.Би-

рок окумуштуулар изилдей келгенде, бул таптакыр башка болуп чыгат. 1912- 1922 жылга чейинки чыныгы болгон окуялар, айтылып жүргөн окуялардан таптакыр башка.Анатолиялык армяндардын тарыхын изилдегенде, көп жылдар бою талашсыз деп келинген маселелерди кайра карап чыгыш керек.Ал биринчи дүйнөлүк согушка чейин Армения деген жер болгонбу, Анатолиянын армяндары кайда кеткен? Деги эле Армения деген мамлекет болгонбу? Деген эки суроого тең Анатолиянын калкынын абалын изилдеген окумуштуулар жооп берет.

Демографтарды көптөгөн сандар жана статистикалык маалыматтар  азгырышы мүмкүн.Кээде мени деле ошол маалыматтар азгырып туруп алат, бирок мен ага моюн бербейм.Таблицалардын жана сандардын ордуна мен карталарга. сүрөттөргө көбүрөөк көңүл бурам.Мен демографиялык эсептөөлөр менен шугулданбайм жана менин статистикалык маалыматтарым так, деп айталбайм.Менин “Мусулмандар жана эл азчылыктары”(Нью-Йорк.1983)Осман Анатолиясынын калкы тууралуу китебимде, статистикалык маалыматтардын так экендигине далилдер бар.Мен, бул жерде келтирилген калктын саны боюнча статистикалык маалыматтардын бардыгы, Осман мамлекетинин расмий документтеринен алынгандыгын айткым келет. Бул докумнттер бир аз оңдолду, анткени Түркияда бардык эле өнүгүп бара жаткан мамлекеттердей эле, аялдар менен балдарга көп маани беришпейт.

***2***

Осман армениясы же армяндар көп жашаган жер бар беле деги? XIX кылымга чейин ишеничтүү маалымат деле жок.Эл каттап, эл санаган эч ким жок эле.Улуу армения деген мамлекет болгонун укканыбыз бар, бирок алардын бардыгы падышачылыктын аттары болчу . Ошол падышачылыктарда калктын көпчүлүгүн армяндар түздү беле?Биз аны эч качан биле албайбыз, бирок бир күмөн бар.Мисалы, армян падышачылыктарын-

да күрддөр көп жашаган.Ал Ксенофондун убагында же андан да мурда болсо керек.

XIX кылымдын аягында  XX кылымдын башында Осман империясынын бардык аймактарында жашаган армяндар сан жагынан аз болгондугу бизге толук белгилүү. Картада 1912 жылы Анатолиянын аймактарында жашаган армяндардын, мусулмандардын жана башка элдердин салыштырмалуу саны 2 картада келтирилген.Мен 1912 жылды тандап алдым.

1 карта. Осман Анатолиясы. Алты аймактын аттарынын асты сызылып коюлган.

II  карта. Анатолиянын аймактары. 1912 жылдагы армяндардын, мусулмандардын жана башка элдердин өз ара катышы.

III карта. Анатолия аймагы. 1912 жылдагы Армян калкы.

IVкарта. Анатолиянын аймактары. 1912 жылдагы ар бир чарчы чакырымда жашаган армяндардын саны.

Анткени ошол жылы калк каттоо жакшы жүргүзүлгөн болчу.Анын үстүнө 1912 жыл “армян патриархынын статистикалык маалыматтарынын”туура эместигин эске салган жыл эле.1912 жыл он жылдык согуштун алдынкы жылы эле, ошондуктан кырсык башталаардын алдындагы Анатолиянын абалын так чагылдырып берет.

2 картадан Анатолиянын бардык аймактарында калктын үчтөн экисин мусулмандардан турган.Чыгыш аймактарынан болгон Битилис менен Ванда армяндардан саны көбүрөөк болгон, ошондо да алар мусулмандардан эки эсе аз эле .Битилисте мусулмандар калктын 63% ал эми Ванда 61% түзгөн.Алты вилайетте калктын катнашы 4,5 дан 1 ге барабар болгон.

Чыгышта армяндардын аз болгонунун себеби, алардын чачкын жашагандыгында. Кылымдар бою армяндар көчүп-конуп жүрүшкөн, ал азыр да токтобой жүрүп жатат.Армяндар азыр Россиянын армениясына көчүп кетип жатышат.Алар Анатолиядан массалык түрдө 1827-1828 жылдары орус-түрк согушунун

убагында көчө башташкан, андан кийин 1877-1878 жылдардагы согуш убагында да көчүп кетишкен.Россияда Анатолиялык армяндар түрктөр жана башка мусулмандар жашаган жерлерге отурукташа башташты.Ал жерде жашаган мусулмандар орустардын кысымына чыдабай Осман империясына көчүп кетишти.

Осман империясында калган армяндар, анын бардык аймактарына тарап кетишкен.3 картадан биз армян калкы бүткүл Анатолияга таркап кеткенин көрөбүз.Эгерде Стамбул жана Европанын Осман бөлүгү картага тартылса, ал жакта да армяндар бар экенин көрмөкбүз.Анатолиянын борборундагы Анкара аймагында, армяндар чыгыштагы Мамуретулазиз менен Диябекирге караганда көбүрөөк жашашкан.Анатолиянын батыш жагындагы Худвендигаре (Бурса)деген аймакта, армяндардын мекенинен алыс жайгашкан Диярбекир, Киликиядагы Аданага же Халебге караганда армяндар көп жашаган.Картада көрсөтүлбөгөн Стамбул жана Эдирне аймактарында 125миң армян жашап турган, "армян аймактарынан"Эрзерумда, Битилисте жана Ванда армяндар мындан көбүрөөк жашашчу.Осман империясында жашаган армяндардын орун алган жыштыгын изилдөө менен армяндардын Анатолия аймактарына кандай чачкын жашагандыгын аныктаса болот.Аймактардын көлөмү ар кандай болгондуктан, ал жерлерде жашаган армяндардын саны да так болбой калышы мүмкүн.Калктын жыштыгынын көрсөткүчү бир жагынан "калктын канчалык жыш жашаганын билдирсе", экинчи жагынан Анатолия жеринде жашаган армян коомчулуктарынын бири- биринен кандай айырмачылыктары болгондугунан кабар берет.Жүз миң чарчы чакырым жерде жашаган миллион армяндын өзгөчөлүктөрү, он миң чарчы чакырым жерже жашаган 200 миң армяндын өзгөчөлүктөрүнө караганда аз болгон.4 картадан сиздер армяндар эң жыш жашаган жер Анатолиянын түштүк-чыгышындагы Битилисте (1 чарчы чакырым жерге 5,9 адам туура келген), Мамуретулазизде (3,8 адам 1 чарчы чак.),

Ванда (3,5 адам 1 чарчы чак.)экендигин көрөсүздөр.Бул сиздерди армяндар Анатолияда чачкын жашагандыктарына дагы бир жолу ынандырып кетет.Бул жерде бир кызык нерсе, армяндардын эң жыш жашаган жери Анатолиянын түндүк-батыш жагындагы Измит (8,2 адам 1 чарчы чак.)болуп жаткандыгында турат.Бул алты аймактын көрсөткүчүнөн эки эсеге көп.

Армян элинин жайгашкан жерлерин тактоо, армяндардын мекени Анатолия деп айтып жүргөндөр үчүн маанилүү маалымат.Улуттардын өз тагдырын өзү чечүү боюнча мыйзамына ылайык, Армения мамлекет болгон, деп айта албайсың.Армяндар башка элдердей эле, бүткүл Түркияда чачкын жашашкан. Эгерде “алты аймакка”армян мамлекетин түзсө, армяндардын бардыгы чогулуп келет эле деп айтуу кыйын, мен ага ишене бербейм.Ван, Битилис жана Мамурелазизге караганда армяндар Стамбулда, Измитте жана Бурсада жашаганды артык көрүшөт, алардын чыгышка көчүп кетээрине мен ишенбейм.Деги эле “алты аймакка”бардык Анатолиялык армяндар чогулса да, мусулмандар 2,5 эсе көп болмок.Бүткүл дүйнөдөгү армяндар чогулса да мусулмандар ашып түшмөк.Мамлекет болуш үчүн армяндар өтө эле аз болчу.

***3***

Анатолиядагы армяндардын талкаланышынын себебин түшүнүү үчүн, армян кырсыгы биринчи дүйнөлүк согуштун жана Түркиянын боштондук үчүн күрөшүнүн мезгилине туш келгенин эстеп коюш керек.Согушту сүрөттөөдө демографиялык сандар өтө зейрек колдонулат.Сандар ким күнөөлүү экендигин, канды ким биринчи төккөндүгүн айтып бере алышпайт, алар өлгөндөргө гана санак жүргүзөт.Өлгөндөрдүн санын так билсе болот.Азыр биз ишенимдүү статистикалык булактардан 1912-1922 жылдардагы согушта, мурда айтып жүрүшкөндөй 1,5-2млн эмес 600 000 миңге жетпеген армяндар өлгөндүгүн так билебиз.Ооба, армяндар көп чыгымга учурашты.Бирок каза

болгон армяндарды санын айтып жатканда, каза болгон мусулмандардын да санын айтыш керек эмеспи.Статистика көрсөткөндөй, армяндар менен катар 2,5млн жакын түрктөр да каза болушкан. “Алты аймак” та 1 миллиондон ашык мусулмандар курман болушкан. Мусулмандар армяндардан кем азап тартышкан жок.Сандар Анатолиянын калкы кантипказа болушканын айтып бере алышпайт. Жарандык согуш, эрксиз жер которуштуруу, эки элдин ортосундагы кагылыштар, оору, өзгөчө ачкачылык —мына ушулар документте көрсөтүлгөн элдин кырылышынын негизги себептери. Анатолиянын курмандыктары-бул жалаң эле согуштан өлгөн жоокерлер эмес, бул россия менен түркүянын, мусулмандар менен армяндардын согушунун ортосунда калып каза болгон эркектер, аялдар, балдар, армяндар жана мусулмандар.

Биз документтерден жана статистикалык маалыматтардан, элдин кырылганын негизги себеби, армяндар менен мусулмандардын ортосундагы жарандык согуш болгоуну билдик. Мисалы,Сивас аймагы согуш болгон жерден алыс жайгашкан, ал жерде орус армиясы эч качан болгон эмес. Ошентсе да бул жерде 180 000 мусулмандар өлтүрүлгөн.Анатолиянын башка жерлеринде да ушундай эле абал болгон.Акырында, статистика армяндардын аябай запкы тартканын көрсөттү, бирок башка элдер да запкы тартпай койгон жок.Статистикалык маалыматтар 1912-1922 жылдар жалаң эле армяндар үчүн эмес, бүткүл адамзат үчүн оор жылдар болгонун айгинеледи.Армениянын болгондугуна күмөн кылгандай эле, көпчүлүк армяндардын башына түшкөн кырсыкка да көп ишене беришпейт.Мындан ала турган сабак өтө эски-тарых деген чындакка негизделиш керек.Мен 1912-1922 жылдардагы окуяны болгонун болгондой караш керек деп ойлойм.Ал адамзат үчүн өтө кайгылуу жылдар болгон.Сектанттардын тарткан азабы жөнүндөгү жарлыкты илип алып, өч алыш керек дегенди токтотууга убакыт жетти.

**47 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы: АКШнын конгрессинин китепканасы,"Бристолдун документтери" жалпы каттардын баштыгы,34 баштык.*

**АКШнын ТҮРКИЯДАГЫ БИРИНЧИ ЭЛЧИСИ**

Жана анын 1921 жылы 28 мартта армян маселеси боюнча АКШ нын Св-сенатынын Св-Луистте өткөн коллегиясына деңизде, Роудз аралынан Константинопольго кетип баратып жазган каты. Түркия.1921 жыл 28март,

Бостон шаары, Массачусетс штаты,Бэкон стрит, 14.

Доктор Джеймс Л.Батлерге.

Урматтуу доктор Батлер!

Сиздин 14 январьда жазган катыңызды өз убагында алдым. Катыңызды алаар менен Египетти, Сирияны, Палестинаны жана Киликияны айланган саякатка чыктым.Мен бир айдан бери саякаттап жүрөм, азыр Дарданелл кысыгына кирип баратабыз. Бристол айым жана башка айымдар да почталык кеме, темир жол менен саякат жасап келатышат, биз чогуу бир нече кызык жерлерде болдук.Бизге сабак боло тургандай жакшы жерлерди көрдүк.Мен  жер которуп, кичине эс алайын, деп жүргөм, кудай жалгап мен бул саякаттан көп пайдалуу нерселерди алдым. Жолдо жүргөндө мен бир топ абройлуу Египеттиктер менен тааныштым, алар мага Египеттеги азыркы абал жөнүндө айтып беришти.

Мен Палестинада еврейлердин жаңы кыймылы менен байланыштым.бул жерден Герберт Самуэльс мырзаны, полковник Сторести жана башка Палестинадагы Жогорку комиссардын штабынын кызматчыларын көрдүм.Бир кезде Константинопольдо Жогорку комиссар болуп турган полковник Дидз, азыр Герберт мырзанын кол алдында саясий маселелерди тейлеген башкы офицер болуп иштеп жатыптыр

Ал эле эмес мен биздин өкүлүбүз консул мырза Хейзерди жана анын ордуна мени менен чогуу бир учурда Аденадан келген мистер Саузарды да көрдүм.

Менин ошол жерлерде жайгашкан биздин ар кандай мекемелерибизди карап чыгууга да мүмкүнчүлүгүм болду. Жакынкы Чыгышты бошотуу иши еврейлердин колунан келгенин билип аябай таң калдым.Генерал Каурада жок болгондуктан Сирияда Жогорку комиссардын милдетин аткарып жаткан Комте Кейксон менен жакшы мамиледе болуп калдым. Ооба, ал кезде Комте де Кейкс бийликтин башында турган, бирок мени анын түз жүргөндүгү, ак ниеттүүлүгү, оптимист экендиги таң калдым жанаАмерикадагы биздин кишилерибиздин айтканына караганда армяндар жөнүндөгү мындай маалымат таптакыр эле калп экендигин көрсөттү. АКШдагы ушундай жалган маалыматтын таралышы мыйзамдын орой бузулушуна алып келет да, армяндар үчүн пайдасынан зыяны көп болот.Армяндардын мындай нерселерди кылганын токтотпосок, ал туура эмес гана болбостон, алар калган элди кайгыга сала беришээрин билип турам. Доктор Маккейлдин Константинополдон кабар берип жатканын көрүп таң калдым. Мен маалыматты көрүп эле анын армяндар тарабынан жиберилгендигин жана биз алган маалыматтарыбызда айтылгандай эле жалган экендигин түшүндүм, Балким мен туура эмес ойлоп жаткандырмын, бирок армяндар деле, биз деле мындай апыртылган маалыматтарга ишенүү менен армяндардын өздөрүнө чоң жамандык жасап жаткандыгыбызды кырдаалды билгендердин баары мени менен макул болуп жатышат.

Эмне үчүн биз армяндар жөнүндө бардык чындыкты айтпашыбыз керек?

Келгиле, бардыгыбыз чыгып армяндардын ким экендигин айтып, андан кийин ар бирибиз колубуздан келишинче, алардын адамдай жашашына жардам берели. Бизде кээ бир эл армяндар христиандарча ойлоп иш кылып, өздөрүн өздөрү баш-

карып кетишээрине ишенишет.Сиз, мен жана аларды билген эл, кеп мында эмес экендигин түшүнөбүз. Алардын мындай болуп калышына башкалардын бийлигинин астында жашагандыктары себеп болгонун билебиз, ошондуктан биз аларды ушул абалдан чыгарып, өздөрүн өздөрү башкарып кетсе экен деген ойдобуз. Бирок мен адилеттикке кылмыш жолу менен жетишсе болот деп ойлобойм. Мен мурда доктор Питке жана башкаларга айткандай, армяндар таратып жүргөн жалган маалыматты жокко чыгарбасак жана армян мамилесине тиешелүү маселелердин чыныгы фактыларын айтып чыкпасак, ошол жалган маалыматтарды таратып жүргөндөргө шериктеш болуп калабыз. Бир жылдай мурда доктор Пит экөөбүз бул темада көпкө аңгемелешкенбиз, ошонун натыйжасында ал сизге кат жазды деп ойлойм. Менин сынчы болууну каалабасымды сиз деле билесиз. Биз адамбыз, ошондуктан армяндардын тарткан азабын элестеткенде көкүрөгүбүздө адамдык сезимибиз ойгонуп, өзгөчө биздин америкалыктардын "таза оюнун" эстегенде армян элинин кемчилин унутуп кээде атайын эле жашырып-жаап, алардын түрк үстөмүгүнөн бошонушун гана каалайбыз. Мүмкүн менин, армяндар кимдер жана алардын эмнеге жөндөмдүү экендиги тууралуу чындыкты айтып туруп, анан гана жакынкы чыгыштагы чиеленишкен маселелерди чечүү үчүн күрөшсөм деген оюм туура эместир.

Мен сиздин катыңыздан Армяндарга карыз акча алып берүү үчүн аракет кылган кыймыл бар экендигин билип таң калдым. Мен армяндарга жардам көрсөткөндө акча жана анын суммасы чечүүчү ролду ойнойт деп ойлобойм, бирок ушул шартта армяндарга акча берүү ашыкча экендигине ишенем.

Эгерде АКШ Арменияны өз алдынча мамлекет кылып аны сырткы басып алуучулардан коргоо үчүн даярдык көрбөсө, арменияга акчалай жардам берүүнүн кереги деле жок, берилсе да аны пайдалануу америкалык комиссиянын байкоосунун алдында болуш керек. Биз Арменияга 50 миллион доллардан

ашык акча бергенбиз, ал акчалардын кайда кеткени белгисиз. Мен ушул учурда мындай материалдык жардам берүүгө каршымын. Дагы бир карыз шамалга кеткен кезектеги сумманын бири болуп калаары шексиз.

Өткөн эле июль айында армяндардын арасында большевиктиктерге жан тарткандар көп жана көптөгөн офицерлер турган турушу менен большевик экендиктерин министирликке билдиргем. Ошондо мен Арменияныы качан большевиктик болуп калаарын убакыт гана чечет деп айткан элем.Орустарга мажбурлатбай эле Армения большевиктик болуп калды.

Большевиктик жетечилер бир партиянын, дашнактар башка партиянын, ал эми Армениянын улуттук-демократиялык партиясы үчүнчү партиянын кызыкчылыгын көздөйт. Мен алардын ортосунан эч айырмачылык деле көргөн жокмун. Дашнактар бийликте турганда курд, түрк, татарларгаыдык көрсөтүп, мусулмандарды өлтүрүп, Кавказдык Армениянын элинин бир кыйла бөлүгүн ээлеген молокандарга күн көрсөтүшкөн эмес; мусулмандардын үй жайын өрттөп, талап-тоноп кыргандан кийин, түрктөргө кол сала башташкан, түрктөр жооп бере баштаганда бала-бакырасын да коргоп калууга жарабай таштай качышты. Карседеги армян армиясынын кылган иши америкалыктардын Ярроуну кошуп жек көрүүсүн пайда кылды. Акыркы эки жыл ичинде орус Кавказында армяндар өздөрүн өздөрү башкарууга жөндөмсүздүгүн, өзгөчө кол алдындагы аз сандуу улуттар менен мамиле кылуудагы чабалдыгын ачык көрсөттү. Мен Константинополдо жашаган эки жылдан ашык убакыттын ичинде Кавказга барып келген биздин америкалыктардын бардыгы менен жолугушууга мүмкүнчүлүгүм болду, бирок биринен да армяндар өздөрүн өздөрү башкарууга жөндөмдүү деген сөздү уккан жокмун, армяндар менен иштеген амеркалыктардын көпчүлүгү жийиркеничтүү сезим менен кетишти. Мен Армяндарды жек көрбөйм деле, тескерисинче мен аларды аяп турам, бирок калктын жалпы санынын 25 % инен азын армян-

дар түзгөн өлкөдө көз карандысыз Арменияны түзүү идеясына ишене албайм, Мен армяндар өздөрүн өздөрү башкара алаарына көзүм жетпейт, өзгөчө аларга башка улуттарды башкарууга жол бербеш керек, эгер кайсы бир улут армяндардын кол алдында калса ал армяндардан кордук көрбөй койбойт. Негизи армяндарга жардам бериш керек, бирок мындай жол менен эмес. Эгерде биз барыбыз биригип армяндарга тиешелүү болгон маселелерди фактылары менен көрсөтө алсак, Кошмо Штатты аларга жардам берүүгө көндүрө алат элек. Жүргүзүп жаткан саясатыбыз менен ийгиликке жетээрибизге ишенбейм, себеби анын тууралыгына көзүм жетпейт.Армениянын мандатын таптабай туруп аларга материалдык жардам берүү, акчаны пайдасыз короткондукка жатат деп эсептейм. Эки жыл бою коомдук иштерде жумушсуз армяндар үчүн көп акча короттук, аларга 50 милн. долларга ун түшүрдүк. Мынчалык чоң чыгымдан эмне пайда көрдүк? Акаараттан башка эч нерсе уккан жокпуз, башыбызга коркунуч түшкөн кыйын учурда, биз дайыма жардам берип эң бир жакын досубуздай көргөн армяндардан эмес түрктөрдөн жардам суроого аргасыз болгонбуз.Биздин программа башталганда эле Армян өкүмөтүнө ачарчылыкты башынан өткөрүп жаткан элге таратып бергиле деген ун менен тамак-ашты өкүмөттүн жогорку кызматтагы өкүлдөрү ээлеп алып пайда көрүү үчүн саттырышкандыгы барыбызга белгилүү.Акырында алар большевиктер тарабына өтүп кетишип, карызды төлөөдөн баш тартышты.Алардын карыздарынын бири жанагы унга кеткен акча болчу, биз аны кепилдик сурабай эле сөзгө ишенип бергенбиз.Биз ал карызды сөзгө, элге ишенип бердик эле, кийин ал өз башыбызга тийди.

Сиз эгерде АКШ Арменияга калыбына келтирүү жана президент Вильсон белгилеп берген чектерин коргоо үчүн карыз акча берсе эле Европа өлкөлөрү аны сырттан келген баскынчылардан коргомок деп жазыптырсыз. Кебетеси сиз мага караганда Европа өлкөлөрүнө көбүрөөк ишенесизби деп корком.Ушул

кезге чейин Европа дүйнөнүн бул бурчундагы бир дагы улутту коргоп кала элек. Менимче алардын жасаган иштери христиан дининдеги өлкөлөргө зыяндан башка пайда алып келе элек. Менин, Вильсон мырза белгилеп кеткен Арменияныи чек арасын коргоо үчүн Европа өлөкөлөрүнүн өз кызыкчылыктары болбосо, бир нерсе кылышарына ишенген кишилердин табыларына күмөнүм бар, Арменияга карыз берүүгө бизди мажбурлап жаткан кыызыкчылыктар деле көрүнбөйт. Ал эми АКШга келсек, анын Арменияныи чек арасын тышкы баскынчылардан коргоого кепилдик бергени менен ал бул ишти жасаарына ишене албайм. Мындай иш-чаралар Американы европалык баш аламандыкка кошулуп кетүүсүнө түрткүбере турган каражаттардын бирөө болуп, мындай кадамдар өзүн өзү актамак эмес. Вильсон мырза белгилеп кеткен чек аралар мурда сүйлөшүлгөндөй эле шарттуу гана болчу.

Сиз ошол мезгилде эле Армения саясий жактан мамлекет катары бар болгон деп жатасыз. Мен бул пикириңизге кошула албайм, анткени Севрестик келишимди эч ким бекиткен эмес жана ага эч кандай үмүт да жок эле. Арменияныи чек арасын белгилөө келишимдин бекитилишине жараша болмок, келишим бекитилмейинче бул маселе ишке ашмак эмес. Чек араны белгилөө түрк улутчулдарына Арменияга чабуул жасоого түрткү берди. Жакшы ниетте жасалган иш болсо да Армения кайрадан жабыр тартып калды. Карап көрсөңүзЛондондо болгон чыныгы конференцияда армяндарга эч кандай көңүл бөлүнгөн жок. Анын себеби Франциянын Киликиядан өз армиясын чыгарып кетишинде жатат. Акыры европа өлкөлөрү арменияга берсе дагы аз же таптакыр эле эч кандай жардам бербей турганлыгын көрөсүз. Ошондуктан европа өлкөлөрү менен сүйлөшпөй эле өзүбүз АКШда жакынкы чыгыштын өлкөлөрүнүн элдеринин пайдасы үчүн ачык түз саясат жүргүзүүгө үндөп чыгышыбыз керек. Эгерде биз мындай саясатты эки жыл мурда эле жүргүзө

баштасак биз бир нерсеге жетишет элек. Мен эмгиче оюмдан кайта элекмин, дагы эле кеч эмес, эч качан кеч эмес.

Ушул иш башталганда producing гректерге да армяндарга да маселенин эмнеде жатканын жакшылап түшүндүрүп андан кийин АКШнын калкына ачык айтып беришибиз керек.Гректердин пропагандасы АКШ да гректердин маселеси боюнча жалган маалымаатарды берди.Европа өлкөлөрү ошол маалыматтарга ишенип калышты. Европа өлкөлөрү Жакынкы Чыгышта мыйзам бузгандыктаынан оор абалга түшүп калышты.Смирниде жашаган гректердин кылган иштерин актоого болбойт, бул маселе отчетто мурда болуп көрбөгөндөй адилеттик менен так көрсөтүлгөн. Бул отчет Мамлекеттик департаментте сакталып турат. Гректер өздөрү басып алган Кичи Азиянын көпчүлүк жеринде гректер жашайт деп ишендирип жатышат.Мунун андай эмес экенин сиз дагы биз дагы билебиз.Бул жердин гректери менен тааныш адамдар алардын биз суктанган илгерки согушчан гректер эмес экендигин жакшы билишет.Чындыгында азыркы гректер илгерки гректердин карама каршысы.Азыр Константинополдо гректерди Кичи Азияны басып алгандыгы үчүн күнөөлөбөгөн бир дагы Европа өлкөлөрүнүн өкүлүн таппайсың. Бул ишти жактагандык Жакынкы Чыгыштагы күчтөрдүн тең салмактуулугун сактоо үчүн  эски принциптерден келип чыккандыгы талашсыз.Эгерде ушунун бардыгы белгилүү болуп калса биздин эл гректерге материалдык жана моралдык жардам берүүдөн баш тартаарына толук  ишенем. Бул жерде айта кете турган башка дагы бир факт бар-ал көп кылымдар бою  келе жаткан түрк мыйзамын эски жана жаңы түрк өкмөттөрүнүн ишке ашырууга кылган аракетери жакшылыкка жатпайт. Бул мыйзамды сактап  калууга жол бербеш керек. Ага карабай кээ бир Европа мамлекеттери бул  өлкөнүн бир бөлүгүнө ал жерде жашаган аз улуттардын коопсуздугуна  кепилдик сурабай эле түрк бийлигин кайра орнотууну сунуш кылып  жатышат. Түрктөрдүн бардыгын кытайдан куулуп кеткен маньчжурлардай

эле кичинекей топтон турган бузукулар башкарып жатышат. Бул топтун билими да бузукулук менен калпычылыкка батып калган моралдык аң-сезими да төмөн адамдар. Бул адамдардын колунда чексиз бийлик топтолгондуктан эч бир мыйзамга карашпайт. Менимче, бардыгын түрк мыйзамына баш ийдирип, ар кандай мыйзам бузууларга барган бул адамдардын бийликте калышына АКШ каршы чыгыш керек.

Жакынкы Чыгыш-бул таштанды төккөн эле чуңкур, муну жарым-жартылай кылбай толук тазалаш керек.

Жаңы Арменияны түзүү, гректерди белгилүү бир жерге жайгаштыруу жөнүндөгү ойду жаңы Түркияны түзгөндө гана ишке ашырса болот, бул бирөөнүн ордуна үч таштанды таштаган чуңкурду даярдагандык дегендикке жатат.Ошондуктан мен сизден өз кадыр баркыңызды жана Америкадагы көптөгөн жактоочуларыңызды пайдаланып, элге Жакынкы Чыгыштагы абалды түшүндүрүп берүүңүздү суранам.Келиңиз бир негизги багытты тандап алып, ага жетүү үчүн бүт күчүбүздү жумшайлы. Мен кээде чоң ишти жасайм деп жасай албай калгандан көрө, кичирээк ишти алып жасап койгон жакшы экендигин билем. Жакшылап карап көрсөңүз биздин тандап алган жолубуз туура экендигине көзүңүз жетет. Биздин элге чоң иштерди аткарган жагат. Эгерде алар эски Осмон империясынын мандатын кабыл алып калса, анда азыр Жакынкы Чыгыш маселесин керектүү деңгээлде чечиш керек, антпесе ал келечекте бизди европа иштерине аралаштырбай койбосуна толук ишенем.Эски Осмон империясынын бир бөлүгү болгон көз карандысыз Армения үчүн жоопкерчиликти моюнга алсак, ал бизди Европа иштерине албай калабыз, анткени бул иштер мыйзамга да адилеттүүлүккө да негизделбейт. Америка үчүн бул ишти баштоого мурдакыга караганда азыр кыйыныраак дегениңизге макулмун, анткени муну гректердин үндөөсү менен америкалыктардын чакырыгы бузуп койду, анткени азыр элдин биз Европалыктардын Жакынкы Чыгышта жасап жаткан иштерине тиешебиз бар

деген ишеними биздин кадыр баркыбызга шек келтирип койду. Сиздин Жакынкы Чыгыш көйгөйү боюнча комиссиядан кетпегениңизге кубанам. Додж мырза да дал ушундай ойдо. Сиз жетимдердин жана жардамга муктаж болгон аялдардын динине, ишенимдерине карабастан жардам берүү саясатын жүргүзөсүз деп ишенем.

Мен жакында эле Бейрутта болдум, анда жетимдерди өзүн-өзү камсыз кылып, эл жерине пайдасын тийгизгенге чейин камкордук кылуу иши он жылга эсептелип башталган.Азыр французадар Сирияда америкалык мекемелерге жардам берип жаткансыйт, бирок французадар Сирияга мандат алгандан кийин мындай мамилени күтпөй эле койсок болот деп айткым келет. Французадар биз, американлыктар алардын таасирин начарлатуу үчүн бир нерсе кылып жатат деген божомолдорун токтотот деп ойлобойм. Талаш -тартышта жана динде нейтралдуу орунду ээлеп, мындай ойду жок кылууга болгон аракеттибизди кылышыбыз керек. Муну биз французадарга жакшы көрүнүш үчүн гана эмес, өзүбүздүн мекеменин аброюн сактап калуу үчүн да жасашыбыз керек зкендигине макул болосуз го деп ойлойм.Ал эми Кастердин ишине келсек ага өзү гана күнөөлүү, анын кылыктары башка американлыктарга зыян келтирет деп ойлобойм. Ал мисс Граффэмге өзүнүн боштондугу үчүн ыраазычылык билдирерине шегим жок.

Зарылдыгы жок болсо да өз милдетин аткарып жаткан полицейскийге тапанча кезөө бир да өлкөдө болгон эмес. Жалпысынан биздин американлыктарга түрктөр сый мамиле кылышат. Биз өз ишибизди так жана адилеттүүлүк менен аткара берсек, алар бизге ошондой эле мамиле жасай беришине мен толук ишенем.

Мен Ллойд Джордждун Мустафа Кемалды козголоңчу, анткени ал козголоң чыгарды дегенине макул эмесмин. Мүмкүн ал кандайдыр бир деңгээлде козголоңчу болушу мүмкүн, анткени союздаштардын иш-аракети түрктөрдү козголоң чыга-

рууга түрткөн. Мен түрктөрдүн кылган ишин актагым келбейт, эгерде аларды кол алдыңызда кармап тургуңуз келсе, алардын аренадагы жапайы букалардай кылып кыжырдантып, ачуусун келтирбей көз салып турушуңуз керек.

"Жакынкы Чыгышка жардам" деген саясий уюмуна келсек, бул мекеменин кызматкерлерине жардам берип жатканда дин маселесинде эч кандайдискриминация болбош керек деп кеңеш берүүнүн кажети деле жок.Викрей мырза Силерди өз саясатарын өзгөртүштү деп мага өзү айткан, чын эле ошондой болсо ал ыксыз маалда болуптур.Кээ бир гана Кушман айым, Граффем айым жана Аллен айымдардын түрктөргө берген жардамдарын эске албаганда жардамдын бардыгы армяндарга гана берилип келген.Армяндардын өз гезиттеринде биздин берген жардамыбыздын 80% ти түрк менен курддарга берилет деген сөздөрү таптакыр жалган, аларды армяндардын өздөрү ойлоп таба коюшкан.Менин оюмча муну сиз мойнуңузга аласыз деп ойлойм.

Биз өлкөнүн бул бөлүгүндө тигил же бул улуттун өкүлүнүн бизге койгон күнөөсүнө чыдабашыбыз керек экендигин билесизби? Мен бул өлкөдөгү биздин кызматчылар жасаган иштерине абдан сыймыктанам, а башкалардын айткандары өтө деле маанилүү эмес. Бул чөйрөнүн элдери жардам берүү иштери эч кандай расага жана диндик дискриминациясыз жүргүзүлөрүн түшүнүшсө жакшы болор эле деп ойлойм. Буга алар азыр да, жада калса өткөн күздөгү Константинополдогу ассамблеядан кийин деле түшүнө албай жаткандыгын билем. Красный Крест Жакынкы Чыгышка жардам берүүдө көптөгөн каражат бергендигин билем, бирок ошол эле учурда Красный Крест улуттар жана секталар үчүн туура эмес сарп кылып жаткандарын сезүүдөмүн. Красный Крест фонду алардын салымынын бир бөлүгү болгон, көптөгөн кызматкерлер мындай ишке аралашпагандыгын да билемин.Булардын барына өтө тынчсыздануу менен бул катты баяндап берүүдөмүн. Өлкөнүн иши улам

начарлагандан начарлап бара жатат. Жакынкы Чыгыштын шарттарын жакшыртуу үчүн колумдан келишинче аракет кыла албачудай сезим жаралууда. Кээ бир учурда бул айткандарым сын сыяктуу угулушу мүмкүн, бирок муну каршылык көрсөтүү үчүн эмес, тескерисинче туура деген жаңы саясатты жайылтуу үчүн аракет кылуудамын. Сиздин менин туура деп ойлогон жеке каалоомдун аткарылышына ишенген катым үчүн кечире алат деп ойлойм. Барыбыз чогуу иштөөгө ниет кылам. Максат -тилегиңиздин таза экендигин билгендиктен сиз менен бирге иштесек дейм. Биздин ойлорубуз дайым өзгөрүп турат, эгерде сиздин жообуңуз менин оюмду өзгөртө турган болсо, ал мүмкүнчүлүктү кармап калууга даярмын.Мен сиздин каалоолоруңузга ыраазымын, сизге кошулам жана ушунча жылдар боюу аткарган аракеттериңиз ийгилик менен аяктарына, ал иштериңизге мен да пайда келтире алам деп ойлойм.Сизге болгон эң жакшы тилектерим менен Марк Л.Бристол, АКШнын деңиз-аскер флотунун контр-адмиралы, Кошмо Штаттын жогорку комиссары

**48 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы: АКШ конгрессинин китепканасы: "Бристолдун документтери"- Жалпы корреспонденция, Контейнер №34*

Чет элдик миссионерлер үчүн Америкалык Советтин Атайын өкүлдөрүнүн жообу

6-май, 1921-жыл

АКШнын Жогорку комиссары,

Адмирал Марк Л.Бристолго

Константинополь, Түркия.

Урматтуу адмирал Бристол!

Азыр эле сиздин Жакынкы Чыгыштын Турция жана Арменияга тиешелүү болгон маселелерди кылдаттык менен талкуу-

лаган 28-марттагы катыңызды алдым. Биз жүрөгүбүзгө жакын алуу менен бирге өзүмдүн кубанычымды билдиргим келет.

Мени сиздин Египетке, Палестинага, Сирияга барган иш сапарыңыздагы байкоолоруңуздун жыйынтыгы, өзгөчө сириялык француздардын америкалык мекемелерге болгон мамилелери көбүрөөк кызыктырды. Мен жакында эле Бейрут университетинин президентинин милдетин аткаруучу адамдан маалымат алдым, ал да сиз сыяктуу позицияда турган адам, атап айтканда азыр француздар достукту сүйгөн, ак жүрөктөй сезилет, бирок алар Сирияга жакындап алышса Бейрут университетинин элдерге болгон күчүнүн жана таасиринин астында америкалык мекемелерге эч кандай ырайым кылышпайт, бул өтө чоң коркунуч туудурат. Университеттин таасири француз администрациясына коркунуч туудурган күндө дагы, алар элдин ишенимине жана сүйүүсүнө ээ болгон мекемеге кызгануу менен мамиле кылмак.

Буга байланыштуу тынчтык келишиминдеги “Улуттардын лигасынын мүчөсү болгон өлкөнүн атуулдары гана урусааты бар миссионерлер катары пайдаланылган” деген шарттардын бирине көңүлүм бурулду. Мен муну кандай окусам ошондой келтирдим. Менде так формулировка жок.Лигага кирген Индия, Цейлон, Түштүк Америка сыяктуу өлкөлөрдө иштеген америкалык миссонерлер ушул тартипти бузган өлкөнүн өкүлүн мүчө өлкөлөрдүн катарынан четтетип салуу чечимин кабыл алабы деген суроо туулат. Бул маселеге кайрылсам, Константинополдогу биздин миссонерлер, бүт өлкө боюнча көп, өтө кыйын  жергиликтүү маселелерди чечүүгө эбегейсиз жардамдарды беришкен. Бул жөнүндө мурда эле айткам, бирок буга кайрадан кайрылбай туруп сизге кат жаза албайм. Доктор Уайт менен мистер Ригг бул жөнүндө өтө так жана даана жазышкан.Менден башка эч ким армяндардын түрктөргө каршы тараткан жалган маалыматтарына каршы тура албайт. Ушул жерде Йель университетинин бүтүрүүчүсү, жаш, акылдуу Кардашян деген армян

жигит бар. Ал өзү айткандай армян информациялык жана жарнама бюросун уюштурган, басмадан чыгарылган бланкы бар. Кардашян эмне жазса, Герард бардыгына кол коет. Бул жөнүндө өзү да айткан.

Кардашян дайыма өзүнүн жакындары менен болот, Жерарддан бөлөгү, бир ай мурун Пасдермаджандык армян лидери менен Лондондо болгон.Жакында эле Кардашян күнөөлөнүп жаткан «Чыгышка Жардам» деген уюмуна жана америкалык миссионерлерге карата курч макала басып чыгарган. Анткени алар Армяндыктардын эң күчтүү душманы болгон. Ал миссионерлерди, президент Уилсон менен бирге Арменияны таратышып жана ушул сыяктуу жаман иштерди жасашты деп күүнөөлөдү. АлАрмениядан акыркы маалыматтарды алып тураарын, сенатор Лодж, президент,мамлекеттик департамент жана Вашингтон менен байланышы бар экендигин билдирди. Аны Жерард колдойт. Биз Кардашяндын арам ойлуу пропагандасын токтотуу үчүн эмне кылуу керек экендиги жөнүндө сүйлөшкөнбүз. Ал дайыма Армения жана Турциягадагы кырдаалга тиешелүү, коркунучтуу эч качан болбогон жалган кабарларды таратат. Биз муну эл алдына алып чыгып, басылмалар аркылуу сынга алгыбыз келбейт. Анткени ич ара урушуп жатканыбызды көргөн эл, иштеп жаткан ишибизге ишеничин жоготуп, баардык ишке зыян алып келет. Нью-Йорктогу офисте ашкере эч нерсе болбос үчүн жана ишеничти жоготпош үчүн көп аракеттерди кылдык.Биздин комитетке исполкомдун жасаган мамилеси тоскоол болуп жатат. Алар билдиргендей, саясий үчүн биз эч нерсе жасабашыбыз керек. Биз тараткан адабияттарда, Америкага Турциянынын кайсы бир бөлүгүн же Арменияннын мандатын алууну сунуштаган эмеспиз. Бул — саясат. Биз өлкө эмнеге зарыл экендигин жана американыктардын кызыкчылыктарын гана айтканбыз.

Кийинки жумада мен исполком менен жолугушам. Ал жерде биз үчүн бир кадам алдыга жылууга убакыт келди го деген

ойду талкуулайбыз.Эл айтат; «Көптөгөн жылдар бою жапа чеккен элдерди колдоп келдинер, ошол эле убакта саясий шарттар аларды өз үйлөрүнө келүүгө жана жетимдер менен качкындардын санын азайтууга мүмкүнчүлүк бербеди. Эмне үчүн бул балакеттин себебин четке кагыш үчүн эч нерсе иштебейсиңер?». Биздин алар уюмбуз». Анда алар бизден сурайт. «Себебин жок кылуудан башка, бул элдин тынчтык жолу менен өз өлкөсүнө келүүсүн, көз карандысыз болуусун камсыз кыла турган, дагы кандай жардам эффективтүү болушу мүмкүн». Исполком кайсы позицияны ээлерин билбейм. Эгерде алар жакшы ниет менен көңүлдөнүшсө, анда биз арыздарды кабыл алып, биздин уюм аркылуу бүт өлкөгө жиберип, Жакынкы Чыгыштын маселесин чечүүгө катышкандай кылып Вашингтонго басым жасайбыз.Бир айдан азыраак мурда мен Лондондо жүргөндө Лорд Брайс сыяктууу бир нече жетекчилер, эгерде АКШ карыз акча берүүггө макул болсо, бир европалык өлкө Түрк империясынын кайсы бир бөлүгүнүн мандатын алып, армяндарды чогултса, коркунучсуз аймак түзүлөт эле, деген ойду айтышты. Азыр түрктөрдүн француздарга кошулуп армяндардын Киликияда өзүлөрүнө каршы согушканына жиндери келип турган чагы. Бул армяндар үчүн өтө кооптуу.Көпчүлүк армяндар дагы эле революциялык ойдо жүрүшөт, кандуу кармаштын кайталанып кетиши мүмкүн. Бул үчүн Силисияда баардык шарт бар. Анткени армяндар бул жерге бийлик кылып турганда түрктөргө көп ыдык көрсөтүшкөн, азыр түрктөрдүн ошол үчүн өч алууну көксөп турган кези. Аинтабадан келген Доктор Мартин жакында эле базардан түрктөрдүн, биз бийликке келгенде бузулуп, талкаланган мечиттерди армяндардын баштарынан кайра курабыз, деп сүйлөшүп жаткандарын уктум, деп жазыптыр.Биз күтүп отурганча Кошмо Штаттар Жакынкы Чыгыштагы изилдеп чыгып, ал жерде түзүлгөн кырдаалды өзгөртүп жиберет ко деп корком. Армяндардын бардыгы болбосо да бир топ кыргынга учурап калышы мүмкүн.

Армян жактан түшүнбөстүккө учураган менден көп эч ким болгон жокко деп ойлойм. Мен алардын жыргалчылыгы үчүн 25 жыл иштедим. Бул өлкөдө мага Кардашяндан көп асылган адам болгон жок. Алардын ичинен (армяндардын) жакшылыкты билгендери бар, бирок аз. Ал — өзгөчө эл. Алар кайда жүрбөсүн душман таап ала койууга таланттуу эл, бирок билимге, өзгөрүүлөргө жакын болушат. Мен аларды абдан аяйм жана алар менен иштөөгө даярмын. Бирок мен армяндарды бийликке жакындатпайт элем, анткени алар кол алдындагы улуттарды кыйнап койо турган кокуй эл.

Өзүмдүн мурдагы катымда Арменияга карыз акча берүү маселеси чечилип калган мезгилде жазгам.Мен албетте, Росиядагы Армения жөнүндө жазгам, Вашингтон, ал арменияныН официалдуу адамдарынын койгон колдорун, алган карызды төлөп берүүнүн кепилдиги катары кабыл алып жатат.Англияда деле ушундай болгон го деп ойлойм.

Сизге, сизди кызыктыра турган менин макалам чыккан «Мишинери Геральддын» май айындагы чыгарылышын жиберем. Мага аны кайрадан басып чыгарып беришти, көчүрмөсүн Вашингтондогу официалдуу адамдарга, сенаттын жана жалпы палатанын мүчөлөрүнө жөнөтөм. Конгресс Жакынкы Чыгышка жана улуттар ассоциациасына бир нерсе кылып жибере электе, биздин өлкөдө билим системасын кенен жайылтып жибериш керек. Эмнеси болсо дагы Америка кандайдыр бир мандатты, кайсы бир жерден ала койбошу үчүн, Сенатор Лоджго жана анын тобуна дайыма каршы чыгып жатышат.

Сиздики сыяктуу эле менде да гректерге кандайдыр бир сезимим бар. Алардын информациялык жана рекламалык бюросу дүйнөдөгү эң жакшы фирмалардын бири.Алар аны Кошмо Штаттарда иштетишет.Ушул жылы Додж мырза экөөбүз «Жакынкы Чыгышка Жардам»уюмунун ишине киришели деп ойлогон эмеспиз, эртедир-кечтир, бул өлкөгө(Греция) дайыма жардам берип туруу зарыл. Жетимдерге берилип жаткан башка жардамдар деле жетиштүү. ке

Сиз кайрадан балдарга жана армяндардан башка элге жардам берүү маселесине кайрылып жатасыз. Бул маселе боюнча иштегендердин мага берген отчетунан, каражаттардын кантип зарпталып жаткандыгы, кызыл крестте иштегендердин баардыгын канааттандыргандай сезилет. Биз иштешкендерден ыраазы болбогондор эле - Армяндар, алар бизге берилген акчаны башкаларга берип жатасыңар, деп жатышат. Бул жөнүндө, майда-чүйдөсүнө чейин жазгым келбейт. Сиздин катыңызды жогорубааларымды дагы бир жолу айткым келет. Бул катты башка кесиптештериме, окугула деп сунуш кылам. Мен, эртең жыйырманчы кылым клубунда чыгып сүйлөп, бир нерсе айтайын деп турам.

Суранам, менин жакшы каалоолорумду Бристол айымга айтып коюңуз, мага ишенсеңиз болот, менин кымбаттуу адмиралым Бристол.

*Дайым сизге берилген*

*Джейс А. Бартон.*

## 49 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:* «Нью-Йорк Таймс». Азыр тарыхый журнал, февраль 1923-жыл, 758-764-беттер

## ТҮРКТӨР ЖАНА АНГОРАЛАР

Артур Трэмэйн Чэстер(командир) Стамбулдагы АКШ нын пароходдор кеңешинин төрагасы.

**Чыккынчылыктан айынан өлкөдөн чыгарылган армяндар.**

Дүйнөлүк согуштун учурунда, түштүк-чыгыш Турциядан

армяндардын куулуп чыгарылгандыгын көп эле жолу укканбыз. Түрктөр өз өлкөсүн орустардын басып алуу коркунучунан сактануу үчүн, Россиянын чек арасына армиясын жөнөткөн. Алардын армиясы, биздики сыяктуу эле ар түрдүү улуттун

өкүлдөрүнөн түзүлгөн. Согушта армяндар, огу жок патрондор менен атышып, топ-тобу менен качышкан. Бул барып турган жаман иш эле.

Аймактарда көптөгөн армяндар жашаган, бул элдер түрктөрдү талкалоо үчүн эң сонун мүмкүнчүлүк экенин сезишип, армияда тополоң чыгарышып, жабдуу базасынан бөлүп салуу үчүн орустарга жардам беришкен. Биз касташкан Мексика күчтүү өлкө. Мисалы, кысым көрсөткөн душманды токтотууга мексиканын чек арасына жиберсек, армиядагы негр солдаттар душмандар тарапка өтүп кетип эле тим болбостон , тылда калгандары биригишип, биздин артыбыздан сокку урса эмне дейт элек. Биз улутчул эл катары түндүктүн негрлерине кандай мамиле кылат элек?

Бизде жашаган неглер актарды, армяндар менен түрктөрдүжаман көргөндөн он эсе көп жаман көрүүгө акылары бар.Түндүк аймактын көпчүлүгүн негрлер түзсө дагы, алардын өкмөтү жок. Алардын жардамы менен башкарышса дагы, мыйзам кабыл алууга катыша алышпайт.Мэйсон менен Диксон штаттарынын түштүк жагында жашаган негрлердин эч укуктары жок. Ошол эле убакта Турциядагы армяндар өкүлчүлүккө гана ээ болбостон, башка өлкөлөрдө берилбей турган укуктарга ээ.Түрк өкмөтү коркунуч келтирген армяндарды өлкөдөн чыгарууга буйрук кылган. өлкөдө темир жол жана башка транспорт каражаттары жок болсо, ага түрктөр күнөөлүү эмес.Армяндарды ошол үчүн өлкөдөн жөө чыгарууга туура келген. Бул катуу кеткендик деңизчи, бирок бизде ошондой болсо, Түштүктөгү негрлердин бардыгы кырылып калса дагы козголоңду басып таштамакбыз.Бизде аларды колубузда унаа жетиштүү болсо дагы жөө айдамак.

Мен жакында эле 1899-жылы Турциянын Нью-Йорктогу өкүлчүлүгүндө иштеген бир армян менен жолуктум.Ал мага ошол мезгилде “армян кыргыны”болуп жаткан деди. Турциядагы христиандардын кырылып жатканына кыжыры келгендер

кыйкырып жатышкан.Ошол кыйкырыктар тажатып жиберген-де, түрк өкмөтү бул "кыргын" армяндардын өздөрүнүн чык-кынчылыгы жана жасаган революциялык иштери үчүн болгон-дугуна далил келтирүүнү чечти.Консулдук агент,официалдуу жак катары бул далилдерди мамлекеттик департаментке өт-көрүп берген, бул маалымат түрктөрдү актап, түкртөргө каршы жүргүзүлүп жаткан иштер дароо токтотулган.

Ал ошол отчеттор мамлекеттик департаментте дагы эле сакталып тургандыгын айтты.

Констаниполдо 1909-жылы реакциячыл кыймылдын убагында солдаттар козголоң чыгарышып, өзүлөрүнүн 200 офицерин өлтүрүшкөн. Парламент, полиция, бардык тартип сакчылары, токтотуп туруучу күчтөрдүн бардыгы борборду таштай качышкан.Он күн бою шаар башкаруусуз, эч кандай жоопкерчилиги жок, толукталбаган офицерлери бар аскерлерлердин колунда калган. Алар каалаганын жасашмак, бирок, ошол убакыттын ичинде, бир дагы аял ыза кылынбай, бир дагы дүкөн тонолгон эмес. Мен, бийликтин жоктугунан пайдаланбай, токтоолук кылган мындай бир дагы улутту билбейм. Албетте, гректер менен армяндар өздөрү тийишпесе деле, өлтүрүп койгон убакыттар болгон, бирок алардын жазаланаары бышык. Чыккынчылык жана коркутуулар болбосо, бир дагы чоң кыргын бобогондугун айта кетүү керек. Армян жетекчилери бул кыргынды, чет элдиктердин айоо сезимин пада кылып, жардам алыш үчүн уюштургандыктары барыга белгилүү.

Кыргын болсо, кыргын, армяндар жана гректер менен эле же чырды ким чыгарса ошону менен гана чектелген.

Негрлерди да методист болгондуктары үчүн өлтүрбөгөндөй, бул эки улуттун өкүлдөрү да христиан болгондуктары үчүн өлтүрүлгөн эмес.

Гректердин түрктөргө жасаган мыкаачылыгына чет элдик эксперттер, биздикин кошуп күбө болушса да биздин гезиттер аны басып чыгарудан баш тартып жатышат. Анын деле тарых-

та белгилүү болгон башка мыкачылыктардан эч айырмасы жок. Дүйнөнүн ушул бөлүгүндө жашап, саясаттан да, динден да, түрктөрдү жамандоодон тапкан пайдадан да тажаган, бирок эски түрк империясында жашаган элдердин эң мыктысы-түрктөр деп айтпаган бир дагы чет өлкөлүктү көрө элекмин.

## 50 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы: Джон Джоэй "Жаңы Республика", 40-том, 12-ноябрь, 1928-жыл, 268-269-беттер.*

## ТҮРК ТРАГЕДИЯСЫ

Түркиянын трагедиясы эл азчылыктарынын оор абалынан бир топ тереңирээк.Чыдамдары жетип Жакынкы Чыгыштын абалы жөнүндө оюн айтпай койо турган адамдар болсо, бир аз күндөн кийин, тегерегинин баарын күнөөлөп, ким ага, канчалык жооптуу экендигин издей башташат.Бирок ошол элдердин тарткан азабын билгенден кийин, адамда жийиркенүү сезими пайда болот. Ошол жерде жашаган элдин бардыгына, азына да көбүнө да адамда айоо сезими пайда болуп, өздөрүнүн кызыкчылыгы үчүн кол алдындагыларын таш боордук менен пайдаланган чет өлкөлөрдү жек көрүүдөн башка сезим жок болуп кетет.Түркиядагы түрктөргө, армяндарга жана гректерге байланыштуу кырдаал классикалык трагедияга окшош.Бул трагедия-баатырлары жок, бирок курмандыктары бар трагедия.Анда кара кийим кийинип, сценада пайда боло калып турган шумпайлар бар.Булар улуу мамлекеттер, алардын арасынан Россияны жанаУлуу Британияны атап айтсак болот.Кичи Азия менен Балкандын тарыхын байкап отуруп фаталист болуп кетишиң мүмкүн, тарыхты жазам дегендердин бардыгына, бул жерден алыс болгула, дейт элем.

Биз — Бурста болдук, ал Константинополду басып алганга чейин Түркиялык Анатолиянын бирден-бир эң кооз жана таби-

гый ресурстары бар, гүлдөгөн шаары эле. Көчөдөн өтүп бара-
тып жабык турган дүкөндөрдү жана үйлөрдү көрдүк, алар мурда
өлтүрүлгөн же Грециядагы түрктөргө алмаштырылган гректер
менен армияндардыкы экен, андан ары чегинип баратканда
гректер өрттөп кеткен түрктөрдүн үйлөрүнүн урандысы жатат.
Биз колдон-колго өткөн соода үйлөрүн көрдүк; мурда бийликте
жүргөндө түрк көпөстөрүнүн мүлкүн тартып алышып, аларды
шаардан качууга аргасыз кылышкан гректерге тиешелүү бол-
гон, соода жана коммерциялык мекемелерге азыр түрктөр ээлик
кылат.Кайгы-капа жана кыйратуудан, баш аламандыктан бөлөк
эч нерсе жок.Бул Анатолиянын башка чоң бөлүгүндө болгонго
караганда, кичирээк деңгээлдеги кан төгүүлөр менен тоноолор,
ошол мезгилдеги абалдын символу катары менин жан дүйнөмдү
титиретти.

«Жашыл Бурса» аймагы айдалган тамекинин гүлүнө тол-
гон. Алар бизге кыйыр түрүндө болсо да кайгыны көрсөтүп тур-
гандай болду.Мурда бул аймакта тамеки өстүрүлчү эмес.Аны
түрктөр Македониядан алып келишкен, ал жерде азыр гректер
убактылуу жашоо өткөрүшүүдө, убактылуу дегенимдин себе-
би, ал жерди азыр  сербдер менен болгарлар талашып жатышат,
аны эстегенде, ал жактан куулуп келген түрктөрдүн каны кай-
нап кетет.Ошентип гүлдөп турган тамеки, азыр гректер өстүрчү
жибек куртунун түшүп кеткен соодасы айтайын дегенди бил-
дирип тургандай.Келечекте дагы ушундай мыкаачылыктарды
болтурбай коюунун жалгыз жолу, ушул,  деп ойлогон чынчыл
жана боорукер адамдар, жарым миллион калкты «жер алмашты-
рып», эркектерди,аялдарды жана балдарды өз мекенинен кети-
рип, алар каалабаган, эчкимге кереги жок жерге алып келип
коюшканы, элдердин жалпы кайгысына күбө болгонсуйт.Бурса
дагы бир башка абалдын символу экендигин көрдүк. Биз еврей-
лердин кварталына барып  көрдүк.Алардын үй-мүлкү өздөрүн-
дө калган, иштери  мурдагы конкуренттери — армяндар менен
гректердин жоктугунан гүлдөп кеткен. Башыма капысынан;

болушаары жок аз улут бактылуу экен деген ой келе калды. Аларды христиандык Европадан, негизгиси Испаниядан кууп чыкканда«фанатикалык» Түркияга келип отурукташып, жүздөгөн жылдар бою тынч эле түрктөр менен кошуна болуп эркин жашап келатышат. Сионисттердин мамлекети уюшула элек болуп, Түркияда жашаган еврейлерге кудай берип коюптур.

**51 ДУМЕНТ**

*Маалымат булагы: «Нью-Йорк Таймс», 11-май, 1983-жыл.*

**РЕДАКТОРГО**

Карл Мэйер өзүнүн редакциялык макаласынын 23-апрелдеги комментарийинде 1915-жылдагы окуялардын туура эмес түшүндүрмөсүн сунуш кылган, ал бүгүн түрк дипломаттарын аесуз өлтүрүүгө себеп болуп жатат.1915-жылы Анатолияда армяндардын да түрктөрдүн да өмүрүн алып кеткен каргашалуу трагедия болду. Биринчи дүйнөлүк согуштун убагында беш жакта согуш жүргүзүп жаткан түрктөргө армяндардын козголоңуна каршы күрөш жүргүзүүгө тура келген. Россиянын шыктоосу жана колдоосу менен армяндар түрктөр көбүрөөк жашаган жеде армян мамлекетин түзгүлөрү келишкен.Анын артынан башталган дүйнөлүк согуштун ичинде башталган согуш, эки жакка тең чоң чыгымдарды алып келди.Бул окуяны “геноцид”деп атоо, ошол сөздүн маанисин жоготуу дегендикке жатат.

Мэйер мырзанын айтканына карабай, согуштан кийин жеңген өлкөлөргө жагынуу үчүн Оттоман империясынын султаны, ачык сот процессин гана жүргүзбөстөн, тергөө иштерин жүргүзүүгө буйрук берген.

Британиянын аскерлери Стамбулду басып алгандан кийин башка өлкөлөрдүкүндөй эле, Оттоман империясынын архивдик материалдарын изилдеп, армяндардын айткандарына да-

лил издешкен.Оттоман империясынын 100 ашык аскерий жана саясий жетекчилери камакта жаткан үч жылдын ичинде, аларды тергеген Британиянын тергөөчүлөрү эч кимисине күнөө коө албай коюшту, алар согуштук кылмышты гана эмес жөнөкөй сот процессин ачууга негиз жок экен дешти.Британиянын тышкы иштер министрлиги 1914 жылкы эл каттоо боюнча армян эли Мэйер мырза айтып жүргөндөй 2,3 млн эмес 1,4 млн эле экен.

Оттоман бийлиги согуш болуп жаткан жерден армяндарды жер котортуу боюнча буйругу чыга электе эле, армяндар Вандагы түрктөрдү кырып салышып, түрк армиясынын каптал жактарына чабуул жасай башташкан.

АКШ дан чыккан армяндардын "Гнчак" деген гезити Ванда 1500 эле түрк калды, деп чындыкты айткан.Калган түрктөрдүн бардыгын кырып ташташкан.Оттоман империясынын Ван аймагынан шайланган парламенттин өкүлү, армяндарды орус армиясынын катарында кызмат кылууга үндөгөн.

Генри Моргентаунун миссионерлердин тандалган отчетторуна кайрылганы ишенчээктик жана момундук болуп калган. АКШ нын кийинки жиберген кишиси адмирал Марк Бристол төмөнкүдөй деп жазган: "Тилекке каршы миссионерлер армяндар менен гректердин жакшы гана жактарын жазып, алардын жаман жактарын жазпай, \ тарыхтын бир бетин гана көрсөтүшкөн, "Андан ары адмирал түрктөр жөнүндө берилген маалыматтардын бардыгы жалган экендигин айтып кеткен.

1915 жылы 16 сентябрьда чыккан Оттоман империясынын документи, жасалма экендигине көптөгөн далилдер бар.1922 жылы Британия тарабынан жүргүзүлгөн тергөө, анын армян тарабынан берилгенин билгенде, далил катары кабыл албай койгон. Анын формасы, тамгасы жана стили ал документтин күмөндүү экендигин көрсөтөт.Ага каршы Оттоман империясынын жер которуштурууну мүмкүн болушунча, жакшы шарттарда өткөрүүгө берген буйругу турат.

Мэйер мырза “Нью Рипаблик” гезитинен, армяндарга жан тарткан бир макаланы цитата катары келтирет да, ошол эле гезиттеги башка бир Джон Дьюэйдин “армяндар чыккынчылык менен түрк шаарларын орустарга бошотуп беришип, жүздөгөн айыл-кыштактарды талкалап, элин кырып салышкандыгы”тууралуу жазган макаласына көңүл бурган эмес.

Ал эми «Муса Даганын кырк күнүнөн» алынган цитата жөнүндө айта турган, албетте ал«Таймстын» биринчи түшүндүрмөсүндө, романга тарыхый булак катары берилген.

*Шюкрю Элекдаг.*
*Турк Республикасынын элчиси.*

## 52 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы: «Нью Йорк Таймс», 23-май, 1985- жыл.*

## ТҮРК ЖАНА АРМЯН ТУКУМДАРЫ ЖАКШЫЛЫККА БИРДЕЙ ТАТЫКТУУ

**Сегиз** күндүн аралыгында, Сиз эки редакциялык жана башка дагы эки макала басып чыгардыңыз. Аларда Түркияны геноцид боюнча айыптоолор кыскача чагылдырылган.

Барыбызга маалим болгондой, 70 жыл мурда болуп өткөн трагедия, Осман империясындагы чыгыш —анатолий аймагынын бардык элине ажал менен азапты алып келген жана алардын ичинде армяндар да каза табышкан. Бирок, бир этникалык топтун азапты башынан өткөргөнү эске алынып, ошол эле учурда армяндык  козголоңдуу топтордун колунан каза тапкан 2.5 миллион түрктөрдүн жана башка христиан эмес элдердин тагдыры кайдыгер калган. Оттоман аймактарын басып алган Россия падышалыгынын  аскерлери армян козголоңун делөөрүтүп жана колдоп турган. Армяндардын козголоңчу топтору башаламандыктан пайдаланып, ал жердеги калктын көпчүлүгү башка улуттар болгондуктан күч менен  армян мамлекетин орнотууну

көздөшкөн. Оттоман империясынын күнөөсү, өзүнүн калкын (мусулмандарды да, христиандарды да) чоң масштабдагы жарандык согуштан, ачарчылык жана оорудан сактай ала албагандыгында жатат. Ошол учурда алар дүйнөлүк согуштун беш фронтунда согушуп жатышкан. **«Геноцид»** деген сөздү колдонуу ал сөздүн маанисин жоготууга барабар.

Ушундай эле айыптоону көпчүлүк өлкөлөрдүн тарыхындагы белгилүү бир мезгилге колдонсо болот.

1914-1915жылдардагы Осман империясындагы окуяларды II дүйнөлүк согуштун учурундагы европалык еврейлерди гитлердик пландалган жок кылуусу менен салыштырсак — анда ал жалгыз гана күнөөсү еврей болуп төрөлүп калган миллиондогон нацистердин курмандыктарынын элестерин сыйлабагандык болуп калат. Германиядагы еврейлер Оттоман империясындагы армяндарга караганда лоялдуу граждандар болушкан, ал эми армяндардын көпчүлүгү россиялык баскынчыларга кошулуп, оттоман аскерлери менен болгон согушта бешинчи колонна катары кызмат кылышкан.

Жок кылуунун саясатында, айыптоолорду колдоо үчүн армян полемистери тарабынан көрсөтүлгөн «далил»- бул Оттоман империясынын ички иштер министри Талат Пашага жазылган жасалма телеграммалардын сериясы. Флоренс Авакян (Op-Ed 27 апрелде) тарабынан кенен цитатталган бул жасалма телеграммалар 1920-жылы пайда болгондо, англичандар тарабынан жаратпай салынган. Англичандар ошол маалда Мальтада Осман империясынын 150 мурдагы улуу официалдуу адамдарын согуштук кылмыштарды жасашкан деген айыптоолор менен камакка алышкан. Падышалык прокуратура АКШ жана Осман империясынын архивдерин изилдөөнү камтыган эки жылдык тергөөдөн кийин айыптоодон баш тартып, камактагыларды бошотушкан: ошондон кийин бир дагы олуттуу окумуштуу Талат Пашанын телеграммаларын анык деп табышкан эмес.

«Ким бүгүн армяндарды жок кылууну эстейт?» деген Гитлердин болжолдонгон цитатасын карасак, анда анын ниети түшүнүктүү. «Армян ишин» II дүйнөлүк согуштун учурундагы еврей курмандыктарынын иши менен бириктирсеңиз, анда сиз армяндар менен болгон окуя да геноцид экендиги тууралуу коомдук пикирди жаратасыз.

Бирок Гитлердин мындай билдирүү жасаганы же жасабаганы белгисиз. Булак катары таянган Нюрнберг процессинин сот протоколдору мындай цитата камтыган бир дагы документтин жоктугун көрсөтөт.

Тилекке каршы, армяндар тарабынан «геноцид» боюнча айыптоолору пресса аркылуу үзгүлтүксүз кайталанышы жек көрүүчүлүккө алып келет жана террористтик топторго бат таасирленүүчү армян жаш жигиттерине 70 жыл мурда болуп өткөн кайгылуу окуяларды туура эмес жеткирилгендиги үчүн күнөөсүз адамдарды өлтүргөнгө түрткү болот. Албетте, түрк жана армян тукумдары жакшылыкка бирдей татыктуу.

*Шүкрү ЭЛЕКДАГ,*
*Түрк республикасынын элчиси,*
*Вашингтон, 6-май 1985-жыл.*

## 53 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы: Салахи Р.Соньел, Оттоман армяндары, Лондон(К. Рустем жана бир тууугандары), 1987, XIII-XV.*

### КИРИШҮҮ

Армяндар, өзгөчө алардын түрктөр менен болгон мамилелери тууралуу жана Улуу Британия, Франция, Россия сыяктуу улуу мамлекеттердин ролу жана алардын бул мамилелерге болгон таасири жөнүндө бир нече китептер басылып чыккан. Эң мыкты иштердин тандалмалары библиографиялык тизмеде орун аган: бирок алардын көпчүлүгү армяндар же болбосо

армянофилдер тарабынан жазылган жана алар калыстыгы жок пикирди чагылдырат. Туркиядан тышкары чыгарылган өтө аз сандагы иштердин авторлору бул мамилелердин түрк версиясын жана башка чындыкка жаткан булактарды изилдөөнү башташкан, ошондуктан бул иштин эң негизги максаттарынын бири болуп бул каталыкты оңдоонун аракети саналат. Бул китептин автору түрк-армян мамилелерине кененирээк токтолуп жана тереңирээк изилдөөгө аракет жасайт, ошондой эле бул мамилелерге таасирин тийгизген негизги окуяларды кененирээк изилдейт жана жарым жартылай жооп берилген же ушул убакка чейин жообу табылбай келген суроолорго авторитеттик жооп табуу үчүн бардык күчүн жумшайт.

Көпчүлүк бөлүгү биринчи булактарга негизделген бул китеп, армяндардын чыныгы мекенин, маданиятын, миграциясын сүрөттөөдөн башталат: анда кыскача түрктөрдүн мурдагы, учурдагы жана кийинки тарыхы сүрөттөлөт, Оттоман империясындагы армян улутунун орду жана түзүлүшү изилденет, ошондой эле өз учурунда «армян суроосун» жаратууга көмөк көрсөткөн «чыгыш суроосун» жараткан окуялар каралат.Андан кийин Сан-Стефано, Берлин келишимдеринин жана Кипр конвенциясынын негизинде аякталган 1877-78 жылдардагы түрк-орус согушунун этаптары каралат. Бул эл аралык актылар оттомандык армяндарга дагы чоң привилегияларды камсыз кылууну, акыры автономияны, жада калса көз карандысыздыкка ээ болууга мүмкүнчүлүк божомолдонгон, бирок чындыгында Улуу Британия жана Россия сыяктуу улуу державалар бул империя кулагандан кийин оттомандык империянын ички иштерине кийлигишип, чоң олжолуу болууну эңсешкен.

Китепте британдык консервативдик жана либералдык өкмөттүн 1978 жылдан кийинки Оттомандык империяга христиандардын ошондой эле жалпысынан бул империянын чыгыш провинцияларында жашаган армяндардын ийгилиги үчүн реформа жүргүзүүгө болгон аракет катуу сынга алынган. Эң эле

ийгиликсиз аракеттердин бири автономдук армян провинциясын түзүү болгон. Ал аракет, армян экстремистерине аз жерден улуу державалар тарабынан куралдуу интервенцияга алып келе жаздаган башаламандыкты жаратууга шыктандырган. 1880-жылдын апрель айында либералдык партия бийликке келгенде, жаңы премьер министр Гладстон мурункy кызматташтарынан да катуу ыкылас көрсөткөн. Бэконсфильд жана Сэйрсбэри аттуу лорддор улуу державаларды Оттомандык империяга чогуу басым жасоого чакырып, алардын талабына баш ийүү үчүн жана алдыга бет алган «армян реформасын» жүргүзүүнү көздөшкөн. Ал түрк империясына жана тактыга болгон опозо султан Абдульгамит II ге бардык күчтү өз колуна алуусуна мажбур кылды. Андай иш калктын 80% мусулман, 15% дан ашпаган армяндар жашаган чыгыш Анатолияга автономдук же жарым көз карандысыз болгон армян провинциясына ээ болуу үчүн армян экстремистерине жашыруун топторду тузүп, башаламандыкты жаратууга дем берди.

Китепте ошондой эле Оттоман империясынын финансылык банкроттугу жана ал банкротуктан кийин «армян суроосу» дагы да курч алгандыгы каралган. Ал түрк-армян жана англо-түрк мамилелеринин бузулушуна жана армяндардын Улуу Британиядан жана Орусиядан көңүлдөрү калуусуна алып келген. Бул эки өлкө армяндардын кызыкчылыгы эмес өздөрүнүн кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн бири-бири менен салгылашып Туркияга жакындоого аракет жасашкан. Сэйлсбэри жана Гладстон өздөрүнүн кызыкчылыгын ишке ашыруу үчүн армяндарга көбүрөөк привилегия түзөбүз деген шылтоо менен улуу державаларды Оттоман империясынын ички иштерине кийлигиштирүү үчүн бардык күчтөрүн жумшашкан. Мындай аракет державалардын бирдей кызыкчылыкка ээ болгондугу үчүн ишке ашпай калган.

Андан кийин китепте кандуу армян терроризми баяндалган. Ал чет өлкөдө армян экстремистери тарабынан түзүлгөн

Гнчак жана Дашнакцютюн аттуу жашыруун топтордон кийин пайда болгон. Алар жада калса армяндарга да таралган ар кандай террор кампанияларында, саясий өлтүрүүлөргө, саботажда, өрттөөлөрдө, киши урдоолордо, зордоп салык салууларда катышышкан. Армян терроризмине туруштук берүү үчүн оттоман күчтөрү тарабынан шашылыш түрдө түзүлгөн Хамидийе полкунун жардамы менен мындай иш басылган.

Биринчи армяндар менен түрктөрдүн ортосундагы эң ири жаңжал Түркиянын чыгышындагы Сасунда болгон. Анда армян козголоңчулары 1895жылы жанжал чыгарышкан. Андан кийин бүтүн Анатолияда башка да башаламандыктар чыккан. Ал жерде көптөгөн өлүмдөр болуп, мүлктөр жок кылынган жана армян менен түрк элинин ортосунда граждандык согуш өкүм сүрүп калган. Ошондо армян патриархы улуу державаларга жардам сурап кайрылган. Ал кайрылуу Лондондогу либералдык өкмөттү куралдуу интервенцияны даярдоого жана канонердик дипломатияны колдонууга түрткү берген. Бирок Улуу Британия жана Орусия сыяктуу улуу державалардын ортосундагы келишпестик Улуу Британиянын аракеттерин ишке ашырган жок. Улуу державалар өздөрүнүн Стамбулдагы привилегиялуу ордун тобокелге салбоо үчүн кийлигишүүдөн баш тартышкан. Муну Абдульгамит дароо түшүнүп, державалар ортосундагы келишпестикти өзүнүн ийгилиги үчүн колдонгон. Ал армян козголоңчулары жана «Жаш түрк революционерлери» менен убактылуу келишим түзүп, бир канча ийгиликке жеткен.

Ошондой эле китепте дагы 1884-1886 жылдардагы окуялардан кийин түрктөр менен армяндарды элдештирүү аракеттери катуу сынга алынган. 1896 жылдан 1914-жылга чейин «армян суроосу» акырындап бар болуп келген, бирок ал ар кандай маанилүү кризистен же окуялардан: 1897-жылдагы түрк-грек согушу, Стамбулга жасаган герман императорунун визити, крит жана македония суроолорунун кайра жаралуусу, армян террористеринин 1905-жылындагы Абдульгамит II ни өлтүрүүгө бол-

гон аракети, 1912-13- жылдардагы балкан согуштарынан кийин оттой жанып турган. Ал армян козголоңчуларын жана жаш түрктөрдү элдештирүүнүн куралы болуп келген. 1908-жылдагы жаш түрктөрдүн революциясы армяндар менен түрктөрдүн ортосунда бейпилдикке жана элдешүүгө алып келген. Алардын лидерлери тынчтык орнотууга жана «эркиндик, теңдик, боордоштук» үчүн күрөшүүгө жана конституциялык тартип орнотууга бардык күчтөрүн жумшайбыз деп ант беришкен.

«Бирок, «армян суроосу» жаш түрктөрдүн революциясынан кийин деле аяктаган жок. Ал андан кийин да узап келди жана I дүйнөлүк согуштун учурунда түрктөр менен армяндардын ортосунда аябай чоң чыр чатакка алып келди. Чыр чатак граждандык согушка айланып, армяндар түрктөр тарабынан «геноцидге» кабылдык деп күнөөлөшсө, түрктөр өз кезегинде аны, түрк элине болгон «армян кара санатайлыгы жана чыккынчылыгы» деп сүрөттөшкөн. Бул айыптоолор 70 жыл өтсө да дагы эле уланып келет жана кээ бир учурларда армяндар тарабынан болгон зомбулуктун жана ал зомбулукка түрктөр тарабынан болгон кек алуунун себеби болуп келет.

### 54 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы*: Хит У.Лоури, «Саясий маалымат жана ой-пикир»,3-том, 2-номур, 1985-жыл.

### АКШ КОНГРЕССИ ЖАНА АДОЛЬФ ГИТЛЕР АРМЯНДАР ТУУРАЛУУ

Хит У.Лоури

Түрк изилдөөлөр институту, Инкорпорэйтид Вашингтон, Дистрикт Колумбия

**Кыскача көрүнүш**

Макала Гитлердин болжолдонгон цитатасынын тарыхын сүрөттөйт. Анда ал II дүйнөлүк согуштун учурунда европалык

еврейлерди өзүнүн пландалган жок кылуусун актоо үчүн I дүйнөлүк согуш учурунда армяндардын тагдырына дүйнө жүзүнөн эч кандай реакция болгон жок деп шылтоо кылган. Бул цитатанын генезисин деталдап изилдесек, Гитлердин мындай арызына тарыхый негиз жок. Ошондуктан автор кантип бул цитата АКШ конгрессмендеринин лексиконуна киргендигин жана америкалык армяндардын II дүйнөлүк согуштун учурундагы европалык еврейлердин кайгылуу тагдырын өздөрүнүн тарыхы менен байланыштырууга аракет жасаганда колдонгон методун изилдеген. Автор макаласын саясатчыларга өздөрүнүн жоопкерчиликтерин үстүндө активдүү иштөөнү жана тарыхчыларга тарых жазууну камсыздоого чакыруу менен аяктайт.

Байкоосуздан баракталган конгресстин жана сенаттын 1984-жылдын 24-апрелиндеги докладында биздин тандалган официалдуу адамдарыбыздын эки партиялуу тобу табылган. Алар I дүйнөлүк согуштун учурунда Оттоман империясы тарабынан армян элине «геноцид» кылынган деген жоопкерчиликти Түрк республикасы кабыл алуудан баш тарткандыгы үчүн айыпташкан. 1984-жылы жалпы эсеп менен 66 арыз-алардын 57си обүина палатасынын мүчөлөрү тарабынан жана 9у сенаторлор тарабынан айтылган жана алар конгресстин докладынын протоколуна киргизилген. Ал 66 арыздын ичинен 1\3 бөлүгү, башкача айтканда 22си Адольф Гитлердин цитаталарынын версияларын камтыган. Анда ага европалык еврейлерди пландалган жок кылуусу боюнча берилген суроого заардуу мындай деп жооп берген: «Акырында, ким бүгүн армяндарды жок кылуу тууралуу сүйлөп жатат?».

**Гитлердин цитатасы: анын булагы жана жасалма сунушталуусу.**

Түрктөргө каршы армян өкүлдөрү тарабынан колдонулган саадак бир же эки жебе менен атылбайт. Алардын бирөөсү да I дүйнөлүк согуштун учурунда түрктөрдүн армяндарга каршы жасаган ырайымсыз мамилеси дүйнө жүзүн кайдыгер калтыр-

ган деген факт  Адольф Гитлердин көңүлүн көтөргөн деп айыптоо сыяктуу көп колдонулган эмес. Ошондон кийин Адольф Гитлер II дүйнөлүк согуштун учурунда европалык еврейлерди пландалган жок кылуусун актаган.

Бул цитата армян өкүлдөрү тарабынан биздин мыйзам чыгаруучуларыбыздын лексиконунда өз ордун тапкандыгы үчүн таң калбай деле койсок болот. Армян-америкалык тарыхчылар тобунун жетекчиси, Лос-Анджелестеги Калифорния университетинин профессору Ричард Ованесян 1983-жылы Питсбургдагы дүйнөлүк кыйынчылыктар Кеңешине суроо жөнөткөн. Анда ал мындай деген: «1939-жылы Адольф Гитлердин Нюрнберг процессиндеги стенограммадан кийин: «Бүгүн ким армяндарды жок кылуу тууралуу сүйлөп жатат?» деген сөзүн айтууга жакшы себеп болсо керек. Ушундан кийин алдыда көрсөтүлгөн АКШ нын официалдуу адамдарынын бардык тизмеси ошол эле айыптоону кайталай бериши таң калаарлык болобу?

Алар - сенатор Руди Бошвиц(Миннесота штаты), сенатор Карл Левин (Мичиган штаты), сенатор Ховард Меценбаум (Огайо штаты), конгрессмен Лезаспен (Висконсин штаты), конгрессмен Ховард Берман (Калифорния штаты), конгрессмен Томас Блайли (Вирджиния штаты), конгрессмен Эдвард Боланд (Массачусетс штаты), конгрессмен Барбара Боксер (Калифорния штаты), конгрессмен Джим Кортер (Нью-Джерси штаты), конгрессмен Мервин Димелли (Калифорния штаты), конгрессмен Эдвард Фиган (Огайо штаты), конгрессмен Джеральдин Ферраро (Нью-Йорк штаты), конгрессмен Гамильтон Фиш (Нью —Йорк штаты), конгрессмен Вильям Форд (Мичиган штаты), конгрессмен Сэм Гейденсон (Коннектикут штаты), конгрессмен Вильям Грин (Нью-Йорк штаты), конгрессмен Ричард Лехман (Калифорния штаты), конгрессмен Брюс Моррисон (Коннектикут штаты), конгрессмен Николая Мавруль (Массачусетс штаты), конгрессмен Чарльз Шумер (Нью-ЦЙорк штаты), конгрессмен Джеймс Шаннон (Массачусетс штаты), конгрессмен Генри Воксман (Калифорния штаты).

Үстүңкү 16 кызмат кишилери (Боксерден, Кортерден, Димеллиден, Фиганадан, Форддон жана Шумерден башкасы) Гитлердин айтканы анын европалык еврейлерди жок кылуусуна болгон актануусу деп ачык айкын түшүндүрүшөт. Үч сенатор (Бошвиц, Левин жана Меценбаум), өкүлдөр палатасынын төрт мүчөсү (Берман, Гейденсон, Грин жана Воксман) улуттары боюнча өздөрү еврейлер.

Бул «параллельдин» кыйынчылыгы болуп, Гитлердин мындай айтуусун далилдеген бир дагы фактынын жоктугу эсептелет. Баардыгы Гитлердин мындай айтуусун биринчи булакка таябастан, 1945-жылдын 24-ноябрында 6-күнү лондондук «Таймс» гезитине чыккан макалага таяшат. «Нацистик Германия согуш жолунда» аттуу макалада Гитлердин 6 жыл мурун 1939-жылдын 22-августунда Польшага күч менен кирип баруусуна чейинки айтылган сөздөрү жазылган. «Таймс» гезитиндеги макаланын белгисиз авторунун айтуусу боюнча, ал сөз 1945-жылдын 23-апрелинде Нюрнберг трибуналынын сессиясында далил катары айтылган. Ошондой эле Гитлердин төмөнкү сөзү цитатталган: «Ошондуктан мен Чыгышка аскерлеримди жөнөттүм. Аларга ырайымсыздык менен польшалык бардык аял, эркектерди жана балдарды, жана да польша тилинде сүйлөгөндөрдүн бардыгын кыргыла деп буйрук бердим». **«Ким дагы бүгүн армяндарды жок кылуу тууралуу сүйлөп жатат?»**. Бирок бул сөздүн версиясы эч качан далил катары Нюрнберг трибуналында кабыл алынган эмес.

Гитлердин 1939-жылы 22-август айында Оберзальцбергде айткан сөзүнүн толук тексти биринчи жолу 1942-жылы ”Германиячы?” деген китепте басылып чыгарылган. Анын автору Берлиндеги Ассошиэйтед Пресс бөлүмүнүн муруңку башчысы Луи Лохнер болгон.

Китептин биринчи бетинде Лохнер ”Генералдарга жана башкы командачыларга кайрылуунун мазмуну. Оберзальцберг, 22-август,1939-жыл” деген белгисиз документтин булагын ци-

таттаган. Андан кийин ал бул сөздүн көчүрмөсүн (үч барактан турган немис тилиндеги кол жазма) 1939-жылы Гитлердин Польшага киргенине бир жума калганда алгандыгын белгилейт.

Кайсы жерден пайда болгону изилденбеген бул “документ” ошол бойдон белгисиз болуп кала берди жана ал Гитлердин армяндарга караштуу сөзүнүн жалгыз гана “булагы” болуп эсептелет. Лохнер басып чыгарган биринчи “цитата” төмөнкүдөй:

“Мен буйрук чыгардым-кимде ким аны сынга алса, ошол замат атылат- биздин согуштун максаты белгилүү бир чек арага жетүү эмес, душмандарды жок кылуу. Ошондон улам, мен атайын отряддарды даярдадым — азыркы учурда Чыгышта гана — катаалдык жана таш боорлук менен польшалык эркектерди, аялдарды жана балдарды же польша тилинде сүйлөгөндөрдүн баардыгын өлтүрүүгө буйрук берилген. Ушундай жол менен гана биз жетпей жаткан жерлерге ээ болобуз. Акыры, ким азыркы күндө армяндардын жок кылынгандыгын эстейт? ”.

Бул жерде бура сүйлөгөндүк жок. Эгерде Гитлер чындап эле мындай сөз айткан болсо, анда ал Польшаны басып алуу жана анын элинин тагдыры жөнүндө айтуусу мүмкүн болгон: бул сөз Гитлердин Европа еврейлерине коюлган пландарына такыр тиешеси жок эле. Мунун өзү эле, Гитлердин айтуусу еврейлерди массалык кыруусунун негизи экенине таянып, 24-апрелдеги армян курмандыктарын Эскерүү күнүндө 16 АКШ конгресс мүчөлөрүнүн ырастоолорунун ишке ашпай алгандыгын көрсөтөт.

Гитлердин цитатасын тандалдан өкүлдордүн 22си тең конгресстеги сөздөрүндө колдонушкан жана алардын ичинен конгрессмен Уильям Форд гана (Мичиган штаты) Гитлердин сөзүнүн контекстин жана убактысын туура белгилеп кеткен. Форд мындай деген: “Жада калса Гитлер да өткөн окуяларды өзүнүн саясатын жүргүзүү үчүн колдонгон”. 1939-жылы жаңыдан Польшага кирип баратканда, анын элин массалык түрдө кырууга буйрук берген жана ага мындай деп комментарий жа-

саган: “Акыры, ким бүгүн армяндарды жок кылууну сүйлөп турат?”. Тескерисинче, көптөгөн анын кесиптештери көп нерсени билбегендиктен төмөнкүдөй фразаларды колдонуп жатышты:

Биз балким, Гитлердин еврейлерге болгон эң алгачкы “алаңгазар жүрүшүндө”: “Ким бүгүн армяндардын кырылганын эстеп жатыптыр” деген сөзүнө бушайман болуп жаткандырбыз. (Феррар

## ГИТЛЕРДИН ЦИТАТАСЫ ЖАНА НЮРНБЕРГ ПРОЦЕССИ

Гитлердин армяндар тууралуу айткан курулай сөзү 1942-жылы Лохнердин китебинде басылып чыккандыгын билгенден кийин, биз эми анын Нюрнберг процессинин жүрүшүндө пайда болгон хронологиялык ыраттуулугун карап чыгабыз. Бирок, эң биринчиден, армяндарды жок кылууну жазган профессор Ованесяндан жана башка бир топ окумуштуулардан айырмаланып, Нюрнберг процессинин стенографиялык отчету Гитлердин курулай цитатасын камтыбаганын белгилей кетүүбүз зарыл. Тескерисинче, анда, сот Лохнердин версиясын четке кагып, конфискацияланган согуштук архивден табылган башка эки официалдуу версияны колдогон факт ачык айкын көрүнүп турат. Ал эки версия болуп, 1939-жылдын 22-августундагы Деңиз флотунун негизги командачысы Герман Бем берген жолугуу тууралуу кенен отчету жана 1939-жылдын 22-августунда Оберзальцбергде Гитлердин айтуулары тууралуу кенен отчет берген, эки бөлүктөн турган, кол коюлбаган меморандум. Бул документ Курал Күчтөрүнүн Жогоку командачысынын архивинде болгон жана ал Саальфельденде (Австрия) америкалык аскерлер тарабынан күч менен алынган. Польшаны басып алуу жөнүндөгү сессиянын жүрүшүндө, бул документ, Нюрнбергде негизги айыптоонун далили катары эсептелген. Буга кошумча болуп, оберзальцберг жолугушуулары тууралуу үчүнчү кенен күбө отчету генерал Халдердин күндөлүгүндө табылган.11

Бул үч версия, алардын ичинен экөөсү чын эле Нюрнберг трибуналынын стенографиялык отчетунда сакталган жана алар Оберзальцбергдеги Гитлердин айткан сөзүнүн формасына дал келет. Андан да эң маанилүүсү болуп, бул күбө версиялардын биринде да армяндар тууралуу  эскерткен эмес. II дүйнөлүк согуштун белгилүү тарыхчысы Уильям Шайрер Оберзальцбергдеги жолугушуу тууралуу өзүнүн отчетун Бэмдин жазууларын, Халдердин күндөлүгүн  жана конфискацияланган меморандумду колдонуп жазып чыккан. Эмне үчүн сиз  отчетуңуздун булактарына "Лохнердин версиясын" камтыбадыңыз деген суроого ал мындай деп жооп берген: "ал (Лохнердин версиясы) Бергофдогу жолугушууга катышпаган адамдар тарабынан бир аз коozдолуп калышы мүмкүн"13.

1945-жылдын 26-ноябрындагы күндүзгү чогулуш тууралуу Нюрнберг отчетунун изилдениши окуялардын жүрүшүн системалоого жардам берет. Ал окуялар 1945-жылдын 24-ноябрында "Таймс" гезитинде макаланын пайда болушуна алып келген жана ал макала мурда көрсөтүлгөндөй, Гитлердин цитатасын 1945-жылдан кийинки далил кылып алуулардын булагы болуп калган.

Бул отчеттордон улам, 1939-жылдын 22-августундагы айтылган сөзгө байланышкан үч документтин баары тең 1945-жылдын 26-ноябрында Трибуналдагы чогулуштун жүрүшүндө талкууга алынган.Алар ЮС-28, ЮС-29жана ЮС-30 деп аталган жана алардын экөөсү натыйжада далил катары саналып, соттун протоколунда сакталып калган: ЮС-29 (№798-ПС документи) жана ЮС-30 (№1014-ПС документи). Үчүнчү ЮС-28 документи, айыптоо тарабынан далил катары киргизилген эмес. Бул үч документке караштуу нюрнберг стенографиялык отчетторунун кенен изилдениши кийинки деталды эске алууга жардам берет.

Айыптоочу, Олдерман мырза, суроону мындай деп берди:

"1939-жылдын сентябрь айындагы согуштун аякталышы тууралуу айыптоочу документтерди көрсөтүп жатып, Поль-

шаны басып алууга бир жума калганда, 1939-жылдын 22-августунда Оберзальцбергде Гитлердин жогорку согуш командачыларына болгон кайрылуусуна тиешелүү бир нече документтерди трибунал менен тааныштырышым керек.

Бизде бир-бири менен тыгыз байланышып, бир бүтүндү түзгөн үч документ бар. Биринчисин мен далил катары колдоно албайм, бирок кийинкилерин ошондой деп эсептейм.

Анын себеби мында: мен көрсөткөн үч документтин биринчисин бизге америкалык репортер көрсөткөн жана ага Оберзальцбергдеги жолугушуунун биринчи мүнөттөрүн башынан өткөргөн үчүнчү адам берген, ошондуктан бул жазманы жазган адам чын эле ортомчуга (америкалык репортерго) ал жазмаларды бергендиги тууралуу далилдер жок. Ошондуктан, бул документ анык маалыматтарды табууда биздин айыптоого кандайдыр бир стимул катары кызмат кылат. Бактыга жараша, биз ал күнү Гитлер эки жолу балким, эртең менен жана түштө сүйлөгөнүн көрсөткөн эки документти таптык. Бул эки документти салыштырып жатып, биз биринчиси бир аз бурмалангандыгын жана ал кошулма сөз экендигин түшүндүк.

“1939-жылдын 22-августунда Гитлер Оберзальцберге Курал Күчтөрүнүн аскерлеринин үч жогорку командачыларын жана негизги командачы деген чини бар бардык генералдарды чакырат.

Бул үч документти көрүп туруп, Айыптоо кантип ал күнү болгон окуяга андан да жакшы далил таба алаарын айттым жана ал айтканым ийгиликтүү болуп чыкты. Фленбургдагы Курал Кучтөрүнүн Жогорку командачысынын архивинде 1939-жылдын 22-августунда Оберзальцбергде Гитлердин эки кеби табылган. Биздин серияда ал документтер 798-ПС жана 1014-ПС.

Сериялардын номурларынын ыраттуулугун бузбаш үчүн, сот макул болсо, мен далил катары көрсөтпөгөн биринчи документ буюмдата далил (ВД) ЮСА-28 катары кетет. Ошондон улам, мен далил катары сунуштаган экинчи документ 798-ПС,

ВД ЮСА-29, үчүнчүсү, 1014-ПС,- ВД ЮСА-30 катары кетет.”14.

Биз дагы бир фактыны баса белгилей кетишибиз керек: Олдермандын сотто далил катары (ЮС-29\798-ПС жана ЮС-30\1014-ПС) сүйлөгөн сөздөрүнүн бири да армяндар жөнүндө кымындай да эскерүү камтыбайт.

Д-р Оттом Стамер, Герман Герингдин адвокаты Олдермандын айткандарына “окулбаган үчүнчү документ, фотостатикалык көчүрмөдө көрүнгөндөй, Коргоочунун документтер бөлмөсүндө сакталган жөн гана машинкада басылган нерсе катары эсептелинет деп каршы болгон. Оформлениенин убактысын жана ордун көрсөткөн эч кандай далилдер жок”15. Бул каршылык, соттун төрагасыменен доктор Стаммердин ортосундагы төмөнкүдөй өз ара сүйлөшүүлөргө алып келди.

Төрага: Үчүнчү документ окулбагандыгы үчүн биздин ага эч кандай тиешебиз жок.

Д-р Стаммер: Төрага мырза, ошентсе да, бул документ басып чыгарылган жана ошондой эле Айыптоо тарабынан да сунушталган. Ошондон улам, коргоочуга да жана айыпталуучуга да бул документтерге тиешелүү болгон фактылардын кыскача түшүндүрмөсүн алуу өтө кызык.

Төрага: Сот бул ишти басмадагы чыгарылган нерсесине карабастан, жалаң гана далилдердин негизине таянып жүргүзөт, ал эми үчүнчү документ биз үчүн далил эмес 16.

Дискуссияга андан кийин Айыптоочу Олдерман кошулуп, Д-р Стаммердин “үчүнчү документ басмага жайылган” жана андан кийин чыгарылган деген репликасына төмөнкүдөй жооп берген:

“Адвокат козгогон суроосуна мен өзүмдүн күнөөмдү сезип турганымды айткым келет. Биз эч качан басмага чыгарабыз деп ойлобогон ЮС-28 документи механикалык түрдө күтүлбөгөн жерден басып чыгарылган. Мен бул жерде өзүмдүн жарым жартылай жоопкерчилигимди сезип турам. Биз бул документти

жума күнү Сотко жөнөтүлгөн материалыбызга киргиздик. Биз аны далил катары эмес жөн гана таяныч катары көрсөткөнбүз. Мен бул документтерди далил статусун алганга чейин басмага чыгарылбайт деп ойлогом. Биздин мындай чоң уюмубузда бардык ишти карап чыгууга жетишүү кыйынга турат"17.

Окурман байкагандай, Айыптоого "америкалык репортер" тарабынан берилген жана Оберзальцбергдеги жолугушуунун биринчи мүнөттөрү жөнүндөгү отчетту тапкандан кийин далил катары колдонулбаган ЮС-28 документи армяндар тууралуу Гитлердин анткор кебинин булагы болуп эсептелет. 1945-жылдын 26-ноябрындагы Нюрнберг стенограммасында сакталган кээ бир сүйлөшүүлөрдүн жардамы менен биз эми 1945-жылдын 24-ноябрындагы лондондук "Таймс" гезитиндеги чыгарылышка түшүндүрмө бере алабыз. Макаласынын акыркы күнүн так көрсөтпөгөн "Таймстын" репортеру, басмага капысынан чыгып кеткен ЮС-28 документине таянып аны жазып жиберген жана алтынчы күнү макаласы чыкканга чейин ал документ далил катары эсептелинет деп ойлогон. Стенограммадан маалым болгондой, репортердун ойлогону ишке ашкан эмес. Макала өтө олуттуу натыйжаларга алып келген: 40 жыл бою бүт дүйнө жүзү, "Таймс" гезитиндеги Гитлердин "Ким бүгүн армяндарды жок кылуу тууралуу сүйлөп жатат?" деген цитатасын жазып жатканда, репортерго нюрнберг стенограммасы булак катары колдонулган. I дүйнөлүк согуштун учурунда "түрктөрдүн армяндарга жасаган геноцидинде" дүйнө жүзү эч кандай реакция жасаган жок деп Гитлер өзүнүн еврейлерди кыруусун актаган деген ой менен армян өкүлдөрү өздөрүнүн оюн эч тартынбай айтып башташкан. Армяндардын мындай ою ашыра чаап кеткени 1984-жылдын 24-апрелинде конгресс чогулушунун протоколунда көрсөтүлгөн.

Чындыгында, Гитлердин армяндар тууралуу айткан сөзүн камтыган бир дагы документ Нюрнберг процессинин жүрүшүндө далил катары көрсөтүлгөн эмес. 1939-жылдын 22-августун-

дагы Гитлердин сөзүнүн биринчи мүнөттөрүнүн стенограммасы да (Фленсбургдагы Куралдуу Күчтөрдүн Жогорку командачысынын архивинде табылган), адмирал Герман Бем тарабынан жазылган ал сөздөрдүн кенен жазмасы да, Халдердин күндөлүгүндөгү бир дагы жазма бул цитатаны камтыган эмес. Кыскача айтканда, Ричард Аванесян жана башка көптөгөн өкүлдөрдүн айтууларына карабастан, Нюрнберг процессинин стенографиялык жазмасы (ЮС-29(398-ПС), ЮС-30(1014-ПС) документтери жана адмирал Бемдин жазмалары (генерал Халдердин күндөлүгүнөн алынган) сакталганы үчүн) Гитлердин курулай фразасы чындыгында айтылганын көрсөтпөйт. Тескерисинче, кайра жаралган Оберзальцбергдеги Гитлердин эки сөзүнүн нукура тексти ачык айкын алардын жоктугун көрсөтүп турат. Ошондуктан, Гитлер армяндар тууралуу кандайдыр бир контексте кеп кылган деген ырастоо таптакыр негизсиз.

Ал эми Лохнердин “Германия жөнүндө кандай ойдосуз?” деген китеби тууралуу сиздин оюңуз.

Луи (с) Лохнер андай болсо, Гитлердин курулай армяндар жөнүндө фразасын камтыган, Нюрнбергдеги Айыптоочуну оберзальцберг жолугушуу жөнүндөгү жасалма көчүрмөсүн (ЮС-28 же, башкача айтканда, Л-3) көрсөткөн “белгисиз америкалык репортер беле?”Анда 1942-жылы Лохнердин китебинде чыккан, 1939-жылдын 22-августундагы сөздүн версиясы менен Нюрнбергде “белгисиз америкалык репортер” тарабынан көрсөтүлгөн сөз айтуу бир эле документ болуп эсептелеби?

Бул эки суроонун канаатандыруучу, кайталануучу жообу “ооба”. Ал эми “белгисиз америкалык репортердун” ким экендиги тууралуу Лохнер өзүнүн кийин чыккан (“Ар дайым күтүлбөгөн”)18 деген китебинде намыссыз эле Нюрнберг трибуналына документти (ЮС-28) көрсөтүүдө өзүнүн ролун В. Бифорд —Джонстун “Берлиндеги күн батыш” деген китебинен үзүндү алып мисал кылат. Ал үзүндүдө мындай жазылган:

“Менин Луис Лохнер менен болгон визитим өтө кызыктуу болду, себеби, ал жогорку аскер күнөөкөрлөрүнүн үстүнөн караган тарыхый процессинин жөнөкөй байкоочусу эмес эле. Нацисттердин өз ара жашыруун сөз бекитүүлөрүн далилдеген сенсациялуу документтердин бирин көрсөтүүдө ал өзүнүн болгон жоопкерчилигин айтып берди”. II дүйнөлүк согушту Польшаны басып алуу менен баштайм деген Гитлердин планын камтыган бул документ Луис Лохнерге Германияда сырдашы генерал-полковник Бек Кошмо Штаттарга согуш баштоосунун алдында берилген. Сырдашын эң алгач ал “жаман пропаганданын үлгүсү” катары көрсөтүп (эгер немистер тарабынан текшерүү болсо, өзүн коргоо үчүн), ал документти жашыруун Америкага алып өткөн “20.

Лохнер ошол эле окуяны 1942 жылы өзүнүн “Германия тууралуу кандай ойдосуз?” деген китебинде оберзальцберг көчүрмөсүн эң алгачкылардан болуп алгандыгын айтканда, анын өзү Олдермандын “белгисиз америкалык репортеру” экендигинде эч кандай күмөн жок.

Андан тышкары, “армяндарды ким эстейт” (II тиркемени караңыз) деген цитатаны камтыган сөздүн бардык үч версиясы тең:- Лохнердин “Германия жөнүндө кандай ойдосуз, 1942-жыл” версиясы, Нюрнберг процессинин сессиясында 26-ноябрда талкууга алынган ЮС-28 (Л-3)документи, жана 1945-жылы 24-ноябрда лондондук “Таймс” гезитиндеги цитатанын версиясы — Лохнердин сөзү боюнча, сырдашы генерал-полковнике фон Бек берген документтин бирдей көчүрмөлөрү болот...22

1939-жылдын август айында генерал Бек немис офицер корпусунун лидери болгон Халдер менен биргеликте Гитлерге жана нацисттерге каршы жашыруун өз ара сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн 23. Лохнердин айтканындай болуп, ал Оберзальцберг жолугушуусунун өз версиясын Бек аркылуу алса, башкача айтканда, Гитлерге каршы болгон күчтөр тарабынан ага америкалык репортер катары ал версия берилсе, анда ал Лохнердин

версиясы тууралуу “Бергофто катышпаган адамдар тарабынан коохдолгон” деген Шайрердин оюн жакшы түшүндүрөт. Анын айтуусу чындыгында жетишээрлик эмес эле. Лохнердин версиясын нюрнберг жана халдер версиясы менен салыштырса, биринчиси “бир аз коохдолгон” дегенден да катуу баамдалышы керек эле. Лохнердин Гитлерге каршы пропагандасын камтыган үзүндүсү нюрнберг жана халдер версияларында таптакыр жок. Бул үзүндүлөр төмөнкүдөй фразаларды камтыган, эгерде алар Батышта басып чыгарылган болсо, Гитлер өнөктөштөрүнүн (же потенциалдуу өнөктөштөрүнүн), нейтралдуу адамдардын жана бүт дүйнө жүзүнүн алдында катуу сынга алынмак. Өзүңүздөр күбө болуңуздар:

“Муссолини жинди-падышадан жана чыккынчыдан, жек-сур- мураскор ханзададан коркот.

Сталиндин өлүмүнөн кийин-ал оорукчан адам-биз Советтер Союзун жок кылабыз.

(Жапондук) Император-акыркы падышага окшош адам. Алсыз, коркок, чечкиндүү эмес.

Мен бул былжыраган курттарды, Даладье жана Чемберленди Мюнхенде таанып билишим керек.

(Алыскы Чыгыш өлкөлөрүнүн жана Аравиянын элдерин) жакшы тил менен айтканда, камчы менен сабачу эле маймылдар.

Румыния падышасы өзүнүн сексуалдык муктаждыктарынын бузулган малайы.

Бельгия жана Скандинавия өлкөлөрүнүн падышалары жиптин үстүндө титиреп турган кичинекей фигураларды элестетет.

Кимдир бирөө бир нерсе деп жаман айтса, ошол замат атылат.

Мен бардык жерге ырайымсыздык менен польшалык эркек-аялдарды жана балдарды, ошондой эле польша тилинде сүйлөгөндөрдүн баарын кыргыла деп буйрук жибердим. Акы-

рында, ким эле бүгүн армяндардын кырылгандыгы тууралуу сүйлөп жатат? ”25.

Кыскача айтканда, Лохнерге Бек аркылуу келген Оберзальцбергдеги айтылган сөздүн лохнердик жанан нюрнбергдик версиялары пропаганда үчүн гана жасалган өтө кылдаат жасалма версия. 1939-жылдын 22-августунда генерал Халдер тарабынан жасалган жолугушуунун күндөлүктөгү кенен жазмасы жогоруда айтылгандардын бирөөсүн да камтыбайт. Ошол жылдары Халдер Гитлерге каршы болгон офицерлердин катарында болгондуктан, эгер Гитлер чындап эле ошол сөздөрдү сүйлөсө, ал үчүн күндөлүгүн “былжыраган сөздөр” менен толтуруунун эч кандай кажети жок эле.

Оберзальцбергдеги айтылган сөздүн жана манеранын себебин толук билүүгө мүмкүнчүлүк жоктугуна жана Лохнер аны Батышка жеткиргендигине караганда, армяндар тууралуу айтылган Оберзальцберг сөзүнүн жалгыз гана булагы бул —Лохнер экендиги түшүнүктүү.

Жалгыз гана бул документтин чыккан жери шектүү экендигин белгилебестен, Оберзальцбергдеги (ЮС-30\1014-ПС: Бемжана Хадлер) Гитлердин сөзүнүн анык жазмасы лохнердин армяндар тууралуу айтылган (тиркеме II жана III салыштыр) версиясынын тексти менен аябай айырмаланып тургандыгын да баса белгилеп кетиш керек. Ошондуктан Нюрнберг прокуроруу Вильям Шайрердин оюн тең бөлүшүш керек да, Лохнердин версиясын четке какпаш керек.

**Эмне үчүн Лохнердин версиясы ушунчалык маанилүү болду?**

Эмне үчүн 45 жыл мурда болуп өткөн жасалма цитата 1984-жылы америкалык конгресстин 22 ден аз эмес мүчөлөрү тарабынан талкуулангандай өтө маанилүү болгон? Бул суроонун жообу түптүз эле америкалык этникалык саясат менен байланыштуу. 35 түрк дипломаттарынын 27 өмүрүн кыйган

армяндык террористтик топтордун ишине кызыгуусун арттырган прессанынтолкундоосунан пайдаланып, армян-америкалык өкүлдөр Түрк РеспубликасынI дүйнөлүк согушта 1,5млн. армяндарды кырган деп токтобогон кампаниясын күчөттү. Акыйкаттыкты жана логиканын ыраатуулугун издебеген бул өкүлдөр, күнөөсүз дипломаттарга (алардын бирөөсү да 1915-жылы жашаган эмес)көрсөткөн зордуктарын актоо үчүн, I дүйнөлүк согуштагы армяндардын көргөн азабынын өчү деп айтышкан.

Логикалык жактан карап көрсөк, ал акыркы орус падышаларынан кордук көргөн бардык элдердин тукумдары, бүгүнкү күндө советтик дипломаттарды атышмак деген менен барабар.

Советтер Союзу да, Түркия Республикасы да I дүйнөлүк согуштан кийин революциялык өлкөлөр деп калышты- биринчиси Россиялык империянын күлүнөн жаралган болсо, экинчиси (Түркия) 600 жылдык осман империясынын урандыларынан түзүлгөн.

Акыркы жылдардагы армян пропагандасынын аракетинин көпчүлүк бөлүгү өздөрүнүн тарыхый кордуктары менен II дүйнөлүк согуштун учурундагы еврейлердин кордуктарынын ортосуна көпүрө салууга  жумшалган. Бурчтагы таш болуп, көп жылдар бою Гитлердин: “Акырында,  ким бүгүн армяндарды кыруу тууралуу сүйлөп жатат?” деген цитатасы кызмат кылып келген. Албетте, армяндарга бүт дүйнө жүзү кайдыгер карады деген Гитлердин айтуусу, еврейлерди катуу кызыктырган.

Төмөндөгү мисалдар америкалык армяндардын бардык табууларын иллюстрациялоого жардам берет:

Америкалык-армян конгрессмени Чарльз Пашаяндын (Калифорния) таасири менен өкүлдөр палатасынын 66 тандалган мүчөлөрү 1984-жылдын 24-апрелинде (кордук көргөн армяндардын күнүндө) сөз айтып чыгышты. Анда алар НАТОнун мүчөсү Түркия Республикасын 10 жыл мурда армяндарга көрсөткөн “геноцид” жоопкерчилигин мойнуна алган жок деп күнөөлөштү.

Белгиленгендей, 1984-жылдын 24-апрелинде өздөрүнүн айтылган сөзүндө Гитлердин жасалма цитатасын колдонушкан америкалык конгресстин 22 мүчөсүнүн 7си (3 сенатор жана 4 конгрессмен) улуттары боюнча өздөрү еврейлер.

Гитлердин жасалма цитатасындагы "көпүрөнү" колдонуп, массалык кыруунун курмандыктарын эскерүүнүн америкалык Кеңеши, армяндарды XX кылымдагы геноциддин курмандыктары деп эсептешкен. Массалык кырууда аман калган Эли Визел, бүгүнкү күндө, курмандарды эскерүү боюнча америкалык Кеңешинин өкүлү. 1981-жылы ал өзүнүн капитолиялык ротондада сүйлөгөн сөзүндө мындай деген: "Акыркы чечимин кабыл алаарда Гитлер сураган: "Ким армяндарды эскерет?" Ал туура айткан. Аларды еврейлердей эле эч ким эскерген эмес. Баарынан четке кагылып, алар өздөрүн тарыхтан алынгандарын сезишкен"29.

Ошондой эле, конгрессмен Глен Андерсон өзүнүн 1984-жылдын 24-апрелиндеги сөзүндө армяндарды массалык кыруунун курмандарынын мемориалына кошконун мындай деп түшүндүргөн: "Ошол себептен, 1980-жылы конгресстин токтому менен бекитилген массалык кыруунун курмандарын эскерүү боюнча америкалык Кеңеши толугу менен армян геноцидинин темасын музейлерге жана билим программаларына киргизүүгө чечим кабыл алышкан"30.

Акыркы эки жылдан бери кээ бир штаттардын жергиликтүү билим берүү бөлүмдөрү окуу программаларына "массалык жок кылуунун окуу пландарын" киргизишти. Анда армян "геноцидин" кенен изилдениши, еврейлерди кыруунун жышааны катары каралган. Коннектикут, Массачусетс жана Нью-Джерси штаттары тарабынан кабыл алынган бул окуу пландары Гитлердин жасалма цитатасын армян менен еврей суроолорун бириктирген жип катары көрсөтүшөт. Нью-Джерсиде окуу план ушакка каршы болгон БнаиБрис Лигасы тарабынан түзүлүп, басып чыгарылган. Мунун баары, жөнөкөй сөз менен айтканда,

болбогон бир иш, себеби, дагы эле бүгүнкү күнү кайталанып жаткан Гитлердин жасалма цитатасы, түрк элине карата болгон ушак.

1984-жылдын 10-сентябрында АКШ конгресс өкүлдөрүнүн палатасы резолюция кабыл алган (резолюция 247),анда 24-апрель бир адамдын экинчи адамга жасаган ырайымсыз мамилесинин Улуттук Эскерүү Күнү катары белгиленген. Ал резолюция Кошмо Штаттар президентине өтүнүч катары жиберилген. Ал үндөө бардык америкалыктарды ал күндү бардык геноциддин курмандыктарын, айрыкча, "1915-1923-жылдардагы Түркия тарабынан кырылган бир жарым миллион армяндарды эскерүү" күнү катары белгилегенге чакырган.

24-апрелди армян курмандыктарынын Күнү катары киргизүү менен, айрыкча Түркияны геноцид жасаган өлкө деп тапкандан кийин бул резолюциянын максаты НАТО боюнча АКШнын союздашын геноцид жүргүздү деп айыптоо эле.Ал эми жардык боюнча, бир эле факт маалым, ал:1915-1923-жылдары Түркия мамлекети болгон эмес: ал региондогу бардык күч Осман империясы аталганкөп улуттуу мамлекетке тийиштүү болгон32.

Эки палатанын 247 биргелешкен резолюциясы конгрессмен Тони Келхо (Калифорния штаты) тарабынан жана башка 233 жактоочулар тарабынан каралып чыгуу үчүн сунушталган (армян-ред). Бир факт өтө кызыктуу болгон, ал Калифорнияда (Ыйык Иоахим өрөөнүндөгү Мерсед-Фресно району) армян коомчулугунун "өзөгүн" көрсөткөн Келхо, Гитлердин цитатасын колдонуп, өзүнүн кызматташтарын 247 резолюцияны кабыл алуу үчүн добуш берүүлөрүн суранган33.

Андан тышкары, Келхо Калифорния штатынын губернатору, америкалык армян Джордж Деюкмеяндын катын сунуштаган. 247 резолюцияны колдоо менен Деюкмеян мындай деп жазган: "II дүйнөлүк согушта террорду баштоого чейинки Гитлердин: "Ким бүгүн армяндарды кыруу тууралуу сүйлөп

жатат?” деген дене бойду калтыраткан сөзүнө кайдыгер мамиле жасабаш керек” 34деген.

Бул каттан кийин АКШ сенаты бул биргелешкен резолюция боюнча өз бөлүгүн кабыл алууну чечкен.

1914-1915-жылдардагы осман армяндарынын тагдыры геноцидге кабылган деп божомолдонгон жана Гитлердин табылган жасалма цитатасы көпчүлүктүн көңүлүн бурган, ошондой эле үч жагдайды эске алган.

Биринчиси-партизандык этникалык саясатка тиешелүү болгон опуза жана ал бүгүнкү күндө АКШда практикаланат. Бир нече потенциялдык шайлоочуларды тынчытуу үчүн кээ бир америкалык саясатчылар алынган маалыматтын туура же калп экенин билбей туруп эле этникалык топторго басым жасоого даяр болгон.

Экинчиси-Түркия Республикасына баа беришибиз керек, себеби, ал экономикалык жана социалдык проблемасына карабастан, жалган маалымат менен камсыз болгон жана аларга өздөрүнүн тарыхын үйрөткөн америкалык саясатчылар менен иш алпарып келет.

Эгер АКШ конгресси убактысынын көбүн Федеративдүү Германия Республикасына (дагы бир НАТО боюнча союздашы) 40 жыл мурда бул элдин тарыхында болуп өткөн жакшы документтелген окуяларды түшүндүрүүгө жумшаса, 70 жыл мурда Осман империясында болуп өткөн окуялар жөнүндө лекциялар курсуна канча коротсо, НАТО сөзсүз өзүнүн бир мүчөсүнөн айрылмак.

Акыры, биздин элдин алдында турган куралдануунун жарышы, жумушсуздук, бюджеттин жетишсиздиги сыяктуу олуттуу кыйынчылыктарды эске алуу менен, жана бир нече жолу кайталангандай, тарых-көпчүлүк конгрессмендер жана сенаторлор үчүн маанилүү эмес. Конгрессмендерге кийинкидей кеңеш берсек жаңылышпайбыз: эгер конгресс мүчөлөрү тарых жазууну тарыхчыларга коюп, өздөрүнүн иштерин аткарса жакшы болмок эле.

**Тиркеме I. Армяндарга караштуу конгресстеги айтылган сөздөрдүн үзүндүлөрү.**

**Сенатор Руди Бошвиц,** Миннесота штаты (СР, сенат, 4\25\84:с.С4852):

Гитлер өзүнүн чечимин айтса, ага дүйнөлүк коомчулук эч качан массалык кыруусуна жол бербестиги айтылган. Гитлер кеңешчилерин мындай деп тынчыткан: “Ким армяндарды эстейт эле?”.

Мен бүгүн Гитлерге чындык үчүн күрөшөм деп сөз берген кесиптештериме кошулам...

**Сенатор Карл Левин,** Мичиган штаты (СР, сенат,4\24\84, с.С4703): Бирок, тилекке каршы, ал тирүү калган армяндар тарабынан унутулбай, башка дүйнөлүк эл тарабынан унутулган. Ошондуктан, Гитлер Польшаны басып алууну жана еврей калкын кырууну пландап жатканда, тоотпой мындай деп айтышы мүмкүн эле: “Акыры, ким бүгүн армяндар тууралуу сүйлөп жатат?”.

**Сенатор Ховард Меценбаум,** Огайо штаты (СР, сенат 4\24\84,с.С 4719): Үч жыл мурун, бул жерде, Капитолияда, өзүнүн сөзүндө Эли Визел, массалык кыруунун курмандарын эскерүү Кеңешинин Америкалык өкүлү маанилүү нерсени белгилеген. Профессор Визел мындай деген: “Акыркы чечимин кабыл алаарда Гитлер өзүнө өзү суроо берген: “Ким армяндарды эстейт эле?”. Ал туура айткан. Эч ким аларды еврейлердей эле эстеген эмес. Баарынан четте калып, тарыхтан алынып салынгандарын сезишкен.”

**Конгрессмен Лес Аспин,** Висконсин штаты (СР, өкүлдөр палатасы, 4\24\84,с.Х 2977): Жыйырма жылдан кийин, еврейлерди кырууну пландап жатып, башкалардын айтуусу боюнча, Гитлер мындай деген: “Ким армяндарды эстейт?”.

**Конгрессмен Ховард Берман,** Калифорния штаты (СР, өкүлдөр палатасы,4\24\84, с. Х2982):Биздин тынчсызданганыбыздын себеби, Түркия ушул убакка чейин өз көздөрү менен

көргөн кишилердин айтууларына карабастан, Армения жана Аушвицтин ортосундагы байланыш түз болсо да, тарыхый жоопкерчилигинин мойнуна албай келет. Европалык еврейлерди кыруу 1915 жана 1922 жылдардагы окуяларда өзүнүн прецендентине ээ. "Ким бүгүнкү күнү армяндарды кыруу тууралуу сүйлөп жатат?" деп Гитлер өзүнүн генералдарынан еврейлерди кыруунун алдында сураган. Дене бойду титиреткен экинчи дүйнөлүк согуштун окуялары армян геноцидин көлөкөдө калтырган, бирок, армян топторунун тынчтык иш-аракеттеринен улам, бүт дүйнө жүзү кайтадан армян элинин массалык кордугун башынан өткөрдү.

**Конгрессмен Томас Блайли,** Вирджиния штаты (СР, өкүлдөр палатасы, 4\24\84,с.Х 2939):Төрага мырза, мен Украинада Иосиф Сталин тарабынан атайын жасалган ачаарчылык, Аушвицтеги газ камерасы, камбоджиялыктарды мыкаачылык менен адам өлтүрүү, Угандада Аминди жок кылуу кампаниясы жана акыркы учурдагы Зимбабвадагы Матабелэнде болуп өткөн окуялар менен Осман өкмөтүнүн иш-аракеттеринин эч кандай байланышы жок, бирок, адам баласы жаман болсо да, бир акцияны жасоодон мурда, аны жазаланбай тургандай кылып аткарууга кепилдик алгысы келет. Мисал катары, Европадагы еврейлердин тагдыры тууралуу акыркы чечимине тиешелүү болгон Гитлердин сөзүн алгым келет. Ал мындай деген: "Ким азыркы учурда армяндарды эстейт?". Дагы далил керек болсо, биз Иди Аминдин айтууларын карасак болот, анда ал Гитлердин бул же тигил кыйынчылыкты кылдаатык менен сунуштаганына таазим кылат.

**Конгрессмен Эдвард Боланд,** Массачусетс штаты (СР, өкүлдөр палатасы, 4\24\84,с.Х 2975): Армян элин кыруусун тынчтык менен тосуп алган дүйнөлүк коомчулук, ошого окшогон акцияларды кийин жасагандарга дем берди. Бул албетте, Адольф Гитлерге таасир этти. Гитлер миллиондогон еврейлерди кырууну пландап жатканда, анын массалык өлтүрүү про-

граммасына болгон дүйнөлүк реакция тууралуу суроо берилген жана ал мындай деп жооп берген: "Ким армяндарды эстейт?".

**Конгрессмен Барбара Боксер,** Калифорния штаты (СР, өкүлдөр палатасы, 4\24\84,с.Х 2977): Осман түрк режиминин жакшы документтелген кылмыштары тууралуу күнөөсүздүгүн кайталоо, калпты кечке кайталай берсе, нацистер үчүн, ал чындыкка айланат дегенге алып келет. Киши өлтүрүү адам баласын сарсанаа кылбайт деп Гитлер өзү армяндарды кырууну далил катары келтирген.

**Конгрессмен Джин Кортер,** Нью-Джерси штаты(СР, өкүлдөр палатасы, 4\24\84,с.Х 2977): Оор тарыхый окуяларга наадандык жасоо, аны жасагандарга жана жасай тургандарга жеңилдик берет. Өзүнүн убагындагы армяндар геноциди тууралуу аз талкууланышы жана эскерилиши тууралуу фактыны Гитлер белгилеген. Ушундан кийинки анын чыгарган тыянагы кандай болду экен деп айтсак болот.

**Конгрессмен Мервин Димали,** Калифорния штаты (СР, өкүлдөр палатасы,4\12\84,с.Х 2924):Азыркы күндө армяндардын ичинен так канча киши өлгөндүгү тууралуу тарыхчылар талаш-тартыш жүргүзүп келишет. Кээ бирлери эч кандай геноцид болбогондугун айтышат. Бул аман калган америкалыктар, ливандыктар, египеттиктер, француздар, жана башка өлкөнүн жарандары үчүн эң жакшы корутунду. Эгер биз документтештирилген тарыхый окуяны-армяндарды жок кылууну четке каксак, анда биз Гитлердин "Ким бүгүн армяндарды жок кылуу тууралуу сүйлөп жатат?"деген сөзүн кайталап калабыз.

**КонгрессменЭдвард Фиган,** Огайо штаты (СР, өкүлдөр палатасы,4\24\84, с.2971): 20 жылдан кийин эле жүз жылдыктын геноциди унутулган геноцидге айланды. Өзүнүн террорун баштоодон мурун бир аз дем алып туруп, Гитлер суроо берген: "Ким армяндарды эстейт?". Эч ким аларды эстеген эмес. Бүт дүйнө жүзү, тарых сабагына көз жумуп, бирок андан да чоң масштабда, аларды кайрадан алган.

**Конгрессмен Джералдин Ферраро,** Нью-Йорк штаты: Мен армяндарга карата жасалган геноцидге адам укугун ырайымсыздык менен бузулган уникалдуу окуя катары токтолбойм, ал мындай жалгыз гана окуя болгондугу үчүн гана токтолом. Бүт дүйнө жүзү нацисттер тарабынан еврейлер кырылганын билишкен, бирок эч нерсе жасашкан эмес. Бирок сөз менен айтып бүткүс дене бойду титиреткен кылмышка болгон кайдыгер мамиле, аны жасаган адамдарды гана шерменде кылбастан, башкаларды да шерменде кылды.

Албетте, 1915-жылкы Түркияда, II дүйнөлүк согуш маалында Германияда, 70-жылдардагы Камбоджада болгон окуялар бир-бири менен түз байланышы жок. Бул геноциддерди баштаган адамдардын акылсыздыгы жана ырайымсыздыгы өзүнүн трагедиялык негизине ээ. Ошондуктан бүт дүйнө жүзүнүн мындай иштерге жасаган кайдыгер мамилеси аларды бириктирет. Бизди Адольф Гитлердин гана еврейлерди кыруунун алдында айткан: “Ким бүгүнкү күнү армяндарды кыруу тууралуу сүйлөп жатат?” деген сөзү бушайман кылат. Бүгүнкү күнү, көп жылдар өткөндөн кийин, нацисттер тарабынан газдалган камерада жана кызыл кхмерлерде өлтүрүлгөн адамдар үчүн кеч болсо да, биз армяндарды кыруу тууралуу айтып жатабыз. Еврейлерди да, камбоджийликтерди да. Биз дүйнө жүзүнө, адам баласына каршы болгон мындай кылмыштарды эскертүү үчүн жана мындай кылмыштар келечекте болбосун демекчибиз.

**Конгрессмен Гамильтон Фиш,** Нью-Йорк штаты (СР, өкүлдөр палатасы,4\24\84, с. Х 2982): Еврейлерди кыруунун натыйжаларын айтып жатып, Гитлер мындай деген: “Ким армяндарды эскерет?”. Туура, биз аны эстеп жүрүүгө жоопкерчилик алышыбыз керек: тезинен унуткубуз келген нерсени эстеп жүрүшүбүз керек.

**Конгрессмен Вильям Форд,** Мичиган штаты (СР, өкүлдөр палатасы, 4\24\84, с. Х 2981): Жада калса Адольф Гитлер да ар кандай тарыхый окуяларды өз саясатын жүргүзүү үчүн кол-

донгон. 1939-жылы, жаңы эле Польшаны басып алууну баштап жатканда,Гитлер:"Ким бүгүн армяндарды кыруу тууралуу айтып жатат?" деген сөзүн айтып, Польшанын элин массалык түрдө кырып жок кылгыла деп буйрук берген. 25 жыл мурун бүтүн эл геноцидге дуушар болгондугунадам баласы унуткарып койгондугу, Гитлерге миллиондогон күнөөсүз адамдарды кыруусуна түрткү берген.

**Конгрессмен Сэм Гейденсон, Коннектикут штаты (**СР, өкүлдөр палатасы, 4\24\84, с. Е 1766**):** Еврейлерди массалык түрдө жок кылуунун алдында, чуулгандуу сөзүндө, бүт дүйнө жүзүнүн армян геноцидине жасаган кайдыгер мамилесин: "Ким,-деп сураган ал,-армяндарды эстеп жатат? " деп эскерип кеткен.

**Конгрессмен Вильям Грин,**Нью-Йорк штаты (СР, өкүлдөр палатасы, 4\24\84, с. X 2972): Гитлер кырууну (еврейлерди) баштап жатканда, штабындагы мүчөлөрдүн бири дүйнө жүзүнүн мындай акцияга болгон реакциясы тууралуу кызыкканда, ал мындай деп жооп берген деп айтылат: "Ким армяндарды эстемек эле?".

**Конгрессмен Ричард Лехман,** Калифорния штаты (СР, өкүлдөр палатасы,4\12\84, с.X 2793): Гитлердин кеңешчиси андан еврейлерди геноцидге дуушар кылуу саясаты тууралуу сураганында, ал: "Ким бүгүн армяндарды эстемек эле?"деп жооп берген.

**Конгрессмен Брус Моррисон,** Коннектикут штаты (СР, өкүлдөр палатасы,4\24\84, с. X 2979): Адольф Гитлер бүт дүйнө жүзүнүн амнезиясын (акылын жоготкондугун), европалык еврейлерди жок кылуусунун прецененти катары колдонгон. Гитлер 1939-жылкы денени титиреткен сөзүндө мындай деген: "Ким бүгүн армяндарды эстемек эле?".

**Конгрессмен Николя Мавруль,** Массачусетс штаты (СР, өкүлдөр палатасы, 4\24\84,с. X 2979): Армян геноциди 1930чу жана 1940чы жылдардагы нацисттерди жок кылуудан ашып

кеткен. Адольф Гитлер маниакалдык өлтүрүүсүн актап, мындай деп күлүмсүрөгөн: “Ким бүгүн армяндарды эстемек эле?”.

**Конгрессмен Чарльз Шумер,** Нью-Йорк штаты (СР, өкүлдөр палатасы, 4\24\84, с. Х 2976): Бул трагедиянын убакыт өткөндөн кийин жок болуп кетишине жол бербешибиз керек. Религиоздук жана националисттик себептен келип чыккан бул адамгерчиликсиз акт, адам баласы жасаган катастрофадай эле үрөй учуруучу эле: 20 жылдан кийин Гитлер: “Ким армяндарды эстемек эле?” деп сураган. Балким, армяндарды кырууда дүйнө жүзү көбүрөөк көңүл бурса, кийинки трагедиялар болмок эмес.

**Конгрессмен Джеймс Шанон,** Массачусетс штаты (СР, өкүлдөр палатасы,4\24\84, с. Х 2973): Бул кыруу актысы Гитлердин еврейлерди кыруу планына жардам берген, Гитлер шектенген шериктештерине планын, 15 жыл мурда болуп өткөн армян геноциди тууралуу эч ким эстебейт деп түшүндүргөн.

**Конгрессмен Генри Воксман,** Калифорния штаты (СР, өкүлдөр палатасы, 4\24\84, с. Х 2981): Бул күн бизге бул жүз жылдыктын биринчи геноциди, II дүйнөлүк согушта кыруунун преценденти катары эсептелгенин эстетет. Анда 6 миллион адам өкмөт башы (Гитлер) тарабынан кырылган. Еврейлерди кыруу жазасыз калбайт деген дүйнөнүн эскертүүсүнө Гитлер мындай деп жооп берген: “Ким армяндардга бушайман болуп жатты эле?”.

**Тиркеме II. 1939-жылдын 22-августунда Оберзальцбергдеги Польшага пландалган басып алуу тууралуу Лохнердин сөзүнүн вариантынан үзүндүлөр.**

**Лохнер. 1942-жыл с.2.**

Биздин күчүбүз биздин ылдамдыгыбызда жана биздин ырайымсыздыгыбызда. Чыңгыз-хан алдын ала ниеттенип, жүрөгү эч оорубастан миллиондогон аялдарды жана балдарды

кырып салган. Тарых аны жалаң гана мамлекет негиздөөчүсү катары көрсөтөт. Араң өнүгүп жаткан батыш европа цивилизациясы,мен жөнүндө эмне деп айтып жатканы мени эч тынчсыздандырбайт.

Мен буйрук чыгардым (мага каршы чыккандардын баары атылат), биздин максат кандайдыр бир чек араны басып алуу эмес, душманыбызды физикалык жактан жок кылуу тууралуу жазылган. Ошондуктан, мен аскерлериме - азыркы учурда Батышта гана,- ырайымсыздык менен польшалык эркектерди, аялдарды жана балдарды өлтүрүүгө буйрук бергем. Ошенткенде гана бизге керек болуп жаткан жашоо мейкиндигине жетебиз. Ким бүгүн армяндарды кыруу тууралуу сүйлөп жатат?

**НСА. Том VII? С.753**

Биздин күчүбүз биздин ылдамдыгыбызда жана ырайымсыздыгыбызда. Чыңгызхан өз каалоосу менен жана эч камырабай миллиондогон аялдарды жана балдарды кырып салган. Тарых аны жалаң гана мамлекет негиздөөчүсү катары көрсөтөт. Араң өнүгүп жаткан батыш-европалык цивилизация мен жөнүндө эмне дегени эч бушайман кылбайт.

Биздин согуштун максаты кандайдыр бир чек араны басып алуу эмес, душмандарыбызды кырып жоготуу экенине кимдир бирөө каршы сөз айтса, ошол замат атылат. Мен өкмөттү башкарып турганда, Батышка жалаң “өлүм отряддарын” жөнөткөм. Аларга ырайымсыздык менен польшалык эркектерди, аялдарды жана балдарды, ошондой эле польшача сүйлөгөндөрдүн баарын кыргыла деп буйрук бергем.Бизге гана керек болгон жашоо мейкиндигине жете алабыз. Ким бүгүн армяндар тууралуу сүйлөп жатат?

***“Таймс”. 24-ноябрь 1945ж, с.4***

Биздин күчүбүз биздин ылдамдыгыбызда жана ырайымсыздыгыбызда. Чыңгызхан өз каалоосу менен жана эч камырабай миллиондогон аялдарды жана балдарды кырып салган. Тарых

аны жалаң гана мамлекет негиздөөчүсү катары көрсөтөт. Араң өнүгүп жаткан батыш-европалык цивилизация мен жөнүндө эмне дегени эч бушайман кылбайт.

Кимдир бирөө мага каршы сөз айтса, ошол замат атылсын деп буйрук бергем. Ошондуктан, мен Батышка "өлүм отряддарын" жөнөткөм. Аларга ырайымсыздык менен польшалык эркектерди, аялдарды жана балдарды, ошондой эле польшача сүйлөгөндөрдүн баарын кыргыла деп буйрук бергем.Бизге гана керек болгон жашоо мейкиндигине жете алабыз. Ким бүгүн армяндар тууралуу сүйлөп жатат?

**Тиркеме III. 1939-жылдын 22-августунда Оберзальцбергдеги Польшага пландалган басып алуу тууралуу Нюрнберг вариантынан үзүндүлөр.**

И5-30 (1014-Р).
ТМ С, Том II, с. 290-291.
НСА, Том III, с.665-666.
ДГР, Том VII, с. 205-206.

Биринчи планда — Польшаны жок кылуу. Максатыбыз бир чек араны басып алуу эмес, адамдардын баарын кырып салуу. Согуш Батыштан башталса да, эң негизги максат болуп Польшаны жок кылуу эсептелет. Кийинкиге калтырылбай турган чечимге туура келген жыл мезгили.

Мен пропагандалык максат менен — согушту жүргүзүүнүн себебин табам. Ал чындыкпы же калппы маанилүү эмес. Согушту баштоодо же жүргүзүүдө ким туура же ким туура эместиги маанилүү эмес. Жеңүүчүдөн сен туура айттың беле же жокпу деп кийин эч ким сурабайт. Жеңиш маанилүү. Эч кимди аябагыла. Ырайымсыз мамиле менен гана 80 млн. адам өздөрүнө тиешелүү болгон нерсени алат. Алардын жашоосу камсыз болуш керек. Ким күчтүү болсо, ошонуку туура болот. Каардуулуктун туу чокусу.

Кийинкиге калтырылбаган чечим керек. Немис жоокерине чексиз ишеним. Биздин лидерлердин нервдери чыдабабай калса, кризис ошондо келет.

Биринчи максат: Висла менен Нарвага кирип баруу. Биздин мыкты техникаларыбыз поляктарды аландатат. Кайрадан түзүлгөн польшалык аскер ошол замат жок кылынат. Эч токтобогон согуш.

Акылдуу принциптерге жараша түзүлгөн жаңы германдык чек ара. Буфер зонасындай болгон кандайдыр бир протекторат болушу мүмкүн. Бул ойлор согуш операцияларына таасирин тийгизбеш керек. Польшаны түп тамырынан бери жок кылуу, согуштун максаты болуп эсептелет. Эң негизгиси — кыймыл-аракеттин ылдамдуулугу. Тыптыйпыл кылганга чейин артынан жүрүп отуруу.

**Боэм**, 22-**август 1939ж**
**ТМ С. Том XI, I, с.25**

Биздин максатыбыз, согуш Батышта башталса да, польшалык аскерлерди тыптыйпыл кылып жок кылуу. Ылдам, ийгиликтүү Батыштагы натыйжа чыр чатактын масштабын чектөөгө эң мыкты перспектива берет. Пропагандалык максат үчүн чыр чатактын себеби алдын ала көрсөтүлөт. Ага эл ишенеби же жокпу — маанилүү эмес. Жеңүүчү ар дайым туура.

Биз катаал жана ырайымсыз болушубуз керек. Дүйнөнү жакшыртуу жөнүндө ойлогондорго, дүйнөнү жакшыртуу үчүн согуш же ошол сыяктуу окуялар такыр керек эместиги түшүнүктүү. Биз немис жоокерине ишене алабыз жана ишенишибиз керек. Крисиз учурунда, башчылар өздөрүн кармай албай калса да, ал кайратын жоготкон эмес.

Дагы бир жолу: операциянын ылдамдыгы зор мааниге ээ. Ар бир жаңы ситуацияга көнүү, душмандарды кайсы жерде пайда болбосун, акырына чейин тыптыйпыл кылуу. Бул согуштун

максаты, келечекте чек араны жабууга, саясий максатты чектөөгө шарт түзөт.

**Гальдер. 1939ж, 22-август.**
**Том VII, с.559**

**Максат:** Польшаны жок кылуу — андагы тирүү жандын баарын кырып жок кылуу. Себеп кандайдыр спецификалык чекти же жаңы чек араны басып алуу эмес, жолубузга чыккан душмандардын баарын кырып салуу.

**Чечим:** кандай жол менен маанилүү эмес. Жеңүүчүдөн кылган ишине жооп сурабайт. Акыйкаттуулук ким тарапта экендиги бизди кызыктырбайт. Бизди жеңиш гана кызыктырат.

**Аткаруу:** Мыкаачылык жана ырайымсыздык. Боорукерликке алдырмай жок.

**Ийгиликтин далили:** Жеңилип бараткан учурда да, немис жоокерине ишенич көрсөтүү.

Эң негизги маани болуп, түштүк-чыгыштан Висла дарыясына чейин жана түндүктөн Нарва жана Висла дарыяларына чейин шынаалар (кагылышы керек) эсептелинет. Жаңы ситуациялар менен беттешкенде, алардан тез чыгуу үчүн ылдамдык зарыл жана жаңы жолдор табылып чыгыш керек.

**Жаңы чек аралар:** Жаңы Рейхтин территориясы. Протектораттын территорясын пландоо. Келечектеги жаңы чек аралар согуштук операцияларга таасирлерин тийгизбеши керек.

***Эскертүүлөр:***

Ованесяндын (1983ж.) айткан сөзүнүн толук тексти сенатор Карл Левин тарабынан 1984-жылы 24-апрелде “Сенат чогулушунун протоколунда” (4713-4714 беттериде) “армян курмандыктарынын 69-жылдыгы” деп кыскача жазуусунун бир бөлүгү болуп жазылган. Ованесян тарабынан колдонулган, Гитлер айткан деп божомолдонгон цитаталар, 4714 бетинде табылган. 4714 бетиндеги Ованесяндын айткан сөзүн, “Протоколго” кир-

гизилген мындай фактыларды камтыган документтерди жана макалаларды ага Армян коомчулугу тарабынан берилгенин Левин өзү белгилеген.

“Таймс” гезити, Алтынчы күн, 1945-жыл 24-ноябрь, 4-бет. Гитлер армяндар тууралуу айткан деп божомолдонгон цитатасы, дайыма ким тарабынан чыкканы (жогорудагы Хованесяндын мисалындагыдай) белгисиз болуп келсе да, “Таймс” гезитинде “документтер менен далилденген” макала чыккан. Макаланын белгисиз автору макаласын “Гитлердин 1939-жылдын 22августунда негизги командачыларына жасаган кайрылуусун — Польшаны басып алууга бир нече күн калганда,-ал кайрылуу кечээ күнкү Нюрнберг процессинин чогулушунда (1945-жылдын 23-ноябрында) окулганын” негиз кылган.

Курсив кошулган.

Луи П. Лохнер “Германия тууралуу кандай ойдосуз?” (Нью-Йорк: Дод, Мид жана Компания 1942-жыл), 1-4 бет (кийин Лохнер цитаттагандай, 1942ж.).

Лохнер, 1942ж,1-бет.

Лохнер, 1942ж.,2-бет.

Конгресстин отчеттору Н 2981 —бет. (24-апрель 1984-ж.).

Гитлердин цитатасын колдонуу үчүн он алты америкалык мыйзам чыгаруучуларынын жазууларындагы эскертүү Іди караңыз.

Адмирал Боэмдин көз алдында жаткан 1939-жылдын 22-августундагы Оберзальцберг чогулушунун протоколдору Нюрнбергде, адмирал Редерди коргоодо, далил катары көрсөтүлгөн. Алар сот көчүрмөлөрүнүн бөлүгү болуп, “Согуштун негизги кылмышкерлеринин үстүнөн жүргүзүлгөн сотунун, Эл аралык согуштук трибуналынын алдында турган” (кийин ал ТМ С деп белгиленген), Нюрнберг, 1945-жылдын 14-ноябрынан 1946-жылдын 1-октябрына чейин, 16-25 бет. (Нью-Йорк: AMS пресс,1971ж.) XII томунда көрсөтүлгөн. Боэмдеги протоколдор “Редер — 27 нин документи” (кийин Боэм цитаттагандай, 22-август 1939ж.)деп белгиленген.

ОКдан конфискацияланган документтерден экөө эле болгон. Алар нюрнбергдик айыптоочулар тарабынан Оберзальцберг чогулушунун официалдуу протоколдору катары кабыл алынган. Алар соттук шифрленген стенографиялык жазуулары катары сакталып калган. TMWC, том II (Нью-Йорк: AMS пресс,1971ж) 285-293б. Сотто көрсөтүлгөн документтердин номурлары US-29 (798-PS) жана US-30 (1014-PS). Бул документтер "Нацисттик өз ара жашыруун сүйлөшүүлөрдө жана агрессияларда" (кийин NCA деп цитатталган) басылып чыккан. Ошол эле жерде US-29 (798-PS)дун III томдун 581-596 беттеринде жана US-30(1014-PS)дун ошол эле томунда 665-666беттеринде жазылган. Ошондой эле алар "Германиянын тышкы саясат боюнча документтеринде" 1918-1945-жылдары Серия Д (1937-1945), том VII (Вашингтон Д.С.: АКШнын өкмөттүк басмаканасында, 1956ж.) (кийин DGFP деп цитатталган), 200-206-бет.) чыгарылган. Бул документтердеги кийинки цитаталарда, мен жогоруда көрсөтүлгөн үч чыгарылышта тең керектүү барактарга таяныч жасайм.

Генерал Франц Хальдердин Оберзальцберг жолугушуусу тууралуу жазуулары, Нюрнберг процессинде далил катары сунушталбаса да, натыйжада DGFP (557-559б.) басылып чыккан.

Вильям Ширер "Рейх IIIтүн өркүндөп - өсүшү жана кулашы" (Нью-Йорк, Симон жана Шустер, 1960ж.) 529-532 б. Бул документтердин кенен сүрөттөлүшүн 529-беттен (кийин Ширер деп цитатталган, 1960ж.) кара.

Ширер, 1960ж., 529ке сноска жасоо.

Бул абзац Нюрнберг трибуналынын стенографиялык жазууларынын көчүрмөлөрүнөн алынган: TMC, том II (Нью-Йорк: AMS пресс, 1971ж.) 285-286б. (курсив кошулган). Документ айыптоочу Ольдерман тарабынан буюмдата далил ИА-28 катары талкууланган (бирок далил катары көрсөтүлгөн эмес). Ал кийин NSA да басылып чыгарылган, том VII, 752-754б., ал жерде 1-3 деп белгиленген. (Эскертүү: Ширер, 1960, 529 бетке

сноскаланган. Ширер жаңылыш түрдө, бул документтин номурун басмага С-3деп киргизип алган).

TMWS, том II, 291-б.
TMWS, том II, 291-б.
TMWS, том II, 292-б.

Луис П. Лохнер “Ар дайым күтүүсүз” (Нью-Йорк:Макмиллиан компани, 1956ж.) 287б (кийин “Лохнер, 1956ж.” деп цитатталган).

Подполковник В. Бифорд-Джонс “Берлин күн батышы” (Лондон: Хачинсон жана Ко., 1946). 174,176-177-б.

Лохнер, 1956ж., 287-288б.

Лохнер, 1942ж.405-б. Баарынан эң кыйынга турганы бул — нюрнберг айыптоочулары да, Вильям Ширер да Лохнердин документи 1942-жылы басылып чыккандыгы тууралуу билбеген факты болуп эсептелет. Лохнер, 1956ж., 314-б чыгарылышында, автор “Сиз Германия тууралуу кандай ойдосуз?” деген макаласы басмада 1942-жылдын 15-октябрында пайда болгон жана ал “бестселлердин тизмесинде көп убакытка чейин болгон”.Бул фактыга карабастан, учурдагы изилдөө биринчи жолу документ И5-28 12-3 түн талкуулангандыгын, бирок нюрнберг процессинде далил катары сунушталбагандыгын көрсөтөт. Ал нюрнберг айыптоочусу Лохнер тарабынан көрсөтүлгөн жана чынында эле, 1942-жылы басылып чыгарылган.

Лохнер, 1956г., 287-288-б.

Ширер, 1960г. Бектин Гитлерге каршы өз ара жашыруун сүйлөшүүлөрдүн организаторлук ролу тууралуу 309,366-375, 387, 422,488- беттеринен караңыз.

Ширер, 1960ж. 529б.

Караңыз: Лохнер, 1942, 14б жана СА, т. VII. 752-754.

Халдердин Гитлерге каршы өз ара жашыруун сүйлөшүүлөрдөгү ролун сүрөттөө үчүн. Кара: Ширерди, 1960,374-375, 378-379, 380, 381-382, 404-408, 411-413, 422, 426, 517, 530, 558-559.

Армян ораторлору, террористтердин иш-аракеттерин, өздөрүнүн кийинки максаттарына жетүү үчүн Хет, В. Лоуринин 19 жана 20-кылымдагы “Армян терроризмин” кара. “Эл аралык терроризмдеги иш аракеттердин тизмеси жана анын наркобизнес менен болгон байланышы” (Анкара: Анкара университетинин басмасы, 1982ж), 71-83б.

Пашаян 1984-жылдын 24-апрелинде “атайы буйрук алган”, анда өкүлдөр палатасынын ар кайсы мүчөлөрү армян геноциди тууралуу айтып чыгышкан. См. :Конгресстин отчетторун кара. Н 2967б. (1984ж 24-апрель).

Сенатор Ховард Метценбаумдун (Огайо штаты) жазууларында 1984-жылдын 24-апрелинде цитатталган, сенат протоколдорунда басып чыгарылган, 4719-б. (1984ж 24-апрель).

Конгрессмен Глен Андерсондун (Калифорния штаты) жазууларында 1984-жылдын 24-апрелинде цитатталган, Конгресс протоколдорунда басылып чыгарылган, Н 2970 —б. (24-апрель 1984ж.).

Конгресс отчетторунун протоколдору, Н 9227 б. (1984ж 10-сентябрь).

XIX кылымдын аягындагы — XX кылымдын башындагы түрк калкына байланыштуу болгон эң авторитеттүү илимий иш болуп, Джастин Маккартинин “Мусульмандар жана аз сандагы улуттар: түрк Анатолиясынын эли жана империянын кулашы” (Нью-Йорк жана Лондон: Нью-Йорк университетинин басмасы) аттуу иши болуп саналат. Бул демографиялык изилдөө, ошол убакыттын аралыгында армян курмандыктарынын саны 600000 ашкан эместигин көрсөткөн жана ал ачарчылыктын, эпидемиялардын жана коом аралык чыр чатактын натыйжасы болгон, ал эми ошол убакыттын аралыгында, мусулмандардан 2,5 млн. киши өлгөн. Автор ар кандай себептер менен каза болгондордун пайызын азайткан эмес.

Конгресстин отчеттору, Н 9228-б. (1984-ж 10-сентябрь).

Конгресстин отчеттору, Н 9228-б. (1984-ж10-сентябрь).

**55 ДОКУМЕНТ**

Булак: Проф., доктор Тюркая Атаэв, Анкара университетинин политология факультетинин эл аралык бөлүмүнүн башчысы.

Биринчи басылыш: июль 1985ж, Анкара.

**АРМЯН ФАЛЬСИФИКАЦИЯСЫ**

Бул брошюранын сырткы бетиндеги сүрөт фальсификация. Чынында, бул армяндар тарабынан чыгарылган жана таркатылган фальсификациялардын акыркы мисалы. Ал сүрөт I дүйнөлүк согуш учурунда армяндардын топтолгон баш сөөктөрүн көрсөткөн жана ал бир нече чыгарылышта чыккан. Ал картанын алдындагы коюлган кол, 1915-1917-жылдарды көрсөткөн же ал кандайдыр бир башкача болуп белгиленген.

Сүрөт китептердин жана жөнөтмө каттардын сыртына жалган жана жоопкерчиликсиз таркатылган, пропагандалык баракчалардын сыртына тартылган же алдоо максаттары үчүн почта открыткасы катары таркатылган.

Бирок, чындыгында, бул "Согуш апофеозу" аттуу сүрөт 1871-1872-жылдары 1842-жылы төрөлүп, 1904-жылы өлгөн орус сүрөтчүсү Василий Вереүагин тарабынан тартылган. Ошондон улам, армяндар обңект болбогон сүрөт,бул окуялардан 44 жыл мурун, 1915-жылы тартылган, ал эми сүрөтчү өзү I дүйнөлүк согуш башталаардан 10 жыл мурун каза болгон. Мен өзүм бул сүрөттү биздин заманга чейинки орус мамлекети пайда болгондон баштап тартылган эң сонун орус живописинин үлгүлөрү көрсөтүлгөн Москвадагы белгилүү Третьяков галереясынан көргөм. Ошол эле галереядагы бир нече каталогдордо көрсөтүлгөндөй, сүрөтчүлөрдүн иштеринин бул коллекциясы, элдин маданиятынын тарыхын чагылдырат. Бул галереянын шедеврлеринин бири, бирөөлөр тарабынан фальсификация максатында колдонулушу парадоксалдуу.

Сүрөттүн тартылган күнү атайы өзгөртүлсө да (андан да, басма сөз түрүндө), алдоо ниети айкын. Жасалма сүрөттү чыгаруу менен аны чыгаргандар сүрөттү тарткан күнүн (максаттарын да көрсөтөбүз — ред.) жашырып, башкаларды алдайбыз деп ниет кылышкан, бирок натыйжада, белгилүү чыгарманын идеясы бузулган.

Фальсификатор пайда көрүү үчүн башкаларды алдоого аракет жасаган. Бул арамза, аморалдуу, митаам жана калп, сатылып кетме жана бузуку адамдын иши.

Бул түрктөргө гана эмес, армяндарга да карата болгон акыйкатсыздык. Армян элин мындай, жакшылап айтканда, фальсификация дей турган иштерге чаташтырууга эч кимдин акысы жок. Дүйнө жүзүндөгү армяндардын көпчүлүк бөлүгү, албетте, мындай “методду” жактабайт.

Фальсификация качан гана керек болгондо пайда болот. Ал нерсенин өзүнө тийиштүү эмес. Ошондуктан, Третьяков галереясы да, сүрөтчү Вереүагин да, сүрөттүн өзү да, башкалар тарабынан колдонулган жасалма болсо да, баалуулугун жоготпойт.

Чындыгында, башка жерде кенен белгилегенимдей, “армян суроосу”, тилекке каршы, көптөгөн жасалмалар менен байланыштуу. Мисалы, азыр билингендей, 1915-жылкы Түркиянын ички иштер министри Талат Пашага оодарылган “телеграммалар” жасалма болуп чыкты2. Алар армяндарды жок кылуу буйругуна тийиштүү болгондугу божомолдонот. Түрк академиясынын изилдөөлөрү, бир нече чет тилдеринде басылып чыккан. “Документтерди” формасына жана мазмунуна карап катуу сынга алып анализдеген түрк окумуштуулары, армян автору Арам Андоняндын “официалдуу” деп тапкан телеграммаларын жасалмадан башка эч нерсе эмес экендигин бир добуштан ырастап чыгышты.

Бул китеп мындай жасалмаларга кенен токтолууну максат кылбайт, себеби, ал тема көптөгөн башка чыгарылыштарда жазылган. Ал чыгарылыштар эскертүү 2 жана 3тө көрсөтүлгөн.

Бирок, ошондой болсо да, I дүйнөлүк согуштун жеңүүчүлөрүнө түрк башчыларын айыптоо үчүн документтер керек болгондугун унутбоо керек, алар Адоняндын4 "документтерин" колдонбостон, британдык колония "Мальтада" токтошкон. Алар бул "документтердин" жасалма экендигин билишкен. Адоняндын мындай иш-аракетин, биздин жүз жылдыктагы эң ири фальсификациясы десек жаңылышпайбыз. Армян автору ушул убакка чейин документтердин оригиналдарын көрсөтпөй келет, себеби, андай документтер чындыгында жок.

Экинчиден, фальсификацияланган документтерде көптөгөн каталыктар жана келишпестиктер көрсөтүлгөн жана алар фальсификатордун калпын ачыкка чыгарып турат. Адонян ойлоп тапкан "документтердин" саны жана датасы тууралуу болгон баш аламандыктар анализденип жатканда фальсификациянын өлчөмү андан да көп экени көрүнүп турат. Алдыда перс тилинде жазылган китептен бир нече мисалдар көрсөтүлгөн.

"Армян маселесине" тийиштүү болгон жасалмалар Талат Пашанын "телеграммалары" менен гана чектелбейт. Дагы бир жалган "айтылган сөз", Түрк Республикасынын негиздөөчүсү-Мустафа Кемаль Ататүрккө жабыштырылып жүрөт. Көптөгөн армяндардын макалаларына ылайык, ал "армян геноцидинин" болгондугун тастыктап, ал үчүн түрк мамлекети жоопкерчиликти мойнуна ала тургандыгын айткан дешет. Кээ бир түрк басылыштары, мындай айтылган сөз фальсификация экендигин далилдешкен. "Armenian review" ("Армян обзору") гезитинин күзүндөгү чыгарылыштарынын бириндеги Джеймс Таньяндын макаласында Ататүрктүн андайды эч качан айтпагандыгы жазылган.

Түрк лидерине оодарылган дагы бир жаңылыш "айтылган сөз", азыркы учурда басылып жаткан жарыяда адекваттуу жооп алат.

Дагы бир жасалма "сөз", жанылыш түрдө, Адольф Гитлерге оодарылган.

Германиялык диктатордун “армяндарды кыруу” тууралуу айтылган сөзү божомолдонот. Ал еврейлердин жана армяндардын де-фактосун теңдөөгө максат кылат жана мүмкүн болушунча, де-юрени да. Мындай мамиле еврейлерге (геноцидге дуушар болгон) жана еврейлерге жардам берген түрктөргө акыйкатсыз болуп саналат. Менин жарыяларымдын кээ бирлери жана бир америкалык профессордун6 макаласы Гитлердин мындай “сөздү” 7 эч качан айтпагандыгын көрсөтөт.

Фальсификация деп чыгарманын, документтин, искусство затынын жана башкалардын8 асыл нускасынын ар кандай формадагы бурмаланышы аталат. “Жасалма”, фальсификациянын9 бир түрүндөй, ал алдоонун концепциясы же натыйжасы. Бул фальсификацияланган чыгармачылык, malo animo алдоо жана калп үчүн. “Жасалманын адаттагыдай жолу — бул кандайдыр бир жасалма чыгарманы даярдоо жана ага башка бирөөнүн атын коюуу. Анык коюлган колду жасалмага жалган колдонуу же тескерисинче10. Бул 1920-жылдардагы армяндардын фальсификаторлорунун белгилүү айланасын кургандай. Анын натыйжалары ушул күнгө чейин көрүнөө. Алар албетте жалган айтылган сөздөрдү басып чыгарышкан жана алдоо максатында болгон фактыларды бурмалоого берилип кетишкен...”11.

С.Г. Глингдин айтканындай, кимдир-бирөөнүн жапа чеккени маанилүү деле эмес: бирок, жасалып жаткан нерсе зыяндуу натыйжаларга11 алып келээри айкын. “Жасалма” деген термин кандайдыр бир асыл нусканы көчүрмөлөөдө жана имитациялоодо колдонулат. Кимде ким документтин көчүрмөсүнө сөздөрдү кошумчалап, оригиналы жоголду деп аны далил катары сунуштаса, анда ал адам документти жасалмалады13. Терминдердин экөөсү тең, тактап айтканда “фальсификация” менен “жасалма”, алдоо үчүн бири-биринен айрылгыс.

Фальсификация же жасалма мамлекеттик кылмыш болуп саналат. Кандай гана болбосун макаланы, документти же искусствонун чыгармасын жасалмалаган адам же адамдар күнөлүү

болуп эсептелет. “Кошмо Штаттарда жана Англияда мындай кылмыштар “кылмыштуу күнөөлөрдүн”14 катарына кирет. “Блэктин юридикалык сөздүгүнө” ылайык, кылмыш түшүнүгү деп жасалманын актысынын өзү жана башка адамдарды жана топторду жаңылышка алып келген же зыян келтирген, жасалманы асыл нуска деп сунушталган сөздөр эсептелет. Мындай кылмыш, алдоо максатында жасалат же адам өзү жасалмалайт, же болбосо, ал адам жасалманын натыйжаларын15 колдонот.

Англиянын биринчи жарандык мыйзамына ылайык, жазалануучу болуп печаттын жана акчанын жасалмасы жана ошондой эле жасалма документтердин сотко көрсөтүлүүсү эсептелген. Парламенттин 1956ж. актысы кандайдыр бир документтер жасалмаланса, ага жараша оор жарандык жана кылмыш жазаларын караган. Кылмыш чөйрөлөрү чыгарылган указдар жана жарандык соттор менен дагы да кеңейген.

1980ж. жасалмалоо боюнча  англиялык мыйзам, биринчи жолу парламенттин актысында бекитилген.

Кошмо Штаттардын мыйзамында жасалма граждандык мыйзамды бузуу катары каралса да,  көпчүлүк мыйзамдардын уставдары, ал үчүн жоопкерчиликти жана жазаны киргизген16. Мисалы, кимде ким конверттеги кандайдыр бир жасалма марканы же жасалма почталык открытканы даярдабасын же басып чыгарбасын, же аны даярдоого же басып чыгарууга уруксат бербесин, ал штраф төлөйт же түрмөгө камалат (же экөөсү тең)17.

Сүрөтчүнүн окуучулары менен аткарылган жасалма, албетте, көчүрмөдөн айырмаланат. Жогоруда айтылгандарга тийиштүү болгон арамза аракеттер алдоо максатында эмес, репродукциялоо максатында жасалган туура көчүрмөлөрдөн айырмаланышат.

Жасалмалар жана фальсификациялар тууралуу болгон кабарлар биринчи Римде башталган. Фадрус өзүнүн чыгармаларынын алдына скульпторлор Праксительс менен Мирондун аттарын жазып койгондорун айткан18. Ортоңку кылымдарда

мындай кабарлар өтө көп болгон эмес. Мындай көрүнүш Ренессанс убагында өнүгүп өскөн. Ага Ренессанс убагындагы сүрөтчү Лук Джордано мисал болот. Ал замандашынын “Чолоңдогон кишини айыктырган Христос” деген ишин жасалмалап, аны “Дюрер” деп атаган.

Кампаниялар жасалмаларды XVIII кылымда өтө көп жасап башташкан, алар археологияга кайра пайда болгон кызыгуу менен кошо башталган19. Помпейдеги жана Геркуланумдагы казуулар менен бирге римдик сүрөттөр да пайда болгон.

Ошондон улам Джузеппе Гуерра белгилүү болгон, ал Римдеги Кирчериано музеи үчүн 72 жасалмаланган иезуиттерди саткан20. Андре де Прадден фальсификацияны эки класска бөлгөн: биринчиси - маскировкаланган археологиялык буюмдардан турган (“алдоо” деп атаган), экинчиси — жакында жаралган (“жасалмалар”)21.

Археологиялык жасалма өзүнүн туу чокусуна XIX кылымда жеткен. Ал учурда дээрлик археологиялык казуулардын баары жасалмаларды көрсөтүшкөн. Жада калса, археологдор да бул алдамчылыктын курмандыктары болушкан. Берлин музеинин жетекчилиги (1872-1876ж-ы) терракоталык буюмдарды алышкан. Алар божомол боюнча, “Палестинадан” келишкен. Луиджи Палма ди Чеснола Куриондун болжолдонгон кенчин (1875-1885ж-ы) “тапкан” жана аны борбордук музейге өткөрүп берген. Чоподон жасалган антиквардык буюмдардын кампанейлик коллекциясынын арасында Пиэтр Пеннели тарабынан чыгарылган жасалмалар болгон. Жасалманын жакшы белгилүү болгон мисалы Сайтафарнестик Тиара, массивдүү алтындан жасалган баш жасалгасы, анда “Иллиададан” сценалар болгон. Ал жерде жасалганын скиф падышасы Сойтафарнеске белек катары берилгенин көрсөткөн жазма болгон. Ал Лувр тарабынан биздин доорго чейинки III кылымдын оригиналдуу чыгармасы катары эсептелинген. Асыл нуска тууралуу болгон талаш тартыш XX кылымда, Одесса тургуну тиараны өзүнүн чыгармасы

деп тапканда бүткөн.XIX кылымдын жасалмалар боюнча эң ири адистеринин бири болуп, эрте Ренессанс жана рим, этрус, грек, скульптураларынын жасалмаларынын устаты Алгео Доссен эсептелген. Метрополий музеинде көп жылдар бою жоокерлердин үч чоң статуясы болгон. 1961-жылы Гарольд Парсонс Римде бул стауялардын жасалма экендигин тастыктаган бир адистин катын алган. Археологиялык буюмдардын кээ бир жасалмалары Мексикада чыгарылган. Ал жерде сатуучулар кээ бир учурларда жасалмаларын жерге көмүп, алдамчылыктарынын курмандыктарына ал буюмдардын "казылып жатканын" карап тургула деп сунушташкан жана аларды ошол эле жерден сатууга аракет жасашкан.

Кытайдагы Танг династиясына (618-906) тийиштүү деп божомолдонгон фаянс буюмдарынын коллекцияларынын бүтүндөй сериялары дайыма жасалмага учурайт. Ошондой эле индия искусствосу өркүндөп өскөн жылдардагы коло статуялардын да жасалмалары чыгарылган. Ошондой эле көрүнүш Сиамездер жана инд-кытайлык коло статуялары менен да болгон. Чыгыш искусствосунун кээ бир областында специализацияланган имитаторлордун иши менен дүйнө музейлери жана коллекциялары толтурулган. Кээ бир жаш француз сүрөтчүлөрү "африка" искусствосун имитациялашат. Американын жергиликтүү жашоочуларынын өкүлдөрү Америкадагы Индия коомчулугунун бөлүмүндө өздөрүнүн наарзычылыктарын айтышкан. Алар япондуктардын колго жасалган индиялык буюмдарынын арзан көчүрмөлөрүн чыгаргандары үчүн жана өздөрүнүн жасалмаларына "АКШда жасалган" деген штампты коюуу үчүн жада калса өздөрүнүн "ИА" (АКШ) деп аталган шаарчасын да түзгөнгө чейин барышкандарына аябай наарazы болушкан. Примитивдүү жасалмалар ишканасы, ошону менен бирге, Маори (Жаңы Зеландия) стилинде жасалган нифрит фигуралары Оберстайн-Идар Райнляндия аймагында жайгашкан.

Сүрөттөрдүн жасалмалары көбүрөөк таралган. Мисалы, искусствонун асыл нуска чыгармасы деп табылган Лукас Кранахдын иши чындыгында, жасалмалар боюнча немис адиси Ф.В.Рорих (1787-1834) тарабынан жасалмаланган22. Манет сүрөттөрүн улам-улам өзгөртүп турган:ошого карабастан, ал өлгөндөн кийин да анын сүрөттөрү өзгөрүлгөндүгүн илимий изилдөөлөр табышкан23. Азыркы замандагы жасалмалар боюнча эң белгилүү адиси болуп, бир нече жоголгон Вермеердин сүрөттөрүн таптым деп айтып чыккан, голландиялык сүрөтчү Ганс ван Мейргерен (1884-1947) эсептелген. Сүрөттү ал Герман Герингге саткан жана II дүйнөлүк согуштан кийин улуттук кенчти саткандыгы үчүн соттолгон. Ал түрмөдө жаткан кезде так ошондой “Вемеерди” тартып, өз күнөөсүздүгүн кайтарып алган24. Сүрөтчү Дэвид Штайн, жасалма “чеберлерди” саткандыгы үчүн 1960-жылдары Францияда жана Америкада түрмөдө отурган. Шагал өзүнүн үч “акварелдеринин” бирин Штайн сатып жатканын көрүп калганда кармалган25.

Ошондой эле жасалмалар адабият тармагында да болгон26. Фальсификацияга эпикалык чыгармалар да жана алардын титулдук беттеги даталары да дуушар болгон, мисалы, 1619-жылы Ягард Павнер тарабынан чыгарылган Шекспирдин миниатюрдук басылыштары болгон.

VI кылымдагы аргентиналык диктатордун “Фаларистин каттары” 1695-жылы Чарльз Вейл тарабынан басылып чыкканда, англиялык окумуштуулар арасында талаш-тартыштар пайда болгон. Ричард Бентли бул каттардын жасалма экендигин айтып чыккан жана алардын тексттеринин тили VI к. Сицилиядагы тилге окшобойт жана андагы эскертилген шаарлар ал учурда болгон эмес деген. Диний мотивдер документтердин жасалмаларынын “актоосу” катары христиандар пайда болгондон баштап көбүрөөк боло баштаган. Негизинен, бул жасалмалар доктринага ишендирүүгө мажбур кылуу  шартына ээ болгон. Ирланддык Вильям Генринин Шекспирге болгон сүйүүсү,

1896-жылкы өзүнүн псевдошекспирдик “Бороон” пьесасын сахнага алып чыгуу аракетине түрткү берген.Божомол менен 60жылдан кийин, Шекспирге болгон мындай сүйүү, кээ бир “документтерди” фальсификациялаган Джон Коллиердин жасалмасына түрткү берет.

Бүгүнкү күнү жасалмалар боюнча адистер, негизинен, жасалмаларды таанып билүү үчүн көптөгөн техникалык ыкмалар бар экендигин билишет.

Жасалмалар эки ыкманын биринин, тагыраак айтканда, ички далилдер, буюмду критикалык анализдөө, сырткы далилдер, же болбосо, рентген жана ультрафиолет нурларынын жардамы менен жасалган химиялык анализдин жардамы менен билинет. Билинбей кала турган бир дагы жасалма жок.

Эми армяндардын Верешагиндин сүрөтүнө байланышкан акыркы фальсификациясына кайрылалы. “Талат Пашанын ишине караштуу сот процесси” деген китебинин чыгарылышы эң биринчи немис окурманына Арлин Г. Вегнер (улуту боюнча армян) аттуу бирөө тарабынан сунушталган жана ал Готтингенде жана Венада 1980-жылы “армяндарды массалык кыруу боюнча каралган сот иши” деген макаланын башы менен кайрадан басылып чыккан. Вереүагиндин сүрөтү бул китептин сырткы бетинин үстүңкү сол жак тарабында Талат Пашанын сүрөтү менен кошо пайда болгон (Эскетүү I кара). Немис басмалары өздөрүнүн барактарында конфиденциялдуу түрдө китептин сырткы бетиндеги сүрөт 1916-1917 ж-а, Батыш Арменияда баш сөөктөрдүн пирамидасын көрсөтүү менен “түрктөрдүн варварчылыгын” билдиргенин айтышат. Вереүагин бул сүрөттү 1871ж тарткандыгы жана сүрөтчү 1904-жылы өлгөндүгү тууралуу окурмандарга дагы бир жолу эскертип кетким келет.

Армяндардын кээ бир айланасы, шах убагында ”армяндарды кыруу” деп аталган парсы тилиндеги бир китептин басылышын колдошкону билинди.

Парсы жана армян басылыштарындагы бул китептин сырткы беттерин эскертүү II жана IIIтөн караңыз. Басылышка Исмаил Раин аттуу адам тарабынан уруксат берилген жана китеп “Эмир Кебир” деген басмаканада (Тегеран) 1979-жылы 1352 тираж менен чыккан. Бул китептин персиян басылышы 151 жана 273 беттеринде (эскертүү IV караңыз) басып чыгаруунун ар кайсы жолдорун колдонуу менен ошол эле сүрөттү башка деп көрсөтүүгө аракет жасашкан. Башкача айтканда, бир сүрөт башка сүрөттүн чагылышы, бирок баш сөөктөр жана каргалар ордуларынан жылдырылган. Биринчи сүрөттүн алдында армян жомогу, ал эми экинчи сүрөттүн алдында персиян жомогу жазылган. Алардын экөөсү тең сүрөттө армяндарды кырып салгандай кылып көрсөтөт.Персиян жомогу, мисалы, сүрөттүн негизи болуп 1917-жылкы окуялар эсептелет дейт. Китептин персиян вариантында окурманга армяндарды кыруу боюнча берилген түрк “буйруктарынын” “далили” катары сунушталган “документ” деп аталган үч нерсе басылып чыккан. Алардын баардыгы тең жасалма болуп чыккан. Биринчи жолу алар Арам Андонян тарабынан басылып чыккан жана түрк окумуштуулары аларды жасалма деп далилдешкен. Парсы китебинде басылып чыккан бул “документтерди” анализдөөгө бир нече убакыт керектелет. Парсы текстинин 193 бетинде пайда болгон (Тиркеме V кара) ал документтердин биринчиси, чындыгында Адоняндын китептеринин француз чыгарылыштарында 104-105 жана англис чыгарылыштарында 52-53 беттеринде экинчи жасалма “документ” катары эсептелинген28. Кыруу тууралуу “буйрук” жөнөкөй баракта официалдуу аты жок эле жазылган. Ал “оригиналдын” клишеси же көчүрмөсү болуп чыккан жана аларды Адонян жоготуп алдым деп айтып чыккан! “Бисмиллах”, же “кудайдын атына” таянган түркчө каттын адаттагыдай башталышы аябагандай орой, компетентсиз, эң эле жаман жана туура эмес формада, мусулман эмес фальсификатор тарабынан жазылган жана Адоняндын бетин ачуу үчүн ошол эле жетиштүү

болгон. Бул жасалма “документ”, Адоняндын жарыяларындагы экинчи жалган “документ” болуп саналат. Адоняндын биринчи “документи” 1331-жылдын 18-февралында даталанган (Юлиан) (Грегориан: 2-март 1915-жыл). Түркияда жаңы жыл 1-мартта башталат. Экинчи “документ” (бул китептин парсы вариантында 193-бетинде жазылган) 1331-жылдын 25-мартына эмес, 1332-жылдын 25-мартына тиешелүү (Адонян тарабынан басылып чыгарылгандай). Бул каталык Адоняндын юлиан (Руми) календарынан грегориан (Милади) календарына өтүү кыйынчылыгын билбегендиктен келип чыккан. Ал жасалма документин чындыкка туура келтирүү үчүн 1331-жыл эмес (же 1916-жыл) 1330-жылды (же 1915-жыл) коюш керек эле. Кийин ал мунун чыр чатактуу каталык экендигин мойнуна алып, 1915-жыл менен даталанган экинчи жасалма “катында”, Адонян биринчи “катка” таяныч жасайт, бирок ал андай аракети менен өзүнүн бетин ачкан. Биринчи жасалма “документ” белгиленген датасы менен Чыгыш Анатолийде, түрк-орус согушунун театрынын жанында жашаган грегориан армяндарга башка жакка көчүүлөрү тууралуу буйрук биринчи жолу көчүү башталганына 9 ай болгондон кийин берилген. Ошол себептен, Адонян англис басылыштарында “оригинал”, “документ” деп аталган нерселерди жарыялоодон баш тарткан. Ал 1915-жылдын 25-мартында (бул жолу 1916-жылкы эмес) даталанган биринчи “документке” элди алаксытуу жана жасалманы жашыруу үчүн таянып жатат. Ошондой эле Адоняндын айтуусу боюнча, биринчи жана экинчи документтеринин (китептин персиян вариантындагы 193-бетте) алдындагы коюлган колдор Бахеддин Шакир деген адамга тийиштүү болгон. Ал колдорду окууга такыр мүмкүн болгон эмес. Ошондон улам, коюлган колдор да жасалма болгон.

Ал эми дүйнө жүзү азыркы учурда эски түрк каттарын окуй албаса, кимдир бирөө аны сөзсүз окуйт жана анын жасалма экендигин таап чыгат.

Китептин персиян вариантында 197-бетте басылып чыккан жана Алеппону (азыркы Сирияда) башкарган Мустафа Абдулхалик тарабынан кол коюлду деп божомолдонгон экинчи “кат” (6-тиркемени караңыз) дагы бир жасалма “документ” болуп эсептелет: ал ар кандай адам тарабынан жөнөкөй кагазга жазылса болот эле — жасалма коюлган кол, түрк архивинде сакталган ошондогу кызмат ээсинин коюлган колуна дал келген эмес.

Китептин персиян вариантында 203-бетте басылып чыккан үчүнчү “кат” дагы бир жасалма “документ” болуп эсептелет. 1920-жылы Парижде бул “документтин” француз версиясы 1915-жылдын 23-январында даталанган. Ал убакта армяндардын көчүүлөрү башталбагандыгына көңүл буруу өтө маанилүү. Андан тышкары, ошол эле “документтин” англис версиясы 1916-жылдын 23-январына тийиштүү (бул жолу 1915-жылга эмес). Ал эми ошол эле “документтин” “түрк версиясынын” датасы 1917-жылдын 5-февралына тийиштүү (же 1332-жылдын 23-январына). Ушундан улам, Адоняндын өтө начар фальсификатор экендиги айкын болуп турат. Ошого карабастан, ал кабардар болбогон жана жаңылыш ой-пикирлерге жакын адамдарды алдаганга жетишкен. Андан тышкары, Адонян китебинин англис вариантында, губернатор Мустафа Абдулхаликтин “эскертүүсүн” киргизүүнү унуткан. Бул “буйрукта” (Адоняндын айтуусу боюнча) армян балдарына көп каражат сарптоонун кажети жок деп айтылган. Адонян бул “буйрукту” жасалмалаганынын себеби, түрктөр армяндардын келечек муундарын жок кылып башташты деген терс ой-пикирди таратуу эле.

Персяин автору, ал китепке эч кандай сын-пикири жок эле, берилген маалыматты жөн гана кайталап жазган. Бир гана жолу эмес, ал өз китебинде Вереүагиндин сүрөтүн I дүйнөлүк согуш маалындагы окуялар менен байланыштырып эки жолу чыгарган.

Марселде түзүлгөн (Франция) “Макс Хреяр Килндянды колдоо комитети”29, таратылуучу кагаздарды чыгарган жана

алардын бир жак бетинде Вереүагиндин баягы сүрөтү бар болгон (8-эскертүүнү караңыз). Кайра жаратуунун жана демонстрациянын мындай тенденциясы Франциядагы белгилүү армян чөйрөсүнүн аракеттеринин натыйжасында, жасалмалар “өнөр жайлык” даражага жеткендигин көрсөтүп турат.

Мындан тышкары, “Нова Светлина” аттуу күндөлүк болгар басылышынын 1985-жылдын 23-апрелиндеги санында “Трагедиялуу эскерүү” деп аталган жана М. Софьян аттуу армян тарабынан жазылган макала чыккан (9-эскертүүнү караңыз). Анда Вереүагиндин баягы сүрөтү тартылып, мындай сөздөр менен коштолгон: “1915-жылы Түрцияда армяндарды варвардык кыруунун үрөйдү учурган издери”. Софьяндын мындай жасалмасы жөнөкөй шартта бастырып чыгаруучуларды ишендирмек эмес. Алар макалада көрсөтүлгөн маалыматты, Москвадагы Третьяков галереясындагы Вереүагиндин сүрөтүнүн оригиналы менен оңой эле текшерип жана салыштырып алышмак.

Мамлекеттик Третьяков галереясына же жөн гана Третьяков галереясына кайрылалы. 1895-жылы түзүлүп жана андан үч жыл өткөндөн кийин ачылган ал галерея, орус сүрөтчүлөрүнүн скульптураларынын жана сүрөттөрүнүн эң мыкты коллекцияларынын бирин камтыйт жана ошондой эле анда көптөгөн сүрөттөр, басылыштар, кол өнөрчүлүк иштер жана алгачкы Орусиянын элдик чеберчилиги бар. Музейдин коллекциясында 1000 жылдык — XI кылымдан баштап азыркы күндөргө чейинки убакытты камтыйт. Ал орус иконаларынан башталат жана ал А. Иванов, П. Федотов, В.Перов, И. Репин, И. Шишкин, А. Бенца жана башкаларды, ошондой эле албетте, Василий Вереүагин сыяктуу белгилүү сүрөтчүлөрдү камтыйт.

“Жаңылыктардагы” Третьяков галереясы жөнүндөгү басылыштын 12-бетинде (10-11-эскертүүлөрдүн тышкы бетин караңыз) сүрөтчү Вереүагин жана анын белгилүү иши тууралуу абзац пайда болот (12-эскертүүнү караңыз). Аны мен сөзмө сөз цитаттайын:

“Борбордук Азиядагы жана Балкандагы согуштардын триумфалдуу көрүнүштөрү менен таасирленген Василий Верещагин өз сүрөттөрүндө баатыр-жоокердин жана азаптуу адамдын элесин чагылдырган. Анын кыялы “улуу” согуштун эпизоддору менен толкунданган эмес, андагы кан төгүлүү, ачарчылык жана азап тартуулар толкунданткан. Бул темага ылайык келген таң калаарлык сүрөт “Согуш апофеозу” эсептелет, анда баш сөөктөрдүн пирамидасы тартылган. Ал сүрөт азыркы учурда да өтө актуалдуу. Сүрөтчү өзүнүн сүрөтү аркылуу баардык “өткөн замандын, азыркы учурдун жана келечектин улуу басып алуучуларына” нааразычылыгын чагылдырган”.

1915-жыл тууралуу бир дагы сөз жок! 1917-жыл тууралуу бир да сөз жок! Армяндар тууралуу бир да сөз жок! Бул чоң каталог “Жаңылыктар” басылышынын официалдуу жана туура чыгарылышы болуп саналат. Анын 12-бетинде китептин “Киришүүсүн” жазган Вадим Ольшевский акыркы абзацтарда төмөнкүдөй айткан:

“.....Верещагиндин сүрөтүнүн датасын карайлы: 24-бетте сүрөт 1871-1872-жылдары тартылган деп айтылат. Ал 1915-жыл менен кандай байланышы бар? Мындай жасалма акылынан адашкан адамдардын гана көзүнө чөп салат. 1870-жылдардагы жасалган нерсе кантип 1915-жылдагы окуяны сүрөттөмөк эле? Сүрөтчү өзү 1904-жылы өлүп жатпайбы. Галерея жана сүрөтчүнүн муундары, сүрөттүн атын өзгөрткөндөрдөн акы төлөөнү талап кылышса болот”.

Ленинградда 5 тыйынга сатылып жаткан “Аврора” көркөм басмасы тарабынан чыгарылган түстүү открыткалар (14 эскертүүнү караңыз), албетте, “Согуш апофеозу” аталган сүрөт, 1871-жылы Василий Верещагин тарабынан (1842-1904-жылдары) май боёктор менен тартылганын көрсөтүп турат. Анын көлөмү 127x197 см жана ал Москвадагы Третьяков галереясында илинип турат. Францияда таратылган открыткалар менен укмуштуудай айырма бар!

Биз олуттуу жасалманын алдында турабыз. Вильям Блейкке окшоп айтсак, бул бардык алдамчылыктан да ашып кетет. Албетте, бул митаам манипуляция элдерди жаңылыштыруу менен түрк элин маскаралоого, армяндар менен түрктөрдүн ортосуна жек көрүүнү жаратууга жана башкаларды алдоого максатталган. Ошого окшогон манипуляцияларды таркатууга жардамдашкан адамдар алардын жалган экенин билбесе да, ал аракеттери үчүн жооптуу. Түрктөр жана армяндар мындай фальсификацияларга жол бербеши керек.

***ЭСКЕРТҮҮ:***

Мисалы, Орлидеги террористтик кол салуу: "Сотто айтылган ой-пикирлер жана далилдер", 19-февраль-2-март,1985-жыл Анкара, саясат илимдер факультети, 1985-жыл, 39-50-бет: Proces de l'attentat d'Orly, 19 fevrier-2 mars 1985: depositious et plaidoirie Ankara, Faculte de sciences politiques, 1985, pp. 41-52: Orly Saldirisi Davasi, 19 Subat — 2 Mart 1985: Sahit ve Avukat Beyanlari, Ankara, Siyasat Bilgiler Fakultesi1985, s. 30-49.

Шинаси Орел и Суреййа Юджа, Ermenilerce Talat Pasa'ya Atfedilen Telgraflarin Gercek Yuzu, Ankara, Turk. Tarih Kurumu, 1983. The full English and French translations of this important work of 344 pages are being printed. [They were published in 1986.]

Бул маанилүү иштин англис жана француз тилдериндеги 344 беттен турган толук котормолору басылып жатат.( Алар 1986-жылы чыккан).

Тюркkaя Атаэв, "Талат Пашага жүктөлгөн Адоняндын "документтери" жасалма болуп чыккан": Les 'Documents' d'Andonian attributes a Talat Pascha sont des faux; Die Talat Pascha zugeschriebenen Andonianischen 'Dokumente' sind Falschungen, Ankara, Siyasat Bilgiler Fakultesi, 1984; 2nd pr.: Ankara, Sistem Ofset, 1984: Turkkaya Ataov, Talat Pasa'ya Atfedilen Andonian 'Belgeler' I Sahtedir [in Turkish]; Talat Pasayin Verakirvats Andoniani Vaveratugteri Gegdz Yen [in Armenian]; Zaif Watha'ek

Andonian al-lati nisubat hata'en ila Talat Pasha [in Arabic]; Esnadi Andonian kabe Talat Pasha muntesab shuda sahteki est [in Persian], Ankara, Sistem Ofset, 1984; Turkkaya Ataov, De Andonian 'Documented', Welke Aan Talat Pasha Worden. Toegeschreven, Zijn Bedrog, Ankara, Siyasal Bilgiler Fakultesi 1984.

Вилал Шимшир, "Мальталык депорттолгон жана армян маселеси", Анкара, Тышкы саясат институту: 1984-жыл.

Тюрккая Атаэв, "Мустафа Кемаль Ататюрккө туура эмес жүктөлгөн ой-пикир". Ankara, Siyasal Bilgiler Fakultesi, 1984; 2nd page.; Ankara, Sistem Ofset, 1985; Turkkaya Ataov, Une 'declaration' faussement attribuee a Mustafa Kemal Ataturk, Ankara, Sistem Ofset, 1984.

Глит В. Лаври, "Кошмо Штаттар Конгресси жана Адольф Гитлердин армяндар тууралуу айтуусу". Саясий коммуникация жана көз караш, 3-том, №2 (1985), 111-139-бет.

Тюрккая Атаэв, "Гитлер жана "армян маселеси"", Анкара. 1985.

Ральф Майер, "техника жана чеберчилик терминдеринин сөздүгү", Нью-Йорк, Томас У. Кровел, 1981-жыл, 141-бет.

Р.Г. Рейзнер, "Боөмо жана жасалма кооз чеберчиликте": библиография, Нью-Йорк, 1950-жыл. Кооз чеберчиликтин Бурлингтон клубу, Лондон, 1924-жыл, Британия музейи, Жасалма көчүрмөлөрдүн көргөзмөсү, Лондон, 1961-жыл: М. Дж. Фридландер, "Асыл нуска жана жасалма", Лондон, 1948-жыл: О. Курц, "Жасалмалар", Лондон, 1948-жыл жана башкалар.

Джон Бувер, "Бувердин юридикалык сөздүгү жана кыскача энциклопедиясы", 111 саны,1-том, Канзас-Сити. Вернондун юридикалык китеп компаниясы, 1914-жыл, 1283-бет.

Самуэл Г. Глинг, "Толук юридикалык маалымат китеби", Чикаго, Фоллет паблишинг компани, 1973-жыл, 433-бет.

Ошол эле жерде,434-бет.

"Бувердин юридикалык сөздүгү жана кыскача энциклопедиясы", 1283-бет.

Британниктин энциклопедиясы, 3-том, 621-бет.

Генри Кэмпбелл блэк “Блэктин юридикалык сөздүгү”, бешинчи чыгарылышы, Ыйык Павел, Миннесота, Батыш басма компаниясы.

Американа энциклопедиясы, II том, 595-бет.

“Кошмо Штаттарынын аннотацияланган кодекси”, 18-баш аты: “Кылмыштар жана сот жазалары”, Ыйынк Павел, Миннесота, Батыш басма компаниясы, 1969-жыл, 62-бет.

Маккроу-Хиллдин чеберчилик боюнча сөздүгү, редактор Берндар С. Майэрс, 2-том, Нью-Йорк, Маккроу-Хилл, 1969-жыл, 420-жыл.

Адольф Риор, “Археологиялык жасалмалар”, Нью-Йорк, Трегер, 1970-жыл, Бернард Ашмол, “Байыркы скульптураларынын жасалмалары”, 1961-жыл.

Дүйнөлүк чеберчиликтин энциклопедиясы, 5-том, Нью-Йорк жана башка, Маккроу-Хилл, 338-бет.

Andre Vayson de Pradenne, Les Fraudes en archeology prehistoriques, Paris, 1932.

“Колумбиянын жаңы энциклопедиясы”, редакторлор Вильям Г. Харрис жана Джудим С. Леви, Нью-Йорк, Колумбия университетинин басмасы, 1975-жыл, 980-бет.

Чарльз Ф. Стакей, “ Иштетилген Манет: детективдүү роман. Америкадагы чеберчилик”, 71-том, №10, (ноябрь 1983-жыл), 158-241-бет.

П.Б. Кореманс, “Ван Мегеран жана де Хоофтун жасалмаланган Вермеерлери”, Амстердам, 1949-жыл.

“Ньюсуик”, 24-январь, 1983-жыл, 9-бет.

И.К. Чэмберс, “Адабият жасалмаларынын мотивдери жана тарыхы”, Оксфорд, 1891-жыл, Джон Картер жана Грахом Поллард, “XIX кылымдын кээ бир брошюраларын изилдөө”. Лондон 1934-жыл, Генри Т.Ф. Роудз, “Жасалманын чеберчилиги”, Лондон 1934-жыл, Вилсон Гаррисон, “Шектүү документтер: жана аларды илимий жактан текшерүү”, Лондон, 1958-жыл.

Berlin, Deutsche Verlagsgesallschaft fur Politik und Geschichte.1921.

Арам Андонян, “Неим Бектин эскерүүлөрү: армяндарды көчүүгө аргасыз кылуу жана аларды кырып салуу жөнүндөгу официалдуу түрк документтери”. Лондон, Ходдер жана Стоугтон,1920-жыл.

Туура жазуулар: Килимджян (түркчө- килимам соодагеринин уулу дегенди түшүндүрөт).

**56 ДОКУМЕНТ**

Маалымат булагы: Америка Кошмо Штаттарындагы үч армян саясий партияларынын коммюникеси (Армян революциялык федерациясы-дашнаки, социал-демократиялык партиясы жана армяндардын демократиялык лигасы - рамгаварлар). Коммюнике 1987-жылдын 4-апрелинде “Армениан уикли” гезитинде басылып чыккан. (4-бет).

**БАТЫШ КОШМО ШТАТТАРЫНЫН ҮЧ САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРЫ ТАРАБЫНАН БАСЫЛЫП ЧЫККАН БИРГЕЛЕШКЕН КОММЮНИКЕСИ.**

I дүйнөлүк согуштун учурунда, түрк өкмөтү, армян элине карата геноцидди пландаган жана аны жүргүзгөн. Ал 1,5 миллион армяндардын өмүрүн кыйып жөн калбастан, аларды өз жеринен да кууп салган.

Биздин тарыхый жерлерибиздин 70%га жакыны азыркы күнгө чейин түрк  мамлекетине тийиштүү болуп келет.

Армян эли 70 жылдан бери күрөшүп келгенине карабастан, XX кылымдын биринчи геноциди эл аралык деңгээлде таанылбай келет жана геноцид жүргүзүлгөндөн кийин 72 жыл өтсө да азыркы күнгө чейин жерибизге ээлик кылуу ырайымсыз түрдө жүргүзүлүп келет.

Тарыхый армян жерин мыйзамсыз басып алуу фактысын четке кагуу үчүн фашисттик Түркия армяндарга каршы саясатын төмөнкүдөй жолдор менен жүргүзүп келет:

Түркия өзүнүн саясий жоопкерчилигинен эл аралык жалпы ой-пикирди алаксытыш үчүн армяндарга каршы геноцид жүргүзгөн тарыхый фактысын мойнуна албай келет.

Түркия, түрк жана башка акыга иштеген "тарыхчыларды" колдонуу менен жүргүзгөн геноцидин четке кагып келет.

Армян эли олуттуу протесттерин жана талаптарын койбоо үчүн Түркия мамлекет тарабынан түзүлгөн терроризмди да жүргүзгөн.

Бардык адамдык, каржылык жана мамлекеттик ресурстарды колдонуу менен Түркия ар кандай мамлекеттик кызматтын ээлеринен же адам укугун коргоочуларынан турган армян ишин коргогон армян эмес адамдар тарабынан жүргүзүлгөн терроризмдин, паракорлуктун жана башка диверсиялык методдордун жардамы менен элдин оозун басып келет.

Жогоруда көрсөтүлгөн методдордун бардыгын колдонуу менен түрк өкмөтү азыр да эл аралык дипломатиялык коомчулугуна армян маселесин эң маанилүү заманбап проблемасы катары кароосунда тоскоол болуп келет.

Бирок, түрк мамлекетинин жана анын жакын шериктештеринин аракеттерине карабастан, акыркы 10 жылдыкта, армян саясий партияларынын күрөшүүлөрүнүн жардамы менен бул проблеманын айланасында болгон эл аралык көз жумуучулуктун барьери кулады жана закон ченемдүүлүк боюнча, кээ бир мамлекеттер армяндарга каршы геноцид жүргүзүлгөн деп биздин тарапка өтүштү.

Армян саясий партиялары — армян революциялык федерациясы, армян демократиялык лигасы жана гнчак социал-демократиялык партиясы армяндардын территориялык талаптарын орундатуунун жолун он жылдан бери биргелешип издеп келишкен жана азыркы учурда алар Европалык парламенттин Саясий

комиссиясы, туруктуу эл соту жана Бириккен улуттардын адам укугунун подкомиссиясы сыяктуу авторитеттүү органдар армян маселесине оң позицияда тургандыгын кабарлашат.

Армяндарга каршы геноцид жүргүзүлгөндү тууралуу официалдуу түрдө таануусуна аракет жасаган Америка Кошмо Штаттарынын саясий ишмерлери, сенаторлору жана кээ бир өкүлдөрү мактоого ээ.

Армяндардын территориялык талаптарын орундатууга болгон күрөш дагы эле эң төмөнкү даражада экендигин мойнга алуу менен, армяндардын улуттук саясий партияларынын башчылыгы алдындагы армян эли бул ыйык күрөштү буттарына бекем туруп улантмакчы жана ошонун натыйжасында, саясий партиялар төмөнкүдөй талаптарды коөт:

Түрк өкмөтү Осман империясынын мураскору катары армяндарга каршы жүргүзүлгөн геноцидди мойнуна алышы керек.

Түркия армяндарга тарыхый жерлерин кайтарып бериши керек;

Түркия өкмөтү геноциддин ырайымсыз, түшкө кирбеген кылмыштарынын курмандыктарына материалдык каражат төлөп бериши керек;

Бүткүл дүйнө жүзүнүн өкмөттөрү, өзгөчө супердержавалар, официалдуу түрдө, армяндарга каршы жүргүзүлгөн геноцид фактысын жана армяндардын территориялык укуктарын таанышты жана алар Түркияга саясий басым жасоодон баш тартышты.

Кошмо Штаттар өкмөтү Түркияга, өзүнүн туруксуз шериктешине болгон досчулук позициясынан баш тартты, официалдуу түрдө армяндарга каршы геноцид жүргүзүлгөндүгүн тарыхый фактысын тааныды жана армяндардын территориялык талаптарынын реализациясын колдоду.

Советтик Армения, Советтик Конституцияга ылайык ССР Союзунун структурасында башка республикалар менен тең

укуктуу орунда экендигин эске алуу менен армян саясий партиялары төмөнкүдөй талаптарды коөт:

Советтик Армения өкмөтү туура методдорду колдонуп, Армян маселесин (ички территориялык дооматтарды кошуп) Борбордук Совет өкмөтү тарабынан моюнга алуусуна жетүү.

Армян улуттук саясий партиялар позитивдүү жылыш катары Армян курсун жандандыруу үчүн армян эли өз күчүн бириктириш керектигин түшүнгөндүгүн эсептешет. Андан тышкары, аң-сезимдүү армяндардын жаңы муундары тарбияланып чыкты. Саясий бышып жетилген жана согушчан муундар, Армян курсун туура алып барышат жана алар саясий жана дипломатиялык чаралардан баштап куралдуу күрөшкө чейин даяр.

Улуттук партиялар бул күрөштүн жүрүшүндө боло турган бардык кыйынчылыктарга туруштук берүүгө даяр. Андан тышкары, алар мындан ары да Армян маселесинен чыккан күрөштү жеңишке чейин жана армян элинин укуктары толугу менен кайра орнотулганга чейин жүргүзүүгө даяр.

Биз ошондуктан батыш Кошмо Штаттарындагы бардык армяндарды армян геноцидинин 72 жылдыгын белгилөөгө чакырабыз жана анын саясий, маданий жана диний маарекесинде алардын  активдүү жана чечкиндүү катышууларын суранабыз.

*Армян Революциондук Федерациясы*
*Батыш АКШ, Борбордук Комитет*
*Гнчак социалдемократиялык партиясы*
*Батыш АКШ, Аткаруу Органы*
*Армян демократиялык лигасы Батыш АКШ,*
*Регионалдык Аткаруу Комитети.*

## 57 ДОКУМЕНТ

Маалымат булагы: Лео Саркисян менен болгон интервью, Армян Улуттук Комитетинин өкүлү, чыгыш АКШ. 1987-жылы 21-мартта, 8-бетте “Армениан уикли” гезитинде басылып чыккан.

**АНК ӨКҮЛҮ ПЛАНДАРДЫ ЖАНА ИШ_АРАКЕТ-ТЕРДИ АНАЛИЗДЕП ЖАТАТ.**

Редактордун эскертүүсү: Ара Хачатурян, “Сиаманто” АУФ-УО-АРФ байланыштар боюнча Комитетинин Бостондогу бөлүм башчысы, бир нече күн мурун Армян Улуттук Комитетинин өкүлү  Унгера Лео Саркисяндан интервью алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, чыгыш АКШ. Төмөндө ал интервью жазылган.

**Суроо:** Эгер резолюция кабыл алынса эмне болот? АНКнын кийинки кадамы кандай?

**Саркисян:** Биз Армян иши боюнча саясий жана территориялык маселелердин  реалдуу практикалык жолдорун ойлоп табышыбыз керек. Биз АКШнын тышкы саясаты менен иштешибиз керек жана кийинки концепциянын колдоочуларын табышыбыз керек: америкалык тышкы саясат чечилбеген маселенин бар экендигин четке какпаш керек. Биздин аракеттер так ушул багытта жүргүзүлүшү керек.

**Суроо:** АНКнын келечекке койгон пландары кандай?

**Саркисян:** Азыркы учурда биздин максатыбыз — бул резолюцияны кабыл алуу жана конгрессмендерди Армян маселеси жана тарыхы менен тааныштыруу. Эгер резолюция кабыл алынса, кийинки пунктка өтүп, кийинки кадамдарды жасайбыз.

**Суроо:** Биз баарыбыз армяндардын негизги проблемасы тууралуу билебиз жана Түркия геноцид фактысын мойнуна албаганын да билебиз. Эгер ал күнөөсүн мойнуна алып, ооба биз геноцид жүргүзгөнбүз десечи? АНК анда эмне кылат?

**Саркисян:** Армян маселеси жөн гана күнөөнү моюнга алуу эмес, андан да көп нерсе. Ал территорияны кайтарып берүү маселеси, репарация маселеси, мамлекеттик — көз карансыздык жана бoштондукармян мамлекетинин маселеси. Эгер геноцид маселеси чечилсе, анда биз бул саясий пункттарга өтөбүз. Биз үчүн экинчи нерсени баштоодон мурун биринчи нерсени бүтүрүүнүн кажети жок, бирок биз эч качан эки проблеманын

теӊ чечилишин кийинкиге калтыра албайбыз. Бизде саясий жана территориялык проблемаларды көтөрүү мүмкүнчүлүгү көп эле болгон, бирок биз аны пайдаланган эмеспиз. Албетте, биздин иш-аракет бир эле багытта жүрбөйт. Акыры түрктөр, геноцид маселесинин артынан көптөгөн башка талаптар келип чыгаарын билишти окшойт. Түрктөр геноцидди моюндарына алса да, албаса да бул талаптар бар болуп келет.

## 58 ДОКУМЕНТ

Маалымат булагы: АКШ конгрессинин өкүлдөр палатасы — Доклад 100-232 (23-июль 1987-жыл.) Секциянын аталышы "Биргелешкен Резолюция 132 тууралуу АКШ Конгрессинин Өкүлдөр Палатасынын өзгөчө ой-пикири", Ал конгрессмендер Фрэнк Хортон, Джон Т. Меерс, Джейн Тейлор жана Дэн Буртон тарабынан сунушталган (4-5-бет).

## БИРГЕЛЕШКЕН 132 ЧЕЧИМ ТУУРАЛУУ АКШ КОНГРЕССИНИН ӨКҮЛДӨР ПАЛАТАСЫНЫН ОЮ.

Биз өкүлдөр палатасынын Биргелешкен 132-чечимге каршыбыз. Бул чечим, жөн гана мемориалдуу документ болуп эсептелбейт. Ал көптөгөн тарыхый талкууларды жана келишпестикти жаратат. Чеим биздин ишенимдүү шериктешбиз Түркия менен болгон мамилебизге олуттуу доо кетиретжана да биздин жана башка блоктун мүчөлөрү болгон улуттардын коопсуздугу көз каранды болгон НАТО альянсына да доо кетирет. Бул резолюция өтө кылдаат, кенен жана критикалык анализди талап кылат.

Өкүлдөр палатасынын биргелешкен 132 чечиминде айтылгандай, Осман империясы армян элине болгон геноцид саясатын империяга каршы кол салуулар башталганда жүргүзүлгөн. Осман империясын кулаткан бул согуш, бардык согуштардай эле трагедиялуу болгон. Анда жүз миӊдеген армяндар маанисиз

өлтүрүлгөн, айрыкча Чыгыш Түркияда.Эки миллиондон ашык түрк жоокерлердин, эркектердин, аялдардын жана балдардын өлүмү да трагедия болгон. Чындыгында, бул согуш улуу согуш болгон. Улуу трагедия болгон.

Бирок, бул согушка критикалык анализ жүргүзсөк жана Осман империясынын армян элине каршы жүргүзүлгөн геноцид аракеттерин баамдасак, анда биз тарыхый өтө талаш бир маселеге туш келебиз. Геноцид — өтө олуттуу жана адам баласына карама-каршы балгон кылмыш. Дүйнө жүзүндөгү элдин баары геноциддин өтө оор болгондугун билишет жана түшүнүшөт. Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда еврейлерди өрттөө геноцид болуп эсептелген. Биз да анын чындык экендигин ачык айкын билебиз. Биздин ишеничибиз талашсыз, айкын жана эмпиризмге толгон далилдерге негизделген. Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда армяндарды өлтүрүү дагы эле суроо болуп келет. Фактылардын жетишээрлик саны жок болуп келет, бул окуялардын түшүндүрмөлөрү ачык бойдон калып келет жана армяндардын көбү эмне үчүн курман болгондору талкууланып келет. Далилдердин аздыгы, ал согуштун өзүндөй эле, ошол убактагы белгилүү тарыхчылардын “Вашингтон посттогу” бул резолюцияга эл алдында каршылык жасоосуна мажбур кылган.

Башка жагынан караганда, улуу тарыхчылар экинчи дүйнөлүк согуш учурунда геноциддин болгондугун айтышат. Алар аны жасалган кылмыштардын арасындагы эң ырайымсызы деп аташат.

Өкүлдөр палатасынын биргелешкен 132 чечимине биз добуш берүү менен Осман империясын геноцид жасады деп күнөөлөйбүз. Түркиянын азыркы өкмөтү Осман империясынан келип чыккан. Чечимде Осман империясы эскертилген: ушундай эле ийгилик менен Түркия жөнүндө айтсак болот. Бул түрк элине амал менен жөлөп айтылган сөз. Эч кандай тарыхый далилдер болбосо да жана ал фактыны тарыхчылар туура деп табышпаса да улутту геноцид жасады деп күнөөгө батыруу жооп-

керчиликсиз. Бул ойлонбостук жана алдын-артын карабай иш алпаруучулук.

Албетте, Түркия — НАТО боюнча биздин шериктештерибиздин арасынан эң жакыры. Ошого карабастан, Түркия, НАТОго коргоо боюнча милдеттенмесин аткаруу менен өзүнүн улуттук дүң продуктусунун көбүрөөк бөлүгүн киргизди. Түркия башка өлкөлөргө — НАТОнун мүчөлөрүнө караганда Советтер Союзу менен эң чоң жалпы чек арага ээ. Анын чалгындоо иштериндеги, жашыруун угууларындагы жана башка радиостанциянын кабарын кармап алуудагы артыкчылыктары айкын. Ал жакта Италия жана Филиппиндердин ортосунда жайгашкан АКШнын эң ири Абадагы Аскер Күчтөрү бар.

Мына ошентип, согуштук жана шериктештик ой-пикирге карабастан, биз бул чечим менен бүтүндөй улутту геноцид жасады деп күнөөлөп жатабыз. Ал улуттун диний чыдамкайлыгы бүт дүйнө жүзүндөгү түрктөрдүн намыс булагы болуп келет. Испан инквизициясынан баштап, таш — талкандуу жана өрттүү согушка чейин, Түркия, диний көз-караштары үчүн куугунтукталган миңдеген еврейлерге жана башкаларга баш калка болуп келген.

Бирок, Осман империясын таш талкан кылган согуш, миңдеген армяндарды жана түрктөрдү өлүмгө дуушар кылган зордуктун жардыруусу экендигин мойнубузга алабыз. Биз америкалык армяндардын бул согушка болгон ачуусун жана жүрөк оорусун тең бөлүшөбүз. Андан да, ал убакта, айрыкча Чыгыш Түркияда, абал өтө кооптуу болгон жана ал абал армяндарга каршы ырайымсыз кол салууларга түрткү болгон. Көптөгөн америкалык армяндар, ал аракеттердин жогоруда айтылган чечимге негиз болооруна ишенишет.

Бул резолюцияны кабыл алуу, кээ бирөөлөр үчүн маанисиз өлтүрүүлөргө мыйзамдуу укук берет. Бүт дүйнө жүзүнө кенен тамырланып жайылган армян экстремисттеринин принципиалдуу максаттары: 1) геноциддин болгондугун моюнга

алуу; 2) азыркы Түркия тарабынан реперациянын төлөнүшү; 3) Арменияга Армян мамлекетин түзүү үчүн Түркия кээ бир жерлерди аларга өткөрүп берүү. Ал экстремисттер, чечимди 40 түрк дипломаттарын камтып, 70 адамдын өмүрүн алган зордукту мыйзамдаштырууга жана улантууга колдонушат. Бул өлтүрүүлөрдүн кээ бирлери Америка жеринде болгон.

АКШ конгрессинин өкүлдөр палатасынын биргелешкен 132 чечимди жөн гана эстелик мүнөзгө ээ эмес. Анын абалынын тактыгы дагы эле кызуу талкууга алынып келет. Бул документ өкүлдөр палатасы тарабынан жактырылган мыйзамдуу документ эмес. Биз бул чечимдин кабыл алынуусуна таптакыр каршыбыз жана кесиптештерибизди бул чечкиндүү оппозицияга кошулуусуна чакырабыз.

*Фрэнк Хортон,*
*Джон Т. Меерс,*
*Джейн Тейлор,*
*Дэн Буртон*

**59 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:* АКШ конгрессинин өкүлдөрпалатасы — Баяндама 100-232 (23 июль, 1987). Секция мындай деп аталган: “Өкүлдөр палатасынын Биргелешкен 132 резолюциясы боюнча конгрессмен Стивен Дж. Соларцтын өзгөчө ой-пикири, “Адам баласынын адам баласына болгон ырайымсыз мамилеси” (6-9б).

**Өкүлдөр палатасынын Биргелешкен 132 чечими боюнча конгрессмен Стивен Дж. Соларцтын өзгөчө ой-пикири, “Адам баласынын адам баласына болгон ырайымсыз мамилеси”.**

Жүз жылдыктын башындагы армяндардын трагедиялуу тагдырына өкүлдөр палатасынын тилектеш болуусун көрсөткөн

бул чечим, америкалыктарды адам укугу боюнча суроолор жана элдин көргөн азабы кайдыгер калтырбаганын баса белгилейт. Адамдын адамга жасаган ырайымсыз мамилесинин тарыхында, армян элинин тарыхындагы бул бөлүм — биз дагы эле аза күткөн адилетсиздиктин азаптуу жана өкүмчүл эскертүүсү.

Ошол эле учурда биз бул резолюцияны кабыл алуу ме Түркия ортосундагы мамилебизди бузуп алышыбыз мүмкүн, тагыраак айтканда, Чыгыш Жерортолук деңиздеги коопсуздук кызыкчылыкка коркунуч туудуртабыз. Көпчүлүк учурда, Түркия НАТОнун чыгыш флангында олуттуу орунду ээлейт. Ал Босфор жана Дарданеллыны контролдоого жана Алтынчы Флотту коргоого мүмкүнчүлүк берет жана ал Чыгыш Жерортолук деңизде биздин артыкчылыгыбызды колдоп турууга мүмкүнчүлүк берет. НАТО альянсында чоңдугу боюнча экинчи орунду ээлеген Түркия, Европадагы курал күчтөрүнүн балансына бир кыйла салым кошот.

Бул жылы Түркия Америка Кошмо Штаттары менен Коргоо жана Экономикалык Кызматташтык боюнча Келишимге кол койду. Ал АКШга бул мамлекеттин эң негизги чараларына жол ачат. Мен АКШдагы элчи Шюкрю Элекдаг тарабынан эскертилгем. Ал эскертүү мындай болгон,эгер биз резолюцияны кабыл алсак, Түрк өкмөтү жардамын токтотмок жана АКШ массалык маалымат каражаттары жана коомчулук тарабынанкатуу сынга алынмак жана Түркия жогоруда айтылган келишмени ошол замат жокко чыгармак. Мындай аракет АКШнын кызыкчылыктарына терс таасирин тийгизмек.

Ушулардын баарын эске алуу менен кандай кадамдарды жасоого болот? Эгер биз чечимден баш тартсак, азап чеккен армяндарды унуткан болобуз. Ал эми чечимди кабыл албасак, негизги шериктешибиз менен болгон мамилени бузуп алабыз.

Бул дилемманы чечип жатып, бир күнү өкүлдөр палатасына карап чыккыла деп еврейлерге каршы жасалган гитлердик геноциддин курмандыктарына шек келтирген чечимди бергенде,

конгрессмендердин реакциясын элестетип көрсөк болот. Мындай абалда кимдир бирөө контраргумент киргизиши мүмкүн, еврейлерди өрттөө фактысы албетте трагедиялуу болгондугуна карабастан, НАТО боюнча эң негизги шериктешибизди жогото албайбыз. Федеративдүү Германия Республикасы каршылык көрсөтө албайт, себеби ал нацизмди ар кай тараптан көрсөткөн, ал эми прецендент качан гана резолюция жактырылганда гана ишке ашат, ал эми чындыгында Армян резолюциясын кабыл алуу бул каталык болмок. Алардын айырмасы кийинкиде: армяндарга карата геноцид жасалган деп бүгүнкү күндө эскертилген чечим, армян эли башынан өткөргөн трагедияны сүрөттөйт, бирок фактынын өзү шектүү болуп кала берет.

Проблема кийинкиде, чечим армяндар менен болгон окуяны геноцид катары сунуштаса, геноцид фактысынын өзү талкууга алынып келет. Жүз жылдыктын башында Осман империясынын чыгышындагы жүз миңдеген (балким андан да көп) армяндар курман болгондугун эч ким унута албайт. Бирок геноцид чындыгында болгонбу же жокпу деген суроо өтө маанилүү. Кылымдын башында башталган массалык адам өлтүрүүлөр менен бүтүндөй улутту кырып жок кылуу дегенди түшүндүргөн геноциддин ортосунда чоң айырма бар.

Бирок, массалык адам өлтүрүү геноцидге караганда азыраак сөгүшкө жана айыптоого ээ болбойт. Адам өлтүрүү деген адам өлтүрүү жана аны айыптоодо биз эч качан күнөм санабашыбыз керек. Бирок, геноцид менен массалык адам өлтүрүүнүн ортосунда чоң айырма бар. Геноцид деп, АКШ сенаты тарабынан былтыр кабыл алынган геноцидге жол бербөө жана аны жасаган кылмышка болгон жаза боюнча АКШ Конвенциясында белгиленгендей, улуттук, этникалык, расалык, диний топторду бүтүндөй же жарым-жартылай жок кылуу дегенди түшүндүрөт. Уруп — сабоо, өлтүрүү деп, белгилүү бир сандагы алсыз жана коргоно албаган адамдарды ырайымсыз жана мыкаачылык менен өлтүрүү аталат.

Эки түшүнүк бир-биринен айырмаланат жана аларды биринин ордуна экинчисин колдонууга болбойт. Алардын экөө тең айыптуу, бирок азыркы учурда жаман сөзго калган геноцид эң чечкиндүү жоопко тете. Геноцид жасоо, согуш учурундагы башка айбанчылыктарга салыштырылбагандыгын билишибиз керек.

Акыркы жылдары Түркияда болгон адамдар бул резолюциянын кабыл алынуусу ал жакта өтө терс реакцияны жаратаарын билишет, бирок конгресстин кээ бир мүчөлөрү үчүн буга ишенүү кыйынчылыкка турат. Бул суроого макул табылган жооп геноцид жасады деп ансыз деле айыпталган түрк элине кенен таралган. Алардын оюу боюнча, термин резолюцияда эскертилген убактагы армяндардын башынан өткөргөндөрүн так жана айкын сүрөттөбөйт.

Ушундан улам, Түркия, Осман империясы жана Жакынкы Чыгыш  боюнча алдыңкы илимпоз-тарыхчылары, Принстон университетиндеги Бернард Льюисти кошкондо, балким, бул маселелер боюнча АКШдагы эң белгилүү адис, жана Колумбия университетиндеги бул маселе боюнча дагы бир алдыңкы адис Ж. С.Гуревиц  болуп бул резолюция тууралуу өздөрүнүн ой-пикирлерин айтышты.  Алардын конгресске жиберилген телеграммасында жана ал 1985 жылы  каралып жатканда мындай деп жазылган:

“Геноцид” боюнча айыптоодо: бул кайрылууга кол койгондордун  бири да армяндардын азабын аз өлчөмдө көрсөткүсү келген эмес. Бирок, ошол эле учурда, ал аймактагы мусулман элинин тарткан азабын да унутпашыбыз керек. Ушул убакка чейин текшерилбей келген далилдердин эсеби ич ара согуштарга (мусулмандар жана христиандардан келип чыккан) жол ачкан. Ал согуштан улам ар кандай ооруулар, ачаарчылык, азап тозоктор жана Анатолияда ошондой эле ага жакын жайгашкан жерлерде биринчи дүйнөлүк согуш учурунда массалык адам өлтүрүүлөр болгон. Чындыгында, ал жерде ошол убакта ту-

руктуу согуштар болуп турган, ал согуштар акыркы он жылдан бери Ливанда болуп жаткан трагедияга окшош. Жыйынтыгында, мусулмандар тараптан да жана христиандар тараптан да жоготуулар көп болгон. Бирок тарыхчылар алардын кимиси күнөөлүү жана кимиси күнөөсүз экенин тактаганга чейин — көптөгөн жоготууларга алып келген жана чыгыш Анатолиядагы мусулман жана христиан элинин эбегейсиз көп саны башка жакка көчүп кетүүсүнө түрткү болгон ал окуялардын себебин билүүлөрү зарыл.

Кол койгондор кийинкидей жыйынтыкка келишкен:

Бул резолюцияны кабыл алуу менен конгресс, мыйзамдуу түрдө, тарыхый маселенин кайсы тарабы туура экендигин аныктоого аракет жасайт.

Мен армян элинин тарткан азабын тең бөлүшөм. Алардын өкүлдөрүнүн эбегейсиз көп саны ырайымсыз түрдө резолюцияда көрсөтүлгөн убакта өлтүрүлгөн. Бирок ошол эле учурда мусулмандар тараптан да мыкаачылык менен өлтүрүлгөн адамдардын саны аз болгон эмес. Бул резолюцияга болгон каршылыгым армян элинин тарткан азабына жана алардын бул трагедиялуу окуяларды чындыкка чыгаруу умтулуусуна жасаган кайдыгер мамилем эмес. Адамдын адамга жасаган ырайымсыз мамилесинин узун тарыхында бул трагедияны келечекте кайталанбагандай жана кайдыгер мамиле жасабагандай кылып эсибизге сакташыбыз керек.

Дене бойду титиреткен бул маселелерге кошумчалап, акыркы жылдары 50 түрк дипломаттары армян террористтери тарабынан өлтүрүлгөндөрүн айткым келет. Террористтердин айтуусу боюнча, алардын мындай аракеттери көп жыл мурда болуп өткөн окуялар үчүн өч алуу болгон. Бул резолюциянын кабыл алынышы алардын жасаган ырайымсыз кылмыштарын актайт жана колдойт. Ал эми Түркия мындай аракетти 70 жыл мурда болуп өткөн окуялардыннатыйжаларынын уланып жатканына Америка кайдыгер мамиле жасап жатат деп түшүнөт.

Эгер биз негизги шериктешибиз менен болгон мамиленин жана Американын улуттук коргоо кызыкчылыктарынын бузулушуна алып келе турган бул резолюцияны кабыл алууга даярданып жатсак, бул документтин тактыгына ишеничтүү болушубуз керек. Ошондо ишендирүүчү каршы далилдер пайда болушу мүмкүн, бирок биз анда эки учсуз тарыхый чындыктын үстүндө моралдык милдетибизди аткарып иштеп жатканыбызга ишенмекпиз. Ал эми бул редакцияны кабыл алууда болсо, анын айкындыгы жана структуралык тактыгы өлкөдөгү атактуу тарыхчылар тарабынан четке кагылгандан кийин аны кабыл алуу туура эмес жана акылсыздык болмок.

## 60 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:* 31 — июль 1987 ж., АКШнын мамлекеттик катчысы урматтуу Джордж П.Шульцтун конгрессмен Фрэнк Хортонго жазган каты.

## ВАШИНГТОН ШТАТЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КАТЧЫСЫ

**31 июль 1987ж.**

Урматтуу Хортон мырза!

Сиздин жакында, Европа парламенти тарабынан армян элине жасалган геноцид боюнча чечимдин кабыл алынышына тийиштүү болгон катыңыз өз убагында келди. Анын сиз билгендей эле, АКШ конгрессинин өкүлдөр палатасынын 132 чечимине жана азыркы учурда конгрессте каралып жаткан 43 чечимге түздөн түз тиешеси бар.

Сиз туура баамдагандай, өткөн жылдын июнь айында Европа парламентинде (ЕП) бул маселе боюнча добуш берүүдө аз адам катышкан. Чечимди 518тин ичинен 145 гана Парламент мүчөлөрү (28%) колдошкон,бирок, акыркы добуш кол көтөрүү менен жүргүзүлгөн, ошондуктан анын так жообу белгисиз.

Жалпысынан, 150 адам же башкача айтканда, ЕПнин үчтөн бир бөлүгү гана добуш берген.

Франциянын жана Грециянын бардык өкүлдөрүнүн көпчүлүгүнөн башка чечимге коммунисттер, социалисттер жана жашылдар да добуштарын беришкен. Кээ бир социалисттер такыр эле добуш берүүдө катышышкан эмес, ал эми калгандары калыс болушкан. ЕПнин калган парламентарийлеринин арасынан, биз түшүнгөндөй, үч борбордук-укуктук саясий топтор калган — алар ЕПнин бардык мүчөлөрүнүн жарымына жакынын түзүшкөн жана алар Европалык парламент тарыхый маселерди талкуулабаш керек деп, добуш берүүдөн баш тартышкан.

Европалык парламент НАТОнун катышуучулары болгон 11 өлкөдөн турган Уюмдун мүчөсү болгон 12 өлкөнүн ой-пикирин айта албайт. Европалык парламент-түз жол менен шайланган орган, ошондуктан ага кирген өлкөлөрдүн ар кандай саясий ой-пикирлерди кабыл алат.

Улуу Британия өкмөтү бул маселе тууралуу ой-пикирин Тышкы Иштер Министерствосунда өткөн пресс-брифингде, 5-7 июлда Түркиянын тышкы иштер министри Халефоглу иш сапары менен келгенде ачык айкын билдирген. Улуу Британиянын тышкы иштер министерствосунун өкүлү Улуу Британиянын мамлекеттик катчысы министр Халефоглуга Падыша Айымдын өлкөсү жакында Европалык парламент кабыл алган Армян резолюциясына эч кандай тиешеси жоктугун айтты. Ал Европалык Уюмунун өлкөлөрүнүн ой-пикирлерин Европалык парламент билдирбегенин белгиледи жана алар көз карандысыз шайланган орган болуп эсептелген Парламенттин айткан ой-пикирлери үчүн эч кандай жоопкерчилик ала албагандыктарын билдиришти. Ошондой эле ал Европалык парламент мурун да Падыша Айымдын өкмөтүнө кереги жок резолюцияларды кабыл алганын кошумчалады.

Бул маселе тууралуу жазган катыңыз жана тынчсыздан-ганыңыз үчүн чон рахмат. Бул сизге жардам берет деген үмүт менен, мен Армян резолюциясы тууралуу мамлекеттик департаменттин ой-пикирин конгресске сунуштайм.

*Чын жүрөктөн жазган,*
*Джордж П. Шульц.*

## 61 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:* АКШ мамлекеттик катчысы урматтуу Джордж П. Шульцтун АКШ конгрессинин өкүлдөр палатасынын бардык мүчөлөрүнө 1987 жылдын 4-августунда жазган каты.

## ВАШИНГТОН ШТАТЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КАТЧЫСЫ

**4-август 1987-жыл.**

Менин жазып жатканымдын себеби, эгер Палатада добуш берүүгө сунушталган “Армян резолюциясы” деген Биргелешкен 132 резолюциясы болсо, аны кабыл албооңуздарды алдын ала эскертким келет.

Осман империясынын тарыхындагы трагедиялуу баракты ачкан бул резолюция, биздин негизги шериктешибиз жана досубуз — заманбап Түркия менен болгон мамилебизди бузууга түздөн-түз шарт түзөт. Резолюциянын кабыл алынышы НАТО альянсына зыян келтирет. Американын улуттук коопчулугунун эңнегизги кызыкчылыктары биздин Түркия менен болгон досчулугубузга байланыштуу, ал эми бул резолюциянын кабыл алынышы менен анын эли жана өкмөтү ыза болот. Мен бул резолюциянын кабыл алынышынын колдоо себебин түшүнүп турам, бирок, ошол эле учурда, аны кабыл алуу менен биз, 1975-жылы 45 түрк дипломаттарынын өмүрүн кыйган армян террористеринин кылмыштарын актаган болобуз. Биз баарыбыз эл аралык терроризм менен күрөш жүргүзүшүбүз керек.

Мен Биргелешкен резолюцияга каршы добуш берүүнүн улуттук кызыкчылыктары бар экендигине ишенем жана сиздерди ага каршы добуш берүүңүздөрдү суранам.

*Чын жүрөктөн жазган,*
*Джордж П.Шульц.*

## 62 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:* 3-август 1987-жыл, мамлекеттик департамент, прессага айтылган сөз, ал "Түркия: Армян резолюциясы" деп аталган.

## ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНА: АРМЯН РЕЗОЛЮЦИЯСЫ ДЕП АЙТЫЛГАН СӨЗ.

**3-август 1987-жыл.**

Регламент боюнча Комитет Палатасы Армян резолюциясы деп атактуу болгон Биргелешкен 132 резолюциясын кайтарып берди. Администрация ага каршы.

Түркия АКШнын негизги шериктеши жана НАТОнун негизги мүчөсү. Аны менен биздин өлкөнүн улуттук коопчулугунун негизги кызыкчылыктары байланышкан. Бул резолюция Түркиянын элин жана өкмөтүн катуу таарынтат жана аны менен бирге биздин мамилебиз бузулушу мүмкүн.

Биринчи дүйнөлүк согуштун учурунда чыгыш Анатолияда жашаган мусулмандар жана христиан армяндар көп жоготууларга учураган жана алардын кайгысын биз тең бөлүшөбүз. Бирок, Кошмо Штаттар башка улуттар ортосунда болгон жана ал белгилүү, урмат сыйга ээ болгон илимпоздор тарабынан талкууланган окуяга тарыхый баа беришинин кажети барбы деген суроо туулат.

Биз баарыбыз эл аралык терроризм менен күрөшүүгө даярбыз.

Администрация резолюцияны сунуштаган адамдардын оюу таза экендигине ишенет. Бирок, бул резолюцияны 1975-жылы

45 түрк дипломаттарын өлтүргөн армян террористтер өздөрүнүн жасаган кылмыштарын актоо үчүн колдонушу мүмкүн.

Өкүлдөр палатасы жогоруда айтылгандардын баарын эске алуу менен Биргелешкен 132 резолюцияны четке кагат деп ишенебиз.

## 63 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:* Элчи Шюкрю Элекдагдын, Вашингтондогу Түркия өкүлүнүн, Колумбия федералдык округунан, АКШ конгрессинин өкүлдөр палатасынын бардык мүчөлөрүнө жазган каты.

**3-август 1987 жыл**

Урматтуу конгрессмендер!

Жакында сиздер, Осман империясынындагы чыгыш Анатолияда болгон биринчи дүйнөлүк согуштун учурунда адамдардын өмүрүн кыйган ич ара согушту, армян элине карата жасалган "геноцид" деп сүрөттөлгөн, Биргелешкен 132 резолюциясына кол коюшуңар керек болот.

Эгер АКШ конгресси бул резолюцияга кол койсо, анда Түркия менен Американын ортосунда болгон мамиле ошол замат бузулаарын Түркия парламентинде Түркия Республикасынын Президенти жана андагы саясий партиялардын лидерлери ачык айкын айтып чыгышкан.

Түрк эли жана түрк өкмөтү резолюциядагы айыптоолорду тарыхый жактан негизсиз жана алар түрк элине айтылган ушак жана сөгүш деп кабыл алышат. Осман империясынын тарыхын изилдеген америкалык адистер, "геноцид" болгондугуна күмөн санашат жана конгресске жалган тарыхты мыйзамдаштырууда сак болуулары тууралуу кайрылышкан.

Армян террористтери, 73-жыл мурда болуп өткөн туура эмес баяндалган окуяларды беттерине кармап, өч алуу үчүн

70тен ашуун күнөөсүз адамдарды, алардын ичинен 40 түрк дипломаттарды өтүрүшкөн.

Ушундан улам, Түркия эли адилеттүү түрдө, бул резолюциянын кабыл алынышы, террористтердин жасаган кылмыштарын АКШ конгресси тарабынан мыйзамдаштыруу жана актоо, ошондой эле дагы боло турган өлтүрүлөргө жол ачуу деп түшүнүшөт.

Акыркы окуялар көрсөткөндөй, бул сыяктуу резолюция Түркияга каршы эл аралык терроризмдге түрткү болот. Резолюцияга кол коюлса, армян террористтеринин коркунучунун алдында турган түрктөрдүн абалына америкалыктар кайдыгер мамиле жасап жатат деп түшүнөт. Мындай аракет АКШнын терроризмге каршы күрөшөбүз деген бектигине шек келтирбестен, мамлекеттерибиздин элин бир-биринен олуттуу алыстатат.

Армян террористтеринин жана негизги армян саясий топторунун территориялык дооматтарына байланыштуу, Түркия мамлекети бул резолюцияны, сиздердин НАТО боюнча стратегиялык негизги шериктешиңиз болгон, Түркия Республикасын бөлүп жарууга аракет жасоо деп кабыл алат.

Бул резолюцияны кабыл алуу менен элдик наараазычылыгы көп болот жана аларды бир дагы өкмөт токтото албайт жана кош көңүл боло албайт.

Биргелешкен 132 резолюциясынын баштоочуларынын айткандарындай, бул жөн гана Америкадагы бир нече этникалык топтордун жөнөкөй актысы эмес. Чындыгында, бул Кошмо Штаттардын тышкы саясатына жана бүтүндөй Батыш альянска олуттуу жана узакка созулган натыйжаларды алып келе турган кадам. Биргелешкен резолюция 132ни колдогондор кийинки далилдерди сунуштайт: Европалык парламент жакында армяндар тараптын такталбаган ой-пикирлеринин тактыгын туура деп тапты. Чындыктан эч ким качып кутулбайт.

Европалык парламенттин 518 мүчөсүнүн ичинен 68и гана, армяндардын айткандарын камтыган бул параграфты, туура деп табышты. Алардын баары эле коммунисттик партиянын мүчөлөрү, социалисттер, жашылдар жана грек парламентарийлер, тагыраак айтканда, булардын баары ар дайым Түркияга каршы болуп келишкен. Европалык парламент тарыхый маселелерди талкуулоого жана тарыхый ой-пикирлерди айтууга компетенттүү болбогонуна парламентарийлердин үчтөн эки бөлүгүнүн көбү каршы чыгышкан.

Улуу Британиянын жана Батыш Германиянын өкмөттөрү, официалдуу түрдө Европалык Уюмдун 12 мамлекетинин атынан ой-пикирин айтууга полномочиеси жок, уставы боюнча, жөн гана кеңеш берүүчү органболуп эсептелген Европарламенттин аракеттерине эч кандай тиешелери жоктугун айтып чыгышты.

Мен сиздерди резолюцияга каршы добуш берүүңүздөрдү суранам себеби, анын кабыл алынышы, негизги түрк-америкалык байланыштардын жана кызыкчылыктардын баардыгынын бузулушуна алып келет.

Чын жүрөктөн жазган,
*Д-р. Шюкрю Элекдаг,*
Түрк Республикасынын элчиси

**64 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:* Түркиянын премьер-министри Х.Е. Тургут Озалдын 1987-жылы 6-августта АКШ конгрессинин өкүлдөр палатасынын спикери урматтуу Джеймс Райтка жазган каты.

**6-август 1987-жыл.**

Спикер мырза!

Менин сизге жеке кайрылуумдун себеби, резолюция 132ни өкүлдөр палатасы тарабынан кабыл алынбоосу үчүн бардык күчүңүздү жумшайсыз деп үмүттөнөм.

Эгер бул маселерде биздин эки мамлекетке зарыл нерселер жана кызыкчылыктар козголбогондо, сизге мындай өтүнүч менен  кайрылмак эмесмин.

Баарынан мурун, мен Сизге мурда түшүндүргөндөй жана баса белгилегендей, АКШ конгрессинин өкүлдөр палатасы сыяктуу саясий орган тарыхый маселелер тууралуу ой-пикир айтпашы керек, себеби, бурмаланган далилдерге негизделген чечимдерди саясий орган чыгарса, эгер ал илимпоздор арасында дагы эле талкууланып жаткан болсо, анда ал туура эмес жана адилетсиз болот.

Түркия өкмөтү Осман империясынын архивдерин элге жарыялоого даяр болуп калды. Алар,сөзсүз бул ишти чечүүдө чоң салымын кошот.

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн баарын эске алуу менен, резолюцияны бекитүү, эгер анда заманбап Түркия эскертилсе да, түрк элине карата адилетсиз болот. Түрк эли бул резолюцияны өзүнүн башынан өткөргөн жылдарына карата болгон кордоо деп санабастан, келечекте ага коркунуч туудурууучу аракет деп кабыл алат. Натыйжада, түрк-америкалык мамилелерге көбүрөөк доо кетет.

Ошондон улам, резолюцияны бекитүүдө, Түркия менен Батыш өлкөлөрүнүн ортосундагы байланышты бузууну жана аны бүт дүйнө жүзүнүн алдында жамандоону максат кылгандар үчүн чоң жардам болот.

Резолюция армян террористеринин келечекте жасай турган кылмыштарын жана кастык аракеттерин актайт.

Мен Сизди Спикер мырза, кесиптештериңизге муну түшүндүрүп коюууңузду суранам.

Чын жүрөктөн,

*Тургут Озал,*

Түрк Республикасынын премьер-министри.

**66 ДОКУМЕНТ**

Маалымат булагы: Джек Андерсон жана Дале Ван Атта. "париж жардыруулары тууралуу официалдуу жалган" — "Вашингтон пост", 29-октябрь 1986-жыл, с.С. 12.

**ПАРИЖ ЖАРДЫРУУЛАРЫ ТУУРАЛУУ ОФИЦИАЛДУУ ЖАЛГАН**

**Джек Андерсон жана Дале Ван Атта**

Француз официалдуу адамдары, атайын эле, өз элин жана дүйнөлүк прессаны акыркы айлардагы, Парижди титиреткен террористтик жардыруулардын себебин так айтпай, жаңылтып жатышат. Балким, мамлекеттик кызматчылар, француздар согушту ошонун жардамы менен токтотобуз деп үмүттөнүп жаткан жашыруун ишти катып жатышат.

10 адамды өлтүрүп, 162 адамды жарадар кылган бул жардыруулардын уюштуруучуларыбыз деп, "араб жана орто чыгыш саясий камалгандары менен болгон тилектештик комитети" деп аталган белгисиз бир топ айтып чыкты. Бул аталышта "менен" деген байламта өтө маанилүү.

Ар бир жардыруудан кийин француз түрмөлөрүндө жаткан үч террористерди бошоткула деген талаптар коюлган. Алардын экөөсү, Жорж Абдаллах жана Анис Наккахи, марониттик христиан-ливанецтер, учүнчүсү, Вараджан Гарбиджян (ошол эле Вароджан Гарабедян), - Сирияда төрөлгөн армян христианини.

Премьер-министр Жак Ширактын аппаратындагы француз официалдуу адамдары Абдаллахтын маанилүү фигура экендигин прессага айтып чыгышкан. Ал өтө чоң эмес "Ливандык куралдуу революциондук фракциясы" деп аталган террористтик топту жетектейт жана ал Франциядагы майда кылмыштар үчүн айыптуу. Абдаллахты көп жылга түрмөгө отургузууга жетишээрлик негиз жок: француздар аны бир нече жылдан кийин, андан кеч эмес, бошотушу керек, ал үчүн андай жаза эң чоң болуп эсептелинет.

Айдоодогу ирандык лидерди өлтүрүүгө аракет жасаган Наккахи, майда-чүйдө киши. Жада калса, ал, жардырууларды жасай алган бир дагы террористик топторго тиешелүү эмес.

Ал эми Гарбиджян (Гарабедян) тууралуу болсо, ал 1983 жылы Париждеи алыс эмес жерде жайгашкан Орли аэропортунда жети адамдын өмүрүн кыйган жардырууну уюштургандыгы үчүн боштондукка эч кандай мүмкүнчүлүгү жок, өмүр бою түрмөдө камалышы керек. Ал күнөөсүн мойнуна алган.

Гарбиджян (Гарабедян) дүйнөдөгү эң кооптуу: Арменияны Бошотуудагы Жашыруун Армян Аскеринин (АСАЛА деп кенен таралган) террористик топторунун №1чи башчыларынын бири. Акыркы он жылдын ичинде АСАЛА террористери, бүт дүйнө жүзү боюнча кол салууларды жүргүзүп, 70 түрк официалдуу адамдарды, алардын үй-бүлө мүчөлөрүн жана күбөлөрдү өлтүрүп, 300 ашык адамды жарадар кылышкан. АСАЛА азыркы түрк өкмөтүнөн биринчи дүйнөлүк согуштун учурундагы болгон окуяны армяндарга каршы жасалган геноцид деп моюндарына алуусун жана Түркиянын чыгыш жагын андан бөлүнүп, көз карандысыз армян жери деп аталышын талап кылып жатышат.

Биздин маалымат булактарыбыз, алар батыштагы чалгындоо агентстволорубуздагы терроризмдин экчперттери, француздардын түрмөсүндө жаткан Гарбиджянды (Гарабедянды) бошотуу менен Париждеги жардырууларды уюштуруучулардын талаптары байланыштуу деп билдиришет. Бул сценарийде ливандык террорист Абдаллах, Гарбиджяндын (Гарабедяндын) иши тууралуу жашыруун сүйлөшүүлөрдөн прессанын көңүлүн башка жакка буруу үчүн Курал катары колдонулган. Ушундай эле жагдай беш жыл мурда да болгон.

1981-жылдын 25-октябрында АСАЛА өзүнүн жетекчилеринин бири Монте Мелконянды бошотууга жана башка өзүнүн төрт мүчөсүнө жакшы мамиле жассоону талап кыып, Парижде 15 жардыруу уюштурган. Алар Париждеги Түрк консульство-

суна кол салып, кароолдо турган бир адамды өлтүргөндөрү үчүн камакка алынышкан.

Биздин булактарыбыз маалымдагандай, француздар 1982-жылдын январь айында АСАЛА менен келишим түзүшкөн. Жардыруулар убактылуу токтотулган. Мелконян түрмөдөн бошотулган, ал эми АСАЛАнын башка төрт мүчөлөрүнө жеңилирээк жазалар берилген.

Жымжырттык Орли аэропортундагы жардыруу менен кошо жарылган.  Бирок Гарбиджян (Гарабедян) ал жардыруу күтүлбөгөн жерден болду деп ишендирүүгө аракет жасаса да, алар аны өмүр бою камакка алышкан.

Биздин Гарбиджян (Гарабедян) жөнүндөгү сурамжыларыбыз француз маалымат булактарынын кыжырын келтирген. Бирок ошол маалда, Париждеги жардырууларды Абдуллах уюштурган деген жомогун таркатуу менен Ширак ийгиликке жеткен.

## 67 ОКУМЕНТ

*Маалымат булагы*: Джек Андерсон жана Дале Ван Атта. “Французадар түрктөргөтеррористерди кармоодо тоскоолболуп жатышат” — “Вашингтон пост”, 31-октябрь 1986-жыл. б. Е5.

## ФРАНЦУЗДАР ТҮРКТӨРГӨ ТЕРРОРИСТЕРДИ КАРМООДО ТОСКООЛ БОЛУП ЖАТЫШАТ.

**Джек Андерсон жана Дале Ван Атта**

Французлардын террористерди кубаттоосу башкача жаман бир формага ээ болду. Французлар түрктөрдүн терроризмге каршы тергөө органдарынын түрк дипломаттарын жана алардын үй-бүлөсүн өлтүрүү ишин жетектеген адамдын сүрөтүн көрсөткүлө деген суранычка макул болбой жатышат.

Үч жылдан ашуун убакыттан бери, түрктөрдүн чалгын жүргүзүүчү кызматтарынын чиновниктери французларга Акоп

Акопян деген ат менен иш жасаган №1 армян террористинин сүрөтүн көрсөткүлө деген сураныч менен кайрылышкан.

Бардык армян уюмдарынан ичинен эң өлтүрүүчүсү болуп АБЖАА — Арменияны Бошотуудагы Жашыруун Армян Аскери эсептелет. Анын максаты болуп, 1915-жылкы оттоман түрктөрүнүн 1,5 миллион армяндарды кыруусун, армян элине карата жасалган геноцид деп түрктөрдү күчкө салып моюндарына алдыруу жана чыгыш Түркияда көз карандысыз армян мамлекетин түзүү.

АБЖАА 1975-жылы Бейрутта сириялык армян Акопян тарабынан түзүлгөн.

1982-жылы Израильдин Ливанга кол салуусунан кийин Акопян ал жерден качып кутулган жана Дамаск менен Афинада жаңыбазаларды түзгөн. Ал мурда АБЖААны окуткан жана ага жардам кылган Палестинаны Бошотуу Уюму менен да байланышын үзгөн. Акопян ООПга каршы оппозициянын лидери Абу Нидал менен байланыш түзгөн. Ал бир Америкага каршы бир нече акциялардын баштоочусу болгон.

Акопян эч качан бетме-бет туруп интервью берген эмес, ошондуктан анын келбетинин бар болгон сүрөттөлүштөрү бир-бирине дал келген эмес. Анын бир эле сүрөтү, изин таппай жүргөн түрктөргө абдан керектүү болмок.

Француз жашыруун кызматтары Акопяндын сурөтүн табышкан. Чалгындоо маалымат булактарына караганда, ООПнун лидерлерини бири, Салах Халаф, АБЖАА жана ООП бир-бири менен байланыштарын үзгөндөн кийин, 1982-жылы, французнарга Акопяндын жана башка армян террористеринин бир нече сүрөттөрүн таштаган.

Бул сүрөттөрдү колдонуу менен французнар 1982-жылдын апрель айында Акопян Парижге келгенде аны таанышкан. Алар аны камашкан эмес, бирок анын артынан аңдып, анын бардык жашыруун жолугушууларына күбөболушкан жана АБЖААга кенен досье түзүшкөн.

Биз жогоруда айткандай, француздар АБЖАА менен 1982-жылы январь айында келишим түзүшкөн. Алар жардыруулар токтотулсун деген шарт менен түрмөдөн армян лидерлерини бирин бошоткон. Жымжырттык 1983-жылы Орлиан аэропортунда жарылган бомба менен бузулган. Террористердин айтуусу боюнча, ал бомба түрк учагына коюлмак жана ал Франциядан чыккандан кийин жарылмак.

Акопян жөнүндө өздөрүнүн билдирүүчүлөрүнөн маалымат алгандан кийин, француздар АБЖАА менен байланышы бар 51 адамды камашкан. Алардын бири, Вараджан Гарбиджян (Вароджан Гарабедян) киши өлтүргөндүгү үчүн өмүр бою камакка алынган: ал Парижде бир нече жардырууларды уюштургандар тарабынан бошотулсун деп талап кылынган үч террористердин бири. Французлардын түрктөргө сүрөттү берүүгө каршы болгон себептеринин бири Гарбиджян (Гарабедян), азыркы учурда француз түрмөсүндө жаткан армян террористи, кармалбай жүргөн Акопян болушу мүмкүн. Акопяндын бир эле сүрөтү, соттогу тергөө маалында тартылган Гарбиджяндын (Гарабедяндын) сүрөттөрүн салыштыруу менен ал Акопян экендигин далилдөөгө түрктөргө көмөк көрсөтмөк.

“Акопян-Гарбиджян (Гарабедян)” версиясы париждеги жардыруулардын себептерин түшүндүрмөк. АБЖАА (Абу Нидалдын бир аз жардамы менен) мурдагы түзүлгөн келишим мисал болууга жарады деп негиздөөчүсүнүн боштондукка чыгуусун каалайт. Армян террористери жаңы жардырууларды уюштуруу менен Акопяндын (Гарбиджян же Гарабедяндын) боштондукка чыгуусуна ишенип жатышат.

## 68 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булагы:* “АБЖАА радикал ливандыктар менен кызматташабы?” — “Армениан рипортер”,9-июль, 1987-жыл 1-б.

**АБЖАА РАДИКАЛ ЛИВАНДЫКТАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШАБЫ?**

Нью-Йорк, Н.Й.- “Моссада”, израильдик чалгындоо кызматы, түрк жашыруун полициясына Иранда аятолла Хомейнини активдүү колдогон экстремистик радикалдуу ливандык жашыруун топ “Хезбаллах” менен АБЖААнын ортосундагы тыгыз байланыштан келип чыга турган окуяларды аңдуусуна кеңеш берди.

**69 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:* Эдвард К. Богосян, “Радикалдардын өкүлдөрү тилектештик конференциясында активдүү катышышты” — “Армениан репортер”, 1-май 1986-жыл 1-жана 18- бет.

**РАДИКАЛДАРДЫН ӨКҮЛДӨРҮ ТИЛЕКТЕШТИК КОНФЕРЕНЦИЯСЫНДА АКТИВДҮҮ КАТЫШЫШТЫ.**

Эдвард К. Богосян

Афина (Греция) — Грециянын саясий партияларынын өкүлдөрү, алардын ичинен ПАСОК партиясы жана көптөгөн армяндардан жана башка улуттардан турган саясий топтор, армян элине, өз иши үчүн болгон күрөшүнө тилектеш экендиктерин айтышты жана 20-апрелде, базар күнү, армян эли менен тилектештиктин Экинчи эл аралык конференциясында, дагы бир жаңы армян саясий топтун алпарган ишине колдоо көрсөтүштү. Бул саясий топтордун жана уюмдардын макул табылган кабарларына караганда, Грецияда, Армян иши кеңири дүйнөлүк саясий коомчулуктун колдоосунда экендиги белгилүү болду.

Тилектештиктин бул эл аралык конференциясынын уюштуруучусу болуп, куралдуу күрөштү жана АБЖААны колдойбуз деп ачык айтып чыккан армяндардын жаш муундары жетектеген Армян Элдик Кыймылынын грециядагы бөлүмү болду.

Армян Элдик Кыймылынын Европанын ар кайсы өлкөлөрүндө, Орто Чыгыштагы өлкөлөрдө жана Америка Кошмо Штаттарында бөлүмдөрү бар, бирок бул бөлүмдөрдүн кээ бирлери АБЖААнын катарынан жик чыккандан кийин ишеничин жоготуп коюшту.

Жыйын тууралуу кенен баяндоо жанан анын маанисин көтөрүү үчүн, конференция Саясий илимдеринин Пантиос университетинде өттү. Ал чогулуш грек телевидениеси жана прессасы аркылуу кенен чагылдырылды. 200 жакын киши, алардын ичинен көптөгөн саясий топтордун башка шаарлардагы өкүлдөрү болуп конференцияга катышышкан. Ал жакта өткөн экинчи конференцияга катышкан саясий топтордун көбүнө “прогрессивдүү, демократиялык жана революциондук” деп мүнөздөмө берилген, ал мүнөздөмө алардын солчул уюмдар экендигин көрсөткөн.

Конференциянын программасы негизинен катышуучулардын айткан сөздөрүнөн турган. Алар армян элине тилектеш болушкан жана алардын Түркияга койгон талаптарын колдошкон. Экөөсүнөн башка бардык сөздөр грек тилинде айтылган жана алардын синхрондук котормосу жок болгон. Бирок, келген каттардын баары грек тилин түшүнбөгөндөр үчүн англис тилине которулган.

Грециянын партиясы ПАСОКтун атынан армян элине болгон тилектештикти, бул партиянын борбордук комитетинин мүчөсү жана Туруктуу Элдик Трибуналдын грек мүчөсү Хараламбиди Михалис айтып чыккан. Көрүнүктүү грек тарыхчысы Перихли Редакис түрк шовинизмине көңүл бурган жана Осман империясынын башкаруучуларынын грек менен армян элине тарттырткан азаптарынын ортосуна жарыш сызык койгон. Армян Элдик Кыймылынын максаттарын жана умтулууларын Ара Саркисян айтып чыккан. Эң негизги окуя болуп, доктор Жорж Хабаш жетектеген Палестинаны Бошотуунун Элдик Фронтунун (ПБЭФ) атынан Бассам Абу-Салим мырза айтып чыккан

кайрылуу болгон. Абу-Салим мырза өз фронтунун атынан армяндарга куралдуу күрөшүүдө жардам көрсөтөөрүн уланта тургандыгы тууралуу эл алдында сөз берди жана армян жаштары үчүн палестиналыктардын аскер-окутуу лагерлери дайыма ачык болоорун айтты. Кийинчирээк Абу-Салим мырза, бул саптардын автору берген суроого жооп берип жатып, анын уюму ар дайым АБЖААнын армян мүчөлөрүн окутуп жүргөндүгүн жана ал  саясатты андан кийин да жүргүзөөрүн тастыкдады. Ал “Армяндардын эркиндик үчүн күрөшүүчүлөрүнө биздин лагерлердин эшиги дайыма ачык”, - деп айтты.

Конференцияда катышкан көрүнүктүү грек саясий ишмерлеринин ичинен: премьер-министрдин уулу Папандреу, ал өзү да Грециянын кабинет министринде жогорку кызматты ээлеген: бул эл аралык конференцияга катышабыз деп атайын Афинага келген Кипр парламентинин эки мүчөсү; Христиан Демократиялык партиялардын өкүлдөрү, ЭДИК Борборунун партиялары, Коммунисттик партиянын эки канаты, профассоциациялардын жана профсоюздардын өкүлдөрү, Грециядагы бир нече шаарлардын мэрлери, Европа парламентинин эки грек мүчөлөрү жана грек парламентинин башка мүчөлөрү болушкан. Ошондой эле чогулуштарга катышууга ар дайым даяр болгон, Афинадагы Болгариянын элчиси да бар болгон.

Өзгөчө маанилүү окуя болуп, конференциянын уюштуруучуларынын дарегине келген көптөгөн каттар болгон: Палестина Улуттук Революциондук Кыймыл — “Фатах”; Палестинаны Бошотуунун Элдик Фронту — башкы командованиеси; Палестина Улуттук-Бошотуу Кыймылынын Борбордук Комитети — “Фатах”; Ливандын Социалисттик Прогрессивдүү Партиясы; Араб Социалисттик Жумуш Партиясы; Ирактын Курдистан Демократиялык Биримдиги: жана башка израиль-палестиналык чыр-чатакта өздөрүнүн радикалдык позициялары менен атактуу болушкан  эл аралык топтор.

## АРФ-РМ ТАРАБЫНАН КӨРСӨТҮЛГӨН КОЛДОО

Армян саясий топторунан келген каттардын ичинде, Армян Революциондук Федерациясынын — Революциондук Кыймылынын — жат кызыкчылыктарга жана күчтөргө берилген, Ливандагы улуу партия лидерлерин жок кылууга жана уурдоого талап кылган топтун жиберген каты болгон. Катта Армян Элдик Кыймылы менен тилектештик айкын жазылган жана Революциондук Кыймыл андан ары да "иш кандай гана трагедиялуу болбосун, анын болгон абалын ачык айтууга", Дашнак бюросунун лидерлеринин армяндарга каршы аракеттеринин бетин ачууга сөз берген. Кат АБЖААнын жана куралдуу күрөштүн жактоочулары болгон — Армян Элдик Кыймылы жана Дошнак тобунун ортосунда болгон начар байланыштын көрсөткүчү катары кабыл алынган.

Көрүнүктүү грек саясий лидерлеринин түрк өкмөтүнө, Түркиянын коопсуздугуна каршы болгон жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн деген айыптоо менен 1980-жылы камалган, диний кызматчы Мануэл Ергатянды бошотууга сурanып кол коюп бергендери конференция болгон күндөрүндө белгилүү болгон. Мануэлге колдоо көрсөтүү үчүн грек саясий лидерлерине кайрылуу жасаганда, диний кызматчынын андан кийин түрмөдөн бошотулаары жана Түркиянын алыс бир жерине 4 жылга жиберилээри тууралуу Грецияда белгилүү болгон эмес.

Армян Элдик Кыймылы өз штабын Грециянын борборунан алыс, негизинен армяндар жашаган Неос Космос деген жерде ачкан. Ал штаб эки кабаттуу имаратта ачылган жана ал жер армян жаштары үчүн чогулуучу жана иш алпаруучу жайга айланган. Алар ысымдарын бирөө сураганда гана айтууну жактырышкан. Бул уюм ар дайым журналдарды 5 тилде, ошондой эле түрк тилинде да чыгарып турушат жана алар кенен таркатылат. Кээ бир журналдар Арменияңын тарыхый чоң жана кичине шаарларына аталып чыгарылат.

Күтүүсүздөн уюштурулган, бул саптардын автору жана штабдагы кээ бир жаштардын ортосунда болгон даярдалбаган маекте, бул Кыймыл, традициондук армян саясий партияларынан абдан айырмаланаары белгилүү болду. Жаштардын оюу боюнча, армян саясий партиялары күч — кубаттарын өз элине жумшабастан, тескерисинче аларды бөлүп — жарып, эффективдүү иш алпаралбай турган абалга жеткизишти. Армян Революциондук Федерациясынын жергиликтүү бөлүмдөрүнүн, тагыраак айтканда дашнак партиясынын аракеттери кыжырга тийген. Алар Эл аралык Биримдик Конференциясын чогулуш күнүндө, конференциянын ишине тоскоол болуу үчүн, жарыш уюштуруп коюшкан.

Бул бөлүмдүн атынан өзүн Армен деп атаган оратор, анын фракциясы армян коомчулугунун үстүнөн башкаруу эмес, бардык армян саясий топтору менен бирге иш алпаруу. “Биз бул топтордун өз алдынча иш алпаруусун жактырабыз жана керек болгон учурда биздей болгондор менен бирге иштешүүлөрүн каалайбыз”, – деди жаш бир оратор. Ал ошондой эле, армяндарга колдоо көрсөтүлгөн Грециядагы жетишкендиктерин айтып чыкты. Ал, коноктордун катышуусуна эч кандай аракет жасалбагандыгын, бирок ошого карабастан, көптөгөн коноктор чакырууларды кабыл алышып, катышууга келгендери тууралуу ачык айтып чыкты.

Армян Элдик Кыймылынын негизги максаты - акырындап, ал иш алпарган мамлекеттер арасында колдоого алынуу жана армян элине караштуу дүйнөлүк коомчулуктун ой-пикирине таасир эте турган пропагандисттер жана башка адамдар менен достошуу.

Армян Элдик Кыймылынын тегерегинде биригишкен Грецияда жана Орто Чыгышта төрөлгөн аялдар жана эркектер коноктор менен сүйлошкөндөн кийин аларга катуу таасир калтырышат. Алар билимдүү, өздөрүнө ишенген, ишине берилген жана өз ишин куралдуу жана саясий жол менен ишке ашырууга чечкиндүү болуп чыгышты.

**70 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:* Алан Коуелл, “АКШ жана Греция террор тууралуу бир пикирге келе албай жатышат” — “Нью-Йорк Таймс”, 27-июнь 1987ж. 4-б.

**АКШ ЖАНА ГРЕЦИЯ ТЕРРОР ТУУРАЛУУ БИР ПИКИРГЕ КЕЛЕ АЛБАЙ ЖАТЫШАТ.**

**Алан Коуелл атайы “Нью-Йорк Таймс” үчүн.**

Афина, 26 - июнь, - бүгүн Афина жана Вашингтон ортосунда АКШнын чалгындоо маалымаатары тууралуу тартышуу болуп өттү. Анда Афина бир нече ай бою Абу Нидал аттуу террорист менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөнү айтылды. Греция мындай сөздөрдү четке какты.

АКШнын чалгындоо маалыматтары бул жерде, төртүнчү күнү грек министри Карлос Папоулиас жана Кошмо Штаттарынын элчиси Роберт Килинин жолугушуусунда талкууланды. Аны бул чырды билген адамдар кабарлашкан.

Алар Абу Нидал менен эскертүү түрүндө болгон сүйлөшүүлөрдүн маанисин айтып берүүдөн баш тартышты. Ал адам менен болгон сүйлөшүү, ишенимдүү маалымат булагы тарабынан тастыкталганын айтышты.

Абу Нидал, Аль Фатах Революциондук Кеңештин бөлүнүп кеткен тобун жетектейт. Ал топтун, 1985-жылы Вена жана Рим аэропортторунда болгон жардырууларга катышы бар жана ошол жасаган кылмышы үчүн Рейгандын администрациясы былтыр Триполиге бомба таштоо  чечимин кабыл алышкан.

**КУУГУНТУКТОО ЖӨНҮНДӨ ЭЧ КАНДАЙ ОФИЦИАЛДУУ СҮЙЛӨШҮҮЛӨР БОЛГОН ЭМЕС.**

Жогоруда эскертилген террористтик топтордун Триполиде жана Дамаскта таяныч пункуту бар болгондугу белгилүү болду. Араб дипломаттары маалымдагандай, сириялык бийлик

Абу Нидалга Дамасктагы штабын, ушул айга Венецияда пландаштырылып президент Рейган катыша турган, алдыңкы индустриалдуу мамлекеттердин жолугушуусу башталганга чейин жабуусуна буйрук берди.

Кошмо Штаттар кийин Дамаск менен мамилесин жакшыртууга даяр экендигин айтып чыгышты, бирок Сириядан Абу Нидалдын куулушу тууралуу жарыяга официалдуу түрдө кийлигишкен жок.

Вашингтондогу мамлекеттик департаменттин чоң кызматтагы чиновниктери, өкмөт чөйрөсү Абу Нидал менен болгон байланышты уккандан кийин, мамлекеттик департамент ошол замат демарш жасаганын айтышты. Официалдуу адамдар Грециянын түрктөргө каршы террористтик актарды жасаган АБЖАА менен байланышына өкүнүштү, бирок ал жөнүндө сөз болгонбу же жокпу, белгисиз.

Төртүнчү күнү болгон жолугушуунун катышуучулары, элчи Килинин айыптоолоруна Папоулис мырза угаары менен каршы чыккандыгын айтышкан. Анын жолугушуу маалында, Кошмо Штаттардын айткандары негизсиз экендигин далилдөө үчүн грек официалдуу адамдарына бир нече жолу телефон чалгандыгын айтышты.

## ЖОЛУГУШУУ ТУУРАЛУУ ЭЧ КАНДАЙ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР ЖОК.

Официалдуу бир чиновник, премьер министр Андреас Папандреустун өкмөтү өткөн жолугушуу тууралуу эч кандай түшүндүрмөлөрдү бербей тургандыгын айтты.

Кошмо Штаттар Элчилиги, Грецияга коюлган айыптоолорго официалдуу түрдө түшүндүрмө берүүдөн баш тартты.

Эмиграциядагы палестиналык парламенти аталган Палестинанын Улуттук Кеңешинин бул жылкы чогулушунун чакырыгынан кийин  Абу Нидалга штабын жабууга буйрук берилген. Ясир Арафат менен мамиле түзүп, сириялык президент

Хафез аль-Асадуну эрегишке чакырууга даяр болгон башка палестиналыктар менен бирге Абу Нидал чогулушка катышууну көздөгөн.

**71 ДОКУМЕНТ**

*Маалымат булагы:* Хуан О. Тамайо, “Кипр жер кезип жүргөн террористердин аралы болду” — “Майами Геральд”, 1-октябрь,1986-жыл.

**КИПР ЖЕР КЕЗИП ЖҮРГӨН ТЕРРОРИСТЕРДИН АРАЛЫ БОЛДУ.**

Хуан О. Тамайо, “Майами Геральд” гезитинин штаттагы кызматчысы.

Никосия, Кипр — күндүн жана деңиздин жери болгон Кипрге кош келиңиздер, бул жерде күн ваннасын алып ырахаттанган Скандинавиядан келген туристердин бейиши, арап — европа соодасындагы байыркы жолу, ал эми биздин замандагы саякаттанып жүргөн террористердин сүйгөн ашып өтүүчү пункуту!

Өткөн жылы Палестинаны Бошотуу Уюмундагы (ПБУ) боевиктер Кипрде үч израилдиктерди жана бир сириялыкты өлтүрүштү, Абу Нидал иордандык бир мекемени жардырды, проирандык террористер эки иракттыктарга кол салышты, ал эми ливиялык каракчылар артиллериялык ок менен британиялык аскер базасын атышты жана АКШ дипломаттарынын артынан арал боюнча аңдып жүрүштү.

Кипр полициясы колго жасалган гранаттары жана тапанчалары бар бир топ арaптарды камакка алышты жана бир топ шектүү саякатчыларга өлкөгө кирүүгө тыюуу салышты. Израильдик канонердик кайыктар Кипрден база кылынган кемелерди табышкан. Алар Ливандагы палестиналыктарга курал жеткизип баратышкан.

“Ал экинчи дүйнөлүк согуш маалындагы Лиссабонго окшогон — нейтралдуу, бирок ар тараптуу кооптуу оюнду баштаган алсыз өлкө”, - деп Никосиядагы батыш бир дипломат Кипр жөнүндө айткан.

Президент Спирос Киприанунун өкмөтү, жер ортолук аралда 650 миң калкы бар, 1960-жылы британдыктар башчы болуп келген, азыркы учурда тили грек түштүк жана түрктөр басып алган түндүк, Кипрдеги мындай кандуу интригаларга тоскоол болбогонуна окшобойт.

Чындыгында, бул жерде аккредитациаланган батыш дипломаттары жана терроризмди изилдөө боюнча израилдик адистер Кипрдикке коопсуздукту бекемдөө ишинде жогорку бааларды беришет жана алар Кипрди, сүйүүнүн кудайы Афродитанын төрөлгөн жери деп аталганга укугу бар тынч арал дешет.

“Биздин өз кыйынчылыктарыбыз бар, бирок биз терроризмге абдан сакбыз”,- деди муруңку тышкы иштер министри жана 1988 жылы өтүлө турган шайлоодо, президентикке талапкер Никое Роландис.

Бирок, арабдар жана европалыктардын ортосундагы соода жолу болгон Кипр, өзүнө террористтерди жана шектүү адамдарды, өзгөчө, ливан жарандык согушунда Бейрут талкалангандан кийин тарта баштады.

Кипр Чыгыш Жер Ортолук Деңизинин так ортосунда, Бейруттан 130 жана Суэц каналынан 200 чакырым алыстыкта жайгашкан жана анын территориясынан күн сайын Европага жана Орто Чыгышка аба майданындагы рейстер жүргүзүлүп турат жана анын заманбап телефон системасы бар. Жылына 1 миллион туристердин келиши жана “кичине Бейруттарда” жашаган бир нече миң ливандык качкындардын жайгашкандыгы, жер кезип жүргөн террористер үчүн далда жер.

Буга дагы террористердин байкалбай жээкке токтоо жана кемеден чыгуу боюнча эффективдүү системасына үйрөтүлгөндүктөрүн жана кылымдар бою миңдеген тайыз жерлер жана

аралдын кичинекей булуңдары аркылуу контрабанда алып өтүү традициясын кошсоңуз, Кипр, ал каршы болгон күндө да, жашыруун операциялардын эң сонун базасы болуп чыга келет.

## ИЗРАИЛЬДИКТЕРДИ ӨЛТҮРҮҮ

1985-жылдын сентябрь айында Ларнакинин түштүк портунда, ООПнун куралдуу күчтөрүнүн 17-чи диверсиялык — десанттык отрядынын 3 мүчөсү үч изральдиктерди өлтүрүшкөн, ал эми Никосиянын борборундагы Израиль элчиси эки жолу жардырууга учураган.

ООПдан чыккан, Ясир Арафатка каршы болгон козголоңчулар, Арафаттын эки тарапкерин өлтүрүшкөн, дипломатиялык статусу бар Никосиядагы ООП мисссиясын жана ООП элчиси Малат Абдонун үйүн жардырышкан. Арафаттын куралдуу адамдары ООПдан чыккан эки козголоңчулардын өлүмдөрү үчүн жана Арафаттын көптөгөн душмандары жашынган Сириядан чыккан бир моряктын өлүмү учүн айыптуу болуп саналышат.

Абу Нидал, өткөн жылкы АЛИЯ аттуу Иорданиялык авиакомпаниясынын жергиликтүү конторасынын жарылгандыгын өз мойнуна алды, ал эми про-ирандык Ливандын шейиттери өткөн жылдын ноябрь айында машинасынын ичине коюлган бомбадан улам каза тапкан ирак авиакомпаниясынын жетекчисинин өлүмүнө жана чалгындоо агенти катары эсептелинген ирак тургунунун уурдалышына шектүү болуп жатышат.

Ливия агенттери — Триполи элчилигинин мүчөлөрү. Алар башында 35 дипломат болушкан, бирок азыр алар кыскарып, 4 же 5 эде адам калган. Алар өлкө экономикасынын кризисине байланыштуу Кипрдеги АКШ дипломаттарынын аркасынан байкоо жүргүзүшкөн жана август айында Акротиндеги британиялык Аба Аскер Күчтөрүнүн Базасын миномет менен аткан деп шектелүүдө.

Ливия Никосияда исламды таануу борборуна каражат бөлүп турат, киприоттордун левисттик партиясына Кипр-Ливия соода компаниясын башкаруу менен жардам көрсөтүп турат. Ал арал жана полковник Моаммара Каддафинин өкмөтү ортосундагы соода келишиминин ар биринен 2 пайыз сыйлык алып турат.

АБЖАА, армян террористтик тобу, Түркия биринчи дүйнөлүк согушка чейин жана андан кийин да, армяндарга геноцид жасаган деген жалган фактыларга таянып, түрктөрдүн ишине чон зыян келтиришет. Алар Кипр территориясында импорт-экспорт соода компаниясын жана динди үйрөтүү институтун жамынып алып иш алпарып келет.

**Террористтерге боштондук берилет.**

Ал жердеги чет элдик дипломаттар жана израильдик эксперттердин айтымына караганда, Кипрдин террор менен күрөшүүсүнүн ийгиликсиздиги  - анын ишке болгон “жаша жана башкаларга да жашоо бер” деген принциби (“Биз бир нече жолу региндо болгон бир дагы конфликтерге жана диспуттарга кийлигиштирбөөсүн суранганбыз” — өзүнүн жакынкы сөзүндө Киприану айткан), алар кармалган террористерди бошотууга жана өлкөдөн чыгарып жиберүүгө дайым даяр.

Август айында, полиция ливандык шейиттердин бирин бошотуп жиберген. Ал өткөн жылдын декабрь айында, колго жасалган гранаттарга, эки тапанчага, үн чыгарбоочу куралдарга толгон шарап кумараларын жанына алып, Иорданияга бара турган самолет бортуна кирүүгө аракет жасагандыгы үчүн кармалган. Ал Бейрутта уурдалган эки кипр студенттерине алмашмак.

Кипр полициясы башка дагы эки шейитти бошотуп жиберишкен. Алар 1983-жылы Ливияга бара жаткан реактивдүү лайнерди басып алып, Бейрутта жүргүнчүлөр менен басылып алынган  реактивдүү кипр авиалайнерине алмашмак. Алар Ларнакта колго түшүшкөн.

Кипр официалдуу түрдө камалгандарды кармалгандарга алмашып жаткандыгын четке кагат, бирок, өкмөт чиновниктери конфиденциалдуу түрдө, аралдын террористердин талабын орундата албагандыгын араптар менен соода байланыштарын үзбөш үчүн жана араптар алардын 1974 - жылдан бери ээлеп келген түрктөргө каршы күрөшүүсүндө жардам көрсөтүүсү үчүн орундатпай келгендигин айтышат.

"Биз кичинекей мамлекет болгондуктан кийин Америка Кошмо Штаттарындай болуп террористтер менен күрөшө албайбыз", деди мурунку тышкы иштер министри Роландис.

## ЖАСАЛГАН ЖАМАН ИШТЕР

Кипрдин географиялык жайлуу оруну наркобизнестен баштап, шпионаждардан бүткөн иштердин баарын өзүнө тартат.

Арал ливан героини жана гашиши үчүн негизги транзиттик пункту болуп эсептелет (бул жылдын башында, полиция 14 т гашиш ташып бараткан жүк ташуучу кемени кармаган) жана Никосиядагы АКШ элчилигинин алдында наркобизнес менен күрөш жүргүзгөн отряд бар.

Израилдик бизнесмендер айткандай, алар израилден чыккан өз товарларын "жуу" үчүн Кипрдин көрсөткөн кызматтарын пайдаланышат. Ал товарларды арап базарларында сатууга болбойт, ошондуктан алар Кипрде кайрадан оролуп, тышталат жана жергиликтүү ишкер адамдарды товарлардын "Кипрде жасалгандыгына" күбө болууга азгырышат.

Израилдик чалгындоо агенттери палестиндиктердин үстүнөн кылдаат байкоо жүргүзүшөт.

Кубанын Никосияда үч дипломаттан турган элчилиги бар, бирок президент Фидель Кастронун өкмөтү Кипр менен байланышкан бир дагы ишти колдобойт.

Москва өзүнүн чалгындоо иштерин Кипрден алыс жерде жүргүзөт, ал эми британиялык жашыруун аскер бөлүмү Совет-

тер Союзуна карата тыңшоо иштерин, аралдагы эң бийик чокуга — Олимп тоосунун чокусуна орнотулган көптөгөн тыңшоочу аппараттардын жардамы менен жүргүзүп келет.

Бул британиялык аскер бөлүмү, былтыр совет чалгынчыларынан, бир араб ортомчусунан жана филиппиндик аялдардын рок-оркестринде контрабаста ойногон бир музыканттан турган гомосексуалдык шпиондук топтун далилденбеген жөнү жок айыптоолоруна кабылган.

**72 ДОКУМЕНТ**

Маалымат булак: Британиялык радиоуктуруучу корпорациясы (Би-Би-Си), "Дүйнөлүк үналгыберүүсүнүн кыскача билдирүүсү",6-июль, 1987ж., 4А бөлүм, Орто Чыгыш,б. ME\8612\A\1.

**АБУ НИДАЛДЫН КЕҢЕШЧИЛЕРИ КИПРДЕ ПКК ЖАНА АБАЖА АСКЕРЛЕРИН** ОКУТУП ЖАТЫШАТ.

Никосия, Анкара, Тель-Авив — Мурда маалымдагандай, израилдик чалгындоо кызматы (Моссад) Кипрдеги Тродос тоолорунда ПКК жана АБАЖА аскерлерин окутуу үчүн лагерлерди түзүшкөн. Моссадга жакын маалымат булактары маалымдагандай,700 гө жакын күрд, кипр-грек жана армян террористери түштүк Кипрдеги Тродос тоосунда согушка даярдалып жатышат. Ошол эле маалыматтарга караганда, Абу Нидалдын атайын аскер кеңешчилери, ал лагерлерде ПКК жана АБАЖА аскерлерин даярдап жатышат. Кошумча маалымдангандай, бул террористтер даярдык аяктагандан кийин, түштүк Кипрден Ливияга, Ливанга, Сирияга, Грецияга жана Иранга багыт алышат. Моссаддын айтымына караганда, Сирияда түзүлгөн террористтик топтордун ортосундагы чыр чатактан кийин ПКК жана АБАЖА уюмдары, Кипрдин түштүк (грек тилдүү) бөлүгүнө өздөрүн жакшы сезүү үчүн көчүп кетишкен. Ошондой эле алар

өздөрүнүн лагерлеринин бир нечесин түштүк Сириядан Кипрдин түштүгүнө көчүрүшкөн.

Моссад, МНА деп белгилүү болгон Армян Улуттук Кыймылы Никосияда, Афинада жана Триполиде лагерлерин ар тараптуу камсыз кылуу үчүн байланыш жана өз ара иш алпаруу бөлүмдөрүн түзгөн. Бул бөлүмдөр армян лагерлерине материалдык жардам көрсөтүү үчүн колдонулат. Ошол эле учурда, Палестинаны Бошотуунун Элдик Фронтунун лидери Жорж Хабаш өз кишилерине ПКК жана АБАЖА жүргүзгөноперациялардын биринде да катышбоого буйрук берген. Аларды ал “эң эле расисттик, эң эле улуттук жана фашисттик ” деп айткан. Ишенимдүү маалымат булактары маалымдагандай, Хабаш, ПКК аскерлери тарабынан жүргүзүлгөн жакынкы операциялар, ал топтун улуттук аракеттерди ишке ашыруучу кылмыштуу банда экендигин далилдеп турaарын айтты. Ошондой эле, Хабаш өз аскерлерине ПКК менен болгон байланыштарын үзүүгө жана алар менен эч кандай байланыш түзбөөгө инструкция бергендиги маалым. Жорж Хабаш өз лагеринен Арменияны Бошотуудагы Армян Жашыруун Аскери АБАЖА аскерлерин, наркотик сатууга байланышы бар дегенден кийин кууп чыккан.

## 73 ДОКУМЕНТ

Маалымат булак: “Түрктөр Грецияны югославия түрмөсүнөн жаңы эле бошотулган армян террористине жашына турган жай бергендиги үчүн айыпташат” — “Америкaн репортер”, 30-июль, 1987-жыл,б.1.

## ТҮРКТӨР ГРЕЦИЯНЫ ЮГОСЛАВИЯ ТҮРМӨСҮНӨН ЖАҢЫ ЭЛЕ БОШОТУЛГАН АРМЯН ТЕРРОРИСТИНЕ ЖАШЫНА ТУРГАН ЖАЙ БЕРГЕНДИГИ ҮЧҮН АЙЫПТАШАТ.

Нью-Йорк — Откөн жумада Түркия Грецияны армян террористерине колдоо көрсөтүп келет деп айыптап, анын жаңы

далили болуп, жакында Югославияда түрмөдөн бошонуп чыккан, жарым денеси шал армян боевиги Крикор Левонян мырзага жашына турган жай камсыз кылгандыгын мисал катары айтып чыкты.

1983-жылы Белграддагы түрк элчисине террористтик акт жасагандыгы үчүн көп жылга эркинен ажыраган Левонян мырза, 24-апрелде түрмөдөн бошотулган, түрмөгө ал "Армян геноцидине болгон Акыйкаттулуктун диверсиялык-десанттык отрядынын" мучөсү болгон өзүнүн өнөктөшү менен камалган. Түрмөдөн чыккандан кийин, түрк маалымат булактары маалымдагандай, Левонян мырза Грецияга кирүү уруксатын алган, анда,турктөрдүн айтуусу боюнча, гректер ага жашына турган жай берген жана медициналык жардам алуу үчүн керектүү нерселердин баарын камсыз кылышкан.

Түрктөр айткандай, Греция тарабынан жасалган мындай жаңы акция, бул мамлекеттин Түркия иштерине зыян келтирип, түрк дипломаттарына каршы террористтик актыларды жасоону пландап жаткан армян радикалдарын колдоорун жана андай аракеттерге макул экендигин көрсөтүп турат.

Мындай шартка байланыштуу "армян саясий камактагыларды коргоо комитети", Армян Революциондук Федерациясынын (Дашнак партиясы) филиалы катары кошулган топ, акыры, Левонян мырзанын түрмөдөн бошотулгандыгын айтып чыкты. Бул Комитет югославдар тарабынан Левонянды бошотуу себептери болгон шарттарды айтпаса да, ал ага боштондук берүүдө өзүнүн катышы болгондугунун четин чыгарып жатты. "Армениан репортердо" пайда болгон биринчи репортаждар, Левонян мырзаны бошотууда филиалдар катары дашнак партияларына кошулгандардан башка да топтордун салымы болгондугун жана жакында анын түрмөдө отурган өнөктөшү да боштондукка чыгаарын айтып чыкты. Комитет Левонян мырзанын бошотулгандыгы тууралуу фактынын формалдуу түрдө кабыл алынаарына чейин үч ай бою унчукпай келген.

## 74 ДОКУМЕНТ

Маалымат булагы: Түрккая Атаэв, "Женевада чындыгында эмне болгон: "Уитайкердин доклады" боюнча чындык. Анкара (Офсет Систем), 1986ж., 3-4б.

**ТҮРККАЯ АТАЭВ.**

**"Уитайкердин доклады" боюнча чындык.**

Дискриминацияга жол бербөө жана кээ бир улуттарды коргоо боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун алдындагы комиссия 1985-жылы 5-августтан 30-августка чейин созулган, Женевадагы БУУнун штаб-квартирасында отуз сегизинчи сессиясын өткөздү. Подкомиссия талкуулаган маселелердин арасында "Подкомиссия иш жүргүзгөн сфералардагы окуялардын андан аркы өнүгүүсүнө байкоо жүргүзүү" деп аталган IV бөлүм болгон1. Ал бир нече жолу, атайы докладчы мырза Бенджамин Уитайкер (Улуу Британия жана Батыш Ирландия) тарабынан даярдалган "Геноцид тууралуу изилдөө" деген ат менен да эскертилген. 24-параграфта докладчы армян чыгарылышына таянган, ошондон улам дискуссиялар бүтпөй уланып келген.

"Уитайкердин докладынан" улам, кээ бир армян маалымат булактары атайылап башаламандыкты жаратышкан. Армян "Курьер" гезитинен алынган саптарды цитаттайлы. Алар өтө маанилүү суроолорго кызыгуу жаратат: "Дүйнө жүзүндөгү бардык армяндар менен түрктөрдүн ортосундагы чыр-чатак канчалык көбөйүп, курч алса, армяндарга гезитти обңективдүү чыгаруу ошончолук кыйындыкка турат. Бирок, мындай гезиттердин чыгаруучусу биздин табигый шек санообуз, фактыларды адилетүү жана айкын көрсөтүү жоопкерчилигибизге тоскоол болбоорун билүүгө милдеттүү"2.

Жогорудагы цитата Уитайкердин доклады боюнча дебаттарда жана шайлоодо эске алынышы керек. IV бөлүм боюнча дебаттан кийин 13,15-17,20 жана 29-августта, 1985-жылы, Под-

комиссия резолюциянын проектисин 14 макул, 1 каршы жана 4 калыс добуш менен кабыл алды. Армян “Асбарез”3 гезити жазгандарга карама-каршы, армян “Харач”4 же “Ле Журналь де Женев”5, добуш берүү Уитайкердин докладын жактыруу дегенди түшүндүрбөйт. Мындай изилдөөлөр жеке ой-пикирлерди түшүндүрөт: докладчы өзүнүн каалоосу боюнча аны өзгөртөт же өзгөртпөйт. Подкомиссиянын башка мүчөлөрү, өздөрүнүн каалоосу боюнча докладды макташат же сынга алышат, БУУнун жогорку органынан жашырышат же ага өткөрүп беришет. Француз эксперти Жонет мырзанын ою боюнча мындай докладдарды устав боюнча, жогорку Комиссияга өткөрүү керек. Менин оюм боюнча, Уитайкер мырза, отуз сегиз сессиянын баарында тең сынга алынган жалгыз эсперт эмес. Кээ бир байкоочулардын ою боюнча, мындай сессиялардын тарыхында, БУУнун экспертин көпкө сурамжылап жана сындаган окуялар болгон эмес. Катуу сынга алуулар, ар кандай легалдуу системалардын өкүлдөрү, өлкөлөр жана континенттер тарабынан жүргүзүлгөн. Уитайкердин доклады боюнча айтылган сын-пикирлер ал адамга карата сый-урмат менен айтылган бирок ошол эле убакта, аябай катуу жүргүзүлгөн.

Кабыл алынган резолюцияга жалпы мүнөздөмө берүү менен, Подкомиссиянын докладды “кабыл алуудан” баш тартканын жана жөн гана аны “белгилеп кеткендигин”, бирок ошол эле убакта, анын мааниси туралуу “ой-пикирлер дал келбей калды” деген фактыга басым жасап; киргизилген сунуштардын сапатына баа берүүдө “жогорку” деген сөздү чийип салды жана аны Адам Укугу боюнча жогорку Комиссияга өткөрүп бербей өзүнө калтырууну чечти; докладчыга рахмат айтып, бирок ал анын докладын жактыруу эмес, жөн гана сылык айтылган сөз экендигин ачык түшүндүрүп кетти, жана Бириккен Улуттар Уюмуна аракеттерин кайрадан жаңыртууга кеңеш берди. Ал аракеттер 1948-жылкы геноцидди жасоодогу жаза жана аны алдын алуу Конвенциясын ратификациялоо жана ал иш тезинен бүт дүйнө жүзүнүн иши болгонго аракет жасоо эле.

Эл аралык уюм тарабынан кабыл алынган резолюциянын формулировкасы, капысынан пайда болгон шарттардын натыйжасы эмес. Резолюцияга киргизилген ар бир сөз, ар бир фраза жана ар бир өзгөртүлгөн нерсе, дебаттардын, добуш берүүлөрдүн же көп убакыттан бери жүргүзүлүп келген талкуулоолордон кийин гана жаралган консенсустардын натыйжасы болот. Резолюциядагы өзгөртүүлөрдү туура баалоо жана трактовкалоо керек.

Бардык карама-каршы ой-пикирлер Бириккен Улуттар Уюмунун "Кыскача жазмасында" кенен жазылган11. Бул жазмаларда жалпы жана кенен сын-пикирлер бар. "Армениан репортөр" гезити мисалы, адилеттүү түрдө, Уитайкердин докладындагы жазмага каршы "кеңири оппозицияны" кабыл алган. Бул гезит андан кийин мындай деп жазат: "Көпчүлүк делегаттардын талкуулоолорунда, Подкомиссиянын француз өкүлү, Луи Жоне мырзадан башкасынын баары, армяндар тууралуу жазмага каршы чыгышкан, алар чын эле армяндарга каршы геноцид жасалган, бирок азыркы учурга чейин ага далил жоктугун айтышкан".

1 БУУнун экономикалык жана социалдык кеңеши,4/2/1985.

2Июнь, 20,1985-жыл.

3Калифорния, август,31,1985-жыл.

4Париж, ноябрь, 22, 1985-жыл.

530-август,1985-жыл.

6E/CN.4/Sub. 2/1985/SR I-SR.39.

Алардын кээ бири "Армениан обзервер" гезитинде кыскача 1985-жылы, 4-сентябрда жазылган.

7Нью-Йорк,22-август, 1985-жыл.

## 75 ДОКУМЕНТ

*Маалымат булак:* Улуу Урматтуу элчи Шүкрү Элекдагдын 1987-жылдын 1-августунда АКШ конгрессинин өкүлдөр палатасынын бардык мүчөлөрүнө жазган каты.

Урматтуу конгрессмен!

Мага, 132- резолюциясынын тарапкерлери, жакында Европалык парламент кабыл алган резолюцияга таянып, өздөрүнүн аракеттерин АКШ конгрессинде жүргүзүү ойлору бар экендиги маалым болду. Мындай кырдаал төмөнкүлөрдү маалымдоомо түрткү берди:

Европалык парламенттин 518 мүчөсүнүн ичинен кээ бирөөсү гана бул резолюцияны кабыл алууга макул болду. Резолюциянын “геноцидге” айыптаган жери Европарламенттин 68 гана мүчөлөрү тарабынан колдонгон. Алардын бардыгы эле коммунисттик партиялардын мүчөлөрү, сол социалисттер жана жашылдар — алар ар жайым Түркияга каршы болуп келишкен. Алардын көбү традициялуу батыш кызыкчылыктарына дал келбеген позицияга туруп келишкен. Грек өкүлдөрү жогоруда эскертилген резолюцияны колдогон добуш берүү фактысын эске алуу керек.

Европарламенттин үчтөн эки бөлүгү дебаттарда жана добуш берүүлөрдө катышышкан эмес. Алар акыйкаттуу түрдө, Европарламент талаш-тартыш туудурган тарыхый маселелерди чече турган жана жер эмес деп айтышкан.

Европарламент Коомдун мүчөлөрү болгон 12 өкмөттүн атынан чечим чыгара албайт. Ал уставы боюнча кеңеш берүүчү орган болуп эсептелет.

Британиялык өкмөт ачык айкын эле резолюцияга каршы экендигин билдирди. Британия өкмөтүнүн официалдуу билдирүүсүндө, “Европалык парламент ЕК мүчөлөрү болгон өлкөлөрүнүн атынан эч нерсе айта албагандыгын билдирди — бул Коомдун мүчөлөрү көз карандысыз орган болгон - Европалык парламент айткан ой-пикирлер үчүн жоопкерчилик албайт”. Федеративдүү Германия Республикасынын Өкмөтү жогоруда белгиленген Европалык парламенттин резолюциясынан бөлүнүп чыкты.

Бириккен Улуттар Уюму тарабынан “геноцид” болгон деп айтылган сөздү ырастоо аракети ишке ашпай калгандыгы маалым экендигин белгилепкетким келет. БУУнун подкомиссияларынын бири катуу айтылган сөздөрдү камтыган докладды кабыл алуудан баш тартты жана чечкиндүү түрдо аны жогорку Комитетке өткөрүүгө каршы чыкты.

Мындай резолюциянын кабыл алынышы, ишенимдүү НАТОнун шериктеши Түркияга карата терроризмдин күч алынышына түрткү берет. Ал олуттуу түрдө терроризмге каршы жүргүзүлгөн күрөшкө жана батыш державаларынын кооперациясына тоскоол болот. Андан тышкары, 132-резолюцияны кабыл алуу АКШнын эл аралык терроризмге каршы күрөшөбүз деген милдеттемесинин ак ниеттүүлүгүнө шек келтирет.

*Д-р Шүкрү Элекдаг*,<br>Түрк Республикасынын элчиси<br>1-август, 1987-жыл.

## ТИРКЕМЕ

## XX- КЫЛЫМДЫН 80-90 ЖЫЛДАРЫНДАГЫ АЗЕРБАЙЖАНДА АРМЯНДАР ТАРАБЫНАН ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ТЕРРОРИСТТИК АКТЫЛАР.

80-жылдардын аягынан баштап, дүйнө жүзүнүн ар кайсы мамлекеттеринде иш алпарган армян террористтик уюмдары ("Армян террористтик уюмдар", "Терроризм менен күрөшүү" бөлүмү, "Армян терроризми" кичи бөлүмүн кара), Арменияныын жана таасирдүү армян диаспорасынын каржылык жана уюштуруучулук колдоосунун алдында Азербайжанга каршы согуш баштаган. Фактылар, СССР кулагандан кийин көз карандысыздыкка ээ болгон Армения, террор практикасын өзүнүн агрессиялык саясатынын бир бөлүгү катары карап, терроризмди мамлекеттик даражада колдоп баштады:

- Жүргүнчүлөр автобустарындагы жасалган террористик актылар;
- Жүргүнчүлөр жана жүк ташуучу поездердеги террористик актылар;
- самолеттордо болгон террористик актылар;
- Бакудагы метрополитенде уюштурулган террористик актылар;
- Деңиздеги жүргүнчүлөр кемелериндеги уюштурулган террористик актылар;
- Аскер адамдарына жана жарандарга каршы жасалган террористик актылар;
- Жарандык жана мамлекеттик обңектилерге каршы жасалган террористик актылар.

## АЗЕРБАЙЖАНДА УЮШТУРУЛГАН ДИВЕРСИЯЛЫК_ЖАРДЫРУУЛАР ЖАНА ТЕРРОРИСТИК АКТЫЛАР

Баку, 31-март, 1918ж. — "Дашнакцүтүн" аттуу террористик уюмдун жасаган иштеринин натыйжалары.

1980-жылдан бери армян диаспорасынын жана Армениянын уюштуруу  жана каражат жагынан көрсөтүлгөн колдоосу менен дүйнө жүзүнүн ар кайсы өлкөлөрүндө иш жүргүзгөн армян террористик уюмдарынын Азербайжанга баштаган террористик согушу интенсивдүү мүнөзгө ээ болду. Тоолуу Карабахты жана ага жакын жерде жайгашкан 7 районду, Арменияныи атайы кызматы басып алган. Алар калк арасында ызы - чууну пайда кылууну жана көптөгөн элди жок кылууну көздөшкөн жана согуш болбогон жерде, азербайжан калкы жашаган жерлерде террористик актыларды жасашкан. Анын натыйжасында миңдеген күнөөсүз адамдар каза тапкан.

16-сентябрь 1989ж. “Тбилиси-Баку” маршрутундагы жүргүнчүлөр автобусу жардырылган, 5адам каза болгон, 25и жарадар болушкан.

18 — февраль1990ж. Евлах-Лачин авто жолунун 105-километринде “Шуша-Баку” маршрутун көздөгөн автобус жардырылган, көптөгөнэл каза болгон.

11-июль 1990ж. “Тертер-Келбаджар” аттуу жүргүнчүлөр автобусу жардырылган, эл менен бара жаткан автоунаа кербени террористик чабуулга учураган, анын натыйжасында 14 адам өлүп, 35и жарадар болушкан.

10-август 1990ж. “Тбилиси-Агдам” маршрутун көздөгөн жүргүнчү автобус жардырылган, 20 адам казаболуп, 30у жарадар болушкан. Бул кылмыштын уюштуруучулары А. Аванесян жана М. Татевосян кылмыш жазасына тартылган. Ошол эле күнү “Шамкир-Гянджа” трассасында, Ханлар районунун Надел айылынын жанында, мамлекеттик номуру 43-80 АГФ болгон “ЛАЗ” маркасындагы автобус жардырылган, 17 адам каза болуп, 26 адам жарадар болушкан.

30-ноябрь  1990ж. Ханкенди аэропортунун жанында жүргүнчү автобус жардырылган, 2 адам каза болуп, 11 адам жарадар болушкан.

9-январь, 1991ж. “Азербайжан жаштары” аталган гезиттин корреспонденти Салатын Аскеров жана үч аскер адамы отурган автоунаа жардырылган, анда төрт адам каза болгон. Террористик топтун катышуучулары А. МКРтчян, Г. Петросян, А. Мангасарян жана Г. Арустамян кылмыш жазасына тартылышкан.

30-май 1991ж. Россия Федерациясында, Дагестан республикасынын Хасавюрт станциясынан алыс эмес жерде, “Москва-Баку” жүргүнчү поезди жардырылган, анын натыйжасында 11 адам каза болуп, 22 адам жарадар болушкан.

19-июнь 1991ж. 5459 - аскер бөлүмүнө таандык болгон “УАЗ-469” маркасындагы, “Евлах-Лачин” автотрассасындагы 106-километрде жүрүп бараткан автоунаа жардырылган, анда 3 адам каза болуп, 3 катуу жарадар болушкан.

31-июль 1991ж. Дагестан республикасынын аймагында, Темиртау станциясынан алыс эмес жерде, “Москва-Баку” аталган жүргүнчү поезд жардырылган, натыйжада, 16 адам каза болуп, 20 адам жарадар болушкан.

2-август 1991ж. Гадрут районундагы Доланар айылында “ГАЗ-53” маркасындагы автоунаа жардырылган, натыйжада, 4 адам каза болуп, 8 адам жарадар болушкан.

21-август 1991ж. Гадрут районунда, Шадахт айылынан алыс эмес жерде, мамлекеттик каттоо номуру 70-30 АГО болгон “КАВЗ” маркасындагы автобус жардырылган, анын натыйжасында, 2 адам казаболуп, 10 адам катуу жаракат алышкан.

8-сентябрь 1991ж. “Агдам-Ходжавенд” рейси менен жүрүп бараткан автобус окко учураганда 5 адам өлүп, 34 адам ар кандай оор жаракат алышкан. Ал терракты Володи Хачатурян, Саро Еремян, Саша Чалян, Армо Арустамян жасагандары далилденген. Ошол эле күнү “Агдам-Гарадаглы” маршруту менен бараткан автобус окко учураган, натыйжада, 8 адам каза болуп, 42 адам ар кандай оор жаракат алышкан.

26-сентябрь 1991ж. “Евлах-Лачин” трассасында, мамлекеттик номуру Д 72-07 АГ болгон “ВАЗ 2106” маркасындагы

автоунаа жардырылган, натыйжада, 2 адам каза болуп, 14 адам жарадар болушкан.

19-октябрь 1991ж. Агдере районунда, Сырхавенд айылынан алыс эмес жерде, “УАЗ-469” маркасындагы автоунаа жардырылган, натыйжада, үч адам каза болгон жана эки адам оор жаракат алган.

20-ноябрь 1991ж. “МИ-8” вертолету Ходжавенд районунда, Гаракенд айылынан алыс эмес жерде окко учураганда, экипаждын жана жүргүнчүлөрдүн баары каза болушкан, жалпысынан 19 адам, алардын жанында жүргөн Россиядагы жана Казахстандагы өкүлдөр, белгилүү мамлекеттик ишмерлер жана Азербайжан өкмөтүнүн өкүлдөрү болгон.

26-декабрь 1991ж. Шуша-Лачин жолунун төртүнчү километринде “ЗИЛ-130” жана “Москвич” маркаларындагы автоунаалар жардырылып, анда 5 адам каза таап, 4 адам жарадар болушкан.

8-январь 1992ж. “Красноводск-Баку” маршруту менен Туркменистандан жөнөгөн деңиз парому жардырылган, натыйжада, 25 адам өлүп, 88 адам жарадар болушкан.

28-январь 1992ж. Шуша айылынын жанында “Агдам-Шуша” маршруту менен учуп бараткан “МИ-8” жүргүнчү вертолету жардырылган. Натыйжада, 44 адам каза болгон, алардын көбү аялдар жана кичинекей балдар болгон. 1992-жылдын январь айында Керкиджахан айылынын 80 тургуну армян террористери тарабынан өлтүрүлгөн. 1992-жылдын февраль айында Ходжавен районундагы Гарадаглы айылынын 77 тургуну өлтүрүлгөн, 1992-жылдын 26-февралында Ходжалы шаарында 613 эл өлтүрүлүп, 650 адам жарадар болушкан.

1992-жылдын 22-мартында Газах районунда, мамлекеттик каттоо номуру 60-25 АЗУ болгон “УАЗ-469” маркасындагы автоунаа жардырылган, натыйжада 3 адам өлүп, 2 адам жарадар болушкан.

1992-жылдын 28-мартында мамлекеттик каттоо номуру 40-53 АГШ болгон “Камаз 5410” маркасындагы автоунаа жардырылган, натыйжада 3 адам каза болуп, 2 адам жарадар болгон.

1992-жылдын 18-апрелинде “Газах-Джафарлы” жолунун онунчу километринде “ВАЗ” маркасындагы автоунаа куралдуу чабуулга дуушар болгон, анда 2 адам каза болгон.

1992-жылдын 20-майы Зангилан районунда, Гаранчи айылынан алыс эмес жерде, мамлекеттик каттоо номуру 80-33 АГД болгон “УАЗ-469” маркасындагы автоунаа куралдуу чабуулга дуушар болгон. Натыйжада 2 адам өлүп, 2 адам жарадар болушкан.

1993-жылдын 28-февралында Россиянын Батыш Кавказында, Гудермес станциясынын жанында “Кисловодск-Баку” жүргүнчү поезди жардырылган, анда 11 адам каза таап, 18 адам жарадар болгон.

1993-жылдын 2-июнунда темир жол бекетиндеги жүргүнчү поездинин вагону жардрылганда, мамлекетке чоң зыян алып келген. Терактын уюштуруучусу, Россия Федерациясынын жараны Игорь Хатковский Армян республикасынын Улуттук коопсуздугунун жогорку башкармалыгынын чалгындоо бөлүмүнүн башчысы полковник Джаан Ханесян менен жашыруун иштешкендигин жана көптөгөн адамдардын өлүмүн алып келген террористик жардырууларды уюштуруу тапшырмасы менен Азербайжанга жөнөтүлгөндүгүн айткан. Тергөө маалында, жогоруда айтылган топ, 1992-1993-жылдары Россиядан Азербайжанга жүрүп бараткан бир нече жүргүнчү поездерди жардыргандыгы далилденген.

1993-жылдын 22-июлунда Тертер районундагы жардыруунун натыйжасында 5 киши өлүп 18 киши жарадар болгон. Ошол эле күнү Газах районунун борборундагы жардыруудан 6 киши өлүп, 10 киши жаракат алган.

1993 жылы 30 августта Гадрут районунда “ЗИЛ” маркасында авто унаа жардырылып, 2 киши каза тапкан.Андан бир

нече күн өткөндөн кийин, райондун чыга беришинде ичинде 12 айылдык кишилери бар "ГАЗ-66" маркасындагы автобус жардырылып 4 киши өлүп, 8 киши оор жарадар болгон.

1994 жылы 1 февральда Баку шаарынын темир жол вокзалында "Кисловодск-Баку" каттамындагы пассажирдик поездде жасалган террордук иштин натыйжасында 3 киши өлүп, 20 киши жаракат алган.

1994 жылы 18 мартта Ханкенди шаарынан алыс эмес жерде учак жардырылган, натыйжада 34 дипломат үй-бүлөсү менен каза тапкан.

1994 жылы 19 мартта Баку метросунун "24чү январь" атындагы станциясындагы жардыруунун натыйжасында 14 киши өлүп, 40 киши жарадар болгон.Тергөө иштери, бул террордук иш армяндардын атайын кызматы тарабынан уюштурулуп, "Садвал" аттуу лезгиндердин сепаратисттик уюму ишке ашырганын далилдеп чыкты.Тергөө андан тышкары "Садвал" уюмунун мүчөлөрү 1992 жылдан бери Арменияга барып келип турушканын, ал эми Армениянын атайын кызматы бул уюмду уютурууга жана куралдандырууга тиешеси бар экендигине далилдерди тапты. 1992 жылы апрель-май айларында Азербайжандын 30 лезгин улутундагы жарандары террордук иштерди жүргүзүү үчүн Армениянын Наири районундагы Люсакерт айылында атайын даярдыктан өтүшкөн.Тергөөнүн жүрүшүндө террорчулар метронун "20 чы январь" станциясынын жанында жайгашкан "Низами" кинотеатрын жана Бакунун лампочка заводун да жардырууну ойлошкондуктары далилденди.Метронун "20 чы январь" станциясын жардырууга катышкан "Садвал" террордук уюмунун 30 мүчөсү тең кылмыштарына жараша жазасын алышты. 1994 жылы 13 апрельде Дагестан республикасынын территориясында Дагестан оттору станциясынын жанында "Москва-Баку" каттамындагы пассажирдик поезд жардырылган, натыйжада 6 киши өлүп, 3 киши жаракат алган.

1994 жылы 3 июльда Баку метросунун “28 май” жана “Гянджлик” станцияларынын ортосунда электр поезди жардырылып 13 киши өлүп, 42 киши  жаракат алышкан.Бул террордук ишти Тоолуу Карабак согушунун убагында колго түшүп, Армениянын атайын кызматына сатылып кеткен Азербайжан республикасынын жараны Асланов Азер Салман оглу жасаган.Соттук териштирүүлөрдүн убагында 1994 жылы 14 январьда армян сепаратисттеринин идеологдорунун бири Зорий Балаян лезгин улутундагы  Азер Асланов менен жолугушуп, аз сандуу элдер биригип Азербайжанга каршы туруш керек деп ынандырууга аракет кылгандыгы белгилүү болду. 1994 жылы 9 июньда Армениянын атайын кызматынын кызматкери Артур деген ат менен А.Аслановдун үйүнө телефон чалып, анын аман-эсендигин жана аны бошотуу үчүн жакын туугандарынын бири Ереванга келиш керек экендигин айткан.1994 жылы 16 июньда А.Аслановдун апасы Таджимат Асланова Ереванга келет. Андан ары Аслановго энесинин өмүрү коркунучта экендигин айтышып, коркутуп туруп аны Армениянын атайын кызматы менен кызматташууга аргасыз кылышкан.Азербайжанга тоскоолдуксуз өтүш үчүн Азер Аслановго жалган документтерди жасап беришти, жардыруучу заттарды таттуу токочтун, момпосуйдун жана атырдын кутуларына салып алып өтүштү.Асланов Азербайжанга “Ереван-Минеральные воды-Баку” позди менен 1994 жылы 3 июльда келип, “28 май” жана  “Гянджлик” ортосунда террордук ишти жасагандан кийин кайрадан Арменияга келди. Ошондон кийин гана анын барымтада калган энесин бошотуп беришти.Териштирүүнүн убагында армениянын атайын кызматынын полковниги Карен Багдасарян менен капитан Сейран Саркисян бул террордук иштин инструкторлору болгондугу аныкталды.Азербайжан республикасынын жогорку сотунун кызматчылары уюмду ишин, каржысын жана техникалык жактан колдоосун Тоолууу Карабахтын мыйзамсыз режими жана Армяндардын атайын кызматы жүргүзгөндүгүн далилдеп беришти.

## МАЗМУНУ

СӨЗ БАШЫ ........................................................................ 3
КИРИШ СӨЗ ...................................................................... 5

I БӨЛҮМ
СТРАТЕГИЯЛЫК МААНИСИ БАР МАСЕЛЕЛЕР................ 15

II БӨЛҮМ
АРМЯН ТЕРРОРИЗМИ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК
ТЕРРОРИЗМДИН СИСТЕМАСЫ ........................................... 41

III БӨЛҮМ
ТАРИХЫЙ КЕЛЕЧЕК ........................................................... 67

IV БӨЛҮМ
АЙЫПТООЛОР ЖАНА ТАЛАШ-ТАРТЫШТАР .................. 93

ТИРКЕМЕ
XX- КЫЛЫМДЫН 80-90 ЖЫЛДАРЫНДАГЫ
АЗЕРБАЙЖАНДА АРМЯНДАР ТАРАБЫНАН
ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ТЕРРОРИСТТИК АКТЫЛАР. ................... 411

**Көркөм адабий басылма**

# АДМИРАЛ БРИСТОЛДУН
## рапорту-фактылар сүйлөйт

*Редактору Мукан Асаналиев*
*Компьютердик калыпка салган*
*Алтынбек Кадыров*

Форматы 60х84$_{1/16}$.
Көлөмү 26,5 б.т. Заказ № 53
Нускасы 500 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170а,
Тел. 62–02–13.